КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ

Ч. АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

*«Окурмандын китеп текчеси» сериясы*

36-том

# АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВ

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясы астында

Түзгөн: *Малина Касымгелдиева*

БИШКЕК
«ТУРАР» – 2018

УДК
ББК

Кыргыз Республикасында 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, № 119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомунун (2015-ж. 6-апрель, № 151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

Акматалиев А.А.
Байгазиев С.О.
Жайнакова А.Ж.
Маразыков Т.
Мусаев С.Ж.
Садыков Т.
Токтоналиев К.Т.
Эркебаев А.Э.

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы: 36-том. **Абдулхай Алдашев** / *Түз. М.Касымгелдиева.* – Б.: «Турар», 2018. – 608 б.

ISBN

Бул китепке белгилүү окумуштуу, котормочу жана жазуучу Абдулхай Алдашевдин Улуу Ата Мекендик согуш жөнүндөгү роман-трилогиясынын биринчи китеби жана экинчи китебинин I–IX бөлүмдөрү киргизилди.

Китеп жалпы окурмандарга арналат.

**УДК**
**ББК**

ISBN ____________________

© КР УИА, 2018
© «Турар», 2018

## АЛДАШЕВ АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВИЧ

*(1919-2003)*

1919-жылы 18-январда Жети-Өгүз районунун Ак-Кочкор айылында туулган;

1939-жылы Фрунзе шаарындагы Кыргызстан айыл чарба институтун бүтүргөн;

1948–1974-жж. К.И.Скрябин атындагы Кыргыз мамлекеттик айыл чарба институтунда кафедра башчысы, илимий иштер боюнча проректор, профессор;

1956-жылдан СССР Жазуучулар союзунун мүчөсү;

1965-жылы ветеринария илимдери боюнча докторлук диссертациясын жактаган;

1966-жылдан фармакология жана патофизиологиянын профессору;

966–1974-жж. СССРдин Ветеринария Кеңешинин мүчөсү;

1974–1980-жж. Кыргыз ССРинин Улуттук илимдер академиясынын Биология институтунун директору;

1980-жылдан Кыргыз ССРинин Улуттук илимдер академиясынын Органикалык химия институтунун фармакология лабораториясынын башчысы;

1985-жылдан Кыргыз ССРинин мамлекеттик агропромунун Ветеринария жана мал чарбачылыгы илим изилдөө институтунун лабораториясынын башчысы;

1990-жылдан Кыргыз Агрардык Академиясынын фармакология лабораториясынын башчысы болуп эмгектенген.

Абдулхай Алдашев кыргыз журтчулугуна белгилүү илимпоз, чыгаан окумуштуу катары таанылып, өзүнүн адистиги боюнча 260тан ашуун илимий иштерди жараткан.

Көркөм котормодо жигердүү иштерди жасап, көркөм котормонун казынасын байытуу менен кыргыз окурмандарына дүйнөлүк классикалык үлгүлөрдү, алсак, В. Катаевдин «Мен эмгекчи элдим уулумун» повестин, Н.Рыбактын «Переяслав радасы» романын, Максим Горькийдин «Бала чак» повестин, Г.Флобердин «Бавари айым» романын, Б. Ромашовдун «Улуу күн» пьесасынын ж.б. кыргызчаласа, А.Токомбаевдин, А.Осмоновдун, А.Токтомушевдин чыгармаларын жана «Манас» үчилтигин (115 миң сап) орус тилине которгон.

Жазуучу катары өзүнүн стили, өзүнө таандык өзгөчө бир багыты менен XX кылымдын аягында кыргыз адабиятынын проза жанрына келип кошулуп, өзүнүн оригиналдуу ырларын, пьесаларын жана романдарын жараткан.

«Жер төлөдө ой толгоо», «Казат селинде», «Өх, бүтүкпү» деген роман-трилогиясы ошол учурдагы идеологиянын курмандыгы болуп келген. Себеби, роман-трилогиянын биринчи китеби «Жер төлөдө ой толгоо» согуш бүткөндөн үч жылдан кийин эле жазылып бүткөн. Бирок, коммунисттик идеологиянын кулачы жайылып тургандыктан, чыгарма жарыкка чыкпай келген. Качан гана кайра куруу башталганда жарык көргөн.

Жазуучу бул роман-трилогиясында өзүнүн жан дүйнөсүнүн көксөгөн мүдөөсүн, ички эңсөөсүн, чыгармачылык оюн, максатын, көз көрүп, көкүрөктө сакталган ой толгоолорун документалдуулуктун, тарыхый жана автобиографиялык окуялардын негизинде ишке ашыра алган.

Роман-трилогияда эки идеологиянын, фашисттик жана коммунисттик идеологиянын ырайымсыз кандуу көрүнүштөрү сүрөттөлөт.

Биринчи китепте Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучусу катарында жоокерлердин күндөлүк турмушун ишенимдүү, так баяндоо менен өмүргө психологиялык талдоо жүргүзөт. 1937-жылдын окуясы (тарыхтын «кара тактары») да салыштырыла сыпатталып сүрөттөлөт. Экинчи китепте ар түрдүү согуштук эпизоддор, кыйроолор, кыргындар көрсөтүлөт. Андагы кыргын, андагы адамдардын өмүрү «Кандайрага» куулат. Ак деңизден башталып, Кара деңизден бүткөн Кандайранын алкынып, борошолоп аккан сүрү, ырайы кандуу кыргындын элесин тартат. Бул дайра жөн дайра эмес, ал – жазуучунун символдук образы. Согуш учурунда солдат турмушунда жалаң эле кан кечүү гана эмес, өлүм менен өмүр, баатырдык менен коркоктук, атуулдук менен чыккынчылык ж.б. жай өйүткөн ой-санаалар да баштан өтө тургандыгы баяндалат. Үчүнчү «Өх, бүттүкпү» деген оор үшкүрүк менен жазуучу узакка созулган согуштун бүткөндүгүн айтат. Дал ушул үчүнчү китебинде чалгынчынын өзүн-өзү атып өлтүрүшү, Байсалов менен Коптевдин сүйлөшүүсү аркылуу жазуучу кубануу жана кайгыруу, адилеттик менен адилетсиздик, акыйкаттык жана акыйкатсыздык, күнөөлүү жана күнөөсүз сыяктуу көрүнүштөрдү жайык жана жайык эмес антитезалардын чегинде кынаптап адамдардын жеке трагедиясы менен аяктайт.

Жазуучу капитан Байсаловдун образы аркылуу автобиографиялык окуянын негизин жараткан. Капитандын кыял-жоругу, иш аракети аркылуу ички жан дүйнөсүн чагылдырууда психологиялык анализдин динамикалык принцибин түзө алган.

Абдулхай Алдашевдин романдары _туурасында К. Асаналиевдин «Эки нардын ортосунда», «Роман-эссенин жаралышы» деген адабий сын макалаларында терең талдоо жүргүзүлгөн.

А. Алдашев өзүнүн жазуучулук таланты, жүзү жана кайталангыс почерки менен «Жер төлөдө ой толгоо», «Ка-

зат селинде», «Өх, бүттүкпү» деген тарыхый чындыкты чагылдырган үч романдан турган чыгармасы үчүн Мамлекеттик Токтогул сыйлыгына (2002) татыктуу болгон.

Талыкпаган туруктуу жана үзүрлүү чыгармачылык эмгегинин натыйжасында Ата мекендик согуштун экинчи даражадагы ордени, «Кызыл Жылдыз», «Эл достугу», эки «Ардак белгиси» ордендери жана медалдар, Кыргыз ССР Жогорку Советинин грамоталары менен сыйланган.

## КИРИШ СӨЗ ОРДУНА

Мындан элүү жылдан ашык мурда согуш майданында уккан, көргөндөрдү, баштан өткөн окуяларды убагында ой толгоодон чаламогол өткөрүп жазган элем. Бирок көп жылдар бою аны эч кимге көрсөтпөгөм. Анткени заман ошондой эле. Кокус бирөө аркылуу «тиешелүү» жерге жетип калса, акеңди Алайдын чокусунан, апаңды Үч-Коргондун сайынан көрсөтөөрү бышык эле. Анткен менен кишинин психологиясы кызык: өтө жашыруун сыр, эл биле элек жаңылык, айрыкча ал адам тагдырынын өзөктүү, талуу жери жөнүндө болсо, жалгыз ичиңе батпай, тынч жатпай туйлай берет экен.

Сырды ачуудан коркуу менен катар жарыялоону эңсөө сезими да кошо пайда болот экен. Ошондой кыйноого мен да кабылып, көп жыл өткөн соң, саясий абалдын мөңгүсү анча-мынча эрий баштагандан кийин, жанымдай көргөн сырдаш жолдошторумдун бир-экөөнө учкай айтып, ичимдеги бугумду бир аз чыгарган элем. Албетте жазуумду көрсөткөн эмесмин. Анда неме болуп кетет деп, аярдык кылгам.

Азыр заман башка болду, дүйнөгө, окуяларга көз караш түп-тамырынан бери өзгөрдү. Ак жеринен караланып «эл душманы» болуп атылып кеткендердин сөөгүн издеп таап, саясий катаалдыктын курмандарын, шейит болгон арбактар деп таанып, мамлекеттин жана жалпы журтчулуктун эсебинен каражат жыйнап, аларга ыйык кабырстан куруп, болочокко бир чоң сабак болуу үчүн, жыл сайын зыярат кылып турмак болдук. Инша-алла! Ак тилегибиз кабыл болсун!

Эми, кепти көп чаргытпай, окурмандардын шаштысын кетирип ой-тоонун башын табышмактап, курулай сөздү көп мыжый бербей, аңгемемдин маңызына өтөйүн. Чыгарма бир көзүңө бир көзүң сынчы, бир кулагыңа бир кулагың тыңчы болгон заманда өз убагында жазылып, кулпулуу сандыктын түбүндө көп жыл жатса да, убакыт шаркырап аккан суу сыяктуу болсо да, маанисин жоготпоптур. Андыктан, анча-мынча эле редакциялап, негизин биринчи калыбында эле калтырдым. Сандыктан алып коомдук кароого, сыноого тартууладым, Окурмандын ичин кымындай жылытса мен өзүмө ыраазымын.

# ЖЕРТӨЛӨДӨГҮ ОЙ-ТОЛГОО

## – 1 –

Согушка катышканыма бир жарым жылдан ашып, майдан турмушуна көндүм болуп калган кезим. Жердешимдин же полктош таанышымдын өлүгүн көргөндө гана кейибесем, айланадагы башка өлүктөр кадимки табигый көрүнүштөр сыяктуу анча этибар алынбай, көңүлдү алагды кылбай калган эле. Киши баарына көнөт турбайбы.

Мен ветеринария тармагы боюнча начальник болуп иштеген 538-миномёттор полку 33-Армиянын курамында улам урушка жаңы киргизилген дивизияларды такоолдоп, 1943-жылдын июнь айынан декабрга чейин Батыш фронттун «бои местного значения» деп аталган тилкелериндеги салгылашуулардан башыбыз бошободу. Жоготуулар көп болгону менен аракеттерибизден майнап чыкпай Армиянын Бобруйск, Орша шаарларынын тушунан алган майдан позициясынын ар кайсы жерине барып согушуп жүрүп, полкубуздун чалдыбары чыккан кезде, ноябрдын аягы ченинде, Смоленсктин түндүк-батыш жагындагы Рудня станциясынан алыс эмес бир токойго эс алууга, жаңы күч, курал-жабдыктар менен толуктоого жайгаштык. Пулемёт-замбиректердин өлүм кабарлап туруучу табыштарынан алысыраак бир токойдо жаңы жылды тынчыраак өткөрөбүзбү деген үмүт да орду-

нан чыкпай, декабрдын экинчи жарымында, позицияга барасыңар деген буйрук алдык.

Күндүз далда жерлерге жашынып, түнкүсүн жортмой салт болуп калган. Миномётторубузду, ок-дарыларды, азыктарды чаналарга салып, жалгыз аяк жолдордун карын жиреп, жөө-жалаң айсыз кээде ага кошумча, бурганактуу түндөрдө буюгуп жүрүп олтуруп, 1943-жылдын 23-декабрында Витебск шаарынын түштүк-чыгыш чекесиндеги Хотемля токоюна барып токтодук. Калың карагайлуу түнт токой экен. Жери уңкул-чуңкул, дөбөлүү-коолуу, топурагы кумдак, саргыч чополуу келет экен. «Полктун экинчи эшелону мобу жерге жайгашсын» деп, полктун командири бизге (өзүнүн оорук боюнча орун басарына жана тармак тейлөөчү начальниктерге) орундарыбызды белгилеп, өзү полктун штабын жана дивизиондордун күжүрмөн көчүн жетектеп, согуш жүрүп жаткан позицияга узап кетти. Командирден бир карыш башка жакка баспаган саясий иштер боюнча орун басары кошо кетти.

Бир суткага жетпей, энчилеп берген конуштарыбызга жертөлөлөрдү (блиндаждарды) салып, аттарыбызга жеркепе жасап, оокат-түлүгүбүздү катып сактай турган жайларды бүтүрүп алдык.

Бир жумага жетпей токойдун ичи аскерлерге жык толуп, карагай аттуунун түбүндө бош орун калбады. Ийин казган суур сымак ар бир солдат өз жанынын камын көрүүдө. Биздин полк мурдараак келип, жерди кеңири ээлеген экенбиз. Кийинки келгендер биздин полктун тармактары жайгашкан орундардын аралыгындагы ээн жерлерди ээлешип, башаламан болуп кеттик. Мисалы, менин солдатым өзүбүздүн чарба взводго жумуштап барыш үчүн карагайдын бооруна жазылган атайын белгилерди карап издеп таппаса, арабыз бар болгону 250–300м алыстык экенине карабай, оңой адашып башка полк, башка дивизиянын бөлүктөрүнө буюгуп кетиш оңой эле. А биз –

тармак начальниктери полктун штабына же полктун командиринин командалык пунктуна (КП) барыш үчүн бир кыйла башка полктордун, дивизиянын ооруктарын аралап, картага чийилген атайын жол менен барбасак, немистин колуна түшүп бөөдө өлүм болуу коркунучу да туулду. Айтмакчы, биздин полктун аскердик кийим-кече тейлөө (ОВС) начальниги ошондой калабага кабылып, ошол Витебскинин алдында дайынсыз жоголгонун эске сала кетейин. Согушта бул окшогон бөөдө жоготуш, бөөдө өлүм анча деле сейрек болбойт. Бирок ошонун баарысы согуштук жоготуунун эсебине кирип, көпчүлүгүнө: «Ваш (сын, муж) такой-то в битве с врагом при (город, село, деревня) пал смертью храбрых» деген бланка толтурулуп, үйүнүн же райондук аскер комиссариатынын дарегине жибериле тургандыгы согушка катышкандарга маалым.

Ошентип, жарым айдай эс алганыбыз, жоголуп кеткен тынчтык заманыбыз сыяктуу артта калды. Өнөкөт боло калган, күндүр-түндүр карсылдактуу турмушубузга кайрадан кайттык. Командалоочуларыбыздын айтуусуна караганда, жаңы жылга чейин Витебскини бошотуп алуу үчүн Батыш фронтунун командачысы биздин 33-Армияны жана дагы башка армияларды, толукталган, жаңы уюшулган дивизияларды шыкап алып келишиптир. Жер майышкан колдун жык жыйылышы ушул себептен экен.

Укмуштуу катуу кыргындын каардуу жышаанасы келе баштады бейм, айтор, биз ордубузга жайгашкандын эртеси күн бузулуп, алакайыр бороон башталып, кар бетке уруп көзүңдү ачтырбай, борошо желкеңе, жеңине кирип, баскан жериңди көрсөтпөй, алай-дүлөй түшүп бурганактап кирди.

Келип жаткан аскерлердин дагы эле аягы тыйыла элек. Ошондой күндөрдүн, тагыраак айтканда, түндөрдүн биринде жертөлөмдүн сыртында кароолчумдун: «Стой!» деген үнү угулду. Жети түндө буюгуп келаткан чоочун немелер болсо керек деп ойлонгуча болбой, сакчы сол-

даттарымдын бирөө кирип келип «бейтааныш үч офицер, сизге кирүүгө өтүнүп атат» дегенинен «кирсин!» деп жооп бердим. Кирип келгендеги кебетелерин көрүп, адегенде чочуп кетип, анан боорум ооруду. Алдыңкысынын таноосунан чыккан буу мурутуна тоңуп, үстүңкү ээрди мөңгүлүү касаба болуп калган. Көзүнөн чыккан жашы көз айнегине тоңуп, айнек жаркылдабай бубак жапкан кичинекей терезелердин көзүнө окшойт. Калбыйган кашына жабышкан кар эрип, көз айнегинин алкагына тоңуп, көздөрүн биротоло айнек менен чаптап салгандай. Замбиректин гильзасынан жасалган биликтүү чырактын үлпүлдөгөн жарыгы бетинин оту, жаактары кандай түстө экенин ачык, даана көрсөтө албады. Берки экөөнүн көз айнектери жана муруттары жоктугу эле болбосо, дидарларынын ажырата таанылa турган айырмасы жоктой көрүндү. Биринчи кирген улуу офицери оң колун араң көтөрүп, колкабынын башын кулагынын тушуна жеткирип: «то-варищ...» дегенде титиреген ээриндери араң кымтууга келди. Солдатыма жаңсап тигилердин сырткы кийимдерин чечинтип, мешти тегерете өзүмдүн бет маңдайыма отургузуп, ансыз деле капталдары кызарып ысыгы лепилдеп жаткан мешке карагай отунду толтура солоттум. «Меш» деген трактордун майын ташыган темир челек эле. Полк эс алганга чыкканда солдаттарым бир ээн калган кыштактан таап келип, капталына эшик жасап, үстүн тешип керней орноткон бир жасалга болуучу. Көчүп атканда «алда эмне болот» деген ой менен ала жүргөнбүз. Эми жаңы жерибизде анын үзүрүн көрүп атканбыз. Жертөлөнү да машыккан солдаттарым дөңдүн капталына терең жана кең казып, ортосун киши басып жүргөндө төбөсү шыпка тийбегендей оюп, эки капталына эки киши кенен жаткыдай тектирче жасап, асты жумшак болуу үчүн чегедектин майда бүчүрлөрүн төшөп, үстүн кийиз, плащ-палатка менен жаап, эшигин майдандын оорук жагынан чыгарып, брезент менен калап коюшкан.

Мешти жертөлөнүн ортосундагы оюлган жерге орноткон элек. Согуш жүрүп жаткан майданда мындай жертөлөнүн ээси болуу жан сактоонун чоң ийгиликтеринин бири.

Ысык мешке ташталган суу отун ысмыска келбей жалынга оронуп, чычаланын буусу буркурап, чарт-чурт жарылып ого бетер жалыны алоолонуп, мешти заматта кызартты. Тигил кайыгып калган байкуштарга жан кирип, бети-башындагы муздары эрип, оозлорунан түшүнүктүү сөздөр чыга баштады.

Булар бүгүн жаңы көчүп келаткан дивизиянын гезитинин кызматкерлери экен. Тигил мурутчан, көз айнекчен, орто жашка келип калган майор – редактору, андан жашыраак капитан – кабарчысы, а улуу лейтенант гезит чыгаруучу жооптуу катчысы экенин уктум. Бул үчөөнөн башка чарба башкаруучу бир старшинасы, машинисткасы жана бир жарым тонналык машинасын айдаган шоферу бар имиш. Бардык оокаты брезент менен үстү чүмбөттөлгөн ошол машинеге батат дешти. Тигилери машинеси менен менин солдаттарымдын жертөлөлөрүнүн жанында калышыптыр. Бороондо дивизиянын штабынан адашып, буюгуп жүрүп, бизге кабылгандарын айтышып, биздин солдаттарга ыраазычылыгын, алкышын жарыша айтып, жандары калышпайт. Мен да биздин жөн-жайды айтып бердим.

Офицердик энчи тамактарыбызды ортого коюп, чайпайлашкандан кийин, ал түнү тигил үчөө менин жертөлөмдө түнөштү. Эртеси бороон басаңдап калган экен, дивизиясынын штабын издеп табышты, көрсө бизден алыс эмес эле жерге токтошуптур.

Эртең мененки тамакты ичкенден кийин, мен өз жумушум боюнча полктун командиринин КПсына жалгыз ат кошулган чанама түшүп, аткошчума айдатып алып жөнөп кеттим.

КП алдыда немистер менен бетме-бет согушуп жаткан аткычтар полкунун командириникинин жанында эле.

Майдандын алдыңкы чегинен 400–500 м арттараак бир дөңсөөнүн кежигесине орношкон. Токойлору кыйылып, токол болуп калганына караганда майдан чеги көптөн бери ары-бери жыла албай, тирешип турган болсо керек. Траншеялар, тикенек зымдар ж.б. коргонуу жасалгалары дүрбүсүз эле даана көрүнөт, Бирок КПга жетиш үчүн чананды кабакка таштап жөө басып, анан 200–300метрче траншеяда бүкүрөйүп жөргөлөп отуруп барыш керек, болбосо аман-соо калышың кыйын. Азаптын же ажалдын огу кай жагында бугуп атканын билесиң?

Докладымды берип, жаңы тапшырмаларды алып, полктун командиринин акылдуу жана жылуу сөздөрүн угуп, бир чети ыраазы, бир чети кабатыр болдум. Ыраазы болгонум: «Армиянын командачысы мага полктун өздүк курамынын күжүрмөн куралынын, унаа-көлүктөрүнүн тагдырын мойнума арткан. Бул үчүн мен керт башым менен жооп беремин. Кишинин өмүрү бир гана сапар берилет. Өмүрдү сакташ керек. Ал үчүн ишке чебердик, этияттык керек. Карачы алды жакты, тигинде кырчылдаган кыргын жүрүп атканын көрдүңбү? Тыр-р-р, тыр-р-р пулемёт, автоматтардын, замбирек, минометтордун күрүлдөгөн үндөрү кулагыңдын тарсылдагын жарып жатат. Жаңы жааган кар асманга сапырылган топуракка көмүлүп бүт линия карала болуп калды. Бул майдан линиясынын аркы өйүзүндө немистердин, берки өйүзүндө биздин аскерлерибиз траншеяларында жатат. Экөөбүз сүйлөшкөндүн арасында канча адам өмүрүнөн ажырады, канчасы жарадар болуп жан талашып кыйналып атканы бир кудайга маалым болбосо, сен экөөбүз эсебин билбейбиз. Булар жоо менен бетме-бет кармашууда майып болгондор. Ансыз уруш болбойт. Уруш кансыз болбойт. Буга айла жок. А сени ким чакырды бул жерге? Же оюн көргөнү келдиңби?..»

Мен бул сөздөрдү полктун командири чай ичип олтуруп мага жайбаракат акыл айтып жаткан немедей келиш-

кен сүйлөмдөр менен жазганымдын себеби, окурмандар маңызын ачык түшүнсүн деген гана максат. А чынына келгенде анын сөзүн телефонист бир нече үзүп, трубканы колуна бере койгондо, бирде: «Товарищ второй, так точно! Есть!.. Перенести на участок Х? Есть! Добавить? Есть добавить!» бирде: «Мазай, Мазай! Я – Сатурн. Перенести на участок Х и удвой! Держись!» Дагы бирде: «Чеглок, Чеглок! Почему молчишь? Пехота уходит? Сергей ранен? Можно его вынести в тыл? Валяй!.,"[1] деген мага көбү табышмактуу сөздөрдү трубкага чорт, так айтып, кайра мага бурулуп: «Ажалыбыз жок экен, энеден тондуу түшүптүрбүз. Азыркы жарылган снаряд бир метрче оңураак түшкөндө КПга таамай тиймек. Шайтандар шек алып калган го! Эми доктор, көтүңдү кысып, тигил бурчта тим отур! Немис деген ишине дыкат шайтан! Эч нерсени чала жасабайт! Кокус эле күтүлбөгөн бирдеме жолто болбосо, азыр КПга артчабуул жасайт. Коркпо кудай сактап калгысы бардыр!?"

Командир сөзүн бүтө электе снаряддар жер сабап кирди дейсиң, жарылгандагы үнү кулак-мээңди талкалайт. КПнын дубалдарынын топурактары урап, мойнуңа кирет, жарылуунун илеби телефонисттин алдындагы чыракты жалп дедирди. Көзүңдү бек жумуп алып жер төлөнүн бурчуна тыгылып, дубалдарына жабышсаң, дубал калчылдайт, балким коркконумдан мен калчылдап жатамбы, билбейм. Заманаң куурулганда энеңден башка эч нерсе эсиңе келбейт экен. Кичине чагымда атам үйрөткөн: «Ляиляха иллалла, Мухаммед расулулла» деген келме оозума өзүнөн өзү келди. Канча кайталаганымды билбейм, тынбай күбүрөөдөмүн.

---

[1] «Жолдош экинчи, туптуура! Жарайт!.. Х участкасына көчүрөйүнбү? Жарайт! Кошоюнбу? Жарайт, кошом!». «Мазай, Мазай! Мен – Сатурн! Х участкасына көчүр да, каттап ур! Чыда!»... «Жагалмай, Жагалмай! Эмне унчукпайсың? Пехота кетип атабы? Сергей жарадар болдубу? Аны оорукка алып чыгууга болобу? Ошент!»

Артналет канча созулду ким билсин, мен бүт өмүрүмдүн убагы кеткендей сездим. Бир маалда тарсылдак тып басылды, бирок кулагымдан чуусу кетпей, тыгылган бурчумдан тура албай көпкө керең болуп делдейип отура бердим окшойт, Мындай окуяны күнүгө башынан бир нече ирээт өткөргөндүктөн болсо керек, командир менен телефонист кызматтарына кайра киришти, чыракты жандырып алып телефон аркылуу командасын берип, салгылашуунун абалын дивизион, батареялардын командирлеринен сурап, тактоолорун жүргүзүп, картасына бирдемелерди жазып мага кайрылып, бир чети тамашалап, бир чети боору ооруп:

– Көрдүңбү, доктор, биздин оюнду? Бул кичинекей гана бир эпизод. Чоң чабуул башталганда көрөөр элең накта кызык оюнду, – деп, өзүнүн коркконун сездирбей мени кайраттандырды да, – Эми бир далайга мунусу кайталанбайт. Кыйраттык деп ойлошот, а биз, кудая шүгүр, аманбыз. Чеке-белибиздеги кошуналардан майып болгондору бардыр, баары эле текке кетмек беле, же душман куру дүрмөт менен атып бизди коркутайын дептирби? Андай болбойт, жок дегенде отуздан бирөө бутага тиет эмеспи!.. Болду, шутки в сторону, она здесь неуместна, разве только для сиюминутного взбадривания![1] Мындан кийин атайын өзүм чакыртмайынча начальниктерим өзүңөрчө мага келе бербегиле! Силердин бөөдө азабыңарды, бөөдө ажалыңарды мойнума арта турган шайым жок!..

– Жолдош полктун командири! Устав жана полктун буйругу боюнча ар бир беш күндө келип рапорт берип тургула... – деп, командирдин сөзүн бөлүп, шашып айтып жатканымда, ал колун силкип. – Устав, устав! Буйрук, буйрук – деп, сөзүмдүн акырына чыгарбай тыйды. – А силер тирүү кишисиңер, атайын билим берип даярдаган силерди. Сен өлсөң, дароо эле эртең ордуңа башка бирөөнү мага

[1] Болду, тамашаны коёлу, анча-мынча дем берүүгө эле керек болбосо, бу жерде ыксыз.

жибере койбойт. Сени адис болуш үчүн беш жыл окуткан, билесиңби? Түшүндүңбү? «Армияда улуусуна каяша айтууга болбойт» дегенди уставдан окудуң беле? Болду, азыр жөнө да башка начальниктерге менин буйругумду айта бар! Жөнө, караңгы кире электе. Жолуңдан адашпай, абайла! Баягы күнү ОВСтин начальнигинин тагдырын эсиңен чыгарба! Жакында чоң «той» болот. Ошого тармагыңды жакшы даярда. Жаңы жылда кезикпей калсак, Верховныйдын жүз граммын менин ден соолугум үчүн ичип койгула! – деп колумду кысты да телефондун трубкасын алып өз ишин улантты. Мен кетенчиктеп чыгып жолума түштүм.

Баракелде! Айтпаса төгүнбү? Аттиң-ай, мындай командирлер аз ээ!? Командирлик каада-салтты шартка ылайык пайдалана билген кеменгер киши турбайбы, ылайым кудай колдосун!

Айланамды карасам, немистин артиллериясы колунан келишинче тырышкан көрүнөт. Жана эле ак шейшепке оронгон дөңсөө чочко жойлогон саздай аңтарылып, карала чамбыл болуп калыптыр. Кээ бир снаряд траншеянын таманына түшкөн экен, үй ордундай жер оюлуп, алжайып ачылып, жолдун нугун бузуп таштаган. Белимди бүгүп, бүкүрөйүп, бутум бутума тийбей, элеңдеп утур-утур эки жагымды каранып олтуруп кабакка, далдадагы чанама кантип жеткенимди билбейм. Келсем, аткошчумдан дыдаар жок, немистердин кээ бир снаряддары ал жерге да жеткен экен. Мен КПга бараткандa коонун кашатын бойлой кыдырып, зым тартып эки байланышчы жүргөн эле. Кашатка тийип жарылган замбирек огунан бирөө дароо өлгөн экен, кургурдун өлүгү кулачын жайып, кашаттын боорунда жатат. Экинчиси аткошчумдун айтышына караганда, жарадар болгон экен, майдандан жарадарларды тартып келаткан чанага солдатым салып жибериптир.

– КП турган жерди жүн сабагандай кылып, топурагын асманга сапырып жатканда, жаным озума тыгылып, соо калбадыңар го деп корктум эле, кудая шүгүр, аман

келдиңиз. Күнөөм болсо атып жибериңиз, жолдош начальник. Коркконуман аттын оозун коё берип, күчүнүн барынча атырылтып качып отуруп, бир чакырымча жерге барганда эсиме келип, чанамды токтоттум. Артымды карасам, КПнын дөбөсүндө тозок болуп жатат тов-в-варищ начальник. – Өзү да кекечирээк байкуш эле, корккондо анысы ого бетер күчөп калыптыр. Мени көрүп чын сүйүнгөндүгүн билдирип, быдылдап сөздөрүн кайталап айтып жатты. Артчабуул басылгандан кийин эс-учун жыйып, кайра мурда мени таштап кеткен ордуна келгенин, тигил байланышчылардын окуясын көргөнүн жолдугата төкпөй чачпай айтып келатты.

Байкуш солдат менден жашырбай сырын айтканы, өзү менден улуу болсо да, мени тоо тутканы менен боорумду ачытып, ишенимимди арттырды. Өлүм тике маңдай тирешкен мындай шарттарда жаныңдагың ишенимдүү болсо – өмүрүңдүн сөлөкөтү, ишенимдүү болбосо – ажалыңдын көлөкөсү дей бер!

Бир чети тигиндей ажалдын буркан-шарканынан аман калганыма кубанып, кудайга келмемди келтирип, келме үйрөтүп кеткен атамдын арбагына сыйынып жана да командирдин акылдуулугуна, адам сүйгөн адамгерчилигине ыраазы болуп көңүлүм семирип, экинчиден, командирдин «жакында чоң «той» болот жакшы даярдангыла» дегени алдыда катуу салгылашуу күтүп жатканын кабарлап, андан кандай натыйжа чыгат, канчабыз аман калабыз, канчабыз курман болобуз? Эки жарым жыл урушуп жатып араң Белоруссиянын чегине жеттик. Мекенди толук бошотуп алууга дагы канча убакыт, өмүр, каражат жумшалмак, канча кан төгүлөөр экен?.. деген мээ ачыткан уйгу-туйгу суроолорго жооп таба албай кабатыр болуп, солдатымдын кобурап жаткан сөздөрүнүн ондон бири кулагыма кирип, өзүм менен ичимен өзүм сүйлөшүп жатып кечки ымыртта түнөгүмө жеттим. Түнт токойдун ичи ого бетер караңгылап калыптыр.

Жертөлөмө кирсем, баягы редактор майорум олтурат.

– Жолдош капитан, кечиресиз, биздин блиндаж бүткүчө, эгер сиз каршы болбосоңуз, мен сиздин жаныңызга түнөп турайын. – Менин адресиме көп алкыш айтып, баштатан бери тааныш немече, жердешимден бетер жок салттарды мага таңуулап, саймедиреп, мен сырткы кийимимди чечингенче калпты-чынды койгулатып, мактап кирди дейсиң, уялганыман сөз таба албай:

– Каалаганыңызча, канча болсо жашай бериңиз дегенден башка сөз оозума кирбеди. Кечээ кечинде алар үшүп-тоңуп келгендеги биздин жылуу кабыл алышыбыз, конок кылышыбыз, бөтөнчө медицинский спирт менен семиз жылкынын эти адбан жагып калыптыр. Аңгыча болбой, старшинам даяр тамак алып келди эле, кечээкиден дагы бир серптирип койгондон кийин, майорумдун тили ого бетер чыгып, көздөрү майланышып, өзүнүн өмүр баянын, башынан өткөргөнүн айтып кирди.

Майорумдун фамилиясы Дорфман, аты Зильман, атасыныкы – Марк экен. Өзү кайда туулганы эсинде жок, же аны айткан жок беле, айтор жаштайынан Маскөөдө окуп, анда калып, чоң-чоң гезиттерде иштегени, акыркы жолу темир жолчулардын «Гудок» гезитинин редактору болуп турганда, 1941-жылы ноябрь айында Маскөөлүк ополчениеге алынып, коргоого катышып, ал жерден немисти кубалагандан кийин, ушул азыркы кызматты өтөп, дивизиянын гезитинин редактору болуп иштеп атыптыр. Ошол мен таанышкан кезде 49 жашта болуучу.

– Менден эки эсе кичүү экенсиз, балам. Балам дегениме таарынбаңыз, кемсинтип атат деп ойлобоңуз, жолдош капитан!

– Жок, жолдош майор, бизде улуусу кичүүсүнө каалаганынча айта берет, кичүү андайга эч качан таарынбайт. «Кичүү болгуча иттин күчүгү бол» деген ылакабыбыз да бар.

– Ал эмне, кичүүнү кордогонубу?

– Жок, жолдош майор, кичүүнүн тагдыры көбүрөөк жүк көтөрүүдө. Улуунун айткандарын кичүү каяшасыз аткаруу керек. Демек улууга караганда кичүү чыдамкайыраак болуу керек деген мааниде.

– Ого, мында чоң маани бар экен, демек улуулук укукка таянып, көп калжырай бербе деген сыр жаткан турбайбы. Мен ушул жашыма чейин көп эле улут менен көрүшүп, таанышып, достошуп, касташып дегендей мамилелерим болду, бирок кыргыз менен биринчи таанышып олтурам. Сизди көзүн көрүп мактагандык эмес, жаш туруп көптү билет экенсиз. Көп окусаңыз керек...

Бирок баш болбосо, китеп өзү эле мээңе кирип бербейт. Турмуш деген түгөнгүс сабак. А биринчи сапар эне сүтү менен кошо кирет, анан өзүң өлүп кетмейинче билим сабагы менен тамактандырып турат. Кимдин сиңирүүгө канча мүмкүндүгү болсо, ошончо билимдүү, тажрыйбалуу болот. Сизди балам десем олдоксонураак болчудай. Менин жарым жашыма жаңы эле жеткениңиз менен билимиңиз мени менен тең, аскердик даражаңыз боюнча бир гана тепкич айырмабыз бар экен, муну сыйлашым керек. Мен да бир байыркы улуттун өкүлүмүн, болгондо да акылы, амалы толук туруп шору арылбаган улуттун... – Акыркы сөздөрү оозунан байкоосуз чыгып кеткенине ичинен өкүнүп, аңгемесин башка нукка бурду эле, анысы жакшылыктуу эптешпей калганын мен байкап турганымды сезе коюп, – ээ браток... менин иним деп айтсам, баарынан туура болчудай, сиз да ыраазы болоорсуз дейм. Шору арылбаган дегеним мына азыр ушул күндө фашисттер Европадагы менин кандаш улутумдун бирин койбой кырып атат. Биздин Союздагы, качууга үлгүрө албай калган еврейлерди да, бекинген жерлеринен шимшилеп жүрүп таап алышып, жөн өлтүрбөй кыйнап өлтүрүп атпайбы. Анан – менин улутум шордуу эмей эмне?! Браток, сиз экөөбүз туулган жерибизден канча алыста, кыштын кыраан чилдесинде чыкылдаган аязга,

алакайыр бороонго, мөндүрдөй жааган окторго, зилзаладай жер титиреткен бомбаларга, снаряддарга эмне үчүн чыдап, жапайы айбандан бетер үңкүрдө жаныбызды оозубузга тиштеп олтурабыз? Мунун мааниси эмнеде? – деп, тамшанып, тамагын жасанып, мен, кружкасына куюп койгон, чабыштырылган спирттен эки ууртам жутуп, «ух!» деп демин чыгарды да жылмайып мурутун сылап алып, жапырактап койгон жаядан бир кесим оозуна салып, эки-үч чайнап жутуп жиберди.

– Бали, мындай таттуу болбоспу. Уйдуку дейин десем, окшобойт, еврей болсом да, жаштайымдан жеп көнүп калган чочконуку да эмес. Кой-эчкиникинен ийи кесек жана жыты башка. Бул мен билбеген эмненин эти, браток?

Эттин төркүнүн айтып, полктун командиринин буйругу боюнча дарылоого мүмкүн болбогон, сөөгүнөн же ичинен жарадар аттарды арам өлтүрбөй мууздап, солдаттарыма, полктун өздүк кошуунуна кошумча тамак кылып берип жүргөндүгүбүздү укканда:

– Постой, постой, браток![1] –деп, оң сөөмөйүн соройтуп колун өөдө көтөргөндө, мен муну кайдан айттым деп, ичимен бушайман болуп атсам, Зильман Маркович сөзүн кайта улантты. – Бизден канча миң жыл мурда эле акылдуу адамдар туулган – ээ! Эмне үчүн иудейлер, аларды туурап христиандар, анан мусулмандар жылкы этин жешке тыюу салышкан? Табышмактын жандырмагы быякта жаткан турбайбы. Билдим, билдим… Антпегенде, солдаттары аттарын союп жешип, аскерлери жөө калып, жоосунан жеңилип кырылмак. Ал эми, иудейлер менен арабдардын жашаган жерлери какырлуу, ысык чөлдүү келет. Чөлдө жылкыны көп өстүрө албайт эмеспи. Жылкынын эти, эч бир этке бергисиз ширин нерсе турбайбы. Айтмакчы, кыргыздар кайсы динде болуп келген? Мусулман болушса, эмне жылкынын этин жешет?

[1] Токто, токто, иним!

– Мусулмандар, Зильман Макрович, төрт имаматка бөлүнөт. Христиандарда деле православие, католицизм деген эки чоң бөлүгү бар туруп, алар өз ичинен дагы далай майда секталарга бөлүнөт эмеспи. Ошол сыяктуу эле мусулмандардын арасында дин мыйзамын – шарияттты аткаруу тартиби боюнча эрежелери айырмаланат. Төрт имаматтын эң ириси, имам Агзам жолундагылар. Мусулман арабдардын дээрлик баарысы бул имамдын осуятын тутат. Кыргыздар да ошонун жолунда болушкан. Бирок, бул жолдогулардын баарысына тең эле жылкы этин жей берүүгө улуксат кылынган эмес. Түрк коомуна кирген көчмөн улуттарга гана жылкынын этин жешке, сүтүн ичишке улуксат берилген. Анын себеби, көчмөн калктардын негизги айбан тектүү азыктары: жылкы, төө, бодо жана кой-эчкилердин эт-сүттөрүнөн болгон, бирок бир жеринде турбай көчүп-конуп жүргөн элдин колундагы негизги малы жылкы менен төө эле болгон. Алар минсе – ат, көчсө – көлүк, иштесе – күч, ичсе – сүт, жесе – эт болуп берген. Башка малдын убарасы көп, алыска ылдам жүрө албайт. Кокус жоодон качып кала турган болсо – бодолору, эчки-койлору душмандын колунда кала берген. Ошондуктан, көчмөндөргө жылкыдан жаралган азыктарды пайдаланууга улуксат берилген болуу керек. Антпесе, аларды мусулман кылуу кыйын эле.

Менин бул сөздөрүм, көптү билген кишиге өтө таасир көрсөттү белем, көзүн күлүңдөтүп, ичинен ыраазы болгонун билдирип:

– Сиз муну кайдан окугансыз? Советтик атеизмдин тарбиялоочу адабиятында мындай кабарлар жок го? – деди.

– Менин атам чоң молдо болгон. Ал киши алты жашымда анча-мынча дин сабагынан окутуп, шарияттан мээмдин жетишинче түшүндүрүп кеткен эле. Кийин окуй албадым. Динчилсиң деп, ал кишини, биринчи кызыл мугалим болуп, Совет өкмөтү тушунда мектеп уюштуруп,

көчмөндөрдүн балдарын чогултуп окутканына карабай, мектептен кууп, кулакка тарткан. Кысымчылыкты, куугунтукту көп көрүп жүрүп, отузунчу жылдын башында каза болгон. Мен ондон он бирге өткөн кезим эле...

– Ого, кеп биякта жаткан турбайбы, баса дейм да! – дегенде, мен чыным менен кооптонуп «кудай уруп дагы дөөрүдүм окшойт. Ичкиликтин сааты да... Жолдон жолуккан немеге сырымды төгүп, деги эмне болуп турам бүгүн? НКВДнын тыңчысы болуп жүрбөсүн? Жөөттөрдүн көбү ошондой дешчү эмес беле...» деп санаам санга бөлүнүп заманам куурулуп жатканда, далайды башынан өткөргөн ак каптал болсо керек, менин абалымды дароо сезе койгонсуду.

– Браток, чочубаңыз, мен сиз ойлогондордон эмесмин.Биз азыр кыргындын ордосунда, өлүмдүн даңгыр жолунда турабыз. Кудай кылам десе, көз ирмемде күмжам болуп кетишибиз мүмкүн. Анын бетин ары кылсын. Арам оюм болсо – ушул түндөн чыкпай калайын! Менин башымдан далай укмуштуу окуялар өткөн. Аман болсок, аларды айтып берээр убакыт да табылаар?.. Менин билишимче силер азиаттар Россиянын колониялык эзүүсүндө жүргөн сабатсыз, караңгы, дээрлик жапайы калк болгонсуңар. Анан Октябрь революциясынан берки жыйырма чакты жылдардын ичинде эле кантип ушунчалык аң-сезими жогору, цивилизациянын бардык тармагынан кабары бар, билимдүүлөр чыга калды? деген табышмактын жандырмагын билүүгө кызыккандагым. Бирдемеге кызыксам, аки-чүкүсүнө карабай кээде олдоксон сөздөрдү пайдаланып жиберип, өзүм ыңгайсыз абалда калуучу жаман адаттарым бар, браток, аны кечирип коюңуз. Көп жылдык журналисттик кесип НКВДнын тыңчысына окшоштуруп салат бейм?.. Сиздин орундуу ой жүгүрткөнүңүз ишендирүүчү жоопторуңуз менин көзүмдү ачып, силердин калктар – азиаттар байыркы цивилизацияны басып өткөн, өзүнчө маданияты бар элдерден экенин

күбөлөп койду. «Миң уккандан бир көргөн артык» деген кептин калети жок!

Күчтүү тамактын деми, ичкиликтин күүсү менен майорумдун ансыз деле сөзгө кайралып бүткөн тилинин ноктосу агытылып мени жоокалатам деп, дагы далай кептерди шыбыргактатып, акыры көшүп, көзүбүз жабышып уйкуга кирдик.

**– 2 –**

Ошентип, кудайы коногубуз бизге үйүр болуп алды. Биз деле анын бал тилине, орундуу сүйлөгөн сөзүнө, мен угуп көрбөгөн билимине кызыгып, аны аскердик расми наамынан атабай «Зильман Маркович» деп, жылуу кабыл алдык.

"Жылкы кишенешкенче, адам сүйлөшкөнчө» дейт эмеспи. Анын редакциясы биздин жарадар жылкылар туруучу жеркепенин жанынан аң казып, машинасын жайгаштырып, анын жанына, менин жертөлөмөн 20 метрче обочороок жерге жертөлө казып алышты. Майор болсо, менин улуксатым боюнча, ветфельдшерим лейтенант Александр Михайлович Баранов макул болуп, өзү бошотуп берген жайды – менин бет маңдайымдагы капшытты ээледи. Энчилүү азыгын бизге кошуп, тамакты да бизден иче турган болду. Барган сайын ал кишинин ак ниеттүү, салабаттуу, боорукер экенине көз жетип, анча сактанбай калдым.

Күндүзгүсүн ар кимибиз өз түйшүгүбүз менен алекпиз. Иш оор. Күнү-түнү эки тараптан тең тынбай, жан аябай салгылашкан жерде, аппак карды кызылга боёп кан аккан жерде, самолёттун бомбусунан, замбиректин огунан тоңгон кыртыштын карды жарылып, топурагы асманга сапырылып аткан жерде, тирүүчүлүк үчүн каражан көр кысмактын азабын дайым тарткан жерде иш жеңил болобу?!

Менин тармагымдагы полктун ветлазаретинин штаты бар болгону 7–8 кишиден, бирок жарадар болгон аттарды алып келип баккан солдаттардын санын кошкондо дайым 25–30дан кемибейт. Жарасы, дарты айыгып, күчкө карай турган аттарды күн сайын батареяларга жиберип, жарадар болуп, же ылаң чалып калгандарын лазаретке алып келип, дарыласа, операция жасаса айыгууларын бөлүп калып, айыкпоочуларын же айыкса да андан наркы ишке жарабоочуларын союп, чарбачылык взводдун азык тейлөөчү складына өткөрүп туруу – күндөлүк ишибиз. Ажалдын аяздуу илеби мүнөт сайын шилине уруп турган жерде күндөлүк ишти өз ирети менен жүргүзө берүү бизге адат болуп калган. Кокус артчабуул же асмандан бомбулоо болуп калган учурда, жертөлөлөрүбүзгө кире качып, суурча жашынабыз. Эгер операция жасап жатканда антсе, баарысын таштай качып жакыныраак жертөлөгө тыгылышабыз. Үлгүрө албагандарыбыз жылкылардын жеркепесине кирип, аттардын арасына баш калкалайбыз. Коркунуч өтүп кеткенден кийин, кайра чогулуп токтогон ишибизди уланта беребиз. Жаңы келген солдаттарга тигиндей учурда ким кайда барыш кerektигин инструкциялайбыз. Жаңы жерге жакшы байыр ала электери, же инструкцияны уга электери шаштысы кетип, жер кучактап, карагайдын түбүндө жатып калган учурлар да болот.

Жылкы жаныбар коркунучтуу мезгилде кишини караан тутат экен. Нечен жаңы үйрөнчүк, чалпоо аттар, айрыкча монголдордун кулансымак жылкылары, демейде өздөрүнө кишини жакындатпай кошкуруп, көздөрүн чакчайтып, кулактарын элеңдетип, чылбырды үзүүгө чейин барат. Ал эми мындай алааматтарда кулактарын жапырып, куйруктарын чатына кыпчып, камчы эттери калтырап, кишиге жалооруп карап, башын койнуңа катуудан качпайт. Операцияда буттары чырмалып, башы маталып байланып жаткан аттардын кээ бирөөлөрү ток-

тогон ишиңди кайра улантууга жанына келсең, көздөрүн чакчарылтып кишенеп жиберишет. Мындан: «Өлүмгө мени таңып берип коюп, өзүңөр кайда кеттиңер?!» деген таарынычын сөзсүз түшүнөсүң.

Полктун командиринин айткан «чоң тою» башталды бейм, таң заарынан бери бороон аралаш карсылдак, күрсүлдөк күчөп, жер дүңгүрөп, төрт тарабыбыз тең уу-чуу. Самолёттун моторунун, бомбунун жарылышынын табыштарынан башкасынын баарысынын табыштары камыр-жумур жуурулушуп аба мейкиндигинен бош жер калтырбаган сыяктуу. Булардын арасынан, кирген буканын өкүрүгүнө анча-мынча окшогон, кулакты жара чаңырган катюшалардын үндөрү даана айырмаланат. Туш-туштан өкүргөнүнө караганда ал немелер аябай эле көп келген көрүнөт.

Биздин жаныбызга мындан 2–3 күн мурда келип орношкон дивизиянын медсанбатынын үч чоң чатырынын ичи жарадарларга жык толуп кетти. Биздин лазаретке да жараланган аттарды жетелеп, бороондон оозу-мурдун таңынган солдаттар чубуруп келе баштады. Операция жасоого шарт болбой жараатты булганычтардан эптеп тазалап ымырт жеркепеге киргизүүгө араң үлгүрүүдөбүз. Ишибиз менен алпурушуп жатып, кечтин кирип келгенин сезбей да калыппыз. Колдорубузду жууп, спецкийимибизди чечингенче көз байланды. Тарсылдактар да сейректей баштады. Штабдан жаңы кабар келбегенге караганда, аракет катуу болгону менен натыйжа нөлгө барабар болгон кейиптенет. Иши кылып, ордубуздан жылганыбыз жок.

Кыргыздардын хронометражы боюнча эл орунга отурган маалда майор да, түнөгүнө кайткан каргадай жетип келди. Кадимкидей эле сылык амандашканы, элпектигине карабастан, кабак-кашынын түрү түнөрүңкү. Тамак бышырып ичүүгө чолоо тийбей керээли кечке тынбай иштегенибизге күбө катары түшкү тамагыбыз эми эл

жатарда гана даяр болуп, Зильман Марковичти атайы күтүп жаткансып, майор чечинип, мешке алакандарын кактап киргенде, булоолонтуп старшинам жертөлөгө алып келдл. Сорпону ал калай табактарга коюу-суюгун аралаштыра бөлүштүрүп лейтенант Баранов кружкаларга флягадагыдан капортолото, кыдырата сунуп:

– Майдандаш жолдоштор, кудай бүгүн бизге өмүр тартуулады! Эртең да, бүрсүгүнү да, андан аркы күндөрдө, айларда, жылдарда да өлүмдөн коргоп жүрүшүн тилеп ушуну көтөрүп коёлу. Жеңишти тилейли! – дегенде төртөөбүз тең тартып жибердик. Ачыгып калган жаныбыз кашыктарды шыпылдатып ишке киргиздик. Калай табакка үңүлүп, дембе-дем уурташына караганда, майор деле эртеден бери өзөк жалгаган эместей.

Ичке бир аз эл конгондон кийин, буту-колдор чымырап, беттин оту тамылжып, чеке нымшып, дене салмактанып, чарчагандык сезилип, чыкыйыңды укуп, жүрөгүңдү мыкчыган коркунуч ченгелин жазганы сезилип, ар кимибиз ичибизден өз санаабыздын артынан ээрчип жөнөдүк белем, бир кыйлага үндөбөй мемиреп, көшүдүк окшойт. Мындай учурларда кулагыңа сырткы табыштар, үндөр да кирбей калат экен. Чын дүйнөдөн обочолоп, кыял дүйнөсүнүн бахар мухитинде кайыксыз, кемесиз сүзүп, кызыгына ушунча батасың дейсиң, кокустан бир себептин айынан көзүңдү ачып чын абалыңа кайта келгениңе өкүнөсүң. Бөтөнчө, чын абалың кан суудай төгүлгөн, жан чырпыктай кыйылган жерде болсо, өкүнүчүң өтө ачуу даамданат.

– Жолдош капитан улуксат болсо биз баралы жайыбызга,– деген Барановдун сөзү, мени чын дүйнөгө кайта алып келди. Санаа менен канча байып, кыял менен канча убакыт аалам кыдырганымды билбейм, тек гана «улуксат!» деп кейиштүү үн каттым. Барановдун үнү майорду да селт эттирди көрүнөт, ал көз айнегин алып, жүзаарчысы менен сүртүп, улутунуп койду. Лейтенант

менен старшина экөө чыгып кеткенден кийин, ал мага кайрылып:

– Уйкуңуз келе элекпи, браток? – деди. Менден көңүлүнө жагымдуу жооп алгандан соң, майор бир күрсүнүп алып, бүгүнкү башынан өткөргөн окуяларын баяндоого киришти.

– Мен бүгүн кыргындын кайнаган казанында болдум. Дивизиянын саясы бөлүмүнүн башчысы чакыртканынан барсам: «Сен азыр алдыңкы чекке жөнө, ал жерде биздикилер чабуулга өтүштү. Замбиректердин дүңгүрөгөн табышын угуп атасыңбы? Бороондун кесепетинен авиация асманга көтөрүлө албай атат. Эч нерсе эмес, ансыз деле фрицтердин тешигине калемпир тыгабыз! Сен партиянын курч тилисиң, коллективдүү үгүтчүсүсүң! Жоокерлердин жоо менен арстанча кармашып атканын өз көзүң менен көрүп, өз сөзүң менен жазып, калкка, жоокерлерге даңазалашың керек» деп мени алдыңкы чекке айдап жиберди. Улуктун сөзүн укпаска айла жок, толуктоого жаңы келген солдаттардын тобуна кошулуп, байланыш офицерин ээрчип жөнөдүм. Жолдо немистердин артиллериясынын кайтарган алды утур добуулуна кабылып, өлгөндөн калгандарыбыз эптеп алдыңкы чекке жеттик. Жөө-жалаңдаган, атчана, колчаналарга солонгон жарадарлар алдыбыздан чыкты. Эптеп траншеяларга жеттик. Үстүдөн учуп өтүп аткан октордон башыңды көтөрө албайсың. Биздин алдыбызда бир сапар траншеядан көтөрүлүп биздикилер чабуулга өткөн экен, автомат-пулемёттун чалгысы кайсап, чабуулду өксүтүп салыптыр. Кылтыйып немистер жакты карасаң, алдыңда толгон солдат өлүгү. Адамдан аккан канды, снаряд казган топуракты бурганак уюлгуткан кар ширеп атат. Көзүң жамандыкты көрбөсүн жаның кулагыңдын учуна чыга качат. Бирок муну менен сизди таң калтырайын деген жерим жок. Бул азыркы мезгилибизде күндөлүк көрүнүш. Өзүңүз менсиз деле көрүп атасыз да. Менин айтайын дегеним башка...

– Мындан да коркунучтуу кабар барбы? – деп, мен кооптоно түштүм.

– Өлүмдөн коркунучтуу эмне болсун. Бирок, браток, эртедир-кечтир андан кутула албайсың деңизчи. Ошентсе да, анын эртесинен кечи жакшы. Өлүм тынчтыкта аз, согушта көп. Биз тагдырдын буйругу менен көбүнө туш келип олтурабыз. Өлүм тынчтыкта – карынын башына көп, согушта жаштын башына көп келет. Сиз менин жарым жашыма араң чыгыпсыз. Ошого карабастан, азыр экөөбүздүн шартыбыз бир, мөрөйүбүз бирдей! Анын кылтагы экөөбүздүн мойнубузда бирдей илинип турат. Кимибиздики мурда тартылса, ошонубуз мурда кетебиз. Бул согуштун аксиомасы!.. Балким, кыргындын казанында кайнап жүрүп, соо калаарбыз?.. Ким билет? Ушундай туюк жарга такалганда, барбы-жокпу билбейм, эмнегедир, кудай эсиңе түшүп, «куткара көр» деп жалынат экенсиң...

– Кудайды тааныш үчүн ар дайым жаның оозуңа келиш керекпи?

– Бейкутчулук сайрандап жүргөндө, телегейиң тегиз болуп, өзүңдөн башка күчтүү жоктой сезет турбайсыңбы, Орустун «пока гром не грянет, русский мужик не перекрестится»[1] деген ылакабы деле ушундан улам чыкса керек. Анын үстүнө, менин чоң сакал тууганым «Религия – опиум для народа!»[2] деп ураан чакырып, кудайды жокко чыгарып, а биз анын тапкан илимин акыркы чындык катары кабыл кылып, таалимин алып, кудайсыз коммунист болуп тарбияланбадыкпы...

– Сиз марксизмге ишенбейсизби? Анан кантип советтик гезитке редактор болуп, коммунисттик партбилетти чөнтөгүңүзгө салып жүрөсүз? – деп, ачык чолок-чолок суроолорду бердим эле, мындайды менден күтпөсө керек,

---

[1] Ылакап – «Башы оорубагандын кудай менен иши жок» деген кыргыздыкына туш келет.

[2] Дин – элге наша (апийим).

майор. Бир аз мукактана түшүп, анан барып оңолуп, чыйралып, менин суроомо суроо менен кайрылып, чабуулга өттү.

– Менден «марксизмге ишенбейм» деген сөз уктуңузбу? Жок, мен андай дегеним жок, кечиресиз! Дин жөнүндөгү марксисттик көз караштарды айттым. Менин жаш курагым «кудай жок» деген пролеткульттун[1] дооруна туш келип, эч бир критикасыз кабыл алып тарбияланганым өзүмө өзүм наалыганымды айттым. Жолдош Сталин 1941-жылы 7-ноябрда советтик жоокерлерди, Маскөөнү коргоочуларды фронтко жөнөтүп атканда: «Мекенди коргоо үчүн ыйык салгылашууңарда силерди улуу кол башчылар: Александр Невскийдин, Кузьма Мининдин, Михаил Пожарскийдин, Александр Суворовдун, Михаил Кутузовдун арбактары колдоп, жеңишке шыктандырсын!» деген осуятында «арбактар» дегени үчүн Сталинди да күнөөлөгүңүз барбы?

– Зильман Маркович! Мен сизди капа кылайын, же эптеп кылтактап алайын деген жаман оюм жок, кудай урсун. Сиздин жашыңыз да, даражаңыз да улуу, тажырыйбаңыз да чоң, билимиңиз да жогору, көргөнүңүз да көп деп, тааныганымдан жана бир топтон бери кыргындуу шартта бир туруп, бир жатып калгандыгымдан сизди ичинде арамдыгы жок ак ниеттүү адам болсо керек деп ишенип, дипломатиясы жок гана ачык суроолорду берген элем, кечирип коюңуз олдоксон болсо. Кээде менин өзүмө ушундай суроолорду берип жарга камашат. Ошондо кандай жооп беришим керек экенин сизден үйрөнсөм деген гана ой мени түрткүлөгөн эле, дагы кечирим сурайм. Көңүлүңүздү оорутуп койдум көрүнөт. Улуу кишини таарынтуу мен үчүн кечиримсиз күнөө. Атамдын бул осуятын, тиги «шайтандын» кызуусу менен унута

[1] Пролеткульт (пролетарская культура) – өткөн маданий мурастарды чанган, адамзатты маданиятка тарбиялаган ролун танган уюм (1917-1932 жж.) СССРде болгон.

калган турбайымбы. Бизде «атан төө мас болсо, тайлак менен дос болот» деген макал бар. Анын сыңарындай, мен тайлак экенимди унутуп, спирттин азгырыгына алдаткан турбайымбы.

– Токто, токто, браток! Жанагы макалыңызды кайталап коюңузчу, кудай жалгагыр?!

Мен макалды шашпай айтып берсем, анын бүркөлгөн кабагы ачылып, күлүңдөгөн көзү көз айнегинин артында ойноктоп, бүлбүлдөгөн чырактын шамы айнегинен чагылдырылып, мурутунун кылдары жапырылып, ылжыйган эриндеринин жылчыгынан тиштеринин агы көрүнүп, таноолору дердеңдеп:

– Таамай айтылган макал экен. Деле чыгыштын афоризми химиянын формуласы сыяктуу так, таамай, кыска жана терең. Мен араб, фарсы, инди, түрк, кытай, жапон чыгыштагы жана башка улуттардын фольклор адабиятын көп кызыгып окуучу элем, албетте орусча котормосун. Эгер аларды оригиналда окуй билгенимде балким, минтип жертөлөдө олтурбас белем? Мүнөт сайын ажал күтүп кылчактабас белем? Ким билет?.. Силердин, кыргыздардын адабиятын кезиктире албадым. «Манас» деген эпосуңар бар экенинен кабардармын, бирок өзүн көрбөдүм, окубадым.

– Кайдан окумак элеңиз, ал орус тилине которула баштаган, бирок басмадан чыга элек.

– Да, бир топ күндөн берки сиз менен маектешкенде мен уккан макал, ылакабыңар, каада-салтыңар, үрп-адатыңарга караганда, бизде жалпы эле «восток» деген батышка бекеринен силерди да кошо салып, бууп коюп жүргөн экен. Силердин узун тарыхыңар: өз жүзүңөр, карааныңар бар, бирок Европа үчүн дагы эле ferra incognito[1] калк турбайсыңарбы! Браток, сиз мени кечирип коюңуз. Мен артыгыраак теригип, сизди таарынтып койдум окшойт. Оозуман жаңылып жалкып калган жаным, дайым

[1] Сырдуу жер.

элеңдеп, эки жагымды каранып, сактанып ар бир сөзүмдү акыл сыдыргысынан өткөрүп сүйлөчү элем.. Эмнегедир сизге киренди болгондон бери, күн сайын жүрүш-турушуңузду кишилерге, айрыкча карамагыныздагыларга кылган мамилеңизди, жалпы билимдерден дээрлик кабардарлыгыңызды жана башка жакшы сапаттарыңызды байкап, уламдан улам сизге ишенчилигим артып келатканын жашыра албай, анын үстүнө, тигил өзүңүз айткан «шайтандын» деми менен ашыгыраак кеткен окшойм, бири бирибизди туура түшүнсөк болду.

– Мен сизди туура түшүндүм, бирок өзүңүздү эмне үчүн мага киренди болдум дейсиз? Мен сизди кысымга алып, же жүрүш-туруш аракетиңизди чектеген жерим болдубу? Жашырбай эле ачыгын айтыңыз, кемчилик кетсе оңдоо оңой, – деп, ордуман туруп, табы басаңдап бараткан мештин отун ичкереттирип, жаңы отун салып жыгач алкакка арабанын жабуусу болгон брезентти керип жасаган каалганын босого жактагы жылчыктарына карагайдын бүчүрүн тыгындап келип олтуруп атканда:

– Браток, дагы кечирим сурайм, ал сөз оозуман ыксыз, жүйөсүз чыгып кетиптир. Көп күн өтсө да, бүгүн деле кадырлуу коноктой сыйдамын, бир тууган агаңыздай барктап келесиз. Кишинин ким экени калктын башына кайгы түшкөндө, алаамат келгенде билинет. Бейкутчулукта, жыргалчылыкта акты карадан, арамды адалдан, боорукерди ташбоордон, кууну ала көөдөндөн, зыкымды жоомарттан, санаалашты арамзаадан, ачыкты кытмырдан ажырата тааныш өтө кыйын. Бул жөнүндө орустун бир таамай макалы бар «чтобы познать человека надо с ним пуд соли съесть»[1] деген. Бейкутчулукта жокчулук барчылыктын, бакырчылык байлыктын, кайгы-капа тамашанын шарданы менен көп сезилбейт. Андайда кимдин ким экенин билүү оңой эмес.

[1] «Кишинин ким экенин билиш үчүн биргелешип бир пуд туз жеш керек».

– Ырас бизде да «кой арыгын билгиң келсе, жүнүн кырк» деген кеп бар.

– Э-эй, браток, ушинтип кыш бороонунан жоо бороону күчтүү болуп, заман тарып, жан оозго келип турган чакта сиздин көрсөтүп аткан сыйыңыздан артык эркиндик болобу? Кудай буюруп, өлбөй тирүү калсам, сиздин чакан коллективиңиз менен бирге өткөргөн ар бир күнүм, түнүм өмүрүм өткүчө эстен чыкпас. – Сөзүнүн акырын өзгөчө бир кусадар муңдуу кыраат менен айтып улутунуп койду.

– Ичкиликтин албан түрлүү касиети бар, браток. Сиз жашсыз аны башыңыздан өткөрө элексиз. Ал ичиңизге кирип тамырыңызга тараганда коруну бүркүт, жашыкты курч, дөдөйдү чечен, коркокту баатыр, кытмырды ачык, сараңды март, кара мүртөз ташбоорду боорукер кылып, адамдын жан дүйнөсүн жакшы жагына өзгөртүп, шумпайды ак көңүлдүккө көлбөтөт го чиркин! Чөккөн көңүлүңдү эргитет, кургурум! Ошону менен катар, өзүңдү өзүң абайлоону, байкоону азайтып, кудай берген дареметти, мүмкүчүлүктү, күч-кудуретти ашыра баалатып, ала көөдөн алаңказар чын тийбес, жалакайлыкка айлантып, ойтүйдөктүн жибин үзүп чатыштырып, ар нерсеге алагды кылып да жиберет, бул шайтан. Ошонун кесепетинен мен айтайын деген сөзүмдүн учугун жоготуп, эмоцияга алдырып ийген турбайымбы.

– Кулак сизде, Зильман Маркович. Бүгүнкү башыңыздан өткөргөн алааматтан санааңызды жоокалатыш үчүн дагы бир аз сеп этип алсаңыз кантет?..

– Мунуңуз да акыл, браток! Радость надо размочить, горе надо утопить![1]

– Көңүлүңүзгө албаңыз, мен сүрөөнчү эле болуп берейин, жардамчы боло албайм. Ашырып койсом, жүрөгүм айланып, ичкеним аш болбой калат.

– Болуптур, браток, мага деле эки ууртам жетет.

[1] «Кубанычты жибители, өкүнүчтү чирители».

Таза медицинский спиртти кардын суусуна теңме-тең чабыштырып, көпкө чайкап, суусун тердирип, алюминий көөкөрчөккө куйдуруп койгон коларактан кружкага эки элидей куюп, майорго сунганда, ал ичкиси келип турганын жашыра албай кружканы калтаңдап кармап, бирок жалгыз өзү гана ичээрин ойлонуп, бир аз ыңгайсыз сезип, менден кечирим сурагандай башын бир ийкеп алып, кружканы көңтөргөндө муруту менен тумшугуна кружка оңкосунан тура калды. Жутуп жиберип «өх!» дегендеги деми чырактын жалынын жалп өчүрдү эле жертөлөнүн ичи көзгө сайса көрүнгүс караңгыга толду. Жалгыз гана шоола мештин оозунан жылтылдайт. Сыртта токой шуулдап, карагайлардын чегедектери бирине-бири өйкөлүшүп качырашат. Кайдадыр буларга аралаш тыр-р-рттырт эткен алыста жалгыз пулемёттун табышы угулат. Мештин оозуна жакын жаткан даяр отундан кичине жаранка алып отко тутандырып, чыракты жандырсам, майор тунжурап ойго батып туруптур. Көзүн ача салып:

– Браток, мен бүгүнкү көргөнүмдү, башыман өткөн алааматты айтып келатып, киринди сөзгө алагды болуп негизги оюмдун накта маңызын унутуп кала жаздапмын. Чырак өчпөсө, кийинки кыялга ээлигип, акылым таптакыр алакачып, өзүмдү бир какыр чөлгө куюктуруп кетмек экен.

– Сиздин оюңузду алагды кылууга мен себепкер болсом, кечириңиз. Сиздей сөзмөр, көптү окуп, көптү билген киши менен жолугушууга, акылдуу сөздөрүн угууга мен дайым куштармын. Мындай кереметтүү нерсе, убакыттын пружинасын жерине жеткиче чыйралткан согуш мезгилинде тургай, бош убагыңды кайда кетирээрди билбей турган, бейкутчулук заманда да чанда кезигет эмеспи. Кулагым, кунтум бүт сизде.

– Мени өтө көкөлөтүп мактап жибердиңиз, браток. Мен андай баага арзыбайм. Дагы акылга жеңдирип, дайынсыз жакка жетелетип жибербей, унута электе ай-

тып калайын. Деги эми жертөлөгө кызматчыларыңыз кирбейби?

– Кокус эле бирдеме болуп кетпесе, кудай сактасын.

– Ошентсе да...

– Сактыкта кордук жок деген турбайбы.

– Ой, кандай сонун сөз. Именно, именно ошол! Болбосо, бул заманда октон, бомбудан мурда тилиңден өлөсүң. Мындан өлсөң, үйүңө похоронка да жибербейт, эсиңе алып кой браток! Бүгүн эмне көргөндөрүмдү дээрлик айтып бүткөм. Күндөгү болуп жүргөн окуяга көндүм болдук го. Аны сиз да, солдаттар да, тегерегибиздегилердин баарысы көрүп жатпайбы. Ал биз үчүн таңсык эмес. Мени таңыркаткан мобу болду. Сиз экөөбүздүн бөлүктөрүбүз эки башка болгону менен уставыбыз бир, командалоочубуз бир, деле бүткүл Кызыл Армия бир мыйзам, бир устав менен аракет кылып жатпайбы. Анан «буйрукту аткарыш эмне үчүн ар кандай?» деген суроо менин чыкыйымды көзөп, жанымды кыйнады. Баягы күнү сиз командириңизге буйруктуу милдетиңизди аткарып КПга барганда анын сизге кылган мамилеси менен бүгүнкү менин начальнигим мени буйрук аткарууну үйрөткөн жоруктарын салыштырып, дагы бир көзүм ачылды, браток. Эки бөлүк бир эле тилкеде согушууда. Биздин жөө солдаттарды силердин миномётчулар такоолдоп турат. Сиздин командириңиз согушуп жаткан жоокерлер менен аралаш траншеяда өмөлүп, улам бир урунтуна чуркап, көзүн жоодон айырбай майданды башкарып, карамагындагы жоокерлерине үлгү болууда. Ажал ар бир мүнөт өз мөөнөтүн күтүп, анын мойнуна минип жүргөнүн билбейт дейсизби? Ал эми менин чоңум дивизиянын ооругунун штабында жылуу жертөлөдө ППЖсы («полевая походная жена» деп күйдүргү солдаттар улуу офицерлердин ойношторуна койгон аты) менен убагында уктап, сакал-мурутун кырынып, убагында тамагын ичип, убагында чогулушун чакырып, кагаздарын жазып, күн бою күйпөлөктөп, бүт

убактысын дивизиянын штабынын айланасында өткөрүү менен алек. А тиги алды жактагы майданда канын, жанын аябай салгылашып жаткан жоокерлердин турмушун, ал-абалын, саясий-моралдык кайраттарын күндө болбосо да, жумасына бир-эки жолу өзү барып, өз көзү менен көрүп, солдаттарды тирүү, жалындуу сөздөр менен көңүлдөрүн көтөрүп, алардын патриоттук деңгээли жөнүндө жогорку аскердик саясий командалоочуларга билдирип туруу анын керт башынын коммунисттик ыйык милдети эмеспи. Устав боюнча ушундай да. Ал эми иш жүзүндө, менин начальнигим өз жанын аман сакташ үчүн карамагындагы жоокерлерди ыгы жок кыйнай берет. Каяша айта албайсың. Кыңк этсең тапанчасы менен кармай берет. Сенин бөөдө өлүм болгонуң менен эч кимдин иши жок. Укук аныкы, устав боюнча командир эмне буюрса, өлсөң да аткарышың керек. Бул жалпы эреженин мындай шартта жандан кечип, кызыл кыргында жоо менен карсылдашып жаткан чакта зарыл керектигин акыл-эстүү адам эч танбайт дечи, браток. Мен өзүм дагы жоокерлерге, саясий жетекчи катарында аларга кезиккен жерлерде оозеки сөзүм менен, гезит аркылуу үгүттөө, чакыруу, кеңешүү макалаларымда тынбай айтып келем. Бирок, браток, укук дегенди эби менен пайдаланыш керек. Ал үчүн ар бир жетекчиде акылдан башка адамкерчилиик да болуу зарыл. Мына, маселен, менин начальнигим, дивизиянын саясий бөлүмүнүн начальниги укугунан пайдаланып, өзү жасоочу ишти мага тапшырды да, мен барып көргөнүмдү, жазып келген информациямды алаары менен телефон аркылуу армиялык начальникке өзү көргөн, өзү катышкан немедей доклад берди. Азыр ал, карамагындагы мага окшогондордун информацияларын, докладдарын аралаштырып чампалап, буларды алыш үчүн «өзү канча азап чеккенин, канча ажалдан аман калганын», «көзүнүн жашы» менен жазып жатканында шегим жок. Калпты чынды койгулатып чоңдоруна жагы-

ныпп, сыйлыкты да ушулар биринчилерден болуп алышат. Тилекке каршы мындайлар азыр көп, полктун ооругунан баштап башкы Улук командачынын штабына чейин кирип алышкан. Булардан армияны тазалаш мүмкүн эмес. Бирин бири колдоп, биринин күнөөсүн бири жашырып, чоңдордун алдында сымаптай көйкөлүп, шордуу момундарга ылаачындай тийип кыргынга күргүчтөтүп, максатсыз бөөдө өлүмгө айдай беришет. Ошентип, согушта курман болгондордун канчасы фашист колдуу, канчасы ушул шумпайлардын кесепетинен экенин бир кудай гана билбесе, эч ким билип болбойт. Баары согуштун эсебинен чыгашага чыгарылат да жок болот.

Айта берсе, арман көп, браток. Гезиттерге чыгып аткан макалалардын баарысы эле ошол жазылгандай чын дейсизби?.. Сиз экөөбүз кыргынга аралашып өз көзүбүз менен көрүп жүрөбүз го боёгу жок чындыкты. Ал эми ок-дарынын түтүнүн жыттабаган, жарылган бомбулардын, атылган замбиректердин табышын укпаган ооруктагылар үчүн «большевицкая печать не врет, «Правда» только правду пишет»[1] деген пропагандага сугарылган байкуштар үчүн гезиттегилердин баарысы чындык. Канча күндөн бери кан төгүп, жан сабап күнү-түнү тынбай согушуп, көп жоокер курман болуп жаткан биздин майданда жылыш жок. Көрүнүктүү ийгилик болбогондуктан, Совинформбюронун кабарынан «На Витебском направлении шли бои местного значения»[2] деген гана чолок сап кезиктире аласыз. Кээ бир күнкү санында ал да жок...

Кечке жөө кар жиреп, татаал жол менен алдыңкы чекке барып, өлүк-тириктер менен жолугушуп, жүрөгү алеп-желеп болгон, кыяматтын кыл көпүрөсүнөн кудайдын буйругу менен аман өтүп келген байкуш майор, эми жылуу мештин жанында тамылжып, «медицинский»

[1] Большевиктер басмасы калп айтпайт, «Правда» чындыкты гана жазат.

[2] Витебск багытында уруш анчейин эле болду.

ичегисин ысытып, жылуу тамак ачка кургурдун өзөгүнө түштү белем, бүгүнкү көргөн окуясын жана ал тууралуу мага ишенгендигин билидирип, ой-пикирин чечилип айтып жатып улам көшүп, акыркы сөздөрү бара-бара басаңдап, эки-үч жолу оозун кере-кере эстеп, акыры, коңурукка кирди. Мен табы басаңдап бараткан мешке отун солоп, майордун айткан сөздөрүнөн улам, убайымдуу ойго чөмүлүп, ордума барып жатканым менен көпкө дейре уктай албадым…

Иштен майнап чыкпаса, канча кан төгүлүп, канча өмүр кыйылса да, алгылыктуу сөзгө татыбайт экен!

Тээтиги машинелерге, чаналарга отундай жүктөлүп, арт жакка ташылып бараткан зыңкыйган өлүктөр тирүү кезинде кишилер эмес беле!.. Баары эле колдорунда куралы менен баскынчы-душмандарга каршы аянбай айбат кылышпады беле!.. Булардын арасында мен тааныган полктош офицерлер, солдаттар да бар. Бул байкуштардын кыйласы менен жеке маектешип, сыр айтышкандарым да болгон. Көбүнүн самаганы «фашисттерден куруган элибизди куткарып, мекенибизди бошотуп, душманды чыккан жерине чейин кууп, чээнинде талкалап, адамзатты «фашизм» деген тумоодон арылтып, эл-журтуна абийир менен аман кайтуу» эмес беле!.. Аларды үгүттөп, ар-намыстуу болууга чакырып, кан майданга жиберген өкмөтүнүн, коммунисттик партиясынын эми бир жылуу сөзүнө арзыбай жыгач отун сымал биринин үстүнө бири ыргытылып акыркы жайына ушинтип узатылаарын ойлогон да эместир, шордуулар! Буларды алып бараткан жолдун четинде күрткүлөргө тизебизден батып, бөркүбүздү алып башыбызды жерге салып, убайымдуу узаткан биз – тирүүлөр, кээ бирлеринин жекече көрсөткөн эрдигине күбө болгон биз – тирүүлөр гана маркумдардын өлгөнүнө кепил болуп каңырыгыбыз түтөп кала беребиз. Дивизиялык-армиялык гезиттерде аты аталып калгандар, кийин бир кездерде илим изилдөөчүлөрдүн

айрымдарынын көз чабытына учурашы мүмкүндүр... Бирок ошол эрлердин өлүктөрүнүн астында төшөк, үстүндө жабуу болуп бараткан аты жок шордуу солдаттардын өлүктөрү ошол ор менен чогуу бир чуңкурга көмүлсө да, болочоктогу мерез окумуштуулардын оюна жандуу элес бербес?.. Алар кыргынга биз сыяктуу күбө болгон эмес да. Мейли андай керсейген окумуштууларга таарынбай эле коёлу. Ылайым эл-журтубуз бүлүнбөсүн, «согуш» деген сөз лексикабыздын архаизм бөлүмүнө өтсүн! Болочокто жергебизде бейкуттук өкүм сүрсүн!..

Башыма ар кандай уйгу-туйгу ойлор кирип, бүгүнкү элес эсимден көпкө дейре кетпей, акыры, учу-түбү жок созулган бул алаамат батыраак токтосо экен деп кудайдан тилеп, болочокту жакшылыкка жоруп, ичимден күбүрөп, атам үйрөткөн келмени келтирип өңүмдөгүнү түшүмдөн айыра албай уйкуга өтүптүрмүн...

– 3 –

Киши баарына көнөт. Эч бир айбан чыдай албаган шарттарга киши чыдайт дегендин калети жок бейм. Мындан бир жарым жыл мурда майданга жаңы келатканда Клин шаарынан биринчи жолу талкаланган танкаларды, ураган үйлөрдү, тамырынан бери омкорулуп, утур-тетир сулаган карагай-кайыңдарды, түбүнө суу чөлмөктөгөн, үй ордундай чуңкурларды, бүркүлүп, чачырап барып бай карагайдын сынган бутактарына илинип, карарып катып куурап калган ичекарындарды биринчи көргөндө оозумдан сөзүм түшүп, өңүм кумсарган эле. Андан бир аз кийин Калинин облусунун токойлорунун ичиндеги Нелидово деген бир кичинекей станциянын жанынан өтүп, душмандын «кабынын оозуна» кирип бараткында немистердин самолетторунун бомбулоосуна биринчи сапар кабылганда, мени менен Оштон бери бирге келип, бир үй-бүлөнүн ага-ини балдарындай болуп калган жол-

дош солдаттарым өзүмдүн көз алдымда курман болуп, кээсинин колу-буту үзүлүп, кээсинин баш сөөгү быркырап, мээси чачырап, көздөрү чанагынан чыгып салбырап тумшугуна түшкөн өлүктөрдү биринчи көргөндө акылэсимди жоготуп, өпкөм кысылып, жүрөгүм оозуман ыргып кетчүдөй дүпүлдөп, башым айланып окшуган элем. Согуштун ырайымсыз чындыгы бул окшогон окуяларга улам-улам кабылтып күндөн күнгө адамдын табигый коркуу сезимдерине тийе берип, чүнчүтүп отуруп, акыры денөлүк кылып таштайт дейм? Азыр эмнегедир он эсе тирукмуштуу өлүктөрдү көрсөм да, күндөлүк тиричилик оокаттагы көндүм көрүнүштөй болуп баратат, кудай сактай көр! Чаналарына сылай өлүк жүктөп чубап өтүп аткан солдаттардын кайсы бирөө базарга сатканы отун алып бараткан немеден бетер, зыңкыйган өлүктөрдүн үстүнө балчая олтуруп, буттары менен чананын кашын чирене тээп, тамекисинин түтүнүн буруулдатып, шапалагы менен аттарын тап берип жүгү жөнүндө кабагым, кашым деп койбойт. Кээ бирөөлөрү оозун шинелинин жакасы менен тосуп, таноолорунан көк түтүндөй буу чыгып, кардуу тар жолдо иретинин ыркы бузулуп, чаалыккан буттарын араң шилтеп, жонундагы баштыгын оорсунуп, жер карап, кабагы убайымдуу бүркөлүп, майдандын алдыңкы чегине келаткан жаңы солдаттарга четтеп жол берүүнүн ордуна, тебелетип кетчүдөй, «бош-бош, бо-о-оштоп!» кыйкырып, ал тургай кайсы бирлери алып бараткан «товарлары» менен мактангансып, ырсалактап тиги жаңыларды калжыңдап да коюшат, «мына сен да ушулардын бирисиң» дегенсип, колун астындагы өлүктөргө жаңсап. Тиги алдыдагы автомат, пулемёттордун тыр-тырлаган дабышы, замбирек, миномёттордун анда-санда озондоп келип «баң!» жарылган октору жерди титиретип, аппак карды тоңгон топурактын чачырандысы менен булгашы күндөгү эле көрүнүш! Жүрөгүңдү опколжутпайт. Кокус жакыныраак жерде жарылбаса – этибар да албайсың.

Ошентип, Витебскинин алдында согуштун каргашалуу күндөрү чубап-чубап өтүп жатты. Информбюронун күндөлүк билдирүүсүндө кээде «... бои местного значения...» деген баа берилип, көпчүлүгүндө эскертилбей да калууда. А штабдардан ондогон, жүздөгөн: «Сиздин уулуңуз... күйөөңүз... атаңыз... кызыңыз... немистик-фашисттик баскынчылар менен салгылашууларда Витебскинин алдында баатырларча көз жумду жана баланча деген жерде аскердик урмат менен көмүлдү» деген «кара кагаздар» күнүгө почтого жөнөтүлүүдө. Кээ бир полктордо, батальондордо, батареяларда «Наркомдун жүз граммы» солдаттарга эки жүз, үч жүз граммдан да жетип жатты... Акырет кеткен курбуларыныкын жерге төкмөк беле! Бул да болсо жексур согуштун кылганы.

Бул жерде турганыбызга бир айдан ашкандай болду. Бирок бир күнү да күндүн көзүн көрбөдүм. Бороону басылганы менен асманда калың, салмактуу булут. Адеп келгенде биз жол таба албай адашкан калың токой суюла баштады. Кыйласы жертөлөлөрдү, азык сактоочу жеркампаларды жасоого кыйылды, а көпчүлүгү отун үчүн кетти. Обочороок жерден карасаң токойду бүт бойдон түтүн чулгап алгансыйт. Ачык аянттарында каршы-терши туш-тушка кеткен чыбырала жол: кээси жалгыз аяк чыйыр, кээси чананын, аттардын, машиналардын издери менен тапталган, тезектер менен карала болгон чоң жол, жээктеринде касабаланган көпшөк кар. Жолдогу караандар такырда жөргөлөп жүргөн курт-кумурска сыяктуу кыбырап-жыбырашат. Анда-санда өткөн танкалар, өзү жүрүүчү замбиректер, автомашиналар алыстан бараандуу көрүнөт. Жаңыдан майданга келаткан жоокерлердин колонналары тапталган кара жолдордо жылып бараткан узун боз сөөлжан сымал. Карга-таан деген немеден дайын жок. Алар тарсылдактан качат белем?..

Баягыдан кийин, полктун командиринин чакыруусу боюнча эки сапар КПда болдум, экинчи жолу мурдагы

күнү эле кезиктим. Мурдакысынан жарым километрдей илгерирээк, тактап айтканда, душмандын биринчи траншейинин наркы жагына көчүптүр. Командиримдин жаагынын кыр сөөгү чыгып бир аз шапайып калыптыр. Ишимдин жайын, эмне кылганымды толук айтып бергенден кийин: «Жолдош майор, бир жериңиз ооруп жүрөбү?» – десем кадимкисиндей жылмайып: «Уйкудан жүдөдүм, жарым саат жамбашым жерге тийип тыңгылыктуу уктай элекмин» дегенде, эмнеден арыктаганына түшүндүм.

– Биз курал-жарак, күчүбүздүн бардыгынча жакшы эле чабуулдадык эле, тиги да иттей өжөр неме экен, ар бир укум жерге боору менен жабышып жылбай койду. Келатканда биздин да, алардын да траншейлерин көрдүң го, а мынабу алды жагыбызды карачы, – турнабайын мага берип, – мелтиреген кардуу аянт аркы токойдун жээги – баарысы картошканын күздөгү аңызындай болуп жатканын. Канча кан төгүп, канча өмүрдөн ажырап бошоткон жерибиз жарым колхоздун жерине жетпейт. «Мекен» деген жалаң эле үйүн, короо-жайың, жеген наның, ичкен сууң эмес, анын берген жыргалына кууноо эмес, аны баскынчы душмандан коргоо, азабын кошо тартып, кууралына кошо кууроо деген түшүнүктү камтырын экөөбүз – аудиториядан эмес, кыргын майданынан көрүп олтурабыз. Мындай сабак өмүр бою эстен кетпейт. «Мекендин топурагы кум болсо – алтын деп бил, тузу шор болсо – кантым деп бил...» Дагы бир топ акыл-насаатын айтып, бөөдө өлүмгө кабылбас үчүн кандай чараларды колдонуш, кандай чебердикти пайдаланыш керектигин улуулук нуска салт менен кулагыма куюп, колумду бек кыса кармап:

– Аман болсок, бүгүнкү күндөрдүн элеси көкүрөктөгү акыркы дем чыкмайынча эстен кетпес, кош! –деп, колумду коё берди.

Ошентип, убайымдуу коштошту. Акылдуу, токтоо киши – аз, даамдуу, салмактуу сүйлөйт да.

Кайта өзүмдүн базама аман жеттим. Кеч кирди. Тирүү экениме тобо кылып, кубандым. Жертөлөмө кирсем, майор менден мурда келип калыптыр. Аман келгенибизге кубанып, кучакташып көрүштүк. От үстүндө мөндүрлөгөн октордон аман өмүр сүргөн ар бир күнүбүз күн жеткис олжо эмеспи! Көптөн бери бирге туруп, сырдаш болуп, бир үй-бүлөнүн мүчөсүндөй жашап калган кишиң жоокерчилик заманда өз элиңден, жериңден, эне-атаңдын уясынан алыс жүргөн чакта бир тууғандай эле болот экен. Мен келгиче өзү кожоюн болуп, жертөлөгө от жактырып, даярдалган тамактан ооз тийбей, мени күтүп олтурган экен. Кирпик-кашына караганда көңүлү көтөрүңкү. Ишин үзүрлүү бүтсө керек.

Бороон болбосо да кышкы чыкыроондо кыйла жол жүргөндүктөн, чыйрыгып калган денемден сырткы кийимимди чечип, бети-колумду жууганча күүгүм да кирип кетти. Фельдшерим Александр Михайлович мага түнкү күзөтчүлөр, лазарет боюнча жооптуу дежурный кимдер болуп дайындалгандыгын айтып берген соң, кечки тамакка кириштик.

«Дасторкон» үстүндө жалпы сөздөр сүйлөндү. Айтмакчы, мага үйдөн кат келген экен, аны окуп санаам тынып калды. Бир атадан төрт уул – баарыбыз армияга алынып, азыр баарыбыз согушуп жаткан армиянын курамында элек. Айылда энем, агаларымдын аялдары, балдары калышкан. Баарысы аман экен, согуштагылардан азырынча, кудая шүгүр, жакшы кабарлар бар экен. Энем менин аттестатым боюнча, маянамды алып жатыптыр. «Кудай жаныңарды аман сактап, атаңардын арбагы колдоп, жүзүңөр элге-журтка жарык бойдон аман келе көргүлө! – деп, энем байкуш небересине жаздырган ар бир катында зарлачу эле. Бу сапар да унутпаптыр. – Сагындым, качан келесиңер? Деги бул согуш деген балакеттин түбү көрүнөбү көзүңө? Кышында дайым кайталачу жөтөлүң кармабай жүрөбү, садага болоюн? Суукка урунбай жүр!»

жана ушул сыяктуу энелик күйүмдүү сөздөр жазылыптыр. Байкуш энем, согуш деген жалаңкычтай бир түрү суук нерсе экенин билгени менен шартын кайдан билсин, көрбөгөндөн кийин. Болбосо «суукка урунбай жүр» деп айтмак беле…

Өз үйүмдөн кат келип, өз тилиме берилип окуп кетсем керек, тигилер мага жолто болбос үчүн орундарынан туруп бараткaнын сезе коюп:

– Кечиресиздер! Мен катка алагды болуп, силерге аш ичүүгө жолто болдум көрүнөт. Баары аман экен, жакшы кабар үчүн бирден серпип жиберели, куй, Александр Михайлович! – деп, кайра олтургузуп бирден алдырып ийдим. Кечки тамагыбызды бүтүрүп, жатаар алдындагы каада боюнча сыртка чыксак, көзгө сайса көрүнгүс караңгы. Жыбыттын таманындагы медсанбаттын эваколазаретинин чоң чатырынын брезентинин сыртына ички чырактарынын шооласы сызылып күңүрт жарык чыгарат. Көптөн бери бизге көндүм болуп калган алдыбыздан жана сол капталыбыздан тырылдап, тарсылдап туруучу пулемёт, замбиректердин үнү угулбайт, бирок оң капталыбыздан, жакын эле жерден бир пулемёт «сүйлөп» калыптыр. Анда-санда замбиректин да үнү чыгат. Немистердин ракета менен асманга атылып, электр шамындай жарык күйүп, айлананы күндүзгүдөй көрсөтүп акырын каалгып жай жерге түшчү чырагы да ошол жактан кээде көрүнөт.

Күзөттө турган солдаттарымды текшерип: согуш жаңы тараптан күчөп калганын, кароолдо абдан сак болушун тилеп, колумдан келишинче көңүлдөрүн көтөрүп, лейтенант Баранов экөөбүз түнөгүбүзгө кайттык. Аныкы менин жертөлөмдөн 5–6 метрче обочоройк. Мен жертөлөгө кирсем, майор менден мурда келип, шамдын жарыгын оңдоп атыптыр. Мен брезент эшиктин жылчыктарын бүтөп, өзүмдүн тектирчеме өтүп, сырткы кийимди чечинип, кадимки сарамжалдуулук менен бүктөп жатканда майор:

– Сиз эмне, бүгүн көп түйшүктөндүңүз беле? Чарчагандын белгисин берип жата калып баратасыз. Менде жаңылык бар. Экөөбүз гана билишибиз керек. Ошол үчүн жана аш үстүндө унчукпадым.

– Дайым кулагым сизде, жолдош майор.

– Коюңузчу, кудай жалгагыр, ушу расми мамилеңизди… Мен небак эле өтүнбөдүм беле, ага-инидей мамилелешели деп. Же аны кабыл алгыңыз келбейби? Көптүн ичинен издегеним акыры табылды го деп ойлодум эле.

– Жо-ок, кадырыңыз жан болсун, Зильман Маркович, тим эле абайлабай, көнүп калган жаным солдаттык кылган турбайымбы, кечириңиз. Мен сизге толук ишенем жана сиз да мага ошондой экениңизди бардык мамилеңизден көрүп турам. «Базарда миң-сан киши, ар ким сүйгөнүнө кол берет» деген макал бар бизде. – Шым күрмөмдү, өтүгүмдү кайра кийип, тигинин сөзүнө кулак түрдүм.

– Сиз мени ар дайым укмуштуу сонун макал-ылакабыңыз менен таң калтырасыз. Кудай буюруп бул согуштан тирүү калсам, деги эле кийинки өмүрүмдү сөзсүз силердин адабиятыңарга, маданиятыңарга арнасам деген оюм бар… Мейли, жатып же төшөктүн үстүнө олтуруп алып деле аңгеме курсак бизди тыйган эч ким жок. Ылайым чоочун кулактан кудай сактасын.

– Кулак сизде, – деп мешке толтура карагай отундан солоп, төшөгүмө келип олтурдум.

– Бүгүн мен дивизиянын штабына барсам, анда менин эски жолдошум кезигип калды. Биздин 33-армиянын оперативдик штабында иштейт экен, Командировкага келиптир, Уялашымды көргөндөй кучакташтык. Жашырып эмне, жаштык өмүрдүн далайын Маскөөдө бирге өткөзгөнбүз. Өткөн кеткенди эске түшүрүп, турмуш ал-жайыбызды сурашып, кыйла черибизди жазыштык. Экөөбүздүн жалпы тааныш, жолдошторубуздан кыйла өлүптүр, эки-үчөөнөн дайын жок, өлүгүн же тиригин

ал да, мен да билбейт экенбиз. Бир аз ээн боло калды эле кургурум, эки жагын каранып, жакын жерде киши жоктугуна көзү жетти көрүнөт, үнүн басаңдатып: «Оозуңдан чыгарба менден укканыңды. Жакында Батыш фронтунун штабында болдум. 1944-жылдын 1-январына чейин Витебскини бошотуу планы ордунан чыкпай калыптыр. Айланасына төрт армияны шыкап жакшы эле аракет кылган экен биздики, бирок душмандын чебин жакшылыктуу билбегендиктен, көп чыгым, көп жоготууга учураптырбыз. Эки айдан ашык салгылашып жатып 5–18 км ге араң жылыппыз буга ким күнөөлүү, ким бул ойрон үчүн жооп бериш керек? деп жогорку жак фронттун командачыларын зекип айткан сыяктуу. Армияларда, дивизияларда да жакын арада бир кыйла өзгөрүштөр болушу мүмкүн» деп, байкуш отуз жетинчи жылы запкы жеп калган неме «эч кимге айта көрбө» деп бир нече жолу эскертти. Бүгүнкү кечте майдандын катуураак дүбүртү биздин башка капталыбыздан чыгып калышы да балким ушуга байланыштуу болушу мүмкүн. Кейипи, браток, экөөбүздүн бир жашашыбыз мындан ары узакка созула берүүчүдөй көрүнбөйт...

– Эки жарым жылдан бери ар кандай жорук башыбыздан өтүп жатпайбы. Аны коркуп, жашыруун сыр кылып шыбыроонун кереги эмне? Солдат дайым даяр, жолдош майор. Элден-жерден четте, көптүн ичинде болгон менен ажалдын коюн-колтугунда санаалуу, убайымдуу алгыздык, карыпчылык, мусаапырчылык башка түшүп, көңүлүм чөгүп чүнчүп жүргөн кезимде жолугуп, жарпымды жазган, көзүмдү ачкан, коркпой-үркпөй сырдашкан, акылыма акыл, кайратыма кайрат кошкон, сиздей адамды экинчи кезиктире албайм го деген гана кейиш менин жүрөгүмдү өйүткөнү болбосо, Зильман Маркович, жер которуштурууга, ажырашууга машыгып болбодукпу.

– Чын айтасыз, браток, согуштун куюну бул жылдары кайда гана учурбады бизди. Тирүү болсок бул эбегейсиз

зор майданды бойлоп, анын түндүк-туштүгүнө дагы далай удургуйбуз – Берлинге чейин көп жер жатпайбы?.. Ал эми менин жөндөмдүүлүгүмдү өтө ашыра мактап жибердиңиз, браток. Биздин мекен кишиге бай. Баренц деңизинен Кара деңизге чейин канатын жайган бул майдандан мендейдин миңдерин табасыз. Мен көптүн биримин. Менин сизден бир гана артыкчылыгым – жашым улуу, көбүрөөк көргөмүн. Сиздин мага жагып калган жагыңыз – ар нерсеге кызыккандыгыңыз. Кунт коюп угасыз жана ал уккандарыңызды өзүңүздүн мурда көргөндөрүңүз, уккандарыңыз менен салыштырат экенсиз. Бул жакшы сапат. Сиз ушундан тайбаңыз.

Мага чын пейили менен ыраазылыгын, менин мындай сапаттарымды биринчи эле таанышкан күндөрдө байкаганын, адепки күндөрдө менин мындай мүнөзүмөн кооп санап чочулагандарын, «мындай немелер НКВДнын тыңчылары болчу эле» деген ой башынан кетпегенин, өзү оңой менен алдырбаган карт бөрү болгондугунан, кыйла жолу мени сынап да көргөнүн, менин берилип сүйлөгөн сөздөрүмө, чындыкка окшогон кызыктуу аңгемелериме чыны менен суктанып, ымандай сырларымдан бери жашырбай айтып бергендигимден «кишиге кара санабоочу, жамандыкка барбай турган ак адам» экениме толук ишенгенин саймедиреп айтып келип:

– Сиздей адамга ички жашыруун сырларды айтууну ар бир абийирдүү киши милдетим деп сезет, браток анткени ушундай гана адамдар аркылуу бир муундун тагдыр камтыган жашыруун сырлары экинчисине өтө алат. Сырсандыктарга ишенимдүү, тыңгылыктуу ачкычтар жолуга албай, далай сонун сырлар муундан муунга өтө албай дайынсыз жоголбодубу!.. – деп наалып, башын чайкап – Азыр биз өтө кыйын кырдаалга кабылып олтурабыз. Күн сайын миңдеген сырлар купуя бойдон кайткыс сапар чегип, дарексиз кетүүдө. Болочоктогу адамзатка мурас калтыра албачудай болуп баратабыз.

Бүткүл дүйнө калкы жаат-жаат болуп, бири биринен шектенип, биринин ийгилигин бирөө көрө албай кызганып, жаңжал чыгарышып, ынтымак ордуна ырк бузууну, калыстык ордуна калпыстыкты тандап, акылды ачууга тебелетип, жумурткадан кыр, жок жерден кыйкым таап чырдашканын, айлакердикке, амалкөйдүккө берилип, курал-жабдыкка таянып, көптүгүнө, көктүгүнө, төбөлдөрү тапкан идеологиясына баш-оту менен ишенип бүлүк салуусун токтотпосо, элдин көбү кырылып жок болот да, атасы баласына, баласы өз баласына, анысы өз тукумуна башынан өткөргөн жоруктарын айтып үлгүрө албай калмак болду – деп, ичине толгон бугун, буусун чыгарып аткан паровоз сымак, дем тартпай айтып жиберди да, терең бир дем алып туруп дагы нары улантты. – Өтө кеч болуп кала электе, эмитен ар бир адам бул жөнүндө ойлонуп кам көрбөсө, эмки кылымда эле адамзаттын миңдеген жылдар бою кыпындайдан жыйнаган тарыхый цивилизациясы болочок муундарга жетпеген кесепеттин айынан кайрадан байыркы доор келип, кайрадан адамзат адепки айбанчалыш коомдо жашап калышы ыктымал?.. деген божомолун бүтүрдү. Мунусу төп келип калышы мүмкүндүгүн ырастоо катары Коммунисттик идеология мындай ишенимге жол бербегени менен башка, буржуазиялык идеологиялар цивилизациянын жоголуп, кайра жаралышын таанышпаганына таянды.

– Бул, эмне, кыямат кайым жакындап калды дегениңизби, Зильман Маркович.

– Жок, менде көрөгөчтүк, серепчилик касиет жок. Тек гана кээде философиянын кыял кайыгына түшүп, желчатырын көтөрүп турмуштун, тарыхтын буркан-шаркан жээксиз мухитине саякат кура баштасам, амалсыз ушундай корутундуга келүүчү болдум, – деп башын салмактуу чайкап. – Келип алып өзүмдөн өзүм чочуп, мындай ситуациядан кантип чыгуунун айласын таба албай, же оюмду бөлүшөөр, сооротуп жоокалатаар идеялаш

доско жолуга албай, санаам санга бөлүнүп, кайгы-муңум ичиме сыйбай кетет. Анын үстүнө бүгүн мага жолуккан курдашым эски жаранын картын сыйырып, көкүрөктү өйүтүп жүрүп, араң чор басып келаткан далай эски капаны эске салып, көңүлүмдү алеп-желеп кылып кетти, браток, – Көптөн бери кулпулуу жаткан сырсандыгынын оозу жаңы ачылган неме, ички-демине туруштук бере албай, делебесин козгогон өкүнүчтүү ойлоруна жетелетип ээлигип сүйлөй берди.

– Отуз жетинчи жылдан кийин бир кулагыңа бир кулагың тыңчы, бир көзүңө бир көзүң сынчы, бала атага айгак, тууган туузганга сайгак болуп, өз көлөкөңдөн өзүң коркуп, өз оюңдан өзүң чочуп кошунаң кошунаңа жоо болуп тынчтык кетип, калк калайман түшүп сапырылып, бейкуттук безе качып, жан дүйнөң тирүүлөй азапка капилеттен кабылып, карайлаткан муңкүрөк заман келип, прогрессивдүү ой-пикирлерге тыюу салынып, кулча «куп», малча «ма-а» деп жашоо нормага айланган. Байкуш адамзат буга да көндү. Адам тагдырын азаттыкка жеткирүү, кууралдан жыргалга алып келүү идеялар өлдү!

Капкайдагы бир укмуштуу сөздөрдү угуп, үрөйүм учуп, кылаар айла таба албай, же «кебиңди токтот!» деп майорду тыя албай, коён сымал корунуп ден дароо болуп жата бердим. Кээ бир сөздөрүнүн маңызын түшүнбөйм, бирок мындан да укмуштуу балакеттерди айтпасын деп, сурагандан корком. Мени кунт коюп угуп жатат дедиби, же эскилери эсине түшүп делөөрүп калган жаны акылына моюн сунбай, кайнап жатып ичин жарган буусу бүт чыкмайын көөдөнүн тээп ээ-жаа бербей кеттиби, айтор, оюндагысын бирде буркан-шаркан түшүп, бирде көшүп, оозу менен тынымсыз эбиреп-жебирей берди. Ансайын менде жан жок. Кээ бир сөздөрүнөн улам, «бул балакет немистин шпиону болбосун» деген ой башыма келип «бул балээге кудайдын кайсы кара жолтой күнү туш келдим эле» деп, бушайман болом. Бирок кээ бир сөздөрү анын

чын нээтинен чыккан, мекен үчүн күйүп-бышкан, кара башын курмандыкка чын нээти менен атап койгону сезилет, анысы менин делебемди козгоп, кыялымды эргитет. Айтор, мындайды мурда угуп көрбөгөн жаным башымды маң кылат. Бир кудай өзүң жардам бере көр!..

Бир оокумда мен эсине түшө калдымбы, же өзүнүн ала качкан кыялынын тизгинин тарта алдыбы, билбейм, мага кайрылып:

– Браток, уктаган жоксузбу? Эмне унчукпайсыз? – деди, мен ойгоо жатканымды билдирип, анын сөзүн, же кубаттаганым, же жаратпаганым жөнүндө шек алдырбоого тырыштым эле, кыраакы неме туюп койду.

– Билип атам, браток, коркпоңуз. Экөөбүздү тыңшаган эч ким жок. Бүгүн болбосо эртең, эртең болбосо бүрсүгүнү, иши кылып, чукул арада, кар такыр эрип кете электе, аман болсок, журт жаңыртабыз. Кудай билет экөөбүз экинчи жолугушуп ушинтип баарлашаарды. Экөөбүз тең согушта ажалдын мизинде басып жүрөбүз, кылт этсек шарт кыйылабыз, өмүр тиги чырактай жалп өчөт да бүтөт, биз – барса келбестин дайынсыз туңкуюгуна түшөбүз да күм-жам болобуз. Кудай сактап тирүү калсак, бул күндөрдүн унутулгус бир эстелиги катары, браток, жүрөгүмдүн толтосунда катылып жүргөн бир жашыруун сырымды сизге тартуулайм. Балким, бул сыр сиздин көпкө кызыккан жаш көзүңүздүн турмушту коолдоп көрсөтүүчү челин сыйырып, ага акты карадан, адалды арамдан, чынды калптан ажырата таанууга себепкер болуп, өмүрүңүздү үзүрдүү сүрүүгө көмөктөш болоор, балким, дагы башка жаңы далилдер, жаңы таануулар такмазалап, ал сырдын чымыр-көпшөктүгүн сыноодон өткөрүп, мезгилдин, түбөлүк убакыттын дөшүсүнө коюп, адилеттин күрсүсү менен талкалап таштаар. Ким билет эмне болоорун? Жалгыз кудайдан башка эч ким билбейт. Убакыт шаркырап аккан суу сыяктуу. Баарын агызып кете берет. Бүгүн ай-ааламдын туткасындай сезилген

нерсе – эртең дат баскан эски ороктун чириген сабы болуп көрүнөөр?!

– Бу да ыктымал!

– Кеп отуз жетинчи жыл жөнүндө болот. Билгендеримди төкпөй чачпай айтып берейин, браток, чыдап угуңуз...

– Эмне, мунун да эл билбеген жашыруун сыры барбы?

– Эх, браток, сиз капитан болуп, согушта кыйла солдатты башкарып, жоокерчилик абалда полктун командиринин буйругун туура, так абийирдүүлүк менен намызданып, эр азаматча аткарып жүрсөңүз да, бул ишке башыңыз быша элек, эне сүтү оозуңуздан кете элек... Отуз жетинчи жыл!.. Бул деген бир нече кылымда келсе бир келип, келбесе жок, бөтөнчө каардуу трагедия. Ар кандай согуштан ашып түшкөн алаамат. Сырттан келбей ичтен чыккан кыргын!.. Мунун түпкү тамырын казып, негизги себебин табуу кыйын, татаал жана коркунучтуу! Абдан чиеленишкен түйүн. Муну чечүүгө, билбейм, канча күч, канча убакыт керек? Накта акыйкат менен чечилеби, бу да табышмак. Мунун негизги себеби жөнүндө имиш-имиштер, уламыштар, каңшаарлар, ушактар абдан көп. Эл оозунда айтылып жүргөндөрү канча?! Ал эми, меники окшоп сырсандыкта катылып жүргөндөрү алардан канча эсе көп?! Бирок чыныгы фактыларды билгендер, жасагандар кимдер, кайда? Канчасы калды, канчасы өлдү? Муну билгендер сиз экөөбүзгө окшогон карапайым граждандардын арасында жок. Ошондой болсо да, болочоктун акыйкаты үчүн менин уккан бир вариантымды айтып берейин. Балким ал бир кездерде далили табылаар, ошондо керекке жарап калаар? Бул узун жомок, бир дем менен айтып бүтө албайм. Антсе да, чыдаңыз...

Чакыртпай келип, капыстан кабылып, күтүлбөгөн коногум, эми бара-бара сырдаш болуп кеткен бул менин кадырлуу мейманым, бүгүн өтө өзгөчө толкунданып

турганына көзүм жетип, мендеги коркунуч, шектенүү сезимдердин ордуна бара-бара «дагы кандай мен үчүн жаңылыктарды айтаар экен» деген таңыркоо сезимдер пайда болуп, «отуз жетинчи жыл» дегендин атын укканда уйку ымтыратып келаткан денем чыйрала түшүп, көзүм умачтай ачылды. Өз көзүм менен көрүп, көбүнө өзүм күбө болгон жана далилсиз караланган, же жокту «бар» деп, барды «жок» деп танган фактыларга түшүнө албай, «чындык деген кайда жашайт болду экен» деп, курулай издеп убара болуп жүргөн жаным сеп болоор бекен деген үмүт менен, ал кишинин сөзүн кубаттап, улантуусун өтүндүм.

Кезектеги саясатка менин бул кылыгым, албетте, чыккынчылык, же душмандык, бирок, эмнеге тыюу салса, кишинин көзү ошого кычышып, кызыгат эмеспи, мен да ошол азгырыкка алдырып койдум, коркконумду кызыгуум жеңип кетти. Мейли аны тарых калыстасын. А балким, ак жүрөктүк кылып ал кишини чочутуп койсом, анын божомолу кийинкилерге жетпей калат беле? Эмнеси болсо да, кийинкилер териштирсин. Мен күнөөлүү болсом, күнөөм ичимде купуя жүрө берет, мейли! Кудай өзү калыс!

– Отуз жетинчи жыл бир эле жылда чыга калган жок, браток Октябрь революциясынан кийин ички душмандарга каршы Эл Комиссарлар кеңешинин төрагасы В. И. Лениндин буйругу менен ВЧК (Всесоюзная чрезвычайная комиссия) деген уюшулуп, ага Владимир Ильичтин эң ишенимдүү кишисинин бири, кыраакы революционер Феликс Эдмундович Дзержинский башчылык кылган. Дзержинский укмуштуу көрөгөч, серепчи киши болгон. Кишинин ичинде эмне бар экенин, эмне ойлоп атканын айттырбай билип, күнөөлүүлөрдүн күнөөсүн мойнуна далилдеп коюп, аргасыз кыла турган. Ошондуктан ал көп узабай эле «мунун айтып берүүчүсү бар, болот кайрат нарком» деген атакка конгон. Дзержинскийдин көз

боочулук өнөрү да болгон. Ага кол салганы камынгандарды жалт карап бир тиктеп алганда, тигилердин колунан куралы түшүп колу-буту шал болуп, тили буулуп, оозунан сөзү түшүп калуучу. Ошол киши ВКЧны тез уюштуруп, анын карамагына революцияга өзүндөй чын дили менен берилген, ак жүрөк, ак ниет, жазыксызга боору ачыган, кылмыштуунун сазайын колуна берген коммунисттерди топтоп, кыска мөөнөттүн ичинде эле, жаш жаңы мамлекетке каршы болгон ички душмандарды кармап, контрреволюциячыларды талкалаган. Дзержинскийдин өзүнөн кем калбаган шакирттери болгон. Маселен, Азербайжанга Кеңеш өкүмөтүн орнотконго чоң салым кошкон революционер Мешади Азизбеков Кавказ сыртындагы аймактардагы Кеңеш өкүмөтүнө каршы байларды, помещиктерди, меньшевиктерди жана муссаватчыларды, дашнактар деген буржуазиячыл партиялардын жетекчилерин, террорчуларын беш колундай билген. Аларды кебетесинен, көз карашынан, баскан кадамынан, олтурган-турган кыймылдарынан эле баамдап айыра таанып. Мунун да Дзержинскийге окшогон «көз ачыктык» өнөрү болгон...

ВКЧнын ишмердүүлүгү, дүйнөдөгү жападан жалгыз социалисттик мамлекетти курууда кошуп жаткан салымы, өлкөсүнүн чебин тышкы чалгынчылардан, ички чыккынчылардан кантип бекитип коргоп атканы бат эле дүйнөлүк дөө мамлекеттерге маалым болуп калды. Эски падышалык Россиянын талкаланган журтунда кызыл желегинин бетинде алтындай жаркыраган орок-балкалуу, беш бурч жылдыздуу тууну аалам таанысын деп асманга желбиреткен СССР (Союз Советских Социалистических Республик) деген аббревиатураны менчиктүү ат кылган жаңы мамлекет курулуп, душман өлкөлөрүнүн ондогон катмар курчоосуна коркпой туруштук берип, чек арасын чычкан жөргөлөп, чымчык учуп өткүс кылып бекитип, тап берип, ыкып турган жоон моюн өлкөлөр менен тең

ата сүйлөшүүгө жетишти. Ушул эле мөөнөттүн ичинде жаңы мамлекет жети жылдык согуштан (үч жыл империалисттик, төрт жыл граждандык, башкача айтканда, ага-тууган арасында кырды бычак салгылашуудан) талкаланып чалдыбары чыгып калган эл чарбасын жаңы үнөм саясатын (НЭП) колдонуу шарапаты менен кайра калыбына келтирип, элинин турмуш ал жайын согуштан мурдагы абалга жеткирүүгө үлгүрдү. СССРдин мындай эбегейсиз ийгиликтерине күбө болуп, ичи күйгөн буржуазиялык мамлекеттер, айрыкча өздөрүнүн малайларынан таяк жеп, томаяктарына жеңдирип, суу кирген ийинден чыккан чычкандарча шүмүрөйүп, кара жанын араң четке ала качып кутулган мурдагы Россиянын төбөлдөрүнүн күйбөгөн жери күл болуп, СССРди өрттөп жиберүүдөн кайра тартпай, эмне кылаар айласын таба албай, душман болуп жатышты. Чет мамлекеттердин эски тыңчыларынын көбү согуш жана революция убагында коромжуга учурап, кыйласы биздин мамлекет куруп аткан жаңы заманга кызыгып, көз караштарын өзгөртүп, биз менен кызматташ болуп «өз кожоюндарын» саткандары да болгон.

Ошентип, биздин өлкөбүздүн арааны жүрө баштады. Ошенткен менен баарысы эле ойдогудай жылма өтө албады. НЭП жаңыдан иш жүзүнө ашырылып келатканда Ленин ооруп калды. Анын оорусу көпкө созулуучу, кайтпоочу дарт экенине көзү жеткен, аны менен мурдатан бери текөөрлөшүп, кээ бир концепцияларына, пикирлерине ачык каршы чыгып жүргөн оппоненттери, кээ бир шакирттери күч алып, НЭПке каршы өз саясаттарын таңуулоого көп аракет кылышты. Маселен, Троцкий ачык эле болочокко кимдин жолу менен: ленинизмдинби же троцкизмдин жолу менен алга барыш керекпи? деп, өзүнүн идеясын таңуулап кирди. Ушундай кыйын кырдаалдарда ВКЧнын, 1923-жылы кайра уюшулуп ОГПУ (Объединенное государственное политическое управление) атка конгон органдын кызматкерлери Компартия-

нын Борбордук Комитетинин Саясий Бюросунун чечимдерин кыйшайбай так аткарышып, шпиондорду кармап, жаш Совет мамлекетин күчтөндүрүүдө күндүр-түндүр талыкпай иштешип, анын зор ийгиликтерге ээ болушуна шарт түзө алышты. Натыйжада Партиянын генералдык курсуна каршы же жолто болгон Троцкий, Томскийге окшогондордун чыныгы бети ачылып, эл арасынан четтелип, куулду. Ушинтип СССРдин кадыр-баркы дүйнөлүк коомчулукка, айрыкча дүйнөлүк пролетариатка күн сайын жогорулап, буржуазиянын айласы күндөн-күнгө кетип бараткан чакта, мамлекет жаңы кырсыктарга кабыла баштады. Ленин өлгөндөн бир жылдан кийин Кызыл Армия менен Аскер Деңиз Күчтөрүнүн Эл Комиссары Михаил Васильевич Фрунзе 40 жашында, андан бир жылдан соң ВЧКнын төрагасы Феликс Эдмундович Дзержинский 49 жашында каза болушту. Булар Совет өкмөтүнүн негизги тирөөч түркүктөрү эле. Бирөө Өлкөнү жоодон коргоп турган куралдуу күчтөрдү, экинчиси – өлкөнүн ичинде тымызын каршылык көрсөтүп, диверсия уюштургандарды камынтпай кармап, жок кылып турган органды жетектеп, СССРдин муштуму, кулагы, көзү, токмогунун милдетин аткаруучу эле да. Совет өкмөтү эки белсемдүү жетекчисинен, коммунисттик партия эки ак жүрөк, көп жылдык таптык революцияда чыңалып машыккан эки күжүрмөн жолдошунан айрылды. Биздеги бул эки оор жоготуу чет өлкөлөрдүн жетекчилерине чоң кубат берди. Алар бизге каршы ар түрдүү айла-аракеттер менен күрөшүү максатын алдыга коюшту. Дзержинскийдин ордуна анын жакын санаалаш, максатташ шакирти, өзүн көп жылдык революциялык иштерде ишкердүүлүк жактан көрсөткөн, Феликстин орун басары Вячеслав Рудольфович Менжинский дайындалды. Бирок, бул киши канча жыл Дзержинскийдин кол алдында иштеп каныкса да, анын ордун жүз процент толуктай алган жок. Жумшак мүнөздүү Менжинский кээ бир учурда

чечкиндүүлүккө бара албай, сырдаш жолдошторунун купулуна толо албай, өкүнтүп да коюучу болду. Көп узабай ал киши ооруп, акыры көз жумду. Менжинский башкарган мезгилде ВЧКда кыраакылык кыйла мокоду. Мурда жан серек болуп калган чет өлкөлөрдүн шпиондору жандана баштады. Алар биздин өлкөдө революция убагында жана андан кийин ВЧК – ОГПУнун чечкиндүү соккуларынын натыйжасында быт-чыты чыгып калган уяларын кайра оңдоого, үзүлгөн байланыштарын улоого киришти. Так ушундай кырдаалда какаганга муштаган болуп, чекисттердин шоруна ОГПУ 1934-жылдан баштап менин еврей тууганым Ягоданын колуна өттү. Тууганды жамандап болбойт, бирок ал неме накта жид-жөөт болуучу. Жумурткадан кыр тапкан кыраакы Иосиф Виссарионович Сталинге Ягода кайсы жагынан жагып калганын мен билбейм. Мен эмес көп жылы чекисттик иште иштеп келишкен менин жолдошторум, санаалаштарым да билишчү эмес. Айтор, мамлекеттин өтө ишеничтүү органы ОГПУну жана муну ичине камтыган Ички иштер Эл комиссариатын Ягода ээледи – мурутчан көсөмүбүзгө өткөзүп койгон бөтөнчө бир кызматы болуу керек?.. Ягоданын тарыхта деле калтырган изи жок. Революцияга сиңирген эмгеги деле белгисиз. Аны менен дасторкондош, бөтөлкөлөш болуп жүргөндөрдүн айтышына караганда ал абдан зөөкүр, катын жандуу, кара мүртөз, мансапкор, ач көз киши болгон. Ортого от жагып, досторду бирибирине кайрап кас кылуу жагынан теңдеши жок уста, өз максатына жетиш үчүн өлтүрүүдөн кайра тартпаган залим эле. Кыязы, ушундай балит кишилер мамлекет башчыларынын ички сыр сандыгына ачкычты оңой тапса керек, аз эле убакыттын ичинде Ягода Сталиндин оң колу болуп чыга келди. Мунун мындай болуп кетишине өзүбүз эмес, көбүнчө чет өлкөлүк чалгынчылар себепкер болду.

Чекисттердин иши менен таанышы жок Ягода Нарком болгондон кийин, Дзержинскийдин шакирттери, дасыган

тажрыйбалуу чекисттер органдан кетүүгө мажбур болду, а кээ бирлерин тигил кууп да чыкты. Ошентип тууганымдын «ишмердүүлүгүнүн жардамынын» аркасында жаш өлкөбүздүн бир белсемдүү түркүгү сөңгөгүнөн чирип кирди. Муну көрүп турган чет өлкөлүк эргулдар мүнөт убактысын бекер кетирбей, «иштерине» киришти. Ар кайсысы өздөрүнүн такшалып көнгөн методдорун колдонушту.

Чалгындоо, контрчалгындоо деген абдан татаал жана ар түрдүү. Тымызын согуштун жеткен кылдат өнөрлөрү мына ушуларда. Маселен, Жапонияда чет өлкөлөрдүн шпиону билинбей жашап иштеш – тирүүнүн тозогу, абдан коркунучтуу. Нечен алчы-таасын жеген, тегирмендин ташынан көп жолу бүкүлү чыккан, менсинген шпиондордун куу түлкүлөрү Жапониядан жайланган. Аларда сырттан келген кишинин кулк-мүнөзүн, көздөгөн максатын контрчалгынчы кызматкерлери бир сутканын ичинде билип беришет имиш. Илгертен бери чоочун кишинин таманы жапон жерине тийгенден баштап, кетмейинче күндүр-түндүр бир мүнөт кароосуз калбай дайым көзөмөлдө болот экен. Көчөдө кетип баратканда артынан ээрчибейт дейт, тиги шек алып калышы мүмкүн. Көчөнүн ар бир кесилишинде, удулунда, имерилишинде көзөмөлчү күзөттө турат экен. Ар кимиси жаңы кишини өз тилкесинде көзүн айырбай тиктеп, тигинин жөтөлгөнүнөн, көз карашынан, сүйлөгөнүнөн, баскан-турганынан эч бирин калтырбай байкап, кайталап жаттап, экинчи күзөтчүгө узатат, анысы мурдагы күзөтчүнү туурап үчүнчүсүнө, ал төртүнчүсүнө... ушинтип, ушинтип чоочундун күн бою кылган аракети, кыймылы шурудай тизилип контр-чалгынчылардын байкоосунда болот имиш. Азыр, байкоочу аспаптар чыккандан бери, бул ишти дагы кыйла өркүндөттү деңизчи. Кытайда болсо, байыртадан бери шпиондору кесибин жана тапшырмаларын тукумунан укумуна өткөрүп турат дейт. Кээ бир шарттарда атасы же энеси алган тапшырманы баласы аткарган учурлар

болгон экен. Кытайдын жаңы жиберген шпиону иштөөчү өлкөсүнө көчүп барып, орун-очок алып, жерге-жээги, кошуна-колоңу менен таанышып, алардын ишенимине татыганча жашы улгайып, алдан-күчтөн тайып, карылыкка алдырып коюп, тапшырманы аткара албасына көзү жеткен өмүрүнүн акырында, ички сырын керээз кылып баласына айтып, паролун берип мекенинин тапшырмасын аткарууну мураскорунун мойнуна жүктөп жан бергендер да болгон имиш. Шайтан баскыр, кандай чыдамкайлык керек! Кара мүртөз, жандимилик кытайдан өтпөс? Батыш өлкөлөрүнүн шпиондук усулдары да ар кандай? Өтө олдоксону да, өтө кылдаты да бар. Маселен, немистердики: диверсия, террор, бешинчи колонна. Дагы бир өлкөнүн (атын айтпай эле коёюн) усулу адегенде чалгынчылык кылып барган өлкөнүн ишенимине татыктуу болуу. Ал үчүн өз кишилерин жибербей, ургун, ошол өлкөнүн иш билги адамдарын таап, акча, дүнүйө байлыктар менен кызыктырып, шпиондук ишке тартат. Сатып алгандан кийин, анын мойнуна кылтак салып тапшырмасын берип, кыңк дедирбей иштетет. Кокус, так аткарбай, булталактаса – анын шору. Чыккынчылык кылып жүргөнүн дароо анын өкүмөтүнө билдирет. Өкүмөтү аны эркелетип коймок беле – шпион катары жазалайт. Бул усул «өзүн өзү өлтүрүү» деп аталат. Бул абдан ичке жана аёосуз залимдик усул. Иш «оңунда» болсо, өз өлкөсүнүн кызыкчылыгы үчүн тарткан шпионун иштетип, ал жашаган мамлекеттин жашыруун сырларын биле берет, а ойлогону ордунан чыкпай калса – өкүмөтү өз элине жаман көрүнбөйт, өз жаранын башка өлкө туткун кылган жери жок, шпионунун бети ачылса ачыла берсин, ал анын жараны эмес, башка өлкөнүн кишиси, башка өлкө өз кишисин кармап, айыптап жатат. Мейли бири өлүп бири калсын! Ага коромжу болгон каражат алгылыктуу сөзгө да татыбайт. Эгер өз кишисин жиберсе, канча чыгым болмок?

Немистердин усулу буга караганда абдан осол. Алардын шпиону чет өлкөгө барып, ал өлкөдө бүлгүндүү иштерди уюштуруп, (эң керектүү объектилерди зоот, фабрика, электростанция, шахта, жашыруун ишканалар ж.б.) керектен чыгарып, атактуу ишмер адамдарын аңдып жүрүп өлтүрүү милдетин аткарышат, же болбосо, барган өлкөлөрүндө мамлекеттик саясатка каршы үгүт жүргүзүп, элдерин өкүмөт башчыларына каршы кайрап, төңкөрүш уюштуруп, ага өздөрү башчылык кылып, ал мамлекетти Германияга багындырууга аракет кылат. Албетте, мындай тапшырмалар ар дайым эле аткарыла бербейт. Сакчыларынын көзү кашайып, такыр эле уктап калган өлкө болбосо, аракеттүү мамлекеттерде немис шпиондорунун тапшырмалары ишке ашырылышы абдан олку-солку. Бирок Германиядагы 1933-жылкы фашисттик төңкөрүштөн кийин шпиондук методдор да өзгөрдү. Мамлекетти башкаруу бийлиги фашисттердин колуна өтүп мамлекеттик саясатта фашисттик идеологияны негизги доктрина кылып кабыл алышты. Ошентип, бизде коммунизм идеологиясы кандай жетекчилик ролду ойносо аларда фашизм да ошондой ролду ойноп калды. Эми алар чет өлкөлөргө жалгыз-аяк шпиондорун жибербестен, фашизмге берилген фанатиктерди тобу менен жиберип, ал өлкөлөрдө фашисттик саясатты жүргүзө турган болду. Бул укмуштуу натыйжаларды берүүдө кыска эле мөөнөттүн ичинде Европадагы бардык дээрлик мамлекет, көп кагылышпай баш ийип берди. Ал эми Австрия, Чехословакия, Венгрияга окшогон өлкөлөр кол кайтарбай капитуляция болушту. Норвегияда Квислинг баштаган бешинчи колоннанын шылуундары бир күндүн ичинде өлкөсүн Германияга каратып беришти. Эркиндик, демократия үчүн революциянын биринчи бешиги аталган Франция бир айдан ашык туруштук бере албай Германиядан жеңилди. Улуу өлкө фашисттердин таман астында кор болуп, башында Пэтэн деген генерал турган

марионетка бийлиги орнотулуп, Виши деген кичинекей шаарга сүрүлдү. Мурдатан бизге кас Румыния менен Финляндия Германиянын колтугуна кирип берди.

Европада Германияга каршы айбат кылган жалгыз гана Улуу Британия аралына жайгашкан Англия калды. Фашисттер басып алган өлкөлөрдө коммунисттерди кыра баштады. Миңдеген биздин санаалаш жолдошторубуз түрмөдө фашисттердин кыйноосунда күн өткөрүүдө. Германдык коммунисттердин көсөмү, СССРдин сүйкүмдүү досу, жалындуу революционер Эрнст Тельман 1933-жылдан бери абакта. Кайсы шаардын зынданында жатканын биз билбейбиз. Түрмөдөн сырткаркы коммунисттер жашыруун абалга өтүшүп, моралдык жана материалдык жактан абдан кыйналууда.

Коммунисттик идеологияны туу көтөрүп, коммунизм коомун дүйнөгө орнотууну максат кылып койгон СССРди, оңой жеңиштерге дөөгүрсүгөн фашисттик Германия өзүнүн жалаңкычындай көрүп, биздин идея фашисттик идеядан канчалык күчтүү, гумандуулугун билип, тынчтык жол менен бизди жеңе албасына көзү жетип, азыркы экөөбүз күбө болуп, катышып олтурган согушту баштабадыбы, браток.

– Сиз уктап калган жоксузбу? Мен адатымча оюма дагы ала качтырып негизги айтайын дегенден четтеп кеткен турбаймынбы, катүгүн!..

Мен чынында эле мындай сөздөрдү мурда укпаганымдан болсо керек, адегенде коюулап бараткан кирпигим суюлуп, таңыркап уга берипмин. Зильман Маркович мага кайрылганда аңгемесин токтотуп койбосун деп, мен чочуп кетип:

– Кадырыңыз жан болсун, жолдош майор. Эч бир окуу жайынан, аудиториядан, кафедрадан укпаган, терең ойго салуучу жаңылыктарды согуштагы жертөлөдө чалкаман жатып, эч бир акы төлөбөй угуп атканда уктасам мени кудай урбайбы.

Бүт тулку боюм кулакка айланып, лям дебей, жолто болбогой эле деп, демимди акырын чыгарып жатам.

– Ыракмат көңүл улаганыңызга. Кесибим пропагандист болгондуктан, барды да, жокту да, калпты да, чынды да, аралаштырып сүйлөп жүрүп, жедеп көнүп алгамын да. Бүгүн эски нерсенин көбү эске түшүп, оор ойлор талмоорсуткан уйкусунан ойгонуп, көңүл эргип, чегинен чыгып, алыс чабыттоодо. Тамагын оңдоп, бир аз унчукпай, узун лекция окууга же доклад жасоого үнүн даярдап жаткан немече дагы бир-эки сапар тамагынын кырындысын кайра жутуп аңгемесин улантты.

– Биздин чекисттердин абалы Дзержинскийден кийин барган сайын начарлаган эле дебедимби. Мына ошондон баштап немистер да биздин өлкөдө аракетин күчөттү. Алар биздин жашыруун объекттерге, өнөр жайынын өтө маанилүү тармактарын өздөрүнүн диверсиялык топторун киргизип, айланасына бизге нараазы болгон элементтерди уюштуруп, диверсия, террор жасоо пландарын түзүп киришти. Бирок мурдагы кыраакылыгын жоготкон биздин жаңы, тажрыйбасыз чекисттер немистердин шпиондук иштерин сезе алышкан эмес. Ошол эле учурда жанагы мен атын айтпаган өлкөнүн чалгынчылары немистердин ар бир кадамынан өөдө байкап турган. Алардын балит иштери эч тоскоолсуз биздин мамлекетибиздин ичине кеңири тарап киргенде, өз кезегин күтүп турган бул эргулдар, эми өз планын ишке ашырууга киришти. Булардын планы: немистердин картасын бизге ачып берип, өздөрүнүн шпиондорун биздин чекисттердин арасына киргизип, командалык орундарды ээлеп алып, анан негизги максатына жетүү болгон. Булар эң биринчи кадамын Шахтинсктен баштады. Донбасстагы Шахтинск деген шаарда немистердин чалгынчылары 1928-жылы диверсиялык ишти даярдап, эми жардырабыз деп турган кезде тигил чет өлкөлүк шпиондордун резиденти (жетекчиси) биздин ВЧКга ал жөнүндө кабар берет. Сигнал боюнча,

чекисттердин оперативдик тобу барып, айтылган кишилерди кармаса, чындыгы далилденет. Кылмыштуулар жасаган иштерин жана кандай максаттары бар экенин мойнуна алышат. Сот процесси Маскөөдө эки айга жакын жүргүзүлөт. Ошентип, диверсиянын бети ачылат. Резиденттин бул саамалыгы ийгиликтүү аяктагандан кийин, дагы эле немистер тарабынан уюшулган «Промпартия» деген диверсиялык уюмга айгак болушуп, 1930-жылы биздин чекисттерди «жеңишке» ээ кылышат. Бул топтун мүчөлөрү (инженерлер уюмдарынын союзу) компартиянын «Бүткүл өлкөнү индустриялоо (машинелештирүү) планына каршы кандай аракет, саясат жүргүзүүнү иштеп чыккандары жана иш жүзүнө ашыра баштаашканын тана алгыс фактылардын салмагына майышып моюндарына алууга аргасыз болушат. Муну бүткүл өлкөгө өрнөк болсун үчүн биздин жетекчилер ачык сот процессин уюштурган. Бул өлкөбүздүн коопсуздук органдарынын авторитетин жогору көтөрүү менен бирге, диверсиянын бетин чыныгы ачкан ким экенин шек санабай, баёолук аларга жол ачып берди. Алар биздин чекисттердин арасына көптөп кирип, ар бир тармактарына, аймактарга жайгашып сиңип жатты. 1934-жылы январь–февралда Маскөөдө ВКП (б)нын он жетинчи съезди болуп, анда биринчи беш жылдык пландын жыйынтыгы, СССРдин айыл-кыштактарында жапатырмак колхоздоштуруунун бүтүшү, кулактардын тап катарында жоюлгандыгынын жыйынтыгын чыгарды. Ички жана сырткы душмандардын ар кандай жол менен Совет мамлекетин кулатуу, Россияны кайрадан буржуазиялык өлкөгө айлантуу аракеттерин таш жалак кылып, дүйнөнүн алтыдан бир бөлүгүндө жайгашкан жалгыз социалисттик жаңы өлкө жаштыгына карабай, «коммунизм салтанатына ар шилтеми жети чакырым ка-дам, менен алга баратканын» даңазалады. Бул кубанычтын мастыгы тарай электе, ушул жылдын аягы ченде мамлекеттин туткасын кар-

мап турган жетекчилердин чакан чөйрөсүнө «жакын арада өкүмөттүн, партиянын жогорку тепкичтеги бир жетекчисине кол салынат» деген коркунучтуу кабар жетти. Мунун калп-чынын текшерип киришкенче бир жума өтпөй, 1934-жылы 1-декабрда Сергей Миронович Кировду террорист атып өлтүрдү. Ал немистин шпиону Николаев болуп чыкты. Бул неме чекист болуп иштеп жүрүп, немистерге сатылган чыккынчы экен.

Кировдун өлүмү биз үчүн гана эмес, бүткүл дүйнө үчүн чоң окуя болду. Кировдун ким болгону СССРдин тарыхынан белгилүү. Ленинград обкомунун биринчи секретары, Саясий бюронун мүчөсү С.М.Киров өзү мурдагы революционер, түндүк Кавказ элдеринде Совет бийлигин орнотууда чоң ролду ойногон. 1926-жылдан бери Октябрь революциясынын алтын бешиги аталган Ленинградда губком, обкомдун биринчи секретары, облустун жана шаардын чарбалык, маданияттык жана социалдык өсүшүнө киргизген салымы чоң. Россия падышасынын ордо шаарын падышачыл ак сөөктөрдөн, контрреволюциялык жат элементтерден тазалап, Кронштадтты СССРдин деңиз аскерлеринин күжүрмөн базасына айлантып, мамлекеттик чек аранын түндүк-батыш жагын бекитүүдө, шаардын өнөр жайына, айрыкча аскердик курал-жарак чыгаруучу ишканаларды көбөйтүп, Ленинград облустук партия уюмун өлкөнүн алдыңкы катарындагы уюмуна жеткирүүдө, Ак деңиз менен Балтика деңизинин арасына канал куруп, кемелерди чет мамлекеттердин территорияларын кыдыртпай, чукул ички жол менен сүздүрүп коюуда, дагы далай өз аймагындагы зор ийгиликтер үчүн Киров жалпы элибиздин сүйкүмдүү жетекчиси катары таанымал болуп калган. Ал эми социализмди бир өлкөдө куруу боюнча саясий талаш-тартыштарда Киров ар дайым партиянын өзөктүү линиясын жактап, оңчул-солчул оппор-тунисттерге саясий сокку берип, жолдош Сталин тарабында ар дайым болуп келген. Бул окшогон санда-

ган сиңирген эмгектери үчүн Киров кийинки съездде партиянын экинчи секретарлыгына, Сталиндин биринчи орун басарлыгына шайланган.

Саясий эмес, карапайым сөз менен айтканда, Кировдун өлүмү партиянын белин сындыруу менен барабар болду. Бул жоготууга айрыкча Сталин өтө катуу кайгырды. Ленинград обкомунун, элдин атынан: «Миронычтын сөөгүн биздин шаарга коёлу, баарыбыз үчүн унутулгус эстелик болсун» деген өтүнүчүнө Сталин: «Тирүүсүндө коргой албадыңар – өлүгүн сактаарыңарга ким ишенет» деп болбой, атайын аза поездге жүктөтүп Маскөөгө жеткиртип, Кремлдин Кызыл аянт жагындагы дубалынын түбүнө, Лениндин Мавзолейинин артына көмдүрөт. Көмүлгөн күндү бүт өлкө боюнча аза күтүү күнү деп жарыялайт. Кировдун атылышы өлкөнү башкарып турган партиянын ички саясатында олуттуу кемчиликтер бар экенин айгинеледи. ОГПУнун кыраакылыгы төмөндөгөнү ачык билинип калды. Бул абалды оңдош үчүн партия шашылыш чараларды колдонууга аргасыз болду. Эң биринчи ирээтте Кировдун өлүмүн чоң саясий кампанияга айландырды. Бүт өлкө боюнча үгүт-насыят органдары: гезит, журнал, радио Кировду тирүү кезиндегисинен он эсе ашыра мактап, деле Кировсуз партиянын, Совет мамлекетинин күнү өтпөгөн немеден бетер көкөлөтүштү. «Даанышман неме эле, Ленин жана Сталинден кийинки акылман, ишмер, көсөм эле» деп, каңырыгы түтөп маркумду жоктоп киришти. Киночулар да бул кампаниядан куру калган жок. Чоң агымдын шарданы менен тирүүсүндө атын укпагандар да, эми өз жакынынан айрылган немедей болушуп өлкөнү мындай киши теңелгис уулунан ажыраткан, душмандардын жалдамчы мыкаачыларын жер жүзүнөн жоксон кылууну талап кылган чуулар кай-кай жерлерден көтөрүлдү. Маркумду эстен чыгарбас үчүн Ленинграддагы машине чыгаруучу Путилов заводуна Кировдун ысымын коюшту. Көп узабай бүт өлкө боюнча

күчтүү кампания жүргүзүлүп ондогон, жүздөгөн шаарга, районго, мектепке, жогорку окуу жайларына ж.б. иш-каналарга душмандын тыңчысынын колунан өлтүрүлгөн «Партиянын чыныгы уулу Ленин – Сталиндин шакирти, социализмди бир өлкөдө орнотуу» ишине жанын аябай зор салым киргизип келген С.М.Кировдун аты берилди.

Биздин саясатта обу жок экиленмей, өтө мактамай, өтө жектемей, өтө сыйламай, өтө бут тосмой, деги жүздөгөн, миңдеген «өтөнү» кошмой, ашыра чапмай эми өнөкөткө айлана баштады. Ушундай агым өкүм сүрдү дейсиз, байкуш Киров тирүү кезинде өзү атын укпаган объекттерге, мунун аты коюлду да калды...

Аңгемечим ушул жерге келгенде, мага алыскы Кыргызстаным эске түшүп, борбор шаарыбыздын ордосунан алты чакырым алыс обочо жайгашкан институтуман бүт студенттер менен кошо тизилип, борбордук аянтка келип, ал жерде шыкалган элдин катарында кара сатинден кыргызча бычылып ичине кебез салып жасалган жупуну чапанчан титиреп, алыскы трибунадан «Киров» деген сөздөн башканы даана уга албай, орусча сүйлөгөндөрдү түшүнө албай бушайман болуп турган биринчи декабрь 1934-жылы көз алдыма тартылды...

Эшиктери түндүктү караган, айланасы чоюн кашаа менен курчалган Н тамгасынын кебетесине түспөлдөштүрүп, жерге бекем орнотулуп салынган, эки кабаттуу чоң ак сарай. Ордо каалганын тушунда, экинчи кабаттын үстүндө сарайдын томогодой төбөсү көрүнөт. Анын туу чокусунда Кыргыз АССРнын желеги желбирейт. Сарайдын түндүк жагында, үстүнө таш төшөлгөн кеңири аянт. Аянттын түндүк тарабына майда бак тигилген. Бактын түндүк жагы тактай дубал менен кашааланган. Курулуш иштери жүрүп аткан сыяктанат. Сарайдын күн чыгышында Дзержинский атындагы кеңири көчө. Ал көчө темир жол вокзалынан башталып эмендүү паркты аралап, андан төмөн Ташкен көчөсүнө чейин ортосу дүкүйгөн

бийик эмен дарактары менен көрктөлгөн. Сарайдын күн батыш капталынан Биринчи Май көчөсү өтөт. Аянттын тушунда көчөнүн батыш өйүзүндө Наркомфиндин бышырган кирпичтен салынган, ордо эшиги көчөнү караган чоң кооз тамы. Эшиги түз эле жерге чыкпастан, жерден киши бою көтөрүңкү тектирчеге чыгат. Тектирченин айланасы ар кандай сүрөт менен коолдолгон чоюндуу кашаа менен тосулган.

Күн чыкыроон, аянт элге жык толгон. Баарыбыздын жүзүбүз ордо сарайга эмес, эмнегедир Наркомфиндин тамына бурдурулган. Ар жамаат өзүнчө тизилген. Биз алыс жол басып кечигибирээк келген экенбиз. Колонналардын артына туруп калдык. Буттары үшүгөндөр, бир жерде зыңкыйып тура албай, жерди тепкилеп кыймылдай баштадык эле, бизди катарга тизип алып барган киши, стройду кырка кыдырып, «тс-с, бул жерге бийлегени, ойногону келген эмессиңер» деп тыюу салды. Аңгыча болбой, аянттын ачыгында турган узун шинелчен, жашыл шапкечен бир орус аскер командир, күчүнүн бардыгынча: «Сми-ирр-но!» деп бакырганда, баарыбыз колдон келишинче какайдык. Бир оокумда Наркомфиндин тектирчесине чолок сары тончон, жылаңбаш, кара чач киши чыкты. Алыс турган бизге өңү даана көрүнбөйт. Оң колун чолок тондун сол өңүрүнө тыгып, сол колун эл тарапка серпип, орусча шыбыратып сүйлөй баштады. «Киров, Киров» дегенди гана даана угам, калгандары бири бирине окшогон чала тааныш сөздөр чубуруп, кулагымдын сыртынан кетет. Кагаз карабай ал киши көп сүйлөдү. Эл арасында кобур-күбүр сөздөр. «Киргиз, а как хорошо говорит»[1] деген бир орустун таң калганын көрдүм. «Э-э кудай, мен качан ушул кишиче сүйлөгөндү үйрөнөөр экенмин» деп, улутунуп коём.

Ошондо таң калтырып орусча сүйлөгөн Эсенаманов Эркинбек экенин кийин билгем. Ошентип, орустардын

[1] Кыргыз туруп жакшы сүйлөгөнүн кара!

оозун аңырайткан кыргыздын билимдүү азаматы отуз жетинчи жылы эл душманы болуп камалып кеткени да эсиме түшүп, майордун сөзүнө аралжы болдум:

– Зильман Маркович! Сиз аңгемеңизди ушунчалык берилип айттыңыз деңизчи, ар бир сөзүңүз мага тирүү жандардай болуп көрүнүп, өзүм башыман өткөргөн, өзүм күбөө болгон окуялар көзүмө элестеп, элим-жерим эске түшүп кетти. Чындыгында эле Кировду өлө электе мен да уккан эмесмин. Балким саясат менен ишим жок балалыгымдыр. Ал өлгөндө мен жаңыдан чоң шаарга келип, институттун даярдоо курсуна кирген кезим болчу. Кийинки жылы жайында каникулга айылыма барсам, мен окуган мектепке ырас эле Кировдун аты коюлуптур...

– Э-эй, браток, биздин өлкөдө отуз жетинчи жылдын окуясы баарыбызды кош сырдуу анткор кылып ташта-ган. Эмне болсо, ошо болсун, тобокел! Бүгүн мен сыр сандыгымды ачам! Абийириңиз мен ойлогондой болсо, мени туура түшүнөөрсүз, эгер мен жаңылсам, мейли азыр кармап бериңиз, кан-жиним менен кошо! Мага тартынууга болбой калды эми, тартынганда не пайда! – деп, терең күрсүндү. Караңгыда көзүм көрбөсө да, колун катуу силккенин сездим... Далысы талыса керек, сол капталына оодарылып, мага бурулуп, оңдонуп жатты да, оюн улап аңгемесине кайра киришти.

– Кампания жаңы эле башталып, жер-жерге жакшы-лыктуу тарай электе партия менен өкүмөт жетекчилери-биздин, деле жалпы мамлекетибиздин башына түшкөн дагы оор жоготуулар болду. 1935-жылдын январынын аягы ченде ВСНХнын (Всесоюзный Совет народного хозяйства), же азыркыча айтканда Госпландын төрагасы Валериан Владимирович Куйбышев, февралдын орто ченинде Оор өнөр жай Эл комиссары Георгий Константинович (Серго) Орджсникидзе күтүлбөгөн жерден каза болушту. Бул экөөнү «жүрөк оорудан мүрт кетти» деп жарыялашканы менен чуулдаткан пропагандадан чачы

үрпөйүп, кулагы элеңдеп калган эл арасында, «кейпи, булар деле душман колдуу болсо керек» деген күбүршыбыр өкүм сүрдү. Кээ бир чолок каңшаар боюнча Наркомтяжпром (Орджоникидзе) «өз жанын өзү кыйыптыр» деген айың, уламыштар да Маскөөдөгү чоңдордун босоголорунан сызылып чыккан имиш. Айтор, жаңыдан айлана баштаган үгүт-үндөө машинесинин дөңгөлөгү булардын өлүмүнөн кийин күүлөнүп чимирилип, алдында кандай тоскоолдук болбосун, былчырата тепсеп кирди. Ленинграддыктарды үй баш сайын ОГПУнун кызматкерлери тинтүү жасап, суракка алып, түбү-теги пролетар эместерди, эски интеллигенттерди, эски инженерлерди, чет өлкөлөрдө жек-жааттары барларды, өнөрпоздорду, окумуштууларды, революцияга кайдигер мамиле кылган жазуучуларды, айтор, шыдыр жооп берип, өзүн-өзү коргой алган тили тактарды күнөмдүүлөр деген бөтөнчө тизмеге каттап, атайын комиссиялардын калбырынан өткөрүүгө киришишти. Көп убакыт өтпөй Ленинградда жана кээ бир жабык өнөр жайлар орношкон шаарда жабык процесстер башталып, калбырдан өтпөгөндөрдүн мойнуна айып коюп, «коммунисттик коомдун» үлгүлүү борборлорун сала турган жаңы жерлердеги туткундар лагерлерине айдап, айып коё албагандарынын көпчүлүгүн шектүү деген шылтоо менен чет жакалардагы, улуттук республикалардагы майда шаарларга, шаарчаларга кайра кайткыс кылып узатып жатышты. Эми бул иш өнөкөткө айланды. Ар нерсе өнөкөткө айланса, анда жекече талдоо деген болбойт. Маселен, буудай аянтына комбайн алып келсең, комбайнчы эгиндин ар бир башын «быштыбы же быша элекпи» деп, карап отурбай чаап кирет. Ошондо аянттагы даана бышкан машактары менен кошо камыр, же дүмбүл болуп келаткандары да чабылып кете берет эмеспи. Ошол сыяктуу эле, Кировдун өлүмү миңдеген жазыксыз ак ниет адамдарга, алардын арасында нечен талант, нечен акылман, нечен ойчул, ишмерлерге да

кесепетин тийгизди. Ургундай, орус эмес башка улуттар, айрыкча кууραган еврей туугандарым бөөдө шорго малынып, көбү жалаага кетти...

– Эмне үчүн?

– Э-эй, браток. Бул өзүнчө узун тарых. Мунун учугун чубап олтурсаң акыры байыркы Мисирдеги Моисей (куран боюнча Муса делет) байгамбарга алып барат. Кой алагды болуп башка жолго түшүп кетпейин, сөздү ырбатпай бир макал айтып берейин, ал сиздин суроoңузга, балким, жооп болоор?.. Орустун «попробуй доказать, что ты не верблюд»[1] деген макалын билесизби эмнеден чыкканын?

– Макалды уккамын, бирок эмнеден чыкканын билбейм.

– Эмесе кулагыңызды тосуңуз. Ушул эле жыйырманчы кылымдын башында Петербургдан Европага бараткан поезддердин биринде эки жөөт күйпөлөктөп эле вагондон вагонго кирип, жолуккандардын баарына «чекарага качан жетебиз, канча калды?» – деп, сурай берип тажатышат. Чыдамкайы жогураак бир пассажир булардын оозун жабуу үчүн: «Эмне шашасыңар, анча эмне болуп кетти, же силерди жоо кууп келатабы?» деп сураса, булар жооп ордуна: «Вы читали императорский указ»[2] деп суроого суроо менен кайрылат. «Кайсы указ? Эмне, жөөттөр кубалансын деген указ бар бекен?» деп, тиги неме да бош келбеген шумпай болсо керек, еврейлерди «кытыгылайт». Булардын сөзмөрүрөөк бирөө: «Чын эле кечээки гезиттерге жарыяланган Указды окуган жоксузбу, уккан да жоксузбу?» – деп тынчсызданат. Анда тиги: «О-о, келесоо десе, анын силерге кандай тиешеси бар? Кеп кирген бууралаарды биттөө жөнүндө болуп жатпайбы» десе, берки көзүн ирмебей тигиге тик карап: «попробуй доказать, что ты не верблюд!» дептир, браток. Указдын чыгыш тарыхы ушундай экен. Революциядан мурда ка-

[1] Эр болсоң «төө эмесмин» деп далилдеп көр.
[2] Сиз императордун указын окуганыңыз жокпу?

зак-орустардын өзүнчө аскерлик түзүлүшү болгон. Алар негизинен империя жаңы багынткан аймактарга үй-бүлөсү менен көчүп келип жерин тартып алып, каалаганча пайдаланып, элин башкарып, тентектерин жоошутуп туруучу жазалоочу милдетти аткаруучу. Бир жылы кышында Орол бекен, Оренбург бекен даанасы эсимде жок айтор, ошол эки казак-орус округунун биринде бир есаул (жасоол – орто даражадагы казак-орус офицери) талаада жайылып жүргөн казактын төөлөрүнө кабылып калат. Кирип турган буура муну качырып сала берет. Шашып калган есаул жонундагы мылтыгын, жанындагы кылычын колуна алууга чамаасы келбей, качып жөнөйт. Буура есаулду көп узатпай кууп жетип, аны ат-маты менен көмөлөтүп, тебелеп өлтүрөт. Ушундан улам «Империянын аймагындагы буураларды баары биттелсин» деген императордун указы жарыяланат.

– Деги еврей, иудей калкы дүйнөдөгү шору арылбаган калктардын бири. Моисейдин тушунда өзүнүн мамлекеттигин жоготуп, чоң куугунтукка учурап, жан багуунун айласы үчүн бүткүл дүйнө жүзүнө чачырап кеткен. Бирөөнүн элинде, бирөөнүн жеринде «жан сактоо» деген, кандай заман болбосун, баары бир кыйын. Капкайдагы ыргытылган таш биринчи «жолбунга», селсаякка тиет. Кандай кырсык келбесин, кандай балаа каптабасын капшабына биринчи ошол шордуу кетет – анын таянаар тоосу, жөлөнөөр өбөгү, тутаар туткасы жок. Өз жериңдин сазы – шибер, өз элиңдин сасыгы – атыр. Эки жарым миң жылдан ашык тентип жүрсө да, өздөрүн улут катары жоготпогондугу булардын чыдамкайлыгы, өжөрлүгү жана амалкөйлүгү.

– Аңкоо, алакөөдөн, дөдөй еврей жокпу?

– Жок! Сиз мени мактанчаак неме экен деп ойлобоңуз. Бул чындык. Келесоолор, дөдөйлөр чоочун элде, чоочун жерде жашай албайт, демек алардан толук тукум жаралбайт, жаралганы – турмушка жөндөмсүз. Ошентип,

кем акыл еврейлердин тукуму небак эле куруп бүткөн. Азыркы тирүү еврейлердин өлө жатканы сизди алдап кетүүгө кудурети жетет. Дарвиндин «Жашоо үчүн күрөш» теориясынын чындыгына мисал катары коомдук турмуштан мен еврей улутун көрсөтөөр элем. Бирок биздин саясат, идеология муну туура дебейт. Муну сизге гана айтып жатам.

Майордун сөздөрү таасирдүү, элестүү болгондуктан го, мага бул жерде Левин деген биздин полктун бир солдаты кылт эсиме түштү. Ал мындан бир ай мурда батареядан жарадар болгон ат алып келген. Устав боюнча мен аны 2–3 күн ат бактырып коюуга укугум бар. Эртеси эле мени менен сүйлөшүүгө улуксат суранып кайрылып калды. Жашы кырктарга барып калган, орто бойлуу, кара мурут, кочкор тумшук, чымыр неме экен. Сөздөрү туура, туура эместигине карабай эбиреп-жебиреп бат, кээ жеринде «р» ды «г» тыбышы менен алмаштырып сүйлөйт экен. «Жолдош начальник, мен ветсанитаг, веттехник болуп иштегем, алты айлык окуусун бүткөм. Мүмкүнчүлүгүңүз болсо, мени өз адистигим боюнча пайдалансаңыз Ата-Мекениме көбүрөөк пайда келтирээр элем жана өзүңүздүн жакшылыгыңызды да унутпай, колуман келишинче актаар элем» деп саймедиреп, кайсы жерден экенин, кайсы мектептен окуганын, эмне кызматта иштеп турганда согуш чыкканын тили тишине тийбей шыбыргактатты. Аны көп быдылдатпай «макул, көрөлү» деп жооп кайтарып лейтенант Барановго табыштап койдум. Эртеси жаңы жарадар болуп келген аттарга операция болду. Левинди хирургиялык аспаптарды алып берип туруучу дайындап, сынап көрсөм, пинцет ордуна ланцет, ийне кыпчуурдун ордуна ок кыпчуур, тампон десем, кетгут берип өзүнүн «адистигин» билгизген соң ошол күнү эле батареясына кайра жиберген элем. Бир эки жумадан кийин Левин эргулум чарба взводунда жүрөт. Мени көрө коюп, колун чыкыйына такап честь берип саламдашып,

деле шек алдырып койбойт, кайдасын десем «агтскладда пиготехник болуп, өз адистигим боюнча иштейм дейт. Баягы «адистигиң» боюнчабы деп, какшыктасам, деле жолотпой, «товагищ капитан, я до поступления в наш полк окончил агмейскую школу пиготехников» десе болобу. Каратып туруп калп айтканына таң калгам. Азыр майордун аңгемесинен улам «булардын канында бар турбайбы» деген корутундуга келип атсам, менин оюмду, көзгө сайса көрүнгүс караңгыда көрүп тургансып, майорум:

– Да, браток, жашоо инстинкти, бөөдө өлүмдөн аман калуу иудейлердин канында жатат. Ар бир жөөт, төрөлгөндө эле жалгыз бойлукка дуушар болот. Ошону менен бирге еврей кай жерде туулбасын, жашабасын айланасындагы бардык жөөттөр менен жипсиз танапташ. Бирин бири таанышбаса да ылымдаш, тымызын сезимдери баарысын бири бирине чырмаштырып турат. Эгер бир ишканада, уюмда чогуу иштешпесе – көпчүлүктүн көзүнчө жолуккан жерлеринде бирине бири чоочун бойдон кала беришет. Эч кандай мамиле, ымыла түзүп, таанышууга умтулушпайт, тек гана көздөрү менен эч кимге байкатпай шыбыш берип коюшат, бирок ошол эле жетет, калганын ар кимиси өз ичи менен өзү сүйлөшүп түшүнөт. Жакшы тааныштар, ал тургай, бир туугандар деле эл өзүнчө бири бирин жамандашып, сындашып, кызыл чеке болгонго чейин барышат, бирок эч качан өлтүрө чабышпайт.

– «Карга карганын көзүн чокубайт» деңизчи.

– Ырас айтасыз, браток. Айрыкча иуделер үчүн бул макал мыйзам! Ар бир үй-бүлөдө ата-энеси балдарын ымыркайынан тартып чыдамкайлыкка, өжөрлүккө, амалкөйлүккө үйрөтөт. Бул ыкмаларды үйрөнө албаган балдары чыдай албай өлүп калат. Ондогон кылымдар бою ошентип тарбиялап олтуруп, ээлеген жери жок, чогулуп жашаган эли жок байыркы эбрэ (иврит) тилин да жоготкон иудейлер улутун сактап кала алышты. Ал

эми буларды убагында кубалаган мисирликтер, булар менен канатташ жашаган ассирийлер, финикийлер азыр кайда? Дайыны жок. Андай улуттардын азыр бар экенин ким билет?..

Кечиресиз, браток. Мен адатымча дагы бабырап темадан сыртка чыгып бараткан турбайымбы. Анан калса, улут деген турпатыңдын, физиономияңдын, психикаңдын жана кулк-мүнөзүңдүн бөтөнчөлүгүн билдирип турган бир чон касиет турбайбы Мен өзүмдүн улутум жөнүндө бир ооз сүйлөйм деп, каным кызып алда кайда чабыттап жөнөгөн турбайымбы. Бул табигый иш ар улуттун башында бар. Бул улутчулдук эмес, өз улутун жанындай көрүп, анын жеңишине кубанып, жеңилишине жаны ачыгандык. Орустар: «костями ляжем, но поруганную русскую землю очистим от фашистской нечисти![1]» деп кыргынга атырылып кирип атпайбы. Фашисттер басып алган жер орустуку эмей кимдики? Мунун эмнеси улутчулдук. Деле өз улутун сүйбөгөн адам, бөтөн улутка өз болуп жарытпайт. Азыр бул жер кимдики? Жалпы баарыбыздыкы, совет элиники. Ошол үчүн башка улуттар да орустардан кем калышпай, баатырдык менен салгылашып атканына экөөбүз өз көзүбүз менен көргөн күбөлөрдөнбүз. Бул чыныгы интернационализмдин жемиши!.. Бул өзгөчө бир чоң аңгеме... Кой, буга алагды болуп дагы жолдон адашпайын...

Ошентип, өлкөдө кулактарды жеңдик дегенден кийин, саясий куугунтуктун экинчи этабы башталды. Бул тигинден он эсе ашкан залимдик менен жүрө тургандай болду. Бул кампаниянын авторлору чет өлкөлүк чыныгы душмандардын чалгынчылары болгондуктан, биздин чекисттердин мажүрөөлүгүнөн пайдаланып, булардын ичинде анча-мынча калган Дзержинскийдин кыраакы шакирттерине каршы чабуул жасашты. Өздөрү улам

[1] Мейли, сөөгүбүз сөпөт болсун, бирок орустун кор болгон жерин фашист арамдардан тазалайбыз!

жаңы диверсиянын бетин ачып улам-улам мамлекеттик ишенимге көбүрөөк татып, барган сайын ОГПУнун уюмдарына агенттерин көбүрөөк орноштуруп жатты. Каршылык көрсөткөн чекисттерге диверсиялык фактыларды жалаа жаап каралап, чыныгы диверсанттар менен кошо каматып, булардын ордуна өздөрүнүн кишилерин койдуруу максатын ийгиликтүү ишке ашырып кириштi.

Ошентип, мамлекетибиздин коопсуздук органдарын накта душмандарыбыздын шпиондору толук ээлеп алууга мүмкүндүк жана шарт түзүлүп атты. Бул залимдик душмандарыбыз тарабынан жасалып атканын билбей, Ягодага ишенип алган жетекчилерибиз, улам бети ачылган диверсияны Ягоданын жаңы тандап алган «кыраакы кадрларынын» үзүрдүү эмгеги деп баалап, ого бетер алардын жолун кеңейтип беришти. Анан калса, биздин накта чекисттер Ягода келгенден кийин, өз-ара майда чатактарга белчесинен батышып, өлкөнүн коопсуздугун ойломок тургай, өз башын кантип коргоонун айласын таппай, беймаза болуп жатканда, тигилердин чырагына май тамды белем! Көп эле курулай жагына берип шек алдырып койбос үчүн, алар немистердин далай террордук-диверсиялык «иштерин» биздикилерге ачып берип, «өз» болуу укугуна жетишти. Эки-үчөөнө мисал келтирейин.

1935-жылы Сталиндин Грузияда Гори шаарында жашап турган энеси каза болот. Бул кабарды алган соң, Сталин: «Революция жасоо, социализм куруу түйшүгүнүн айынан, байкуш энемди тирүү кезинде көрө албай калдым», – деп абдан капаланып, жок дегенде көрүнө барып топурак салып, эне сүтүн актоо максатында жолго камынат. Генсек Маскөөдөн чыгып, бир жакка барышы үчүн Саясий бюронун чечими чыгыш керек экен. Абал кыйын болуп, кай-кай жерлерде террористтер, диверсанттар чыгып атат, барбай эле койгонуңуз жакшы го деген үзөңгүлөштөрүнүн тилин Сталин албайт. Саясий бюронун заседаниесинде кыжаалат болуп аткан кезде ОГПУдан

шифрограмма келип, анда: «Владикавказ станциясына жакын жерде Сталин бараткан поездди кулатууга террористтер даярданып атат» деген кабар бар экен. Муну уккандан соң, Сталин эми тээжиктик кылбастыр деп ойлошуп, үзөңгүлөштөрү заседаниеден тарамак болгондо, Сталин айтканынан кайтпай: Өз энемдин табытын мүрзөсүнө чейин көтөрө албасам, менин эмнем грузин элинин, кавказ элинин баласы? Бул маскаралыкка чыдай албайм» деп, өжөрлөнүп туруп алат. Акыры кеңешчилеринин аргасы кетип, шашылыш план иштеп чыгышат. Ал план боюнча Сталин кетүүчү атайын поездге анын окшош түгөйүн Курск вокзалынан шаан-шөкөт уюштуруп официалдуу түрдө сакчы-макчылары менен кошо жөнөтүшөт, а Сталинди болсо ал поезддин артынан, атайын жабдылган поезд менен башка жерден жашыруун узатышат. Окуя боло турган жерде террористтерди кармаш үчүн атайын топ уюштурулуп, өтө жашыруун жиберилет. Диверсанттар, Сталиндин поездинин өтөөр маалын божомолдоп, рельстин астына жардыргыч коюп аткан жерден кармалат. Сталин аман-эсен Гориге жетет. Суракта диверсанттар өз кылмыштарын мойнуна алышат. Ким уюштурганынын бети ачылат.

1936-жылы жайында Молотов өзүнүн туулган жери Пермь шаарына командировкага машине менен бармак болот. Бул эми жөнөйүн деп атканда «Пермге жете бербеген жерде чоң даңгыр жолдун баланча километринде Молотовдун машинеси минага жарылат» деген суук кабар жетет. Текшеришсе чын чыгат. Диверсанттар кылмыш үстүндө кармалат. Молотовдун машинеси чала-була майып болот, өзү аман калат. Диверсанттардын планы, максаты, алды-утур шашылыш чара көрүүнүн натыйжасында, ишке ойлогондорундай ашпай калат.

Эми, диверсиялык жана террористтик актылар даярдалып атыптыр деген кабарлар туш тараптан жаай берди. Мындай абал БКнын кезектеги бир пленумунда

Сталинди, «биз социализмге канчалык ылдам бараткан сайын, сырткы жана ички душмандарыбыз айыгышып, ички душмандарыбыз коркунучтуураак болуп баратат, аларга аёосуз сокку беришибиз керек» деген ж.б.у.с. ураандарды айтууга мажбур кылды. Пленумда коопсуздук органдарын кайра куруу зарылдыгы белгиленип, уюштуруу иштери каралып, Ягоданын начар иштегендиги баса көрсөтүлүп, кызматынан алынды, анын ордуна Николай Иванович Ежов келди жана орун басарлары да жаңырды, штаты көбөйдү – кыскасы, немистердин чалгынчылык кызматын ашкерелеп берген берки залим атаандаштардын көктөн издеп, көксөп жүргөн тилеги беш-алты жылдын ичинде эле жерден колуна тийип, каалаган шпиондору менен биздин чекисттердин органдарын шыкап, ал тургай резиндентин Наркомдун орун басарлыгына бекиттирип, эми өз пландарын ишке ашырууга өздөрү кан, өздөрү бий болуп даңгыр жол чаап алышты.

Негизги планга киришээрден мурда, кадр жана байланыш маселелерин ишке ашыруу керек болду. Аларды мерчемдүү жерлерге жайгаштыруу, алардын ортосуна бузулгус жана ишенчиликтүү байланыш түзүп берүү ж.у.с. бир кыйла уюштуруу иштерин жасоо керек эле. Бул ишти Коопсуздук наркомунун орун басары, чынында шпиондордун баягы резинденти (башчысы) жан дилин сабап киришип, кыска мөөнөттүн ичинде реорганизациянын шарданы менен ар бир союздук, автономиялык республикада, облуста, крайда, ири-ири шаарларда комитеттин жооптуу орундарына өз кишилерин (теги немистердин шпиондук иштерин биздин органга ашкерелеп берген «энтузиаст-ишмерлер, коммунисттик партиянын накта ишенимдүү азаматтары» аталгандардан) орноштурду. Чекисттердин бүткүл союз боюнча бардык тармактарына ишенимдүү өз кишилерин коюп, шексинген жерлеринин баарына тыгынчык тыгып, орун-очок алгандан соң, жаңы системасынын, тыңгылыктуу улугун көрүп, бекемдиги-

не толук көзү жеткенден кийин, өздөрү биздин өлкөгө каршы иш жүргүзүү боюнча түзгөн планын аткарууга киришти. Бул план жанагы мен айткан «Өздөрү менен өздөрүн өлтүрүү» деп аталат. Абдан акылдуу залимдер, жеткен кылдат мыкаачылык усул менен жаратышкан желмогуз тапкан план эле. Сталин өзү таштаган ураанды туу кылып, өзү чаап берген даңгыр жолго адеп чыкканда: Ленин менен бирге иштешип, үзөңгүлөш, максатташ, санаалаш болгондордун, бирок кээде маселе талашып, кермур айтышып келген, Сталиндин бийлигине мойну жар бербей жүргөн, белгилүү революционерлердин, бүт элге таанымал ишмерлердин «эл душманы» деген тизмесин тигилер биринчи кылып жазышты. Булардын «душмандыгын» далилдөө анчейин оор болгон жок. Өздөрүнүн мурдатан ачык айтып жүргөн пикирлери эски революционерлердин өздөрүнө айгак болду. «Баштатан бери эле Партиянын Генералдык жолуна каршы болуп келген карт бөрүлөр, эми Совет өкмөтүнүн жетишкен зор ийгиликтерин көрө албай, аны кулатуу үчүн жашыруун контрреволюциялык иштерди уюштуруп жатыптыр» деген жалааны жабыштырып, ошону менен катар өздөрүнүн «азамат чекисттерининин» кыраакылыгын баса көрсөткөн атайын кабарлар партиянын, өкүмөттүн жетекчилерин, албетте ишене турган «далилдер» менен чар тараптан келип, «айыптууларды» камоого саясий бюродон санкция сурап киришти. Бул «фактыларды» жалпы эл билсин, кимдин ким экенин түшүнүшсүн деген максатта партия пропаганда машинесин бүт кубатынча иштетип радио, газеттерге чуулдатты. Кай-кай жерлерде, заводфабрикаларда, окуу жайларда, эл чарбасынын бардык тармактарынын ири ишканаларында, чыгармачылык союздарда, илимий мекемелерде, ал тургай, тигилерден алыс жердеги колхоз-совхоздордо күн сайын чогулуштар, митингилер уюштурулуп, кече эле ысымдары менен эл сыймыктанган бүт өлкөгө таанымал адамдарды бүгүн

«эл душмандары, социализмдин кызыкчылыгын капиталисттерге саткан буржуазиячыл чыккынчылар» деп жатты. Таасирдүүрөөк болуш үчүн ачык сот уюштуруп, «күнөөлөрүн» моюндарына алдыртып атты. Планынын туңгуч жөрөлгөсү ийгиликтүү ишке ашканына ыраазы эргулдар, бул усулду туура деп бекитип, эми биздин өлкөдө иштеп аткан тыңчыларына «иштери илгери болсун» каалашты. Мына ошентип отуз жетинчи жыл башталды!

План боюнча бүт өлкөдө чагым уюштуруп, өкүмөт менен партия жетекчилерин ишканалардын, совхоздордун деректирлерине, колхоздордун башкармаларына, партуюмдардын райкомдоруна, парторгдоруна чейин, а Кызыл Армияны взводдун командирине чейин каматып жоготуу болчу.

Экинчи эшелонго Сталиндин өзүнүн үзөнгүлөштөрү кирди. Булардын ичинен да биринчилерден болуп, Сталин менен кез-кезде сөз талашып, текөөрлөшүп жүргөндөр катталды. Бул тизмени да шек алдырбай Сталиндин жана анын тар чөйрөсүнүн колдорунан «аман-эсен» өткөрүп алгандан кийин, өздөрүн орундарында тыңгылыктуу бекем олтургандыгына толук ишенип, Совет өкүмөтүнүн жана Коммунисттик партиянын туткасын кармап турган кишини торуна толук чырмап алганына көздөрү жетип, эми арамзалык машинесинин бүт кубаттуулугун ишке чегишти. А Сталин болсо, жакын жолдошторун «чыккынчы», «эл душманы», «буржуазиялык контрреволюционерлерге жалданган жүзү каралар» экенин азыр «билип», ого бетер жаалданып: «Мындай иштерге убал жок, аёо жок!» – деп чамынып, «эл душмандарынын бетин ачуу кампаниясын» ого бетер күчөттү. Өрттүн илеби союздук, автономиялык республикаларга да жетти. Жүздөгөн жооптуу кызматкерлер, миңдеген алардын кадрлары, илим, билим, өнөр тармагындагы дүйнөгө таанымал ишмерлер камакка алынды. Булардын баарысын ачык процесс кылып соттоого үлгүрө албай, чамасы

жетпей кыйналышты.

Ягоданын ордун ээлеген нарком Ежов өзүнүн конторунда даярдалган тизмени Сталинге араң үлгүрүп алып келип жүргөн почточуга окшоп калды. Чындыгында эле ал бекетчинин гана кызматын аткарган жинди болгондугу кийин билинген. Кампания башталгандан жарым жыл өтпөй, камалгандар чоң лкөнүн түрмөлөрүнө батпай кетти. Шашылыш түрдө жаңы туткундар лагери СССРдин бүткүл аймагына ондоп-жүздөп курулуп жатты.

Дүйнөлүк юриспруденцияны бузуудан чочуп, баштапкы мөөнөттө камактагыларды суракка алышып, ишин сотторго, аскер трибуналдарына беришет, каралоочу-актоочуларды бекитимиш болуп соттон өткөрүп жазалашты. Комар носа не подточит! Мунун баарысы «кожо көрсүн» шылтоо. Өздөрү кармалып калбастын амалы, Сталиндин чөйрөсүнө жагынып, улам анын ишенимин арттыруу максаты. Чындыгында курман болуучулардын тизмесин, биздин органга уялап алган жыландын ордосунун мүчөлөрү өздөрү тизип, тигилерди жети түндө төшөктөрүнөн сууруп алып келип, өз суракчыларына тапшырып турган. Суракчылары мурда даярдалган схема боюнча «суракка» алып, өздөрүнүн такшалган мыкаачылык усулун колдонушуп, куурагырларды «күнөөсүн» моюндарына алууга мажбурлашкан. Юстиция органдары «суракчылар» колунан чыккан айыпкерлердин «кылмышымды мойнума алдым» бүтүмүн ырастоодон башка өкүм чыгарууга аргасыз болгон. Антпесе, бүгүн сот эртең бул шордуулардын ордуна олтурмак. Андай окуялар да болгон...

Туткундар батпай кеткендиктен сот органдары соттоп үлгүрө албай калды. Райондук эл сотунан баштап, СССРдин жогорку сотуна чейин «кылмыш иштери» шкафтарына, сейфтерине батпай кетти. Ал эми барган сайын «эл душмандарынын» саны көбөйгөндөн көбөйдү, учу-кыйры көрүнбөйт. Кыскартып айтканда бир чети «эл

душмандары» түшүмү күтүлгөндөн алда канча арбын болуп, чагымдын авторлору туйтунуп кубанышты. Экинчиден, түшүм бара-бара селге айланып, өздөрүн кошо каптап кетчү коркунуч туулду. Ушундан улам шашылыш тактика планын иштеп чыгууга мажбур болушту. Эмки план боюнча чекисттердин саны көбөйтүлдү. Муну ишке ашырууга да Партия өзү жардам берди. Активдүү жаш коммунисттер менен комсомолецтерден тандоо жүргүзүлдү. Жаңы кошулган кадрларды чекистикке үйрөтүү баягы шумпайларга тапшырылды. Алар болсо, «эл душмандарынын» бетин ачыш үчүн суракты кандай жүргүзүүнү, «күнөөлөрүн» мойнуна кантип алдырууну буларга иш үстүндө үйрөтүп киришти. Ортоңку кылымдарда кудайды күнөм санап, дин жолунан адашкандарга чиркөөнүн уламалары да колдонуп көрбөгөн мыкаачылык кыйноо усулдарын жаңы үйрөнчүктөргө көрсөтүштү. А бу чөндөлөйлөрдүн кыйласы «эл душманына аёо жок!» деген ураан менен дүрмөттөлүп, өлкөдө жүрүп жаткан официялдуу үгүт-насыятка кызымтал болгон немелер биринен бири атаандашып сүйкүмдүү шакирт атка конууга тырышып, устаздарынын берген сабактарын «өтө жакшы» баага аткаруу менен алек.

Шумпайлардын бул чарасы да ийгиликтүү ишке ашырылды. Эми, юристпрунденцияны да кырдаалга жараша өзгөртүүгө мүмкүндүк келди. Сот, трибунал органдары жетишпегендигине байланыштуу, ишти тездик менен илгери жылдыруу үчүн «Тройка» деген бир орган уюштурууга саясий бюронун чечими чыкты. Мунун курамы үч кишиден турат: республикалык, крайлык, облустук, прокурор, НКВДнын начальниги жана Борбордук Комитеттин, обкомдун катчыларынын бири. Мунун персоналын тандоо иши да НКВДга жүктөлгөн. Ушунун натыйжасында Тройканын курамына эреже катары партиянын өкүлү болуп БКнын же обкомдун чала сабаттуу эски коммунист чолок этектерден көтөрүлгөн катчысы тандала турган.

Ошентип, Саясий бюродон бата алган Тройка ишке киришти. Эми сурагы бүткөндөрдүн ишин сотту күттүрбөй, Тройкага түз эле алып келип, айыпталгандардын катышуусуз, жабык каалганын артында ал байкуштардын тагдыры чечиле берди. Кыскасы эт комбинаттары толук ишке кирип, атылуучулары атылды, кесилүүчүлөр кесилди. Жогорку эшелондогулардын анча-мынча эле кынтыгы барларынын баарысын кайсап бүтүргөндөн кийин, эми республикалар крайлар, облустар бута болуп бериште. Булар менен күрөшүү алда канча жеңил болду…

…Тыныш, үтүрсүз мунун баарысын майор шыбыргактатып айтып атты. Бул окуялар биздин республикада сел каптагандай жүргөнүнө өзүм күбөө элем, балким ошондон болсо керек, бу киши ошол кездеги жалпы абалды айтып атса да, менин көзүмө тааныш адамдардын тагдырлары элестеп, андагы түшүнүксүз суроолордун көбүнө аңгемеден жооп таап, жүрөккө түпөйүл болуп жүргөн дартым айыгуучу дарысына кабылгансып, кандайдыр бир күдүк үмүттү туудурат. Барган сайын ичим жеңилдеп, «чырдын башы быякта турбайбы» деген ынануу пайда болууда. Бул ынтызар менен угуп аткан көңүлүмдү сыртта сол капталыбыздан анда-санда чыккан оор замбиректин огунун жер солкулдаткан табышы гана алагды кылууда, Аңгемечим аны да сезбейби, билбейм, камаарап да койбойт. Сөз жоргосун салдырып, баягы отуз жетинчи жылдын ойдуңунда!..

Көзүмө 1937-жылдын кыш айлары элестейт «Сталиндик» атка конгон жаңы конституциянын мыйзамынын негизинде СССРдин Мамлекеттик бийлигине депутаттарды жабык добуш менен түз шайлоо компаниясы өтө кызуу темп менен жүрүүдө. Күн сайын гезиттерге элдин ишенимине татыктуу, жолдош Сталинге, Коммунисттик партияга чын берилип иштеген депутаттыкка кандидаттардын сүрөттөрү бакыйып чыгат. Ошону менен катар, мурда депутаттыкка көрсөтүлгөндөрдүн кээ бирөөлөрү

«эл душманы» экени билинип, камакка алынгандыгы тууурасында кабарлар да жарыяланат. Биздин институттун шайлоо участогу боюнча Кыргыз ССРнын НКВДсынын башчысы Лоцман деген депутаттыкка кандидат болуп катталыптыр. Республикабызда жашырынып жүргөн эл душмандарын, буржуазиячыл улутчулдарды, шпиондорду кармап, мамлекеттин коопсуздугу үчүн талыкпай иштеп аткан күжүрмөн, ак жүрөк наркомду элибиздин жыргалчылыгы үчүн, коммунисттик коомду ийгиликтүү куруу үчүн СССР Жогорку Советине депутат болуп, шайланышына чын жүрөктөн добушубузду беребиз деп комсомолдук, профсоюздук, студенттик чогулуштарда күн сайын чуулдатабыз. Бирок анын өзүн көрө элекпиз. Гезитке чыккан өмүр баяны боюнча жана жогорку жактан келген агитаторлордун айтууларына таянып эле үгүт насаат машийнеси чимирилүүдө. Агитатор студенттер тегерегибиздеги жашаган калктын түтүнүн түрө эки күндө бир кыдырып, кыштын карына, аязына кайылбыз. Бизге, жаштар үчүн мындай кампания биринчи жолу кезигип аткандыктан, бир чети кызык көрүнөт, экинчи чети, кокус илээндилик, кашаңдык кылсаң же мойнуң жар бербей, өзүңө жүктөлгөн ишти аткарбай койсоң, эртеси эле билинип, тиешелүү жерде сурактан өтөөрдү сезип, жаныбыз үчүн чуркайбыз. Ошентип олтуруп 12-декабрга да жеттик. Эшикте кар бурганактап, жол бүтөлүп калганына карабастан, эртең мененки саат алтыда шайлоо участкасына келген эл, залга жык толду. «Шайлоого укуктуу» деген наамга биринчи жеткен студенттер, бюллетендерди талашып алып, кээси кабинага кирсе, кээси өтө ак жүрөктүгүн атайын көрсөтүп, түз эле урнага таштап жатышты. Түнкү саат 12 ге чейин дүбүрт басылбай, ыр, тамаша, оюн-зоок өкүм сүрдү. Эртеси радиондон «күжүрмөн нарком жолдош Лоцманга жалпы шайлоочулар 100% ишеним көрсөтүп СССР Жогорку Советине депутат кылып шайлап алышты» деп жарыя-

лады, 2–3 күндөн кийин гезиттерге да жалпы депутаттардын тизмеси чыкты. Бирок бир жыл өтпөй ал мактап шайланган депутатыбыздын аты чыкпай, дайынсыз жоголду. Ал жөнүндө өкүмөттүн атайын билдирүүсү да болгон жок. 1939-жылкы апрелдеги ВКП (б) XVIII съездинен кийин СССРдин НКВДсынын системасында чоң өзгөрүүлөр болду. 1939-жылдын апрель айынан баштап, тирүү калган «контрлардын» анча-мынчасы түрмөдөн чыгарылып атты.

Имиш, имиштерден Лоцман жөнүндө кийинчерээк уккандарым Дорфмандын айткандарынан улам эске түштү. Көп жери бул кишинин айтып атканына окшойт.

Эреже боюнча шайланган депутаттардын тизмеси «Известия» гезитине толук жарыяланган. «Известия» чоң өлкөнүн булуң-бурчтарынын баарына жеткен гезит Украинанын аймактарына да жетет. Күндөрдүн биринде партизан Лоцмандын чоң жолдон алыс, эңгиреген бир обочо айылда өлбөстүн күнүн көрүп, өчпөстүн отун үлбүрөтүп оокат кылып жүргөн жесирине «эриң тирүү көрүнөт» деген каңшаар да угулат. Мындан он жети жыл мурда «сиздин жубайыңыз күжүрмөн, кайраттуу партизан Лоцман Иван Иванович Винница облусунун Жмеринка калаасына жакын бир кыштагында ак гвардиячылар менен болгон чоң салгылашууда 17-май 1920-жылы эрдик көрсөтүп, душмандын колунан каза тапты» деген кабары үйүндө, күйөөсүнүн сүрөтүнүн алдында илинип тургандыктан, бул каңшаарга жесир Лоцман ишенбейт. Анткени менен ичине уйгу-туйгу бүлүк түшөт. Уккан кабарын айлындагы коңшу колоңдоруна, жерге-жээк, төркүн төстөрүнө билдирип, акылдашат. Кээ бирлери каңшаарга ишенип бөөдө чыгым болбо, окшош фамилиялар болбой коймок беле десе, кайсы бир жакындары: болсо болоор, балким өлбөй эле оор жарадар болуп алыс жерлердеги госпиталдарда дарыланып жүрүп айыгып, силерди сурамжылап таба албай, башка

жердик болуп кеткендир?.. А дегенде гезитти таптырып, андан дайынын билели. Анан, эгер кажаты болсо, сураштырып көр, ал үчүн көйнөгүңдү чечип албайт. Өзүң атактуу партизандын аялы болсоң эмнеден коркосуң? Кабар чын чыгып, табышып калышыңар ажеп эмес. Он жети жыл жетим, жесирликтин кайгысын тартып жүргөн байкуштар, багыңар ачылып, депутаттын жубайы, баласы болуп калгыңар бардыр. Ваняң тирүүлүгү чын болсо, ак көңүл кургур, силерди тапканына төбөсү көккө тийгиче сүйүнөөр?.. деп, байкуш жесирди жана анын бойго жетип калган кызын таптакыр дегдетип, тынчын алып, көкүтүп коюшат. Үзүлгөн үмүт уланып, кусадар шамынын майы түгөнүп өчкөн оту кайра тутанып, бул байкуштардын жүрөктөрү алеп-желеп болот. Гезит табуу үчүн кызы экөө районунун борборуна бирөөлөргө учкашып-чиркешип дегендей эптеп жетишип, китепканадан көктөлгөн «Известиялардан» издеп отуруп, шайланган депутаттардын тизмеси басылган номурун таап, кызы гезиттин бетине сөөмөйүн ээрчитип көз жүгүртүп жатып, көптөн кийин «Депутаты Совета Союза от Киргизской ССР» деген жерден Лоцман Иван Иванович деп окуганда, энесинин өңү кумсарып, башы тегеренип, кызынын тизесине жыгылат. Кызы чочуп кетип, гезитти столдун үстүнө ыргытып, энесинин башын кош чеңгели менен кармап, эмне кылар айласын билбей алдастап жатканда, залга көзөмөл болгон китепканачы аял көрө коюп, булардын жанына жетип келип: «Кызым, коркпо, эчтеке эмес. Бир аз башы айлана түшкөн турбайбы апаңдын, же кимиңдин...» деп, бир стакан суу алып келип аялдын бетине, чекесине суу сепкенде, тигил көзүн ачат, китепканачы анын оозуна стаканды жакындатып, суу ууртатып, муну эсине келтирет. Эсине келген соң, гезитти бир нече жолу кызына кайталатып окутуп, бул шайланган депутат, өмүр баянындагы бардык белгиси боюнча өзүнүн партизан Ванясына окшош экенине жесирдин көзү жетет.

Жалгыз гана бир кемтиги Киргизия деген кайда экенин биле албайт, мектептин онунчу классын бүтүп аткан кызы да буга жардам бере албайт. Китепканачыдан, өз сырын айтпай, Кыргызстан жөнүндө сураса, ал өтө алыс жана ысык жердеги бир республика экенин колунан келишинче айтып бергени менен баары бир булардын башына кирбейт. Ошентип, гезиттен тапканына кубанышып бирок ал тапкан кишиси кайсы жерде жашап, иштеп атканын ачык даана биле алышпай аңгүдүк бойдон үйүнө кайтышат. Ошентсе да гезиттин номурун, кайсы айдын канчанчы күнү чыкканын жазып ала келишет. Өздөрүнүн райондон билип кайтканын даана билмейинче айыл-апага шам-шаркыт кылбайлы, кокус жалган чыгып калса шылдың болбойлу деп, энеси, кызы экөө убадалашып сырларын сурагандардан жашырышат. Бирок тынч жатып албастан, гезиттеги адрес боюнча Кыргызстанга, Лоцмандын иштеген жерине кат жазышат. Биринчи катына үч айга чейин жооп келбегенден соң, балким ал кат жолдо жоголуп, адресатка тийбей калдыбы деген күдүк ой менен экинчи жолу жазышат. Бул катында кусадар болуп көп күтүшкөнүнө, табышууну чыдамсыз эңсешкенине аралаш, «башка катын алып, бала-чакалуу болуп, бизди унуткансын го, болбосо, эмдигиче биздин катка небак эле жооп келет эле» деп зекиген сөздөрдү да кошушат, бирок буга да жооп ала алышпай жайды өткөрүп, күзгө да жетишет. Акыры, айылындагы айыл кеңешинин катчысы менен акылдашып, анын жардамы менен жесир, жетим Лоцмандар Михаил Иванович Калининге арыз менен кайрылышат. Арадан кыйла убакыт өткөндөн кийин жесир Лоцмандын үйүнө бир бейтааныш киши келип, булардын арызы боюнча Калининдин аппаратынан атайын текшерүү үчүн келгенин айтып: «Сиз менин эрим деген киши менен көзмө көз беттештирүү үчүн Маскөөгө сизди алып барышым керек» деп, сылык сүйлөп, коркутпай үркүтпөй жошутуп, ишенимдүү кеп

салып, Маскөөгө партизандын жесирин барып берүүгө абдан өтүнүп, Калининдин кагазын көрсөтүп атып, жесир Лоцманды алып кетет. Ошол эле мезгилде телеграмма менен нарком Лоцманды Фрунзеден Маскөөгө чакыртат. НКВДнын башкы кеңсесинде жесир Лоцманды жашыруун жерге олтургузуп «чоң начальниктин кабинетине, тигил эшикке ким кирип, ким чыгып атканынын баарысын байкап отуруңуз» деп, тапшырма берет. Айылда, ээн жерде жашап өскөн байкуш жесир жаңы чөйрөгө корунуп, батына албай аптыгып, селейип катып, эшиктен көзүн айырбай отура берет. Жакалары жаркылдаган, курал-жарагын аарчынданган чоң-чоң начальниктер кирип чыгып атат. Бир оокумда баягы олтургузуп кеткен киши келип аялдан: «күйөңүздү тааныдыңызбы?» деп сурайт. Аял тигиге партизан Ванясын бүгүнкүлөрдүн арасынан кезиктирбегенин айтып берет. Эртеси жесир Лоцманды кечээки тааныш начальник башка кабинетке элдер чубап өтөөр жолдун удулуна олтуругузат да, нарком Лоцманды аялга билгизбей ошол кабинетке чакыртат. Лоцман келип, чакырган начальник менен сүйлөшөт. Тигил аялга көңүл бурбайт, аял да аны кайдыгер карап олтура берет. Лоцман чыгып кеткенден кийин тигил начальник аялдан дагы: «күйөңүздү тааныдыңызбы?» дейт. Жесир Лоцман ордунан ыргып туруп: «жолдош начальник бул менин Ванямэмес! Кымындай да жери ага окшобойт. Депутат Лоцманыңар ушулбу?» деп такып сурайт. Нарком Лоцманды карматып, куралын алып, каматышат.

Суракта биздин сталинчил ак жүрөк депутат, «эл душмандарынын» «улутчулдардын», «шпиондордун» сазайын колуна берип жүргөн наркомубуз чынында согушта курман болгон партизан, коммунист Лоцмандын документтерин толук уурдап алып, жашыруун иштеп жүргөн чыныгы душман, шпион экени далилденип, жазаланыптыр деген имиш биздин республиканын жогорку эшелонунда тараганын, чоңдордун жек-жаатынан

мени менен кошо аспирантурада окуп жүргөн бир жолдошумдан уккан элем. Бул айың, балким чын, а балким калптыр?.. Деги өлчөөсү өзүнө болсун!

Дорфмандын айткандары маскөөлүк, ленинграддык жана башка республикалардагы НКВД кызматкерлери жөнүндө болуп атканы менен менин Республикамдагы НКВДнын чоңунун өмүр баянына окшош экенине таң калам!..

– Зильман Маркович! Сиз НКВДда иштеген белеңиз? – капыстан берилген менин суроомо чочуп ойгонгон немече:

– Эмне болду? – деди да, токтой калды.

– Баса, ичинде кошо катышып жүргөн, же мунун баарысын капталдан карап турган кишидей элестүү айтып атканыңыздан улам сурап атам – деп, жай гана көңүлүн уладым.

– Жок, браток, өзүм иштеген эмесмин, бирок жакын туугандарымдан, курсташтарымдан иштегендери болгон. Алардын азабын башынан өткөргөн досторумдун дастандарынан билем. Кала берсе, журналисттик кесип айланамда эмне болуп атканын, анын төркүн-төсүнүн, ийне-жибине дейре терип-тепчип билүүнү талап кылат. Өз билгенин элге жарыялоо, ал жөнүндө эл пикирин билүү, же керек болгон жерде пикир калыптандыруу журналисттин ыйык милдети. Ошол үчүн чет мамлекеттерде иш башында тургандардын эң биринчи жалаңкычы полиция жана тыңчылар эмес – журналисттер. Өкмөт башчылары булардан, мамлекеттик жашыруун сырларды жарыялап жибербес үчүн, түрлүү амал менен катууга тырышышат. Өнөр-жай, соода-сатык, банке, корпорация, концерн ж.у.с. капиталисттик чарбалардын ээлери кыңыры кылмыштуу иштерин журналисттерден өлгөндөй жашырышат. Кокустан шеги эле билинсе жарыя кылып, былыктарын чубап, элге шерменде кылат. Аларда цензура деген жок. Сөз эркиндиги абдан кадырлуу. Бизде деле отуз жетинчи жылдан мурда сөз эркиндиги бар болгон.

Иште кетирген кемчиликти сыноого Партия жол тозчу эмес. Отуз жетинчи жылкы эпидемия журналисттердин да каймагын каалаганынча калпыды. Дүйнөгө атагы чыккан Карел Радек, Михаил Кольцов окшогондордон тартып, кесиби боюнча чет мамлекетке бир жолу башпагып койгон журналистке чейин терип жоготту. Баарысына койгон күнөө – коёндон окшош чет мамлекеттин шпиону. Мында да баарыдан көп, шору айрылбаган менин улутум жабыркады. Анткени, четке кимдерди жибере турган? Албетте четтиктердин тилин биле турган журналисттерди. Алардын көпчүлүгү еврейлер болгон. Мен улутумду өтө зээндүү деп мактабайм. Жана да айтпадымбы. Байыртан бери өмүр бою бирөөлөрдүн жеринде жашоого мажбур болгон байкуштар түрдүү саясий сапырыктарды, кодулоону, кемсинтүүнү башынан өткөргөн кургурлар, алардын айрөгүнө, ызалоосуна чыдаган байкуштар, жан багуунун айласы катары бөтөн тилдерди үйрөнүүгө аргасыз болушкан. Бирөөлөр кубаласа экинчилерине барып корголошкон.

Айтмакчы, Кольцов да, Радек да еврей болушкан. Биринчиси Россияда туулган. Эки бир тууган экөө тең таланттуу, бирок фамилиялары башка: бирөөнүкү Кольцов, экинчисиники Ефимов. Булардын чыныгы фамилиясы Фридланд:

– Кайсы Ефимов? Карикатурист эмеспи?

– Ооба, эмне сиз таанийсызбы?

– Жок, бирок анын сүрөттөрүн ким билбейт!

– Ырас, Борис Ефимовдун карикатурасын ким билбейт? Мунун саясий карикатуралары азыр биздин борбордук гезит, журналдарыбыздын бетинен түшпөйт. Айрыкча Гитлер, Геббельс, Герингдердин сүрөттөрү – унутулгус типтер, кылымдан кылымга таанымал бойдон калышы ыктымал. Бул экөөнүн өтө таланттуусу Миша Кольцов болуучу. Көп тил билчү. Немисче, испанча, англисче шыдыр сүйлөчү. Ал тургай өз улутунун эбре

(иврит) тилин да билет дешчү. Сталин менен бетме-бет сүйлөшчү. Телефон аркылуу сүйлөшүп атканын өз көзүм менен көрүп, кулагым менен уккамын. Испаниядагы граждандык согушка катышып, республикалар тарабында болуп согуштун күндөлүк репортаждарын биздин гезиттерге тынбай чагылтып, генерал Франконун саясий портретин жазган памфлетин жана башка фашисттик жетекчилери жөнүндөгү сатираларын борбордук чоң журналдар, маселен, «Огонек» дайым жарыялай турган. Дүйнөгө таанымал Эрнест Хемингуэй, Лион Фейхтвангер, Андре Моруа, Андре Пертинакс, Илья Эренбург далай чет элдик журналисттер, жазуучулар арасында Кольцовдун кадыры, баркы жогору эле. Кайран жигиттин түбүнө акыры ошол «Испанские репортажи» жетти. Анын азабынан Борис да кызматсыз куугунтукта жүрдү. Түрмөгө камалбаганы эле болбосо, далай кордукту көрдү. Эми гана, согуш маалында өз эмгектери менен ким экенин таанытып атат.

– Радекти да таанийсызбы?

– Таанибайчы! Радек Чехословакияда туулган еврей. Эл аралык масштабдагы журналист болуучу. Калеми өтө курч, коркуу дегенди билбеген, тилин тартпаган, мамлекет аралык саясий опурталдуу маселелерди прессага көтөрүп чыга турган. Аны менен мамлекеттердин жетекчилери калпагын алып сүйлөшкөн киши эле. Татаал, талаш маселелер анын кумары боло турган жана аларды кумар кандыра жазуучу. Саясий портрет жасоо жагынан дүйнөгө таанымал уста эле. Мунун алдында Эренбургдар чөгөлөй турган. Эгер азыр ал болгондо фашизмдин төбөлдөрүнүн, германдык милитаризмдин билермандарынын ыштанын шыпыра жазмак.

– Эренбург деле алардын сазайын берип атат го?

– Э-эй, браток. Сиз Радекти көрбөгөндүктөн, балким, ал жазган мамлекет башчыларынын саясий портреттерин окубагандыктан, Эренбургду укмуш көрүп атасыз... Бул

Радекке теңелмек тургай караандабайт, көлөкөсүнө да окшотуп болбойт. Эренбург да адамдын бүйүрүн кызытып жаза алат деңизчи, анда талаш жок. Бирок Радек – турна, Эренбург – таранчы!

– Демек, Радек кыйындыгынан камалган, а Эренбург начарлыгынан «тигилердин» назарына түшпөгөн экен да?

– Антүү чындыкка жатпайт. Эренбургдан жүз эсе начар журналисттер деле курман болду. А Эренбургга колдору жете албады, анткени, ал жылдары Эренбург Франциянын граждани болуучу. Биздеги компания өз ички душмандарыбыз менен күрөшүүгө арналган. Эренбургдун бактысы бар азамат, акылынан амалы көбүрөөк жөөт.

– Радекти эмне үчүн атууга буюрбай он жыл берди? Ал процесстеги айыпталгандардын Радектен башкаларынын баарын атууга өкүм кылса керек эле?

– Бул суроону маа бербей, соттун төрагасына бериңиз – деп, бырс күлүп, майор, – кечирип коюңуз, тамаша сөздү түшүнөөрүңүзгө шегим жок, – кайра калыбеттүү коңур үн менен – чынында эле мен да ушундай суроону ушу күнгө чейин койнума катып келем. Учурунда мен командировкада жүрүп катыша албадым. Маскөөдө болгонумда деле мени катыштырат беле, жок беле, таң?.. Менден алда канча азуулуу гезитчилерди деле, соттун босогосуна жолотпоптур. «Правда», «Известия» сыяктуу ири гезиттердин «эл душмандарын» жек көргөн, «ишенчиликтүү» репортерлоруна гана катышууга уруксат беришиптир, а чет элдик кабарчылардан, жаңылбасам, Фейхтвангер гана катышса керек эле...

Радек тергөөдө да, соттун сурагында да коюлган айыпты мойнуна алган эмес. Мүмкүн ошонусу себеп болдубу, билбейм. Же балким жер чечегин безеген укмуштай чечен неме, процессте соттор менен жыланча арбашып, каралоочу менен кайым айтышып, далилдүү, жүйөлүү сөздөрү менен алардын тозгон торунан, тарткан тузагы-

нан, буктурган капканынан, салган кайырмагынан, ыргыткан чалмасынан буйтап, карматпай койгондур. Анын чөйрөсүндөгү жанжөөкөрлөрүнүн, жолдош-жоросунун сыпаттоолоруна караганда, чоң саясаттардын казанында кайнап бышкан ал тегирмендин ташынан бүкүлү, Мартендин мешинен соо чыккан карт бөрү, журналисттердин ана башынан болгон. Ошонусу менен дүйнөгө таанымал эле. Балким, ошондуктан ачык сотто ага жазанын жеткен жогорку чегин берүүгө даай алышпагандыр?.. Билбейм, бул менин жекече оюм. Мүмкүн тагдыр калчачулардын дагы башка пикири болгондур. Баары бир, анда атпаганы менен колундагы коёнду бир коңулда жайлады деңизчи...

Түн капортосунан небак оогон. Жертөлөнүн ичи чыкыроон боло баштады. Брезент эшиктин жылчыктарынан сырткы суук сызылып кирип атткансыйт. Мештин табы сезилбейт. Кейпи, оту күйүп бүткөндөй. Сыртта жымжырт. Артиллеристтер немис болсо деле чарчайт да. Максатсыз аткылоодон тажап, алар деле киши эмеспи, уйкуга киришсе керек... Аңгеме канча кызык болсо да, чыйрыгып келаткан дене ичиркентип, ордуман копшолуп башымды көтөрүп, төшөгүмө олтурдум. Майорум да тынбай жаагын жанып атып чарчаган бейм, оозун кере бир эстеп алып, мени билмекке:

– Уктадыңызбы? – деп кайрылды.

Менин абалымдан кабардар болгон соң:

– Однако, зябко – деп, ал да тура келди. Мен жамынып жаткан тонумдун чөнтөгүнөн ширенке алып, баш жагымда турган чыракты жандырганда майор кол саатын караса, үчтөн он жети мүнөт өтүптүр.

– Ох-хо! Таңга төрт эле саат калыптыр. Сизди аңгемем менен тажатып атып, уйкуңуздан калтырган турбайымбы, кечиресиз...

– Зильман Маркович, кудай жалгагыр, антпенизчи. Убактыңызды алганым үчүн кайра сиз мени кечириңиз. Түндүн баарысы бүгүнкүдөй болгондо, мен кандыбу-

лоолу эки жарым жыл ичинде далай эле нерсени угат элем деңизчи. Бирок мындай жүрөктүн толтосунан көл толкунундай илептүү чыккан сырды кимден угат элем.

– Ыракмат, браток. Мен сизден жаңылбапмын. А деп таанышканда эле, көзүңүздөн байкагам, шайкелеңдерден эмес экениңизди. Мен да жүрөгүмдү таш баскан оордон бир аз жеңилдеп, буусу чыккан самоордой тынчып, элеп-желеп болуп жүргөн көңүлүм бир аз жайлангансыды. Мынча болду, сыртка чыгып асмандан ай карап келсек кандай болот – деп, күлүңдөгөн көзүнө айнегин тагынып, чылгоосун оронуп, өтүгүн кийүүгө камынды. Мен да кийинип, мештин ичин көсөөлөп, өчө элек чок таап, от тутандырып, отун солодум да, сыртка чыгып, обочороок баратып, «Стой кто идет!» деген үндү угуп, ал жакка бурулдум. Күзөтчү солдатым майорду көрүп, токтотуптур.

Басып барып, солдаттын уктабай, сакчы болуп пост-то турганына алкыш айтып, акыбалды сурамжыласам, баарысы жайында. Айлана тынчтык экендиги жөнүндө рапорт берди. Айтканындай эле жымжырт. Нарыраак жактан кепенин ичинде аттардын чөптү күртүлдөтүп чайнаган табышы угулат. Бир аз көңүл коюп тыңшасаң, арасында бышкырган, жөткүргөндөрү бар. Кабакта медиктердин эвакопунктунун чатырынын ичиндеги шамдардын брезенттен сызылып чыккан күңүрт шооласы, ошол жерде бир нерсе бар экенин бүлбүлдөп сездирет. Жоо тарапка кулак бурсаң, тунжураган бейкутчулук түнөрүп жатат. Оо, кудай, тынччылык бере көр! Артыңа бурулуп тыңшасаң – Лиозно станциясы жактан түнкү тиричиликтин алыскы табыштары кулагыңа чалдыгат. Төбөңдө булут жукарып күндөгүсүнөн өөдө көтөрүлүп калгансыйт. Түштүктө асмандын булуту ирий баштагансыйт. Кээ бир жерлери даакысы жаңы түшө баштаган тай терисиндей. Анда-санда такыр жерлеринен жылдыздар жылт этип, кайра булутка жашынат. Түндүк тарап

дагы эле калың кара түн. Көптөн бери бирде алакайыр бороон, бирде шыбыргактаган нымдуу кар, бирде акшактай майда тоголок мөндүр, бирде туман аралаш бубак, бирде карандай, чыкылдаган аяз алмак-салмак алмашып согуштун автомат, пулемет, замбирек, миномет, катюша, бомба жана башка куралдан куралган оркестиринин кокофониясынын коштоосу менен майдандын кең талаасында өкүм сүрүп аткан алаамат, бүгүн кудуреттин үнсүз жарлыгы менен токтотулгандай сезилет. Атаганат ылайым ушундай болсо не! Андай күн кайда!? Гитлер тирүү, Берлин алыс... Арада дагы канча кыйыла элек жан, төгүлө элек кан, чубура элек жаш жатат? Жоо кошууну алигиче Мекенибиздин капшытынан сүрүлө элек. Дале ажыдаардын уулу тиши суурула элек. Ой-ой, кудай өзүң сактай көр!

Согушта ушундай бейкут түндөр болоорун катышпагандар, көзү менен көрбөгөндөр ишенбестир... Бирок анын отуна чыркырап, каарына зыркырап, өлүк жазданып, топо жамынып, от үстүндө октон коркпой чырм этип эс алып көнгөн биз – согуш солдаттары, ал жерде да бейкут түндөр сейрек болсо да учураарына күбөбүз. Согуш деген адамдын жашоо тиричилигинде дайым эле учурай бербеген бир бөтөнчө кесиндиси. Анда деле адам: суусаса ичет, ачка болсо жейт, көңүлү көтөрүлсө күлөт, ырдайт; самаганына жетсе сүйүнөт; кайгы-муңга батса капаланат, кейийт, ыйлайт; өмүрүнө доо келтирүүчү нерседен чочуйт, коркот, сактанат, чарчаса тыныгат, уктайт, максатка жетиш үчүн аракеттенет, эмгектенет. Согуштун тынчтыктан айырмасы – экөөнүн көздөгөн максаты, убакыт мөөнөтү эки башкалыкта – максаттары карама-каршы, убактылары – жай, тез. Согуштун максаты киши өлтүрүү, багындыруу, тынчтыктыкы – киши багуу, асыроо! Тынчтыктын убактысы жай, согуштуку – тез жүрөт.

О, чиркин, адамдын өмүрү аккан суу турбайбы?... Бир өмүр эч нерсе көрбөй, тамчыча тып-тып этип коюп,

соолот экен, бирөө учкан суудай аскадан атырылып, жолундагысын көмөлөтүп, акыры чуңкуруна күп деп, бир тийип, алыс узабай жерге житет экен, а кээ бир өмүр кайнар булактан жыбылжып чыгып, бара-бара өзөн болуп, кууш капчыгайлардан күркүрөп, шаркырап ташты ташка койгулап кулатып, жайыкка, түзөңгө чыкканда текиреңи таскакка, таскагы желикке, желиги басыкка өтүп мелтиреген кең дайрага айланып, сапары алыс болсо, жолу байсалдуу, алабын суугa кандырып, акыры деңизге куюлуп тынчыйт турбайбы. Мындай өмүргө жеткен да бар, жетпегендери – миллион. О, кудай, согуштун тар капчыгайында баратам. Тиги миллиондорго кошо көрбө!..

Түндүн ың-жың бейкуттугуна суктанып, кыялым асманга атып, ааламды бир паста чабыттап, айланадагы чындыктан алыстап кетип бараткынымды майордун кар картылдаткан табышы кайра өзүмө бурду.

– Ну, что, браток, закончим разминку?..

– Чынымды айтсам, Зильман Маркович, ушундай түндүн сымбатын бузуп салбайын деп, кадам шилтегенден айбыгып жертөлөгө кайра киргим келбей жатат.

– Ырас, мындай тынч түн сейрек кезигүүчү болду. Кантели, кудайдын түндөрүнүн да тынчын алган Гитлерге убалыбыз жетсин! Аман калсак, согуштан кийин заман оңолуп, элге тынчтык келгенде, ушул түн да эске түшөөр... Кирели, суук кармап калбасын. Карандай суук фашисттин чалгынчысынан да жаман. Билинбей келип ичтен кармайт.

Жертөлөнүн ичи жылый баштаптыр от тутанып күчүнө кирип келаткан экен. Ар кимибиз өз орундарыбызга келип, кайрадан жамбаштадык. Майордун кечтен бери сыркабынын оозун чечип, укмуштууларды айтканынан улам, бул сексот эмес, ичинде муңу бар жаралуу жүрөк, бул да бир куурагыр экенине көзүм жетип, эми андан чочулабай, кайра боорум ооруп, колунан жамандык келбөөчү ак ниет кишичилигине ишенимим уламдан улам

артып «катыгүн аңгемесин токтотуп койбогой эле» деп кабатырланып, сөзүн уландыруу максат менен:

– Зильман Маркович, тигил Леон Фейхтвангерди да жөөт дедиңиз. Ал кай жердин еврейи эле?

– Сиз «эле» дебеңиз, ал киши азыр да бар. Ооба, жөөт, Германиянын гражданини болуучу. Фашизм өкмөт башына келгенден кийин Францияга качып чыгууга мажбур болду. Фашисттин өтүгү бул мамлекетти да тебелегенде Америкага качкан. Азыр Америкада. Сиз согуштун алдында «Профессор Мамлок», «Семья Оппенгейма» деген кинолорду көрдүңүз беле?

– Көргөм, абдан таасирдүү, аянычтуу кинолор, Германиядагы еврейлердин фашизм орногондон кийинки трагедиясын көрсөтөт.

– Ошол кинолор Фейтвангердин романдарынын негизинде коюлган. Чындыгында ал кинолор романдын сюжетине жазылган сценарий боюнча тартылган эмес, экрандаштырылган романдар. Фейхтвангер иудалар тагдырына далай көркөм чыгармасын арнаган. Бул проблеманы дүйнөлүк көркөм адабият деңгээлине жеткирген. Тилекке каршы, анын чыгармалары бизде афишаланбайт. Анын себеби: жазуучунун өзүнөн кетирген бир аз кемчилиги бар. Мен жогоруда айтсам керек эле, «отуз жетинчи жылы Фейхтвангер биздин мамлекеттеги сот процесстерине катышкан» деп. Өзүнө баргандан кийин ал «Маскөө отуз жетинчи жылы» деген китеп жазат. Анысында накта чоң сүрөткер катары биздин элдин турмушун, мамлекеттин жүргүзүп аткан саясатын жакшы эле калыс чагылдырат. Ички душмандардын жашыруун бүтүмдөрүнүн бетин ачууда Сталин жетектеген комминисттик партия кандай эпкиндүү күрөшүп, зор ийгиликке жетип атканын (мунун чыныгы себепкерин Фейхтвангер кайдан билсин) колдоо менен бирге, бул компаниянын жүрүшүндө Сталиндин жеке бийлиги күчөп, ага элдин сыйынуусу ашып бараткканын да жашырбайт. Чыгармасынын бир жеринде «Сталиндин

сүрөттөрү даараткана да илинип турат» дейт. Кан куйүп турган андай учурда селсаяк жазуучунун мындай шылдыңы эмне деген кеп? Дароо жетекчибизге жеткизишет. Сталин канча токтоо, адилет киши болсо да, Кавказдын каны жүрөгүн туйлатпай койду дейсизби? Фейхтвангердин эч кандай эмгегин басмадан чыгарууга, ал тургай гезит үчүн кабарларын да жарыялоого тыюу салат. Тилине тибиритке чыккан Леондун ушул бир сүйлөмү өзүнүн керт башына да запкысын тийгизди. Гитлер Францияны жеңгенде, андан качып чыккан эки атактуу журналист жана жазуучу: Илья Эренбург менен Леон Фейхтвангер СССРге келип жашоону суранат. Эренбургга, анын мурдатан СССРдин гражданини экенин эске алышып, дароо оң жооп беришет. Фейхтвангерге болсо, улуксат беришкен эмес. Ошондуктан ал азыр океандын нары жагында баш пааналоого мажбур. Шоруң кургурдун тигиниси болбосо, Эренбург сыяктуу бизде эрке бала болуп жүрө бермек. Анын тилинин уусу Ильяныкынан ашпаса, кем эмес!

Айтмакчы, Сталинге сыйынуу жөнүндө. Сыйынуу – тарыхый нерсе. Бул адамзатта байыртан бери бар. Үңкүрдө жашаган коомдо деле кезиккен. Кишиге кадимкидей акыл кирип, айбандар жамаатынан суурулуп чыга келип, бөтөн-бөтөн топтор коомго биригип жашай баштаганда табийгый кубулуштардын сырларын билимсиздиктен ача албай, алардан коркуп, сыйына баштаган. Демек, сыйынуунун чыгышы жүрүп олтуруп коркууга такалат. Бирок коркуу анын биринчи жана табигый себепкери. Бара-бара адамдын акылы айлана чөйрөгө байкоо жүргүзүп билимге жетишет, билим өсүп илимди негиздейт. Акылдын мындай касиеттерин ийгиликтүү өздөштүргөн ишмерлер пайда болот. Алар коомдун карапайым мүчөлөрүнө түшүнүксүз сыйкырдуу кубулуштардын мыйзам-ченемдүү сырларын билгендиктен, ал сырларды башкарып, максатына ылайык өз кызыкчылыгына пайдалана алат. Ишмерлердин ушундай жөндөмдүүлүгү караңгы калкка

кандайдыр бир түшүнүксүз керемет болуп көрүнөт. Кереметтүүлөргө калкы таң калып, анан кокус мындайлардын айтканын укпай, тилин албай койсо, каргышы тийип жок кылат деп коркушуп, аларга баш урунуп буйруктарына багынышат, сөздөрүн сыймык тутуп, өздөрүнө сыйынышат. Эми алардан коркууга аралаш, аларды сыйлоо, барктоо, мактоо, эч нерсеге теңебей көкөлөтүү башталат. Ошентип отуруп, акыры коомдо, адамга адам сыйынуу жаралат, идеология пайда болот.

Мындай, түшүнүк менен өлчөгөндө Сталинде бөтөнчө керемет деле жок. Башты айлантып арбап турган чечендиги да жок. Бул жагынан Троцкий укмуш болгон. Качып бараткан солдаттарды чогултуп, бал тили менен эритип, кайра жоого тукурууга кудурети жете турган. Бирок анын сөзүнүн көбү калп аралаш болгондуктан, бат эле супсактыгы билинип, эми түшчү эмес. Сталиндеги бир чоң артыкчылык анын логикасынын күчтүүлүгү. Болоттой курч, салмактуу логикасы өзү менен тең чыккан революционерлерден, Лениндин шакирттеринин баарысынан күчтүү. Ар бир сөзү мааниге ээ. Көркөм салыштырмалап айтканда – Сталиндин кебинин тыпыны жок, жалаң кызыл. Сүйлөмдөрү чолок, Лениндикиндей эмес. Сөздөрүнүн ордун алмаштырып болбойт, бири бирине чебер кынапталып ажырагыс ашталган. Мындай чебердик анын устаттары Маркста да, Ленинде да жок. Узун сүйлөм түзүү жагынан Маркска эч ким жетпестир дейм? Кээ бир сүйлөмү китептин жарым бетин алат. Сүйлөмүнүн аягына чыкканча чарчап кетесиң, баш жагын унутуп да каласың. Айрыкча анын эмгегин оригиналынан, немисчесинен окуганда кыйналасың. Немистердин грамматикасы боюнча көпчүлүк сүйлөмдө тануу мүчөсү эң артына коюлат. Андыктан көнбөгөн киши окуганда сүйлөм окуяны, фактыны же ырастап, же танып атканы оңой менен байкалбайт.

– Немистердин грамматикасы түрк тилдериникине окшош экен да?

– Ошондойбу? Мен, браток, түрк тилдеринен такыр аманмын, сабатым ноль. Ал эми Сталиндин стилистикасын сыпаттай турган болсок, аныкы устаттарыныкынан алда канча өөдө. Деле Сталиндин жеке керт башынын жалпы күчтүү сапаттары, Лениниден кийин, аны лидерликке көтөрүп, Өлкөбүздө социализм куруу боюнча Лениндин идеяларын иш жүзүнө ашырууда устатынын көрсөткөн жолунан чыкпай, большивиктер партиясынын бүткүл жүгүн, Өлкөнүн бүткүл элинин тагдырын чечүү жоопкерчилигин коркпой өз мойнуна жүктөп, өжөрлөнүп эмгектениши, айланасындагы ак ниет санаалаштарынын симпатиясына татыды. Революциялык духта тарбияланган марксизм-ленинизм идеологиясына сугарылган, бул илимге чегинбес болуп ынанган, Октябрь революциясына ишмердүү катышып, анын жеңишине жеке салымдарын кошкон большевиктер Сталиндин ишине ыраазы болуп, мунун айланасына топтолушту. Сталиндин жетекчилиги астында эбегейсиз зор жеңиштерге, мурда болуп көрбөгөн ийгиликтерге ээ болушту. Мына ушундай кырдаалда отуз жетинчи жылдын чыныгы авторлору (чет элдик шпиондор) жасаган залим саясат Сталиндин өзүн туу көтөрүп дүйнө жүзүнө анын кадыр-баркын даңазалоого көмөк болду. Сталиндин жолун, ишин, керт башын мактаган ырлар ырдалып, чоорлор тартылып, одалар, повесттер, романдар жазылып, пьесалар сахналарда коюлуп СССРдин мейкиндиги Сталинди мактоого жык толду. «Эл душмандарынын» бетин ачуу ийгиликтүү жүрүп жатканы түздөн түз анын ысмына байланыштырылды. Албетте мындай көрүнүш чет өлкөлүк журналист, жазуучуга СССРде Сталинге жеке сыйынуу өкүм сүрүүдө деп жазууга толук негиз боло алган; аны биз канчалык жаап-жашырганыбыз менен тана албайбыз. Дүйнөдө бизден башка элдер да бар эмеспи. Чет мамлекеттердин элдери мүлдө сабатсыз дейсизби?

Буга Сталин өзү кебелдиби? «Мени мактагыла же мактабагыла» деп ачык каршы чыкканын окуганым жок.

Бирок чыныгы коммунист, марксист-ленинист катары таанымал адамдын тарыхтагы таасири анын жөндөмдүүлүк даражасына жараша болоорун танган эмес. Ошондо да Сталин, аны бөтөн бир кереметтүү киши кылып көрсөтүүгө тырышкандарды, көшөкөрлөнүп, көкөлөтө мактагандарды жек көрөт дешет. Өзүнүн эмгектеринде докладдарында, же официалдуу жерлерде сүйлөгөн сөздөрүндө эч качан «мен» дебей бардык жерде «большевиктер партиясы», «Ленин», «биз коммунисттер», «биз Лениндин шакирттери» жана ушул сыяктуу жөнөкөй сылык, ынсаптуу сөздөр менен керт башынын салымдарын да өзү менен иштешкен калемдештерине үзөңгүлөштөрүнө жалпы баарына таандык кылат. Сталиндин мактанчаак эместигин журналист Рой Говарддын берген суроосуна, анын кайтарган жообунан деле байкоого болот. Журналист «СССРде ири ийгиликтер болуп атканына көзү жетип Россиянын тарыхында өтө зор ролду ойногон Петр биринчи жана Ленин, андан кийин Сиз, муну кандай баалайсыз» десе, Сталин: Петр биринчи – реформатор, улуу реформатор, бирок аны Ленин менен салыштырып болбойт. Ленин – революционер! Россиядагы падышалык мамлекетти жоюп, эзүүчү тапты жок кылып, Жумушчу – Дыйкан мамлекетин түзүп, пролетариаттын үстөмдүгүн орнотту – деп кесе жооп берген. А Сиздин ролуңузчу деген суроосуна, «Мен – бар болгону Лениндин шакиртимин» деп, ал кишинин чапкан жолу менен осуяттарын аткарып жаткандарын айткан. Эгер Сталин көйрөңдөрдүн бири болгондо, ушунтпес эле. Журналисттердин арасында таркаган бир шыбыр-күбүр боюнча Сталин жеке кишиге сыйынууга каршы экенине дагы бир мисал бар. «ВКП (б) тарыхы. Кыскача курсту» жазуу үчүн комиссия түзүлүп, анын төрагасы жана башкы редактору болуп Сталин дайындалганы баарыга маалым. Ал китеп болуп 1938-жылы чыкканын анын «Диалектикалык жана тарыхий материализм жөнүндө» деп аталган төртүнчү главасын

Сталин өзү жазганын баарыбыз жакшы билебиз, жыл сайын саясий ийримдерде окуп, окутуп жүрөбүз. Ошол китеп жазылып бүтүп, кол жазмалары Сталиндин колуна тийгенде, ал окуса, китептин башынан аягына чейин тиешеси бар, жок жерлердин баарында Сталин макталган болот, тарыхый фактылар бурмаланган. Буга Сталин ачуусу аябай келип, кээ бир авторлорду коллективдин курамынан чыгарып, китепти кайра жаздырган деген кеп бар. Ошенткени менен отуз жетинчи жылдын атмосферасында Сталинге өзүнөн башка эч кимиси даап адилеттүү сын айта албагандыктан, Сталинге сыйынуу өөрчүй берди. Эми, согуш мезгилинде, жеке бийлик чексиз өкүм сүрүүгө уставдык укук берилип, солдаттын Сталин тургай, онбашы командирге «сен» деп айтууга укугу жок болбодубу!.. Кудай эле ынсап бербесе, кыпындай бийлиги бар чоңу укугунан кыянат пайдаланып, кол астындагы солдатын каяша айткандыгы үчүн атып салса, ага сурак жок!

Жеке адамга сыйынуу – анын бийлигин чегинен ашыра чыгарып, өзүм билемдикке алып келет. Андай бийлик каяшаны көтөрө албайт, кыңк дегенди жыга чабат, болбогон жерден айып табат, ага каршы укугун колдонот, ошентип олтуруп деспотизмге, тиранияга алып барат, адилеттик жоголот, браток! Кудай ушундан сактай көр! Сталиндин адилеттүүлүгү, калыстыгы гана анын укугуна салмоор болуп таразаны теңдеп турган кез азыр, браток. Кокус бирдеме, кырсык болуп... айтууга оозуң барбайт... Укук башка бирөөнүн колуна өтсө, курудук, браток!..

– Ошентип, Сталин кынтыксыз, ал абдан адилеттүү адам деңизчи?..

– Бир кудай кынтыксыз, Сталин – адам, браток, кемчилиги жок адам болбойт.

Бабелдеги[1] жазуу боюнча Кудай бүт ааламды анын жансыз, жандуу заттарын, макулуктарын, анан бейиш-

[1] Бабель – библия

ти жаратып болгондон кийин, бейиштин ажайып кооз жайлары аңгырап ээн кала бербесин үчүн, андагы түркүн рахатка куунап, жыргап туруу үчүн Адам-атаны, анан Ава-энени жараткан. Буларга бериштелерди кызмат кылдырып койгон. Демек, адамзат адеп жаралганда бүт аалам боюнча Кудайдын эң сүйкүмдүү нерсеси болгон, бирок булар ырысын көтөрө албай, Азэзил шайтандын азгырыгына кирип, Кудай тыюу салган алманы жеп коюп, бейиштен сүрүлүп, жерге түшүрүлгөн экен. Жерде болсо, эмне болуп атканын өзүбүз көрүүдөбүз. Сталинде деле башка адамдар сыяктуу кемчилик бар, бирок адилеттүү адам...

Аңгемечимдин үнү бара бара басаңдап, кээ бирде кайталап, сөздөрүнүн даамы супсагыраак, мааниси маңызыраак болуп бараткансыйт, же балким, мага ошондой сезилип атабы, денем салмактанып, анын кээ бир сөздөрү кулагымдын сыртынан өтүп, мааниси, байланышы чаташып баратат... Анан жертөлөнүн сыртында бирөө түшүнүксүз кобурап жаткандай болуп атты... Аягы эмне менен бүттү, билбейм...

**– 5 –**

Ойгонсом, жертөлөнүн сыртынан тиричиликтин табыштары угулат, брезент эшиктин жылчыктарынан жарык көрүнөт. Майорум коңурук тартууда. Жертөлөнүн ичи сууп калган. Сыртка чыксам, таң небак атып, солдаттарым күндөлүк түйшүктөрү менен алек. Лейтенантым кадимкисиндей оокатын башкарып, тиричилик бака-шака кайнап калыптыр. Кадимки «маанилүү өзгөрүштөр болбогон» согуш күндөрүнүн дагы бир күнү тарыхтын жаңы барагын ачкан. Билбейм, бул күн эмне менен бүтөөрүн? Азырынча кудая шүгүр! Кабактагы эвакolaзреттен онтогон үндөр угулбаганда, бул көрүнүштү мен бала кезимде кезиктирген тынччылыктагы көчмөн

кыргыздын жыбыттагы кыштоосунда болуп аткан таңкы тиричиликтин бир күнүнө окшотсом болоор эле. Аттиң-ай, жарадарлардын жалынган, сөгүнгөн чаңырыктары, автоматчан солдаттардын өзгөчө түйшүктөрү, биз чындык турмуштун кайсы тилкесинде жашап атканыбызды кайра-кайра эске салып, согуштук атмосферадан нары чыгарбайт. Баарысы күндөлүк согуштук көрүнүш көнүмүш болуп, турмуш аракетиңдин киргени менен, ар күнү жаңы таңды көргөндө өзүңдүн тирүү экендигиңе кубанып, ошону менен бирге кечке чейин эмне болоор экенмин деп убайым жейсиң. Кээде урушпасаң – майдан чеги ары-бери жылбасын, согушпасаң – жеңиш – жеңилиш болбосун, бейкутчулук келбесин эсиңен чыгарып коюп, кечээки тынч өткөн күндү бүгүн да самап, кудайдан амандык тилеп жалынасың. Кээде өз уяңдан, уялаштарыңдан, өз элиңден, жериңден алыста безип зарыгып кандуу кыргындын кылымга созулган сансыз күндөрүнүн аягына чыга албай тажап, жаның кашайганда: «миллиондогон солдаттардын тарамышын чойгулап кашаң кыйнабай, бар болгон күчтү, бүткүл дасмияны аябай күр дедире душмандын башына бир төгүп, ары-бери күм-жам кылбайбы, алы жетпесе – көп тыйтаңдабай, миллондордун убалына калбай, башка жөндөмдүү, зээндүүлөргө орундарын бошотуп бербейби?» деп жогорку командалоочуларды сөгөсүң. Кантебиз? Пендебиз да!..

Бул күн кечээки күнгө окшош болду. Тигил эле сол капталыбыздагы окбүрккүч, пулемёт, замбиректердин табыштары алысыраак жактан угулуп калганын эске албаганда, көңүлүңдү өтө бура турган деле окуя болгон жок. Күндөлүк согуштук оокаттарыбызды жасап жүрүп, кечтин кантип кирип келгенин байкабадым. Жаңы жарадар болуп келген беш атка операция жасап, булчуңдарды бүлүнткөн, сөөктөргө кадалган минанын сыныктарын бирден терип, жырылган тешилген жерлерди, туюк, кесик, жарааттарды топурактан, темирдин сыныкта-

рынан тазалап, бүлүнгөн ткандарды кесип ыргытып, ылжыйган жарааттарга дары куюп, тампон тыгып, кээ бир жараттын оозун тигип, иши кылып, кесибибизге ылайык мойнубуздагы парзыбызды аткарып, жалпы согуштун бир кыпыны менен алек болгон күн да бүттү. Майор Дорфман эмнегедир түнөгүнө кечигип атты. Мен кечки нарядды тейлештирип, бардык постко солдаттарды дайындап, инструкциялап лейтенантым Баранов экөөбүз менин жертөлөмө кирсек, адьютантым жана ашмачым сержант Ефим Чистов мешти балбылдата жагып, бизге тиешелүү тамакты жылуу турсун деп, мештин үстүнө коюп, бизди күтүп атыптыр.

Ефим арыкчырай, бою жапалдаш, мурду кырдач, таноосу кууш, көзү чарасына көп чүңкүрөйүп чөгөрүлбөгөн, өтө желке сары эмес, өтө дүмүр кара эмес, өңү буудай түстүү, күрөң чачтуу жигит. Жашы улуулугуна карабастан, менден ийменип, тартипти ар дайым катуу сактайт. Сылыктыгы, төптүгү, тактыгы жагынан көп солдаттан айырмаланат. Мактанууну менимче билбейт. Сабаты деле анчейин, орто билими жок, Дмитров шаарынан 6км Маскөө тарабындагы Иванкина кыштагында туулган экен. Мен ошол солдат менен 538-миномётчулар полкунда 1943-жылдын июнь айынан бери биргемин. Менден мурдагы начальникке адъютант болуп жүргөн экен. Ал киши мени менен коштошуп атып, Чистовду колуңуздан чыгарбаңыз. «Очень честный и исполнительный» деген эле. Мен жаңы адьютантым менен бат эле тил табыштым. Ал мага абдан ишенген, менин ишенимиме да татыган, кара санабаган, арамдыгы жок ак көңүл бөөдө капаланбаган, согуштук кыйын абалдарга учураган кезде эсинен шашып коркпогон, колундагы куралы менен жоодон коргонууну жакшы билген адам болуп чыкты. Согушта мындай кишилер командирдин адъютанты, сакчысы, аткошчусу болгондо – командир жыргайт, кокустуктан кооптонбойт. Санаасы тыңгылыктуу болуп,

бир өңүттө ойлонуп, өзүнүн ооругунан чочулабайт. Кара ниет, кыйды, арам ой сакчысы колдуу майып болгон командирлерди билебиз.

Майор эмне кечиккенин билип келүүгө Чистовду тигилердин редакциясы жайланышкан жертөлөгө жиберсем, ага да келе элек экен. Гезиттин жооптуу секретарынын айтканына караганда, майорду дивизиянын саясий бөлүмүнүн башчысы эртең менен эле чакыртып кетиптир. Эмне үчүн ал кечигип атканын тигилер да билишпей, чочулап олтурушуптур. «Машинеси турат, жөө кетсе керек?..» дейт, Чистов.

Керээли кечке тамак ичүүгө кол бошобой, ачка болуп калгандыктан, майорду күтө алганыбыз жок. Тамагыбызды ичип бүткөнчө сыртта түн толук өкүмүнө кириптир. Дорфман дагы жок. Бирөөлөр эле машине менен жеткирбесе, караңгыда жалгыз жөө жүрүү абдан коркунучтуу. Майдандын алдыңкы чеги бизден 5–10км алыс болгону менен «тил» уурдамай жортуулчулар ушундай айсыз, бүркөк караңгы түндөрдө ууга чыгат эмеспи. Айтмакчы, жакында эле, бизге кошуна жайгашкан бир аткычтар полкунун ооругунун чарба взводунун командирин немистер түнүчүндө уурдап кеткенин билебиз. Ал тууралуу баарыбызга катуу эскертилип, кароолчу, сакчыларды жакшылап текшерип, кыраакылыкты күчөтүү жөнүндө буйрукту алганбыз. Андан бери түн ортосунда постторду кезектешип текшерүү графигин түзүп ар түнү түн ортосунда бир сапар: мен, лейтенант Баранов жана старшина Посохов кезүүлөшүп объектилерибизди кыдырабыз. Азырынча, кудая шүгүр, андан аманбыз. Бүгүнкү кезек Барановдуку. Бул түн деле кечээкиден айырмалануучу түрү жок. Жоболоңдун жышаанасы байкалбайт. Кудай тынччылыгын бере көр! Жатаардын алдында күндөгүдөй посторду текшерип болгондон кийин, Баранов өзүнүн жертөлөсүнө кетти, мен өз түнөгүмө кайттым. Бир топтон бери бирге түнөп көнүп калган экенмин, майорсуз

коңултактап, жертөлөм ээн, көңүлсүзүрөөк. Ал эмне үчүн кечикти, соо эмес го, байкуш?.. Бир балээ болдубу?.. Деги жарадар болсо да, тирүү калса экен, кургур... Же көзү майып неме, алдыңкы чектен жалгыз кайтып келатып, жолдон адашып, немистерге кабылдыбы? Анда эле шору кайнады дей бер! Биринчиден жөө, экинчиден саясий кызматкер... Мындайларга немистер өтө ырайымсыз, өч экени баарыга маалым. Ай, шордуу!..

Майордун эмдигиче келбей жатканы мени чыны менен тынчсыздандырууда. Өтө жакын кишимден ажырагандай ичим күйөт. Түн киргени бир далай болду. Кадимки жатаар маал небак өткөн. Сыртта тынччылык. Солдаттар уйкуда, Майдандын жоо тирешкен чегинен, маңдайыңдан, оң-сол тарабыңдан күнүгө угулуп туруучу көнүмүш, кулакка үйүр табыштар: пулемёттордун анда-санда тырылдаганы, ыраактан аткылоочу замбиректердин бар экендигин кабарлагансып кез-кезде күрс деп жер солкулдаткан оор огунун жалгыз жарым табышы гана жана жаткан жертөлөм эле согуштун таанымал белгилерин күбөлөндүрүп турганы болбосо, түн бейкуттун эле түнүндөй. Жүрөгүм гана опкоолжуп, башым уйгу-туйгу санааларга жык. Чарчаганыма карабастан уйкум келбейт. Бош убагымда окуй коюп жүргөн «Багратионду» кол чемоданымдан алып чыгып, көңүлүмдү алагды кылайын десем да болбоду. Окуганым менен бир сөзү да мээме кирбей, Дорфман эле эсимден кетпей койду. Акыры мешке отун салып, чыракты өчүрүп «төшөгүмө» жамбаштап, көзүмдү жумсам да, уйкудан кабар жок. Адатта мындай абалда көңүл көпкө, санаа санга бөлүнүп, ар кайсысын «куйруктан» алып ээрчийт эмеспи, киши...

Майор менен таанышканыма эки айдан анча-мынча эле ашканына карабастан, мен аны бала кезимден бери билген немече сезем. Бул арада экөөбүз согушуп аткан багытта оозго алаар деле ийгилик болгон жок. Анткени менен биз – согушта жоо менен бетме-бет тирешип

тургандар – «анчейин уруштун» жоон союлун жонубузда сезгенибиз сезген. Натыйжасыз салгылашуу жалаң гана денеңдин күчүн алып, алыңды кетирип, шайыңды алсыратып чарчатпастан, куру убара болуп нечен сапар кур жалак калганың үчүн ичиңди күйдүрүп, кабагыңды түйдүрүп, көңүлүңдү чүнчүтүп, үмүтүңдү арсарлантып, жаныңды кейитип, кыжырыңды кайнатып, намызыңды колдон тайытып, ардантып, убайымдуу сары ооруга чалдыктырат экен. Айла кетип, жаның туюкка камалган мына ушундай абалда, рухий жалгыздык кайгыга кабылтып, акылдан адаштырып делбе кылып да коюшу ыктымал. Жаның бушайман болуп жүргөн мезгилде акылдуу, ак ниет, акыйкатчыл адам кезигип, өзүнүн ымандай сыры менен бөлүшсө, сенин ички дүйнөңдөгү сырыңды ойгото алса, жан дүйнөңдүн өчүп бараткан оту кайра тутанып, жаның кайра өз ордуна келет экен. Зильман Маркович мен үчүн ошондой киши болгону бүгүн сезилип, аны жоктоп, капшытым эңшерилип атат. Аттиң, дүйнө бир тыйын! Жок дегенде кечээки аңгемесин аягына чейин уксамчы, кашайгырдыкы!..

Мен үчүн отуз жетинчи жыл чоң табышмак эле. Чаташтырган көп суроо мээмди лукулдата турган. Майордун маегинен кийин, кээ бир табышмак жандырмактарынын учу көрүнгөнсүйт. Бака-шака, тарс-турс урушта да кээде уйкуга жеңдирип, үргүлөп кете турган уйкучулук жаман адатымдын кесепетинен, кечээ ал кишинин сөздөрүн аягына дейре укпай, бүгүн каңгырап отурбайымбы, балээ баскырдыкы... Ай, соо эмес го. Соо болсо, бою-башына дыкан, убадага бекем, сөзү төп, айтканын айткандай орундаткан, уятты өлүмдөн күчтүү көргөн, сырын жети кабат сандыкта сактаган, салабаттуу адам, көрүнгөндөрдү эле ээрчип селсаяктык кылбайт эле. Мына экөөбүз эки айдан ашык бир жертөлөдө жашайбыз. Бул арада биздин майданда далай катуу салгылашуулар болду. Көз ачтырбас кардуу бороондор болду. Ошого карабастан,

түнөгүбүзгө маалында, эң эле жок дегенде эл жатаарда келип жүрдүк. А бүгүн? Бүгүн мына түн жарымынан ооп баратат. Посттордогу солдаттарды алмаштыруу маалы болду. Кечээки ымтыраткан уйкудан бүгүн дайын жок. Майор эмне болду?.. Сокур ок адашып барып жаңылдыбы, же замбирек, миномёт окторунун бүркүндүсүнө кабылдыбы, же болбосо, жашынып жаткан минага жарылдыбы, кайран киши?!. Кыпындай металл кишинин ким экенин карабай, талуу жерине таамай тийсе, көз ирмемге келтирбей күм-жам кылат да, өмүр шамы жалп этет. Аны менен бирге канча билим, канча акыл, канча идея, катылган сыр кетет. Турмуш сырын чечем деп, билбегенди билем деп, канча жыл убара болгонуң ага бир тыйын. Ой-бой, кудая тобоо... Металлда мээ жок – жаман-жакшыны, арам-адалды, акылман-келесоону, жаш-карыны ылгабайт. Туш келгенине тийет. Ажалдуу өлөт, ажалсыз азабын тартып майып болот. Ок үстүндө мөндүрдөй себелесе да даарыбай, аман калгандар да бар, бирок алар сейрек. О-о, чаар-ала болгон дүйнө! Бир кудай өзү сактабаса, октон ырайым күтпө! Ага баары бир, жолундагысын жалмайт да бүтөт, жалмайт да турат! Каткырып күлсөң да, эчкирип ыйласаң да, албарстыдай жалынсаң да, таш боор ажалдын удулуна кабылсаң кутула албайсың!..

– Кой, байкуш майорду жаман жорукка жорубайынчы. Кечиккенинин дайынын билбей туруп, өлүктү жоктогондой болбоюн. Ал жаман жөрөлгө, «Адамдын оозунда болсо, Алланын кулагында» деген кеп бар. Андан көрө анын аманын тилейин. Балким, тапшырмасы көп, аны аткаруу оор болуп, абийирдүү киши ишин бир күндө бүтө албай, барган жерине конуп калгандыр?.. Эгер алдыңкы майдан чегине кетсе, анда мындай жылуу, колу-бутуңду кең-кесири сунуучу жертөлө жок дечи, анткени менен көптөн бери ары-бери сүрүлбөй бир орунда таймашып турганыбыздан, траншеялардын боорунан

коңул казып, баш калкалаар, эс алаар жайларды, көпкө машыккан кайран солдаттарыбыз жасап алышкан. Ошолордун бирөөндө жаткандыр, байкушум?.. Же мүмкүн, армиянын штабына барып кармалып калдыбы?.. Иши кылып аман-эсен болсо экен!.. Бул киши бүгүнкүнүн эле эмес, болочоктун да кишиси турбайбы. Аман жүрсө, мага окшогон дагы далай сокурдун көзүн ачат, туюкка кептелип карайлагандардын жолун ачат... Элибизде буга окшогондор көп болгондо, балким, мындай кыргындуу согуш да болбос беле?.. Тынч, бейкут жашоонун душман менен тил табышуунун жолдорун издеп табууга бул кишилердин акылы, серепчилиги абдан керек эмеспи. Биз мындайларды баалай алабызбы? Ай, таң!? Эгер бааласак, бул көзү майып байкушту жана бул окшогон акылы, тажрыйбасы мол, бирок денеси жармачтарды, согуштун дабыраган огуна, балбылдаган отуна сала бербей, тынчыраак, жылуураак бир жерге отургузуп, кардын ачырбай анча-мынча шарт түзүп берип: «Ойлогула, ойлогула! Канткенде калктын канын бөөдө агызбай, мамлекетибизди душманга тепсетпей, аман алып калабыз? Ушунун жолун таап, айласын иштеп чыккыла!» дебейби. О-о турмушуң кургур! Чын-чынына келгенде ар ким өз эле көмөчүнө күл тартат бейм?.. Анан кала берсе, биз баарыбыз көсөмүбүз Сталинди көкөлөтө мактоо менен, анын мойнуна өзүбүздүн жүктү артып салып, бизди Сталин коргойт, Сталин кам көрөт, Сталин үйрөтөт, Сталин... Сталин... Сталин... деп олтуруп, коомдун тагдыры, жеке тагдырыбыз жөнүндө санааркоодон өз эркибизче ой жүгүртүүдөн кутулуп алыппыз. Баш оорутпай, чоңдорубуз кайда айдаса, ошо жакка басып көнүп алыппыз, мээ коротпой, жогорудагылар даярдаган жоболор боюнча жашоонун кыныгын алып алыппыз. Кокус бирөөлөрдүн башына жекече ой келип, анысы менен бөлүшсө, анын жакшы-жаманын талдабай, коомго пайда-зыянын аңдагыбыз келбей, жогорудан чыккан идея болбогондуктан, дароо

өгөйлөп, тиешелүү жерге жеткирүүгө шашабыз. Мындай жорук отуз жетинчи жылдан бери калк арасына сиңип, өнөкөткө айланып калган эмес беле. Муну коммунисттик тарбиялоодо элди улутуна, тилине, алардын тарыхына карабай, бир гана идеялуу интернационалдык ынтымактыкты көздөө – негизги максат деп жүрсөк, мунун төркүнү башка жакта турбайбы. Накта душмандардын идеологиялык диверсиясы турбайбы!.. Коммунизм адамдын бүткүл интеллектуалдык мүмкүндүгүн ачып, ага кеңири даңгыр жол берет, курулай эле декларация, а чынында элдерибиздин бардык кишилерин бири-бирине коёндой окшош болууга, мал сыяктуу айдаган жакка кыңк этпей басууга, багынууга үйрөтүп аткан турбайбы? Минтип олтурса, бара-бара коомубузда акыл булактары соолуп, анын айынан жан дүйнө гүлзарлары солуп, нечен кылымдан бери жемиш берип келаткан бактары куурап калбасын? Кудай өзүң сактай көр! Ойлоп-ойлоп олтурсаң – ой эмне гана корутундуга келтирбейт? Муну кимге айтасың?.. Эр болсоң айтып көр!.. «До Бога далеко, до царя не достать» деген орустун ылакабынын калети жок! Эгер менин ушул оюмду Сталин өзү укса, меникиндей эле корутундуга келээр беле дейм?! Сталинге кантип жетесиң? Ким жеткирмек эле? Адилет, калыс, боорукер адам дешет. Бирок мунун баарын айтууга жеңил, аткарууга мүмкүндүк жок! Мейли, кандайдыр бир сыйкыр колдоп, Маскөөгө чейин бардым дейин. Кремлдин дарбазасына жеттим дейин... Ал жердеги сакчы мени: «Кош келипсиз, жолдош капитан, кириңиз! Иосиф Виссарионович сизди зарыгып күтүп атат!» демек беле? Балээниби. Деле төбөмө ай тогоп, башыма бакыт конгон күндө да, эмне үчүн келгенимди сурайт да. Анан мен оюмдагыны айтууга мажбур болом. Аны уккан неме дароо мага отуз жетинчи жылдын жагоосун такпайбы, анан менин шорум катпайбы? Кудай андан ары кылсын!

Азыр кырк төртүнчү жылдын башы болгону менен отуз жетинчи жылдын туманы жакшылыктуу тарай

элек. Полк сайын атайын иш жүргүзүүчү «смерш» деген неме бар. Алардын негизги иши эле ар кимибизди аңдуу. Жалгыз аңдып жетише алабы... Ар бири менен жеке жашыруун сүйлөшүп, барибизди барибизге аңдытып коюп, өздөрү сыртыбыздан акмалап жүрө беришет. Полктун алдынкы чегинде, солдаттар душман менен бетме-бет турушуп, кырдыбычак болуп кармашкан күндөрдө алар ал жерде болушпайт, полктун ооругунан да артка, дивизиянын ооругуна кетип калышат. Полктун командирине баш ийишпейт. Алардын баарысы эле ошондой эмес дечи – арасында кишиликтүүлөрү да бар. Бирок көпчүлүгү кара мүртөз. Адамдын тагдырын бир кагаз менен гана чечип коюшат, ак-карасын териштирип ылгап олтурушпайт. Андайларга караганда мен гумандуураак иш кылам. Дарылап айыктырууга мүмкүн болбогон жарадар жылкыларды гана союуга уруксат берем. Айыгаарына анча-мынча үмүт болгон жарадарларды армиялык ветлазаретке жибертем, айыкса аскерге жарабаганы менен, чарбага унаалыка жарап, пайдасын тийгизет.

Кудай кара мүртөздөргө ишиңди түшүргүлүк кылбасын. Өз кызыкчылыгы үчүн сенин тагдырыңды садага чаап баса берет. Андайларга сен да бир, коңуз да бир. Алар айрыкча согуш убагында коркунучтуу экен. Ошондой ырайымсыз, ташбоор, «смерштин» бир кызматкеринин мындан бир жарым жыл мурда жасаган «иши» эсимен кетпейт.

**– 6 –**

Согушка келгениме үч айча болуп калган. Калинин фронтунда кавалериялык дивизиянын бир полкунда кызмат өтөп жүрөм. Биздин дивизия Белоруссиянын Витебск облусунун түндүгү менен Калинин облусу чектешкен жердеги Усвяты деген шаарчанын күн чыгыш жагында коргонууда турган эле. Октябрь айы, түнкүсүн

чыкыроон, күндүзү жылуу, жайкы чиркейден кутулуп калган кезибиз. Сазы, токою көп, жайкысын чиркейи малды да, жанды да тажаткан жер болот экен. Усвяты немистердин колунда, анын күн чыгыш жагы чакан көл. Биздин чегибиз көлдү жээктеп өтөт. Наркы өйүздө, кашатта чиркөө көрүнүп турат. Күндүзгүсү бири бирибизди аңдышып, бөөдө ок чыгарылбайт. Кеч киргенден таң атканча эки жактан тең автомат, пулемёттордун жаагы басылбайт. Анда-санда замбиректер да жалгыздап үн катышат. Полктун ооругу алдыңкы чектен көп эмес 1,5–2кмче артта, калың токойдун ичинде.

Күндөрдүн биринде дивизия боюнча дүрбөлөң жарыяланып, чоң токойдун ортосундагы ачык аянтка экинчи эшелондогу аскерлер чогулду. Бир кезекте тизилип, П тамгасына окшогон кош бурч түзгөн аскерлердин ортосуна автоматчан үч солдат бир кыймылдан, араң илкийсилкий баскан, кичинекей солдатты далысынан түрткүлөп алып чыгышты. Ал нemенин үстүндө жамаачылуу эски чоң шинель эки ийнинен шөлбүрөп ылдый түшүп турат. Башында кабагына чейин кийилген чоң эски пилотка, анын маңдайында кызыл жылдыздын өзү жок, тагы билинип турат. Бутунда жыртык олчойгон батинке, балтырында солдаттын оромо чулгоосу. Пилотканын астынан бетинин жарымы эле көрүнөт, анысы да бырышып, жаак чүкөсү уркуюп чыгып калыптыр. Кейпинен жашын болжоп болбойт. Кыскасы, бир жансерек каракчы ыргалып турат. Алардын артынан зыңкыя кийинген, шинелинин алка жакасына үч кубикти тизилте тагынган толмочураак орто бойлуу денесин чыпыйта кармаган жаңы нооту шинелинин сыртына арчындалган жаңы булгаары портупейи, жазы курунун илгичинин үстү балчайган чоң сары жез жылдыз менен асемделген, сол капталында курунан кызыл ашыгына чейин жеткен сары жез саптуу кылычы, калай ооздуу, калай учтуу кынында салаңдайт, оң капталында жыгач кобурасы жоон санын

чапкылайт, жылдыздуу жашыл пилоткасы оң чыкыйына бир аз кыйшайган, сары чачтуу, ак кирпик, сары чийкил тыгырчык офицер артына карабинчен жеке сакчысын ээрчитип, алдыбызга чыгып, тигилерден бир аз обочороок жерге токтоду. Ошол замат, бизди катарга тизген, эки шпалачан командир «Смирно!» деген команда бергенде токойдун ичи бүт жаңырыкка толду. Анан оң колунун учун чыкыйына такап, сенек кадам менен берки офицерге келип: «Товарищ, старший лейтенант! Воины тыловых подразделений дивизии для слушания приговора построены! Докладывает заместитель начальника политотдела дивизии, батальонный комиссар! .. деп, бир апкыты менен бир апкытын какканда текөөрлөрү шыңгырт этти... Наамы улук офицер доклад берип атканына караганда, бул бир оңбогон чоң неме болсо керек деген ойдо болдум. Көрсө, ал неме дивизиянын контрчалгынчысынын кызматкери, смерштин улук тергөөчүсү болуп иштейт экен.

Тигил неме кыдырата тизилген аскерди ак чочконукундай чүлжүйгөн көк көзү менен бир сыпыра карап алып, аарчынданып жүргөн булгаары кисесинен бир нече барак кагазды алып чыгып, жазык баракты кош колдоп кармап, тамагын жасанып: «Советтик Социалисттик Республикалар Союзунун аты менен...» деп кулакка жагымдуу баритон үн менен ар бир сөзүн так сүйлөп өкүмүн окуй баштады. Жыйырма мүнөттөн ашык көзүн кагаздан айырбай шатыратып окуганынан эсимде калганы: бет алдыбыздагы сербейген каракчы 1926-жылы ушул тегеректе туулган неме экен. 1941-жылы немистер анын жерин басып алганда, качып чыкпай, калып калыптыр. Кышында ал аймакта аракеттенген партизандар кыштактарды кыдырып атуулдук сезими бар адамдарды Кызыл Армияга жана партизандардын катарына үгүттөгөндө тигил өз ыктыяры менен партизандарды ээрчиптир. Партизандар болсо, тигиндей өспүрүмдөрдүн тобун майдандын чегинен өткөрүп, согушуп аткан армиянын

карамагына бериптир. Фронттун командачыларынын чечими менен фашисттик оккупациядагы аймактардан келген солдаттыкка жашы жете элек жеткинчектерден түзүлгөн бөтөнчө батальондун курамында фронттун ооругундагы жолдорду оңдоп, траншеяларды казуу, армияга зарыл дагы башка ар кандай кара жумуштарды жасоочу жумушчу командада март айынан бери кызмат өтөп жүрүптүр. Сентябрь айынын аягы ченде, кечкурун көлдө сүзүп качып бараткaнда кармалыптыр. Тергөөдө эмне үчүн качтың? десе, тиги неме: «Качканым жок. Жөн эле, курсагым ачкандыктан, үйүмө барып тамак-аш алып келейин дегем. Үйүм көлдүн наркы өйүзүндө» дептир. Ушул сөздөрдү укканда сай сөөгүм сыздап чучугума жетти. Андан наркысы кулагымдын сыртынан кетти. Менин оюм артка чабыттап, өткөндөгү отуз үчүнчү жылды эске салды.

...Ала шалбырт. Жылга-жыбыттын күнгөйүнүн кары кетип, жер тоборсуюн деп калган. Тескейиники – кара килең тартып көөп, түнкүсүн үстү жука айнектей муз жабууга жамынып, күндүзү күндүн шооласы эритип, мурда опоң ундай майда карлардын тозоңдору биригип акшакка айланып, суу тийген шекердей нымдалып көпшөк. Баскан жериң күрт эрип, бутуң карга терең батып, таманың жерге барып такалат. Тыгылган бутуңду суурууга аракеттенсең, таянган бутуң тыгылат. Ак киргил тарткан өңү менен гана айырмаланбаса, кадимки эле сормолуу кара саз. Түзөңдөрдө, өтөктөрдө кар жукарып, дөмпөктөрдүн, талаада унут калган бирин-серин таштардын төбөсү көрүнүп, борошо айдаган жерлердин бети ачылып, абада эбелектеп закым жүрүп, көз карыктырган ала-телек жаз.

Мен кышты кыштай кошуна кыштагыбыздагы ШКМ-нын[1] жатаканасында жатып окуп, күнүгө ашкабактын

[1] ШКМ – школа крестьянской молодежи – ДЖМ – дыйкан жаштар мектеби.

боткосун жеп жан багып келгем. Үйүмө анда санда эле бир келбесем, убакытымдын дээрлик баарысы мектепте, сабак бүтүп тамактан кийин сабатсыздыкты жоюу ийриминде өтөт. Төртүнчү класстан жогорку окугандардын баарысы өз сабактарын окуп бүткөндөн кийин, кечке чейин кат таанproblemsыбаган чоң кишилерди окутууга милдеттендирилген. Он төрт жашар мен эне-атамдай болгон кишилерди кат таанытууга окутуп «мугалим» болуп жүргөнүмө сыймыктанып, ишенчиликти аткарууга жанымды аябай дилгирмин. Аба ырайынын кайсындай экенин карабай, бир да жолу «мугалимдик» кесибимди өксүткөнүм жок. Ал кезде беш күнү окуп, алтынчы күнү дем алыш боло турган. Жумушчулардын, кызматкерлердин ишнаамасы да ошондой эле.

Бир күнү дем алышта учурашканы үйгө келсем, энем агамды урушуп, капа болуп олтуруптур. Агам Кызыл Сууда, тракторчулардын үч айлык курсунан окуп аткан эле, үйгө келип калыптыр. Чатактын себебин сурасам, агам курсун бүтүрүп, бирок жиберген жерин алыс деп барбай качып келиптир. Ошого капаланып жатыптыр. Ичине бугу толуп капа болуп турган энем, менин суроомду уга албай араң турганбы, айтор, буркан-шаркан түшүп, бош капты, баштыктарды ичин сыртына аңтарып, жерге бир уруп:

– Мына көрүп алгыла! Кышты-кыштай кочуштап, уучтап, чымчымдап өлчөп отуруп, араң ушул күнгө жеткиздим. Эми кап да, баштык да бош. Бар болгону бир желпирүүн табакка толоор-толбос талкан калды. Ашып кетсе үч күндүк жармага жетет. Тырактыр айдап, элдин балдарындай карын тойгузуп багат го десе, өз бактыңдан өзүң качып, куу тумшук болуп, мени тургай өз кара жаныңды бага албай олтурасың, о кудай алган жаман десе! – Ызасына чыдабай бир топко ыйлады. Энемдин капасына туруштук бере албай, мен да ыйладым. Агам чыдай албай сыртка чыгып кетти. Бирок, көздүн жашы

талкан болуп тойдурбайт экен. Капаланганда не пайда. Кошуналардын абалы деле биздикинен түзүк эмес. Бирөөлөрдүн атасы кулак болуп айдалып кеткен, бирөөлөрдүкү үрөн топтой албагандыктан, камалып түрмөдө жатат. Кээ бирөөнүн үй ээси кулак-чунактан коркуп, бала-чакасын таштап качып, дайынсыз жок. Дагы бирөөлөрдүн каңгырап үйлөрү эле калган. Кээси бизге окшоп жетим, жесирлер. Көчөнү баштан аяк кыдырсаң, боору бүтүн, башы эсен үй чанда-чанда гана кезигет. Алардын деле итинен башка жандыгы жок, кээсиникинин ити да жок. Ит деле ток үй-бүлөгө үйүр болчудай...

Ушундай кайгылуу көрүнүшкө ичим күйүп, энеме анын көңүлүн жоокалата турган акыл айта албай, кандай сөз менен сооротоорумду билбей, бала башым маң болуп, оозумдан сөз түшүп, жер карап олтура берипмин. Бир оокумда энем: – Садага болоюн, бир жерин ооруп келген жоксуңбу, өңүн кубарып турат – деп, чекемди басып көрдү. – Тигил агаңа ачууланам деп, сени да капа кылып койдум окшойт. Ал деле сенден төрт жаш улуу болгону менен кемирчеги ката элек бала да. Баланын иши чала деген ушул. Үч ай убара болуп бирөөнүкүндө жатып окуп жүрүп, эми эмгегинин үзүрүн көрөөрдө, жиберген жерин ырааксынып, ушул турган Барскоонго барбай, качып келгени ичимди күйдүрүп атпайбы! Көп капа болбочу, балам. Эл көргөндү көрөөрбүз. Жакын туугандарың бар. Атаңдын аларга кылган жакшылыгын эстешсе, бизди ачка коюшпас. Аны унутса атаңдын арбагы уруп кетпейби. Кудай өзү таразалап жеткирет. Мына, өлбөгөн жанга жаз келейин деп калды, кар эрий баштады. Көчөдө жолдун таманы карарып, кээ жерлери тоборсуп келатат. Күн минтип турса, бир жумага жетпей, кар кетип, жер бети ачылат. Ошондо аңыздардан машак терип тоюнабыз, балам. Келген сайын бадырак кууруп берип турам. Талкан да мол болот. Көп алагды болбой, бизден санааркабай, окууңду жакшы оку, садага

болоюн! – Дагы далай энелик жылуу сөздөрүн айтып, байпагымдын согончогун жамап берип кечки тамагыма кечикпей үлгүргөндөй кылып үйдөн чыгарды.

ШКМга жетип келген маалда кечки тамак ичүү башталып калган экен. Кичинекей мис табакка баягы эле ашкабак ботко, бир тилим арпа нан эки стакан мала таттуу чай. Чай дегеним, күйгүзө куурулган арпа акшактын кыйгыл сары суусу.

Түнкү бүлбүлдөгөн кересин чырактын жарыгында үйлөрүбүзгө барып келген балдар көргөндөрүбүздү ортого салып кейиштүү узун аңгеме курганыбыз күнү бүгүнкүдөй эсиме келди. Ошондо көргөндөр көз алдымда элестеп турду...

Уполномоченный айыл активдерин ээрчитип, ар бир үйгө кирип, үрөн топтоо компаниясын жүргүзүүдө. Үй ичинен эгин таппай, короонун булуң-бурчун темир шиш менен тинткилеп, жыйылган көңдү, отундарды буздуруп, орундарын аңтарышат. Кичинекей балдардан: «атаң кай жерге ороо казды, кайда буудай катты» деп, мактап, алдап сурашат. Бизге окшогон өспүрүмдөр таңыркап, аларды ээрчисек, тыңчысыңар деп кубалашат. Ансыз деле алардын карааны көчөнүн башында көрүнгөндө эле, балдар чымылдап чуркап, короо сайын кирип, тинтүүрлөр келатканын кабарлашат.

Айылдын абалы мына ушундай. Айдоодон, камактан качкандан калган үй-бүлөлөрдө ачарчылыктын жаман жышааны кирип келаткандай. Былтыр айылдарыбызды тентиген казактар каптап келгенде, байкуш мусапырларга ун-талкан, кийим-кечек берип, кээ бир үй-бүлөлөрү байыр алып, айылдарыбызда калып, оокат кылып кеткен эле. Быйыл биз тентисек кайда барабыз? 1916-жылы ашуу ашып чыгыш Түркстандын Алты шаарына барып жан багышкан экен, кайран эл. Азыр ал жактын жолу туюк. Чек арачылардан жашырынып өтө албайсың дешет. Былтыр эле тигил айылдын кулактары ал жакка

качып баратып, чек арада туткундалып кырылган эле. Нарын тарапта турмуш түзүгүрөөк экен дешип, биздин айылдан 2–3 түтүн тынымсейит, чериктер күзүндө эле көчүп кетишкен, алардан деле кабар жок. Чүй боорун ач казактар каптап, абал мындан да жаман деген имиштер бар.

Мындай кейиштүү маектин аягына көпкө дейре чыга албай, акыры аңыздар ала-телек болуп жер бети ачылаары менен окууну таштап, айлыбызга барып машак терип, жан багалы деп, классташтарыбыз макулдаштык. Бул убадабызды мугалимдерибиз, деректирибиз билип калбаса экен, сырларыбызды башка класстын окуучуларына айтпайлы деп кол алыштык. Кеткиче шек билгизбей окуубуздан да калбай, сабатсыздар ийримдериндеги окутуучулук милдеттерибизди да кынтыксыз аткарып турмак болдук.

Көп убакыт өтпөй күткөн күнүбүз да келди. Таң эртең менен деректир, мугалимдер жолуга электе ар кимибиз өз айылыбызга жөнөдүк.

Жаңыдан туруп, от жагууга камынып аткан энем, мени көрүп чочуп кетти. Мен иштин жайын айтып, жалгыз мен эмес, бүт класс таркап кеткенин билдирдим. Баарыбызды окуудан бир чыгарып жибермек беле, анткенде кимди окутмак деп, энемдин санаасын бир аз тындыргансыдым...

Бул окуя март айынын башында болгон эле. Ошол ала шалбырт күндөн тартып, майдын аягына дейре, машактын данынан майсасы көгөрүп өскүчө кудайдын күнү сайын чайыттай ачык тийип жонуңду куйкалаганда да, кара нөшөр төгүп, үстүңдөгү кийимдериңди шөлбүрөткөндө да шашкеден дигерге чейин кары дебей, жаш дебей башты жерден албай, аңыздарды машке иттей жойлоп, машак терген элек. Биздин үйдөн энем экөөбүз. Агам болсо, колхоздун өндүрүш ишине чегилип, бригадир күнүгө кайда айдаса ошого барат. Машакчылар алыстан

аңызга жайылып жүргөн койлордой көрүнөт. Маясы калың аңыздарда машак көбүрөөк. Бүтүн баш табылса, балдар алтын тапкандай сүйүнүп, кубангандан кыйкырып, баарысы көрсүн дегенсип, машак кармаган колун көкөлөтүп мактанышат.

Теримден тапкан даныбыз, жолубуз болуп калган күндө, эки-үч күндүк жармага жетет, кээде энем экөөбүздүн керээли кечке шимшилеп жүрүп тапканыбыз бир чөйчөккө толбойт. Айла канча, жолу болбогон жалгыз энем экөөбүз эле эмес, бизден жаман кейигендер да бар, кудая шүгүр, көптүн бирибиз.

Киши деген иттен да бышык болот дейм. Баарына чыдап, ал тургай көнүп да алат көрүнөт. Кардың дайыма ач болсо, тапканыңа канимет кылып ага да көнөт экенсиң. Кийин, жер кургап, маялуу аңыздар бир нече сапар жойлонуп, өрттөнгөн аңыздардан анда-санда гана кара күйүк сынык баштарды, же күбүлүп түшкөн кызылдарды бел үзүлгөнчө бөкчөйүп жүрүп тапканыбыз күндөлүк ашка жетпей, кыйналчу болдук. Энем экөөбүз эптеп чыдачудайбыз, а байкуш агам колхоздун оор жумушун жасап жүргөн неме, буту бутуна чалынып баса албай калды. Ошентсе да бригадирдин уу тилине чыдабай күн сайын жумушта. Кызматына улактын терисинен жасалган колчаначынын колуна жетээр-жетпес кара жарма алып кетет, керээли кечке талаада ошону менен жан багат. Күндөн күнгө айла куруп баратат. Айдалган жер улам көбөйүп, аңыздар азайууда.

Трактыр деген неме ошол жаз биздин өрөөнгө жаңы келген. Беш-алты ат соконун күндөлүк жумушун бир эле трактыр бүтүрүп коёт экен. Барган сайын биз уулап жүргөн аянттар туш-туш жагынан трактырлардын курчоосуна алынып, тарыгандан тарып келет. Биз, чөгүп бараткан аралдын кийиктерине окшоп ийрилип, ийрилип, араларыбыз жакындап, батыша албай, тапкан машактарыбызды талашып, кошуналарыбыз менен жа-

ман-жакшы айтышып да калуудабыз. А тиги соколордун артынан жайыла ээрчип, аңтарылган топурактардан курт терген чар каргалар алкымдарын чулчуйтуп бизди барбы, жокпу деп көздөрүнө илишпей, шылдыңдаган немелерче жаныбыздан жакын гана кериле арыштап, куйруктарын чайпалтып жай басып өтүшөт. Чопо, таш ыргытсаң да тоотмоксонго салып, канатын жайып, бир-эки секирип коюп, өз иши менен алек. «Каак-каак» үн чыгарып, кээси үстүбүздөн айлана каалгый учуп, кайып барып айдоого кайра конот. Анысы кыжырды келтирет. Деле ачка киши эч нерсени кыртышы сүйбөй, урушчаак, таарынчаак болот бейм. Жада калса каргалар да бизди: «биз токпуз, көрдүңөрбү? Силер ачкасыңар, айрөк» деп бизди мазактап аткандай сезем..

Акыры бүт аңыздар айдалып, биздин табылга да бүттү. Ачарчылыктан айылда карылардын, эмчектеги балдардын арасынан чыгым да чыга баштады. Агам баса албай калды. Эки күн болду оозубузга баштыктын күбүндүсүн себелеткен кайнак суудан башка эч нерсе наар албаганыбызга. Олтурсам-турсам да көз алдымда токоч, талкан. Уктасам түшүмдө токоч көрөм, жесем тойбойм, дагы-дагы жегим келет. Энемдин да айласы түгөнгөн окшойт. Мен кыялымда кыдырып жүрүп, бир үңкүргө кирсем, ичи толгон тамак экен, көзүм жайнап, кайсынысын алып ичээримди билбей, шаштым кетип атты эле, капыстан энемдин үнү кулагыма шак угулуп, өзүмдү очоктун оозуна жакын жерде олтурганымды көрдүм.

– Балам, тайэжеңдикине барып, абалыбызды айт. Алар бизге караганда оокаттуу эмес беле. Бирдемеси бардыр... Балким тамак-ашы кеңири болсо, бизге кайрылышар! – дегенде мен үн дебей ордуман туруп, ыс-мыска келбей жыңайлак бойдон жолго чыктым. Энем колума баштык берди эле...

Улук лейтенанттын окуп аткан өкүмүнөн тигил байкуштун тергөөчүгө «жөн эле курсагым ачкандыгынан...»

деген сөзү мени бала кезимде башымдан өткөргөн ачарчылыкка алып жөнөп андагынын баарысын эсиме түшүрдү.

Бир колума баштык, бир колума таяк алып, кардым ичиме кабырылып, аш издеп алыскы айылдагы тайэжеме чыйыр жолдо сенделип бараткан кебетемди, ушунча кишинин алдында титиреп турган тетиги байкушка эмне үчүндүр салыштырдым. «Кызыл, кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет?.. Ачкалык эмнеге түртпөйт». Дагы кетти кыялым артка чабуулдап...

Жолдо эки кыштактан өтүш керек эле. Биринчи кыштактын иттери талап, чапанымдын этегин жулуп, балтырыма тиши кирип, багалегимдин жарымы иттин оозунда калганы, таяк менен тап берип жан айласы кылсам, иттер тоотпойт, айлам кетип, өлөт экенмин деп коркконумдан бакырып ыйлаганым элестейт. Бир оокумда бир киши короосунан чыга калып, иттерден ажыратканы, мени сооротуп, жөн-жайымды сурап, «молдокемдин баласы турбайсыңбы. Ыраматылык атаңдан окуганмын. Кайран киши, ченде жок адам эле» деп, мени колуман жетелеп үйүнө алып кирип апаптап, башыман суу тегеретип төккөнү, байбичесиби, ким билсин, бир аял мага айран куйган чөйчөк сунганы, көзүм катып калган жаным тынбай шимирип жиберип, дагы куяр бекен деп үмүт этип жалдырап карасам, аялы бурулуп кеткени, «ушунусуна да ыракмат, кудайга шүгүр» деп, топук кылганмын. Багалегимди бүрдүрүп алып, бараткан жагыма бет алганым, үй ээси ыймандуу киши көрүнөт, мени иттерден коргоп, кыштактын сыртына чыгарып койгонун элестетем. Өзөк жалгап тыңыганым менен балтырым ооруп, бутум аксап талмоорсуп, жакшы баса албай, экинчи кыштакты аралабай сыртынан обочо өтүп баратып, калың чийдин арасында жер кучактап, өдөлөнүп жаткан бир кишини көрүп, жүрөгүм оозума капталып, эки жакты кылчайып карабай, көзүмдү жумуп, чымын-куюн чуркап, кантип тайэжемдин айлынын четине жетип калганым, корк-

конумдан бутумдун оорусун сезбей, зымырап баратып, арыктын кырына жетип токтогондо, эс-учумду жыйып, көзүмдү ачып, артымды караганда гана бутум зырп этип оорусу башыма чыккан эле…

Көптөн бери стройдо какайып тургандыктан, бала кезимде ит тиштеген балтырым какшап жатыптыр. Кыялым кайра бүгүнкү ордуна келе түштү. Ошол учурда улук лейтенанттын: «Именем Союза Советских социалистических республик полевой трибунал 24-кавалерийской дивизии, за измену Родине, выразившуюся в дезертирстве, бывшего солдата №… дорожно-строительного батальона… приговорил к смертной казни через расстрел! Приговор подлежит к исполнению немедленно перед строем личного состава…»[1] деп, акыркы сөзүн кыйкырганда стройдо турган аскерлер бүт селейип, баарысы тигил байкушту тиктешти. «Чыккынчыга ким өз каалоосу менен ок чыгарат?» Строй кыймылга келди, шыбыр-күбүр шуудураган камыштай кыркада жүрүп кетти. Эч ким чыккан жок. Тигил шордуу ээрдин кыбыратып ыйламсырап: «Товар…» деп келатканда, улук лейтенант сөзүн бүтүртпөй, «По изменнику огонь!..[2] дегенде, туткунду алып келген үч солдаттын бирөө (тигинин артында турганы), автоматынын сөңгөгүн шордуунун далысына туташтырып «трр» дедиргенде, күнөкөөр көмкөрөсүнөн кулап, пилоткасы башынан ыргып, мурду жерге сайылды. Ошол кезде строй дагы бир жолу силкинди. Эрксизден оолдон чыккан өкүнүч табышы күңгүрөндү. Улук лейтенант кобурасынан тапанчасын сууруп чыгып, жер кучактап жаткан өлүктүн үстүнө келип, башка бир атты эле, өлүк солк эткен жок. Тигини түрткүлөп келген үч солдат күрөктөрү менен та-

---

[1] Советтик социалисттик республикалар Союзунун ысмы менен 24-атчандар дивизиясынын көчмө трибуналы №… жол куруучу батальондун мурдагы солдаты… дезертир болуп качып, Мекенге чыккынчылык кылганы үчүн атып өлтүрүүгө өкүм кылат. Өкүм өздүк курам аскерлердин алдында, дароо аткарылууга тийиш!

[2] Чыккынчыны ат!

йыз чуңкур казышып, өлүктү буттары менен тээп аңга кулатып, үстүнө топурак ыргытышты эле, топурак тиги байкуштун денесин жабууга араң жетти. Иттен да тайыз көмүлдү... Строй тарады. Аскердин көпчүлүгү башын жерге салып, ар кимиси ар кандай ойго батып, сандала басып, келген жактарына кайтып баратат. А кээ бирөөлөр койкоктошуп, «Собаке собачья смерть!» дешип, өлүк жаткан дөмпөктү кезенишет.

Мен өмүрүмдө мындайды биринчи көргөндүгүмөнбү, же эмне болдум, билбейм, башым зыңылдап ооруп чыкты. Карагайдын түбүндө тигилген чатырыма качан жеткенимди билбейм. Окшуп, окшуп, ичегардым аңтарылып кетчүдөй кыйналдым.

Көз алдымдан тигил шордуунун желге теңселген каракчыдай элеси кетпей койду. «Ушу кантип чыккынчы болсун, мунун колунан эмне келет эле?» Муну кайсы зоот, фабрика, же аскердик бөлүк жанына жолотмок эле? Кейпинен эле көрүнүп турбайбы. Ушундайлардан өөдө шек санап, кырып отурсак, немистен мурда элибиздин учуна өзүбүз чыгабыз го? Анан коммунизмди ким менен курабыз? Суракта деле эч бир чыккынчылык кылган шеги билинбейт. Кургурдун жалгыз айыбы үйүнө качканы. Үйү майдандын чегинин наркы жагы, душмандын колунда болгону. Кемирчеги ката элек жаш бала, ач курсактын айынан, мурда өтүп жүргөн тааныш жолдорго жакын келгенде азгырылган го, шоруң куурагыр?! «Кызыл, кызыл кекиртек, кыйла жерге секиртет» деген ушул турбайбы!.. Анан калса, жумушчу батальондо иштегендерди норма № 16 боюнча тейлейт дешет. Ага түрмөдөгүлөр аргасыздан араң чыдайт экен. Ошондуктан жумушчу батальондон качкандар көп. Кээси тигил атылган немече чыккынчы дезертир деген атка конуп, кээси жогорку командачыларга дейре арызданып өлүмгө кайыл болушуп, ыктыяры менен согушка келишкен экен. Турмуш шартына чыдай албай өз жанын өзү кый-

гандар канча дешет. Ай, оңбогон турмуш-ай!.. Мен деле ачарчылыктын айынан иттерге балтыр этимди тиштетип талатканыма кайыл, жалам талкан үчүн тайэжемдин алыскы айлына барууга мажбур болбодум беле?... Демек, жан багуу үчүн окуумду, сабатсыздар ийриминде «мугалимдигимди» таштап, талаадан машак терип кеткен мен деле, жанагы чытыраган улук лейтенанттын түшүнүгү боюнча дезертир экенмин да?! Эгер мен андай жолго барбасам, үй-бүлөбүз ачкадан аман калат белек? Мен ушул даражага жетип, бүгүнкү кыйын кырдаалда Мекенимдин керегине жарап, жооптуу тапшырмасын аткарат белем? Кудая тобо! Ошол кезде ушундай улук лейтенанттар өмүр жолумдан кезикпегенине жакамды кармап, Кудайым, өзүңө миң мертебе атам ыраматылык үйрөтүп кеткен мунаажатты айтам!..

А балким трибуналдын өкүмү туурадыр?..

Жер өрттөнүп, кан күйгөн кызыл-кыргын болуп атканда, душман басып алган аймактарда калган мекендештерибизди кыйнап, кордоп, кыздарды, келиндерди зордуктап, абышка-кемпирлерди, балдарды сарайга камап өрттөп, жумушка жарактууларын кармап вагондорго салып, кул-күң кылмакка өз жерине алып кетип атканда, кимде ким өзүн атуул атаса, кары-жашына карабай, Мекенинин башына түшкөн мүшкүлдү өзүнүн керт башына келген балээ, кордук, кайгы, муң чапкын деп түшүнүп, колунан келген бардык аракетин жасап атпайбы. Майдандан беш миң километр алыс жерден мен деле ошол атуулдук сезим менен согушка келбедимби. Анан тигил эмнеге качыш керек эле? Оккупациядагы жерден өз эрки менен келгенде ал эмнени ойлоду эле? Чыккынчылык кылып, душманга биз жөнүндө кабар берип туруу үчүн келди беле? Ой-бо-ой! Турмуш деген түнт токой экен го!

Чыкыйларым зырпылдап ооруган башыма, бирине бири коошпогон уйгу-туйгу ойлор кирип ого бетер ооруткан, жүрөгүмдү айланткан эле. Эми майордон отуз же-

тинчи жылдын негизги себепкерлерин уккандан кийин, тетиги дезертирдин кейиштүү тагдырынын көшөгөсү мага бир аз ачылгансыйт. Ошол отуз жетинчи жылкы алааматтын саркындысы кете элек бейм. Балким, тигил улук лейтенант өз убагында бети ачылбай калган накта душман болбосун? Айтор, башым маң...

Майордун айткандары ичиме бүлүк салып таштады. Мурда ынанып калган чындыктарым эми шек туудура баштады. «Правда» не врет, большевистская печать только правду пишет» деген ишеним ичимден орун алып, өткөндөгү окуялардын баарысын «тагдырдын жолунда сөзсүз учурай турган, башкача эч болбой турган чындык» деп түшүнүп, басма сөздө, гезит, журналдардын бетинде жазылган макалаларда «беттери ачылган эл душмандарын», «террористтерди», «улутчулдарды» жана башка зыянкечтерди «чын эле журт куруткан желмогуздар турбайбы» деп ишенгенмин. Бирок ошол отуз жетинчи алааматтуу жылдын күзүндө, эл душмандарына каршы компания күчөп бараткан кезде, биринчи сапар гезиттин макаласына күнөм санап, чындыгына шек келтирдим эле. Ага дейре биздин республиканын баарына таанымал жетекчилеринин, билимдүү интеллигенттердин дээрлик көпчүлүгүнүн «эл душмандык» беттери күн сайын ачылып, гезит-журналдарда аларга каргыш тамгалары басылып, камакка алынып, күргүчтөтө айдап келип, түрмөгө солоп жаткандарын окуганда «апей, ушундай немелер беле?» деп, макалага толук ишенчүмүн. Ал тургай Касым Тыныстановдун «эл душманы» экендиги жөнүндө окуганымда да «капырай, ушундай киши экен ээ?» деп, таң калгам.

Тыныстанов демекчи. Бул кишини айыл мектебинде окуп жүргөн кезимде эле көрүүгө кумар элем. Анын гезит, журналдарга, китепке басылып чыккан ырларын, поэмаларын жаттап алчумун. Кыргыз тили боюнча окуу китептерди, илим-билимдин ар кыл тармагына жаңы

терминдерди жаратып, кыргыздын адабий тилине энчилеп төл сөз кылып берип, эне тилибизди байыткандыгы мени суктандырчу. Мектептеги окуу китептердин авторлорунун ичинен өтө таанымал автор Касым Тыныстанов экени баарыбызга маалым эле. Эми институтта окуп атканда да кыргыз тилинин вуздар үчүн окуу китептеринин автору да ушул эле Тыныстанов экенине көзүм жетип, ушуларды «жалгыз жараткан кандай киши болду экен?» деген тилек жаш көңүлдү дайым дегдетчү. Студент жолдошторум менен шаарга түшүп, көчө кыдырып жүргөнүмдө да «көрөөр бекемин?» деген ой башымдан кетчү эмес. Эки-үч сапар көпчүлүктүн арасынан көрүп калгам. Кадимки эле кишилердей экен. Баскан-турганы, сүйлөгөнү, күлгөнү деле элдикинен айырмаланбайт. Бир сапар «Манас» эпосунун орусча котормосун өкмөт үйүндө талкуулайт экен» деген кабар угуп, өзүмө окшогон адабиятка шыктуу студенттерди ээрчип келип, босогодо жөөлөшүп тикебизден туруп катышкан элем. Ошондо Маскөөдөн чакырылган кыйла орус котормочулар менен кошо Касым Тыныстанов да өз котормосун орусча окуп, менин таңыркоомду күчөткөн.

Ошентип, мен сыртынан ашык болуп жүргөн кишиге 1937-жылдын апрель айында жакын таанышып бетме-бет сүйлөшүүгө насип буюрду. Зооветинституттун экинчи курсунда окуучу элем. Бир күнү бизге биринчи курста зоология дарсынан сабак берген мугалимим мени чакырып, сабактардан кийин мени шаарга ээрчитип алды. Мен ал кишинин сабагын жакшы билип, «эң жакшы» деген баа алгамын. Сабактардан сырткары убактарда да ал кафедрасына көп жолу чакырып, аңгемелешип кала турган. Бүгүнкү аңгемеси ал мугалимим Кыргызстанды бүт кыдырып, табиятынын кооздугуна суктанып, Маскөөдөгү ишин, үйүн маскөөлүк экспедициянын курамын таштап, Кыргызстанда түбөлүккө жашоого калып калганынан баштаган эле. Касым Тыныстанов менен дос экен, край

таануу институтунда бирге иштешет экен. Көп жылдан бери бир үйдө жанаша квартираларда турушат экен. Көптү көргөн, көптү билген, орус кебинин чечени, сөзмөр киши, кыйла каймана сөздөрдү айтып келип, акыры мени чакырган максатын ортого салды. Көрсө, ал мугалимим бир кыргыз мугалим экөө биригип орусча-кыргызча айбанат аттарын жана орто мектеп программасынын көлөмүнө ылайык биология терминдерин түзгөнүнө эки-үч жыл болуптур. Бирок ага редактор табылбай, басмадан чыгара албай жүрүшүптүр. Мугалимимдин айтуусу боюнча ошондой ишке мен жарайт имишмин. «Эки вуздун (ал киши désinститутта да иштөөчү) көп студентин байкадым. Сиз купулума толдуңуз. Сизди мен редакторлукка тандадым, «жок» дебеңиз. Албетте, тажрыйбаңыз жок, бирок биологиядан жетишээрлик кабардарсыз. Баарынан артыкчылыгыңыз айбанаттын кыргызча аттарын жакшы билесиз. Коркпоңуз, өзүм биология, зоология жагынан жардам кылам сизге, а кыргыз тилинен менин досум Касым консультант болот» дегенде мен уккан кулагыма ишенбей бүдөмдүк ой ичимди жылытып:

– Касым, Касым? Тыныстанов досуңузбу? – десем,

– Ооба, ошол досум. Ал улуу адам, ченде жок окумуштуу. Ага тегерегиндегилерден эч ким теңеле албайт. Ошенткени менен, жеке турмушунда ушунча ак көңүл, карапайым, жумшак, кичи пейил. Менин айтканымды жок дебейт.

Менин самаган оюмдун чокусу болгон, мен байгамбар катары сыйлап жүргөн Касым менен дидаарлашуу, анын акылын өз оозунан угуу ишке ашпайт го деп, асман аралап жүргөн куру кыялым кудайдын буйругу менен жерге түшүп келип, мага сунуш кылып атканы көкүрөгүмдө жүрөгүмдү туйлаткан эле. Мага окшогон боз бала үчүн бул кол жеткис бийик зоболо дечи. Анын үстүнө, баласындай болгон мага «сиз» деп кайрылып, өзүнө тең ата кылып, менден жардам сурап турган менин эң жакшы

көргөн мугалимим, шаардагы көп балдардын ичинен мени тандаганына сыймыктанып, «мындай улуу кыраакы кишилердин назары түшкөнгө караганда, менде да бирдеме бар го» дегенсип, ичимен компоюп, мугалимимдин сунуштарына макул болгон элем. Ошол эле күнү Кыргыз ССРинин Тарых, Тил жана адабият илимий-изилдөө институтуна келип, келишим түзүп, тиешелүү документтердин баарысын бүтүрүп, мугалимим экөөбүз Касымдын кабинетине киргенбиз. Жакындан биринчи көрүшүм ал кишини. Чачы машинка менен кыркылган чоң баш, бети толмоч, майланган бадырактай жылма, сыйда кара мурут, кара сур киши экен. Биздин саламыбызды столуна арта салынып кол алышып амандашканда, чарчы бойлуу, чымыр адам экени билинди эле.

Кептин чоо-жайын айтып, мугалимим мени тааныштыргандан кийин, экөө бир аз сүйлөшүп туруп, Касымды ресторанга түштөнүүгө чакырды. Ресторанда олтурушуп, бир топ кызышып, кызык тамашаларды айтышкан болчу. Тыныстанов орусча такалбай, акценти жок сүйлөйт экен. Касым сынамакка мени менен орусча сүйлөшүп, жактырып калды. Консультант болууга убадасын берип, эртеси китеп бермек болуп үйүнө чакырды.

Болжогон убакытта айткан дарекке барсам, ал киши үйүндө экен. Квартирасы кечээки биз тамак ичкен «ресторандан» алыс эмес, бир аз андан жогору, көчөнүн бурчунда бир кабаттуу, үстү темир тунуке менен жабылган айванчалуу үйдө экен. Өзбектин же татардын байынын үйү болсо керек. Айванчасы короону караган. Ага чыгууга эки жеринде жапыз тепкичтери бар. Айванчага көтөрүлүп, айткан номурлуу эшикти тыкылдатсам, Касым өзү ачты. Саламымды кабыл алып, кирүүгө ишарат кылды. Үйүндө өзү жалгыз отурган окшойт. Үй ичи асемсиз. Эшигинен киргендеги бөлмөсүндө жөнөкөй стол, үстүндө кагаздар, китептер жөнөкөй сыя челек, ага жөлөнгөн калем, дагы бир венский стул, эки жагында

эки табуретка. Өзү иштеп аткан көрүнөт. Сол жактагы табуреткасын мага жылдырып, өзү венский стулга отурду. Көйнөк-шымчан, жеңдерин чыканагына чейин түрүп, шымаланган. Артында үй ичинде адеми эмеректерден эч нерсе көрүнбөйт. Көчө жактагы дубалынан эки терезе чыккан, ал экөөнүн ортосунда кандайдыр сүрөттөр илинген. Терезеден түшкөн шооланын далдасынан бүдөмүктөп даана жакшы көрүнбөйт. Күн чыгыш жак дубалын бери жагынан чүпүрөк менен тосуп койгон. Идиш-аяктар болсо керек. Батыш дубалын килем жаап турат. Түндүк жак керегесинде эшик, ички үйү болсо керек, эшиктин оң жагында китеп толгон этажерка. Мен көз чаптырып ары жак, бери жагын жакшы карагыча болбой, Касыкем кепке кирди.

– Кечээ ал-жайды да жакшылыктуу сурашканыбыз жок, иним. Институтка качан, кайдан келип кирдиң! – Мен чоо-жайымды, кимдин баласы экенимди, качан окууга киргенимди айтып бердим эле, ал киши – Жети-Өгүздөн болосуңбу? – деп сурап калды.

– Ооба, Жети-Өгүздүк болом. Атам Караколдогу Шакир дамбылданын медресесин бүтүргөн экен. Айлына келгенде эле чогулуп, мектеп үчүн жаңы боз үй жасатып, балдарын атама окутууга беришиптир. Көчмө мектепте он чакты жыл иштептир. Аймагыбызда кыргыздардын кыштактары болбогондуктан, көчмө мектеп ошол эле учурда мечиттин да милдетин аткаруучу экен. Атамды ага имамдыкка да шайлап алышыптыр.

– О-о! Мужабировдун медресесин бүтүрсө, сабаты күчтүү киши эле. Мен да алгачкы окуумду Байсоорунда, анан Караколдо баштагамын. Каракол көл айланасындагы кыргыздар үчүн, Каркыра, Кеген жактагы казактар үчүн чоң тарыхый маанилүү шаар. Ал турмак, Чыгыш Түркстандан бул издеп келген уйгурлар, ичкери Кытайдан качып чыгышкан дунгандар, тууган издеп Жунгариядан ата конушуна кайтып келген сарткалмактар,

Анжиян, Ташкен тараптан байлык жорткон сарттар – баарысы Караколго, анын тегерегине жайлашып, кыска эле мөөнөттүн ичинде ал көп улуттуу чоң шаар болуп өсүп, Россиянын Кытай менен чектеш ыраак жеринде империянын коопсуздугуна тыңгылыктуу күзөт болуп туруучу форпостко айланган. – Бала кезиндеги көргөндөрү эсине түштүбү, билбейм. Ордунан туруп, эки колун артына алып аркы-терки басып, лекция окуп жаткансып, Россиянын ичкеринен, казак орус аскерлеринен сырткары, орустун көпөстөрү, татардын соодагерлери шаарга түрлүү кооз тамдарды, имараттарды салышкан. Аларды ээрчип, Ысык-Көлдүн айланасына орустардын дыйкандары да келип, жер алышып, кыштактарды салгандан кийин, Каракол уезддин борбор шаары болуп, ага Ат-Башы, Нарындан берки эл, жер караган. Ошентип, Каракол курула баштагандан он-он беш жыл өтпөй, азыркы Кыргызстандын чыгыш аймагынын маданий борборуна айланган. Шаарда бир нече орус, бир уйгур, бир татар мектеби ачылган. Андан сырткары жалаң жергиликтүү улуттардын балдары үчүн туземная школа деген төрт класстык билим берүүчү орус мектеби да салынган. Бунттун алдында мен үч жыл ошол мектептен окугам. Шаардын ортосунда чоң чиркөө курулуп, коңгуроолорун ичкериден өгүз арабалар менен ташып келишкен. Мусулмандардын үч мечити: татар мечити, дунган мечити, сарт мечити дегендердин азанчыларынын үнү, чиркөөнүн коңгуроолорунун заңгыраган табышы таң саарында шаардын калкын тунжураган уйкусунан ойготуп, жамааттарын өздөрүнө чакырып тураар эле. – Касыкем көзүн үргүлөтүп, алдында олтурган мени унутуп койдубу, билбейм, Караколду кыйла сүрөттөп, эсине түшкөн элестерин анчейин мага эмес, көбүнчө өзүнө аныктап, далилдеп жаткандай сезилет... Бир оокумда, мен көзүнө чылдыктым көрүнөт, мага жалт бурулуп, стулуна отура калып:

– Караколдун мусулман калкына, айрыкча кыргыздарга, татар мечити көбүрөөк барыктуу болуучу, Анын имамы да, медресенин мудариси да Мужабиров Шакир дамбылда болуптур. Кийин агартуу иштери боюнча Караколго барып, Кантондо мугалимдердин документтери менен таанышканымда, Ысык-Көл айланасындагы кыргыз мектептерин уюштургандардын дээрлик баарысы Шакир дамбылданын медресесин бүтүргөндөр жана алардын шакирттери болуп чыккан. Көрсө, ал революциядан мурда эле жаңы тартип (усулиджадит) менен окуткан экен. Анын мударис Мужабиров Шакир Татарстандан падышанын атайын буйругу менен Караколго жергиликтүү калктын балдарына дин жана фан сабактарын бере турган медресе ачуу үчүн жиберилиптир.

– Усули джадит деген эмне, аба?

– Мусулманча окутуунун эки методу болгон. Биринчиси, «усули катим» делет. Бул метод боюнча жалаң гана дин китептерин: иман шариф, аптиек, куран ж.у.с. окуткан окуучуларга. Булардын жазууларын гана окуганды жана айрым сүрөөлөрдү көчүрүп жазууну үйрөтүшкөн. Экинчи метод кийин чыккан, ал – «усули джадит» деп аталган. Мында диний китептерден башка дарстар да, мисалы, эсеп, география, тарых, физика, химия, биологиялар да окулган. Бул метод менен окугандардын жалпы билими жогору болгон. «Усули катим» окугандар куран, шарият ж.б. диний маалыматтардан башканы билишкен эмес. Бул метод менен медресе бүтүргөн молдолордун көпчүлүгү өз тилинде кат жаза алышчу эмес.

– Менин атам эсепти, географияны да биле турган.

– Атаңды мен Эшенаалы Арабаевден уккан экенмин. Алар эски тааныш болсо керек. Кыргызстан жаңы автоном облусу болуп бөлүнгөндө, калк арасындагы адабий мурастарды чогултуу иши кеңири кулач жайган. Эшенаалы кыргыз илимий комиссиясын башкарып, жер-жерлерге экспедиция уюштурган. Ошондо, бир жолку

жыйында Көл айланасына жиберилүүчү экспедициянын мүчөлөрүнө Арабаев ким-кимдерге кайрылып, кимден кандай нерселерди чогултуу керектигин айтып атып, сенин атаңа токтолуп «чоң билими бар молдо киши, казал жазган акын, азыркы тирүү Молдо Кылыч» деген эле. Кийин ошол экспедициянын бир мүчөсү, биздин Бостерилик агалардан болот. Керим Жумабаев деген сенин атаңдын бугу-сарбагыштардын чабышы тууралуу бир казалын алып келген экен. Окуп көрүп, чоң акын экенине көзүм жеткен эле. Жаратып, Фондуга алдырганыбыз эсимде. Комиссия ага ат койсо керек эле. Азыр аты эсимде жок. Андан бери далай убакыт өттү, заман да кыйла өзгөрдү.

– Ырас жаңы ат коюлуптур. «Жактырып, фондуга алдык» деген кат келген.

– Атаң азыр аманбы? Дагы башка кол жазмалары барбы?

Мен атамдын кулакка тартылганын, айылда каза болгонун, анын жетилигин берип атканда, Кыргызстандан сүрүлүп айдалсын деген чечим келгенин, атамдан калган китеп, кагаздарын, кол жазмаларын шакирттери табарик кылып талап кетишкенин, жаш аялмет балдары менен энем, атамдан кийин жетим-жесирдиктин кордугун көргөнүбүздү айтып берсем, Касыкем ичинен капаланып:

– Кайран киши! – деп, бир аз унчукпай калып, анан сөзүн улатканы эсимде:

– Лениндин, коммунисттик партиянын жакшы саясатын туура ишке ашырбай, жолдон бурмалап, ар ишке үстүртөн кайдыгерлик мамиле кылып, акты-караны жакшы ылгабай, акыр-чикир менен кошо алтын-күмүш, көөхарларыбызды да күрөп таштап, байыртан бери сактап келаткан улуттук мурастардан айрылып, жандүйнө казынабыз жакырланууда. Алда ушул маданий революциянын жыланач баатырларынын «баатырлыгыай!» – деп өзүн өзү жемелеп, буулугуп, ордунан туруп,

этажеркасына барып, ичи кагазга толгон «Дело» деген мукабаны алып, ордуна кайра отуруп, бир аз демин басып, мага кайрылды:

– Жакшы ишке киришкени жатыпсың, иним. «Жакшы окуйт, ар нерсеге көп кызыгат» деп, кечээ мага Дмитрий Петрович да айтты. Жакшы кишинин баласы турбайсыңбы, атаңды тартсаң жаман адам болбойсуң. Өмүр деген бат өтө турган нерсе. Убагында камынып бирдеме жасап калбасаң жашың текке кетет. Мал сыяктуу жашоону үйрөнүп кереги жок, аны айбандын баарысы билет. Адам коомунда жашап аткандан кийин, адамча, артыңда өрнөктүү из калтырып жашаш керек, иним! Канча жаштасың? – Менден жооп угуп, мурутунан жылмайганда, мени мактайт экен деп ичимен компойдум эле, анткени, жакшы окуп, сыйлык алып, чогулуштарда сүйлөп, дубал гезитине ыр жаза коюп кыргыз балдардын, теңтуштарымдын арасында таанылып калгам, орусча так, кыraаты менен сүйлөөгө өтө берилип, европеец студенттер менен бирге жатып, көп сүйлөшүп, китептегиден тышкаркы тамашалуу, күлкүлүү сөздөрүн үйрөнүп, көркөм адабиятын үзбөй окуп, институт коллективинин оозуна кирип, мактоо сөздөрдү көп угуп, өзүмдү өзүм «менден кыйын киши жок турбайбы?» деп, дөөгүрсүп калган окшобоймбу. Иштин жайы мен күткөндөй болбоду.

– О-о, майда жашыңды жашап бүткөн турбайсыңбы. Он сегиз жаш – жигиттин жашы. Дээриңде бар болсо, алты саның аман болсо, билегиң күчкө, мээң акылга толуп турган кезиң. Илгери сенин курагыңдагылар эл бийлеп, журт бакчу. Манас 16 жашында бүт кыргыздын башын кошуп эл кылган, кол кураган. Демек, жамандыгың эле болбосо, жаштыгың калбаптыр. Ар ишке тартынбай, уялбай, кайрат кылып иштеш керек. Көп нерсени иш үстүндө үйрөнөсүң, баарысын даярдап берет деп күтпө, «тиши чыккан балага чайнап берген аш болбойт» дейт.

Илгери, ырас, билек күчү абдан керек болгон. Анысы менен кыргыз коргонуп келген. Азыр биз жаңы заманда жашап атабыз. Мурда кыргыздын жазуусу болгон эмес. Байыркы жазуусун көчмөндүктүн, талаш-тартыш, кыргын-сүргүндүн кесепетинен жоготуп жибергенбиз. Кат билбегендиктин айынан өткөн кылымдардагы маданиятыбызды, адабиятыбызды, деле тарыхыбызды кагазга түшүрө албай, нечен-нечен жандүйнө байлыктарынан биротоло ажырап калганбыз. Ошол себептен «Манасты» жана башка алп жомокторду ар жомокчу ар башка айтат. Аттиң, биз Эне-Сай жазуубузду жоготпогондо, «Манасты» коюп, кенже эле эпосторубуздун жазылгандары «Илиада», «Шахнаме», «Жолборс терисин жамынган баатыр» сыяктуу документалдуу мурас болбойт беле!.. Алтын жоготсоң жерден табасың, сөз жоготсоң – кайдан табасың?

Азыр, ооз кесири болбосун, кыргыздын сегиз жашар баласынан өлөсөөлүү чал-кемпирлерине дейре кат билет, сабаттуу болду. Эми бизге билеги күчтүүдөн билими күчтүү зарылыраак. Болочок муундардын камын ойлош керек. Илимдин ар бир тармагы боюнча сөздүктөр өтө керек. Сабатсыздыгыбыздан кыргыздын далай терминдеринен кол жуудук. Биз, жаңы маданий замандын башатында тургандар, тирүү кезибизде билген терминдерибизди жазып, тилибизди байытууга кам көрбөсөк, болочоктогу муундардын каргышына калабыз. Алар азыркы чуваш, марий, мордва сыяктуу адепки эне тилин унутушуп, орус тилинин жаргонунда сүйлөп калышы ыктымал.

– Алар эмне, өздөрүнчө тили жокпу?

– Болгон, алардын тилдеринин түпкү тамыры биздикине окшош, бирок азыркы тилдерине 50-60 процент славян тилдери, көбүнчө орустуку кирип, сүйлөм түзүлүштөрү адепки касиетин жоготуп, грамматикасы чаташып калган. Азыр аларда да жазма адабият башталгандан бери, тил боюнча адистери эне тилдерин илимий жолго жакшылыктуу коё албай абдан кыйналууда...

Сен өзүңдү, иним, «бала эле бойдонмун» деп жүрсөң керек. Жаңыласың, сен да, мен да, сенден кыйла жаш улуу болгонум менен, бир заманда жашап аткан замандашпыз, болгондо да жаңы замандын! Сен билимдин, илимдин бир тармагын өздөштүрүп келаткан тунгуч кыргызсың. Тармагың боюнча кыргыз тилин тиешелүү терминдер менен байытууга келечектегилердин алдында жоопкерсиң. Ошондой жоопкердикти моюнга алып, намызданып иштесең – ишиңен майнап чыгат. Мен азыркы сенин жашыңан бир аз жашыраак кезимде, араң окууга киргемин. Ошентсе да, кечиккениме карабай жүргөн чагымда эле илимге кызыгып, шыгым менен берилип, ушул күнгө дейре иштеп, кызыгына батып алып, кана элекмин. Жалкоолуктан сак бол! Нечен зээндүү адам кенебестиктин кесепетинен, жалкоолуктун, оңой оокаттын арабасына түшүп алып, үзүрдүү эмгектерди жаратпай, өмүрүн текке кетирген. Болочоктон үмүтүң болсо – кенебестиктен сак бол! Табият, же болбосо атаң сыйынган Кудай сага чай кайнамдык өмүр берсе – эт бышымда түгөтө алгыс ырыс жарат, иним! Ошондо гана эл оозуна илинесиң! Дмитрий Петровичтин айтканына караганда жана өзүмдүн баамдашым боюнча жердигиң жаман эмес. Ага тырышчаактыкты, көктүктү, өжөрлүктү анан чыдамкайлыкты кошсок көздөгөн максатыңа жетесиң... – Үнүн басып, ордунан копшолуп, столунун үстүндөгү чачылып жаткан кагаздарын кармалап ирээттеп, анан жанагы «Делону» колуна алды да мени карап, – иним, унчукпайсың, эмне таарынып калдыңбы? – деди.

– Жок, аба, сиздин айткандарыңызды сиңирип атам, мындай терең ойго салчу сөздөрдү уга элек элем. Ичимде үргүлөп аткан бир кыйла сезимди ойготуп койдуңуз. Орундуу сөзгө, ак тилек айтылган акылга акмак таарынат. Мен өзүмдү андайлардын катарындамын дебейм. Ырас, сабактарымды жакшы өздөштүрүп орус тилин эки жыл ичинде түзүк үйрөнгөнүм, орусчаны кырааты

менен так сүйлөөгө жетишкеним үчүн мугалимдерим мактаганына, бирге окуган жолдошторум көнө албай ичи тарып ардanganына, өзүмдү өзүм кыйынсынып дердейип калганымды эми, сиздин айткан акылдарыңыздан улам түшүнүп атам. Ыракмат, аба, көзүмдү ачып, атамдай акыл айтканыңызга. Малдын аттарын, өңү-түсүн, жашына, жынысына жараша айтылышын, ылаңдарын, дарылашын, о-о, айта берсе укмуштай көп нерсе жаткан турбайбы...

– Баракелди, ошолордун баарысы болочоктогу кыргызга керектүү терминдер, жыйнаш керек, жазыш керек. Көрбөйсүңбү Дмитрий Петровичти, өзү орус, а канча айбанат аттарынын кыргызчасын тапкан? Мен да далайын билбейт экенмин. Сени мында ээрчитип келген киши оңой неме эмес. Маскөөнүн мурдагы Герцен, азыр Ломоносов атындагы университеттин тил, адабият жана юридикалык эки факультетин бүтүргөн чоң билимдүү Дмитрий Петрович Дементьев деген киши. Ата-теги дворян болгону үчүн өз адистиги боюнча иштетпей, аргасыздан зоолог болуп кеткен. Бул киши дайыма экспедицияда, тоодо, талаада жүрүп, тапкан экспонаттарынын аттарын жергиликтүүлөрдөн сурап жазып жүрүп, канча материал жыйнап алган. Экинчи кыргыз автор адис деле эмес, мугалим, географияданбы, эсептенби, айтор, зоологиядан эмес.

Сенин редактордук милдетиң: туура эмес берилип калган аттарды тууралоо, биология терминдеринин кыргызча жарашыктуу, төп келген теңдештери болсо, коркпой эле алмаштыр, кээ бир которууга мүмкүн болгондорун которуп кой. Ал эми кыргызча туура жазууга, мына муну колдон – деп, «Делонун» ичин ачты эле, машинкеге басылган китеп экен. «К. Тыныстанов. Кыргыз тилинин орфографиясы» деп жазылган. – Бул менин акыркы оңдолуп, Наркомпрос кабыл алып бекиткен китебим. Мында кыргызча туура жазуу эрежелеринин

баарысы бар. Ушуга салыштырып редакциялай бер. Эки экземпляры басмаканада жатат. Бул акыркы экземпляр, жогото көрбө, иним. Буюрса жаңы окуу жылына чейин басмадан китеп болуп чыгат. Ошондо сага бир китеп белек кылып берейин…

Болуптур, ишиң илгери болсун! Кандай сурооң болсо институтка келип тур. Отурган жеримди кечээ көрдүң – деп, ордунан туруп, мага китебин берип, колумду кысып үйүнөн узаткан эле, кайран киши!

Шайыр сүйлөгөнү, көптү билгени, бой көтөрбөй, манчыркабай, маалкатпай мени баласынтпай теңтуш катары, боор тартып сүйлөшкөнү, берген суроолорума шашпай, мисалдар менен далилдеп түшүнүк бергени, айтор, бал тили, бай акылы өзүнө илеп тартып турганы эсимден кетпейт. Айтса түгөнгүс үлгүлүү кылык-жоруктары менен мага Кызыр катары көрүнгөн кайран Касыкемди да «эл душманы», «буржуазиялык улутчул» деп, гезитке жазышканда окуп алып: «капырай, ошондой кубулуп жүргөн киши экен – ээ!» деп, шаабайым сууп, таңыркагам. Ошондо да гезитке шек келтирген эмесмин.

Жума сайын комсомолдук чогулуштарга гезиттердеги макалаларды талкуулап «эл душмандары, террористтер, буржуазиячыл улутчулдар, чет өлкөлүк шпион шүмшүктөр жоголсун!» деген чечимдерге кол көтөрбүз. Анан калса, партиянын комсомолдорго кайрылып, арабызда эл душмандарынын жашынып жүргөн куйруктарын табууга, кыраакылыкты күчөтүүгө чакырган үндөөсүнө жан-дили менен берилген активисттер күндөн күнгө көбөйгөн эле. Сабакты билбей калган студентке «жаман» деген бааны койгон окутуучуну студент ич күйдүлүк кылып чогулушта каралап сүйлөсө, эртеси эле жоруктуу окуяга айланып, дубал гезитине жарыяланып калчу. Генетикадан сабак берген доцентибиз лекциясында «чобур айгырдан аргымак кулун туулбайт» деген сөздөрү үчүн камалып кеткен. Үч жыл курсташ окуп, бир жа-

таканада жатып жүргөн жолдошторубуздан быйыл үчөө келбей калыптыр. Окуубуздун башталганына бир айдан ашса да, келишкен жок. Имиш-имиштерге караганда, экөөнүн аталары, бирөөнүн уялаш агасы «эл душманы» болуп камалган экен. Ошондон качып келбей калышыптыр. Бизге математикадан сабак берген, Кыргызстандын гидрометеорология станциясын революциядан эки жыл мурда куруп, ошондон бери үзгүлтүксүз Бишкек станциясынын башкы адиси, жетекчиси болуп иштеп келаткан, өтө маданияттуу Окулич-Казарин деген окумуштуу бар эле, бир топ күндөн бери көрүнбөй калган. Күндөрдүн биринде ал кишини үйүндө уктап жаткан төшөгүнөн чала кийинтип, алып кетиптир деген кабар студенттердин арасынан угулду. Анын улуту поляк, өзү эки университет (Бреславль жана Маскөө) бүтүргөн киши. Немис тилин полякчадай жана орусчадай эле билет дешчү. Фамилиясынын экилтик болгон себеби бирөө өзүнүкү, бирөө аялыныкы деше турган. Өзү өтө сылык, жумшак киши эле. Сабагын билбеген студенттерге деле катуу айтчу эмес. Ошондой киши немистердин шпиону болуп жүрүптүр деп, комсомолдун кезектеги бир жыйналышында информация берилди.

Зоофактын бүтүрүүчү курсунда окуган абдан активдүү бир коммунист, бою узун, денеси толмоч, көкүрөгүндөгү анделектери көйнөгүн тырсыйта тепкен, кара чач, кара каш, кочкор тумшук, билинээр билинбес муруту бар, көздөрү бакырайган, жүзү сулуу келишкен Цомоева деген келин бар эле. Кавказ улуттарынын биринен болсо керек эле. Жибек көйнөк, коверкот пальто, такалуу жылтырак батинкеси, институттун студенттерин суктандыра турган. Мынча баалуу келишкен кийимди мугалимдерибиздин үстүнөн деле көрчү эмеспиз. Жыйналыш сайын куру калбай, комсомолецтерге акыл айтып, кантип кыраакы болушту үйрөтүп калчу. Бир күнү партиянын ачык жыйналышында ошо Цомоеванын өзүн «эл душманы менен

тыкыс байланышы болгондугу үчүн» партиядан чыгарды. Баягы шакылдаган Цомоевадан эч бир белги калган эмес, оозунан сөзү түшүп, башын жерден көтөрүп, өөдө карай албай, ындыны өчүп, шылкыйып отуруп калды. Мунун күйөөсү Чүй өрөөнүнүн бир районунда райкомдун биринчи секретары болуп, өз районунда жеке чарбаларды коллективдештирүүдө, айыл кыштактарда кулактарды жат класс катары жоюуда ийгиликтүү эмгек сиңирип, бүт республикага үлгү көрсөткөн таанымал киши болгон. Цомоева дем алыш сайын үйүнө жеңил кара машине менен барып-келип туруучу. Биздин институттун деректири болсо, жалгыз ат чегилген тайпак жеңил араба менен жүрө турган. Аялын алчактатып эрке баккан ошол райком, Кавказдан качып, Кыргызстанга изин суутуп келген троцкийчил экенинин бети ачылыптыр. Бүтүрүүчү курста окуп жатканына карабай, Цомоеваны институттан чыгарды.

Институтубузда күндө жаңылык: студенттерибиздин бирөөнүн атасы, бирөөнүн жакын тууганы камалган, мугалимдердин кээ бирөө дайынсыз качып жоголгон, кээ бирөөнү түндө НКВД уурдап кеткен… Күндө гезиттерден жаңы суук кабарларды окуйсуң. Сырттагы зымкарагайга тагылган жатакананда дубалга асылган радиоуктургучтардан баланча жерден диверсанттар, шпиондор кармалганын, баландай наркоматтын, ишкананын аты жалпы элибизге таанымал жетекчилеринин душмандыгы далилденип, камакка алынгандыгын, түкүндөй эл душмандар тобунун сот процесси бүтүп, атууга өкүм чыгарылганын, ар түрдүү мөөнөткө кесилгендигин күн сайын эртеден кечке дейре дикторлор үнү бүткүчө какылдашат.

Күндөн күнгө замана тарып, жолдош-жорондон шек саноо, ишенбестик, аярдык атмосфера арабызда өкүм сүрө баштаган эле. Баягыдай тамашалуу сөзгө жыгылуу, азилдешүү жоголгон. Мугалимдерибиз да лекцияларын мурдагысындай эркин сөздөр менен айтып түшүндү-

рүүдөн, кагазын карап окумайга өтүшкөн. Алдын-артын каранып, элеңдеп кулак түргөн эле жан. Бирин бири кыртышы сүйбөй, ар ким санаасы менен санааркап, убайы менен карып, кабагы бүркөө, ою көкүрөгүн көк таштай өйүтүп бушайман. Көчөдө кокус тууганы, жердеши же таанышы кезигип калса, көрмөксөн болуп, бой качырып учурашпай өтүү өнөкөт болуп келаткан кез. Кыйышпасына капилеттен кабылып калса да, айланасына көз чаптырып, шектүү белгилер бар-жогуна көзү жеткенден кийин гана амандашып, ошондо да эки үч ооз сөз алышып коштошууга шашышчу. Бир сөз менен айтканда, эл коён болуп көлөкөсүнөн коркуп калтырып, «бир көзүңө бир көзүң сынчы, бир кулагыңа бир кулагың тыңчы» болгон заманга туш келген элек.

Көптөн бери үйдөн кат келбей, менин жазган каттарыма да жооп жок, жүрөгүм түпөйүл, санаам санга бөлүнүп, кеңгиреп жүргөн так ошол мезгилде 15-же 16-октябрь бекен, даанасы азыр эсимде жок, бир күнү «Кызыл Кыргызстандын» бетин ача койсом, үчүнчү беттин этек жагында «Террористтер кармалды» деген чоң макала жүрөт. Булар ким болду экен деп, көңүл буруп окуй баштадым эле, биринчи саптарынан эле өзүмдүн айлымдын, колхозумдун атын учуратканда жүрөгүм шуу дей түштү. Башым айланып, көзүм караңгылап, макаланы окуп бүткөнчө эки-үч сапар тындым. Же өңүм, же түшүм экенин ажырата албай дал болуп, отуруп калганым эсимде.

Сабактар бүтүп, түшкү тамакты ичкенден кийинки убакыт эле. Ар ким өз иши менен алек. Аркы-терки баскан студенттер. Менин кандайдыр бир бөтөнчө абалда отурганымды байкаганбы, же кокусунанбы, билбейм, жердеш студент мага карай келатканы көзүмө чалдыкканда, ток ургандай жыйрылып, скамейкадан ыргып туруп, ары жактагы бакты карай ылдам басып, ичине кирип, артымды карасам, тигинин карааны көрүнбөйт,

сыягы, мага келатпай эле, өз жумушу менен жүрсө керек. Жүрөгүмдү бир аз жоошутуп, бактын тереңиндеги бир чоң алма дарагынын түбүнө келип олтуруп, тутамдаган гезитимди кайра жайып, кайрадан шашпай, өзүмдү өзүм сабырдуулукка чакырып, үч-төрт жолу кайталап макаланы окуп чыгып, ошондо биринчи ирет «большевиктик басма сөз деле калпты жаза берет турбайбы» деп, иренжигем. Анткен себебим, макаланын мазмуну болду. Ал, кыскача төмөнкүдөй эле.

1937-жылдын 29-сентябрь айынын түнүндө Ак-Жар айылындагы «Шериктик» колхозунун башкармасынын төрагасы үйүндө уктап жаткан кезинде, ошол айылдын тургундары, социалдык жат элементтердин: бай, молдо, кулактын балдары уюшуп алып, төраганыкына келип, аны, үй-бүлөсү менен кошо өлтүрүп атканда башкарманын кошуналары туюп калышып, тигилер кара ниеттик иштерин толук бүтүрө албай, качып жоголууга мажбур болушат. Натыйжада башкарманын аялы өлүп, өзү оор, үч жашар баласы жеңил жарадар болгонун көрүшөт. Туугандары, тегерегиндеги аттуу-баштуу кишилер чогулуп келип, башкармадан иштин жайын сурашса, төшөгүнөн тура албай төрага: «өлтүргөнү келгендер менин ордумду талашып жүргөн саспактар. Аларды ээрчитип келген Керим үч бир тууган иниси менен дагы жакын агасы Ыйса, жакын инилери Ыбыке, Жайнак, Молдаалы, дагы далайы алардын инилери. Керим баарысын башкарып, «чапкыла!» деп айтты. Силер мынча келбесеңер, эч кимибиз тирүү калмак эмеспиз дептир. Ал окуяны экилентип, көркөм адабияттын фельетон стилине салып жазышкан кабарчылар «З. Ч., К. Ч.» деген инициалдарын гана коюшуптур. Керээли кечке «күз күрөш» кызматынан чарчап келген үй-бүлө эрте жатып, мемиреп уктап атканда, мыкачы террористтер кай жерге, кантип чогулуп, ким кимди жайлаш керек инструкциясын жетекчиси Керимден кантип алганын, анан эч кимге көрүнбөй,

ит-кушка шек алдырбас үчүн, кайсы жол менен качан барышты убадалашканын курман болчулардын үйүнө көчөдөн эмес, короо жактан кирип, адегенде итин жайлашканын, андан соң сырткы эшигин, ички каалгасын кантип ачкандарын, төшөктүн башына кимиси, аягына кимиси келгенин, Керимдин компаниясы менен кимиси башкарманы, кимиси аялын чапканын, дүрбөлөңдүн табышынан кошуналары ойгонуп, чырактарын жандырганда террористтер дабырап качкандарын авторлор көркөмдүк кудуреттеринин бардыгынча «кооздоп» жазышып, мамлекеттин ишеничи менен коомдук чарбаны башкарып, айылда социализмдин бузулгус фундаментин салып аткан, ак жүрөк коммунист башкармага кол салган жат элементтердин тукумдары – террористтерге большевиктик чечкиндүүлүк менен партиянын эң ишенимдүү органы НКВД ырайымсыз тез чара колдонуп, тап душмандарды түп тамырынан бери сууруп, калк арасынан жоготууну колхоздун бүткүл мүчөлөрү талап кылат деген мааниде корутунду чыгарышкан.

Бул макаланын мени коркутуп аткан себеби, мында көрсөтүлгөн «террористтердин» башчысы Керим менин бир тууган агам. Биз төрт бир тууганбыз. Азыр төртөөбүз тең майданда, согушуп аткан армияда немистик-фашисттерге каршы салгылашуудабыз. Эгер, «большевистская печать самая правдивая» болсо, тигил макалаларда Керим ээрчиткен үч бир тууганынын бирөө мен болушум керек. А мен макаланы окуп алып дендароо болуп олтурам. Тигил окуяга катышпагыныма мен өзүм күбөмүн, мени менен жатаканада бирге жатышкан студенттер күбө. Төрт жүз километр алыстыкка бир түндө барып, кескилешүүгө катышып, кайра келип, кошуналарыма билинбей, керебетиме уктап калгандай мен беришге же шайтан, же болбосо сыйкырчы эмесмин, канатымдын жоктугун мүлдө баарысы билишет. Ырас, макалада менин атым көрсөтүлгөн эмес. Демек, менин катышпагандыгыма бу

да кыйыр далил болот дейли. А аты айтылып калгандар катышкандыр?.. Мында да, шегим бар.

Макалада көрсөтүлгөн 29-сентябрь күнү Керим Фрунзедеги учкомбинаттын үч айлык бухгалтердик курсун бүтүрүп, күбөлүк алган тою «Фонтан» ресторанында өткөн. Мен да анын тоюнда түнкү саат он экиге чейин болуп, жатаканама түнкү саат бирде келгем. Керим, автомашина табылса, эртеси кетмек. Кыртранстын автомашинасы жолоочуларды Балыкчы шаарына чейин гана жеткирет, анысы да үстү ачык жүк ташыгыч. Андан Караколго дейре бир сотке кеме менен жүрүүгө туура келет. Демек, Фрунзеден Караколго жетиш үчүн автомашинадан түз эле кемеге түшсө, кеме токтобой жүрсө, көлдө толкун болбосо, туура эки сотке керек. Көп учурда Фрунзеде Каракол, Нарын, Жумгал тарапка кетүүчү жолоочулар арбын болгондуктан, автомашинага түшүү үчүн Кыртранстын залында бир нече сотке, Балыкчыда кемени күтүп дагы канча сотке убара болуп, Караколго барыш үчүн бир жумага жакын убакыт кетээрин, барып-келип жүргөн студенттер жакшы билебиз. Ал эми көл толкуса, кеме, толкун басылмайынча, бир колтукка кирип, тура бермейи да бар. Эгер большевиктик басма сөз калп айтпаса, ошол күнү түнкү саат он экиге чейин «Фонтанда» тойлоп отурганына мен күбө болгон Керим, төрт жүз километр алыстагы айылга жетип барып, «террористтерди» уюштуруп, ошол эле түнү башкарманын төрагасын өлтүрүүгө кантип үлгүрдү? Керим сыйкырчы болсо да, же жашыруун, баарыбызга көрүнбөгөн канаты бар болсо да, тиги окуяны башкармак тургай, катышууга да мүмкүн эмес! Эмнегедир эби келишпей атат. Калпты деле эптештирип айтса, кызыгыраак, ишенимдүүрөөк болот. Бул макаланы жазгандар өздөрү окуянын күбөсү болушкан эмес го? Кейпи, бирөөлөрдүн айтып бергенинен улам жазышса керек?.. Мындай калпты редакция кантип жарыялады?.. Балким редакциянын өзүндө эл

душмандары отургандыр?.. Айтор, түшүнүксүз, башым маң... Акыйкат жеңээр деген араң үлбүлдөгөн үмүтүм бар. Бул макаланы менден башка миңдер окушат да. Макаланын калпы бар экенин алар кайдан билишсин, баары эле мага окшогон күбө эмес да! Алар деле мен сыяктуу, «большевиктик басма сөз партиянын органы, партия калп айтпайт» деп ишенишет эмеспи... Кудай у-ур!.. Балким, эл душмандарынын бетин ачууга арналган башка макалалар да ушу сыяктуу чампаланган немелер болбосун?..

Ошентип, партиянын официалдуу органдары – гезит-журналдарга деле калпты, жалааны кашкайтып жаза бере турганын биринчи ирет өз башыма түшкөн кайгы аркылуу билгенмин. Андан кийинки кабарларга шектенүү менен мамиле кылчу элем, бирок булардын түпкү тамыры кайда экенин билчү эмесмии. Дорфмандын төккөн сырынан кийин, көзүмдүн таңуусу чечилгендей сезип турам. Көп нерсенин күңүрт күүгүм торкүнү айкын, ачык боло баштады. Аттиң-ай, майордун бул сырын аягына дейре уксам эмне!..

## – 7 –

Бүгүн онунчу түн Зильман Марковичсиз. Жертөлөмдүн ал жаткан капшыты эңгиреп ээн. Кечке жуук лейтенант Барановду майор жөнүндө кабар алып кел деп, редакцияга жибердим эле, алар деле Дорфмандын толук дайынын билишпейт экен, а дивизиянын саясий бөлүмүнөн баягысындай эле редакторуңардан кабатыр болбогула, ал аман, жакында кайтып келет силерге, гезитиңерди үзгүлтүккө учуратпай чыгара бергиле деген гана жооп алыптыр. Аман болсо эле болду, байкушум. Мындай алаамат күндөрдө «бүгүн болгон эртең жок...» Азыр мен аманмын, жертөлөдө жатамын, бул чындыкка ишенем. Бирок ушул бактым таңга дейре созулабы – кө-

зүм жетпейт! Кең дүйнө бир тутамга толбой турган кез.

Майдандын акыркы чегинде бир топ күн солгундап калган согуш, кечетен бери кайра күчөдү. Күн ачылып, ала булуттун арасынан асман көрүнүп, төбөбүз бийиктеп калгансыды эле, кымкуут учкан самолёттор жүдөтүп кирди. Бирде биздики, бирде немистердики. Асмандын кудук оозунча ачык жеринен чыга калган самолётту айрып таанигыча кайра булуттун далдасына кирип кетет. Биздики болсо, майданга баратыптыр деп кубанабыз. Немистики болсо, шайтан, куру кетпейт. Жок дегенде жердегилерди пулемёт менен аткылап өтөт. Кыш бою токойду отунга кыйып отуруп, жер бети жылаңачтанып келатат. Өтө керектүү объектилердин, мисалы эваколазареттердин, эвакогоспиталдардын, артиллериялык жана башка складдардын төбөсүндөгү дарактар түбүндөгүлөрүн жашыруу үчүн кыйылбай аман. Калган жерлердеги токойлорду солдаттар дээрлик отоп бүтмөй болду. Мурдагы түнт, чытырман чоң токой Хотемлядан азыр анда-санда жерде гана топ-топ карагайлар, кара теректер калды. Булар эми, асманда булут өөдөлөгөндөн бери, немистердин артиллериясына жана авиациясына бута болуп, коркунучту көбөйтө баштады. Кечээ бизден 200–250 метрче алыс, топ карагай түбүндө жайгашкан бир жөө аскерлер полкунун чарба взводун немистердин үч самолету бомбалап кетти. Биздин тегерегибизге да замбиректердин октору келип жарылууда. Бүгүн жаныбыздагы медсанбаттын эваколазарети көчүп, орун алмаштырууга мажбур болду. Биздин минометтук полктун экинчи эшелонундагы офицерлер, бош солдаттар майдандын алдыңкы чегинен алынып келген эки взвод командирин, беш телефончу, байланышчы солдаттын сөөгүн токойдогу аскерлер көрүстөнүнө алып барып жашырдык. Полктун командиринин жаңыдан келген орун басары бар эле, биз менен жакшылыктуу тааныша элек болчу, байкуш, бүгүн оор жарадар болуп, санчасттын фельдшери Лиозного алып кетти. Тактоолчу

болуп согушкан биздин миномёттук полктон бир күндө ушунча киши зыян болду, а биз такоолдогон аткычтар полкунан канча адам курман болду экен? Совинформбюронун «Красная звездадагы» кабары боюнча согуш Украинада жана Ленинград майдандарында гана болуп аткансыйт. Анда кээ бир багыт боюнча Польшанын, Финляндиянын чектерине жетип калышкан көрүнөт. Биз болсок, мында келгенибизге үч айга жакын болуп баратат. Ошондон бери өрүүн күнүбүз жок, согушуп эле атабыз канчаларыбыздан өлүп, канчаларыбыздан жарадар болуп айрылдык. Оозго алаар жылыш жок болгон соң, сводкага деле кирбейт турбайбы. Өздүк курамыбыз толук топтолуп келдик эле, азыр полктун штаб начальнигинин орун басары айтканга караганда, үчтөн бирине жакыны жаңырыптыр. Аба-ырайына байланыштуу кыштата самолёттор катышпагандыктан, кудай жалгап аттардын, материалдык бөлүктөрдүн (курал-жарак, окдарылар) зыянга учурашы, аскерлерге караганда кыйла аз. Кудай сактаса экен!

Ооруктa аты угулбаган биздин багытта ушунча жоготуу болуп атса, тиги ийгиликтүү салгылашып аткан жерлерде чыгым канча болду экен? Же алар деле биздей эле согушуп, командирлеринин билгичтиги менен жеңишке ээ болуп атышабы? Же биздин командирлердин согушка жөндөмү жокпу? Же ал багыттарда душмандын колу аз бекен? Же биздин бет алдыбызда, душмандын тандамал аскерлери турабы? Согуш деген каапырдын кебете-кепширин гезит, журнал, радио аркылуу гана элестеткен оорук элдери аты чыкпаган майдандарда аскерлер согушпай эле ойноп отурушат деп ойлошоор! Биздин минтип кан төгүп атканды алар радиодон укпаса, гезиттен окубаса же катка жазууга бизге улуксат болбосо кайдан билсин?.. Ушуга арданат экенсиң! Биз эмне алга жыла албайбыз? Же бизде кол азбы? Декабрда биз бул жерге келгенде Хотемля токоюнун ичи солдатка жык

толбоду беле? Замбиректер, миномёттор, курал-жарактар жолдорду бөгөп, жөө солдаттар өтө албай убара болбоду беле? Жок, кол жетишээрлик болгон. Баарысы майдан чегине жеткирилип, коргонуунун биринчи эшелонун толук түзбөдү беле?.. Жок, мында бир чоң аскердик амал, татаал табышмак бар. Арты жакшылык менен бүтсө эле болду!.. Кудай өзүң колдой көр!.. Бүгүнкү түнү салгылашуунун дүбүртү мурдагылардан катуураак. Сол капталыбызда катюша да күркүрөп калыптыр. Кудай өзү колдоп, иш оңолгусу бардыр?.. Кудай буйруп, эртең алга жылып калсак, кыштата аман сактап, ак жолтой түнөк болуп берген бул жертөлөнү да таштайбыз го?.. Мейли, иши кылып эле алга, батышка жылсак болду. Батышты көздөй канча кадам жылсак, согуштун мөөнөтүн ошончо кыскартып, жеңиштин күнүн ошончо жакындатмакпыз.

Каргыш тийген согуштун айынан үй бетин көрбөй талаада тентип, ата-энебизден, жылуу уябыздан, тууган-туушкандарыбыздан, жолдош-жоролорубуздан, туулуп өскөн жерибизден безип, сүйгөн жарларыбызды, жакшы кызматтарыбызды, тандаган окуу жайларыбызды таштап, күнү-түнү тыным жок, ажалды моюнга мингизип, жанды оозго тиштеп, тирүүлөй тозокто жүргөнүбүзгө үчүнчү жылдын жарымы болуп баратат. Канча миңибиз кайтпас сапарага кетип, согуштун талааларында көзүбүз жумулуп, сөөгүбүз калды. Кээ бирлерибиздин денеси замбирек окторунун, бомбулардын бүркүндүсүнө чачырап жерге көмүлбөй, топурак буюрбай калды.

О, Жараткан! Согуш бүткүчө дагы канчабызга ушундай кайгылуу тагдыр буюруп койдуң экен? О, теңирим?! Мындай тагдырды менден оолак кыла көр! Энемди, ата-журтумду көрсөтө көр! Тилегиң ташка чабылгыр, фашист-ай! Канча максаттарымды, канча пландарымды буздуң! Аспирантурам калды, Кусейин экөөбүз биргелешип жазып жүргөн пьеса бүтпөй калды. Военкомат шашылыш чакыртып, кол жазманы машинисткадан ала

албай калдым. Эми ким билет колго кайра тиеби, жокпу? Балким, башка бирөөгө машинистка сатып жибердиби, же жоготуп жибердиби? Кусейин экөөбүздүн бирөөбүз элге тирүү кайтсак, сөзсүз кол жазманы иликтейбиз дечи, бирок ал колго тиеби, кеп ушунда.

Кусейинден да сентябрдан бери кат жок, кабарсыз болгонубуздан бери төрт-беш айдай убакыт өттү окшойт?.. «Сенин түштүк жагыңдабыз, акыбал оор» деди эле, акыркы катында. Соо эмес го, кургурум, болбосо, эмдигиче жок дегенде бир кат жазат эле?.. Акыркы эки катыма жооп бербеди. Бул окшогон алаамат эмес, элде бейкутчулукта жүргөндө да, кокус бир-эки ай ажыраша калсак, кат-кабарларыбызды бири бирибизге билдирбей тура алчу эмеспиз. Кокус казаттан кайтпай калса, шору кайнагырдын он гүлүнүн бирөө да ачыла электе, жаңыдан эл оозуна кирип келаткан таланттуу фантасттын эми төгө турган көркөмдүк көөрү, акылдуу, жалындуу сөздөрү өзү менен кошо көмүлүп, айтылбаган ой, жазылбаган томдор, төрөлө элек бала энеси менен кошо көмүлгөндөй болот го! Өзү жетим, атасынан элдир-селдир жашында калып, карыпчылык, каатчылык, ачарчылыктын баарысын башынан өткөрүп, тырышып окуп, эми гана кудай берген зор таланттын шарапаты аркасында, кыргыздын Жюль Верни деген атка конуп келатканда, түндүгүң түшкөн герман дүйнөгө бүлүк салып, баарыбыздын башыбызга түшкөн балаа, Кусейинди да жөн койбой, куюндатып алып жөнөгөн. Армияга өзүм атказгам.

Кусейин экөөбүз ата жагынан да, эне жагынан да абдан жакын тууганбыз. Экөөбүздүн аталарыбыз ага-инилердин балдары, мындайча айтканда менин чоң атам менен анын чоң атасы бир кишинин уялаш балдары. Энелерибиз да эки бир туугандын кыздары. Демек, ата жагынан эки ата өткөн тууганбыз, эне жагынан – бөлөбүз. Менден Кусейин бир жарым жаш кичүү. Мунун балалык турмушу меникинен да оорураак өттү. Атасы

эстүү, зээндүү, кат-сабаттуу, оокатка тың киши болгон. Жаштайынан билерман болуп, тең туугандар менен батыша албай, өзү менен уялаш бир агасын, үч инисин ээрчитип, мындайыраак туугандар менен ылымдашып, «Микелей заманында» айыл башкаруу шайлоосуна катышып, старчындыкка шайланган. Төңкөрүштөн кийин Кеңеш өкмөтү орношкондо, жер бөлүштүрүү, отурукташтыруу кампанияларына жандуу катышып, болочок кыштагына жер кестирип алып, уюшуп там үйлөрдү салууга, агырот күтүүгө демилгечи болгон. Жер айдашып, эгин-тегин, апийим эгишет, оокат тиричиликтери бат эле тирдене баштайт, үркүндөн мурдагы абалына жетет. Жергиликтүү элдердин маданиятын жогорулатуу максатында Кеңеш өкүмөтү кыргыздардын балдарын ичкерге (борбордук Россияга) барып окууга чогултканда Кусейиндин атасы өзүнүн кенже инисин аларга кошуп, Тверге рабфактан окууга жиберет. Өкүмөттүн жаңы үнөм саясаты берген кеңчиликке шыктанган азамат, баюунун кызыгына берилип, өзүнө тиешелүү жеринин көбүнө коңшулаш айылдагы дунгандарды туурап апийим айдатып пул табуунун артынан түшөт. Ал кезекте Алты шаарда апийим абдан баа экен. Ысык-Көлдүк кыргыздар, дунгандар тараанчылар (уйгурлар), сарткалмактар көлдөн жыйнаган апийимдерин Нарынкол аркылуу Кулжага алып барып сатып, пулдап шайы, мата, алтын-күмүш сээрлерди алып келип турушуптур. Жыл сайын жайдын толугунда Каркырада жарманке болуп, ага чыгыш чети Ыртыш, Омбу, Алтайдан, түштүк жагы Алтышаар, Кытайдан, батыш тарабы Орто Азиядан, түндүгү Шибер, Казакстандын түндүгүнөн бери түрүлүп келип чоң базарда, чекене соода, дүң соодалар кеңири жана эркин жүрчү экен. Мындай шарт оокат кыла билген кишилерди кызыктырып, калктын чарпылган, сапырылган дүйнөсүн калыбына кайра бат эле келтирүүгө өбөлгө түзгөн. Бул базарларда бир нече жолу болуп, бат баюунун даамын

татып, соодanын ыкымын билип, кыныгын алып калган Кусейиндин атасы 1923-жылы өзүнө окшогондордун тобуна кошулуп, Кулжага сатканы апийим алып бараткanда, чек арачылардын атретине кабылып калышып, кача берген жерде ок жаңылып каза табат. Жанындагылар сөөгүн ала келүүгө чамалары келбей, окко учкандын үстүндөгү төө чепкенин сыйрып алууга араң үлгүрүшүп, тирүү калгандары Кытай чегине кире качып кутулушат. Ошентип, «үй-бүлө багам, оокаттуу болом» деп телмирип, кара жанын карч урган кайран жигит кыркка чыкпай жарык дүйнө менен, эл-журтунан алыс бир токойлуу сеңирде коштошот. Айылында болсо аны чыдамсыздык менен санааркап күткөн үч аялынын үмүтү таш каап, кара кийип, кан жутуп жесир атка конушат. Эки аялынан (токолу төрөгөн эмес) боорун жерден ала элек беш баласы жетим калат. Атасы өлгөндө Кусейн үч жашар эле, андан улуу агасы алты жашар, иниси бешиктен чыга элек. Кусейиндин экинчи энеси мусулман болгон орус келин. Анын кызы үчтө, эркеги бир жарым жашта болчу. Баарысы жаш аялмет. Атасынын мал-мүлкүнө ээлик болуп, үйдө кол арага жараган эркек бүлө жок болсо, уялаш туугандарда акыл жок болсо жесир, жетимдердин шору экен.

Кусейиндин атасынын жылдык ашын өзүнүн малын көп чыгымдап бергенден кийин, үйлөнө элек эки иниси (анын бирөө – ичкерден окуп келген туз ургур) жеңелерин зордук менен алышып, эки-үч жылга жеткизбей кыпындап жыйнаган байлыгын күрөктөп сапырып түгөтүшкөн. Акыры, Кусейиндин энеси чыдай албай, балдарын ээрчитип төркүнүнө качып келип жан багат. Оокат-түлүк, мал-мүлкүнөн ажыраган жесир, эми инилеринин көзүн карап, төркүнгө баш пааналап күн өткөрөт. Балдары мектептен өксүк окушуп, теңтуштарынан артта калышат. Аңгыча бүт элди каптаган ачарчылык буларга да жетет. Ошентип, төркүндүн колунда, ачарчылыктын жолунда

айлалары кетип, шайы ооп турганда, Кусейиндин Бишкекте Комвузда мугалим болуп жүргөн кенже таякеси Кусейинди өзүнүкүнө алып келип, Педтехникумга киргизет. Тиешелүү деңгээлде билими жок Кусейин эки жылча кыйналып, бирок сергек, зээндүү бала классташтарын кууп жетип, алдыңкы окуучулардын катарына өтүп, адабиятка абдан кызыгып, айрыкча фантастика чыгармаларды түн уйкусунан кечип окуп, өзүнүн кыялдарын алган билимине айкаштырып, көркөм сөздөр менен сүрөттөөнү үйрөнүп кудай берген талантынын жардамы аркасында, студент кезинде эле эл талашып окуй турган фантастикалык аңгемелерди жазып, гезит-журналга жарыялап, окурмандардын купулуна толуп, белгилүү жаш таланттуу жазуучулардын катарына кирет. Техникумду бүтүргөндөн кийин Кыргызмамбаста көркөм адабият боюнча редактор болуп иштеп, Пединституттун тил жана адабият факультетине сырттан окууга өтөт. Анын эки курсун бүтүргөндөн кийин, 1939-жылы 3-курсуна студент болуп кирген. Мен 1940-жылы ошол Пединституттун зоология кафедрасына аспиранттыкка өткөндө, Кусейин бүтүрүүчү 4-курста окуучу. Мага, эреже боюнча, жашоого жана жекече иштөө үчүн окуу корпусунун экинчи кабатынан атайын бир комната үй беришкенде, Кусейинди жаныма алып алгам. 1941-жылдын май айында Фрунзенин Дунгановка деген бөлүгүндө көп жылдан бери салынып аткан Пединституттун окуу корпусу жана эки кабаттуу бир жатаканасы бүтүп, биз ага көчтүк, бирок гуманитардык факультеттердин окуу жайы мурдагы эле ордунда, Дзержинский көчөсүндө кала берди.

Жалпы өлкө боюнча абал күндөн күнгө курчууда. 1939–1940-жылкы СССРдин батыш тарабында жүргүзүлгөн куралдуу кампаниянын натыйжасында Украина менен Белоруссиянын чеги нары жылып, Молдавия, Латвия, Литва жана Эстонияда Совет бийлиги орноп, Польшанын жарымы бизге карап, чыгышта Монголия-

нын Халхингол өзөнүндөгү согушта, биздин Кызыл Армия монголдордун аскерлери менен биргелешип, жапон милитаристтерин көчүккө тээп, кубалаганыбыз менен Финляндияда иш ойдогудай жүрбөй, кыйла аскерибиз курман болуп, көп чыгым чыгып, акыры 1940-жылдын жазында, бирибизге бирибиз катылбоо келишимин түзүп араң бас-бас кылдык. Катылбоо жөнүндө Германия менен түзүшкөн келишимге карабастан, батыш капталыбыз тыңгылыктуу тынч эмес. Гезит, журнал, радиодон берилген кабарлардан, Германия чыгыш чек арасына аскерлерин, согуш куралдарын жеткизип атканы маалым. Европалык мамлекеттерди басып алып, адамдарын кырып, солоп, байлыгын талап атканы билдирилет. Бизде болсо армиядан мөөнөтү бүткөндөр демобилизацияланбай, армияга чакырылгандар көбөйүүдө. Кусейиндин агасынын солдатка кеткенине үч жыл толсо да, келе элек. Кышында «финндер менен согуштук. Өзүм алты саным аман соомун» деген кат келген. Андан бери кабар жок. Кусейин бир жагынан агасына санааркап, экинчиден, мамлекеттик экзаменге даярданып жүдөп, арыктап бaратат.

Дүкөндөрдө сатылып жаткан нандар азайдыбы же дагы кандай себеби бар билбейм, нан күтүп сагаалагандар көбөйдү. Орустар нан туурап кургатып, кап-кап сухарь даярдап атат деген кеп бар. Окуу жайларында, вуздарда аскерликке машыгуу күндөн күнгө күчөп баратат. Студенттер тургай аспиранттарды, мугалимдерди жумасына бир жолу шаардан жети километр алыс, тоонун түбүндөгү тирге строй менен противогаз кийгизип алып барып бута аттырат. Дем алыш деген жокко эсе болуп баратат. Кудайдын ар бир жекшембиси сайын студенттерди шаардын төмөн жагынан өтүүчү ЧЧКны (Чоң Чүй каналын) каздырат. Ал милдеттен мамлекеттик экзаменге даярданып аткандар жана майып студенттер гана бошотулат. Калгандар, кокустан барбай калышса, себебине карабай,

дароо эле комсомолдун же болбосо партиянын жыйналышына салып институттан чыгарууга чейин чара көрүлөт. Күндөн күнгө кысым күчөөдө. Көчөдө деле, сабакта деле кишинин башы кошулса эле сүйлөшкөндөрү: «эртең эмне болот?» Жаштардын көбү болочогун акырына чейин убараланып ойлошпойт эмеспи, андайлар «Если завтра война, если завтра в поход будь сегодня к походу готов!» деп, стройдо биринен бири атаандаша кыйкырып ырдашат. Аларга «согуш» деген саякат сыяктуу сезилет. Кээси ал тургай качан болот? Батыраак барсам деп дегдешет. Шаарда токтолуп калгандардын, улгайгандардын арасынан тамаша күлкү, каткырыкты сейрек угасың, көбүнчө убайымдуу, санааркаткан, жарымы айтылбаган чолок-чолок, табышмактуу сөздөр менен пикир алышат. Финндер менен салгылашууда кыргыздардан барган солдаттардан да зыян болгондор бар окшойт. Ал жөнүндө эч жерде ачык айтылбаганы менен шаарда, кала берсе студенттердин арасында күбүр-шыбыр көп. Бирок жыйналыштарда, кээ бир митингдерде: «фашизм адамзаттын жалаңкычы, жыйырманчы кылымдын кара тумоосу, муну жоймоюнча дүйнөдө тынчтык болбойт, адамзат бейкутчулукта жашай албайт. Муну менен колго курал алып күрөшүү ар бир коммунисттин, комсомолдун, совет патриотунун ыйык милдети! Коммунисттик партиянын, элдердин улуу көсөмү жолдош Сталиндин чакырыгына биз даярбыз! Коммунизм жеңиши үчүн алга умтулалы!» жана ушул сыяктуу жалындуу үндөөлөр, дүркүрөгөн кол чабуулар менен кубатталууда. Батыштагы биздин аскерлер, алардын абалы жөнүндө, бизден канча чыгым болгону жөнүндө айтылбайт. Күндөлүк маалымат каражаттары фашисттик Германиянын самолёттору Англиянын шаарларын бомбалап, бейкут элин беймаза кылып атканын, Ковентри деген шаарын жер менен жексен кылып талкалап таштаганын, кургактагы аскерлери Бельгия менен Люксембург аркылуу түндүк Францияны

басып алып, Ла-Маншка чыкканын, италиялык-германдык фашисттердин армиялары Мисирди басып алып, Англиянын ал жактагы куралдуу күчүн ойрондотконун, Франциянын куралдуу күчтөрү фашисттердин башкесерлерине турууштук бералбай, Петен деген маршалы аскерлерин жетектей албай, жан соогалап, душманынан ырайымдуулукту өтүнүп багынып баратканын, дагы толгон токой жаңылыктарды күн сайын радиодон сайрайт, гезиттерге жарыялайт. Бирок биздин куралдуу күчтөрүбүз жана алардын аскерлеринин ал-абалы жөнүндө, бир ооз лам дебейт.

Көчөлөрдө мурдагыдай жайбаракат жүргөндөр жокко эсе, баары эле бир жакка шашып бараткансыйт. Радио уктургучтардын түбүнө, акыркы кабарларды укмакка бир аз аялдашат да, шашып-бушуп жолдоруна түшөт. Уккандарын эл «а» деп, «бу» деп талкуулашпайт. Ал түгүл студенттер, демейде оозуна алы жетпеген ээн баш немелер да, өз пикирлерин айтып кеңири комментарийлөөгө батына алышпайт. Отуз жетинчи жылдын каардуу, кандуу сабагы, институтта өтүлүүчү дарстардын сабактарынан да көкүрөгүнө бекемирээк орносо керек. Анан калса, жакында эле биофактын экинчи курсунда окуп жүргөн бир студентти түн ичинде жатаканасынан НКВД алып кетиптир. Угушубузга караганда ал келесоонун күнөөсү «күч атасын тааныбайт» деген макалды фашизм Европанын мамлекеттерин жеңип атканына жараша айтканында болуптур. Бир сөз менен айтканда, кулак түрүп, элеңдегендер көбөйдү. Ан сайын Кусейин экөөбүздүн жүрөгүбүздүн түпөйүлү күчөдү. Кыштата бош убакытта биз жаткан комнатага чогулуп келишчү экөөбүздүн жолдошторубуз азыр аягы сууп, сейректеп калды. Ал жалпысынан жаман жышаан болгону менен биз үчүн жакшы. Анткени, сактыкта кордук жок дегендей, кокустан байкабаган сөздөр оозубуздан чыгып кетиши мүмкүн. Ичибиз ак болгон менен көзүбүз көрүп турган

кээ бир терс көрүнүштөргө чыдай албай кызуу кандуулук кылып коюшубуз мүмкүн. Мындай абалда ач кулактан тынч кулак жакшы. Бечелге жөтөлдүн кереги эмне. Ансыз деле Кусейин экөөбүзгө чөптөн көбүрөөк сөз илешип жүрөт. Экөөбүз тек жакшы окуп, Кусейин андан тышкары аңгемелерин көп жарыялап, мен аспиранттык программамды ийгиликтүү аткаруу менен катар институтта ассистент, зоология музейинде илимий кызматкер, анын үстүнө ыр жаза, адабий котормолорду жасай коюп жүргөн кезибиз. Өз теңтуштарыбыздын көбүнөн акчалуубуз. Биздин ийгиликти көрө албаган ач көздөр көп. Ошол эле актыгы үчүн, «ант ичемин» деп карганган жолдош сөрөй, дос сөрөйлөрдүн арасында ичи чаарлар жок эмес. Андайлардан колдон келсе, оолагыраак жүргөн жакшы. Бирок алардын кимиси чыныгы дос, кимиси митаам кас экенин, ичине кирип чыкпаган соң кантип ажырата алсың? «Колунда талканы бар бала сүйгүнчүктүү» деген макалдын далилдерин кыштатан бери өзүбүздөн көрүп келатабыз. Мурда атын укпаган, өзүн көрбөгөн жарма тааныштар өтө көбөйүп, күнүгө үйүбүз «домдыйкан[1] – кербен сарай» болуп кетти эле, кудай жалгап, жазында түйшүк көбөйгөндөн бери ээнирээк. Кыйласы армияга чакырылып кетти.

Жай айы келип жер жылып, күн ысыган менен ич жылытаар иш да, кабар да жок. Кусейиндин мамлекеттик экзамени аяктап, акыркы экзамени калганда 22-июнда жекшемби күнү акыры биз күтүп жүргөн согуш башталды. Ошол күнү кечинде алыскы согуштун отунун элеси жаңы жатакананын экинчи кабатындагы биздин комнатыбыздын күн батышты караган терезесинен, кайдандыр бир алыстан кызгылтым, алоологон шоола жерден асмандын өөгүнө жармашып, атып келаткан таң

[1] Домдыйкан – Согуштун алдында Бишкекте жалгыз гана кабат эки конок үйү болгон. Аты: «Дом дехканина» болчу. Кыргыздар «домдыйкан» дешчү.

сыяктуу көрүндү. Биз мунун бир нече миң километр алыстагы согуштун өртүнүн шооласы эмес экенин баарыбыз түшүнгөнүбүз менен жаман төлгөдөй кабыл алып, ичибизден чочуландык. Эртеси уксак, Казакстандын Мерки районунда бышып турган эгинди диверсанттар өрттөптүр. Эми согуш башталгандын эртеси менен мурдагы, кечээкисинин ортосунан бир тарыхый кыян өтүп, кемер жаралып, анын эки кашаты бирине бири такыр окшобой калды. Турмуш, жүрүш-туруш түп тамырынан бери өзгөрүлдү. Төртүнчү күнү айылдан колхоздун жүк ташуучу машинесин айдап келген шофер уялаш агам Шайыкты, жетинчи күнү Кусейинди, Бишкек станциясынан биринчисин, Фрунзе вокзалынан экинчисин фронтко жөнөткөм. Жөнөп атканда Кусейин экөөбүз жазып жүргөн пьесаны аягына чыгып кой деп, мага тапшырган болчу. Мен туугандык, курдаштык, жанбиргелик убадамды бергем. Мен пьесанын аягына толук чыга албадым, башкы көшөгөлөрүн машинисткага берээрим менен өзүм да армияга алындым. Ошондон бери үй бетин көрбөй безгеним безген. Согушка катышкан солдат эмнени көрсө, ошонун баарысын көрдүм... Бир гана көрбөгөнүм чегингендердин, качкандардын арасында болбодум. Душмандын курчоосунун ичинде калбадым, окоп, траншеяларда бетме-бет кармашпадым, ырысым бар экен. Кудай сактады. Мына бүгүн тирүүлөрдүн катарындамын. Үйдө болбосом да, жылуу жертөлөдө жатам...

...Түн бир далай болду көрүнөт. Пулемёт, замбиректердин күүгүмдө күчөп, жүрөктү опколжуткан табыштары да сейрегирээк угулуп калды. Ка-ап, майор жанымда болгондо, анын саатын карап, убакыт канча болгонун даана билет элем. Менде саат жок. Былтыр кавалерияда жүргөнүмдө саатымды сындырып алгам. Армия саат бербейт же сатып алайын десем талаада дүкөн жок. Армиянын штабында военторг деген болот дейт. Ага жетмек кайда! Анда-санда дары алганы барганда жолуктура албадым..

Армиялык штаб деген полктукундай бир жерде болбойт. Эли, чарбасы көп да. Складдар ар кайсы кыштактарда, көбүнчө, токойлордо болот экен…

Түн ортосунан ооп кетсе да уйку келбейт. Мындай учурда эрмек болуп берүүчү майор да жок. Кабактагы эваколазарет көчүп кеткенден бери ал жак жымжырт. Кобур-күбүр, жарадарларды ташып келип-кетип аткандардын дабырт-дүбүртү кулакка үйүр болуп, аларды караан тутуп көнүп калдык эле, эми ал жагыбыз ээн, андан аркы чарба взводубузга чейинки аралык элүү метрче бар. Ортобуз түнкүсүн коркунучтуу болуп калды. Коопсуздугубузду камсыз кылуу үчүн кечээтен бери кошумча пост уюштуруп, эки чарба биригип күзөтүүдөбүз.

Мезгил – согуш, тиричилик талаада, жыл маалы – кыш, жазга жуук, түнөк – жертөлө, сотке маалы – түн, сыртта түнкү согуш табыштары. Уйку качкан, жүрөк болкулдайт, баш – уйгу-туйгу. Эмнелер гана келбейт эске… Аттиң-ай ушул чындык түш болуп, эртең менен ойгонгондо: жаркыраган жай, мелтиреген Ысык-Көл, жашыл жабуу жамынган Көк-Жардын сеңиринде кочкул жашыл тарткан карагайлуу токой этегинде, Көк-Жайыкта жайылган мал, айланада бейкутчулуктун шаңдуу табыштары өкүм сүрүп турсачы! Каардуу, кайгылуу өңдү түшкө, кубанычтуу, рахаттуу түштү өңгө, чындыкка айлантып жибере турган сыйкырдуу күч бар болсочу!.. Жемишисиз кайран санаа! Бул деле көңүлдү оор чындыктан бир аз алагды кылуу, жоокалатуу үчүн, кыйналган жанды бир сеп алдыруу үчүн, кудайдын кишиге берген бир шыпаасы белем?.. Билип туруп өзүн өзү алдоо, жакшыны эңсөө, жакшыга жоруу адамдын өмүр үчүн күрөшүүдөгү бир куралы болсо керек?.. Мен деле мына азыр кышкы түнкү токойдо, үстүн карагайдын үч катмар сөңгөгү, анын үстүн топурак жапкан жертөлөдө уруштун дүмпүлдөгүнүн астында жатып, жети түндө ойлогонум – үйүм, жерим, самаганым – тынчтык, жай, ачык асман!

Мурда көргөндөрүмдү, башымдан өткөндөрдү элестетип, жакшы-жаманын талдап, кетирген каталарымды төркүндөрүнө жараша топ-топко бөлүп, ушул азыр мени басып турган оор чындыктан жоокалап, өзүмдү өзүм сооротуп атпайымбы. Ал эми жоо тараптан күндүр-түндүр көзүн айырбай, душман менен маңдай-тескей бир майданда тирешип турган, чырм этип алууга убакыты жок, учкан октор төбөсүнөн чуу-чуу өтүп аткан, мүнөт сайын телефон кулагын жадаткан менин полкумдун командири ушу тапта мага окшоп ой чабыттата алат бекен? Анын деле меникиндей туулган жери, жетилген уясы, асырап чоңойткон ата-энеси, эли, моюнча өскөн курдаштары бар да. Балким, сүйгөн кишиси, алган жары, зарыгып күткөн балдары бардыр? Бирок ал кургурумдун менчилеп ой жорутууга убакыты кайда?! Даарат ушатууга араң үлгүрүп, даяр ашын өз маалында иче албай муздатып, жума-жумалап чулгоосун, көйнөк-дамбалын алмаштыра албай, бүт убагын урушка берген азаматта мен сыңары философиялык кыялга берилүүгө чолоосу кайда? Чабуул токтоп, коргонууга өткөндө деле бош убактысын душмандын сырын билүү үчүн жумшап алек да. Ырас, коркунуч дайыма курчап, өлүү менен тирүүнүн арасында ар дайым жүрсөң денеөлүк болуп, шартына көнүп аласың дечи. Бирок ок мөндүрдөй жаап үстүңдөн, капталыңдан чуулдап өтүп атканда, тегерегиңде замбиректин, миномёттун дүрмөттөрү, самолёттун бомбалары жердин кардын аңтарып, жертөлөңдүн төбөсүн, керегесин солкулдатып, топурагы мойнуңа чубуруп, эмкиси мага тиет деп үрөйүң учуп, өмүрүңдөн түңүлүп, жаның көзүңө чымын болуп көрүнгөн, жер чайпалткан салгылашууда канча денөлүк болуп көнсөң да тирүү дүйнө менен коштошоор маалым жеткен экен деп, шаштың кетпей койбойт. Ошондо жаныңдын таттуу даамы оозуңа келип, заманаң тарып, философияң түгөнүп, карайлайт экенсиң. Андай моментти өткөн жайда, Калуга облусунун Спас-Деменск шаарын

бошоткондо өз башымдан өткөргөм...

7-август 1943-жыл. Эки күн бою аябай салгылашып атып, немистерди ала-шалбырттан бери бекинип алган жайынан кууп, кабактагы чакан шаар Спас-Деменскти бошоттук. Ошондо мен биздин авиациянын күчүн биринчи жолу көрдүм. Үч бурч болуп үчтөн-үчтөн 9, 15, 18, 21, 24, 27 Ил-2 самолеттору, жапыз, токойдун үстүн сыдыра учушуп, капыстан пайда боло калып, пулемёт, замбиректери менен жердегилерди аткылап, канаттарынын алдына кыстарылган бомбаларын таштап, заматта көздөн кайым болушат, азаматтар. Карап туруп кубанасың. Эртең менен саат 10до полктун командири өзүнүн КПсына чакыртыптыр. Полктун ооруктагы бөлүкчөлөрүнүн башчылары бүт келдик. Мен бул минометтук полкко келгениме бир айча эле болгон, мурда кавалерияда кызмат өтөчүмүн. Командиримдин сырын жакшы биле элек кезим. Орто жашап калган, оор басырыктуу, көп сүйлөбөгөн, кабагы салыңкы, көк көз, сары чач, арык чырай, сары чийкил жүзүндө билинээр билинбес чаары бар, бою меникинен бийигирээк, кыр мурун, кулагы делдейген, пилоткасынын сыртына чыгып турган киши эле. Кочкул көк түстөгү диагональ кылторкодон тигилген галифе шымына, сөгүнүп сүйлөгөн сөзүнө караганда, мурда кавалерияда кызмат кылса керек. Погонунда майордун жалгыз жылдызы бар. Бул полкто аскердик наамы боюнча улуусу да, мансабы боюнча чоңу да ушул. Майор бизди токойлуу дөңсөө кашатта күтүп турган экен. Анын алдына тизилип ар кимибиз тартип боюнча оң колубуздун учун чыкыйга такап рапорт берип келаттык эле, тигил колун силкип: «жетет, силердин кобурагаңарды угуп олтурууга убагым жок. Бүгүн кечки саат жыйырма нөл-нөлдө ушул жерге көчүп келип жайгашасыңар, тиги батареялардан эки жүз метрче артта, төмөнүрөөк, токойдун ичинен орун алгыла!» деди да, башка сөз сүйлөбөй бурулуп басып кетти. Айла канча? «Есть

товарищ командир полка!» – деп, анын жана адъютантынын далыларына честь бердик да, чакырып урган ит сыңары башыбызды жерге салып, илкий-силкий басып, аткошчуларыбыздын жанына келдик.

Айтылган мөөнөттөн кечикпес үчүн шашып-бушуп эски жерибизден көчүп, жапайы теректүү жаш токойду аралап, миналардан жаңы эле тазаланган, чубатмалуу тар жол менен келатканбыз. Күн ала булут, кечки маал. Коно турган жерибиздин карагайлуу токою көрүнүп калды. Ага жетүү үчүн 4–5 километр жыбыттагы кырчындуу майда токойду аралап, тар жол менен барышыбыз керек. Айыл аралык жолдор ачык жерде болгондуктан, күндүз аларды пайдалануу коркунучтуу. Биздин көчтүн башы токойдон чыгып, жыбытты карап бурулган кезде, батыш жактан кара таандай каптаган самолёттор келип, биз баруучу токойдун үстүнө келгенде, айланып учуп калышты, санасак 49 экен. Карааны биздики эмес. Алыстан күрүлдөгөн табышы даана угулду. Табышы да немистики экенин далилдеди. Сактаныш үчүн көчтү токойго токтотуп, астыңкы, токойдон чыгып калган арабаларды тез жыбыттагы кырчынга кирип кетүүгө команда бердик. Полктун командиринин ооруk боюнча жардамчысы жумуштап, армиянын штабына кеткендиктен оорукту башкаруу милдети мага жүктөлгөн эле. Жардамчым ОВСтин (обозновещевое снабжение) начальниги улук лейтенант Быков Владимир Михайлович эле. Жүзү кара тору, кара коңур чачтуу, койкөз, мурду кырдуу сулуу сымак, куудулданып сүйлөгөн шайыр жигит. Ал экөөбүз көчтүн эки учунда: мен алдында, ал – артында болчубуз. Тигил самолётторду көчтүн артындагылар да көрүптүр. Аңгыча болбой, самолеттордон «конфеттер» чубурулду. Күркүрөгөн табыштар угулуп, жер дүңгүрөп атты. Жүгүнөн бошогон самолёттор, айланып учпастан, түз гана батыш тарапка сызууда. Бомбу жарылган токойдон кара түтүндөр булап, токой үстүн жөө туман сымал каптады.

Бомбулоо жыйырма чакты мүнөттөй созулду көрүнөт. Биз токтоп калган токоюбуздун четинен башбагып кылтыйып карап турдук. Ымырт кире баштады. Тиги самолеттор бүгүн экинчи кайтып келбесине көзүбүз жетип, көчүбүздү жылдырдык. Татаал, дүмүрдүү, чөмөрдүү, баткактуу тар жол менен ийри-муйру жыбыт боюнча болжолдуу жерибизге жеткиче караңгы кирип калды. Келсек, биз кончу жерибиз күндүзгүдөй эмес, аң-чөнөктүү, кээ бир карагай сынып, кээси түбү менен омкурулуп калган. Эки батареянын аттары бири биринен 150–200 м аралыкта, немистерден калган жеркепелерге жайгаштырылган эле. Бир жеркепеге бомбу таамай тийип, 9 ат өлүптүр, үч-төртөө жарадар болуптур. Миномёттордун расчетундагы солдаттардын арасында да чыгымдар бар экен. 3 миномет талкаланыптыр.

Биз жаңы эле жетип, минген атымды бир карагайдын бутагына байлап батареялардагы ветфельдшерлериме кабар берүүгө Чистовду жиберип, дары-дармек жүктөлгөн арабадан 5–6 м обочороок жерде өскөн экинчи бай карагайдын түбүнө келип, кол чыракты жандырып, топурактан жону чыгып турган бир жоон тамырына олтурдум. Такачы уста инструкторум, старшина Иван Посохов жаныма келип, камбыл неме эле: «Товарищ начальник, сактыкка кордук жок, жашынаар чуңкур казып берейин» деп, арабадагы темир күрөктү алып, мен олтурган карагайдын эки чоң тамырынын салаасынан баштап, сыртты карай казып кирди. Узундугу 1,5 метрдей болочоктогу чуңкурдун бетинен бир сапар, күрөктүн калагынын боюна тең терендикте топурак алынган кезде, биздин аймагыбызга ышкырып келип бир замбирек огу жарылды. Бу кайдагы адашкан ок деп, таңыркагыча болбой экинчиси анын жанына жарылганда чагылгандай жарк деди. «Ложись!» – деп кыйкырып, казылып аткан чуңкурга көмкөрөмдөн жыгылдым. Башым карагайдын түбүндө, эки тамырдын салаасынын кычыгында. Замбирек окторунун

күрсүлдөшү күчөгөндөн күчөп, кулактын тарсылдагын жарып жиберчүдөй. Арыктай кууш, тайыз чуңкурда башымды корголотуп, эки колум менен ийин казган суурча, тамырдын алдындагы көпшөк топуракты чапчып артыма шылгай берем. Көзүм жумук, башым чуңкурда болсо да, жарылган октордон чыккан жарык чагылгандай даана жаркылдайт, Жер солкулдап, толкунга чайпалгансыйт. Тарсылдак-түрсүлдөк тамдын чатырынын тунукесине дабыраткан мөндүрдөй ылдамдыкта өтүп аткандыктан, санап үлгүрө албас элең жана андай алаамат капыстан башыңа түшсө, санамак тургай, жаныңды катаар жер таппай, заманаң куурулуп, акыл ойлоого убакыт жок, эсиңе энең гана, оозуңа кудай гана келет экен. Бала кезимде атам үйрөткөн келмеден «Кудай» деген сөздөн башкаларын унутуп, бүт лексикалык казынам ушул: «Энеке! Кудай! Сактай көр!» үч ооз сөз менен чектелди. Буларды канча кайталаганымды билбейм, тарсылдак менимче бир кылымга созулгандай болду. Ал убакыттын ичинде, кинодо экрандан чубап өтүп бараткан сүрөттөр сымак туулган жеримдин, энемдин элестери жылт көрүнүп жок болду. Буларды көрө албай калат экенмин деген коркунуч менен кайгы кошул-ташыл чыкыйыңды сайгылашат. Жүрөгүңдүн дүпүлдөгөнү замбиректин түрсүлдөгү менен жарыша угулат. «Жалаңкыч жаныңа келип, өмүрүңдөн үмүт үзгөн маалда, акыркы каалооң эсиңе келет, аны кудай орундатат» дечү эле. Ошол жомок айың эске келдиби, билбейм, тарсылдактар жан чыдатпай бараткан бир мезгилде: «Кудай ай, энеме жетпейм го, ал Көлдө алыс, Меркиден өткөрүп, Кара-Балтага жете берээрдеги эл-журтумдун чегине жеткирип, анан жанымды алсаң арманым жок, сага ыраазы элем» – деп, бул дүйнө менен санаамда коштошуп атканымда белиме үстүдөн бирдеме дүп деди... «Эми өлөм, азыр өлөм» менен сарууланып, калчылдап кайыгып калган денем, эмнегендир шалдая түштү. «Өлөт деген ушул экен» деп санаам сеп боло кал-

ды. Бирок башым ойлоп атат. Өлгөндөн кийин деле мээ иштей берет турбайбы. Тирүү болсом, белимдин оорусун сезбейт белем?!. А балким тирүүдүрмүн?.. Буттарымдын учун кыймылдатып көрөйүнчү деп кетменимдин бармактарына мээден команда жиберсем, байкуштарым менин каалашымча бүгүлүп жазылды, анткен менен эмнегедир, өтүгүмдүн башы жерге бир тийип, бир тийбей бийлеп аткансыйт. Замбиректин тарсылдактары кулагыма мурдагыдай эле угулат, жумулган көздөрүмдүн ичинде чагылган мурдагыдай эле жаркылдайт. «Тирүү турбаймынбы» деген үмүт кубандырып ичим жылый түштү эле, бирок тарсылдак-күрсүлдөк дагы эле басыла электен, кайра коркунуч көөдөнүмдү тиреп, денемди калтыратып кирди. Бир маалда атымды байлаган карагай тараптан мууздалып аткан малдыкындай коркурап, созулган күчтүү онтоо менен аралаш күрс деген табыш угулду. Эки-үч жолу өңгөчүн тартып тынчыды. А замбиректердин октору жерди сабаганы сабаган, тозоктун бул алааматынын акыры болобу? Деги жадатып жиберди. Жан керек болсо ме, ал! Тозогуңду токтот! О кудай! О жараткан! Жана эле жанымды алып кеткениңде, бу кыйноонду тартпайт элем!».

Өлүү менен тирүүнүн чекарасында жанталашып, бирок өлүмгө каршы аракет көрсөтө албай, чала казылган чуңкурга денемди толук жашыра албай, көмкөрөмдөн сулап, эки колум топурак мыкчып канча жатканымды билбейм. Бирок мен үчүн бул мөөнөт учуна чыккыс бир дымып калган убакыттай, жок, тагыраак айтканда өлүп, күнөөм үчүн тозоктун кыйноосуна түшүп, качандыр бир акыры заманда келе турган кыямат кайымды гана күтүп аткандай сезген элем.

Тарсылдак капыстан кандай башталса, бир оокумда, ошондой эле капыстан лып басылды. Айлана жымжырт боло калды, тек гана кулагымдан тарсылдак-түрсүлдөктүн чуусу кетпейт. Мен тирүү экениме дагы эле ишене элек-

мин. «Тозокто деле тынчтык танапыз болот турбайбы!?» деп таңыркайм, чуулдак менен аралаш онтогон үндөр кулагыма чалдыкты. Аңгыча болбой: «Вы живы, товарищ начальник?» – деген Посоховдун үнү угулду. Мен жооп бергендей болдум, бирок үнүм оозумдан чыгып атканына ишенбейм. Кыйкыргансып эле атам. Мурдума, оозума топурак кирип калганын эми сезип, тирүү турбаймынбы деп сүйүнүп жибердим. Старшинанын мага жакын келген табышын сездим, бирок турууга дарманым жок, башым көтөрүлбөйт. «Өлгөн турбайымбы» деген коркунуч кайра пайда болуп, старшинанын тирүү калганына, кудай акы, ичим тарыды. «Көрчү мунун тирүү калганын!.. Басып жүргөнүн!..» Мен ошентип атканда, Посохов жаныма келип, эки колун менин колтуктарыма сунуп, кучактап өөдө көтөрдү эле, олбурдуу немени кучагына денем опоңой кирип берди, бирок башым көтөрүлбөй, каракушум ооруп кетти. Белим оорубайт. «Тьфу, черт!» деп белимден бирдемени алып ыргытып, денемди кайра таштап жиберип, күрөк менен баш жагымды казып киргенде, өлгөнүмө толук ишенип, «мени көөмп жатат» деген сезим пайда болду. Ошенткен менен бат эле башым жеңилденип, өөдө көтөрүлдү. Көзүмдү ачсам, старшинам мени карагайдын түбүнө, чуңкурдан өөдө көтөрүп, олтургузуп атыптыр. Бири бирибизди көрө коюп, аман калганыбызга кубанып, кучакташып өбүштүк. Башымдын оор болуп чуңкурдан чыкпай жатканы, көрсө, мен тамырлардын астындагы топуракты, жанталашкан бойдон чапчып каза берип, үңкүр кылып оюп, башымды ката берипмин. Старшина көтөргөндө, эки тамырдын ачасына башым кептелип, желкемден кыстарылып чыкпай жатыптыр. Белиме дүп этип түшкөн карагайдын чоң кабагы экен. Замбиректин огу карагайдын сөңгөгүн жанып өткөндө кабык балта менен шылыган сыяктуу жерге түшүп, белимди басып калыптыр. Минген атыма дүрмөттүн сыныктары тийип, кайыш тердикти тешип өпкөсүн аралап өтүп, экинчи кап-

талынан чыгыптыр. Коркурап аткан ошол жаныбар экен. Бир солдатымдын кашка жилигин сындырыптыр, онтогон үн ал кургурдуку экен. Дагы бир солдатыма дүрмөт таамай тийген көрүнөт: колу-буту чачырап, денеси жок – бүркүлүп кеткен окшойт шордуунуку. Мунун баарысын эртең менен таң саарында тактадык. Аман калгандарыбыз арабаларыбызды тырактатып айдап, ал токойдон качып бир километрче обочорок бир хуторго барып жайгаштык. Чарба взводу токойдун этегинен орун алды.

Мындай окуяга кабылбагандар үчүн автор ойлоп тапкан бир мыскыл. Кабылып, тирүү калган мен үчүн шылдың эмес – амандык олжо! Эртеси полкубуздун командирин көмдүк. Спас-Деменскттин түштүк-батыш четиндеги, үстүн кырчынтал баскан эски көрүстөндүн бош жерине тайыз эле чуңкур казып, табытсыз кийимчен бойдон көөмп, мүрзөсүнүн үстүнө кайың калтектен крест аштап, сыя карандаш менен: «Здесь похоронен командир 538 армейского минометного полка майор Юдин Н. П.»[1] жазып койдук. Офицери, солдаты болуп чогулган он чакты кишинин алдына полктун командиринин саясий орун басары сөөк башында туруп, аза митингисин ачып, өзү эле сүйлөп, сөөктү чуңкурга түшүрүп атканда төрт-беш солдат автоматтары менен асманга үч сапар «трт» дедирип салют берди. Ошентип кечээ эле биз менен сүйлөшүүгө убагы жок, менсинген кайран неме, бүгүн түбөлүк, калыңдыгы жарым метр топурактын алдына басырылды да калды. О, чиркин турмуш! Түбөлүккө берилгендей сезилесиң ээ! Кечээ эле бизге колун силкип теңсинбеген, өзүнүн бизден артыкчылыгын ашкерелеген, тагдырыбыз анын колунда экенин биле туруп, бизди оозунун жели менен, көзүнүн агы менен тегеретээрине дөөгүрсүгөн чалпоо кыял чоңубуз, бүгүн мүрзөсүнүн үстүн таптап аткан тетиги солдаттардын таманынын астында калаарын, эне-

[1] Бул жерге 538-армиялык миномёт полкунун командири, майор Юдин Н.П. көмүлдү.

ден төрөлгөндөн бери көргөн турмушу, жашап келаткан өмүрү ушул бир чарчы метр жерде бүтөөрүн билди бекен, бечара? «Дагы багың бар экен, кудай сага жер буюруптур, алты саның бүтүн бойдон чогуу көмүлдүң. Кечээки менин солдатымдай бүркүлүп кетсең эмне болот элең? Денеңдин акыркы адреси кайда болмок?»

Өмүрүңдүн акыркы сааты качан келээрин мурдатан билбөө, балким, жакшы болсо керек? «Эгер өлөөрүңдү билсең, күн мурун сары санаа болуп жүрүп, илгери үмүттөн түңүлүп, мөөнөтүңдөн мурда өлөөр белең».

Адамга жакшылык кылбаган кара мүртөз немелер, өлөөрүнө жакындаганда, артында калуучуларга өмүр ыраа көрбөй, кыянаттык менен баарын кырып таштаšы ыктымал. Ошол үчүн, Кудай, жаның качан таслим болоорун сенден жашырса керек?!

Апей, эмне болуп кетти? Кудай сактай көр, согуштун табыштары эмне катуулап кетти? Күүгүмдөн кийин, кыргызча убакыт өлчөмү боюнча эл орунга отурган маалда немистер, адатынча күпүлдөтүп басаңдабады беле? Күпүлдөк азыр да ошол эле тараптан угулат, бирок кечкиден күчтүүрөөк, жакыныраак... А-а, биздин артиллеристтер, пулемётчиктер турбайбы. Душмандын чалгынчылары биз тарапка өтүп келатканын байкап калышкан го? Ал шайтандар көбүнчө таң атаардын алдыңкы маалын тандашат. Кечки тарсылдактардан кийин кооптонуп, кышкы узун түн бою көздөрүн ирмебей душман тарапты тиктеп турушкан байкуш солдаттар, таңга жуук талыкшып денелери салмактанып үргүлөй баштаганда, чалгынчыларын биз жакка өткөрмөй адаттары бар эле, кейпи, ошол кылыктарынын кезектеги бирөө го?

Кокус немистер чабуулга өтө турган болсо, тарсылдактүрсүлдөктөр бир эле жерден чыкпай, туш-туштан чыгат эле го. Кейпи, таң атаарга жакындап калса керек. Мен болсом сыртка өкүм сүргөн бейкуттуктан пайдаланып кыялым менен кошо асманга учуп, башымдан өткөн-

дөрдүн баарысын чабыттап кыдырып жүрүп, убакыттын өткөнүн билбей калсам керек? Меш да тап бербей, жертөлө сууп калыптыр. Эмнеси болсо да сыртка чыгып байкайын. Эки иштен бир иш дегендей күзөтчүлөрдү да текшерип келейин. Кокус немистердин «тил» уурдоочулары өтүп келип, бизди кокуй кылбасын?

Кийинип сыртка чыксам, посттордогу күзөтчүлөрүмдүн баарысы аман, сак. Тек гана алдыңкы чекте салгылашуунун табышы катуураак. Замбирек, миномёт, пулемёттордун үндөрү аралаш чыккандыктан, анын үстүнө таң алдындагы мемиреген эфирде булардын дүбүртү күчтүү, ачыгыраак угулууда. Оң, сол жагыбыз жымжырт. Бизден эки жүз метрче обочороок өткөн кара жолдо ары-бери чубалган техниканын табыштары, кишилердин кобур-күбүр үндөрү угулат. Жолго жакын турган кошуундардын күзөтчүлөрүнүн унчукпай, ок чыгарбай турушуна жана орустун маты аралашкан сөздөрүнө караганда, түндүн далдасы менен алдыңкы чекке жетип алууга шашып бараткан биздин жаңы аскерлер болсо керек? Башка шектүү табыш-тубуш угулбаптыр. Өзүмдүн жоопкерчилигимдеги кошуундун аман-соосуна санаам тынып, кайра жертөлөмө кирип, мештин отун тутандырып, чыракты өчүрүп, кийимчен бойдон жамбаштаганымды билем. Көзүмдү ачсам, лейтенантым ойготуп атыптыр. «Эмне болду?» деп чочуп ордуман тура калсам, Александр Михайлович жарадар болгон аттарды солдаттар алып келишкенин, таң алдында немистер «разведка боем[1]» жасашып, биздикилер алардын амалын таш каптырып, катыгын катырып бергенин айтып келишиптир.

Мен шашып-бушуп эшикке чыксам, күн чыгып келаткан экен. Түн бою уктабай, таң алдында көзүм жумулуп катуу уктап калыптырмын.

Бети-башымды чала-була ийине келтирип, тамакты күтпөстөн чарба взводуна, полк командиринин оорук

[1] Урушуп чалгындоо.

боюнча жардамчысына, жаңылык укканы келдим. Ал – Головнев Герасим Михеевич деген капитан эле. Бети табактай балжайган, ак жуумал, астынкы ээрди шалпыйган, ээгинин астында богогу кат-кат буржуйган, күрөң чачтуу, жапалдаш бойлуу, ичи бир аз бөрсөйгөн толмоч, өзү көйрөң киши эле. Улуту белорус болгондуктан, орустун кыйла сөздөрүн белорус тилине ылайыкташтырып сүйлөй турган, мисалы «гавориш», «трапка», «парадок», «рабина», «рабой», «валый». Менден он чакты жаш улуу болгону менен аскердик наамы меникиндей эле капитан, билими орто, сабаттуулугу анчейин, интенданттык курсту бүтүргөн неме эле. Мен адеп келгенде мени бийлейм деп бир далай тырышты. Бирок анысынан майнап чыкпады. Мен да анын майып жерлерин билип алдым. КПга, алдыңкы майданга баруудан абдан коркчу. Полк позицияларын алмаштырып ордунан козголоорду алдыртан штабдагы офицерлерден билип алып, шылтоо таап, армиянын ооругунун штабына шашылыш командировкага жөнөй турган. Андыктан полктун экинчи эшелонунун бөлүктөрүн ургундай ОВСтин начальниги Быков экөөбүз көчүрө турганбыз. Полкубуздун медицина кызматынын начальниги бат-бат алмашып туруучу, ошол себептен андай жооптуу ишти медиктерге тапшырышчу эмес.

Мен келсем, Головнев небак эле ордунан туруп, оперативдүү иштерине киришип калыптыр. Мени көрө коюп, сүйүнүп кетти. Биз устав боюнча амандашкандан кийин, ал мага полктун штабынан келген жаңылыктарды айтып берди. Таң алдында биздин полк такоолдоп турган жөө солдаттар полкуна немистер чабуул жасашыптыр. Биздикилер немистердин кечинде артиллериясынын жанданып калганынан шекшип алдыртан камынгандыктан, кудай жалгап, чыр арбыбаптыр. Пехотада бир аз чыгым болуптур, биздин минометчулар, кудая шүгүр, аман экен. Биздеги жалгыз бир чыгым траншеяда, жөө солдаттардын арасында жүрүп батареясына команда берип турган

биринчи батареянын командири немистин минометунун жарылган дүрмөтүнүн сыныгынан каза тааптыр. Кайран жигит! Мен аны менен биз Витебскиге келээрдин алдында өрүүнгө чыгып, тынч токойдо турганда командирлердин машыгуусунда таанышкан элем. Наамы улук лейтенант эле. Отуздан ашып калган, запастан чакырылган, сылык, бир аз тартынчаак, уяңыраак, карамагындагыларды каарыбай, зекибей, чаңырбай сүйлөгөн, арыкчырай, шыңкыйган узун бойлуу киши эле. Согуштан мурда Горький шаарында бир институтта математикадан сабак берген доцент экен. Менин аспирантурадан чакырылганымды угуп, илимдин кишилеринен экенбиз деп ылымсынып, өзүнүн кесиби математикалык прогноздо деген тармак боюнча экенин айтып берген. Менин ал тармактан такыр эле нөль экенимди айтканымда, мага түшүндүрүү максатында: «мен математикалык маселелердин проблемасын өзүм коюп, мисалы, үйүмдө аялым, балдарым аман бекен, турмуш абалы кандай болуп атат деп, анан математикалык теңдемелердин жана башка усулдарынын жардамы менен үйдө эмне болуп атканын ушул жерде туруп эле билип алам» деп мени таңыркаткан эле, кайран жигит! Оңбогон фашист оңбой кал, тилегиңе жетпей кал! Адамзатты кандай азаматтардан ажыраттык?!

Полктун командири окумуштуу улук лейтенантты акыркы жайына бүткүл колдогу мүмкүндүктү колдонуп, сый менен узатууга Лиознодогу офицерлер көрүстөнүнө алып барып көмүүгө буйрук кылыптыр. Сөөктү чарба взводуна алып келишиптир. Головнев мага болгон иштерди айтып берип атканда, полктун медицина боюнча начальниги, медицина кызматынын капитаны Иван Иванович Егоров да келип калды. Герасим Михеевич ага кайрылып:

– Жолдош капитан! Сиз улук лейтенанттын денесин карап, анын өлгөндүгүн күбөлөндүрүңүз, анан, завтрактан кийин Лиознодогу офицерлер көрүстөнүнө ооруктагы

кызматтын башчыларынын баарысы чогулуп алып барып, устав боюнча көөмүп кайталы! – деп, буйрук берди.

Иван Иванович Егоров биздин полкко Витебскиге полк келээрдин астында эле жаңы келген болчу. Аты, атасынын аты, фамилиясы – баарысы орустуку болгону менен өңү-түстү, кебете-кешпири, ал тургай «Р» га тили келбей чулдурап сүйлөшү бүт эле жөөттүкү болчу. Калайдай жылтыраган кашка башына кийилген чоң тумагы кулагын тешигине чейин жаап, кашына түшүп тураар эле. Чүрүшкөн бетинде чүңүрөйгөн эки көзүнүн кычыктарынан чылпак кетпеген, башы ылдый караган сабиздей чоң тумшугунун учу суукка туурулган, таноолорунан жүн чыккан, мойну жикирейген, чолок ак тонунун жакасы тумагын тиреген далысы бир аз бүкүр, бою кортойгон, кийиз өтүгүнүн кончу тизесинен ашып тургандыктан, жыгач буттуу немече баса турган. Кыскасы, аны көргөн кишинин өзү жүдөчү. Өзүнүн кебетесинин серттигинен корунабы, же сараң немеби, айтор, эч кимибиз менен ымалага келбей, ал тургай өзүнө баш ийген лейтенант фельдшери менен деле тил табыша албай, жалгыз гана бир санитаркасы экөө бөтөн жүрүшө турган. Кыштата, мен билгенден бир жолу да алдыңкы майданга, полктун командиринин КПсына барган жок. Жарадар болгон аскерлерибизди батареялардагы фельдшерлер таңуулап, өздөрү баса ала тургандарын санчастка жөө жиберип, бутунан же ичинен оор жарадар болгондорду санинструкторлор чанага салып алып келишсе, Егоров журналына каттап, жарааттарын карабай туруп гана менин кошуунумдун жанындагы эваколазаретке өткөрүп турганын билем. Санчасть бар болгону үч кишиден тургандыктан, бөлүнбөстөн, чарба взводунан тамактанышчу. Жайгашкан жери да алар менен боло турган.

– Есть товарищ капитан, освидетельствовать смерть![1] деп тонунун оң жеңин чыкыйына такаганда, ал неме

[1] Куп, жолдош капитан, өлүмдү күбөлөндүрөйүн!

мага эмнегедир балдар кардан чампалаган каракчыдай көрүндү.

Үчөөбүз басып барып, чанада үстүн маска халат менен жаап койгон улук лейтенанттын бетин ачып, орустун расмиси боюнча тумактарыбызды колубузга алып, бир аз какайып турдук. Кайран азамат, жатат суналып. Узун кишинин кийиз өтүгү чанадан чыгып калган. Ак тонунун сол өңүрү канга булганган. Аза күтүү ырымын бүтүрүп, солдаттардын жардамы менен өлүктүн кийимин чечтирип Иван Иванович өз ишине киришти. Головнев корктубу, билбейм жумушун шылтоолоп басып кетти. Мен Егоровдун жанында жалдырап, тиги маркумдун денесинен көзүмдү айырбай карап турдум. Денеси зыңкыйып ката электигине караганда, жаңы таслим болгондон бери эки саат өтө элек болсо керек. Таң атканда ок жаңылган го, куурагырга?.. Тонунун бүчүлөрүн чыгарып, гимнастеркасынын жакасын ылдый айырып төшүн ачканда, сол эмчегинин астынан каны каткан жарат көрүндү. Врач шиш жүгүрттү эле бир топ жерге такалбай кирип барып токтоду. Жараттын энине караганда чоң эле сынык кирсе керек?.. Киндик тушта да бир кичине жарат бар экен.

«Дүрмөттүн сыныгы менен жаралануу кесепетинен жүрөк токтогондон болгон өлүм» деген диагноз койду Егоров.

Таңкы тамактан кийин улук лейтенанттын сөөгүн үч чана киши Лиозного алып жөнөдүк. Станциянын тегерегиндеги кыштактын түштүк жагындагы токойдун четинде көрүстөн бар экен. Лиозного туш-туш жактан жол келет экен. Кээси таш төшөлгөн эски чоң даңгыр жолдун таманынын кары кетип кара. Көпчүлүгү аскер кошуундары таптаган жаңы жолдор, булар каршы-терши чалды-куйду. Ар бир кошууну өз жолун өзү эле билбесе, башкалардын башы адашчудай. Андай жолдор унаанын, солдаттын таманына канчалык тапталып, басырылганы менен кардын калыңдыгынан жер бети ачыла элек, кай

бир жолдун таманы күн нуруна ымышып тайгалак. Эки жол кайчылышкан жерлерде узун таяктар, калтектер жерге сайылып, бооруна чамындыдан, же кичинекей тактайчадан көрсөткүчтөр кадалып, «баланчанын, түкүнчөнүн чарбасы» деп, кишилердин гана аттары жазылган. Алар дивизиянын, же армиялык жекече полктордун, же болбосо армиялык складдардын башчыларынын фамилиялары экенин билебиз. Бүгүн күн ачык болгондуктан, душмандын самолётторунан сактаныш үчүн ачык жерлердеги даңгыр жолдордо жолоочулар аз жана бири биринен алысыраак дистанция сактап жылууда. Станциянын өзүндө кыймыл байкалбайт. Паровоздор, вагондор деле көрүнбөйт. Бирок кудайдын куттуу күнү түн бою бака-шака тыйылбасын билебиз, биздин кошуунга даана угулуп турат. Кээде прожекторлор асманды тинтип, зениткалар такылдаганда душмандын бомбалоочу самолеттору келгенин туя турганбыз. Чанда-чанда бомбалап да кетишчү.

Биз станцияга барбай, кыштактын чети менен өтүп, көрүстөнгө келдик. Жумушчу батальондун солдаттары мүрзөлөрдүн чуңкурун мурдатан эле камдап коюшат экен. Бир нече чуңкур даяр экен, андан нары да катарлап аң казып жатышыптыр. Солдаттардын арасында чачына, мурутуна ак кирип калган карыялар да жүрүшөт. Ал көрүстөндөн обочороок дагы бир көрүстөндүн шыкырап тизилген кресттери көрүнөт, бирок ага барган из жок. «Эски көрүстөн болсо керек» деген тыянакка келгиче болбой, жанымдан өтүп бараткан бир орто жашап калган солдат, менин тигил тарапты тиктеп турганымды байкаган окшойт, өзү мага салам берип, сөзгө аралашты. Сөзмөр немеби, же ичи бук болуп турганбы, билбейм, эбиреп-жебиреп кирди:

– Ал немистердин көрүстөнү. «Маскөөнү алам» деп шашкан немелер. Кырк биринчи жылы Смоленск багытында деми сууп, жаны тынган фрицтер. Немис кайда

болсо немис, жолдош капитан, караңызчы мүрзөлөрүн, стройдо басып келаткан солдаттарындай, жипке тизип койгондой ирээттери түптүз. Кресттери да бир кылка. Бирөө чоң, бирөө кичине эмес, бирөө узун, бирөө кыска эмес. Шайтан немистин сарамжалдуулугу, бүйрөлүгү кыжырыңа тийип, кускуңду келтирет. Көрчү, көрүстөнү да опузалуу чабуулду элестетип турганын! А биздикин карабайсызбы! Утур-тетир, узун-кыска! Каалаганыңча коё бер. Эч ким сенден сурабайт. Тетиги чоң дөбөнүн астында бир чуңкурда көмүлүп он чакты солдатыбыз жатат. Берки майда дөмпөктөрдө бирден көмүлгөн солдаттар, офицерлер аралаш. Ал эми немисттер карапайым солдаттын өлүгүн офицериники менен аралаштырбайт. Ал тургай бир көрүстөндүн аймагын эки участокко бөлүп, бирөөнө жалаң офицерлерди, бирөөнө солдаттарды көмүшөт экен. Сволочтор өлүктөрүн да тапка бөлүшөт. Капиталисттер да. Бизге да капитализмди кайра алып келип орнотушмак. Немистердин көрүстөнүн муштуму менен зекип, – Мына эми, орнотуп жата бер! Орустун майлуу сөздөрү менен сөгүнүп, бараткан жолуна түштү. Мен ал солдаттын ким экенин, кайда кызмат кылаарын суроого үлгүрбөдүм. Доклад окуган немече шыбыргактатып тынбай сүйлөп, аягын кабат-кабат «мат» менен уланткан бойдон кете берди.

Комбаттын сөөгүн чанаадан түшүрүп, чуңкурдун жанына алып келип, тонун, кайыш курун, кийиз өтүгүн чечип, гимнастеркасындагы «Кызыл жылдыз» орденин, эки медалын алып, калган кийимдери менен чуңкурга түшүрүп, топурак таштардын астында баш кийимибизди алып, автоматтар менен үч сапар салют бердик. Уучтап топурак салганыбыздан кийин солдаттар көөмүп киришти. Жанагы солдаттын айтканына таңыркап, мүрзөнүн чарасы топуракка толгуча, ара-чолодон пайдаланып, немистердин көрүстөнүн көздөй бастым эле, Головнев мени ээрчип алды. Экөөлөп карга из салып заматта

жетип келдик. Айткандай эле ар бир мүрзөнүн баш жагына кайың калтектен жасалган крест орнотулган, ага кадалган фанера тактача. Тактачага көмүлгөн кишинин атын, фамилиясын, офицердик наамын кайсы жердигин, качан туулуп, качан өлгөнүн кара боек менен – немисче даана жазып койгон. Немисче окубаган Герасим Михеевич менден: «Что говорит сие марание?»[1] – дейт. Мен билишимче которуп берсем: «Көрчү арамдарды, Кайда болсо тартипти жакшы көрүшөт!» деп ызырынат. Биз аз аралап: geboren... von Halle, gefallen.., geboren...von Achen, gefallen.., von Konigs berg..,.. von Munchen[2] деген трафареттерди окуп, Германиянын картасын элестетип жатканымда Иван Ивановичтин: «Баары бүттү» деген үнү «саякатыбызды» кыскартып, улук лейтенанттын мүрзөсүнө кайра алып келди. Кужурмөн жоокер жолдошубуз менен түбөлүккө коштошуп, бир мүнөтчө жылаң баш туруп, акыры чаналарыбызга түштүк. Биз кетели деп атканда дагы бирөөлөр жүк ташуучу автомашинеге толтура жүктөлгөн өлүк алып келишти...

«О, жараткан! Качан жетим мүрзөлөр түгөнөөр экен? Эл-жеринен алыс жүрүп урушта өлгөн акыркы солдат көмүлгөнүн көрөөр бекемин?» Каңырыкты түтөткөн, көкүрөктү ачыштырган, жүрөктү мыкчыган ушундай кайгы дарт менен турагыма кайттым... Мындай капалуу санаа жалгыз эле менин башыма келбесе керек – жолдугата бири бирибиз менен сүйлөшкөнүбүз жок. Тек гана ат желигинин бир калыптуу табышы, анда-санда карарып калган жол таманына туш келгенде, чананын жаагынын сүрүлгөн чый-йк үнүнөн бузулуп кеткени болбосо, андай учурда аттын булкуп тартышы ойду алагды кылганы болбосо, ат айдагычтан башкабыз тондорубуздун жакасына башыбызды катып, үндөбөй үңкүйүп келебиз.

[1] Эмне дейт бул чанжырак?

[2] Галледе... туулган... окко учкан, Ахенде... туулган... окко учкан, Кенигсбергде... Мүнхенде...

Кыштын кыска күнү биз а деп, бу дегиче кечки маалына жетиптир. Биз ачыктан токойго кирип келатканда уясына кирүүгө аркан боюндай эле калыптыр. Бүгүн асман ачык болгонуна карабастан, тынч болду. Немистердин самолёттору түгөнүп калганбы, же биздин багыт аларды анчейин кабатыр кылбайбы, билбейм, башка коркунучтуу багыттарга учуп кетишкенби? Айтор, үстүбүздөн бир да самолёт учпады. Биздикилердики да көрүнбөйт. Асман чайыттай, бейкутчулуктун жышанасы өкүм сүргөнү менен көрүстөндөгү көрүнүш ичиме капанын борошосун киргизип, башымды арылгыс убайлуу санаа чулгады.

Тагдырдын жолу кандай татаал? Эки эне: бирөө Горькийде, бирөө Ахенде толготуп, бул дүйнөгө жаңы перзенттерди алып келишкенине чексиз кубанып, болочок өмүрлөрүн ушул жаңы көз жарган наристелеринин өсүп-өнүшүнө арноого кудай алдында убада бергендир-ээ? «Ымыркайым чоңоюп, оорумду колдон, жеңилимди жерден алат» деп сүйүнүп боорлоруна кысып, эмгизген сайын ийип, денелери эрип балкыгандыр ээ? О шордуу энелер! Өз денесинен жаратып, жанынын жартысын берип, тогуз ай жүрөгүнүн астында уялатып, төрөттүн тозоктуу кыйноосуна кайыл болуп, күмөндөрүнө жарык дүйнөнү аман көрсөтүшкөн куу тумшук энелер, эч бир жанга теңебеген кулундары «өлгөнүмдө ордумда калат» деп үмүт кылган тукумдары кырчын кезинде кыйылып, ата конушунан алыс, чоочун бирөөнүн жеринде тирүүсүндө бирин бири көрбөй, өлүктөрү жанаша томоосу араң билинген топурактын алдында калаарын кайдан билишсиң?! О байкуш энелер! Эгер өлүп калсаңар, балдарыңардын жаман кабарын укпай, булардын алдында кеткениңер ырас болуптур! А эгер тирүү болсоңор… шоруң кайнаган байкуштар, тилегиңер таш капты! Үмүтүңөр үйлөнүп өчтү! Сабырыңар сапырылды! Көз жашыңар соолду! Тооңор кулады, шаарыңар урады, куурагырлар!..

Ой тобо-о! Ойлоп олтурсаң бул дүйнөдө өмүр деген

аягы жок, башы жок, тынымсыз жыш күрөш турбайбы. Бул күрөштө бирөө аз кармашып аз жашап, бирөө көпкө кармашып көбүрөөк жашап, баары бир өмүрүн бүтүрөт турбайбы. Кимдин өмүрү кай жерде, кай мезгилде бүтөөрүн бир Кудай өзү билбесе, пенде ар бир мүнөт тирүү мөөнөтүн пендечилик менен түбөлүк деп ойлоп, өлбөчүдөй пайдаланат окшобойбу?.. Тигил Горькийлик орус, Ахендик немис ата-бабалары көрбөгөн Белоруссиянын чакан бир станциясынын четиндеги жетим көрүстөндөн түбөлүк орун алаарын тирүү кезинде ой чаптырмак турсун, түшүндө да көрүшкөн эместир, ыраматылыктар. Тирүүсүндө бири бири менен беттешип көрүшпөсө да, «немис» деген сөздү укканда орустун, «орус» деген сөздү укканда немистин кыжыры кайнап, көздөрү чычыладай кызарып, ичинен далай ызырынышкандыр, бечаралар?! Эми бирөө мурун, бирөө эки жарым жыл кийин келишип, бул жерде түбөлүк кошуна болушуп жандары тынышты. Кудай бул байкуштардын маңдайына ушуну жазып койгон да!

Туулмак бар, өлмөк бар!
Алда таала Кудайдын
Не жазганын көрмөк бар! –

деп, Манаста адамдын тагдырын таамай, даана көркөм сөз менен так айткан экен...

Бүгүнкү көргөндөрүмдүн элестери ушинтип оюмду онго, санаамды санга бөлүп, өзүм бүт турпатым менен ичиме кирип, өзүм менен өзүм сүйлөшүп убара тартып жатып, сыртты байкабадым. Жолду катар эч ким менен сүйлөшкөнүм жок, жолдошторум да мени алагды кылбады. Балким, ар кимиси өз тагдыры жөнүндө мен сыяктуу санааркап, өзү менен өзү алектир?.. Ошентип, олтуруп күүгүм талаш кошуунубузга жетип, өз түнөктөрүбүзгө тарадык.

## – 8 –

Өзүмдүн бөлүкчөмдө, кудая шүгүр, жаман-жакшы жаңы кабар жок. Күндөлүк көнгөн жумушун менин фельдшерим Александр Михайлович кадимкисиндей аткарып, солдаттарды тиешелүү жерлерине дайындап, ар кандай кырдаалда, устав боюнча, жооп кайтарышын түшүндүрүп, жайгаштырып коюптур. Майор Дорфман көрүнбөйт. Анын кеткени бир айча болсо да, мен аны менен кезигишүүнү дагы эле эңсейм. Анын отуз жетинчи жыл жөнүндөгү аңгемесин аягына чейин укпай калганыма өкүнөм. Лейтенанттан, Дорфмандын редакциясынын машинеси көрүнбөгөнүнөн, алардын бар-жогун сураштырдым эле, Баранов гезиттин жооптуу секретарын жакында эле көргөнүн, майорду сураганын айтты. Жаңы эч кабар жок дептир. Тирүүсү тирүү көрүнөт, бирок анын дайынын, дарегин ачык айтпаптыр. Аны угуп мен бир чети дагы көрүшөөрүбүзгө үмүткөр болгонум менен, бир чети эмдигиче дарегин айтпай жатышканы, «кудай уруп, ал байкуш, «смерштин» кылтагына илинип калып жүрбөсүн?» деген суук ой көкүрөгүмдү аралады. Бүгүн жолдугата мээмди сымаптай салмактанткан санаага бул да аралашып, куду Асанкайгынын өзү болмок болдум.

Бул ооруну мага майор Дорфман Зильман Маркович жугузду. Ага жолуга электе мен укканымды уккандай, көргөнүмдү көргөндөй түшүнчүмүн. Окуянын ары жак, бери жагын териштирбей, кээ бирлерине анча-мынча шек келтирсем деле болгонду болгондой кабыл алчумун. Өзүм «аспирантурада окуйм» деп компойгонум менен көзүм ачыла элек, эселек бала эле бойдон турбаймынбы! Менин көзүмдү ачып кагазга жазылбаган «турмуш» деген дарстан сабак берген ушул майорду мен «оору жугузду» дешим итчилик болор?.. «Турмуш» – көп кырдуу, көп сырдуу, көп өлчөлүү нерсе турбайбы. Аны накта тааныш үчүн асты-үстүнөн, алды-артынан, туш-тушунан кароо

аздык кылат турбайбы. Ичине кирип терең-тайызын, тунук-ылайын, жылуу-суугун, ачуу-таттуусун, тү-ү!.. дагы кандай түркүн-түркүн сапаттарын жипке тизип териштирип олтурсаң, адегенде көзүңө жылтырак көрүнгөн нерсе көөдөй кара, тилине балдай татыган нерсе – калемпирдей ачуу уу экени аныкталат турбайбы! Зильман Марковичтин аркасы менен «эл душмандарынын», «улутчулдардын» негизги себептерин, чыныгы душман кайда экенин билдим. Деле майордун айтканындай болбосо да, официалдуу пропаганданын ишендиргениндей эмес экенин түшүндүм. Ар бир окуяга ой чаптырып талдоого үйрөткөнү үчүн мен анын устаздык касиетин көзүм өткүчө сыйлайм, өзүнө өмүр бою ыраазымын.

Мына азыр согуштун кезектеги бир түнү. Майдандын алдыңкы чегинде кулакка үйүр, андыктан алагды кыла албаган, согуштук куралдардын күндөгү кадимки тыртырдаган табышы. Үч айдан бери мага уя болгон ак жолтой жертөлө. Ортосунда темирчелек-меште от балбылдап күйүп, жертөлөнүн ичин жылытып турат. Бийик чөркөнүн үстүндө гильза чырак «үй» ичин жарык кылууда. Баарысы, согушта урушуп, жеңише албай душман менен таймашып турган полктун экинчи эшелонунун турмуш абалынын кадимки көрүнүшү, күндөлүк тиричилигинин кыпындай бурчу. Ошентсе да, мен үчүн кыйладан бери бир үй-бүлөдөй үйүр болуп калган майордун жоктугу жертөлөнүн экинчи капшытын эңгиретип ээндетип, ал көрүнүш менин ич дүйнөмдү коңултактатып, эмнегедир бирдемем бөксөргөндей сезилет. Азыр ал киши менин жанымда болгондо, наркомдун жүз граммынан кийин кадимкисиндей чечилип, бүгүнкү мен көрүп, өзүмчө бушайман болгон, көп суроомду чечмелеп, көңүлүмдү сооротуп, жан-дүйнөмдү бир кыйла байытпайт беле… Күндүз көргөндөрүм мээмден чыкпайт. Кыязы, дагы уйкудан калчудаймын…

Эки жанаша көрүстөн – эки душмандын көрүстөнү. Бирине бири чектешпеген, кошуна эмес эки мамлекет-

тин жарандарынын көрүстөнү. Бир мамлекет Борбордук Европадан орун алып, бүт европалык мамлекеттерге үстөмдүк кылып, аларды багынтып, ага канааттанбай чыгышка жутунуп, миң ашык километр жол басып, экинчи мамлекетти өзүнүн кошуналарын жалмаган сыяктуу эле уйпалай коёмун деп дөгүрсүгөн, көпкөн мамлекет. Экинчи мамлекет Чыгыш Европаны бүт, Азиянын үчтөн эки бөлүгүн ээлеп турган зор мамлекет. Катылгандын катыгын берүүгө намыстуу мамлекет. Бирөөгө жемин жедирбеген мамлекет. Экөөнүн көздөгөнү эки башка: бирөөнүн түп максаты – бүт жер жүзүнө фашизм орнотуу, экинчисиники – коммунизм. Бул эки чоң идеология, бири бирине кайнаса каны кошулбаган, карама-каршы идеология. Экөө тең он тогузунчу кылымдын экинчи жарымында чыга калган жаңы идеология болуп көрүнгөнү менен, чын-чынына келгенде, адамзаттын тарыхынын эң байыркы башатында эле жаралган. Аттары гана башка болгон: «адепки жалпы ортоктош коом» (первобытный общественный строй) жана «кул күтүү коому» (рабовладельческий строй). Баарынан кызыгы экөөнүн тең түп максатына жетүү үчүн жасаган аракеттери, усулдары бир – согуш! Согуш! Согуш!

Кудай сактай көр! Дагы андан аары ой-чукууруң менен казып олтурсаң, дагы далай нерселери окшош, жалпы, ал тургай, бирөө эле болуп калышы мүмкүн. Эң сонун ойлоп тапкан жаңылыгың – небак унутулган эскилик деп өткөндөгү бир акылман бекер айтпаса керек…

Мына бүгүнкү мен көргөн эки жанаша көрүстөндүн бул жерде пайда болушунун негизги себептери: эки мамлекеттин карама каршы эки идеологиясы. Аларды таркатуу куралы – согуш, согушту жасоочулар жарандар – кишилер, ал азырынча тирүү жүргөн – биз жана көрүстөндөн түбөлүк жай алган тигилер! Тирүүсүндө өз элинен, жеринен алыс бир чөлкөмдөгү жетим мүрзөлөрдө каада-салтсыз, кепинсиз-табытсыз асемделбей көмүлөөрүн, тирүүсүндө өздөрү сугарылган идеология жеңээрине же

жеңилээрине өздөрү минтип күбө боло албай калаарын, жакындары өлүк ырымын жасоого жете албаган арабөк чоочун талаада түбөлүк жайланып калаарын ойлошкон болду бекен, байкуштар, бактысыздар?

Эми аларга фашизмдин, коммунизмдин кереги тийип жатты бекен? Ким билет? Адамзат жаралгандан бери өлгөн – бар, тирилген – жок! Ал дүйнөгө кеткен из – көп, кайткан из – жок! «Өлгөндөрдүн жаны үчүн акыретте турмуш бар. Бул дүйнөдө жашаган убагында коомго, табиятка кылган жакшылыгың, сообуң үчүн, кыянаттыгың, күнөөң үчүн акыретте кадимкидей эле сурактан өтөсүң. Жакшылыгың көп болсо – жаның бейиштин түнсүз, кышсыз ар дайым бир дарагы гүлдөп, бир дарагы мөмөлөрүн салбыратып бышып турган багында жыргап жашайт, кылмышың көп болсо жаның дайыма тозоктун балбылдаган отуна күйүп чыркырап кыйналат» деп диний китептен окугандар айтат. Атам раматылык да, «балам эч бир жанга кыянаттык кылба, убалына каласың. Аны акыретте кудай кечирбейт» деп, мени ыплас нерселерден тыйчу эле. Бирок акыретти көрүп келген киши жок. Эгер чын эле акырет бар болсо анда фашисттердин көрүстөндөгү ахендик жана аны менен катарлаш жаткан жүздөгөн фрицтердин денелери жер алдында кыймылсыз тынч чиригени менен, жандары тозоктун көр кыстоосунда дей бер. Алар баскынчылар, биздин элге бүлгүн салгандар. Ал эми, берки көрүстөндөгү горькийлик математик, полкубуздун күжүрмөн офицери жана аны менен бул зияратханадан жанаша орун алган биздин байкуш жоокерлер, чоң мамлекеттин булуң бурчунан келип, жалпы мекенин зомбучулардан коргоодо, элин фашисттердин кулдугунан куткарууда курман болуп, шейит кеткендиги үчүн капыр-мусулмандыгына карабай кудайым алардын жандарына жанаттан жай бергендир?..

Антсе да «миң күнкү жанаттын жыргалынан бир күнкү жарык дүйнөнүн азабы артык» деген. Эки көрүстөндү

эки идеологиялык лагерге бөлбөй, алардын «тургундарын» жалпы адамзаттык позициядан караганда – баарына убал! Эгер доону чоң жагынан коё турган болсок, булар чынында идеологиялардын курмандыктары! Баары жаш, он гүлүнүн бирөөнү жакшылыктуу ача электе өмүр менен коштошушкан, кайран азаматтар! Тирешкен идеологиялардын кесепетинен жалпы адамзат болочоктогу канча генийинен ажырап калды. Ошол эле немистер дүйнөгө Гетесин, Шиллерин, Гегелин, Марксын, Бахын, Бетховенин бербеди беле. Фашист деген терминди биринчи таап, ураан чакырган азыркы итаалылардын түп аталары Римди куруп, дүйнөлүк цивилизацияга, жалпы эле маданиятка Галилейди, Брунону, Давинчини, Микеланджеллону, Рафаэлди, Дантени берген эмес беле? Ал эми ошолор чыккан мекендердин эмки тукумдары бүт дүйнөнү бүлүндүрүп, Европадагы маданияттын уясы болуп келген улуттарды басып алышып, алардын болочоктогу Декарттарын, Шекспирлерин, Ньютондорун, Сервантестерин, Гюголорун бараалына келтирбей кырып атышпайбы. «Эки нар жөөлөшсө, ортосунда кара чымын кырылат» болуп атпайбы.

Бүгүн биз бабаларынан бери байыр алып жердеп, мекен кылып жашап келген орус элинин жеринде төгүлгөн кандын, кырылган жандын күбөсү болуп отурабыз. Орустун эли, орустун жери адамзатка кандай гана акылмандарын берген жок? Ломоносов, Пушкин, Лобачевский, Толстой, Ленин.., санап олтурсаң, эки колуңдун манжалары жетпейт. Мына эми ошолорду жараткан кайран элдин бүгүнкү тукумдары жана алар менен кошо мекендеш жашаган Кавказдагы Месроп Маштоңтун, Шота Руставелинин, Имам Шамилдин урпактары, байыркы цивилизациянын дагы бир бешиги болгон Орто Азиядагы баатыр Манастын, Авиценнанын, Бирунинин, Улугбектин, Чокандын, Калыгулдун, Абайдын, Арыстанбектин азыркы балдары идеологиялардын үйөрүнө агып

курман болуп атпайбы. Балким, тигил эки көрүстөндө болочоктун Гомери, Гейнеси, Навоиси, Гоголу, Сагынбайы, Саякбайы жаткандыр?.. Эмесе, бул кыргындын негизги кылмышкери ким? Жанаша көрүстөндөрдө жуушап жаткандар эмес! Андай болсо, тигил фашист тамгасы басылып жаткан маркум немистерди да кудай өзү ылгап аткандыр, акырет эле чын болсо. Идеологияларды жараткан акылмандар – мына түпкү күнөөкөрлөр! Багаар, караар асыраар кишилери жок чоочундардын көрүстөндөрү эки жарым жылдан бери майдандын кайсы гана талаасында пайда болбоду? Эми согуш бүткүчө, жеңгендер Берлинге жеткиче дагы канчасы жайнайт? Ар бир көрүстөндө эки жүз, үч жүз мүрзө, ар бир мүрзөдө бирден, а кээ бир шашылыш жерде бештен, ондон өлүк! Ой-ой-ой! «Жеңиш!» деген даңазалуу ураанды канчабыз угаар экенбиз? Канчабыз жерде да, суда да, желде да, ал тургай тизмеде да жок, дайынсыз жоголуп, канчабыз домпойгон боз топурак астында түбөлүк калаар экенбиз?

Эки карама-каршы идеологиянын кесепетинен болгон бул, жыйырма кылымдан бери биринчи учураган, эң чоң кыргында эки тараптан тең упат болгондорду жоктоп, өксөп ыйлагандардын жашын чогултса, бир дарыя болоор эле, ага курулган гидроэлектростанциянын энергиясы бир чоң шаарды кубаттоого жетишээр беле дейм!?

Бул кыргында жеңген жак уттум деп мактанаар, мейли, өлчөсү өзүнө буюрсун, жалпы адамзат уттурат, миллиондогон ишке жарамдуу адамдарынан айрылды, дагы айрылат. Адамзат өз колу менен жараткан канча ажайып асыл өнөрдүн жемишин талкалады, дагы далайы талкаланат! «Эл душмандары», «улутчулдар», «террористтер» да идеологиянын садагага чабылган улактары! Дорфмандын далилдешине караганда, алар ак жеринен күйгөн жазыксыз курмандар! Алардын баарысы тең жазыксыз экенине кепил боло албасам да, өзүм билгендериме күбөмүн. Кыргызды агартып, көгөрткөн Касым

Тыныстановдун, мени окуткан Окулич-Казариндин «эл душмандары» экенине ишенбейм. Алар жазыксыз каралanып акыретке кетишти, мен согуштун кан күйгөн майданында, жанымды оозума тиштеп, эмки таңды көрөмбү, жокпу деп, жертөлөдө корголоп жатсам да, алардын актыгына, ыйманымды сатпай, күбөлүккө өтө алам! Алар мага окшогон миңдердин көзүн ачып, акылын ойготуп, акты караны ажырата тааныткан, дүйнөлүк маданияттын ажайып сарайына ээрчитип киришкен кереметтүү устаздар, кантип өз элине душман болушсун?! Мүмкүн, колдорунда бийлик турган төбөлдөрдүн жасап аткандарынын бир нерсеси буларга жакпай калгандыр, наараздылыгын, жаман ойго албай, ачык айтышкандыр? А балким, булардын кучак жеткис акылына тең келе албаган, ач көз, ичи тарлар буларга кудайдын бергенин ыраа көрбөй чагым жасагандыр?

Ай, сырты жылма, ичи бодур журт куруткан шайтандар-ай! Жер жүзүнөн силер арылаар күн болоор бекен? Жок, киши жоголсо, жоголот, зили бул жексурлар жоголбойт. Шайтан адамдан мурда жаралгандыгы Бабелде да айтылган. Адам ата, Ава эненин эки уулу: Абыл, Кабылды бири бирине ушактап, кас кылган – шайтан. Шайтандын тилине кирип Кабыл агасы Абылды өлтүргөн да. О-о кудурет! Эң биринчи кишинин тукумдарынын биринчи эле муунунда карама-каршылыкты, келишпестикти өзүң жаратыпсың, бул эмне кылганың? Адамзат ар дайым талашып, кагылышып турсун дегениңби? Мунуң кыянатчылык эмеспи? Биз адамдар кыянаттыкка кабылганда ар дайым жардам сурап өзүңө кайрылбыз. О-о жараткан, буга эмне демексиң? Кыянаттык шайтандан демексиң. Макул. А шайтанды ким жаратты? Өзүң да! Актыктын, адилеттиктин, калыстыктын, боорукердиктин, мээрдин уясы деги кайда? Биз – адамдар, буларды жараткан да өзүң деп түшүнөбүз. Эгер чын болсо, жыргалды да, кууралды да өзүң жасап, аларды кишилердин

төбөсүнө себелеп коюп, мышык-чычкан ойнотуп, кызыгына батыш сенин өнөкөтүңбү? Күнөөкөр болсом, ашык кетсем, Жараткан, өзүң кечирип кой, бирок муну айтпай коё албайм!

«Чем дальше в лес – тем больше дров»[1] деген орустун макалынын калети жок. О-о теңирим, теңирлигиң кайда, адилеттигиң кайда? Эмне үчүн акылман пенденин башына үстөмдүк, зомбулук идеясы кирсе, ал адилетсиз, адамзатка зыян экендигин эскертип, оң дес бербей, аны шайтанга жетелетип коёсуң? Мунун мааниси эмнеде? Бул сыяктуу миң деген суроолорго жооп таба албай башым маң…

Баягы асмандын төбөсүн өз колу менен кармоону самаган келесоо, улам бир бийик чокуга чыгып, бийиктеген сайын, ошончолук асман алыстаганын көрүп, айласын таппай арданып, бирок кармоодон үмүтүн үзбөй куру убара боло берген сыяктуу, мен да өз оюм менен алпурушуп жемишсиз, натыйжасыз кыйнала берүүчү болдум. Колум жумуштан бошоп, бир аз ээн боло калсам эле чаржайыт ой даяр болот да, ээрчитип алып жөнөйт.

Азыр да түн ортосунан небак оогонуна карабай, сырттын көндүм тынччылыгы түрткү болуп, мээмде Броун кыймылы бака-шака кайнап, уйкуга орун бербей атат. Эки көрүстөндүн тагдырын талдап олтуруп идеологиянын түшсө чыккыс тунгуюгуна кирип кетем.

Отуз жетинчи жылы курман болгон жазыксыздар эске түштү. Ошондогу тополоңдо «там басты» болгон төрт «террорист» айылдашымдын тагдыры да козголду. Булардын окуясы тууралуу жогоруда учкай айтылган эле, аны кайталап кажети жок. Ала кемпирдин безилдеп айткандарынын баарысы чын болсо, тигил маркумдар да калабалуу жылдын жазыксыз курмандары.

---

[1] Токойго канча арылап барсаң, отун ошончо көп. Бул – идеоманын сөзмө-сөз котормосу. Семантикалык маанисин тушма-туш берүүчү кыргызда ылакап, макал жок.

«Ала кемпир» демекчи, анын да кайгылуу тарыхы бар. Азанда чакырылган аты Ажаркан экен. Биз кыз алыша элек жакын агабыздын жубайы. Биз ал кишини сыйлачубуз, балдарды абдан жакшы көрө турган. Дайыма чөнтөгүндө кемпут, кант, набат болоор эле. Бул шордуу эне он тогуз бала төрөп, бирөөнөн да даам, топурак буюрбай калган. Менин энемдин айтышы боюнча ал абысыны мунттан кийин эле бир жуманын ичинде кызылча тумоодон беш баласын жоготкон. Күйүттүн айынан ооруп бети-колун ала так баскан. Багаар баласы жок, байкуш, оокат кылуунун жайын билбеген, кой оозунан чөп албаган момун абышкасына жетелетип уй бактырып, өзү он алты километр алыстыктагы Караколдун базарына эки күндө бир жөө, кээде бирөөлөргө жармашып барып, айран, сүт, сатып чай-чамегин таап, бирөөнүн көзүн карабай жашашчу. Базардагылар: «ала кемпирдин айран, сүтү коюу» деп жүрүшүп, «Алакемпир» атка конгон.

Кудай балдарынан ажыратып «куу баш» атка кондурган байкуш Алакемпир менен момун абышкасын алдан-күчтөн тайып калган кезинде тиги «террорист» деп аталган төртөөнүн бирөө – Ыбыке өз колуна алып баккан. Ыбыке момун абышканын бир тууган агасынын жалгыз баласы болчу. Бул жаштайынан ата-энесинен жетим калып, ар кайсы туугандарынын ирегисинде жүрүп, чоңойгон эле. Зээндүү бала адегенде менин атамдан, анан, борбуюн көтөргөндөн тартып, жетимдер үйүндө багылып, мектебинен окуп, комсомолго өтүп, коомдук иштерге жандуу катышып, дыйкандарды коллективдештирүүдө эл көзүнө көрүнүп, айылаткомдун жооптуу катчысы, айылдык мектептин мугалими, колхоздун бухгалтери жана айылдык деңгээлдеги дагы башка жооптуу кызматтарда иштеп, тап күрөшүнө жандуу катышкан киши эле. Тилдүү-ооздуу, «кандан кайра тартпаган» кайраттуу, өзү туура көрүп ишенген маселелер боюнча таптык позицияда туруп, калыстык кылам деп, улууларга тили

тийип, алардан каргыш да уккан өткүр неме болчу. Оюна келгенин бербеген, жалпак тилге көнбөгөн, ымалага келбеген, өжөр, көк адам эле.

Экинчи «террорист» Ыйсанын атасы «киши өлтүргөнгө катышкан» деген чатакка байланыштуу падыша өкмөтүнүн заманында эле сотко кесилип кетип келбей калыптыр. Үчүнчүсү – Жайнак, анын атасы да ушул чатак менен Ыйсанын атасынын – өзүнүн бир тууган агасынын тагдырын бөлүшкөн. Бул эки тирүүлөй жетимдин жаш аялмет «тирүү жесир» энелери, каралашаар жакындары калбай, он алтынчы жылкы мунтта менин атамды караан тутушуп, Кытайдын Алтышаарына качып барып жан багышкан. Үркүндөн кийин Ыйсанын энеси өлүп, өзү ар кимдин жумушун жасап жүрүп, бир келинге үйлөнүп, өзүнчө оокат кылуу кадамын болуштун атын багуу кызматынан баштаган. 1926–1927-жылдарда советтик жооптуу кызматтарга жарды-жалчыларды көтөрүү кампаниясында батрак катары Ыйса да коммунисттик партиянын мүчөлүгүнө алынып, адегенде болуштун чабарманы, андан кийин жасоолу болуп жүрүп, тап күрөшүндө эски манаптарды, байларды кулакка тартып, мал-мүлкүнөн ажыратып, Украинага, Оролго айдаткан мезгилдерде болуш «бөрк ал десе – баш алып» көпкөн. Ыйса жакын-алысына, ак-карасына карабай, «иштин» төркүн-төсүн териштирип убара болбой, «ойт» десе «тыйт» деп баса калган машкедей тапталып, большевиктик сыноодон «ишенимдүү» деген баа менен өткөндөн соң, отуз экинчи жылы биздин колхозго партячейканын катчылык кызматына келген. Бул мезгил айыл чарбасын коллективдештирүүнүн өтө каат жылдарынын бири эле. Колхоздун кампасында үрөн жок. Былтыркы айдалган жерлерге тескери үгүттүн кесепетинен үрөн сеппей коюшуп, аштык чыкпай, анын аргасын табуу үчүн жаңыдан зордуктап колхозго киргизген дыйкандардын короолорун, үйлөрүн тинтишип, табылган эгиндерди күч

менен ортого төктүрүп үрөн топтоо кампаниясы катуу жүргүзүлгөн. Менчик эгиндерин, малын ортого бербей, каршылык көрсөткөндөрдү дароо кулакка тартып, түтүн ээсин партиянын чечимине каршы саботаж жасады деген шылтоо таап камап, кестирип, үй-бүлөсүнүн ичээр-жээр оокатын, малын тартып алышып, өздөрүн тентитип жиберишкен. Мындай мыкаачылык кампанияга Ыйса башчылык кылып, далайдын жүрөгүнө тийген болчу. Башканы коюп, өзүн мунтта өлүмдөн аман алып калып, бирөөнүн эл-жеринде өз балдары менен кошо багып келген менин атамдын арбагын сыйлабай, бизди жан сактатып турган жалгыз уюбузду колхозго төктүргөн эле. Кыскасы, чолок этек Ыйса чаардан бир айылдын кем эле дегенде жарымынан ашыгы запкы жеген болсо керек эле. Бирок көп убакыт өтпөй, кандайдыр бир кылмышынан улам, Ыйса отуз төртүнчү жылы партиянын мүчөлүгүнөн чыгып, жарылган чанач сымал шалбыраган болчу. «Келме кезек, терме тезек» дегендей колхозду башкарууга келген жаңы жетекчилер бир убакта Ыйсадан запкы жегендердин жек-жааттары Ыйса чаардан кегин алышып, акыркы үч жылда аны сугаттан башын көтөртпөй, кыңк десе, Ыйсанын өзүнүн: «бартачейке буюрат, бартачейке тапшырат» деген сөзүн кайталап мазакташып, жалаң эгин сугарууга жумшап жүрүшөт деп укчумун.

Жайнак отузунчу жылы Кургак Көңдөйдө уюшулган «Сухой хребет» жабык чарбасындагы (маңка ылаңына чалдыккан жылкыларды башка малга кошпой баккан чарба) айыл чарба кесибин үйрөтүү мектебинен эки жыл окуп келип, колхоздо кампачы болуп иштечү. Көп сүйлөбөгөн, оорбасырыктуу, калпы жок жигит. Төртүнчү «террорист» Молдаалы отузунчу жылдардын башында атасы экөө тең кулак болуп айдалып кетээрдин алдында, айылдан качып кетишкен эле. Кийин «айылда социализм толук жеңип», кулактар тап катарында жоюлгандан соң, эл журттун арасы анча-мынча тынчып, оокат-тиричилик

бир аз тирдене баштаганда, атасын качып барган жерде көөмп, энесин, балдарын ээрчитип элге кайтып келип, сельподо эсепчилик кызматта иштеп жүрсө керек эле. Сырын эч кимге айтпаган түнт, кытмыр, бирөөгө жакшылыгы тийбеген неме болчу.

«Башкарманы өлтүрүшкөн террористтер» деген чагым боюнча ондон ашык киши айыпталып камакка алынып, көбү тергөөдө күбөлөрдүн жардамы менен акталып, бул төрт шордуунун күбөлөрү өздөрүнүн аялдары гана болгондуктан, алардын күбөлүгү калыстык эмес, кызыккан тараптын айтканы деген доомат менен НКВДнын тройкасы, буларга атуу өкүмүн чыгарган. Ошол бойдон бул төртөөнүн тагдыры белгисиз.

Ал эми Алакемпирдин айтуусу боюнча окуянын төркүнү таптакыр башкача. Баккан баласынан да топурак буюрбаган, багаар-көрөөрү калбаган бул байкушка боору ачып, окуянын чыныгы себебин анык билген, чагым болуп атканда сөздөрүн өз кулагы менен уккан, ыйманы, абийири жүрөгүн өйүткөн бирөө, кечээ эле кырк биринчи жылы согуш башталгандан кийин, аскерге чакырык кагазын алгандан соң, атайын жашыруун келип, Алакемпирге айтып бериптир. Ал неме деле кудайдан коркуп, «алдыда не бар, не жок, бирөөнүн убал-сообу мойнума кетпесин» десе керек.

Согуш чыккандан эки жарым айдан кийин Фрунзе шаардык аскер комиссариатынан аскерге чакыруу кагазын алып, айылдагы энем менен коштошууга уруксат сурап төрт жүз километр жол жүрүп келгенимде, энемдин абысыны жана кошунасы Алакемпир, мени да көрбөй каламбы деген капалуу ойго келсе керек, байкуш, Ыбыкеси тууралуу жаңы, гезитте жазылгандагыдай эмес, дегеле башка кабарды чебеленип чыркырап айтып берген. Күйүттүү кемпирдин айткандарын көркөмдөп элестете турган болсом, өзүнчө эле кайгылуу, карөзгөйлүк роман болоор эле. Балким, кудай жанды аман койсо,

согуш бүткөндөн кийин, ак-кара ачык, даана билингенде бул маселеге атайын кайрылса болот. Бүгүн жертөлөдө жатып, «алда неме болоор экен» деген согуш жүрөк заадасынын ара-чолосунда эске түшкөнүн гана айтмакмын.

...Башкарма райондогу чогулуштан кеч тарап, айдын жарыгында түн ката жүрүп олтуруп үйүнө келсе, аялы башка жигит менен жатыптыр. Башкарма ачуусуна чыдабай, оозгу үйүндө колуна урунган темир күрөктү ала коюп, аялын башка бир салат. Колдору калтырап калган немени урганы жаза тийип, аялынын каракушун жаралайт. Аны көрүп, жаткан жигит шап тура калып, каруулуу неме чабал башкарманын колунан күрөктү жулуп алып, башкарманын өзүн жыга чабат. Жанында уктап аткан үч жашар баласынын кулагын күрөктүн учу чырпып кетет. Чыркыраган баланын үнүн, түрсүлдөгөн табыштарды, ажылдаган итти кошуналары угуп келишсе, башкарма бир жерде кийимчен аялы төшөктө жылаңач, бала сырдай жылаңач үй ичинде ары урунуп бери урунуп, чебелектеп чыркырайт. Опсуз жаман иш болгонун келген кошуналары көрүп чырак жагып карашса, эрди-катын экөө тең оор жарадар болушкан. Шашып-бушуп кийиз күйгүзүп, жараларына басып, канын токтотушуп эмне болгонун сурашса, аялынын эси ооп, тилден калып калыптыр. Башкарма өөдө тура албайт, темир күрөктүн мизи белине тийген экен. Бирок эс-акылы жайында. Окуянын жогорку жагдайын айтат. Бул калабанын каргашачысы Карагулдун Качысы экен. Ал неме деле башкарманын жакын тууганы. Болоор иш болгонун, эми мунун айласын табуунун амалын кеп кылышат. Булардын бүт уруусунун оор маселесин чечип жүргөн кишисин түн ката ат чаптыртып алдырышат. Анысы келип, күнөөкөр болгон жигитти таптырып, чыгымдардын баарысын анын мойнуна салып, кара койду мууздатып, канына отургандардын баарысынын колун малдырып ант алып, анан ойлоп тапкан акылын айтат.

– Качыны кармап бергенде кайсы мүйүзүбүз чыгат эле. Ал да биздин тукум. Кайсы бармагыңды кеспе – оорусу өзүңө. Болоор иш болуптур. Сенин бүт чыгымыңды Качы, анын туугандары, андан калса, мына биз, жалпы уруубуз көтөрөбүз. Дөгдүр жалдайбыз. Азыр кыйын заманга кабылып турабыз. Бул окуяны айыл-апанын ичине жашырып жаба албайбыз. Сөзсүз эртең эле районго, ынкыбыдыга жеткиришет. Жалгыз Качынын башы менен чыр бүтпөйт. «Бул уюшулган иш, эмне үчүн эрди-катын экөө тең жарадар болду? Чын эле чатак аялдан чыкса, эрин да камаш керек» деп, жарадарлыгыңа карабай, түрмөгө өзүңдү да салып чиритет. Дагы кыйла жакын тууган торго чалынышы мүмкүн. Анда айлабыз эмне болот? Баарыбыз бири бирибизге айгак болуп, чилче тузакка түшөбүз. Андан көрө, колуң менен жасаган күнөөңдү мойнуң менен тарт. Качы абийирсиз, каадага сыйбай турган иш жасаган, итчилик кылган. Бирок ал биринчи болуп кол көтөргөн эмес. Эгер, келинчегиң эсучун жыйып калса, андан төргөөчү сураганда, ал болгон ишти болгондой айтып берсе, Качыны актап, күнөөнүн баарын сенин мойнуңа салат. Ошондо акыбалың эмне болот? Ден соолуктан да, катындан да, оокаттан да айрыласың. Анан дагы айтайын «ала кушту атынан чакыр» деген кеп бар. Сен чын-чынына келгенде бизге тууган эмес – жээнсиң. Кошой өз атаң эмес тайатаң болчу. Өз энең тиги Жети-Өгүздө тирүү турат. Өз элиң Күңгөйдөгү чиркей. Анын баарысын айтпасам да билесиң. «Жээн эл болбойт, желке тон болбойт» деген. Бирок ыраматылык Кошой абам: «Кудай өзүмө эркек туяк бербеди. Кызымдын чүрпөсүн медер тутуп жүрөм. Кокус, көзүм өтүп кетсе, муну бөлөксүнтпөй өзүңөргө кошуп алгыла. Тапкан, ташынганымдын баарысына ушуну ээлик кылып жүрөм» – деп, сени бизге тапшырып кеткенин эсиңен чыгара элек болсоң, ушундай кыйын кырдаалда билинет сенин ким экениң – өз экениң, же жат экениң.

Тайатаңдан жаш калдың, анын жоктугун билгизбей, кир кийим кийгизбей, кардыңды бөксөртпөй, эчтемеден өксүтпөй биз бактык. Окутуп-чокуттук. Ат жабдыгың даярдап, эл араласын деп аткардык, эки тизгин бир чылбырды колуңа бердик. Жалпы баарыбыздын башыбызга оор күн түшкөндө да, арбакты сыйлап, керээзин эсте тутуп, саа кир жугуздурбадык. Каалаган кызыңа, жең ичинен калың берип, үйлөнттүк. Жөлөп-таяп жүрүп башкармалыкка жеткирип, чоң айылды, чоң чарбаны башкарттык. Саспактардан бийликти тартып алдык. Алар айласын таппай, туз жалап ичтери өрттөнүп, а бизге кудай болушуп турган кезде, өз ырысыңды өзүң булгап, жалпы биздин урууну жаман аттуу кылып салбадыңбы! Бул күнөөңдү мойнуңа аласыңбы, же ушул жерден жик ажырап, «бөрү баласы ит болбойт», «ала карганы алтымыш күнү байласаң да, бир чалымы бок татыйт» дегендей, көтөнү бөлөктү көктөсө болбойт, жатыны бөлөктү жамаса болбойттук кылып, кара башыңдын айласы үчүн бүт уруубуздун намызын колубуздан тайдырасыңбы? – Сөзмөр неме ары чаргытып, бери чаргытып капкайдагылардын баарын козгоп, бир чети белинин оорусуна чыдай албай, бир чети катынынын койнунан ойношун кармаган ызасына күйүп-бышып, албууттанып аткан башкармага жыландын башын чыгарып, оор ойго салат. Бел оорусун унутуп, алдыдагы боло тургандарды тигинин айтышынча элестетип, башкарма коркуп калат. Дароо эле жооп таба албайт. Туюктан жол табаар акыл өзүнөн чыкпаган соң, башкарма жалдырап, жалооруп, уруунун акылманынан акыл сурап кайрылат.

– Аба, жаман иш болгону эми жетти мээме. Кандай айла кылыш керек? Мунун акылын сиз таппасаңыз башка бизде ким бар?

– Кетирген күнөөңдү мойнуңа аласыңбы? Дагы сураймъ! Башкарма мукактанып улутунат.

– Күнөөңдү мойнуңа аласыңбы, деп атам!?

– Алайын мойнума, кутултуунун айласын тапсаңыз.

– Ичиңе кир калтырбай удаа-удаа үч ирет кайтала, эгер бизди элим десең, журтум десең?

Оорусуна чыдап тиштенип туруп, тигинин талабын аткарып, уруунун ыркынан чыкпаска ант берет башкарма.

– Эмесе кеп мындай – деп, «акылман аба» сөзүн баштайт. – «Башка келген балаадан, кулак, мурун садага» деп илгерки баатыр бабаларыбыз айткан. Кудай жакшылыгын берсе, денеңдин жарааты анча оор деле эмес экен. Келинчегиңдики сеникинен оорураак көрүнөт, эмдигиче эс-учун жыя албай жатат. Кылмышына жараша кудай жазасын берет деген ушул. Чынына келгенде ак никени бузуп, ак төшөктү булгап, ала жипти аттаган сен эмес – бул. Кимде ким мындай ыпылас ишке кадам шилтесе а дүйнө кеткен маркумдардын арбагы, бул дүйнөдөгү ниети ак, таза адамдардын кусуру урат деген ушул! Муну сен чапкан жоксуң, бузукулугу үчүн сенин колуңа күрөк берип, кудай чаптыртты. Кудай сен аркылуу жазалады муну. Бул сөздү «керегем саа айтам, келиним сен ук» кылып жалпыңа айтам. Кулагыңарга куюп, көкүрөгүңөргө түйүп алгыла! Качынын күнөөсүн мойнуна алдырдык, айыпка жыктык. Баарыңардын алдыңарда убадасын берди. Өмүр бою башкарманын алдында кул болмок болду. Аны уктуңар. Башкарма да көзү көргөнгө каны кайнап, сабырын жоготуп коюп, жалпы уруубуздун бетине көө тартылчу чекилик иш жасаганын мойнуна алды. Антын берди. Буга да ушул жерде олтурган туугандар баарыңар күбө болдуңар. Танбайсыңарбы?

Олтургандар бир ооздон «танбайбыз» деген убадасын бергенден кийин, акылман, чагымчы баарысынын көздөрүн бирден тиктеп, көзү менен кыдырып чыгат да, баятан бери ичинде купуя кармап турган оюн ашкерелемек болот.

– Биз намыс үчүн тобокел кылып, бел байлап опурталдуу ишке барабыз. Ошондуктан, сактыкта кордук жок

дегендей, ишти баштаардын алдында убаданы бекитип антташканыбыз, кудайдын алдында бирибиз калбай баарыбыз тең жооп берели дегенибиз. Адатта өлүмгө кайыл мындай өтө жооптуу ишти баштаарда, убаданы куран кармап беките турган. Азыр эч кимдикинде куран жок. Ошондуктан кыргыздын байыркы салтын колдонуп, бүт денесинде тырмактай ак так жок, көмүрдөй кара кой мууздап, канына, эсинен танган тиги келинден башка эркек, аял баарыбыз колдорубузду малып «убаданы бузсак, сырыбызды бирөөгө айтып чыккынчылык кылсак, ушул кара койдой мууздалып калалы» деп ант бердик. Эми ат башын буруугa, артка кетенчиктөөгө, кайра качууга жол жок! Баарыбыз бир көгөнгө байландык. Эми айткан мен да, уккан силер да кудай алдында, улук алдында бирдей жооптуубуз! Төркүн-төстөн сак болгула, аялдары үчүн эрлери жооптуу. – Бүтүмдүн бузулбастыгы канчалык бекем, тыңгылыктуу экенине көзү жетүү үчүн негизги маселени айта электе чагымчыл дагы бир сыйра убаданы бышыктап сөзүн токтотуп, айланага көз чаптырат. Баары жымжырт. Тынчтыкты бузган башкарма менен гана келиндин онтошу. Келинди тегеректеп оозуна суу тамызып, жараатына кийиз басып, даки айрып эки-үч аял алек. Алдыда жасалуучу аракет абдан оор, басуучу жол кыл көпүрөдөн ичке, коркунучтуу экенин сезишип, отургандардын баарысы тобокелге толук бел байлашкандарына чагымчыл акыры ынанат. – Эмесе кеп мындай, – чагымчыл дагы бир азга кебин токтотуп, айланасын табышмактуу карады эле оозгу үйдүн очогунун айланасында эт бышырып аткан бир-эки кишинин гана жүзү көрүнбөйт, калгандарынан элеңдеген, тынчсызданган шек байкалбайт. Баарысы кулактарын түрүп, каштарын тикийтип, кунт коюшуп караганын көрүп, биротоло ишенип сөзүн улантат. – Өткөндөгү өчтү, кечээки кекти ала турган учурду кудай өзү берип отурат. Азыркы жаман окуя жакшы ишибиздин жөрөлгөсү болгону турат. Дагы

эскертем, баарыбыз бир жакадан баш, бир жеңден кол, бир ооздон сөз чыгарып убадага бекем болсок, кудай ишибизди колдойт. Экинчи мындай учур болбойт, бир учурду текке кетирсек кудай, арбак уруп, деле ишибиз оңбойт. Кечээ калкозго кыйнап киргизгенде баарыбыз камалып, мал-мүлкүбүздөн ажырап, бирөөбүздүн атасы, бирөөбүздүн агасы, дагы бирөөбүздүн тагасы кулак-чунак болуп, барса келбес жерлерге айдалып, тентип кеткени эсиңерден чыга элекпи? Мында отургандардын ичинен боору бүтүн, башы эсен бирөө да жок. Ошолордон эмне, кимиси кайтты? Бирөө да кайтып келген жок. Алардын өлүү, тирүүсү жөнүндө эч дайын жок. Баккан малынын, тапкан булунун жыргалын, үзүрүн көрбөй, кайра азабын тартып, байыганына күнөөлүү болуп, өз жеринен топурак буюрбай калды. Муну кылган ким? Силер Кеңеш өкүмөтү демексиңер. Албетте, Кеңеш өкүмөтү дечи, бирок Кеңеш өкүмөтү ким бай, ким жарды экенин ичкерде жатып алып кайдан билет эле? Баарын кылган өз айылыбыздагы этеги көтүнө жетпеген томаяктар. Кеңеш өкүмөтүнүн колтугуна кирип алып, кылгылыкты кылып аткандар ошолор. Коюбузду багып, корообузду кайтарып, айран, сүтүбүздү ичип жүрүшүп, адал мүлкүбүзгө айгак болушуп, чыккынчылык кылышкан ошол даам урган каапырлар. Айрыкча биздин уруунун касиеттүү адамдарына кастарын тигишип өчөшкөндөр, тиги саспактардын чолок этек батырактары Ыбыке, Ыйса эмес беле. Бирөө айылаткомдун жооптуу катчысы, бирөө бартачейке болуп турганда басалбай калган кемпир, чалдарды, эс тарта элек балдарды, жаш эмчек аялмет, кош бойлуу келиндерди да аябай чыркыратып айдатышпады беле. Ошону кантип унутабыз! Унутсак алардын арбагы бизди урбайбы. Кудай кезекти берет деген ушул. Кекке – кек! Канга – кан! Чатактын чөгүн саспактар жакка ыргытыш керек. Танып көрүшсүн! – кыңкыстап аткан башкармага, – Таңга жуук районго, ынкыбыдыга киши жиберели.

Чаап олтуруп үрүң-бараңдан кечикпей дүжүрүнө жетип кабар айтсын. Башкарманы уюшкан каракчылар келип үй-бүлөсү менен союп кетти десе, дароо кишисин жиберет. Сен акыл-эсиңди, бардык күч-кайратыңды жыйнап, жаңылбай мобуларды айтып бер: «Мен райондогу чогулуштан чарчап келип, жаңы эле көз ирмегенимде менин ордумду талашып арыз жазып жүргөн биздин айылдыктар: Керим, Ыбыке, Ыйса, Молдаалы, Жайнак деген немелер инилерин, жакын туугандарын ээрчитип кирип келишип, төшөктө жаткан жерибизден балталап, күрөктөп кетишти. Чыркыраган үндөрүбүздү кошуналарыбыз туюп чуркап келип ажыратып калышпаса, өзүм менен кошо үй-бүлөмдү бүт кырып салмак экен. Кошуналардан айбыгышып, түн жамынып качып кетишти» деп айт. А силер – отургандардын баарына кайрылып, – «баарысы чын, ондон ашык киши экен. Керимдин үч бир тууганы, Ыбыкенин иниси, Ыйса чаар, Жайнак кампачы, Молдаалы, дагы бир иниси менен, дагы бир-экөө мурдараак качып таанылбай кетти» деп далилдегиле – деп, сөзүн бүттү. Башкарма жаздыктан башын көтөрө албай, чалкалаган бойдон тамынын төбөсүн тиктеп туруп:

– Керим, Жайнак, Молдаалыларды кошуп кереги эмне? Керим ал кезде айылда иштечү эмес эле да, Молдаалы бирөөнү кулакка тартмак тургай, өздөрү атасы экөө тең кулак болуп, качып жүрүшпөдү беле. Жайнак ал кезде жаш жана өзү да кой оозунан чөп албаган момун, төп неме. Кампасынан бирөөгө бадырактык да буудай бербейт. Буларга убал болот го, аба? Өзүм ала жан болуп туруп, ак жерден бирөөнү күнөөлөшүм кудайга жакпайт го аба? деп, сөз кайтарайын дегенде, чагымчыл каарданып:

– Бая эле билгем, ушинтээриңди. Кебимди укпасаңар эмнеге чакырдыңар мени? Азыр кай-кай жерде кан күйүп, тобу менен камалып, солонуп аткан кезде, акты-караны ылгай турган заманбы? Өз башын түрмөдө чиритпей

куткаруунун айласын таап айтсам, муну көр, акыйкатчылыгын! Кылгылыктын баарын кылган сен, өз убалың өзүңө! Кампачың болуп жүрүп Жайнак жетмек түбүңө, ал момун эмес – мышыксопу. Сени ичти-жеди деп каралап, билбеген башка бирөө жазды дейсиңби. Молдаалысы кыйтыйган кытмыр, издегенинин баары жамандык. Сельподо жөн иштеп жүрбөй, анын башчысы Атантай абаңды жакында көнтүр деп карматып олтурат. Ыбыке менен Ыйсасынын кылбаганы жок. Убагында канчабызды сызга жаткызбады. Бирөөгө кылча кара санабаган, жогубузга дайым каралашып, ичээрибизге сүт, минээрибизге ат, жээрибизге эт берип, бүтүн урууга уютку болуп баарыбызды багып жүргөн касиеттүү карыларыбызды бала-чакасы менен Украинге, Оролго кыштын кыраан чилдесинде айдатып, коломтосунун күлүн сапыртпады беле. Ошол эки иттин айынан мен да үч жыл үй-бүлөмдөн безип, Чүйдө качып жүрүп жан сактагам. Ыйса бартиядан чыкканы менен жели чыга элек. Анын көзүн тазалаш керек. Ыбыкенин кылбаганы барбы? Азыр сенин ордуңду кантип тартып алуунун айласын издеп алек. Ыбыке аман турса, эми калганыбыздын баарын көнтүр кылып каматып айдатат. Ал үчүн себеп оңой эле табылат. Кулак-чунак болуп ичкерге айдалгандан сырткары Кытайга качып кеткендерибиз канча? Алардын тизмесинин баары Ыбыкенин колунда. Кимиси кимибизге кандай жагынан канча жакын экенин өзү билбесе, Керим айтып берет. Керимди болсо, баарыңар билесиңер. Ар кимиңдин жети атаңарды, тайата, тайэнеңердин тайатасынын тайатасына чейин айтып берет. Керек болсо, түбүңөр калмак деп, түп атабыз Бакамаңжы, Коңтаажыга дейре жеткирет. Орустуку тургай Кытайдын, Кытайдыкы тургай шайтандын да тилин билет. Бекеринен гипүгө тилмеч болуп, 1926-жылы сыртты жайлап кыштаган атактуу байларыбыздын түбүнө жеткен эмес! Ушуларды жазыксыз ак деп айтууга кимиңердин оозуңар барат? Булар айылда аман турганда

эртең эле баарыбызды айдатып жоготот. Сенин ойлобой орой иш кылганыңдын кесепети баарыбызга тиет. Муну билип атасыңбы? Жанатан бери эсине келбей онтоп, оозуна суу тамыздырып аткан аялдын бирдемени булдураганы чагымчынын кулагы чалды. – Келин эсине келдиби, эмне деп атат? Жарадар аялга каралашып аткан келин:

– Көзүн ачты, эс-учун жыйып келатат көрүнөт. Аңгыча болбой жарадар аялдын онтоо аралаш:

– Өлүгүңдү көрөйүн... таз.. Баарын айтам.... Өх! Сенин түбүңө.., жетпесем... Өх-хү... И-и... башым ... башым...» – деп, калган сөздөрү даана болбой калды.

– Уктуңбу? Уктуңарбы? – Отургандар укканы менен эмне айла кылаарын билбей, тигинин оозун карады. Аялынын сөзүн даана уккан башкарма кылмышы канча оор экени көзүнө даана көрүнүп, кылган кылыгына ичинен абдан өкүнүп, чагымчыга жалооруп калды:

– Аба, айтканыңыздын баарысына макулмун. Мени жалгыз таштап кете көрбөгүлө, журт! Кыздан болсом деле силердин кара чечекейиңермин. Менден итчилик кетти, аны кечиргиле, мени бөлө көрбөгүлө! Маа кара санаган ууру Качынын бетин карабайын дедим эле.Сиздин, туугандар – силердин кадырыңар үчүн ал итти мен кечирдим. Эми калган айланы өзүңүз табыңыз, аба. Мен сизден чыкпайм.

– Эмесе убада ушул. Керимди унутпа. «Каракчынын ана башы ошол» де. Ушул сапар биз анын башын жутпасак, ал биздин башыбызды жулат. Аны аман койсок, ал неме эртең эле тигилеринин башын бошотуп алат да, анан баарыбыздын айыбыбызды ачып, бүт уруудан тирүү жан койбой, баарыбыздын түбүбүзгө жетет. Анын бул жерде гана эмес ичкерде да байланышы көп. Аяктын ажыдаарларын колуна алып алган. Отко салса күйбөгөн, сууга салса чөкпөгөн каапыр ал неме. Инилерин тукуруп коюп, өзү билмексен болуп, далайыбызды кебез менен мууздаган митаам! Ал аманда биздин башыбыздан тумоо кетпейт! Түшүндүңбү?

Күнөөнүн орчунун ошого ыйгар. Актанаар айласын түгөт. Албарсты болуп кубулса да, кутулгус кылалы. Бир эмес үч жарадар. Наристе баланы да койбой кырмак болгон десек, ынкыбыды ишенет. Атайы душмандык ой менен жасаганына тангыс далил, бул! Балам, бизди бир аз ээн калтыргылачы. – Чагымчы жарадар аялдын жанындагы келинге кайрылганда, келин чыгып кетет. Чагымчы эки жагын каранып бөлөк- кишилер калбаганын көрүп, үнүн басаңдатып күбүрөйт.– «Колуңда жүрүп билинбейт – камчыдан ашкан досуң жок. Койнуңда жатып билинбейт – катындан ашкан касың жок» деген ушул! – Инилерине кайрылып, – катындарыңарга сак болгула. Алардын оозунан лам деген сөз чыкса, биринчи өзүңөр өлөсүңөр. Өзүңөр убаданы бузсаңар, өзүм мууздайм. Мен кан ичип жүргөн кишимин. Мага баары бир. Намыс үчүн эч нерседен кайтпайм. Ой, ит Качы, сени биттеп салсак да убал жок. Сенин саатың, бир урууну бүт бүлүнтүп отурат. Ойлогон оюбуз ишке ашса жакшы, ашпаса – баарыбыз өлдүк. Кары дебей, жаш дебей, ушул отурган баарыбыздын убалыбызга сен калып отурасың. Болоор иш болду. От менен ойнобо, ойносоң – оң болом деп ойлобо! Ыштанын булгаган колун аябайт! Тиги канчыгыңды, – жарадар аялды сөөмөйү менен көрсөтүп, – каңшылатпай тындым кыл! Таңга калса – айгак болот. Биринчи сени, анан эрин кайсайт!

– Жаны алектен өтө албай аткан байкуштун убалына калып, кудайга күнөкөөр боло албайм, аба!

– Эмне дейт, бул ит! Кудайдан корксоң бирөөнүн ак никесин булгайт белең. Кудайдан айланган тозоку! Кармагыла балдар! Бул итти биринчи мууздап чеч кылалы. Ансыз деле кызыл кырман болуп атат. Ким озунса, ошонуку! – Эки жигит тура калып Качыга умтулат. Качы чөгөлөй калып:

– Кулдугум бар, абаке! Жан соога! Айтканыңызды кылайын! Экинчи минтсем, майнеке болоюн! Ит болдум! Бетим карарды. Айыбымды тартууга даярмын!

– Болду, тур! Убакыт аз калды. Кыжылдашып отурууга чоло жок! Даяр болсоң – аткар! Жаздыкты оозуна бассаң, кыйналбай тынчыйт...

Качы чагымчынын айтканындай чоң жаздыкты жаралуу аялдын бетине жаап, кош колдоп басканда, тиги бир аз буттарын тыбыратып, анан суналып тынчып калат. Үнү да, онтогону да угулбайт. Деми токтогон соң, Качы жаздыкты аялдын бетинен алып коёт. Чагымчы сол колун серпип, Качыга «Ордуңа отур» дегендей белги берет да, каралашкан келинди чакыртат. Келин кирип келип, төшөктүн чекесине жүйүртө басып олтура калып, мунун дем албай калганын көрө коюп, чебелектеп ыйлап жиберет. Анткор чагымчы, келинге шек алдырбас үчүн:

– Эмне болду? Эми эле онтоп атпады беле. – Ордунан туруп, төшөктүн баш жагына келип, чөгөлөп олтура калып, ыйман айтат. Башкалары баарысы шылкыйып жер карашат. Келин сырттагы, казан жанындагыларга шашып-бушуп кабар айтат. Сырткы үйдөгүлөр дабырап кирип келгенде, чагымчы оң колун жаңсап тигилерди токтотуп, өзү келмени кыраатты менен айткан ыйманын узарта берет. Тигилер дубалга жөлөнүп олтура калышат. Бир оокумдан кийин «сү» деп өлүктүн бетине үйлөп, анын бетин жоолугунун учу менен жаап:

– Ыйман укпай кеттим деп, акыретте бизден дооло-босун. Аз айып, көп күнөөсүн бизге док урбасын. Деги, кудайдын сүйгөн пендеси бейм?! Кыйналбай, созулуп уктаган бойдон жүрүп кетти. Келиндер, таң атмайын чуу чыгарбагыла! Тирилте албайсыңар, баары бир. Батыш тараптагы терезе жакка көшөгө тарткыла. Кана баарыңар шалдайып отуруп калбай кыймылдагыла. Өлүктү көшөгөнүн ичине алып кирип, жай жасап, башы-көзүн түзөп үстүнө түзүк жаңы жабуу жапкыла!

Үй ичиндегилер, жарадар башкармадан башкасынын баарысы жабалактап, чагымчынын айткандарын аткарышып, башкармага жаңы төшөк салып, башын бийиктеп

катар жаздык жаздап жаткырышат. Башкарманын үшкүрүгү катуулап, өз көзү менен көрүп аткандарга ичинен сыздап, кийилигишүүгө дарманы да, укугу да жок, күчүнүн баарын онтогонго чыгарып кирет. Чагымчы үй сарамжалын тейлештирип бүтүп, башкарманын төшөгүнүн жанына келип олтуруп, мунун ички уйгу-туйгусун сезип, кайрат айтат:

– Катын өлсө – камчысап! Кудай өзүңө шыпаа берсин. Көңүлүңө кетпесин иним, башка ылаажы болбоду, ылайыктуу амал табылбады. Капыстан мени жарга камап салбадыңарбы, туугандар!.. Союшун ит Качы көтөрөт. Кадырлап барктап көмөбүз. Өлүк карызы баарыбыздын мойнубузда. Тигил айыпталуучу саспактардын малын барымтага, кунга алабыз. Силердин жаныңардан сокур тыйын чыгартпайм. Убадага эле бекем болсоңор, калганын маа койгула, өзүм эбин табам. Эмне айтаарыңды жаттап алдыңбы? Ата-бабанын арбагы үчүн бир намыска жарап кой, жабылуу казан жабылуу бойдон калсын. Ынкыбыды келгенде шапкесинен сүрдөп жаңылып кала көрбө! Анда эле шорубуз кайнады, какаганды муштаган, өлгөндү көмгөн кыла көрбө, айланайын. Эт оорусу айыгат, нээт оорусу айыкпайт деген кеп бар. Нээтиңди түздөп, колуңа бекем карма, айланайын! Эрди намыс өлтүрөт, коёнду камыш өлтүрөт дейт. Коён болуп баарыбыздын убалыбызга кала көрбө! Алар бир сураганын чаргытып келип, кайра сурай берет. Ошого сак бол, мүдүрүлө көрбө, айланайын! Эл душмандары келип кырып кетти десең бат ишенет. Азыр «эл душманы», «улутчул» деген сөздөр мурдагы «байлар», «манаптар», «кулактар» деген сөздөрдөн артыгыраак өтүмдүү. Ушуну унута көрбө! – дагы далай «акылын» айтып, башкарманын башын айлантып, жүрөгүн түшүрүп, айласын кетирип жарга такап коюп, эми баарына кайрылат:

– Ушул убаданы, ушул бүтүмдү төкпөй-чачпай, бир сөзүн да калтырбай, кагаз бетине түшүрүш керек. Ыл-

дамыраак, даанараак жаза турганыңар барбы ичиңерде?
– Башкарманын жакын кошунасы жана баланын үнүн угуп, биринчи чуркап келип күбө болгон, уруунун чагымчыдан кийинки билерманы, тигинде дубалга жөлөнүп олтурган жигитти, чагымчыга «андайга ушул жарайт» деп көрсөтөт. Чагымчы тиги жигитти жанына чакырып, терезеде жыйылып турган китеп, кагаздардын арасынан актай дептер алдырып, сыя карандашты курч макиси менен жаңылап учтап, жигитке берип, лампаны башкарманын төшөгүнө жакын, көмкөрүлгөн чаканын үстүнө койдуруп, бир эт бышымдан бери айтып айткандарын корутундулап жигитке жаздырып кирет. Башкармага катчы болуп, жазууга такшалган неме, чагымчынын оозунан чыккан сөздөрүнүн бирин да аттатпай жазууга үлгүрөт. Анда-санда жазылгандарды кайталап окутуп; «ушундай беле, унутпайсыңбы?» деп башкармадан сурап, нары улантып жаздырат. Чагым арызды ортолоп калган кезде чагымчы беркилерге кайрылып:

– Этиңер быштыбы? Башкы тоок чакырайын деп калды. Бышса, чыгарта бергиле, биз бүтөөргө жакын калдык. Таңды атырбай бүтүшүбүз керек – деп, беркилерге буйрук берип, токтогон ишин ылдамдатып жаздырып, бир оокумда бүтүрүп, бүт арызды башынан аягына чейин жай, даана окутуп, ар бир сүйлөм бүткөн сайын башкармадан такып сурап, «эсиңе тут» деп, бекемдеп аягына чыкканда, «арыз ээси «Шериктик күч» колхозунун башкармасынын төрагасы, эл душмандарынан жарадар болуп жабыркаган Кошоев деп жаз, бул жерге сен колуңду кой. Күбөлүккө бул жердеги Качы экөөбүздөн башкалардын баарын жаз» дегенде, башкарма жанатан бери кабатыр болуп, «кайдагы чоң чатакты баштап жатат бул каапыр» деп, ичинен кейип кантээр айла таба албай турган неме, эрксизден каяша суроо берет:

– Эмне үчүн сиз күбө өтпөйсүз? Жоктун баарын бар кылдыңыз, капкайдагы калпты жамаштырып чын жа-

садыңыз. Негизги күнөкөрдү көмүскөгө каттыңыз. Эми өзүңүз куйрукту сыртка салып, мант берип, чыга бергениңиз кандай? Бизге жакшылык каалаганыңыз ушубу?

– Ой чолок акыл куурагыр десе! Ушундайыңды билип, душман эмес, койнуңдагы катының басмырлап отурат! Акылың болсо ойлобойсуңбу? Сен кайда, биз Качы экөөбүз кайда турабыз? Бул окуя кайсы маалда болуп олтурат? Булар сени менен жанаша коңшу. Бириңердин үйүңөрдөн бириңер баланын чыркыраган ыйы турмак, катураак жөтөл чыкса угасыңар, жана да булар ар дайым сенин карамагыңда иштешет, аны бүт калкоз билет. А Качы экөөбүздүн үйлөрүбүз сага кошуна турмак, башка көчөдө турат. Анан «жети түндө булар башкарманыкында эмне кылып жүрүшкөн?» дебейби. Ага кандай жооп табасың? Айыбыбыз оңой эле ачылып калбайбы? Анан дагы, кокус катуулап суракка алып калса, күнөкөр Качы туруштук бере албай, болгонду болгондой айтып койсо, анда айлаң эмне болот? Ошондо сенин абийриң күлдөй төгүлбөйбү? Келинчегиңдин төркүндөрү баарыбызды көнтүр кылып айдатып, аттырып жибербейби? Калп дегенди кынап, чындай кылып айтса,чын чычая качат дейт. Чындай кылып айтыш үчүн алды-кийинин жакшы байкаш керек... Сенин кебиңдин кыязынан мен шекшип турам. Жана да бир мертебе саспактарга ичиң буралганда кептин жайын түшүндүргөндөн кийин гана убадаңды катуу бергениңен саа ишенип, сени калкалаш үчүн келинчегиңдин убалына калдык. Балким, ал айыгып кетет беле?.. бая эле арам оюңду ачык айтсаң, күнөөң мынчалык арбыбайт эле. Эми, аялыңды күрөк менен жарадар кылганың аз келгенсип, күбө болбосун деп тумчуктуруп өлтүрткөнүң кошулуп олтурат. Болуптур, өз убалың өзүңө! Кан-жиниң менен аралашып жата бер. Эртең менен эл өзү көрүп, ким ак, ким кара экенин сот өзү ылгасын! Мен кеттим. – Ачууланып, этегин кагып чагымчы ордунан туруп баратканда, экинчи билерман

ыргып тура калып, «абакелеп» жалынып кайра ордуна отургузуп атканда, онтоосу күчөгөн башкарма кайрадан жалооруп, чагымчыга:

– Абаке, мен артын ойлобой айтыпмын. Сиздин терең акылыңыздын түпкү маңызына түшүнбөпмүн, «чырдан өз боюн ала качты» деп, «күнөкөр инисине да кир жугузбай куткарды» деп, «бизди гана жардан кулатып атат» деп ойлогонум чын, абакебай! Көрсө, кеп башка турбайбы. Мен карама сокур турбайымбы. Кулдугум бар, абакебай! Баарына макулмун, баары сиздикиндей болсун. Азыр колумду коём. Алдыда кыйын күндөр кезикчүдөй болуп турат. Акылыңызды аябай, күнүгө айтып, жанымда боло көрүңүз!

– «Мойнунан байлаган ит ууга жарабайт» дейт. Саа күмүш боо тагып, улам каргыңдан сүйрөп убара болдум. «Эр сайышта – коркогу өлөт» деген. Жекеге чыгуучу баатыр кыл чайнап, көзүнөн оту жайнап, ээ-жаа бербей демитип туруш керек, а сен болсоң, чоң намысты чоң жерден алуунун ордуна, былжыраган кепти сүйлөйсүң. «Күйкөнү канча таптаба, баары бир карышкыр ала албайт» деген ушул. Сен чынында көчүгүңдөн биз жөлөгөн үчүн башкарма болуп жүрөсүң. Тайатаң Кошойдун арбагын сыйлагандыктан, ал шумкардын уясы куру болбосун деп, биз далалат кылып, сени колдоп жүрсөк, «өзүм кыйындыгымдан эл башкарып жүрөм» деп ойлосоң керек. Кимдин ким экени кыйын кезеңде, ушундай кысталышта билинет. Шумкардын уясындагы күйкөнүн балапаны экениң азыр билинип олтурат. Сенин ушунча жашык, ушунча коркок, ушунча мокок, акылга чоркок экениңе бүгүн көзүм жетти. О, жолуң болгур десе! Сени камчысап катары кармап, аса-муса катары саа таянып жүргөн мен да бир ит экениме эми түшүндүм! Кой, эсим барда этегимди жабайын. Мен кеттим, мейлиңер, бириң өлүп бириң кал! Маа салмактан баарың өл! Өз убалыңар өзүңөргө! Чагымчы чыны менен таарынып кетмек бол-

гондо, баятан бери сөзгө көп киришпеген, башкарманын тайакеси тигил кара чечекей жээни күтүлбөгөн жерден кырсыкка учурап жарадар болгонуна кейип, айлакер чагымчыны түн ката ат чаптырып алдырып келип, маселени чечип берүүгө өтүнгөн билерман, ойдогудай түзүлүп келаткан долбоор ишке ашпай ойрондолучудай болгонун сезип, үрөйү учуп, шашып-бушуп сөзгө аралашат.

– Аба, «итке өчөшүп ээсин кектебе, битке өчөшүп көйнөгүң өрттөбө!» дейт эмеспи. Сабыр кылыңыз. Айып менде, тигил итке таарынбай, маа таарыныңыз. Итчилик андан кетти, кемчилик менден кетпесин, аба. Бул акмак өзү айылга, бүт элине башчы экенин унутуп, акылынын кемдигинен чогоол иш кылып, бир ууч тууганга бүлүк салып отурат. Эртең жалпы эл себебин билсе, кайсы бетибиз калат? Ушуну ойлонуп, алапайымды таба албай, шашылыш сизге киши жиберип, жети түндө, кызык уйкуда жаткан кезиңизде тынчыңызды алган айыптуу – мен. Сиз ар дайым биздин үзүлгөнүбүздү улап, сыныгыбызды кадап, бүлүнгөнүбүздү бүтөп, чычканга кебек алдырбай, намысыбызды колдон тайдырбай, кеменгерлик менен багып келатасыз. Аныңызга кулдук урабыз! Мунун акылдуу сөздөрүнө муюп, чагымчы экинчи сапар ордуна кайра олтурат, бирок түйүлгөн кабагы жазылчудай эмес.

– Аба, ачууңузду бир сапар маа бериңиз. Сиздин тапкан акыл калетсиз. Азыркы күндө, айыл баш сайын эл душманы деген өрт чыгып, элден ынтымак кетип, кан күйө баштаган учур. Биз озунбасак саспактар, алар болбосо,чабалдайлар бизди жеп коюшу мүмкүн. Бул ички чатагыбызды эби менен пайдаланбасак, тигилер биздин устуканыбызды упат, сөөгүбүздү сөпөт кылып салаар окуя болуп атпайбы бизде, тетиги эки иттин итчилигинен! Аба, сиз маа ишениңиз! Баарысы сиздикиндей болот! Эгер болбосо, бул чочкону катынынын артынан азыр өзүм жөнөтөм да, арызды ынкыбыдага өзүм жеткирем! – деп, онтоп аткан башкармага демитип кирди эле, чагымчы

ичинен ыраазы болуп, кабагы жазылып, тигини колдон алып, арачаламыш болуп:

– Болуптур, болуптур, саа ишендим! Бул деле бир чети ызасына чыдабай, бир чети талуу жери жаралуу болуп ооруткaнына чыдабай, жукарып, болочогуна абыгер чеккендигинен улам, оозунан жанакындай ойлонбогон сөздөр чыкты көрүнөт. Эми ойлонот, акыл таразасына өлчөп көрөт. Кокус ачууңду тыя албай, намыс үчүн өзүң айткандай иш жасап салсаң, кудай анын бетин ары кылсын... андан жанагы арыздын мааниси өзгөрмөк эмес, кайра каракчылар баарын кырып салган турбайбы деген түшүнүк бекемдемек...

– Аба, сизге берген антымды кайтала десеңиз, кайталайын!

Тайакесинин коркутканынан чын эле чочуп, «булар менин катынымды өз көзүмчө өлтүрүштү, каапырлар, менден деле кайра тартаар кейпи жок. Таңды тирүү көрбөй калбайын?» деп, өз жанынан чочуду. – Убаданы бузсам, таңга жетпей калайын! Айтканыңыздан чыкпайын. Уятымды, айыбымды жаап, душманга таба кылдырбасаңыз экен. Эки дүйнөдө сизге кулдук кызмат кылайын! – катчыга кайрылып, – келе арызды, колумду коёюн. – Кагазга кол коёт. Башкармадан кийин, кагазда күбөлүккө өткөндөрдүн баарысы бирден келишип колдорун коюшат.

– Алып келгиле тамагыңарды, тоок чакырып калды. Таңга аз калыптыр, бол, шашкыла! Чагымчы арыз жазылган үч барак кагазды белинен бир бүктөп, чөнтөгүнө салат. Эки табакка эт алып киришет. Аны тегеректешип эки бөлүнүп, улуулашып устукан алып жешет. Башкармага майлуу жеринен кесип, чагымчы өзү тамактандырат. Тиги жараатына ооруксунуп, анын үстүнө, күтүлбөгөн жерден башына канча азап түшкөнүн элестетип, жүрөгүнө тамак барбай, эки кесим эттен кийин башын чайкап жебей коёт. Калгандары этти шашып-бушуп

туурап, камырсыз чыкка аралаштырып, жеп болгондон кийин чагымчы колун майлык менен аарчып, алаканын жайганда, баарысы аны туурап колдорун жайышат. Башкарма да чалкасынан жаткан бойдон, төшөктөн колдорун чыгарып, көкүрөгүнө жөлөп, алакандарын жаят.

– Баарыңар, бириң калбай менин артыман ээрчип айтканымды кайталагыла. Оомийин, кудайдын алдында, ак дасторкондун үстүндө, киши колдуу болуп, эл-журтубуздан алыс жерлерде тентип абакта кыйналып жатып шейит кеткен касиеттүү ага-туугандарыбыздын арбактарынын алдында, ошолордун өчүн алуу үчүн антыбызды беребиз! Уруубузду ынтымакта сактайбыз деп антыбызды беребиз! Кимде ким антты бузса, кудайдын каарына кабылсын! Ата-бабанын арбагы урсун! Эркектерибиз ушу кара койдой мууздалсын! Ургаачыларыбыз өмүр бою тукумсуз калсын! Алло акбар! – деп, бата кылат. Баарысы анын айтканын кайталайт. Чылапчында уюп калган койдун канына баарынын колун малдырып, бири бирине кол алыштырып болгондон кийин:

– Ант бердик, убада бекиди. Эми кайта качууга жол жок. Тобокел кылдык, ишибизди кудай оңдосун! – Кошуналардын билерманына кайрылып, башкарманын атын токутуп, катчынын өзүн районго арыз алып барып, НКВДнын дежурныйына өз колу менен тапшырып, жооп алмайынча келбейсин деп буюрат да, жарадар башкарманын жанына кошуналарынын экөө-үчөөнү гана калтырып, калгандарын таратып, арызды катчыга берип, киши аз алкым жол менен баруунy табыштап, өзү да таң ата электе агыроотторду аралап, үйүнө жашыруун кайтат. Аялына, өзү кайда барып келгени тууралуу «эч кимге айтпа, айтсаң – өлтүрөм» деп эскертет...

Алакемпирдин уккан аңгемеси ушуну менен бүтөт. Ага сырын айткан киши чагымчынын да жана чагымга катышкандардын, бүтүмгө кол койгондордун аттарын да айткан эмес. Бул кандуу окуянын негизги күнөөкөрү

жалгыз Качы экенин гана айткан. Буга себеп, балким, сыр айткан жигит армияга чакырылаардын мурунку күнү Качы жөнүндө майдандан үйүнө кара кагаз келиши болгондур? Аскер комиссариатынын чакыруу кагазын колуна алганда, согушка окко учкан жоокер Качыны өзүнчө түшүнүп, айыбын туугандары жашырган чыныгы күнөөкөрдү кудай өзү жазалады деп жоруп, өзүнүн колу ак болсо да, чагымга катышып, ак кишилерди кошо айыпташып алардын убалына калганы, тиги Качынын тагдырынан улам, жүрөгүн өйүтүп, кудайдын каарынан коркуп, ал жигит, кан майданга бараардын алдында, кеч болсо да, өз күнөөсүн мойнунан арылтуу максатында, Алакемпирге келип акчылангандыр?.. Ким билет? Адамдын ичи бирде казандын көөсүнөн да караңгы, түнт токойдун чытырман черинен да туюк!.. Акчыландыбы же анткорлондубу. Өз өлчөсү өзүндө, а болоор иш болду, боёосу канды. Жазыксыз кандар төгүлдү. Өткөндү кайтарып келтирүүгө болбойт! Бир кара нээт чагымчы, ойноштон чыккан оттун жалынын саясий шамал менен үйлөп, кек алуунун куралына айлантты эле, чоң айылды өрт каптады да, алоолонгон шооласы Республиканын бүт булуң-бурчуна көрүндү... Кара беттикке даба жок экен!

Таң заары менен айылды кызыл жака, көк жака, көк шапке милициялар басып, көчөлөрдүн баш-аягын тосуп, арызда көрсөтүлгөн кишилердин үйлөрүнө киришип, эч нерседен кабарсыз адамдарды айдап барып, адегенде айылдык кеңештин милициялык участкасындагы абакка камап, айылдагы болгон «каракчылар» жана алардын «жанжөкөрлөрүн» бүт кармагандан кийин, райондук түрмөгө айдап жөнөшөт. Бейкут жаткан айылга бүлүк түштү да калды. Кармалгандар эмне айыбы үчүн мындай абалга дуушар болгонун өздөрү да билишпейт.

Ал күнү Керимди жана анын бир тууган инилерин таба алышпаптыр. Арызда көрсөтүлгөндөрдөн дагы эки-үчөө айылда жок болуп чыгат. Райондун бардык

жазалоо органдарынын өкүлдөрү, медицинанын тиешелүү кызматкерлери келишип, башкарманын үйүндөгү фактыларды актыга жазышып, тинтүү, өлчөөлөрдү жүргүзүшүп, чогулган элди кепилдикке тартып, өлгөн аялды көмүүгө уруксат беришип, баланын жараланган кулагын дарылап, башкарманы Караколдун чоң ооруканасына жиберишет.

«Эл душмандары колхоздун башкармасынын төрагасына кол салып, өзүн, баласын жарадар кылып, аялын өлтүрүп кетишиптир» деген суук кабар, район турмак, облуска дүң деди. Тиешелүү каналдар менен республиканын борборуна да жетти. Окуядан төрт күн өткөндөн кийин Караколдун пристанынан, пароходдон жээкке чыгып аткан жеринен, Керимди акмалап жүргөн тыңчылар кармашып, кырктан ашык километрге райондун борбору Покровкага дейре жөө айдап келишип, түрмөгө солоттурду. Түрмөдө ал туугандарынын, алардын ичинде эки бир тууганынын жатканын көрдү. Алардан эмне окуя болгонун сураса, эч кимиси билбейт. Сурак жүргүзүлө элек экен. Көрсө, «террористтердин» ана башы Керим болгондуктан, аны таап келмейинче тергөө башталбаптыр. Тергөө жүргөн биринчи жуманын ичинде эле Ыбыке, Ыйса, Жайнак, Молдаалы – төртөөнөн башкаларынын баарысы абактан бошотулат. Керим курс бүткөндүгү жөнүндөгү күбөлүктү, Кыргызтранстын жана пароходдун жол кирелик билетин көрсөтүп, жалаадан толук акталып кутулат. Эки инисинин бирөө райондо финагент, экинчиси башка колхоздо шофер болуп иштешчү. Алардын багына жараша окуя болгон түнү финагент командировкага өз айлынан 80 км алыс бир кыштакка түнөптүр. Жаткан үйүнүн ээси күбөлүккө өтүп, айыл кеңешинин төрагасы «таң аткыча былк этпей баланчанын үйүндө жаткан» деген справка берет, түрмөдөн бошотууга ал негиз болот. Шоферду окуядан эки күндөн кийин камаган экен. Ал колхозунун тапшырмасы боюнча кампачы экөө Ысык-

Көлдүн күңгөйүндө башка райондон эгин сатып алып жүргөндүгү далил болуп жана кампачы күбөлүккө өтүп акталат. Дагы ушундай далилдүү себептер менен арызда «күнөөлүү» деп тизмеде катталгандардын кыйласына айып коё алышпай тергөө органдары бошотууга мажбур болушат. Өз үйлөрүндө, өлөң төшөктөрүндө, үй-бүлөсү менен чогуу жаткан тиги төртөөнүн «калыс» күбөлөрү болбой, аялдарынын, кошуналарынын актап айткандары күбөлүккө жүрбөй «башкарманын төрагасынын үй-бүлөсүнө уюшуп келип кол салып, өзүн, баласын оор жарадар кылып, аялын өлтүрүшкөн террористтик аракеттери үчүн» деп, Кыргыз ССРнин кылмыш кодексинин 58-статьясы боюнча айыпталышат. Алардын андан кийинки тагдырын толук билген киши жок. «Тройка» кести дегенди тамак алып барган аялдардан угушуптур. Тамактарын, кийим-кечектерин түрмөчүлөр булардын колдорунан албай, камактагылар менен көрүштүрбөй кубалап жиберишет, Ошентип, Алакемпирдин уккандары, айткандары чын болсо, башкарманын үй бүлөсүнүн бүлүгүнө эч тиешеси жок, жазыксыз төрт киши: Ыбыке, Ыйса, Жайнак, Молдаалы «террорист» деп айыпталып, атылып кетет. Окуядан бир жыл өтпөй, жарааты айыкпай, ырбап отуруп, башкарманын башын жеди. Ошол эле Алакемпирдин кан кара какшап айтып жүрүшүнө караганда, доктордун дарылашынан эч ылаажы болбогон, өз үйүндөө каралашаар эч кимиси калбаган башкарманы, башка эрге тийип үйлүү-жайлуу, бала-бакыралуу болгон энеси колуна алып багууга мажбур болгон. Күрөктүн мизи бел омурткасынын кырсөөгүн талкалап, жүлүнүн жаралап кеткендиктен, эки буту шал, эки колу калтырап ээ бербей калган башкарма, ичкен жегенин, даарат ушатышын төшөктө өткөрүп, ооруга кыйналып, алты сандан ажырап кор болуп, абалын сураганы келген кишилерден корунуп, жашоодон тажайт. «Энеке жаным кыйналып атат. Азабына чыдай алчудай эмесмин. Көзүм жумулса

эле тиги төртөө муштумун түйүп маа тап берип атат. «Чынын айт» деп муунтуп атат. Өх-х, айтпасам күнөөм арылчудай эмес» деп, энесинен өтүнгөн экен. Энеси кайрат айтып соороткуп, «кой, балам, төөчө артыңа сийбе, болоор иш болду. Дагы бир бүлүк башталбасын. Кудай өзү кечирсин. Оору деген оорутат, ойнотмок беле. Чыдаш керек! Чыдаган жеңет, Кудая шүгүр күндөн күнгө жылыш бар. Кудай жакшылыгын берсе, айыгып кетесиң. Кайра атыңа минесиң. Кайра элиңди бийлейсиң» деп эбиреп-жебиреп баласын айттырбай коёт. Оорулуу жаткан үйгө көп киши киргизбей, көрөйүн деп келгендерди ылгап, ишенчиликтүү чанда бирөөлөрдү гана киргизип, көбүн сырткы үйдөн узатып, энеси баласын күндүр-түндүр кайтарууга алып багыптыр. Акыры, башкарма көз жумуп, чагымдын сыры купуя бойдон калыптыр, Үч жашар баласы эмненин эмне экенин кайдан билсин. Түнкү «террористтер» окуясынын чыныгы себепкери, катышкандардын ана башы, чырдын биринчи автору Качы кан майдандын талаасында калды. Кандай шартта, кантип өлгөнүн туугандары көргөн жок. «Сиздин уулуңуз Карагулов К. ... фашисттер менен салгылашууда ... окко учту» деген кабардан башка дайын жок.

Кудая тобо-о! Бир коомдун тарыхы экинчилериникине окшош боло берет турбайбы! Айрыкча трагедиясы. Эсхил, Софокл, Шекспирдин чыгармаларын окугулачы. Биздин замандагы биздин коомдун трагедиясын жазаар жаңы Эсхил, Софокл, Шекспирлер чыга элекпи? Же болбосо, алардын жазаар убагы, болжолу келе элекпи? Адам коому мурда жараткан Шекспирлерин азыр деле жаратып аткан чыгаар. Кыязы, алардын жазаар убагы келбей атса керек?..

«Кысас кыяматка кетпейт» деген диний түшүнүк бар. Эгер ал чын болсо, эртедир кечтир карөзгөйлүктүн, кара ниеттиктин, чагымдын, деле жамандыктын бети ачылып, жазасын кудай өзү бул жарык дүйнөдө эле жеткирет дечи! «Ак ийилет, асты сынбайт» деп, да айты-

шат. Бирок ак айланып келгиче жазыксыз жабыркаган байкуштардын өмүрү зарыгып күтүп-күтүп түңүлүп, бул дүйнө менен көбү коштошуп, акталганын өз көзү менен көрбөй кетип атпайбы. Күйүт ушунда! О, шордуулар, силерге эми баары бир. Түбөлүк жайыңардасыңар, ал жакта күтүүнүн зарылчылыгы барбы, жокпу билбейм. Артыңарда калгандарга кыйын болуп атпайбы?

Аттиң-ай, бардык нерсеге адил, калыс, теңиз, пендесине күйүмдүү, баарысын алдын ала эскерткен боорукер Кудайым, пенденин өзү кылган күнөө үчүн өзү тартаар азабын, өзү кылган сообу үчүн өзү алаар алкышын дайындуураак, тагыраак, даректүүрөөк айтпаптыр да! Эгер «кимге жамандык кылсаң, ошондон жамандык күт» дегенде мындай карөзгөйлүк болбос беле? «Кой мен ага катылбайын, ал кайта мени катырат» деп чочуп, кылмыштуу ишке баспас беле?.. Жок, анда бул дүйнөдө чатак болмок эмес, демек, адамзат Жерде жашамак эмес – бейиште гана сайрандап жүрө бермек. Кудайым ошентти эле адамзат ал ырысын көтөрө албай койбодубу. Эң биринчи күнөөнү Кудайдын биринчи жараткан эки кишиси: Адам-ата, Ава-эне бейиштин алмасын уурдап жасашпады беле. Биринчи чатак ошондо эле чыгып, бейиштен айрылып, күнөөгө толгон Жерге түшүрүлбөдүк беле. Жерде эмне гана жок! Экинчиден, эгер кудурет «зомбулукту кимге ким жасаса, өч ага ошонун өзүнөн гана кайтат» деп койгондо, зомбучу өзүнүн курмандыгын өч алгыс кылып өлтүрүп, кектен кутулмак: Ой-ой-ой! Чындыгында, «кудай жок» деп тарбияланган биздин атеисттер мыкаачылыгын ушул вариант менен жасап жатышкан турбайбы! Кишилердин коомунан не бир түрлүү мыкаачылар, алдамчылар, чагымчылар, айбандар, желмогуздар чыгаарын алдын ала пенделерине эскертип: «кысас кыяматка кетпейт!» деп өч алуу жөнүндө жалпылап айткан тура! Демек, өлгөндөрдүн өчүн артында калган тирүүлөр алат деген мааниде айтылган тура!

О, жазыксыз курман болгондор! О, отуз жетинчи жылдын курмандыктары! О, кырк биринчи жылдын курмандыктары! О, шейиттер! Силердин тагдырыңардын үстүн жапкан кара жабуунун чекеси, Кудай буюрса, жыртылып келаткан окшойт. Жабууңар бүт чирип, актыгыңар кашкайып даана көрүнүп, артыңарда тукумдарыңар, тууган уруктарыңар эл алдында жүзү ак, санаалаш, акылдаш, айылдаш элиңердин жүздөрү жарык болуп, силердей шейиттердин арбактарына зиярат кылып, дуба окууга сөөгүңөрдү таппай убара тартып, шарттуу көрүстөн атап сыйынышаар – ээ?!. Бирок ал убакыт жеткиче дагы канчабыз ак жеринен күйүп кетээр экенбиз? Жалаа доодон караланып өлгүчө, балээ жоодон жараланып өлгөн абзел! Жалаа – акыйкат. Ак – кара. Айтууга жеңил бирок буларды ажырата таануу кыйын. Адилеттик назик аспапты өтө кыраакы көзгө тагынып, жеткире үңүлүп, жете кылдат карап, ар кыл боёгун ар башка бөлө билиш керек. Ал убараны ийнине көтөрүүчү алп табылаар бекен?..

«Көп жашаган билбейт, көптү көргөн билет» деген макал кандай таамай, кандай чын! Мен өз босогомду аттап, жоокердик жолго чыкканыма эки жыл, жети айдын жүзү болду, анын ичинен бир жыл он ай согушуп жаткан армиянын полкунун экинчи эшелонундамын. Менин согушка чейинки жыйырма жаш өмүрүмдө көргөнүмдү согуш башталгандан кийинки эки жыл, жети айлык өмүрүмдө көргөнүмө салыштырып болбойт. Согушка чейин деле көзүм таңылып, өзүм капаста отурганым жок дечи. Бул эки жыл, жети айдын ичинде эмнени гана көрбөдүм. Мурда кезиксе бир жылда бир, кезикпесе жок окуяларга, азыр күн сайын кабылам. Согуш алааматын айтпаганда деле, өз элинден-журтуңдан бөлүнүп чыккан күндөн тартып жалгыздык башыңа түшөт экен. «Үйүндөн кырк кадам алыс жолго чыгаарың менен мусапырдын кейпин кийесиң» деп, илгерки жол арытып жер карытып, эл

кыдырган календерлер бекер айтпаса керек? Боюңа дыкан, уйкуңа сак, ишиңе чыйрак, буйрукка илбээриңки, пикирге ийкемдүү, мамилеге сергек болууну жалгыз бойлук үйрөтөт экен. «Ойноп сүйлөсөң да, ойлоп сүйлө», «ойлобой сүйлөгөн – оорубай өлөт», «жантак жерди жаза баспа», «ар ишке аяр бол, боло албасаң – өлүмгө даяр бол!». Мен атамды ээрчип жүргөн бала кезимде ал кишинин дасторкондошторунан уккан дагы ушу сыяктуу толгон-толгон накыл кептердин маанисин чечмелөөчү турмуш семинарын эми күн сайын өтүүдөмүн. Жалаң гана коргонуу, сактануу тактикасын үйрөнүп мышык табыш менен баспастан, эби келген жерде «жалгыз болсоң – чогоол бол!» дегендей, жемимди жедирбес үчүн тап берип, ал тургай, кээде баса да калууну үйрөндүм. Антпесем, өзүмдү баса калышчудай. Бул жерде, согушта, кимдин ким экени, Дорфман айткандай, оңой таанылат турбайбы. Баарыбыздын тагдырыбыз кароолдун учунда тургандыктан, бейкутчулуктагыдай тапанданып кутулууга деле убакыт да, шарт да жок. Сапат сыноодо, кадр тандоодо жаңылыштык согушуп жаткан жерде аз болчудай. Акты, караны, адамды, адалды, батыраак таанычудайсың. Майданда кимге гана жолукпайсың? Сылык киши ок мөндүрдөй жаап атса да «сизинен» жаңылбай, улук болсо да, кемсинтпей сөздөрү ичиңди жылытып турат. Орой неме, сөзү менен ичиркентет, начальнигиң болсо, анда кудай урду дей бер, катыныңдай сөгөт? Айлан. Канча, чыдайсың, кокус каяша айтсаң, жаныңдан түңүл, мыйзам ал тарапта. Назик адамдын мамилеси магниттей тартат, колуңдан келген жакшылыгыңды алдына төгүп салгың келет. Осол неме оңолуп бараткан ишти эби келбей бузуп салат. Эптештирем деп убарасын тартасың. Сергек адъютантың болсо, кам санаба, шырп эткенди сезет, жоого капыстан алдырбайт. Наадандарды армияга эмне үчүн алат, билбейм? Айтканыңды түшүнүшпөйт, миң кайталасаң деле баары бир. Бир нерсе

тапшырсаң, жан дили менен аткарууга тырышат, бирок шартка жараша аракетти өзгөртүүнү билбей бөөдө өлүм болушат, байкуштар! Согушта көпчүлүгү кырылат. Кээде андайлардын өжөрлүгү уруштун агымын өзгөртүп, жеңишке себепкер да болушат. Уруш башкарып аткан командачынын көзүнө чалдыгып калса, «баатыр» деген наамга да татыктуу болушу ыктымал, деген менен, ал шордуулардын көбү кыргын талаасында калат экен. Боорукер адамдар үчүн согуш тозоктон да коркунучтуу. Буларга баарысы аянычтуу: адам да, айбан да, каскак да, чөп да, баарына жакшылык кылсам деп ойлошот. Душманды булар киши эмес, желмогуз дешет. Жийиркенип жаа бою үркүшөт. Андыктан ага ырайымсыз. Ташбоорлордун жанына туруудан чочуйсуң. Жаны чыга албай жаткан жоокердин жараатын таңуулап жардам көрсөтүүнүн ордуна, ыгы келсе, чөнтөгүн аңтарып, орден-медалдарын жулуп, курун, өтүгүн чечип кетүүгө үлгүрүшөт. А колго түшкөн немисти көрсө, энесин ошол өлтүргөнсүп жулунат. Куралсыз немени моокуму кангыча мазактайт. Булардын кылган кылыктарына карап туруп кишиден туулгандыгын шек санайсың, жаныңан түңүлөсүң. Отуз жетинчи жылды ушундайлар жасаса керек?..

**– 9 –**

Согуш деген неме учу-кыйрына, чеке-белине ат эмес, акыл чаптырса жетпеген бир чоң кандуу базар бейм? Бул жерден мартты да сараңды да жолуктурасың, жайдарыга да, мерезге да кезигесиң. Даалдаган, ичине таруу жатпаган ачыктар баладай кыялы менен баарын айтып бооруңду бураса, ичинде ит өлүп атса да билдирбейм деп кымтынган кытмырлар түнөргөн түнт мүнөзү менен жүрөгүңдү айнытат. Ал базардан кулагыңдын кычуусун кандырган жаакта жок чеченди да, эки сөздү кошуп

айта албаган дөдөйдү да көрөсүң. Аалам сырын канттай чагып, табышмагын түйдөк жиптей жандырган, чаңкаган жандүйнөңдүн суусунун кандырган чанда гана бир жолуга турган акылманды да учуратасың! Өлүмгө жумшаса, кыңк дебей барып, тапшырманы абийир менен аткарып, душмандын черүүсүнөн аңдып жүрүп «тил» кармап кайткан кайраттууну да, уруштан жаа бою үркүп, абийир-намысын сатып, өз колун өзү атып, чабуулдан кайра качып кошуундаш солдаттарына шерменде болуп, СМЕРШке кармалган коркокту да жолуктурдум. Турмуш жолуңда жолуккан ушулардын баарысы сага азбы, көппү таасирин тийгизбей койчудай эмес. Албетте баарысынын таасири бирдей эмес дечи. Бирөөнөн – аз, бирөөнөн – көп элес калат. Бирөө, камаарабай үргүлөп жаткан сезимиңди ойготуп кызыктырып, таңыркатып, улам эңсетип, бирөө итиркейиңди, жиниңди келтирет, ичиркентип, жүрөгүңдү айлантат, кыжырыңды кайнатат. Кай бирөөлөр эселектиги менен зээниңди кейитет, кээ бир арсыз намысыңды козгойт, үрөйүңдү учурат, кычыгыңа тиет, арам неме шайтаныңды тукурат, ачууңду келтирет, а кээ бирөөлөрдүн акылсыз кылыгы жаныңды ачытат, сөөгүңдү сыздатат. Деле эч кимиси даарыбай, куру өтпөй, көкүрөгүңө кандайдыр бир из, так, белги калтырат экен.

Эгер бала энеден төрөлгөндө, ичинде адамдык томоо, сыртында жышаан болсо, кудай ага зээн берген болсо, мээси ойгоно баштагандан тартып, түбөлүк уйкусуна кетмейинче анын жандүйнөсүнүн казынасы табигаттын, айлана чөйрөнүн, коомдун тажрыйбасынын эсебинен байыйт турбайбы. Коомдун бул дүйнөдө түбөлүк жашай бериши ошондон болсо керек?..

«Көрө, көрө көсөм болот, сүйлөй, сүйлөй чечен болот» дегендей, мына мен да майдандык өмүр жолумда жолуктурган жоокерлердин үлгүлөрүнөн бирдеме жугуп, коомдук тажрыйбага байыганымдын белгиси катары, уккан көргөндөрүмдү согуштун айсыз караңгы, кышкы

бир түнүндө, мешинин жылуулук табы азайган сайын буусу суугa, суусу бубакка айланып, ачык жериңди аяздын көрүнбөс колу чымчылаган жертөлөдө жатып алып, ойчөпкатты жорголотуп жазыла элек ойкитептин эски барактарынан окуп атпайымбы! Бул бир бөтөнчө окуу жайы – турмуш университети, жертөлө университети. Аудитория – үстүн үч катмарлап, жумур карагай менен жапкан жертөлө. Окуучу – мен, жалгыз. Жеке программа боюнча окуп атам. Окутуучулар – турмушумда жолуктургандардын баарысы. Окуу китептери, окуу куралдары – окутуучуларымдын кылык жоруктары. Өтө кызыккан дарсым – Зильман Маркович Дорфмандын маеги. Бул киши менен жолуккандан бери көзүм канча ачылганын жогоруда жетишээрлик эле айттым көрүнөт. Баарынан баалуусу эми кандай маселе болбосун, бош убактымдын бардыгы аларды талдоо, талкуулоо менен өтөт. Бош убакыт демекчи, согушка катышып урушуп аткан кишинин убактысы кайдан болсун деп ойлошоор согушту башынан өткөрбөгөндөр. Ырас, чабуул башталганда ары сүрүлүп, бери сүрүлүп, бирде алга жылып, бирде артка чегинүүгө мажбур болуп атканда, жоокерлер азайып, курал-жарагың, унааң иштен чыгып, алдыңкы катарыңдын ыркы бузулуп, желеси үзүлүп, душман жарып кирип келатканда, же болбосо кудай оңдой берди болуп, өзүңдүн жоокерлериң душмандын чебин талкалап киргенде, албетте, мындай учурларда ой чабыттатып эркин темада философиялоого убакыт жок дечи. Ал эми, эки тараптын тең, жели чыгып дегендей, чабуул токтоп, тирешкен коргонууга өткөндө, траншеялардан, жертөлөлөрдөн орун алып, суурдун турмушуна көчкөндө, кезектешип кароолго тургандан башкаларынын бош убагы кадимки үйдөгүдөй эле, а балким андан да көбүрөөк, кененирээк десе да болот. Анткени үйдө оокат, түйшүк көп жагдайлуу, айрыкча согуш убагында. Армияга кеткендердин жумуштары оорукта калгандардын мойнуна жүктөлөт,

аларды үзгүлтүккө учуратпай, убагында аткарыш керек; карындын камын ойлоп, тамак издеш керек; болочок тагдырдан үмүт үзбөй бойдоктор кыздар менен таанышуу керек, дагы далай түркүн түйшүккө башыңды катырып, жай отуруп чай ичүүгө чолоң тийбейт. Согушта болсо, түйшүк бир беткей – уруш, жоо менен кармаш, ат, жең же өл! Албетте, аскердик бөлүктөрдүн күжүрмөндүүлүгү үчүн жоокер командирлердин өз өмүрүнө кам көрүүгө чолоосу тийбейт дечи, бүт убакыты чабуулдан, качуудан кийин коргонууда турганда да «душманды кантип алдасам? Канткенде жеңем?» айласын издөөгө сарпталат. Ал эми алардан башка, өлбөй тирүү калган зээндүүлөр, өлгөн жолдошторуна кайгырышып, өз ажалынын кезектерин күтүп, санааркап, кээси аз өмүрлөрүнүн болочок тагдырына жүрөк заада болушуп, убайым чегип бүт бош убактыларын санаа менен өткөрүшөт. Антпегенде кантишсин, байкуштар? Көңүл алагды кылууга же китепкана жок, же радио жок, же кино келбей – артналеттон коркот, же кумарлашууга кыздар жок! Бирин-серин учурагандарын начальниктер ээлеп алган. Мына ошондой бечаранын бири менмин, Тарленин «Наполеонун» окуп бүткөм, майордун шарапаты тийип, бир далайдан бери көчмө университет ачып, өзүмдү жоокалатуудамын. Натыйжа жаман эмес. Мына бүгүн эле кечтен бери жертөлөдө жалгыз жатып ай-ааламды кыялым чабыттап, төгөрөктүн төрт бурчунун түрмөгүн түрүп чыктым.

Майор Дорфмандын отуз жетинчи жыл тууралуу мага айткан жашыруун сырларынын макетин биздин айылдан чыккан төрт «террористтин» үстүнөн топтолгон чагымдын макетине, Алакемпир байкуштун айтып беришинче салыштырсам, коёндой окшош. Демек, чоң өлкөнүн кайсы бурчунан террорист, эл душманы, троцкийчил, бухаринчил, оңчул, солчул оппортунист, буржуазиялык улутчул чыкпасын, баарысынын макети бар жерде, борбордо, болгондо да, Дорфмандын далилдеши боюнча,

НКВДнын кеңсесинде жасалган тура!

Ой, шайтан-о-ой! Мамлекеттин эң ишенимдүү жайына амал таап кирип алып, уя салган ажыдаарды кара! Мамлекеттин түркүгүн көздүн карегиндей сактаган жерде ажыдаар жатат деп ким ойлогон? Ал уядан чыккан ажыдаар чекисттерди, кадимки ак жүрөк чекисттерден кантип ажырата таанийсың? Ажыдаардын балдары чекисттердин формасын кийип, жарагын асынып калың карапайым элдин, адал эмгектенип жаңылыктарды таап, өлкөнүн атагын дүйнөгө дүңгүрөтүп аткан ак ниет интеллигенциянын, ата журтун ачык душмандан жан-дили менен коргоп аткан жоокерлерди машыктырып аткан куралдуу күчтөрүбүздөгү ак жүрөк командирлерибиздин арасынан «эл душмандарын», «улутчулдарды», «террористтерди» таап, өкүмөт башчыларыбыздын көздөрүн байкаганын кара! Тамыры ташты жарган, төбөсү көктү тиреген байкарагайдын өзөгүн таруудай курт жеп кууратат деген экен.

Бир чети таң калып, бир чети арданып, караңгы жертөлөдө уйгу-туйгу ойлордон уктай албай жатып, капыстан ойкитебимдин эски барактарынын арасынан баягы токойдун ачык аянтында, тизилген аскерлердин алдында атылган он алты жашар шордуу «чыккынчыны» көрүп, эмнегедир, айлымдан чыккан төрт «террористтин» кебетелерин ушуга салыштырып кирдим...

«Террористтерди» кимдер суракка алды болду экен? Чыныгы чекист төргөөчүлөрбү, же кийинки «даярдалгандардан» болду бекен? Кийинкилер Дорфмандын айтканына караганда, камактагыларды абдан кыйнап, жок күнөөнү моюндарына алдырышкан. Отуз жетинчи жылкы калабанын капшабына кабылып, отуз тогузунчу жылы түрмөдөн акталып чыккан менин таажездемдин, райкомдун мурунку секретарынын мага «оозуңдан чыгара көрбө. Мен бул жөнүндө подписка бергенмин» деп, суракта көргөн кордугунун чет жакасын айтканда, бети

курусун, чачым тик турган. Кытайдын кыйноосунан да, Лойоланын[1] инквизициясынан да ашып түшкөн көрүнөт. Камактагыларды советтик юриспруденциянын мыйзамдарынын эч бир статьясында жок усул менен сурак кылып жатканын билген чоңдор деле мында бир мандем бар деп шектенип коюшса болмок, же аларга жетпесин үчүн тигиндей подписка уюштурган болду бекен тигил ажыдаар балдары? Албетте, өздөрү коркунучсуз, шек санатпас жайдан орун алган ажыдаардын балдары өзгөчө кыйноо усулун колдонгондуктан, «эл душмандары» кампаниясы ушунчалык мол түшүм берген да! Биздин айылдын «террористтерин» деле ошондой усул менен сурак кылышты да! Ыйса дулдуңдаган кабелтең каруулуу неме эле, Жайнак деле алдуу-күчтүү, толуп турган жигит кези болчу. Молдаалы мурда кулак-чунак болуп түрмө көргөн, ысык-суукка көнгөн, а байкуш чепилдеген тилинен, кайратынан башка кубаты жок жука сөөк, чабал Ыбыке канча суракка чыдады экен? Кеңеш өкмөтүнүн камкордугу менен торолуп, кат таанып комсомолдо чынчылдыкка тарбияланып, көз ачкан байкуш «кылбаганды кылды, жокту бар, калпты чын, акты кара» дедирип, жанын күйдүрүп атканда баягы өзү «кулак» деп айыптап, айдаткандары эсине түштү бекен? Өзүнүн сай-сөөгү сыздаганда тигилердин катын балдары менен буркурашып, чуркурашып коштошкондору көзүнө элестеди бекен? Күнөөсүн мойнуна алды бекен? же, «бир алаамат болуп, сыртта Кеңеш өкүмөтүн душмандар капысынан басып алып, Кеңешти жанындай көргөн бизди кыйнап жок кылып атпасын? Акка мойнумду сундум, айла барбы!» деп мүңкүрөдү бекен? Тилдүү, ооздуу киши каяша айтамын деп, токмокту аябай жегендир-ээ? Деги өз өкүмүн өз кулагы менен укту бекен, же ага жетпей, азапты көтөрө албай жан берди бекен, же болбосо өкүмүн

[1] Игнатий Лойола – Ренессанс доорунда жашаган кечил. «Инквизиция» деген кыйноо усулдарын ойлоп тапкан.

укканда тигил, мен атылышына күбө болгон, солдат сөрөй балачылап бирдеме айтууга үн чыгарып келатканда жайланды бекен? Кийинки болжошум, эгер өкүмүн угууга чейин чыдаса, баарынан туурараак болушу мүмкүн... Кеңеш өкүмөтүнө кан-жаны менен берилген кайраттуу неме акыйкатсыздыкка унчукпастан баш ийип бербейт эле... Ыйса, сурагында өзүн кыйнап атканда, он эле жыл мурда, өзү болуштун жасоолу болуп, кызыл камчы Ыйса атанып турган кезинде, өкүмөттүн катуу тапшырмасын, оор салыгын кечирээк төлөп, же кирегe тандамал аттарын бербеген, же чакырык боюнча убагынан кечигирээк келген, эл-журтка барктуу, салабаттуу мурдагы уруу башчы, айыл башчыларды ыс-мыска келбей «бай», «манап», «эски зулумдар» деп кордоп камчылап, жайдын аптабында терезесиз караңгы тамга камап боруктурганы, кыштын кыраан чилдесинде ичик, тондорун чечтирип орустун отун жыйган сарайында аязга кармап, кайыктырганы эсине түштү бекен? Өзүнүн «күнөөсү» менен ошолордукун салыштырууга акылы жетти бекен? Сакалы ылдый жашы куюлган ошол касиеттүү адамдардын каргышы жеткен го маа деп ойлоду бекен? А берки ырыстуу ашка ээрди жаңыдан тийип, эл катарына жаңы эле кошулуп келаткан Жайнак байкуш суракта «кайсы кылмышым үчүн бул жалаага кабылдым? Кудайга кай жеримден жакпай калдым?» деп, башын оорутту бекен? Кеңеш өкүмөтүнөн артык акыйкатчыл өлкө жок, коммунисттик партиядан ашкан ак жүрөк, чынчыл партия жок экенине толук ишенип, жан дили менен ишин ак аткарып аткан кургур, башкарма тургай анын итине кара санабай, кампадан кашык эгинди чөнтөгүнө жашырып сала албаган шордуу, башкармасы менен беттешүүнү талап кылуу, «балким ал жаңылып бирөөнү мага окшотуп жатпасын?» деген ой келди бекен, куурагырдын башына! Ай кайдан!.. Анчалык зээнди Кудай ага буюрган эмес эле. Айдама болуучу. Бирөөнүн берген даяр акылын

колунан келишинче пайдаланганын чоң акылдуулук көрүүчү, бирок акылга генераторлук касиеттен ал куру болуучу. «Садаң китэй бакыраң көз, сэнге мэн тигмэин, мэнге сэн тигмэ» деп, коёнду биринчи көрүп, корккон уйгурдун ылакабынын шертинде оокатын кылган бечара эле. Молдаалы «ичимден таптын» бири болуучу. Анын оюн болжош кыйын.

Төртөө бир шорго малынганын билишти бекен, сурак учурунда бири бири менен көрүштү бекен? Каралап күбө болгондорду булар менен беттештирди бекен? Ажалдын сыйыртмагы моюндарына илингенде кандай ой баштарына келди экен? Кандай арман ичтеринде кетти экен? Ыбыке менен Жайнак арттарында туяк калтырбаганын эстешти бекен? Суроо, суроо, суроо. Баарысы жоопсуз. Отуз жетинчи жылы бүт чоң өлкө боюнча булар окшогондор миңдеп-миңдеп кармалды да, миллиондогон армандар дайынсыз, миллиондогон суроолор жоопсуз жоголо берди да!? Ой, тобо-о-ой! Ойлой берсең, кандай күндөр башыңдан өткөн, кандай күндөрдүн үстүндө турабыз?! Айланаң бүт кан, жин. Бардык жерлерде томпойгон, томсоргон мүрзөлөр. Абада өлүктүн жыты, кайгы-муңдун күүсү!

Баягы Асан кайгынын синдрому дагы келди бейм?.. Жертөлөдө жалгыз жатып көргөн-билгендеримди, уккан-туйгандарымды акыл чыпкасынан өткөрө берип, түшүнгөнүмдөн түшүнө электерим көп экенине көзүм жетти, жооп тапкыс суроолорго ичим толду. Өзүм менен өзүм сүйлөшө берип эки киши болдум. Бирөө – жаным, экинчиси – теним, денем, үчүнчүсү – акылым. Ошентип, окуучусу жалгыз контингенттен турган жертөлө университетинде эми жалгыз денелүү үч окуучу болдук. Мурдагыга караганда семинар абдан кызык, мээни көбүрөөк чарчаткандыгы эле болбосо, өтө ынталуу, жемиштүү. Үчөөбүз көп маселени талашабыз, бирибизге бирибиз безге сайган суроолорду беребиз, кээде келише албай кызыл чеке болуп да кетебиз. Кээде үчөөбүз тең

жооп таба албай, чогуу кыйналабыз. Акыры, Дорфманга калтырабыз. Деле ошол байкуш тирүү болгой эле. Деги дагы бир көрүшөөр бекенбиз, кан жыттанган заманда. Сырын билбеген туш келди бирөөлөрдөн сурай албайсың да! Заман кыйын, абал оор. Эки кишинин бири тыңчы. Канча киши тыңчылык менен жан багып атат! Эмне үчүн бирдей эле жумушта, бирдей эле маяна алып, бирдей эле натыйжага ээ болгон кишинин бирөөнүн ийгилиги көп, бирөөнүкү аз, бирөө – сыйлык, бирөө – сөгүш алат? Эмне үчүн мындай? Бул эмне, менин замандаштарым, курбалдаштарымдын эле маңдайына Кудайымдын жазып койгон шыбагасыбы, же дүйнө дайым эле ушундай болуп келгенби? Жок, дайым ушундай болгон эместир. Эгер алмустактан бери адамзат мындай кыйноо тартып, жапа чегип келсе, анда жашап кереги эмне? Бул сыяктуу оор-жеңил, терең-тайыз, акылдуу, узун-тайкы суроолорду теним өзүмө бере берет. Жаным ага: жашоо ошонусу менен кызык да. Күнү болуп түнү болбосо, жайы болуп, кышы болбосо, таттуусу болуп, ачуусу болбосо турмуш супсак болмок, эң эле жакшы дегенде ачыбаган жармадай деген сезимдер болмок эмес дейт. Анда теним: жыргал деген эмне? Ал – абалбы же сезимби? дейт, жаным ага: кимге сезим, кимге абал, дейт. Мисалы, кардың ток, кийимиң бүтүн, үйүң жылуу, катының бар, кайгы-капаң жок, астыңда мингичиң бар, акчаң жетишет, ата-энеңди, катын-балаңды кем-карчсыз багасың? Бул жыргалбы эмне? Албетте мунун баарысы колунда турган киши жыргал экенин сезбейт, ал үчүн бул – абал, а колунда жоктор үчүн бул – сезим, буга жетсем деп эңсешет. Чаңкап көзүң бозоруп турганда суусунга жетсең, бул – жыргал сезим. Суусунуң күндө мол болсо, бул – абал. Этиң кирдеп, кычышып турганда мончонун буусуна бууланып, шыпыргы менен чабынсаң, бул – жыргал сезим, этиң кирдебесе, мончого күндө түшсөң, буусуна анча чамынгың келбейт, бул – абал, дейт акылым. Теним акылымды

сынамаккабы, же жаңылтмаккабы, баланын суроолорун берип тажатат: анда куурал деген эмне? дейт. Акылым ага терикпестен: куурал жыргалдын терс жагы, дейт. Ошентип, суроо-жооп менен жертөлөнүн көп убакытын өткөрүп, турмуш деген баш-аягы жок туташ суроо-жооптун төңөлөктөрүнөн илиништирген бир чынжыр менен чимирилтип турган кыймыл экенин кыял көзүң менен баамдап таң каласың. Демек, турмуш дайым чимирилип турган кыймыл турбайбы! Бул токтогондо турмуш бүтөт! Өмүр өчөт!

Ой, тобо-о! Оюң ойгонсо, жаныңды аябай чарчатат бейм? Өзүңө өтө тиешеси жок абстракцияны ээрчип убара кылат турбайбы жаныңды. Беймаза деген ушул болсо керек. Ар бир «түрс» деген табыштан ажал күтүп, жанып кулагыңдын учунда элеңдеп турган кезде мындай беймазанын кереги эмне эле? Ушинтип, акылым экөөбүз жетинчи асмандан жерге түшүп келатканда, капыстан жаным буга каршы: «жок, эгер акыл болбосо, мен небак тениң менен коштошмокмун» десе болобу! Тобо-о! Кызык парадокс! Өзүн кыйнап келген себепти жамандоонун ордуна жактаганын кара!.. Бирок бул окуя сыртынан гана таң калаардык табышмак болуп көрүнөт. Мунун ачкычын таап, ичин ачса, таңыркатаар деле эчтеке жок. Турмушта кадимки калыпка сыйбаган биринчи чайноодо акылдын тиши өтпөгөн, ойлобогон жерден, капыстан чыга калган окуялар, күтүлгөн корутундунун ордуна бул окшоп күтүлбөгөн натыйжа берген окуялар, кадимкилерден сейрек учурагандыктан, философтор мындайларды парадокс деген термин менен белгилешип, бир аз жооп таба албай мукактанышат. Мунун өзү эле ойчулдардын бүйүрүн кызытып, изилдөө кызыгын дүүлүктүрөт. Ошондо алар ой искегин колуна алып, ой дүрбүсү менен көз тунарта шыкаалап, парадокстун кадимки көздөн далда ички тетиктерин таап, булардын бөтөнчө илинишкенин искектеп иликтеп, эмнеликтен кадимкилердикиндей

эмес себептерин айкындагандан соң, бизди таңыркаткан парадокс деле жалпы жандуу, жансыз табигаттын жашоо тартибине баш ийип, ал деле бүткүл ааламга таандык мыйзам ченемдүүлүк жол менен келатканын далилдешип, жашыруун сырын айгинелешип, турмуш мааниси жөнүндөгү биздин философиялык түшүнүгүбүздү кеңитишет. Ошентип, үстүртөн таң калтырган окуялардын, көрүнүштөрдүн танаптары деле жалпы бир кереметтүү үлгү боюнча байланышып, түйүлүшүп, чатышып жана тордошуп турганына көзүбүз жетет. Так ошондо ааламдын бардык чоң, кичине бүртүкчөлөрүнө өлчөөсү, калыбы, ченеми туура келген мындай универсал кереметтүү үлгүнү ким жаратты? Ааламдагы миллиард түркүн хаосто бул үлгү өзүнөн өзү эле жаралган деген пикир, жеткен келесоонун дөдөй башына эле келбесе, анча-мынча эси барлар минтип айтуудан уялаар дейм?.. Үлгү жөнүндө ойлор согуштун кырчылдаган майданындагы жертөлөдө жаткан менин да башыма келип, ошол үлгүнүн авторун издөөгө, менин Дорфман даарыган, бирок кагылып согула элек, кемирчеги ката элек жаш, орто акылым аса-мусасын алып ак уруп жолго чыккан эле, ал жолдун акыры Кудурет өзүңө алып келди. Керемет сенде экен!

О, жараткан! Аалам бүртүктөрү, нерселерин ушундай чебер, ушундай акылдуу танапташтырган жалгыз гана өзүң экенине ар кадамым сайын ишенүүм артууда. А бизди окуткан материалист философтор эмне үчүн турмуш таануунун, дүйнө таануунун ушул мен орто акылым менен көргөн жолун көрүшкөн эмес? Алды-артына анча-мынча ой чаптырууга жөндөмү бар адамдар үчүн бул жолду табуу көп деле оор эмес көрүнөт. Мен өзүмдүн окутуучуларымдан акылдуусунуп мактанбай эле коёюн. Менден мурдагылар деле Кудуреттин өзүнө жеткирүүчү бул жолду небак эле тапкан дечи, бирок биздин материалист устаздарыбыз атайлап бул жолдун башатын бизден бүтөп таштаган болуу керек. Сыягы,

Дорфмандын чоң сакал жекжаааты аалам куруудагы ушунча акылдуу конструкцияны жараткан Кудайдын гана керемети экенине ишенген эмес, белем?.. Же алмустактан бери адамзат үчүн белгилүү болгон, антсе да билимдин жетиле электигинен себептерин түшүндүрө албай келген бул ак жолду биротоло жерип, өзү Кудай болгусу келгенби? Айтор, билбейм, «Кудай деген жок. Аалам, анын материялык дүйнөсү эч нерседен, эч кимден жаралган эмес. Дайыма аракетте тура берет» деп, акка баруучу жолду бүтөп таштаган. Устазынын тапкан илимине жан дили менен берилген шакирттери аны ыйык тутуп, пикирлерин жарыялап жайылта берген. Ал эми атактуу орус шакирти устазынын Кудай таануу материалисттик диалектикасын кеңитип, тереңдетип, саясатка жууруп, мамлекеттик идеологияга айланткан. Ошентип, адамдын дүйнө таанууга, табият кубулуштарын түшүнүүгө умтулган физиологиялык-психологиялык кызыгуусу эркин ой чабыттатуу мүмкүндүгүнөн ажыратылып, мамлекеттик идеологияга көз каранды болуп, саясий туюкка такалып калган көрүнөт. Андыктан биздин бүгүнкү философтор туюктан чыгуучу жолдорду издөөдөн чочушуп, мамлекеттик доктринаны (материалисттик диалектиканы), бөлөк жолго буруудан коркушуп, «марксизм-ленинизм» аттуу ойчулдуктун акыркы «бийик» чокусу делген мамлекеттик көз карашты гана күкүкчө кайталоого мажбур болуп аткан окшобойбу. Аларды кантип күнөөлөйсүң? ... Мен деле колумда эч кандай илимий, адабий булактарым жок, жертөлө университетинде жогорудагы натыйжаларга келип, жазаарын жазып алып, көчүгүм кыйпычыктап отурбайымбы! Бул жазмамды душмандарым түгүл досторум окуса да, мени оңдурбайт. Заман ушул.

Билип туруп жазбай коюуга бет чыдабайт, жазып алып баарына кайыл болууга кайрат жетпейт. Кантейин! Жазылгандарым чамаданымдын түбүндө, жазылбагандарым көкүрөгүмдүн түпкүрүндө жата берсин. Балким бир

кездерде булардын да багы ачылып калгысы бардыр?! Кудайдан үмүтүмдү үзбөйүн. Үмүтсүз – шайтан деген. Макул, ошентип өзүмдү сооротоюн. Заман бир калыпта зыңкыйып катып тура бербейт да. Аны тарыхтан жакшы билебиз. Галилей деле ойлоп тапкан илими үчүн өрттөп өлтүрүүгө жазаланбады беле. Ошондогу өкүм сүрүп, бүт Европаны алаканына калчап турган инквизициядан азыр дайын жок, андан запкы жеп, кордук көргөн Николай Коперник, Жордано Брунолордун тапкан жаңылыктары түбөлүккө кызмат кылууда, ысымдары кыямат кайымга дейре сакталууда. Жазылган ой ушинтип сакталат турбайбы. Алардан ондогон кылым мурда өткөндөрдүн кайгылуу тагдырлары деле адамзат үчүн сабак болуп келүүдө. Маселен, дүйнөнү жеңген, Искендер Зулкарнайн падыша Диоген философтун челегине бастырып келип, челектин ичинде отурган илимпоздон сынамакка, ат үстүнөн эңкейип: «Карыя сыртта эмне кабар бар?» деп, сураса философ: «Күндү тозбоңуз, мырза, мага кедерги болбоңуз!» дегенде, падыша ызаланып, кылычы менен философтун мойнун кыя чаап салган дешет. Ошентип, байыркы жердин топурагын далай кандаган, атагын алыска чыгарган, чыгыш элдерине Искендер Зулкарнайн атанган Александр Македонский Диогендин өмүрүн кылычтаганы менен, анын жазып калтырган эмгектерине куралынын мизи өтө алган эмес тура. Македонскийдин заманы өттү, ордуна башка заман келди, башка барк, башка кадыр, башка сый жаралды, а Диогендин жазгандары өзгөрбөй, жаңылыгы көөнөрбөй кала берди. Андан бери канча доор, канча заман өттү.

Бул мисалдарды келтирүү менен мен бир чоң илимий табылгага жеттим деп мактанып аткан жерим жок. Миңдеген жылдар мурда эле Ибрахим байгамбар Кудайдын бар экенин, бир экенин коомуна жарыялаган. Андан миң ашык жыл өткөндөн кийин адамзат Кудай жолунан адашып, бирин бири кыра баштаганда, Муса байгамбар ошол

эле Ибрахим байгамбардын тапкан Кудай таануу жолун кайра ачып, коомуна «Таурат» китебин тартуулап, Кудай таанытып, кыргындарды токтоткону диний китептерде жазылган дешет. Биз кашайып атеист деген жол менен тарбияланып, ал китептердин барагын ачалбай, диний тарыхтардан кабарсыз болуп, «Маркстан мурдагылардын баарысы жаңылышкан, калп айтышкан, жалган жол менен келишкен» деген ишенимге мээбиз чыланып, денебиз киринип бүткөн турбайбызбы. Биз сыяктуу кайрыдиндер, атеисттер, бизден алда канча мурда эле адамзатта пайда болуп, коомдун ынтымагын бузуп, Кудай бар дегендерди кыйнап жазалап, бүлүк салып келишкен турбайбы. Алланын ак жолун коомго түшүндүрүү үчүн өкмөт башында тургандарды, «Кудайдын жолунан адаштыңар жараткандан кечирим сурагыла!» деп, Ыйса байгамбар канча жапаа чекпеди, кандай кыйноого чыдабады?! «Инжылда» айтылган чындыкты таратам деп канча азапты башынан өткөрбөдү? Алла таала бүткүл ааламды жаратканын бизди курчап турган дүйнө акылдуулук менен жаратылганын, ошондуктан баарысы бири бирине айкалышып ажайып (гармония) жарашып турганын өзү арасында жашаган коомго түшүндүрөм деп, Алла жиберген «курандын» сүрөөлөрүн чечмелеп берем деп, Мухаммад байгамбарыбыз кайрыдиндерден канча запкы көрбөдү?! Азыр деле, сыягы, ошолор жашаган доорго окшогон заманда жашап атканбызбы, дейм? Балким, алардан да, ырайымсызыраак доорго туш келсек керек?.. Коммунисттер чиркөөлөрдү, мечиттерди, бутканаларды небак талкалап бүткөн. Фашисттер синагогаларды, костелдорду, кирхелерди, кечилканаларды кыйратып атат. Атеисттер менен атеисттер согушууда. Кудайын тааныбагандар, өздөрүн кудайсынгандар миллиондогон карапайым калктын убалына калууда.

Бул зор кыргындын атын тарых «Экинчи дүйнөлүк согуш» деп атады. Биринчи дүйнөлүк согуштун негизги

себеби жер талашуудан, жер бөлүшүүдөн чыккан болсо, экинчисиники – идеологиялык талаш. Сыртынан бул эки согуш бири-биринен максаттары жагынан айырмаланып турганы менен, түпкү мүдөөсү бирөө эле. Күчтүү мамлекет күчсүздөрүн жеңүү, майда улуттарды ири улуттар басып алуу, эркинче жашоосунан ажыратуу, өз тартибин, идеологиясын таңуулоо. Биринчи согуштун натыйжасында дүйнөлүк майданга эки карама-каршы идеология чыкты: коммунизм, фашизм! Экөө тең Кудайды танып чыгышты. Эмне үчүн? Мүмкүн Кудайдын өзү, жолу «согуш» деген кыргынга каршы болгондуктан, тигилерге Кудайды таануу зыяндыр... Эки идеология бири бирин согушсуз жеңе албасын билишет. Жеңбеген идеология мамлекетке жарытылуу жемиш бере албасын билишет. Ушу жерге келгенде, адатынча теним акылымды бучкактан алды: «Антип Кудай согушка каршы болуп келсе, эмне үчүн христиандар Кудайдын ысымы менен мусулмандарга сегиз сапар каршы кресттүү казатка чыгышкан, а мусулмандар капырларга каршы Алланын аты менен газават чабуулга барышкан?» Ырас бул фактылар тарыхта бар дечи, муну бизге окшогон сабатсыз атеисттер билбегени менен, сабаттуу цивилизациянын калкына жакшы белгилүү дечи. «Кош, Хотемля токоюнун жертөлө Диогени, буга эмне демексиз, кандай жооп кайтармаксыз?» деди, сыягы, акылымды чалкаман салдым десе керек. Мага, менин акылыма, тенимдин алаңга-зарлыгын мойнуна алдырыш оор деле болгон жок. «Шашпа, мунун жообу өзүңдүн суроoңдо жатат. Ошол сегиз жолку чабуулда христиандар жеңишке ээ болдубу? Жок. Өзүң айткандай, Кудайдын аты менен, Кудайга жалынышып согушса да жеңе алган жок. Аягы өздөрүнүн кыйрашы менен бүттү го. Ал эми мусулмандар Алланын ысымы менен Гибралтарга дейре басып кирбеди беле, андан кандай натыйжа чыкты? Акыры өздөрү жеңилди. Демек Кудайды туу көтөрсөң да, ниетиң кара,

оюң бузук, максатың баскынчылык, зомбулук болсо, Кудай аныңды колдобойт. Бирөөгө балээ ойлосоң, өзүң балээге кабыласың деген ошол. Азыр деле Кудурет өзүнүн ошол принцибинде, менимче. Фашисттер канча курал-жарактын күчү менен бүт дүйнөгө бүлүк салбасын, түпкү жеңишке ээ боло алышпайт. Алар баскынчылар, канча калкты, канча кишилерди сыздатып, канча жазыксыздарды өлтүрүп кыйнап атат. Алардын муң-зары Кудайга жетпей жатат дейсиңби? Биз фашисттерге согуш ачкан жерибиз жок, алардан коргонуп атабыз. Биздин ишибиз ак, ошондуктан Кудай бизге болушат. Теним мындай жоопту күтпөсө керек. Жүйөлүү жоопторго муюп, көбүнө макул болуп келатып, капыстан менин жанымды жүрөккө сайган суроону берди эле: «Финляндия, Польшаны биз деле баскынчылык кылып, далай жерин зордуктап тартып алдык го, а Молдовия, Латвия, Эстония окшогон майда өлкөлөр биздин күчкө туруштук бере албай, багынып беришпедиби. Мында биздин фашисттерден кандай айырмабыз болду?» дегенде, чынымды айтсам, жаным дароо жооп таба албай бир кыйла чебеленди.

Студент кезден бери көкүрөккө жат болгон, өзүбүздү бүткүл дүйнөнүн жарды-жалчыларынын түркүгү катары көрсөтүп, бардык жерде эле биздин келишти эңсеп атканы, биз келип көрүнүп эле койсок, капиталисттик мамлекеттердеги жумушчулар табы, андагы эзилип аткан эмгекчилер массасы колдоруна курал алып, өздөрүнүн кожоюндарын бийликтен кулатып, пролетарлар диктатурасын орнотот деген ишеним иш жүзүнө ойдогудай чыкпай, анын механизми эмнегедир иштебей жатат. Чын чынына келгенде Финляндиянын эмгекчилери бизди кучагын жайып тосуп алаар десек, ок менен тосуп, токоюунун ар бир дарагы жоокерлерибиз үчүн өтө алгыс сепил болду. Польшанын батыш чегин фашисттер талкалап киргенде, чыгыш чегине биздин аскерлер кирип, достук колубузду сунсак, поляктар ыракмат айтуунун ордуна, колдорунан

келишинче айыгышып, салгылашып кыйла солдаттарыбыздын ажалына себепкер болушту. Биздин айкын ачык баарыга түшүнүктүү доктринабыз иш жүзүндө далилденбей атат. Балким, тап күрөшүн өздөштүрүүгө европалык эмгекчилердин аң-сезими жетишпей жатабы? Кантип эле цивилизациясы, маданияты биздикинен жогору туруп, эксплуататорлордун эзип атканын сезишпесин? Бул жерде биз түшүнбөй аткан бир сыр бар, же чет өлкөлүк эмгекчилердин чыныгы турмушу баяндалган информациялар бизге жетпей атат, же болбосо, эзилген тап революциялык кыраакылыгын жоготкон, революцияны баштап берүүчү коммунисттик партиялары кысымга алынып, тирүү калгандары качып, башка өлкөлөрдө, кала берсе, бизде жан багып жүргөндүгүндө. Эмнеси болсо да, биз күткөн окуялар пайда болгон жок, үмүт ордунан чыкпай, схема иштебей атат. Натыйжа нөлгө барабар болууда. Балтика жакасындагы республикаларда, Молдовияда, батыш Украинада жана батыш Белоруссияда деле революция жеңбей, тиги теним айткандай, биздин куралдуу күчтөн коркуп багынып беришкендигин, согуштун биринчи эле күнү көрсөтпөдүбү! Эгер аларда эмгекчилер табы жеңсе, германдык фашизм биздин чекке капыстан кол салганда андагы калк биздин аскерлерге көмөк болбойт беле? Көмөктүн ордуна, кайра фашисттерге жан тартып, чыккынчы болуп, далыбыздан ок атып, душмандык кылгандарын, ошондо тирүү калган солдаттарыбыз, каңырыгы түтөп айтып атпайбы. Кеп жалгыз гана калктын революциялык сезиминин, коммунисттик идеянын начарлыгында болбосо керек. Капиталисттик коомдо жашап аткан жумушчулардын, дыйкандардын турмуштары биз радиодон угуп, гезит-журналдардан окуп жүргөндөй эмес экенин өз көзү менен көргөн солдаттар айтып атпайбы. Маселен, менин старшинам, такачы уста Посохов 1939-жылдан бери армияда, 1941-жылы Литва менен Чыгыш Пруссиянын чек арасында турган экен. Ал өз башынан өткөргөндөрүн

айтып отурса, саймедиреп миң бир түндү таң аттырат. Литвада, Немандын батыш тарабында, биздегилердики сыяктуу кыштактар жок дейт. Ар бир үй-бүлөнүн өзүнчө үйү, короо жайы, бак-дарактары, аны тегеректеген айдоо аянты, мал жайыты бар дейт. Аны хутор дешет экен. Октябрь революциясынын алдында Россияда да бирин-серин хуторлор жайыла баштаган экен, бирок революциядан кийин, коллективизация убагында мүлдө жоюлуптур. Бала кезимде кыштактардан обочо жайгашкан, көп алмалуу багы бар орустун короо-жайларын «котур» дешчү. Тигилерде болсо, абдан өөрчүгөн экен. Хутор ээлеринин өздөрү жашап турган үйлөрү бышырган кыштан салынган бир же эки кабат, үстү тунукеленген. Ичи аарынын уюгундай он чакты бөлмө, башың адашат. Меши орустукундай дардайып, үйүнүн жарымын ээлебестен, эки бөлмөнүн ортосундагы кереге менен кошо салынган, оозу сырткы бөлмөсүн караган. Мешинин боору чыныдай жалтырак кафель деген карапа менен капталган. Карапасы ар кыл түстөгү төрт чарчы жалпак эбелек. Ал эбелектер бири-бирине кыналышып цемент, же акиташка окшогон алебастр деген неме менен мешинин бооруна чапталган. Таптаза, үйдү жакшы жылытат, бирок темир меш окшоп эч жериңди каарыбайт дейт. Байлыгы ашкандарынын үйүнө сырттан түз эле кирбестен, туш-тушунун баарысы айнектелген веранда дегенине кирип, анда сырткы кийимдериңди чечип туруп, анан кишилер жашоочу бөлмөлөрүнө киресиң. Ашканасы көрүнбөйт. Орустукундай эмес дейт. Ар бир бөлмөсү өзүнчө жасалгаланган, ар кыл эмерекке толгон. Асты солкулдак тор темир керебет, же мамык төшөлгөн, күзгүдөй жалтыраган жыгач керебет. Айтор, орустун кыштактагы үйлөрү менен салыштырып болбойт дейт. Кирген киши чыккыс. Тамынын боору толгон түрлүү сүрөттөр. Музейге окшойт дейт. Орустун кыштагы тургай шаарларында андай үйлөр жокко эсе. Ал эми короосун көрсөң кең, таманына кырка тизилген таш

төшөлгөн. Бизде Маскөөнүн Кызыл аянтында ошондой. Киши жашоочу үйдөн обочо жерге бышырган кыштан салган, керегелери бийик, чубалган узун сарай. Чатыры учурма, үстү кобуулдуу карапа черепица деген жошо түстүү түрпүлөр менен жабылган. Анын башкы бөлүгүндө араба, чана жана ар түрдүү дыйкан техникасы, машинелери, шаймандары, андан кийинки бөлүгү – аткана, анан уйкана, анан куш түнөгү, эң акыркысы чочкокана. Кээ бир чарбада анча-мынча койлор да кезигет экен. Жылкылары көбүнчө жүк ташууга ылайыкталган чоң көлүктөр. Уйлары сүт багытындагы карала, сарала, желини чатын керген, жер чийген жаныбарлар. Ар бири бир сааганда бир чакадан сүт берүүчүдөй дейт. Үй куштарынан тоок, күрп деген немелер короого батпайт, кээ бир короодо цесарка деген тооктон саал кичирээк немелер да жүрөт. Каз-өрдөк сейрек учурайт дейт. Чочкону көп багышат экен жана алардын чочкосунун тукуму да орустукунан башка. Бат жетилет дешет. Мал сарайынан алысыраак жеринде рига. Анын таманы асфальтталган, даңгыр. Үстү бийик чатырча, мунусу да черепица менен жабылган. Бышкан эгиндерин атчалгы менен чабышып, боолап-боолап ташып келип, бүт бала-чакасы, кошуналары менен чогулуп алып, колдоруна шылк этмеси бар калтек алышып, боолорду жанчып, кызылын желге сапырышып, ригада кургатышат. Жери көп байлары эгинин молотилкага бастырат. Чөп, саманын сыртка үйбөй ригага шыкашат экен. Деңиз жакын болгондуктан, жаанчыл келет экен жери.

Короо сайын үстү цемент капкак менен жабылган кудук. Капкактын ортосуна туткалуу чоргоо орнотулган. Тутканы бассаң, чоргоодон тунук суу шаркырайт. Баарынан кызыгы, ар бир үйдүн төбөсүндө желге чимирилип вентилятор турганын көрөсүң. Жел кай жактан соксо, пропеллери ошол жакка өзү бурулат дейт. Бул – балдардын оюнчугу эмес, электр генератору. Мунун чыгарган энергиясы бир үйдүн керегине бүт жетише тургандай

эсеп менен жасалган. Электрдин кереги жок кезде, аны аккумуляторго чогултат. Көп керектелген учурда жел генератордун энергиясына кошумча энергияны аккумулятордон алат. Короодо сырттан, алыстан электр тогун алып келүүчү зым, мамылар жок. Энергияны генератордон керектүү точкаларына жеткирүү үчүн короонун ичинде гана тагылган. Ал тургай сыртта жер түгөнүп калгансып, көбүнүн туалети үйүнүн ичине орнотулган дейт. Жер байлыгы биздикинен артык эмес. Топурагы майда кумдуу сары чопо. Жер семирткичтердин, агротехниканын күчү менен түшүм алышат. Ар бир хуторго чоң жолдон таш төшөлгөн жол келет. Жаан-чачында баткак дегенди көрбөйсүн, Россиядагыдай эмес.

Байларынын үйүндө, ээлери батышка, фашисттерге качып кетип, малайлары калыптыр. Мурдагысындай эле байынын малын багып, эгин-тегинин жыйнап, короо жайларын асемдеп күтүп жүрүшөт дейт. Биз аларга «эми мунун баарысы силердики, ала бергиле, жей бергиле» десек болушпайт. «Мыйзам улуксат кылбайт, менин өз оокатым өз үй-бүлөмө жетишет. Кудай жакшы көрбөйт» дешет. «Совет өкмөтү кандай? Коммунизм кандай?» десек, «жакшы» деп бир гана сөз менен жооп беришет. Чечилип сүйлөшүүдөн чочушат. Кимисинен «колхоз кандай?» деп сураба, баарысы безге сайган немече секиришип акырая карап «жакшы эмес!» деп жанындан качууга шашат дейт.

Посоховдун айткандарынын жарымы калп болсо деле, алардын турмушу, жашоо шарты биздикинен оңбогондой жогору көрүнөт. Россиянын эзүүсүнөн кутулганы араң эле чейрек кылымга жеткени менен алардын оокат тиричилиги, турмуш абалы падышалык эзүүчү бийликтин өз колдору менен кулаткан россиялык пролетариаттын турмуш абалынан салыштыргыс жогору көтөрүлгөн көрүнөт. Буга эмне себеп? Кандай жооп табасың? Акылым кыйналып, кара терге түшкөнү менен далилдүү жооп таба албады. Майор Дорфманга окшогон көптү билген,

көптү көргөн, көптү окуган киши эле тыңгылыктуу ынана турган жоопторду таппаса, менин колумдан биздин пайдабызга чечилчү жооп табуу келбей турган окшойт. Андан ары эркин ой чаптырам деп, кайдагы бир балээге кабылып, смерштин торуна түшүп кала электе, ушунчамда кысуучу жеримди кысайын! Кудай өзүң сактай көр!

Ошенткени менен алдыбызда баарыбызга зарыл бир маселе турат. Азыр кырк биринчи, кырк экинчи жыл эмес. Кудай буюрса төлгө оң жагына ооду, жоонун мизи майтарылып, бороон чыккан жагын карай ура баштады. Быйыл болбосо да, инша Алла[1] келерки жылы фашизмди өзүнүн чээнинде жоксон кылчудайбыз. Ошого жетиш үчүн, тигил Посохов көргөн жерлерди, Европа өлкөлөрүнүн сансыз кыштактарын, шаарларын биздин солдаттар басып өтүшү керек да. Көздөрүн таңып алса деле, Посохов көргөндөрдү аргасыздан солдаттар көрүшөт да. Ошондо фашизмди жеңген жоокерлерибиздин кую бузулуп, «бир кап курулай кептен, бир кесим куурулган эт артык» деп, көз азгырыгына алданып, өз ичибизден бүлүк чыгып кетпес үчүн, алдыртан чара колдонуш керек го? Ошону ойлонушуп атат бекен биздин акылман жетекчилер? Же адатынча «биз үчүн көсөмүбүз жолдош Сталин ойлойт» деп өздөрү четке чыга беришээр бекен? Сталинге баарысын жүктөп коюп, жоопкерчиликтен оңой кутулуунун амалын таап алышканын, кууран киши байкабайбы? Же чын эле өзүнүн үзөңгүлөштөрүнө жол бербей, укук бербей баарысын чөнтөгүндөгү оюнчукка айлантып алганбы? Бирок, майор Сталинди адилет киши дебедиби.

Айтор, согуштан мурдагы идеологиялык куралдарыбыз жаңыланбаса коммунизм куруунун жаңы доктринасын иштеп чыкпаса, жалаң эле смерштердин, НКВДнын күчтөрү менен Европадан кайткан жоокерлердин оозлорун басууга күч жетпей калат го?! Эртедир, кечтир бул маселе чоң проблемага айланып, өз ичибизден чатак чыгышы

[1] Инша Алла – арабча, Кудай буюрса.

мүмкүн. Экономикалык саясатыбызды жалаң гана коомдук өндүрүштү өөрчүтүүгө багыттабастан, адамдын жеке турмушун жакшыртууга, анын материалдык байлыгын жогорку деңгээлге көтөрүүгө да бурбасак, жылаңач патриотизм, коммунисттик эстүүлүк мурдагыдай жемиш бере албасын бизге, согушка катышып жүргөндөргө ашкере билинип калды. Немистин өлгөн солдаттарынын ар биринин колунан саат, жанбаштыгынан тиш щетка, тиш паста, устарамашине, жүзаарчы, сүлгү, күзгү, чөнтөктөрүнөн үй-бүлөсүнүн сүрөтүн, автокалемин жана ушул сыяктуу зарыл керектүү буюмдарды көрөбүз. А биздин солдаттарыбыз турмак, офицерлерибизде да булар жок. Ар намысыбызды коюп, ушуларды олжо, соогат кылып пайдаланып жүрбөйбүзбү. Бул деле биздин өтө жардылыгыбыздын күбөсү да. Ар бир киши бул дүйнөдө бирөөнүн көзүн карабай, кем-карчсыз, бай жашагысы келет. Албетте, мындай турмушка бирөөнүн эсебинен эмес, өз эмгегинин аркасы менен жетиши керек. Бул биздин постулат. Динде деле бирөөгө кыянат кылба, бирөөнүн акысын жебе деп айтылат дешет. Бул жагынан биз, коммунисттер, Кудай жолунда түз бараткан окшойбуз. Билбейм, анан эмне үчүн динди жерийбиз, Кудайды жок дейбиз? Ой, тобоо!

Жаманы болбой, жакшысы болбойт деген ушу бейм?! Эгер согуш болбосо, биздин жоокерлерибиз өзүбүздүн официалдуу информациянын айтуусу боюнча гана боолголоп, өз турмушубузду эркиндикке ээ болгон калктын чоң жетишкендиги катары баалап, өзүбүздү мактап: «бизден күчтүү, бизден ырыстуу, бизден жыргалдуу, бизден эркин укуктуу эл жок» деп, жүрө берет белек, балким? Каардуу согуш өлкөбүздү канча бүлгүнгө, элибизди канча кыргынга учуратты, канча шаарыбызды, канча айылыбызды кыйратты! Ошону менен катар канчабыздын көзүн ачты, оюн ойготту! Тирүүлүктүн негизги маңызын таанытты, жашоонун максаты эмне экенин ойго салды! Деги бул согуш эки карама-каршы тирешкен системанын

кимисинин курал-жабдыгы канча көптүгүн, күчтүүлүгүн, жандүйнөсү канча бийиктигин, кара күчүнүн канча артыкчылыгын, бекемдигин, туруктуулугун, чыдамкайлыгын гана сыноо болбостон, маданий жана тиричилик байлыгынын деңгээлин да ашкерелөө сынагы болуп атат.

Камынтпай каптаган жоодон капшыты кабырылып, уясы бүлүнүп, эти ачышып калган биздин эл, эми жаалданып, намысына келген кези. Куралдуу күчүбүздүн азыркы абалын кырк биринчи жыл менен салыштырып болбойт. Азыр ал мелт-калт толгон тосмолуу көлгө окшоп, түрмөктөлгөн толкуну тосмосун чирене тээп, шарп-шарп уруп тургандай сезилип келатат. Бүгүн-эртең каптачу селдин белгилери элес-булас көрүнүүдө. Душман эми канча айбат кылып, мына бу биздин чөлкөмдөгүдөй айыгышканы менен, жалпы жели чыгып, деми кысылып, эбегейсиз зор майдандын кай-кай жеринде болбосун кетенчиктеп, айрым жерлеринде чычая кача баштады. Бул жагынан айрыкча Украина менен Ленинград фронтторунун ийгилиги көңүлдү кубантаарлык. Эки жылдан бери душмандын курчоосунда азап чегип, ит, мышык, чычкандан өөдө жеп, ачарчылыктан кырылып аткан Ленинграддыктарга эми жан кирди. Сел каптаганда, көчкү, үйөр жүргөндө жолундагы, удулундагы жан бүткөндүн баарысын басып, шыпырып, агызып тыптыйпыл кылат эмеспи.

Кырк биринчи жылдан бери фашисттик баскынчылардын баш кесерлери биздин шаарларыбызды, кыштактарыбызды өрттөп, мал-мүлкүбүздү талап, элибизди кырып, кыздарыбызды, аялдарыбызды зордуктап, тирүү калган жаштарды кулдукка, күңдүккө өз жерлерине айдап кетишкенин, колго түшкөн туткундарды кордоп, кыйнап, атайын мештерге өрттөп аткандарын жакшы билебиз. Алардын мыкаачылык кылыктары биздин солдаттардын кыжырын келтирип, ырайымсыздык сезимин күчөтүп атат. Арабызда таш боордук көбөйүп баратат. Кудай өзүң сактай көр! Эми, сел жүргөндө кара мүртөздөрдүн күнү

тууйт-ээ?! Куралсыз карапайым элди, катын-балдарды, кемпир-чалдарды, мышыкка оюн – чычканга өлүм кылышат-ээ?! Советтик армиянын кадыр-баркын кетире турган итчиликтен, талоончулуктан солдаттарыбызды тыюуга офицерлерибиздин, саясий кызматкерлердин, коммунисттердин күчү жетээр бекен? Жаман жөрөлгө жугуштуу болот эмеспи. «Пулду көрүп байгамбар жолдон чыгыптыр» дегендей, кудай уруп, тигилердин мүлкүнө, байлыгына көздөрү кычышып, офицерлерибиздин колдору булганып, шерменде болбогой элек!.. Ансыз деле капиталисттик өлкөлөрдүн антикоммунисттик пропагандасына чыланып бүткөн элдери, биздин жоокерлерибизден жорук-жосунсуз, ыпылас нерселерди көрүшсө, бүткүл дүйнөгө чуу салышып, системабыздын түпкү максатына оңбогондой зыян келтириши мүмкүн?!

Айттың, айтпадың не пайда?.. Сел деген сел! Фашисттердин сели бизди каптаганда мурда укпаган, көрбөгөн канча жаңы ырайымсыздыкты алып келбеди, биздин сел аларга жыргалчылык алып келмек беле? Биз коммунизмдин артыкчылыгын, гумандуулугун, эркинчилигин канча дуулдатып даңазалабайлы, аны менен канча мактанбайлы, баары бир, алардын мыкаачылыгын көрүп, билген солдат, алардын азабын үч жылга жакын өз керт башынан өткөрүп келаткан солдат чабуулга өткөндө, ичине толгон каарын төкпөй, ак-караны ылгап туруп алмак беле? Андай окуя эч бир тарыхта болгон эмес, эми, эми да болооруна өтө шегим бар. Буулуккан солдат адегенде жолунда кабылгандын баарысын кайсап, каарын төгүп, улам күүлөнүп отуруп жоосунун үшүн алып, душманынын белин бүктөгөндөн кийин гана, же болбосо, анын бузулбас коргон чеби бар болсо, ошого барып бир тийип, жарылган табарсыктай шалбырамайынча эсине келбейт да! Буулуккан жан жели чыкмайынча токтомок беле! Башка чапсаң каңк дебеген итти деле байлап койсоң, буулугуп ары өткөн, бери өткөндөргө жутуна берет да,

агытып жиберсең, атырылып барып жулунган немесине тумшугу менен бир тийип, анан көксөөсү сууйт эмеспи.

Тү-ү, Кудай бетин салбай кал! Ойлоп олтурсаң жеңиш үчүн алдыда дагы канча азап, мүшкүл жатат!.. Миллион өлүк, дайра кан, деңиз жаш, асман-жердин арасы толгон кайгы... О, жараткан! Өзүңдү таанытбаган кесирдүү пенделериңди күнөөлөш үчүн жалпы адамзатты мынча эмне азапка салдың? Киши эмес чымын өлтүрүүгө даай албагандарда эмне жазык? Сенин жиберген каарыңды киши тургай жер көтөрө албай онтоодо! Боорукердигиң кайда? Же кыямат кайым жакындап калдыбы? А коммунизм, фашизм анын алдыңкы илептүү кабарыбы? Ыйык китептерде жазылган желмогуз жажжу-мажжубу?

Кудай-ай, кандай заманга кабылткансың? Бул жарыкты ыраа көргөнүң чын болсо, эмне үчүн бүгүнкү пенделериңди, же бир кылым мурда, же бир кылым кийин жаратпадың? Же биздин өмүр эки нардын капталына конгон кара чымындардын өмүрүбү? Нарлар болсо, кычышкан капталдарын бири бирине жөөлөшүп, сөйкөнүшүп кычуусун кандырууда, а биз каныбызга жуурулуп, жарык дүйнө менен коштошуудабыз. Бул сага оюнчукпу?

О, теңирим! Ырас, биз, өткөн ата-бабаларыбыздын осуяттарын унутуп, өзүңдү жок деп таанып, атеист болуп тарбияланган жазыгыбыз үчүн жазалап атасың – биз ага татыктуубуз. Бирок сенин Теңирлигиң чын болсо, сен бүт ай-ааламды жаратканың, алардын баарына дем бергениң, жан бергениң, аларды калчап, кыймылдатып турганың чын болсо, бизге – өзүң жараткан макулуктарга теңелбе да! Бизге окшоп таарынба да! Биздей кекчил болбо да! Биз адамдын баласыбыз, Адамга таандык артыкчылыкты да, кемчиликти да өзүң энчилеп бергенсиң. Биздеги айкөлдүк да, чоголдук да, ач көздүк да өзүңдүн берген таберигиң. Тайынуу, сыйынуу, жалынуу, чокунуу, табынуу, таануу, тануу, боорукердик, ташбоордук, мыкаачылык – баарысы бизге өзүңдөн келген шыбага. Сенде биз билген, билбеген,

дагы биле элек, атын уга элек түркүн керемет, касиет бар. Сен баарыбызды жараткансың, бардыгыбыз сенден жаралганбыз. Жараткан менен жаралганды салыштырып болбойт да! Андыктан бизге ырайым кыл, күнөөбүздү кечир! Теңирим теңирдик кыл! Адамдын тентектигин текебердигин кечиргин, Эгем! Пендени дөөлөткө жалакай, мээнетке чыдамкай кылып өзүң жаратыпсың, Аллам! Фашисттердин солдаттары Европада жеңишке жеңил жеткенине көөп, дөөлөткө эсирип, ырысын көтөрө албай бизге катылып, өзүң тыюу салган бардык ыпылас, балит иштерди жасап, биздин элдин каргышына калды. Азыр болсо, Кудурет, өзүң бизге болушуп, алардын мурдунан суусу куюлуп, эсине келип, этегин жаба албай шаштысы кетип баратат. «Көсөөнүн акылы түшкөн кийин кирет» дегендей, алар эми артын карап, биздин элге көрсөткөн жосунсуз кылыктарын эстеп, сыртында сени танганы менен ичинде, ыйманы барлары; «mein goff» деп, өзүңө кайрылып, сенден кечирим сурап аткандыр. Берекеге мол, берешен Кудайым, фашист деле болсо, ал пенделердин күнөөсүн кечирип, ырайым кылып, оң жолго сала көр! Кан деңизине чөктүрбө!

Фашисттердин бизге көрсөтпөгөн кордугу калган жок. Биздин элдин аларды жек көрүшү адилеттик. Ага өзүң күбөсүң, Жараткан. Эми, кыжыры башынан ашып турган биздин элибизди тигил жүзү караларга теңей көрбө! Биздин коммунисттер, өзүңдү танганы менен, сенин адамга берген абийир, акыйкат, ак ниет, төптүк, чынчылдык, калыстык жана башка жосундук касиеттериңди жактырып, элин: «ушул касиеттерден ажырабагыла, ушуларды бекем туткула» деп, тарбиялап келатат. Отуз жетинчи жылы гана бул тарбия ичтен бузулганы менен жалпысынан сакталууда. Элибиздин жосундук аң-сезими фашисттик жырткычтардыкынан төөлүк өөдө. Анда эмесе, эми биздин сел Европаны каптаганда тигилердин итчилигин биздин солдаттарга кайталата көрбө, Кудурет.

Фашисттерден ала турган өчүн, кегин карапайым элден чыгарта көрбө, Теңирим! Антпесең, айыгышкан эл бирин бири талап, союп кырдыбычак кандуу кыргынга дуушар болгон турат. Андан саа эмне пайда, адамзат эле коройт. Өзүң теңдеши жок калыссың, Эгем. Кулум десең, Кудурет ага жеткирбечи?! Жертөлөдө жаткан өзүңдүн бир пендеңдин заруратын угуп койчу. Мага окшоп асанкайгыга чөмүлүп, өзүңдөн өтүнүп, өзүңдөн жардам сурап көздөрүн жылтыратып, жети түндө уйкусунан безип жертөлөдө жаткандар эки тарапта тең аз эместир?!

«Атаңды өлтүргөнгө энеңди алып бер» деп, маа окшоп уруштан, чабыштан, кандан, жинден жадаган бир кыргыз айтса керек. Айтса айтпаса төгүнбү! Тарсылдашкан согуштан көрө, намысыңды кор кылсаң да кыйбасыңды берип, таттуулашкан артык эмеспи. «Чем добрая ссора, лучше худой мир» деп, орустар деле уруштан тынчтыкты өөдө көрүшөт турбайбы. «Кекке – кек, өчкө – өч, канга – кан!» деген ачуудан албууттук менен чыккан ураан баатырдыктын белгиси эмес, чолок акыл чогоолдуктун белгиси. Мындай ураандар өчүп бараткан өрттү үйлөп албырттатат, басылып келаткан чууну коштоп, айыгып келаткан дартты козгоп күчөтөт. «Кекти каапырга берсин» деп, алы жетпеген бир байкуш айтса керек, Жараткан! Каапырларга деле кек бербечи! Алар деле киши, Адамдан туулбады беле?!

Сталин башкарып турган биздин коммунисттик партия азыр: «Биз Европа элдерине өч алуу үчүн барбай, аларды фашисттик мыкаачылардан куткаруу үчүн барабыз» деген идеяны жоокерлерибизге тарата баштады. Бул канча натыйжа берээрин билбейм. Кудурет өзүң бизге эс, дес бербесең, коммунисттердин айтканы канча эм болооруна көзүм жетпейт. Алар деле фашисттер сыяктуу эле киши коомунан чыккан немелер. Фашисттердин кылык-жоруктарынан тоңуп калган биздин элдин жан-дүйнөсүн коммунисттерибиздин гумандуу идеясы жылы-

та алабы? Короо-жайы, үй-бүлөсү, ата-энеси өрттөлгөн солдаттардын кулагына кирээр бекен, акыл-насаат? Жараткан өзүң жар болуп, элибизге, куралдуу күчтөрүбүзгө ырайым, мээрим берип, акыл жолуна сала көр?! Антпесең – курудук. Адамзаттын кору короп баратат! Бүт кырылып калбасын!

Жанымды безге сайып чычалаткан тенимдин суроолоруна таамай жооп таба албай, өзүбүздүн акыйкатчылсынган мамлекетибиздин акыркы кылыктарын актай албай, жаным бушайман болуп, акыркы жардам сураш үчүн Кудай жолун издеп, миң түркүн ойдун учугун чубады. Ааламды учу-кыйыры, түбү жок, түгөнгүс кылып жараткан экен, Эгем. Жаным чубап түгөтө албады. Бир учугун чубап отуруп улам түшүнүгү кеңейип, бийиктеп барып, экинчи бир түйдөккө жолугуп, аны да чубап үчүнчүгө, төртүнчүгө, онунчу, жыйырманчыга, дагы, дагы чубай берип чексиз аалам океанына чөмүлүп, жалпы адамзаттын, деги эле бүт ай-ааламдын тагдырына барып такалып: «Алланын ажайып жайынын дарбазасына эми келдим го. Анын тактына барып, өзүнөн эми сурап, бардык түшүнүксүз суроолорума толук санаа тыңгылыктуу жооп алам го» деп үмүттөнүп, кыял дарбазаны ачса, нары жагы деле бери жагындагыдай аалам талаасы – мейкиндик экен! Ой, тобоо!

«Алланын жайы кайда? Канча убара болуп, канча убакыт коротуп издеп жүрүп тапканым ушубу? Мунун биз көрүп жүргөн ааламдан айырмасы жок турбайбы. Теңир жети кабат асмандын үстүндө деп айың кылышчу эмес беле, кана? Жок го? О, Жараткан! Жашынмак ойнобой, пендеңе бир көрүнүп койчу?!» деп жаным күйпөлөктөп чый-пыйы чыгып жатканда, теним жеңишине дөгүрсүп, мыйыгынан күлүп: «Издеп убара болбо, баары бир, таппайсың» деп, жанымды мазактай баштады. Жанымдын ачуусу келип: «анда сен корккондо гана Кудайды эстеп, минтип ок жетпеген жерде, ок өтпөгөн жертөлөдө бейкут

жатканда Кудайды танган каапыр турбайсыңбы!» деп, айыптады тенимди.

Дискуссия ушул жерине жеткенде, баятан бери бирде макулдашып, бирде эки жаат болуп акыйлашып талашкан, өзүмдөн чыккан жан, тен – экөөнөн башка үчүнчү субъект – акыл бөлүнүп чыгып, тигил экөөнө калыстыкка өттү: «Токтогула, экөөң тең Кудайдын өзүнө күнөөкөр болбой! Каапыр Кудайды танбайт, тек гана Кудай таануу жолдору ар башка болгондуктан, мусулмандар алардын баарысын чогултуп, каапыр деген термин менен белгилешкен. Каапырлар, ар кайсысы өз диний ишенимине жараша Кудай тануунун өз жолдорун издешкен. Мисалы, жанатан бери тендин жүйөлүү суроосуна адилеттүү жооп таба албай, өзүнүн ишениминде олуттуу кемтик бар экенине сынып, бул дүйнөдө болуп аткан акыйкатсыздыкты тыюуга Кудайды жардамга чакырам деп, ага баруучу жолдорду асмандан, ааламдан издеп жан куру убара болду. Бирок бу да болсо, бир чоң сабак. Ар кыл жолго түшүп адашкан жалгыз жан сен эмес. Сенден мурда канчалар убара болгон, канчалар адашкан, канчалар кыял дарбазанын алдына жетип, ичине кирүүдөн коркуп, Кудайдын сарайы ушул экен деп, ишенишип каапыр болгон. Ырас, булар жалган жолдор. Адаштырма жолдор. Бул – буддизмдин, теңирчилдердин, иудаизмдин, христосчулдардын жолдору. Мындай жолдор – Кудайды адамга түспөлдөштүрүп, Жаратканды адамдардын асмандагы эң чоң, кереметтүү падышасы деп түшүнгөндөрдүн жолдору. Кудайды эч кимге, эч нерсеге теңеп салыштырууга болбойт. Сен Кудайды асмандан, жер астынан, суу түбүнөн, деле аалам мейкиндигинен издебе – таппайсың! Ааламдын булуң-бурчунан издегениң – Кудайга күнөөкөр болгонуң. Ислам дининде: «Алланы ааламдан издеп болбойт. Ал алдыда да, артта да, астыда да, үстүдө да, оңдо да солдо да эмес. Ал – ким ага ишенип келме келтирсе, ошонун жүрөгүндө» деп айтылат. Кудай адамга сен экөөң-

дөн башка мени – акылды энчилеп бергендиктен, ошол өзүбүздү жаратканды издеп, болочогубузду, тагдырыбызды ойлоп атабыз. Мени силерге кошуп бергендигине кудайга шүгүр дегиле. Мен болбосом, силердин малдан, айбандардан айырмаңар жок болмок. Ошого сүйүнгүлө! Мен өзүм да кишиге энчи болуп, аны Адам кылганыма Кудайга миң мертебе ыракматымды айтам! Кокустан, Кудурет мени чочкого берип койсо, айлам эмне болот эле? Айтууга ооз барбайт, тил күрмөлбөйт, Кудай анын бетин ары кылсын! Доңуздар да азыркы кишилер сыяктуу ар түрдүү динге бөлүнүп алышса, бутпарастары килейген камандын кейпи үчүн канча тонна карк алтынды коротушмак, христосчулдар чиркөөсүнүн алтарына азуусун ырсыйткан, тумшугу тепектей доңуздун сүрөтүн асып, чокунушмак, Кудайды коркулдашып даңазалашмак, мусулмандары мечиттин килемин тепсешип, чөгөлөй албай, итче чочоюшмак... Түү, Кудай өзүң кечир, ошондо ааламдын айласы эмне болмок?» дегенде, жаным: «ырас айтасың, сени бизге кошуп үчөөбүздү Адамга бергени Кудайымдын теңиздиги, аныңа макулмун. Бирок эмне үчүн сен ошол эле Адамды кызыктырып, азгырып отуруп бирине бирин кайрап, урушка кыргынга түрткүлөдүң, отуз жетинчи жылга алып келдиң? Инквизицияны эмне ойлоп чыгардың? Баарыбызды жараткан Кудуретти танган атеисттерди кайдан таптың? Эмне үчүн Кудайдын тилин укпай, шайтандын алдоосуна кирдиң? Сени Алла таала Адамды «шайтандан кайтар, корго» деп жиберсе, сен кайтаруунун ордуна шайтандын бал татыган уу тилине кирип, Адамды бейиштен тамам сүрүлүүгө себепкер болдуң?» деди эле, теним ага кошулуп: «сенин келесоолугуңдан мен да ыпылас жерге түшүп, жандан ажыраганда дайым сасып, чирүүгө мажбур болуудамын» деп, акылымды экөө эки жагынан талай баштады. Кудай урду! Бир өзүм үчкө бөлүнүп, кимисине болушаарды, билбей, же кандай акыйкат калыстык жасаарды таба

албай, шаштым кетти. Ошентип айлам түгөнүп, карайлап турганымда, акылым акылдуулук кылып: «Ой ал мындан миллион жыл мурда болгон ал биринчи киши эле, аты Адам эле, мен жаш элем, тажрыйбам жок эле. Жаштыкта кандай гана калпыстык болбойт?! Жер да азыркыдай эмес таза болуучу. Тен сен да азыркыдай бат чиричү эмессиң. Адам жаралгандан бери табияттагы кереметтүү, сыйкырдуу көрүнүштөргө кызыгып, менин жардамым менен алардын сырларын ачып келатат. «Тирүү жашоо маңызын билсем, алардын татаал ички дүйнөсүнө жол таап кирсем» деп, тынбай убараланууда. Менин жардамым менен кыйла ийгиликке жетти. Жалаң эле урушуп-чабыша бербестен, табиятта жок көп нерселерди жаратып, дүйнөнү көркүнө чыгарып коోздоп, тиричилик оокатты жакшыртып келатканын эмне көрбөйсүңөр? Болду эми, акылсыз талашканыңар данексиз. Андан турмушка керектүү, адамзаттын насилин жакшыртууга зарыл эч кандай жемиш өнбөйт. Жанатан бери өзүңөрдүн алыңардын чамасын билбей, Кудай жолун издейбиз деп, акыйкатчылык табабыз деп ары урунуп, бери урунуп, Кудуретти таба албай, анын бардыгына шек келтирип, өзүңөр күнөөкөр болдуңар. Силер тургай мен Жаратканга жетчү ак жолду билбейм. Муну табуу жөнүндө байыртан бери ар кандай кайчы пикир, талаш-тартыштар болуп келатат. Атеисттер болсо, өздөрү Кудай болуп, карапайым пенделерди эзүүнү самап, накта Кудайды танып келүүдө. Адамзаттын тарыхы үчүн бул жаңылык эмес. Азыркы фашисттерден, алардын касы – коммунисттерден төрт-беш миң жыл мурда Мисирдин фараондору өздөрүн Кудай аташкан. Букараларын өздөрүнө чокундурушкан. Ошондо да менин жардамым менен букаралар алардын Кудай эместигине шектенишкен. Азыр деле атеисттер канча күчтөнүп өздөрүн Кудайсынганы менен, Кудуреттин каарына калышып, бирин-бири кырууга мажбур болууда.

Жан – сен боорукерсиң, аның жакшы сапат. Кудай жолунан адашкандарды да Кудайды тангандарды да адамзаттын тукуму эмеспи деп бооруң ооруп, алардын күнөөсүн кечир деп, Кудуреттин өзүнө кайрылып атасың. Бирок, сен жалакайсың, турмуштун катаалдыгына чыдай албайсың, шашкалактайсың, күйпөлөктөй бересиң. Тен – сен өзүмчүлсүң, аның жаман сапат. Бул сени кекчилдикке, ырайымсыздыкка алып барат. Энөөлүк жайың дагы бар: мени да, жанды да, жинди да – баарыбызды ичиңе батырып көтөрүп жүрөсүң. Биз тургай алдап ичиңе кирип кеткен напси шайтанды да кууп чыкпай, өзөгүңдөн жай берип, багып келатасың. Бул жагынан баарыбыздан чыдамдуусуң, көтөрүмдүүсүң. Бирок мактанба, сени кыймылдатып, кубат берип турган жан экенин унутпа! Мактанчылык эч качан жакшылыкка алып келбейт. «Баарын билем» деп мактанчаак болуп кетип, мен да Кудуреттен жазаланып, тенге жинди киргизүүгө себепкер болгомун. Жин экөөбүз кыямат кайымга чейин каспыз. Оор турмуш пенденин башына түшкөндө жин мени кытыгылап шаштырууга киришет, жан бышактап ага жардамчы болот. Мен салмагымды жеңилдетпөөгө, кебелбөөгө тырышам, сабырдуулукту тутам. Адилетсиздик көбөйгөн учурда Кудайдын буйругу менен жиндин тараза ташы басымдуулук кылып, мен шашып калсам, астым-үстүм түшүп, катастрофа ошондо болот. Жан – сен чыркырап асманга уча качасың, тен – сен, же жер кучактап сулайсың, же күкүм болуп чачырайсың, баарыбызды батырып, ээлик болуп турган пенде дайынсыз жоголот. Мына бул – Кудай жеткирген каар!..

Кереӊ түндө, караӊгы жертөлөдө жалгыз өзүмдү үчтөрт субъектиге бөлүп, ааламдын тагдыры үчүн санааркоого мажбур кылган жексур согуш деги качан бүтөсүң, качан жоголосуң? Сенин азабың денемди миң түркүн ийне болуп сайгылап сөөктөн өтүп, чучугума жетти! Майдандын ушул тилкесиндеги бүгүнкү тынчыраак түнүн-

дө, анын алдыңкы чегинен 6–10 км арткы ооругундагы адамды ушунча сары оору кылып, жүрөгүнө ушунчалык тийип атасың, а тиги алдыңкы чекте бетме-бет кармашып аткан эки душмандын айласы эмне болду экен?

Ой, тобо-о! Коркунуч канча жакын болсо, акыл ошончо күлүк болот бейм? Кечтен бери денем, теним жертөлөдө жаткан менен жаным жай таппай, акылым ааламды канча айланып чыкты. Кудай тааланын турган жайына барам деп, андан жашоонун маңызын сурап, чындык табам деп, канча убара болушту. Эгер бейкутчулук заман болсо, мен эл-журтумдун арасында болсом, өмүр, турмуш, жашоо жөнүндө ушунча мээ коротуп түйшүк тартууга себеп табылаар беле? Ай, таң?! Бардык акыл күчүмдү илимге жумшамакмын. Бир беткей ойломокмун. Дорфман окшогон адамга, балким, жолукмак эмесмин?.. Жанынын түпкүрүндө жаткан сыр сандыгынын оозун ачып, казына байлыгынан ушунча пайдаланып байымак эмесмин?.. Отуз жетинчи жылдын үшүгүнө кабылган жүрөгүм жылыбастан, көлөкөмдөн коркуп жүрө бермекмин?..

Жаман жакшыны тууйт белем? Өрт ичинде чок чеңгелдеп, жаным кулагымдын учунда, жүрөгүм кабынын сыртында жүргөнү менен жумук көзүм ачылып, туюк көөдөнүм желдеп, турмуштун жалаң гана бет жагын эмес, арт жагын да көрө билип каныгып, бышыгып келатам. Көзүм канчалык алыска, акылым канчалык тереңге, теним канчалык чымырлыкка жеткен сайын, жаным ошончо аянычтуу, таттуу болуп келатат. Ушунча жаңырып, жакшырып өскөн мени бир буудайдай темир кайсап кетсе кимге зыян? Биринчиден, өзүмө зыян, экинчиден, күн сайын жол карап, көз майын түгөтүп аткан энеме зыян, үчүнчүдөн, мендейди багууга, окутуп-чокутууга, өздөрү чала тоют болсо да, салыгын төлөп каражатын чыгымдаган жалпы элибизге, мамлекетибизге зыян. Ал эми эни миңдеген километрге жеткен майдандын аркы

өйүз, берки өйүзүндө мага окшогон жаш жеткинчектер миллиондоп саналат эмеспи. Ушулардын баарысы, курмандыкка чалууга байланып турган козудай экени жалганбы? Ошондуктан каргыш тийген согуш деген немени бүт денемдин бардык клеткасы менен жек көрүшүм мен үчүн кечиримдүү деп ойлоймун. Ушундай сезим жалгыз эле менде бекен? Жок! Бул сезим офицерлерде деле, солдаттарда деле – баарысында бар. Айырмасы: бирөөлөр согушту ачык айтып каргаса, бирөөлөр ичинен сыздап жек көрөт. Бирок таштап коюп, тарап кетүүнү эч кимиси каалабайт. Анткени, фашисттик армияны чала өлгөн жыландай кылуу жарабайт, ийинине сойлоп барып, айыгышы мүмкүн. Анын үстүнө, алардын таманында дагы канча биздин жер жатат. Бет маңдайыбыздагы душмандарыбыз деле бизге капканга түшкөн карышкырдай айбат кылып, өжөрлөнүшкөнү менен мурдагысындай замбиректерин күркүрөтүп, пулемет-автоматтарын тырылдатып чаржайыт аткылай бербей калды. Мурда күн жылт этсе эле кара таандай сабылып, күндүн көзүн көрсөтпөгөн самолетторунан тажачу элек. Азыр анда-санда, түнөгүнө кечиккен коң каргадай салпактаган, жалгыз-жарым «рамалары» гана үстүбүздөн өткөнү болбосо, баягынын бирөө да жок. Зор майдандын бардык тилкелеринде жеңилип, кансырап бараткандары биздин чөлкөмдө да ушинтип билине баштады. Ушул абалга дуушар болгон фашисттик жоокерлердин Гитлерге баш-оту, жан-дили менен берилген фанатиктери эле согуш тилебесе, акылэси жайындагылары согуштан тажагандыр?

Биз канча жадасак да, душманды өз жерибизден сүрмөйүнчө, куралыбызды таштабайбыз, белибизди чечпейбиз дечи. Биздин Башкы командачынын чечкиндүү, катаал буйруктарын фронт, армия командачылары эр болсо укпай, аткарбай көрүшсүнчү. Баштарын помидордой жулуп алаар?.. Анын жаалына Кирпонос, Павлов дагы далай аскер башчылары кабылганын алар

эстеринен чыгара электир? Ал иш кырк биринчи жылы душман бизди сайгактай кубалап, кокодон алып муунтуп атканда болгон эле. Эми, душман кансырап, коён жүрөк болуп алапайын таппай турган кезде, Кудайдын өзү биздин намысыбызды алып берүүгө жардамга келип аткан кезде, беймаал бел бошотууга ким даай алат? Соолгон согуштан миң мертебе жадасаң да, адилет үчүн аягына чыдаш керек! Акылымды кайда чаптырып, чабытатпайын азыркы мезгилде мындан башка абийирдүү айла таап келе албады. А мен, керт башым согуштун оор ташына бастырылып жатсам да согуштан качып абийиримден ажырагым келбейт. Айылда ууруча жашырынып, смершке кармалып, каргыштуу кара өлүмүмө энемди күбө кылгыча, согушта душманды кубалап баратып окко учкан ак өлүмүмө Кудайды күбө кылуу мен үчүн ыйык.

Өлүмдөн ким коркпойт?! Менин байкашымда ажал менен беттешкендин баарысы эле коркот. Коркпосо, душман качпайт эле да! Коркуп, акылынан шашкан кээ бир жоокерлерибиз өз колун өзү атып, же жолдошуна тозуп берип аттырып, акмак болуп жатышпайбы. Биздин полктун экинчи батареясынын бир солдаты өткөн күздө ошентем деп, смерштин колуна түшүп, трибунал он жыл кесип, штрафтуу батольонго айдаган болчу. Канча жоокерибиз ошондо ал солдаттын бетине түкүрбөдү эле! Кудай ошондой бети каралыктан сактай көр! Бир берген жанды Кудай бир эле алат – эки бербейт, эки албайт! Арам тирүү жүргүчө, адал өлгөн өөдө! Динде деле адилет өлгөн киши бейишке чыгат дешет. Бирок «миң күнкү бейиштен бир күнкү жарык жакшы» деген кабары да бар. Эмне үчүн бирине бири каршы? Үстүртөн караганда чын эле карама-каршы пикир. Ал эми акылга калчап, тереңирээк ойлоп көрсөк, экөө тең кишинин пайдасы үчүн айтылган. Биринчи пикир адамды айбандардан артык кылып турган касиеттерди: акылды, абийирди, адилеттикти, актыкты, ыйманды коргоо үчүн, керек

болсо жаныңды аяба, алардан ажырагандан кийин сенин кишилигиң калбайт, айбандан айырмаң болбойт деген маанини түшүндүрөт. Экинчи пикир, бул жарык дүйнө эч теңдеши жок кооз, ажайып, ааламдын башка жагында буга салыштыра турган эч нерсе жок, муну таштап мындан артыкты таппайсың. Канча кыйынчылык башыңа келсе да, адамкерчилик касиеттериңден ажырабай, ушул дүйнөнүн үзүрүн көрүш үчүн тырыш, эмгектен деген маани берет.

Ой-бой, Кудая тобо-о! Адамдын көнөчөктөй башына муштумдай мээ салып, ага ааламга сыйгыс акылды батырып койгон Алланын кереметине кантип таң калбайсың?! Акылда канат жок, мотор жок, бирок кааласа ааламды көз ирмемдин арасында алты айланып чыгууга үлгүрөт. Мына, мен киндик каным тамган мекенимден алыс, азыркы замандын эң мыкты, баарыдан күлүк деп аталган самолёт менен ара конуп араң жете турган Витебскинин четиндеги бир токойдун ичинде жертөлөдө жатып алып, жети түндө кыялканат менен заматта үйүмө учуп барып энемди, тууандарымды кыялкөзүм менен көрүп, дидаарлашып келе калдым. Турмуштары оор экен, бирок баарына кайыл, энемдин күткөнү эле: «душманды жеңип, балдарым аман үйгө келсе экен». Жалгыз эле менин энем эмес, айлымдагылардын баарысынын күткөнү душманды батыраак жеңип, үйгө аман-эсен кайтышса деп, майданга кеткен жакындарын дегдеп жатышыптыр. Колдоруна кара кагаз келип, мүңкүрөп тургандар да бар экен. «Кат эмне кечикти, кудай уруп салганбы? Түшүм жаман? Бир Кудурет өзүң колдой көр!» деп ичи капага толуп, сары оору, санаа ооруга чалдыгып калгандар да кезигет. «Ала-куласыз мал болбойт» дегендей айылда эл арасында райкомго пара берип, военкоматтын өстөнүн майлап, сельсоветти арак-бозо менен жайлап, бойго жеткен балдарынын жашын кичирейтип каттатып, армиядан жашырып алып калып аткандар да жок эмес көрүнөт. Ал

шылуундардын күнү туулган белем?.. Шылуундар демекчи согуштан жарадар болуп кайткан бир жолдошум мага жазган каттарында ал байкуш өз армандарын айтат. Ал кургур техникумду бүткөндөн кийин айыл мектебинде мугалим болуп бир жарым жыл иштеп туруп армияга чакырылып эки жылдык мөөнөтүн бүтүрүп келип, пединституттун тил факультетине кирип, үчүнчү курсун бүтүрүп атканда согуш башталып, сүйлөшүп жүргөн кызына үйлөнүүгө үлгүрбөй, мобилизациянын биринчи эле тобу менен майданга кеткен. Кусейин экөө абдан жакын эле. Бизден беш-алты жаш улуу. Жашынын анча айырмасына карабай жан бирге болуп, бир жүрө турганбыз. Төрөле электе атасынан айрылып, таякелеринин колунда төрөлүп, аты Жээнбек коюлуп, жетимдер үйүнөн тарбия алган бечара. Кусейиндин тагдыры да өзүнүкүнө окшоштугунан, аны бир тууган инисиндей көрө турган. Жетимдин запкысын кымындайынан бери жеп, ак каптал өскөн неме, өз боюна дыкан, жокчулукка чыдамкай, барчылыкка барпаңдап кеткен жайы да бар. Бизден бир топ көйнөктү мурда жыртып, турмушка кагылып-согулуп калгандыгынанбы, же жетимдик кедергисин кесип койгонбу, же болбосо, жердиги ошондойбу билбейм, айтор, Кусейин экөөбүздөн Жээнбек бир кыйла бүйрө эле. Үнөмдүү жашоону бизге үйрөтө турган. Гонорардан түшкөн акчаны буга каттырчубуз. Ичкен-жегенибиз чогуу эле. Сактык касса дегенди Кусейин да, мен да билбептирбиз.

Жээнбек, китепти көп окуган, өңүрдөн өөн, жумурдан мөөн, жумурткадан кыр тапкан, ар нерсеге сын таккан, калемин сынчылыктын кайрагына кайрап жүргөн болочогу бар жигит. Үй тарбиясын көргөн эмес болсо керек, өзү мунттун алдында туулса да, Кудай, абийир, ыймандан кабары жок, бардык жорук-жосундук өлчөмдү коммунисттик мораль менен ченейт. Техникумда окуп жүргөндө эле пионердик, комсомолдук уюмдардан тарбияланып, актив болуп көп сүйлөп, тап күрөшүнө жеңин

түрүп катышкан. Отуз төртүнчү–отуз алтынчы жылдардагы партиялык тазалоодо далайдын ата-тегин козгоп, көкөйүнө көк талкандай тийген, ар маселени таптык көз менен карап, таптык позицияда чечүүгө тырышкан байкуш, «Правданын» бир номурун да аттабай текши окуп, саясий кыраакылыгын күн сайын өркүндөтүп турчу. Жээнбектин курсташтары, бир комнатада чогуу жатып жүргөндөрү обочолонуп, көп кошчу эмес. Кусейин менен көптөн бери тааныш экен. Мен таанышкандын биринчи күндөрү андан чоочуркап жүрдүм. «Кайдагы бир балакет немени жаныңа үйүр кылып алгансың? Атаңдын тагдырын укса, ушул неме кендириңди кесет, түбүңө жетет» деп, Кусейинге айткан убагым да болгон. Адепки экиүч айда ал экөөбүз ооз учунан амандашып, мен ага шек алдырбай, боюмду качырып жүрдүм. Ал да мага батына алганы жок. Бара-бара саясий көз караштар, окуяларга баа берүүлөр, боорукердик, адабий билимдүүлүк жана ушуга окшогон сапаттарыбыз күндөлүк маектешүүдө, аңгеме куруууда улам ачыгыраак көрүнүп, бирибизгебирибизди жакындатып, анын үстүнө, Кусейиндин муну досум деп, буга толук ишениши менин аярдыгымды азайтып, акыры, жолдошчулук арабыздан орун алды эле. Ал маа бир жолу мындай сыры катары: «Атаң молдо, жат элемент болсо да, өзүң ак көңүл, көптү билген, боорукер, эстүү жигит экенсиң, сенден жамандык күтүүгө болбойт» деп, «баа» берген. Ал бечаранын түшүнүгүндө «жат элементтин» балдары кара ниет, кара өзгөй, ташбоор, жаңы заманды түшүнбөгөн дөдөй, социализмге каршылык кылган зыянкечтер болуш керек окшобойбу. Ал эргул өз оюнда менин өздүк «сапаттарымды» көрүп боору ачып, мени андай «жат» ийримден сууруп алып, өз боюна тартып, замандын болочогуна жарап берүүгө тарбиялап аткан көрүнбөйбү... Бир күнү пивого кызып алып: «Отуз жетинчи жыл болбогондо, мен эмдигиче чоң кызматта болмокмун, силерге окшогон сары ооздор менен

минтип теңтуш болуп жүрмөк эмесмин» деп, чыныгы сырынын четин чыгарган эле. Көрсө, Жээнбекти жетимдер үйүнөн Фрунзеге, техникумга алып келип киргизип, бардык кем-карчына каралашып келген бир жакын агасы Нарком болуп туруп, отуз жетинчи жылы камалып кетиптир, ошол бойдон анын дайыны жок экен. Ал агасы шаарда турган кезинде, Жээнбек да анын аркасы менен кыйла доорон сүрүп, өзүнөн кыйла улуу коммунисттерди курулай жалаа менен кууратқан экен. Жээнбекти «эл душманы» агасына байланыштырып, комсомолдон, мугалимдик кызматынан бошотқондо, иштеген жеринен качып кетип, бир нече ай Кыргызстандын сыртында жашаптыр. Бул окуя болбосо, Жээнбек институтта окубай эле чоң болуп, эл башкарып жүрмөк экен.

Кусейин экөөбүздүн жолдошубуз, Фрунзеден армияга узаткан бойдон түз эле Батыш фротуна барып, Маскөөнүн четинде уюшулуп аткан бир дивизияга келип, аткычтар полкунда согуштук ыкмаларга үйрөнүп, сержант деген наам алып, Маскөөнү коргоо урушуна катышып, кышкы чабуулда Можайскинин алдында оор жарадар болуп, өлгөндөрдүн арасында бир сотке кансырап, буту-колдорун үшүтүп жатканда, өлүк жыйнагандар эваколазаретке жеткирип, госпиталдарда бир жылдай дарыланып жүрүп, кырк экинчи жылдын аягында кайра институтка келип, төртүнчү курска кириптир. Жалпы тааныштарыбыз аркылуу менин адресимди таап, кат жазыптыр. Анын биринчи катын былтыр жазында кавалерияда жүргөнүмдө алгам. Ошондон бери кат алышып турабыз. Кийинкисин ушул Витебскинин четине келгенден бир айча өткөндө алдым. Ал каттарында Пржевальскиде, Фрунзеде болуп аткан жаңылыктарды жана өзүнүн жарадар болгону жөнүндө абдан териштирип жазат.

Бүгүн мен жети түндө жертөлө университетимде баягыдай эле ой чаптырып, кыял жорутуп атканымда, Жээнбектин ошол каттарындагы кыйла фактылар эрик-

сизден эске түшүп, кээ бир пикирлериме далил болуп атты. Келген каттарды жоготпой жыйнап жүрүүнү адат кылып алгам. Өлбөй тирүү болсом, кийин керегиги тийиши ыктымал. Эринбестен, чыракты кайра жандырып анын каттарын кайра бир сыйра окуп, кээ бирлеринин керектүү жерлерин бул эскермемде пайдаланууну туура көрдүм.

Жээнбек биринчи катында өзүнүн ден соолугу жөнүндө мындай дептир: «Оң жоон санымдагы жаранын оозу дагы эле бүтө элек. Доктурлардын айтуусуна караганда дагы далайда бүтчүдөй. Сол томугумдагы сыныкты хирург тилип албай, туурасынан кесип, тарамышты кыркып коюп, бутум бүгүлбөй калды. Колдорумдун, буттарымдын манжалары үшүп кеткен экен, буттарымдыкын түбүнөн муунап таштаптыр, кетмендеринин жартысы эле калыптыр. Кийин, таңуусун алганда карасам, кишиникине окшобой, төөнүкүндөй тегерек. Колдорумдун манжалары Кудай жалгап ("Кудай» дегениме таң калбай эле кой, башыңа балээ түшкөндө, оозуңа өзү эле кирип келет экен) чала үшүптүр. Оң колумда бармак, сөөмөй, ортон аман, тырмактары гана түшүп чыккандан кийин күйгөн немече тырыйып калды. Аты жок менен чыпалакты экинчи муунунан кесип салган. Сол колумдун манжалары катуураак үшүгөн окшойт, анын үстүнө алаканымды ок тешип кетиптир, манжаларым экинчи муунунан алынган, алаканым тырышып, муштумум жазылбай калды. Кийим кийүү, чечинүү мен үчүн проблема. Бөтөнчө чоң заара жасоо бир азап, тизем бүгүлбөгөндүктөн отура албай, баарысын туруп турган боюнча жасайм. Э-эй досум, айбандан артыкчылыгым жок. Атеист болуп тарбияланып көпкөнүмдү көтөрө албай, келесоо жаным Кудайды шылдыңдайм деп каарына калып, азыр кишилерге өзүм шылдың болуп жүргөн кезим, досум.

Ушинтип же өлүү болуп анда жок, же тирүү болуп санда жок, колтуктарымды кош балдакка жоорутуп, өзүмдү

өзүм жек көрүп, эки бутумду сүйрөп элге келсем, баягы биз көргөндүн бири жок. Фрунзеде тааныштар бирин-серин эле кезигет, эр бүлөө жокко эсе, чоочун кишилер, бөтөнчө еврейлер көп. Дагы мени таң калтырганы, баягы согуштун биринчи күндөрүндө күнүгө митингдерде төрт-беш сапар чыгып, Гитлерге муштумун кезеп:"мени фронтко, согушка барууга биринчи кылып жазгыла! Фашисттерди талкалайбыз! Бүгүндөн калбай жөнөйбүз!» деп тамагы айрылганча бакырган немелер дагы эле шаарда жүрүшөт. Жакшы жооптуу кызматтарды ээлешкен. Сулуу, сулуу кыздарды тандап үйлөнүшкөн.

«Номенклатурный работник» деген статусу бар, жабык магазиндерге бекилип, арзан оокаттарды жашыруун алып, персоналдык транспорттон пайдаланышат экен. Чогулуш, жыйналыштарда, ар кандай саясий кампанияларда дагы эле биринчилерден болуп трибунага чыгышып, баягы эле ырын ырдап атышыптыр ...Калган жаңылыктарды кийинки каттан угасың. Кош, дос, аман кел!». Жазуусу таанылгыс бузулган, чала сабаттуу немениин колундай. Куурагырдын манжаларынын соо эместиги билинип турат.

Экинчи катында Жээнбек: «...жакында кыргыз театрында «Сталинградская битванын» бүткөнүнө бир жыл толгонуна арналган чогулушка катыштым. Сахнада, президиумда жаңы адамдар аз, көбү баягылар эле. Военный формачан эки орус, бир кыргыз отурду. Үчөөнү тең таныбайт экенмин. Залды толтурган элдин ургундай көпчүлүгү жумушчу аялдар, өспүрүм балдар, көкала чач, улгайган эркектер. Кыргыздар аз, көбү эвакуацияланып келген чоочун немелер. Маа окшогон балдакчан, шинели жонунан түшө элек жаралуу фронтовиктерден сороңдоп, очороңдоп беш-алтоо болушту.

Официалдуу доклад бүткөндөн кийин президиумда отурган военный орустун бирөө сүйлөдү. Сөздөрүнүн кыязынан согушка катышканы билинип турду. Андан

кийинки ораторлор, баягы эле экөөбүз көрүп жүргөндөр биринин артынан бири чубап, трибунаны бошотподу. Тилдеринен чаң чыгат. Гезиттердеги информацияларды жаттап алган немелер, деле кыргындын ичинде кошо жүргөн немелерден бешбетер бирде ызырынып, бирде торжествующе үндөрүн бийик чыгарышып, Сталинграддын эпопеясын айтып келип, тылдагы жумушчулардын кужүрмөн эмгектерин, колхоз-совхоз эмгекчилеринин милдеттенмелери ашыгы менен орундатылгандыгы жөнүндөгү рапортторун санап өтүшүп, анан өзүлөрүнүн «ушундай согуштук оор шарттарда жолдош Сталиндин акылман жетекчилигинин астында» түн уйкусун көрбөй, башын жерден албай «бардыгы фронт үчүн» деп иштеп жатканын, «ата-мекен» жыргалчылыгы үчүн керек болсо канын, жанын аябай фашисттерди талкалоого азыр жөнөп кетүүгө даяр!» экенин билдирип, адаттарынча көкүрөктөрүн ургулашты. Баарынын сөздөрү коёндой боппоз, декламациядай таптак, шыбыргактатып тили мүдүрүлбөй сүйлөшөт. Баягы сенин жаңы костюмуңду уурдап, базарга сатып жүргөн жеринде кармалып, бизден таяк жеген шүмшүкчү. Ошол да митинг сайын тамагы айрылганча бакырып «азыр фронтко жибергиле!» деп жутунчу эмес беле. Фронт тургай БЧКны казганга, Токмокко чейин темир жол салганга да катышпаптыр. Азыр ЦКнын бир отделин башкарат экен. Тигил чогулушта ошол неме да чыгып сүйлөп, тырышпаган жеримди тырыштырды. Жети мүнөттүк сөзүндө он алты сапар Сталиндин ысымын айтып кол чаптырып, эки сапар элди ордунан тургузса болобу, мерзавец! Дагы эле баягыдай «согушка ыктыяры менен баруучуларды» үндөдү, сволочь, козел-провакатор![1]

Ээ, досум арман көп. ЦКнын, Совнаркомдун аппараттарында фронтовиктерден эч ким жок көрүнөт. Элдин оор

[1] Козел-провокатор – эт комбинатта атайын багылуучу серке. Койлорду союучу цехке ээрчитип кирет, өзүн кайра башка жол менен чыгарып жиберишет.

турмушуна кейип, чындыкты айтайын дегендердин дароо көзүн тазалашат дешет. Бардыгын бийлеп турган биринчи секретарь Вагов. Ким анын сөзүн сүйлөбөсө, же унчукпай калса эле болду. Эртеси эле военкоматтан повестка келет, түздөн-түз фронтко кетет экен. Ваговдун оюна кайчылаш пикир айтам деп, анын каарына калып, идеология боюнча ЦКнын секретары Асан Рысмендеев фронтко жиберилип каза таалтыр. Андан мурдагы секретарь Атаев, красная профессураны бүтүп келген коммунист эле, Ваговду элдин абалы жөнүндө критикалайм деп, «эл душманы, националист» болуп, НКВДнын колуна түшүп ың-жыңы жок дайынсыз, ага чиркештирип, отуз жетинчи жылдан бирин-серин аман калып, жооптуу кызматта иштеп жүргөндөрдөн да беш-алтоону будалашыптыр, досум. Здоровая критикага орун калбай калыптыр.

Дагы бир катында Жээнбек айылдардан көргөндөрүнө наалыйт: «… Айылда абал шаардан жаман. Нан дегенди көрбөй калышыптыр. Талкан менен чай ичишет экен. Отуз үчүнчү жылкы ачарчылыктын кейпин кийишкен. Райондун чоңдоруна кошомат кылып, пара берип, кээ бир пройдоха абышкалар жаш кыздарды токолдукка алып, кадимки эски замандагыдай эксплуатациялай баштаптыр. Республиканын башындагылардан калыстык кеткендигинен болсо керек, көпчүлүк райкомдор, айрыкча жаңы көтөрүлгөндөр, элдин турмушуна кам көрүүнүн ордуна, өз керт баштарынын жыргалчылыгын ойлоп, пара бергендин эле сөзүн сүйлөйт. Башкармалардын кайсы бирлеринин күнү тууп, коомдук менчикти өзүнү-күндөй урунушуп, карапайым члендерин деле көздөрүнө илип коюшпайт. Текөөрлөшөөр члендер деле калбаптыр. Аял байкуштардын күчү көзүнө чыгып, жаштарын төгүп, карайлап тим болушат экен. Эл эсебинен ичип-жеп көнгөн шумпайлар жана убагында мобилизациядан аман калган, кээ бир менчик оокатына тың немелер, чоңдордун эбин таап, колтуктарына кирип алышыптыр. Өз үйлө-

рүн райкомдун, исполкомдун, прокурордун, НКВДнын, милиция начальнигинин үй-бүлөлөрүнө жашоого берген район борборлорундагылардын балдары армияга чакырылган эмес. Өздөрү чоңдоруна жигит болушуп, аялдары ичек-карын артып, эт бышырып, казан-аяк менен алек. Башка кыштактагылар деле ошондой. Башкарма, сельсовет, завхоз, завфермалардын балдары үйүндө, карды ток. Калгандарынын абалын жогоруда айтпадымбы, досум.

«Бул айылдын партия уюму, комсомол уюму кайда? Жоюлганбы?» деп, мени чакырып чай берген тууганымдан сурасам: «Э-эй Жеке, сурап эмне кыласың, өзүң жарым жан болуп араң жүрөсүң, башыңды оорутпа! Парторг азыр – мен. Согуш башталгандан бери төртөө армияга кетти, экөөнөн кара кагаз келди, үчүнчүсүнүн дайыны жок, тертүнчүсүнөн кат келип атат. Ошолордун баарысы карапайым колхозчуларга, оор жумушту жасап кыйналып аткан аялдарга, кемирчеги ката элек балдарга болушуп, башкарманын законсуз иш жасап атканын айтамын деп каарына калып, фронтко айдалып кеткен. Партия биздин көргөн күнүбүз ушу болуп аткан соң, комсомол эмне кылат эле.

Мен, мен тургай сельсовет да башкармага каяша айта албайбыз. Алды-артымда жөлөк болоор тууган калбады. Үйлөнө элек иним согуштан мурда эле армияга кеткен. Ушул күнгө өлүү-тирүүсүнүн дайыны жок. Балдарым чиедей жаш. Ак жүрөктүк кылам деп, буларды кимге таштайм, Жеке? «Какой ты чудак, башкарманын антипартийный кылыктарын райкомго, НКВДга айтып бетин ачпайсыңбы?» десем: «Ээй, Жеке, сен баягы эле бойдон турбайсыңбы! Менден мурдагылар ошол райкомго айтып, айыл менен түбөлүк коштошкон. Ал эми НКВДга өзүң эле айта кой. Мага анын отуз жетинчи жылы кылган «жакшылыгы» момундай жетишет» деп, оң алаканынын кыры менен өз кокосун жанып өткөндө, мен жооп таба албай, эстен танып дал болдум, боюм бошоп шал болдум да калдым досум!...»

Акыркы катында элеттик көрүнүштөргө каңырыгы түтөп: «...Жумушчу-дыйкандар табын эзип, ушундай кордук көрсөткөндөрү үчүн отузунчу жылдарда айылкыштактардагы бай-манап жана башка жат элементтерди кулак кылып айдап жоготподук беле. Биз өлкөбүздү фашисттерден коргоого кеткенде, кулактар кайрадан пайда болуп, кыштактарыбызды басып алган го деген пикир оюма кетти. Бирок эми, жаңы манаптар эски кулактарча Совет өкүмөтүнө, коммунисттик партияга ачык каршы чыгып, саботаж уюштурбайт – кайра кошомат кылып, кезектеги зарыл кампанияларды уу-дуу, ач айкырык, куу кыйкырык, алабарман сүрмө топко айлантып экилентип, бөрк ал десе, баш алып, чоң шаан-шөкөт менен өткөрүшүп, жогору жагына жагынышат экен. Элдин абалы менен эсептешүү, мүмкүндүгүнө кароо деген жокко эсе экен. Маселен, фронтко кышка жылуу кийим керек десе, кээ бир айылдан мээлей, байпак, кийиз өтүк, тумак, тон турмак, кемпирлердин түйдөк жүнүнөн өөдө жыйнап келгендер бар экен. Фронтко керек деп, жардынын жалгыз эчкисин тартып алып кетүү окуя эмес, көндүм иш болуп калыптыр. Райкомду, исполкомду отуз жетинчи жылкы түрмөдөн чыгып келген эски ак жүрөк коммунисттер башкарган райондордо жогоркудай произвол анча сезилбейт, бирок андай жетекчилер аз, жана алар жогору жактан баркталбай, пленумдарда көбүрөөк тепки жешет экен.

Кыскасы, эл-журт арасы согуштан мурдагыдай эмес. Эстүү-баштуу эр бүлөлөрдүн дээрлик көпчүлүгүн фронтко айдап, козел-провокаторлор, паракорлор, кызыл кулактар, жашын жашырган дезертирлер доорон сүрүп, «ээн жердин көк бөрүсү» болуп алышыптыр! Фашисттерди батыраак жеңип, алты саныңар аман-эсен элге кайтууңарды Кудайдан тилеп, көптөн көп күткөн мунжу досуң Жээнбек», деп датасын жазып колун коюптур. Жазуусу таанылгыс бузулган, чала сабаттуу немени колундай.

Куурагырдын манжаларынын соо эместиги билинип турат. Көзү менен көргөндөргө жүрөгү канап, ою чаржайыт болуп, унутуп калып, катты бүткөндө эсине түшсө керек:

«P.S. Жеңиш туусун фашисттин чээнине сайып, батыраак элге кайтып, үйдөгү душмандар менен күрөшпөсөңөр, бизге окшогон жарым жандардын колунан келчүдөй эмес!» деп бүтүрүптүр.

«Жеңиш туусу!» Кандай ыйык сөз. Алты санынан ажырап, араң жан айлына кайткан кайран жигит «мунжу» деген атка денесин жоошутуп, мойнуна сорпо төгүлүп, «Кудай кылса кубарыңдын акысы барбы?» деп, жанынын аман келгенине Кудайга топук кылуу менен бирге, элде болуп аткан арамдыктарга тулку бою менен бүт жийиркенип, муну «мунжулар» жеңе албасына көзү жетип, майдандагылардан жардам сурап атканы эмне жорук? О, кудай! Отуз жетинчи жыл башка кийим кийип, эл-журтка кайта келип калганбы? Андай болсо кудай урду! Чагымчылар, шылуундар, бакан оордор, шумпайлар көңүлүнө жакпагандарды согушка айдатып, чым-чымдап чогулткан эл казынасын чеңгелдеп жеп, кара кийип кан жуткан карапайым момундарды, чокой кийип тон жырткан айлада жок чобурларды, кызыл чие чыткурсак балдарды, кызыл ээк, кызыл көз кемпир-чалдарды каалашынча «башкарышып» оорукта калгандардын учуна чыгышпаса экен?.. Биз экинчи фронтту фашисттердин батышынан күтүп, куу Черчилдин амалын Сталин кетирип жарга такап атса, тиги биздин шумпайлар чыгышта айылда тымызын фронт ачып, кара жоолук катындарды жеңип, орден алып жатышкан белем?! Эгер Жээнбектин жазгандарынын баарысы чын болсо, анда курудук! Биз фашизмди жеңип бүткүчө, шумпайлар ата конуштарыбызды алып коюшат... Бирок буга толук ишенбейм... Кантип эле коммунисттердин баарысы Жээнбектин тууганындай болуп калсын?.. Бул жакта душмандын ДОТунун бүркүп турган амбразурасына титинип боюн

таштап, денеси менен пулемёттун жаагын жап кылган Чолпонбайдай коммунисттер эл-журт арасында түгөнгөн эместир, балдары кетсе да ата-энелери, эже-карындаштары калгандыр.

Жээнбек тынчтыкта алты саны аман кезинде эле бир аз апыртма жайы, кызуу кандуу, албуутураак, көзү көргөнгө чыдай албай, эмоцияга сабырын алдырып жибермей адаты бар эле, эми жарым жан болуп калган кезинде көп нерсе ага терс көрүнүп, аны оңдоо өз колунан келбей турганга ич күйдүүлүк кылып жаткандыр. Деги мунун жазгандарынын ондон бири чын болсо да, жакшы көрүнүш эмес!

Жээнбек бизге каалаган жеңиш кечигип баратат. Быйыл аны көрбөйбүз го. Эмдигиче немис басып алган жердин жарымын да бошото элекпиз. Жеңишке жетиш үчүн алдыбызда Финляндиянын, Эстония, Латвия, Литванын, Польша, Молдавия, Румыниянын, Болгария, Венгрия, Австриянын жерлерин бошотуп, анан анык фашизмдин чээндери Италия, Германиянын жүрөгү, алардын борборлору Рим менен Берлиндин нак ортосуна туубузду сайып, желегин желбиретиш керек! Ой-о-ой, кууралган түйшүктүү дүйнө!.. Аны канчабыз көрөөр экенбиз?! Канчабыз үйлөрүбүзгө кайтып, Жээнбектерге жардамдашмакпыз? Бир Кудай өзүңө гана белгилүү.

Кудайдын боору ооруп жеңишке жеткирип, элиме кайтууга насип буюрса айлымды кантип көрөөр экенмин? Энем мени экинчи төрөгөндөй болоор ээ?! Туугандарым да аман келгениме кубанышат дечи. Курмандыгын чалып өпкө чаап, суу тегеретип, түлөөсүн өткөрөт дечи. Ал эми балдары, жакындары кайтпай калган шордуулардын кайгысынын карты кайра сыйрылып, жаңы туз себеленет ээ?! Кээ бир кара ниет, ичи тарлар: «Менин балам өлүп, талаада калды, а сен эмне аман келесиң?» деп, баласын мен өлтүргөн немече көзмынтык менен аткылабайт деп, ким кепил боло алат?

Ой тобо, ойлоп олтурсам «Жеңиш» деген жеңил айтылганы менен мааниси: ый менен күлкүнү, кан менен балды, кубаныч менен өкүнүчтү, сүйүнүч менен күйүнүчтү, өксөө менен көксөөнү, той менен ашты аралаштырып турган керемет, ыйык сөз турбайбы. Жараткан Теңирим, эгер мени пендем деп жаратканың чын болсо, сенден менин зар какшаган өтүнүчүм мени абийирим, ыйманым менен ошол Жеңишке жеткире көр!!!

**– 10 –**

Кулактын тарсылдагын тешкен катуу табыштардан чочуп ойгондум. Уйкум умачтай ачылып, көзүм чакчайганда, адегенде брезент эшигимдин жылчыктарынан жарыктын шooласы көрүндү. Эмне алаамат болуп кеткенине ой жүгүртүүгө чамам келе албай, будаланып тура калып баш баксам, асманда уруш жүрүп атыптыр. Жерде Кудай жалгап, баарысы калыбында сыяктанат. Жертөлөдөн чыгып алдыңкы чекке буруучу жолду карасам – ээн. Күндүн шоокуму дарактардын башын чалган, түбүнө жете электей кабак, жыбыттардан үрүң-бараң жакшылыктуу кете электей. Төбөдө күн чайыттай ачык. Ошол мейкиндикте ойкуп-кайкыган самолёттордун күрүлдөгөн, озондогон үндөрү, пулемёттордун тарсылдаган, зенит замбиректердин такылдаган табыштары аралашкан ызычуу, дүбүрт-дабырт. Дүрмөттөрдүн, бомбалардын, самолёттордун сыныктары, пулемёттордун октору тийип калуу коркунучу болбосо, асмандагы атыштар таңыркатаар тамаша. Аны жерден карап турсаң кадимки ипподромдогу оюн-зоокторду элестетет. Адамдардын өмүрү кыйылган, от чачылган, ок атылган опуртмалуу оюн экени эсинден чыгып кетет. Мени азыр чочутуп ойготкон окуя да, согуш майданынын кай-кай жерлеринде көп эле кезиге турган ошол оюндун бири экен. Немистердин төрт-төрттөн конверт болуп тизилген деле

көп юнкерстери чыгышты көздөй сызып бараткан экен. Алдын, асты-үстүн, оң-солун, артын мессершмидттер жакшы эле кайтарып келаткан окшойт. Сыягы, биздин алыскы оорукка, бир чоң объектибизге бүлүк салганы баратышса керек. Биздин учкучтар эрте туюнган белем, майдандын чек арасынан алыс өткөрбөй үлгүрүшкөн экен азаматтар. ЯК–6, ЛА–5 кыргынчыл самолёттору-буз немистердин жолун тосуп, салгылашып калган кези экен. Мен көргөн маалда немистердин самолётторунун алдыңкы звенолорунун ыркы бузулуп, чачырап учуп, бомбуларын тушкелди жерге таштай баштаптыр. Мессершмидттер айбаттанышып, биздин кыргынчылар менен аралашып беттеше кетти эле, эки жактын тең пулемёттору тыртылдап, бирин-бири качырышып келип эми сүзүшө турганда биздин бир ЯК-6 тик атылып асмандап, немистики кудуп ылдый түшүп, токойдун дарактарынын учун сыдырып, кайра кайкып өөдө чыкты эле, экинчи бир ЛА-5ке кабылганда уюлгуган кара түтүн бур дей түшүп, артынан жалын жалбырттап, мессер бир-эки чайпалып барып оңкосунан сайылып тик түштү. Болжол менен баягы эки жанаша көрүстөн ченге жарылды көрүнөт, бир аздан кийин токойдун нары жагынан ошол туштан оргуштаган кара түтүн асманга бурады. Аңгыча болбой, юнкерстердин ыркы такыр бузулуп, бараткан багытын жоготуп, ар кимиси ар жакка чаржайыт учуп, кайра кача баштады. Бир юнкерс асманда эле чачырап кетти. Зениткanын огу таамай тийсе керек. Дагы бирөөнүн оту жалбырттаган бойдон өз чегин карай зымырады. Биздин бир ЯК-6 майып болуп, учкучу парашют менен түшүп келатканда, балакеттей болгон бир мессер тооруп, тик качырып пулемёту менен түшүп аткылап жөнөдү. Кызыгына батып байкабай калдыбы, билбейм, парашюттун чатыры бүгүлгүчө самолёт тумшугу менен ага бир тийип, пропеллери менен тымтыракайын чыгарып жиберди. Биздин учкуч заматта көздөй кайым болду. Шордуу неме

асманда эле тыбыт болуп кеттиби, же пропеллердин уюлгуган шамалы анын күкүмдөлгөн денесин артка бүркүп таштадыбы, билбейм. Мессер да оң тапкан жок. Пропеллери талкаланып, оңкочуктаган бойдон калың токойго түшүп кыйрады. Биздин кыргынчылар тигилердикинен көбүрөөк көрүнөт, баш аламан сүрмө топто даана санап болбойт, бирок немистердин ар бир кыргынчысы менен биздин бир-эки кыргынчыбыз кармашып, юнкерстерден ажыратып таштаганына, дагы бир нече учкучубуз душмандын бомбулагыч самолётторун ителги тийген каргадай далпактатканына караганда, ошондой болду көрүнөт. Айтор, төрт-беш юнкерс кыйрады, калгандары бомбуларынан бошонуп ар кимиси өз жанын ала качып, асман бат эле тазаланды. Бомбунун бирөө биздин жаныбыздагы эваколазареттин эски журтуна түштү. Кудай жалгап жарылбай калды. Кар күнүгө эрип, жер жибип, кабак, коо, аң-чөнөк, жыбыттарды көлкүлдөтүп суу баса баштаган. Эваколазареттин орду жыбыттын таманында, биздин кабагыбызда болуучу, саздак жер экен, эриген суулар чогулуп, көлчүк пайда боло баштаган. Бомба мээлеп келген немеден бетер так ошол көлчүккө түшсө болобу. Он метрче бери түшсө, боорго жайгашкан менин жертөлөмө же бир аз оң жагына түшсө, наркы өйүздөгү жантаймадагы аттардын кепесине тиймек. Кудай чоң сактады! Эмки түшкөн жеринде деле жарылса, сыныктары чачырап, бизди оң таптырмак эмес. Жок эле дегенде бир жак бети ачык кепедеги жарадар аттардын бир далайын жайламак, дагы жаңы жарадар кылмак...

Бала кезимде, жайлоодо жем издеп асманда айланып, чабыттаган бүркүттөрдөн корунуп суурлар ийиндерине кире качып бекинишкенин, анан асмандагы ажалдын жердеги көлөкөсү жоголгондо ийиндеринен чыгышып сороюшуп, бирин-бири «сен аманбы, мен аман» дегенсип, жабыла анкушташканын көрчү элем. Бүгүн таң заарындагы окуядан кийин, жертөлөбүздөн сыртка чыгып,

аман калгандыгыбызга сүйүнүп, душмандын асманда жеңилгенине кубанып, бири бирибизди куттуктап жатып, ошол бүркүттөн корунган суурлар эсиме түштү! Тобо-о! Жан деген кандай таттуу. Жан айласы тирүү заттардын бардыгыныкы окшош белем?..

Мал-жаныбызды түгөлдөшүп, күндөлүк жумушту Барановго табыштап, өзүм шашып капитан Головневго, күндөлүк абалды билүүгө жөнөдүм (ал жакындан бери рациялуу болуп, полктун штабы менен байланышып, буйруктарды, тейлештирүүлөрдү алып турат). Алар жакка да бомбулар түшүп аткандай болду эле. Жолго чыкканымда эле жаңы топурактардын чачырандысы кезикти. Келсем, булардын конушуна эки бомбу түшүптүр. Эки килейген аң. Головневдун жертөлөсү сыртынан аман. Азык сакталуучу чатырлардын чоң чатырынын ордунда бир аң. Эки карагай омкорулган, сөңгөктөрү арабалардын, чаналардын эки-үчөөнү басып калган. Взводдун командири жарадар болгон. Начхим, дагы үч солдат, эки ат өлүптүр, бир ат оор жарадар болуптур, эки солдаттын дайыны жок. Же качып кеткени, же бомбулар бүркүп кеткенби, белгисиз. Артскладды кудай сактаптыр, ага бомбу түшкөндө чарба бөлүгүбүздөн мүлдө кол жуумакпыз. Головнев куурагырда дыдаар жок. Кекечтенип жакшылыктуу сүйлөй албайт. Санврач Егоров анын фельдшери Кондрашкин, санитары Таня жарадарлар менен алек болуп атыптыр. Менин коллективимде чыгым жоктугун айттым. Полктун ооругунда болгон окуялар тууралуу рапортту Головнев өзү рация аркылуу айта албай, радист шифр менен штабга билдирди. Алдыңкы чекте өзгөрүү жок, мурдагысындай эле тирешип турушканын радисттен уктук. Взводду командалоо анын старшинасына жүктөлдү. Начхимдин орун басары жок эле. Анын жабдыктары батареяларга бөлүнүп берилген. Резервдегилерин чарба взводунун эки арабасы ташып жүрө турган. Андыктан анын ордуна дароо башка бирөөнү дайындоонун кажаты

болгон жок, начхимдин өлүмү армиянын ооруk боюнча штабына рапорт аркылуу билдирүү менен гана чектелди.

Ала шалбырт башталып, жолдор татаалдана баштаганына байланыштуу, бир араба менен начхимди гана Лиознонун жанындагы көрүстөнгө алып барып көөмп келүү Кондрашкинге тапшырылды. Солдаттар жакын жердеги көрүстөнгө коюлмак болду. Аны Головнев экөөбүз аткармак болдук. Жарадарларды эваколазаретке Егоров менен Таня алып жөнөштү. Солдаттарды араба, чаналарды калыбына келтирүү начпроддун милдети болду. Бомбулоодон корогон азык-түлүктүн, буюм-тайымдын корун толтуруу үчүн ОВСтин начальниги, улук лейтенант Быков армиянын ооругуна бармак болду. Өлгөн үчөөнүн бири мага мурунтан тааныш, баягы сержант Левин экенин көрүп, алда немелер оюма түштү. Канча амал колдонгону менен ал шордуу ажалды алдай албаптыр. Ушундан улам, «маңдайына тагдырда эмне жазылса, андан кутула албайсың» деген ылакап эсиме келди.

Чарба взводунан беш солдат, менден эки солдат мүрзө казууга чектедик. Саат 11де солдаттардын өлүгүн жерге тапшырууну Головнев менен убадалашып өз бөлүгүмө кайттым. Менден суук кабарды угушуп, Баранов, Посохов, Чистовдор абдан кейишти. Алар өлгөн солдаттардын Левинден башкаларын да таанышат экен. Көбүнчө Чистов солдаттын бирин: «Жердешим эле, армияга бирге чакырылып, үч жарым жылдан бери бир полкто элек» деп, өтө кайгырды. Шордуунун аялы туңгуч баласын атасы армияга кеткенден кийин төрөгөнүн, биздин полк Нарофоминскийди бошотуп атканда уулдуу болдум деп, аялынын катын көрсөткөндө сүйүнгөнү Чистовдун көзүнө азыр көрүнүп турганын, кечээ азык алып атып ага кезигип, элден эмне кабар бар десем, «атам жөнүндө кара кагаз келиптир. Энем катуу кайгырып, оорукчан болуп, иштей албай, бардык түйшүк менин Манямдын мойнуна түшүптүр. Мишуткамын тили буудай куурат дейт. Чоң

энесине караан болуп үйдө экөө керээли кечке жалгыз. Тамак-аш тартыш. Картошка кымбаттап кетти. Колхоз эмгек күнүнө эчтеме бербейт. Эми Ваня, энең, уулуң үчөөбүздүн үмүтүбүз сенин аман келишиңде. Шорумду кайната көрбө. Ден соолугуңду сакта. Кудай сени коргосун» деп, байкуштун аялы кат жибергенин айтып, жер карап жашып, – Жолдош начальник! Мага улуксат берсеңиз, мен ал жердешимдин сөөгүн коюуга катышайын. Бир ууч топурак салуу менин христиандык милдетим! – Жалгыз эле христиандар эмес, топурак салуу мусулмандар үчүн да парз. Сенин жолдоштук да, жердештик да милдетиң. Баса, көр казууга бизден эки солдат жиберилүүгө тийиш. Экөөнүн бирөө өзүң бол, экинчиге – каалаган солдатыңды жолдош кылып ал. Завтрактан кийин чарба взводуна жөнөгүлө. Ушул жердеги эле көрүстөнгө коюлмак болду өлүктөр.

Ефим менден сыйлык алган немеден артык улуксатыма ыраазы болуп кубанды. Кудая тобо, эмне болуп баратабыз, деги? «Жердешиңе ок жаңылып, опат болуптур, арты кайырдуу болсун, кайрат кыл. Акыркы сыйнатына катышып кайт!» деп, ага мен көңүл айтуунун ордуна, ал жолдошун, бирге чоңойгон, балалыгын бир өткөргөн жердешин жерге жашыруу үчүн, кылмыш кылып койгон немече, менден кечирим сурап өтүнүшү деги жакшы жышаан эмес го?! Же болбосо, биздин ушул муун жашап аткан замандын салт болуп келаткан тартиптеринин өөнсүз эле бир жөнөкөй көрүнүшүбү? Эгер мындай жоруктардын бардыгын салтка айлантып алып олтурсак, атам заманынан бери калыптанып келаткан адамкерчиликтен, бара-бара айрылып жүрбөйлү? Ырас азыр жоокерчилик заман. Душман менен бетме-бет тирешип турабыз. Ефимдин жердеши деле ооруп өз ажалынан өлбөстөн, ошол душмандын колунан өлүп олтурат. Жоо мандайында жаланып, кооп колтугунда коркутуп турган шартта тартип темирдей катуу, ынтымак бир оздуу, бир

баштуу болушу зарыл мыйзам дечи. Бирок менимче ар бир мыйзамда жан, жүрөк, боор болуш керек. Мыйзам деген немени адам өзү ойлоп тапкан да. Менин илимий кабарым боюнча, билишимче мыйзам адамды ар түрдүү ырайымсыздыктан коргоо, зордук, зомбулуктан, кара ниеттиктен, ташбоордуктан сактоо үчүн чыгарылган. Демек, кандай мыйзам болбосун, ал адамкерчиликке, жалпы адамзаттын өсүп-өнүгүшүнө жылуу камкордук көрсөтүш керек. Жансыз, муздак мыйзам адам үчүн кызмат кылбайт. Андай болсо, бул жышаана, биздин доктрина – марксизм-ленинизм пролетардык революция процесстерин бардык жактан актоого база түзүп бериш үчүн сентиментализмди жактырбай, андагы адамкерчилик сезимди бүт шылдыңдап элибизди ырайымсыздыкка, ташбоордукка тарбиялоо кесепетинин белгилеринин бири болуп жүрбөсүн? Кокуй! Мындай белгилердин ушундайында, алдын ала каршы чара колдонбосо, кийин ташбоордук салтка айланып кеткенде, коом сырткы душмансыз эле өзүн өзү кыйратып таштайт го? Кудай ошондон сактай көр!

Солдаттарды акыркы жайына коюп атканда кызмат кылган тирүү жолдоштору унчукпай сурданышы, кабактарынын бүркөлүшү, энтигип терең дем алышы алардын ички кайгылары сыртка чыга албай, ар кимиси өз тагдыры эмне менен бүтөөрүнө санааркап, согуштун ысыксуугун, азап-тозогун бирге бөлүшүп жүргөн күжүрмөн жолдошторунан түбөлүк ажыраганын, ичинен эчкирип ыйлап атканын көрсөтүүдө. Чистов тумагын сол колуна алып, өлүктөрдү көргө түшүрөөрдүн алдында, жердешинин чекесин оң алаканы менен сылап, көкүрөгүн, эки ийинин колунун учу менен таптап койду да, андан нары эмне кылаарын билбей, кылмышы бар немече мага карап жалдыраганда, мен чыдай албай: – Тартынба, Ефим! Христиандык ырым-жырымыңды билишиңче жаса! – дедим. Ал менден мындайды күтпөсө керек, эрээркеп

ичиндегилери сыртына чыкты: – Господи, отпусти грехи, прими душу раба божьего православного христианина Ивана, сына Селивестра, уроженца деревни Иванкино, крещеного в церкви святой Богородицы![1] – деп, асманды карап чокунуп, башын жерге салганда калган солдаттардын экөө Ефимди туурап чокунушту, эки солдат чокунган жок – мусулман экен. Алар да оозун кыбыратып, ичинен бирдемелерди айтып, жолдошторy менен коштошкондой болушту. Левин да христиан солдаттар менен бирге бир чуңкурдан жай тапты.

Буларды коюп атканда Левиндин тирүү кезиндеги кылык-жоруктары: заматта кубулуп, ар бир суроого жооп, ар бир аракетине себеп табууга тырышканы, өзүн өзү актап, мактап сүйлөгөндөрү, майдандан алыс оорукка кетүүнүн, деле аскерден кантип бошонуунун амалын талыкпай издеп жүргөнүн эсиме түшүрүп, кыялым кыйла жерге чабыттады. Анын эсеп чыгара албай миномёт командирин, взвод командирин алдаганы, ветфельдшердин окуусун бүткөм деп мени алдаганы, эски жугуштуу оорум бар, алыскы госпиталдарга жиберсеңиз экен деп туугансынып Егоровго жалынганы, акыры бизден айла болбогон соң, «пиротехникмин» деп, полктун артснабжение башчысынын башын айландырып, артскладдын камсыздоочусу болуп, санаасы тынып, «күн сайын өлүм коркунучунан кутулдум го» дегенсип жүргөндөрү көз алдыман чубуруп өтүп атты. Адамды канча алдаганың менен Алланы алдай албайсың, куу тумшук. Кайда качпагын, Алла буюрса, ажал кайда болсоң да табат. Мына ошентип, Хотемля токою сенин пиротехник «адистигиңдин» бүткөн нокоту болду да калды. Алланын амирисиз адамдын чачынын бир тал кылы жерге түшпөйт деген хикаянын мааниси ушул турбайбы.

[1] Кудурет, Иванкино кыштагында туулган, азирети Кудай энеси ысмындагы чиркөөдө чокундурулган кудайдын кулунун христиан православие коомундагы Иван Селивестр баласынын күнөөсүн кечире көр, жанын кабыл кыла көр.

Түбөлүк коштошуу салютун берип күнгө эриген суу-луу карды балчылдатып, ордубузга кайттык. Көрүстөнгө келатканда күн анча көтөрүлө элек, жерди жибите элек болчу. Түнкү суукта кайра тоңуп дыңкылоон тартып калган жол менен быякка оңой эле келдик эле. Эми кайта өз кошуунубузга келатканда жол азабын тарттык белем! Жердин мээси эрип кеткенби? Жол менен жүрүүгө болбой калыптыр. Ылайга өтүгүң кончуна чейин кирип кетет. Айла жок, бутубуз суу болсо мейли деп, жолдун жээгиндеги эрип аткан күртүктөрдү кечип, кабакка толуп калган көлчүктү теский жагынан айланып, боордон тайгаланып, жыгылып-туруп атып, каршы турган жерге бир саатча убара болуп араң жеттик. Кошуунубуз турган жер да көлкүлдөп, эринди суулар ар кандай объектилерибизди каптап атыптыр. Александр Михайлович солдаттар менен ат кепелеринин, жертөлөлөрдүн төр жагына туура арык тартып, кирген сууларды башка багытка буруп жатышыптыр. Посохов да адатынча солдаттарга иш жасоону үйрөтүүдө.

Токойдун көлөкөсү кошуунубузду күндүн тике шоолаларынан калкаласа да баары бир, жаз жаздыгын кылат экен. Жылуулук кардын үстүнкү катмарын эриткен сайын ал улам басырылып, жукарып, эринди суусу таманына түшүп, жантак жерлерде эңкейишти карай кар астынан жылжып агып, жолундагы аң-чөнөктөргө толуп, ашып-ташып, өзүнчө жол сала берип, эми менин жертөлөм менен ат кепелердин, солдаттардын жертөлөлөрүнүн ортосунан суу агып, өйүз-бүйүз болуп, бири-бирибизге шырык көпүрө аркылуу каттоого мажбур болгонбуз. Жаныбыздагы чарба взводуна эртең менен күн чыга электе каттабасак, мурдагыдай каалаган учурда бара бермей тыйылды. Дорфмандын редакциясы суу каптоодон чочуп, менин жертөлөмдүн артынан дөбөчөдөгү байкарагайдын түбүнө көчүп келип жаңы жертөлө казып кирүүгө мажбур болушкан. Бүгүнкү бомбулоодо бир бомбу алардан

беш метрче нарыраак түшүп жарылганда анын сыныгы машинесинин дөңгөлөгүнө тийген экен.

Ошентип, бир жагынан душмандын бүлүгүнүн азабын тартсак, экинчи жагынан Кудайдын жазы келип, түйшүгүбүз оордой баштады. Ушул иттин үнү угулуп турган Лиознодон ок-дары, тамак-аш ташып келүү чоң проблемага айланды. Полктун командиринин буйругу боюнча, кандай кыйынчылык башка түшпөсүн, эң биринчи ирет ок-дарыларды, миналарды үзгүлтүксүз жеткирип, батареяларды беш күжүрмөн комплекттен кем эмес өлчөмдө камсыз кылуу милдети, анан гана тамак-ашка көңүл буруу талап кылынган. Мен кудай жалгап, алашалбырттан мурда дары-дармектеримди норма № 2 ге жеткирип камдап алган элем.[1]

Александр Михайлович Баранов өз ишин жакшы билген, ар ким менен оңой тил тапкан, керсейбеген, ак көңүл, сарамжалдуу киши. Экөөбүздүн бирге иштегенибизге тогузунчу ай кетип баратат. Ошондон бери кер-мур айтыша элекпиз. Көп убакытта менин оюмду айттырбай табат же башкача айтканда, менин айтайын дегенимди айткыча жана ойдогудай жасап коёт. Жоокерчилик татаал мезгилде мындай киши менен бирге иштешүү өзүнчө бир жыргал. Балким, менин анчейин турмуштук тажрыйбам жоктугунанбы, же менин багыма жакшы кишилер туш келип атабы билбейм, айтор бул полкто мени менен бирге иштешкен лейтенант Барановго, сержант Ефим Чистовго бардык жагынан ыраазымын. Старшина Иван Посохов деле, карамагындагы солдаттарга анчамынча оронңдогону болбосо, ишмер, ак көңүл неме. Көп жыл армияда жүрүп, анын тартиби мунун бүткөн боюна биротоло сиңип калса керек, талаа шартында деле солдаттардан ыгы жок аскердик тартипти талап кылып жибермей адаты бар. Бирок, анысы орунсуз экенин айтсаң,

[1] Ветаптеканын бир комплекти, орто эсеп менен согуш мезгилинде бир полктун бир айлык керегине жетүүчү дары-дармек.

таарынбай дароо эле мойнуна алат, ачуусу бат таркайт, айтканыңды кек санабайт, бат эле унутуп калат, кыскасы ичинде арамы жок бу да жакшы киши.

Мына, бу сапар да менин күжүрмөн жардамчыларым, биздин кандай абалда келээрибизди алдыртан билип, жертөлөмдөгү мешке от жактырып коюптур. Жертөлөнүн ичи кадимкидей жылуу. Сыртта күн тийип кар шалбырап эригени менен токойдун көлөкөсүндө анын какаары кете элек. Чыракты жандырып, сырткы кийимимди, өтүктөрүмдү чечип, суу болгон чулгоолорумду сыгып, мештин табына тозуп, саңырсытып кургата баштадым. Өтүгүм бүтүн болгону менен тамандын каптал тигиштеринин арасынан сызылып кирген суу көлкүлдөп, чулгоолорумду чылгый суу кылыптыр. Бир өлчөмү чоң немеге демейде басканда деле бутум шолкулдаганынан кош кабат бомозий чылгоо оронуп жаным калып жүрчү эле, бүгүн суу чулгоолорум бырышып, эки согончогумду тең өйкөп кызыл жоор кылып салыптыр. Барановду чакырып, аттын жооруна, жарааттарына сыйпап жүргөн Вишневский эмульсиясын алдырып, өз жоорума жаап, бинт менен Барановго таңдырып бир аз ооруксунбай жаным сеп алды. Чистов кантиптир десем, «нормально» деп Баранов сыртка чыкты. Буттарымдын кетменин мешке кактап, төргө жамбаштай калдым эле, көзүм илинип кетиптир. Канча уктаганымды билбейм, түштөнүү тамагын алып келген Чистовдун табышынан улам ойгондум. Ал менин таңылган буттарымды кейиштүү карап өзүнүкү жоорубаганын, бирок суу болгонун айтып чыгып кетти. Лейтенант да кирди. Күн бата элек, эшик жарык эле экен. Чистов кошуунда болбогондуктан, бүгүнкү түшкү тамакты Посохов бышырыптыр. Наркомдун жүз граммын жаңы эле тартып жиберип, тамакка киришип атканда, эшиктен Дорфман салам айтып кирип келди. Мен ордуман тура алганым жок. Менин таңылган буттарымды көрүп чочуп кетти. Эмнеликтен минткенимдин чоо-жайын уккандан соң,

санаасы тынып, сырткы кийимдерин чечине баштады. Кирпигине чейин ылай. Лиознодон бери жөө келиптир.

– Жолдордо баткакка, ылайга тыгылып, чыга албай жаткан араба, машинелерден өтө албайсың. Кетип аткан, келип аткан жөө солдаттардан башың адашат. Кезиккен жарадарлардан эртең мененки окуяларды уктум. «Аман болушкай эле» деп, сарсанаа болуп келатып, тегерегиңердеги аңдарды көрүп, редакциямдын журту эле калганына таң калып, жүрөгүм опколжуганы аз келгенсип, браток, сиздин таңылуу буттарыңызды көргөндө оозуман сөзүм түшүп калбадыбы. Кудая шүгүр, баарыңар аман экенсиңер. А меникилер кайда?

– Аман эсенсизби, келгин куш? Кыш кетип, жаз келипсиз. Жегениңизден ала келгендирсиз! – деп, кубанычка аралаш тамаша менен жооп кайтарып, анын коллективи биздин артыбызда алыс эмес, эсен-соо эмгектенип атканын өзүбүз да, кудая шүгүр баарыбыз амандыгыбызды айтып, дасторконго чакырдык.

Майор сыртка чыгып, колу-башын чайып, жол киринен бир аз арылып, демейдеги ордунан жай алаары менен сунган алюминий кружканы колуна алып:

– Аман-эсен көрүшкөнүбүз үчүн! Ден-соолук үчүн! – деп, кадимкисиндей тартып жиберип, бир аз ачуурканып мурчуюп, демин чыгарбай, анан башын бир чулгуп алып, көөдөнүнүн барынча у-ух! – деди эле, обочоРоок турган чырактын жалыны желпилдеп кетти. – Хороша чертовка! Кайгырсаң кабак ачат, кубансаң кулачыңды узартат. Жанындагы алюминий кашыгын колуна алып, алюминий табактагы тамактан бир сузуп оозуна салып, бир топко чайнап жутуп:

– Өзүңөрдү эле сагындым го десем, ашыңарды да ушунча сагыныптырмын, оозумдан кетиргим келбейт. Бир айдан бери мындай этти жемек турсун, көрө да албай зар болдум. Жылкынын жаңы этинин жыты да бөтөн, даамы да өзгөчө сонун болот турбайбы?!. Алыстан эле жы-

тын сездим. Эмне үчүн менин келесоо иагуди бабаларым тыюу салган мындай таттуу насипке? «Боекчу, боекчу десе, сакалын боёт» дегендей, аларды «акылдуу, акылдуу» десе аша чаап, акылынан тайыган го?..– Сөз аралаш жаагын да тындырбай чайнап, бурдап атып, табагынын капортосуна жеткиче эч кимибизге сөз бербеди. Мага куюлган тостту майор менен аман-эсен көрүшкөнүбүзгө арнадым. Баранов да өз порциясын баарыбызга амандык каалап, эл-журтубузга өлбөй тирүү, абийирибиз менен кайтууну тилеп жутту. Алдыбыздагы аш түгөнүп келатканда, конок күтүп такшалып калган Чистов, бөтөн бир табакка бөртө кесилген эт алып кирди. Майордун ачуу жандуу киши экенин жакшы билген Александр Михайлович жанчөйчөгүнүн (фляганы) бурамалуу кепкегин тетири бурап суюктукту көп куюп машыккан неме көз өлчөөдөн жаңылбай кружкага капортосунан саал ылдыйыраак кылып арактан куюп, Дорфманга дагы сунду. Майор суроодон тартынып, ичинен үмүт этип турганын жашыра албай:

– Кадырды билген кар болбойт, кастарлап берген май тоңбойт! Ыракмат, жолдош лейтенант, сизге да, браток, ыракмат. Чынымды айтсам, баягы силер менен ажырашкан күндөн бери бул божественный напитокту анда-санда учуратып өп-чап эле ууртап жүрдүм – деп, токтонбой тартып жиберди да, мурдагыдай мурчуйбай, ичин тыңшап бир аз унчукпай калды. Дүрмөтчырактын күңүрт жарыгынан жумулган көзү, түктүйгөн муруту, күлүмсүрөгөн жүзү чагылып көрүндү. Анан бир кесим этти оозуна салып, нан аралаш чайнап жутаары менен сөзгө кирди.

– Кетээр күнү шашып, коштошууга убактым болбоду. Эртең менен кадимкимче эле дивизиянын политотделине оперативдүү сводка менен таанышууга барсам, начальниктин жертөлөсүнө баш бакканымда эле телефондо сүйлөшүп атыптыр сөзүн бөлбөстөн, мага колун жаңсап өзүнө чакырып калды. Мен какайып маңдайында честь

берген бойдон турдум. Ал телефондун түтүгүн кош колдоп мыкчып: – Мына жанымда турат... макул... болот!.. даяр... Кош болуңуз – деди да, түтүктү радистке карматып, мага кайрылып рапортумду кабыл алып:

– Ырас болбодубу. Жолдуу экенсиң, майор! Сени дивизиялык жана армиялык гезиттердин редакторлорунун бир айлык семинарына Маскөөгө чакырып атышат. Сенин карамагыңда жыйырма мүнөт убакыт бар. Жарым сааттан кийин армиянын штабына машине кетет. Андан кечиксең, жообун Аскер Советинин мүчөсүнө өзүң бересиң! – деп, өтүктүн таманына мык каккан балканын табышындай тарсылдатып ар бир сөзүн бөлүп-бөлүп чорт сүйлөп, бир чоң жумушту бүтүргөн немече, өзүнө өзү ыраазы болуп астында жаткан кагазын тиктеген соң, сөз бүткөнүн билип, бир чети бул жаңы кабарга чыны менен сүйүндүм. Оңойбу, күндүр-түндүр тарсылдакка чой кулак болуп бүткөн жаным, бир ай болсо да, сергигени турса. Экинчиден, жөнөөргө жарым эле саат убакыт бергенине шашып, оюмдагылардын баарысын унутуп, батыраак документтеримди даярдап алууга калдаңдап саясий бөлүмдүн штабына жөнөдүм. Ошентип атып вещевой мешогум силердин жертөлөдө калганын фронттун штабына жеткенде гана эстесем болобу!

– Ага кабатыр болбоңуз, баштыгыңыздын ичин ачпай, бар дүйнөңүздүн чыпчыргасын коротпой, эртеси эле жоопту секретарыңызга табыштап бергенбиз – деди.

– Жок, браток, мен силерден жамандык күтпөйм, оюмда да кыпындай кара жок, ишенип койгула! Тек гана ошондо мени шаштыргандын айынан, дайынымды билдирбей, бир айдан ашык жоголуп кеткен жайымды айтып атканым. Ошентип, унаадан унаа бутташтырып отуруп, ушу турган Маскөөгө эки сотке дегенде араң жеттим. Жолдордун баарысы кишиге, техникага толгон. Темир жол андан, шосселер мындан. Баягы 1941–1942-жылдар жок. Асманда кыргынчыларыбыз чабалакейдей. Түн жа-

мынып жол жүрүү, күндүз токойго коргонуу калыптыр. Маскөөнүн өзү согуштан мурдагысындай түнкүсүн жап-жарык. Ырас, тамак-аш каат. Магазиндер каңгырап ээн. Кенен сатылган азыктар жок. Баарысы карточка менен. Кийим-кечектер да талон менен алынат экен. Үйлөр суук, жылуулук жетишпейт. Шаардыктар мурдагыдан көп эле жүдөшүптүр. Бүткүл союздук мекемелердин баарысы дээрлик Маскөөдөн көчүшүптүр. Алардын үйлөрүн аскер уюмдары, госпиталдар ээлешкен. Көчөлөрдө жайбаракат баскан киши көрүнбөйт. Граждандык кийимчендерге караганда аскерче кийингендер көптүк кылат. Короо шыпырган, кар күрөгөн абышка-кемпирлер, мектепте окуган балдар эле болбосо, калгандар аскер формачан.

– Зильман Маркович, үй-бүлөңүз аман-эсен жатыптырбы?

– Эй, браток! Квартирам жабык бойдон турат. Кошунам академик чал эле. Каза болуптур. Кемпири бар экен. Кирип көңүл айттым. Аялым инженер эле, мени ополчениеге алганда ал заводу менен кошо Красноярскиге эвакуацияланган. Кат алышып турчубуз. Кызым күйөөсү менен Швецияда элчиликте иштешет. Квартирамдын ачкычын аялым кошунаныкына таштаган эле, кирип карасам, баарысы аман тургансыйт. Темир керебет, иш стол, 4–5 орундук, китеп сакталуучу этажерка – болгон байлыгыбыз ошол. Ашканабыз кошунаныкы менен чогуу. Баары эле жайында өңдөнөт. Ээн, суук үйдө жалгыз көпкө тура албай бат эле кайра чыгып, ачкычымды кемпирдин колуна берип жөнөп кеттим. Экинчи кайрыла алганым жок. Окуу аскердик саясий академиянын имаратында өтүп атты. Казармасында жаттык. Майдандын түндүк оң канатынын төрт фронтунун гезит кызматкерлерин чогултуптур, эки жүзгө жакын киши болдук. Мен өзүмдү карысынтып жүрсөм, менден улуулар кыйла болду…

Бир чети гезитте жок жаңы кабарга кызыгып, экинчиден, майор жакшылыктуу жибий албай, информация-

ларын телеграмманын супсак сөздөрүнөн четке чыгара албай жатканын байкап, мен Барановду акырын санга укуп белги берип, өзүм кургаган чулгоолорумду оронуп, кургаган өтүктөрүмдү акырын бутума кие баштаганда, Саша кыраакы неме белгимди түшүнүп, кружкага дагы бирди куюп, Дорфманга узатты. Зильман Маркович асемденип отурбастан, суу шимиргенсип, идишти бошотту. Эттин майлуусун тандап оозуна салып, сөздөрү мурдагысынан даамдуурак, үнү коңурураак чыгып, сол бутунун тизесин жазып, ирегe жакка сунду да:

– Деген менен элдин көңүлү көтөрүңкү. Түнкүсүн, бомбулоодон санааркабай тынч уктап калышыптыр. Радио күндүр-түндүр жаагы басылбай түркүн кабарларды убагында берип турат экен. Майданда, ооруктa, чет өлкөлөрдө эмне болуп атканын күнүнкүсүн күнүгө билдирет. Ленинград тараптан келген редакторлор, журналисттер «баягы көпкөн немистер жок. Топ-тобу менен «Гитлер капут!» деп колдорун көтөрүп, ыктыяры менен колго түшкөндөр көбөйдү» дешет. Ленинград облусу бүт бошотулуп, Эстониянын, Карелофиндин кыйла жерлери фашисттерден тазаланды дешет. Финдер мурдагысындай айыгышпастан, куйруктарын кыпчып, табышы улам басаңдоодо дешет. Волхов фронту ишин ийгиликтүү аяктап, Прибалтика фронтуна айланыптыр.

Элдин карды ач болгону менен көңүлү тоюнуп, атмосфера жакшы жагына өзгөрүлүптүр, мени биринчи тоюнткан ушу болду. Академиянын коридорлорунда, кабаттарында шайыр күлкү, тамашалар өкүм сүрүшөт. Кырк биринчи жылы өктөбүр, ноябрде магазиндер таланып, көчөлөрдө кыйкырык-өкүрүк, бирин-бирин укпай, уруш-талаш, асманда немистердин самолёттору каалаган жерлерин бомбулап, зоот-фабрикалар талкаланып, үйлөр өрттөнүп жатканда, кудай акы, бүттү го деп ойлогом. Жо-ок! Бүгүн Маскөөнүн турмушу жүрөгүңдү жылытат. Таанышка же таанабаган чоочун эле бирөөгө жолукпа-

гын, кимиси болсо да турмушуна кайыл, күткөнү жеңиш, тилегени – согуш батыраак бүтсө экен, самаганы – тынчтык, бейкуттук. Кыскасын айтсам, Маскөөлүктөрдүн көңүлүнө көөнүм тоюп, ыраазы болуп кайттым, менин ак санаалаш досторум! Жалгыз кемчилик – мынабу кургурдун каатчылыгы болду! – деп, кружканы сөөмөйү менен өкүнүчтүү көрсөткөндө, байкуш майорум эми жибип, бырыш-тырыштары жазылып келатканын түшүндүм.

– Маскөөдө азыр эмне каат – ушул каат! Согуштан мурда дүкөн сайын куру эмес жайнап тураар эле. Бул түгөттү ит да иччү эмес. Эми ушул чоң Маскөөдөн издесең, нан табылат, асты, аңтарып-теңтерип, күндүз чырак менен издесең да бул табылбайт. Бул – мүрөктүн суусу, кунунун дарысы болуп кетиптир! Анын үстүнө адамдын психологиясы жаман да, эмне жок болсо, ошол эсиңен кетпей, эңсете берет эмеспи. Ободоюң ошол жакка ачылып эле туруп алат экен... Шордуу алкоголиктерди түшүнсө да болчудай!

Акылман жөөтүм арактын азабын аябай тартканына көзүм жетип боорум ооруп, эми өз колум менен бирди куюп сундум. Бүгүн жакшылыктуу жаңы информация ала албасымды, эски аңгемени улантууга мунун шайы келбесине көзүм жетти. Баранов да солдаттарды постко тейлөө үчүн сыртка чыкты.

Сыртта караңгы кирген. Күндүзгү көлчүктөрдүн үстү каймактап, ылайлар суусун ичине тартып үстү тоборсуган сыяктуу. Редакторунун келгенин биздин солдаттардан угуп, майордун эки кызматкери (капитан кабарчы, улук лейтенант жооптуу секретары) менен жертөлөмө келатышкан экен, сыртка чыгып калган майор экөөбүздү көрүшүп, алды утур басып келишип амандашты. Мен аларды тамашалап:

– Силер жоготуп жиберген начальнигиңерди биз таап келдик. Эми силерге беребиз – дедим. Майор да менин сөзүмдү улап:

– Бир айдан бери суроо салып, издеп да коюшпайт – деп, тамашалап капитанды алаканы менен погонго чапкылады. Мен аларды жайына коюп, өзүмдүн коллективиме басып барып, солдаттарымдын жертөлөлөрүнө башбагып, баарысы өз ордунда экенин көрүп, кыйкым издебей ыраазы болуп, постторду Баранов, Посохов үчөөбүз чогуу кыдырып, кайра майордун жанына келсем, анын кызматкерлери кетип калыптыр. Майор ылай жолду 6–7 саат жөө басып чарчап келген неме арактын күүсү, түнкү чыкыроондун чыйратуусу менен араң тигинен чайпалып турган экен, жертөлөгө кирээри менен кырынан сулады...

Көптөн бери жалгыз жатып эркин ойлоп, көпкө уктабай көнүп калган экемин. Азыр да майордон Маскөөнүн абалын, маскөөлүктөрдүн көңүлдөрүн аздыр-көптүр жаңылык катары угуп буларды эрксизден, Жээнбектин каты менен салыштырып көрүп, негизинен санаам тынып калды. Маскөөдө чоң өлкөнүн мээсинде, анын куралдуу күчтөрүн жаратып, башкарып турган борборунда жеңиш дымагы өкүм сүрүп, ар бир адамдын оозуна кирип калышы жакшы жышаана, оң төлгө. Кечээ эле сырткы душман босогосун жемире басып кирип, төрүнө кол сермеп, эми жүгүн бузууга чамынып киргенде, ага кошумча ички душман казынаны, коомдук байлыкты, ыйык мүлктү ээ бербей талап кирген Маскөөдө, бүгүн аскердик тартип адамкердик ынтымак орнотуп көчөсүндө да, үйүндө да жапырт бир максатты көздөтүү кандай кишинин колунан келет?! Керемет! Жарым жан болуп кайткан Жээнбек байкуш, көчкөн журтту шимшилеген чөөлөрдү бөрү катары көрүп аткан турбайбы! Кудай аман-эсен жеңиш менен элибизге жоокерлерди жеткирсе, чөөлөр айбат кылмак турсун, карааныбызды көргөндө эле куйругун кыпчып житээр жерине житишет! Эми кабатыр болбо Жээнбек, чыдай тур. Көбүнө күткөн азына чыдагыла элим, журтум!

Дорфман өлөөрчө чарчаса керек. Замбирек менен атсаң да ойгончу түрү жок. Бүгүн анын өзүн көргөнүм

менен андан төөлүк жаңылыктарды уга албадым. Айтып берүүгө чамасы деле келген жок. Бирок демейде абыгер чегип, убайымдуу жүрүүчү киши шаттуу сүйлөп калганына караганда жакшы кабарларды көп алып келсе керек... Бир ай толук бүткүл мамлекетте болуп аткан окуялардын чордонунда жүрбөдүбү, анан кала берсе, эң ишенимдүү кабарлар жаратылуучу чок казанда кошо кайнап келди да. Чычкыланбай сабыр кылып, күтө турайын эртеңке чейин. Бир ай бою деле үмүтүмдү үзбөй чыдабадым беле... Жооруган буттарым кененирээк болсун үчүн өтүктөрүмдү чечип, чулгоого орогон бойдон каптөшөккө сундум. Кудай, бейкут түн бере көр!..

## – 11 –

Автоматтын тырылдаган табышынан чочуп ойгондум. Шым-күрмөмдү, өтүгүмдү шашып кийинип сыртка чыксам, таң агарып келаткан экен. Кабактагы, бомбу түшкөн көлчүктүн кашатындагы пост ок чыгарып атыптыр. Мен ал жакка жүгүрдүм эле, менден мурда Посохов жетип: – «Стой кто идет!» – дегенде, ылдый жактан кишинин үнү угулду. Аңгыча болбой, бүт кошуунга «тревога» жарыялап, солдаттарын дабырттатып Баранов да жетип келип, чыккан үндүн сол жагын көздөй жээк бойлоп чуркады. Мен шырык көпүрөдөн өтүп, Посоховдор жакка жеткенде, колдорун көтөргөн эки караан бери келатканы көрүндү. Посттогу солдат ордунан жылбай, автоматын ок чыгарбай келаткандар жакка бурду. Посохов алды утур чуркап барып, тиги экөөнүн артына чыгып, автоматын белен кармап алдына салып айдап, өөдө келатканда мен Посоховго:

– Наркы өйүзгө, лейтенант жакка айда! – дедим да, өзүм шырык көпүрөдөн кайра берки өйүзгө өтүп, тигилердин алдын тоздум. Чистовду башка постторго жиберип: – Орундарынан жылбай, айланасын текши карап, көздөрүн айырбасын! – деген буйрук бердим. Тигилердин

келишин күтүп атканымда энтеңдеп майор артыман келди. Эмне болуп атканын менден сурайт. Мен деле эмне экенин даана биле электигимди айтып, төмөндө топ солдат чогулуп келаткан жакты көрсөтсөм, көзү майып байкуш алыстагыларды үрүң-баранда караандарынан жакшы тааный албай, баарысын душмандын колу экен деп түшүнүптүр, шашып калды:

– Биздин солдаттар кайда? Автоматыбыз жок кантебиз? Эмнеге посттогулар ок чыгарышпайт? – Мен ага тигилер биздикилер экенин айткандан кийин акыл-эси ордуна келип, өлгөндөй уктаптырмын браток, туйганым жок кечирип кой. Деле ылайым жакшылык болсун. Будет и на нашей улице праздник![1] – деп, өзүн-өзү сооротуп кубаттады.

Тигилер жакындап калганда карасам, карааны биздин эле солдаттардай. Кийген кийими советтик аскердики. Кажылдап орусча сүйлөшкөнсүйт. Мына эми лейтенант Баранов жетектеген топ, алдына эки солдатты айдап биздин жаныбызга жетип келди. Иван Посохов колунун учун чыкыйына такап, бүт армиялык уставдагы эреже боюнча:

– Былк этпегиле! Жолдош майор! Жолдош капитанга кайрылууга улуксат этиңиз? Жолдош капитан! Биздин кошуундун жайгашкан жеринен биз эки чоочун неме кармадык! Рапорт берип аткан бөлүкчөнүн дежурныйы, старшина Посохов! – деп, рапорт берди.

– Болуптур! Дежурный менен кармалгандардан башкаңар, өз жайыңарга тарагыла! – деп, команда бердим. Менин жертөлөмдүн жанына келип, кармалгандарды алгачкы сурактан өткөрүп тааныштык. Алардын айтуусу боюнча, советтик аскер имиш. Мындан он чакты күн мурда жарадар болушуп, Лиознодон көп алыс эмес, токойдогу жеңил жарадарлар госпиталында дарыланышып, айыккандан кийин, өздөрүнүн полкуна суранышып, кечирээк жөө чыгышып, түн бою жүрүшүп, Хотемлянын токоюнда жолдон

[1] Биздин көчөдө да той болот!

адашып, бизге кабылышкан имиш. Госпиталдын документин, жанбаштыктарындагы буюм-тайымдарын керсөтүшүп актанышты. Кайсы дивизиянын полкунансыңар? – деген майордун суроосуна чаташып, так жооп бере алышпады. Бирөө – дивизиянын номурун билбейм деп, мойнуна алды. Барановдун жана солдаттардын көзүнчө Посохов туткундардын коюн-колтугун, чөнтөк-мөнтөктөрүн аңтарып ар биринен бирден шамшар (мылтыктын учуна кийгизилүүчү), бирөөнүн куруна кыстарылган эки граната тааптыр. Аны кайдан жана эмне максат менен алдыңар деген суроого:– Жолдон таап алдык, кереги тийип калышы мүмкүн эле, – деп жооп беришти.– Анда эмне үчүн азыр пайдаланган жоксуңар? – деген менин суроомо: – Силер өзүбүз экенсиңер, кантип пайдаланат элек – деп, чекилдеген (кейпи жетекчиси болсо керек) узун бойлуу, арыкчырайы тайсалдатты.

Кармалгандардын сөздөрүн кагазга түшүрүп, андан нары сурак кылууну токтоттук. Майордун редакциясынын, биздин кошуундун офицерлери чогулуп, кеңешип, кармалгандарды «смерштин» колуна тапшырмак болду. Өзүбүз сурак жагынан же адис болбосок, же сурак жүргүзүүгө укугубуз болбосо кантмек элек? Эреже боюнча «смерши» бар жакынкы кошуунга жеткиришибиз керек эле. Посоховдун жоопкерчилиги астында тигил экөөнү үч солдатка айдатып, өзүбүздүн чарба взводубузда жашаган «смерштин», өзүбүздүн полктун начальнигине жибердик.

Капыстан түшкөн дүрбөлөң менен алпурушуп жүрүп, буттарымдын жооруганы да эсимен чыгып кетиптир. Бир оокумда өйкөлгөн согончоктор эске салганын карап көрсөм, «Вишневский» өз милдетин жакшы эле аткарыптыр. Жоордун үстү карттанып калыптыр. Дагы бир сыйра дары майды карттын үстүнө шыбатып, таңуулап өтүгүмдү кийип, ишиме кадимкидей кирише бердим. Бир-эки күндөн кийин бут да айыкты. Кийинчерээк биздин полктун контрчалгындоосунун начальниги, «смерштин» уполномоченныйы улук лейтенант Безбородовдон

мен жиберткен эки туткун солдаттын тагдырын сурасам, алар качкан солдаттар экен. Алдыңкы чекте согушуп аткан полктордун өздүк курамын толуктоо үчүн жиберилгендердин колоннасынан караңгыда бөлүнүп, токойго кире качышыптыр. Жол билбегендиктен адашып, таң атканча ары барып, бери барып, сазга камалып, ылайга батып, тентип жүрүп, биздин постко кабылышыптыр. Сурак материалын толтуруп биздин суроктын протоколун кошумчалап туруп, кошуна дивизиянын трибуналына жибериптир. Андан ары эмне болгонун билбейт экен.

Дорфман кайтып келген күндүн эртеси ушундай окуя менен башталды. Күн ачык, алдыңкы чекке баруучу чоң жолубуз ээн. Себеби биринчиден, транспорт, айрыкча оор машинелер (трактор, танке, жүк ташыгычтар), ат сүйрөчү, машине сүйрөчү замбиректер баткакка, саздакка тыгылып, ылайга батып жүрө албайт. Экинчиден, ачык асман коркунучтуу. Бүгүнкү асман биздики болду. Түшкө чейин биздин эле үстүбүздөн батышты көздөй төрт ирет штурмовиктер чабуул жасашты. Немистердин ооругунан шектүү бирдемелерди сезишкен белем? Төрттөн-төрттөн тааныш «конверттер» капыстан чыга калышып, табышы кулак жарып саноого үлгүртпөй көз ирмемде үстүңөн өтүп көзүңдөн кайым болот. Канаттары карагайдын учуна тийип кетүүчүдөй жапыз учушат. Накта төбөбүздөн өткөн кээ бир төртөөнүн канаттарынын алдындагы «катюшанын» дүрмөттөрүн көрүүгө араң үлгүрөбүз. Бир эскадрильясынын табышы батышка узагыча экинчиси чыгыштан угулат. Жакын эле жердеги объектилерди талкалап атса керек? Самолёттордун үчүнчү тобу үстүбүздөн немистин ооругуна учуп баратканда, биринчи тобу биздин түштүк жагыбыздан кайра базасына кайрылып өтүп атты. Биздин штурмовиктерге токойлуу жерде немистердин кыргынчылары даай албайт экен. Көрсө, биздикилер жапыз учуп алардын үстүнөн караганда, жашыл боёкко боёлгон немелер, токойдон айыра таанылбайт экен, анын

үстүнө, кудуп барып атышууга коркунучтуу, кудуган самолёт кайып кайра өөдө чыга албай күүлөнгөн бойдон токойго тумшугу менен сайылат экен. Жапыз учкан немелерди зенит замбиректер да, пулемёттор да ата албайт экен. Ошондуктан, советтик штурмовиктерден ИЛ–2ден немистин аскерлери «аба танкеси» деп абдан коркушат.

Түштөн кийин абада дем алыш болду көрүнөт. Кечке чейин эки сапар гана немистин «рамасы» көрүндү.

Кыштата кыйылган токойлордун дүмүрлөрү, карды калкалай албай, биринчи ошол ачылган жерлердин кары кетти. Дүмүрлөрү сороюшуп табияттын көркүн бузат. Коолордон, жыбыттардан аккан ылай суулар кечээкиден бүгүн көп. Бомбулар казган аңдар сууга толуп бөөт-бөөт көлчүктөргө айланууда.

Кечке тынбай тегерегибизди эринди суулардан коргоо аракети менен алек болдук. Майор завтрактан кийин эле бир айлык командировкасынын отчётун берүү үчүн өздөрүнүн дивизиясынын саясий бөлүмүнө кеткен эле. Кечинде бутун ылайдан тарта албай, өлгөнчө чарчап ал да келди.

Бүгүн кечки тамактан кийин менин жертөлөмдө майор экөөбүз калган соң, анын мындан кетээр түнү аягына чыкпай калган аңгемесине менин абдан өкүнгөнүмдү айтып ошонусун улантуусун өтүндүм. Дорфман менин чын ниетимден чыккан өтүнүчүмө ичи жибип:

– Болуптур, браток. Сөз – жан тамагы. Даамын тата билсе – нандын да кереги жок! Аны айтып берем, шашпа! Адегенде акыркы жаңылыктардан кабар кылайын. Кечээ тигилериңиздин көзүнчө баарысын айта албадым. Алар деле жакшы жигиттер дечи ошентсе да, өзүңүз айткандай, сактыкта кордук жок. Александр Сергеевич Щербаковдун[1] оорусу жаман дешет. Саясий башкарма-

[1] Щербаков А.С.– ЖК(б)П БКнын жана Маскөө шаардык партия комитетинин секретары, 1942-жылдан бери Советтик Армиянын Башкы Саясий башкармасынын начальниги. 1945-жылы согуш басыла электе өлгөн.

нын күндөлүк иштерине Александров деген философ жетекчилик кылат экен. Өткөн ноябрдын аягында үч чоң өлкөнүн Союзунун конференциясы Ирандын борбору Тегеранда болуп өткөнүн гезиттерден билебиз. Германияга каршы согушта бирге чогуу аракет жасайбыз деген Декларациясын окуганбыз. Ошол конференцияда биринчи майдан кечиктирбей Европада экинчи фронтту ачабыз деп убадалашыптыр. Рузвельт абдан алысты ойлогон, ачык, даана көргөн киши экен, ал дароо эле бул сунушка макул болуптур. Черчилл балакет, бизге кайнаса каны кошулбаган, коммунизм деген сөздү эле укканда тырышпаган жери тырышкан каапыр ой-тоону сүйлөп чаргытып үч күнгө дейре убадасын бербей туруп алганда, кайран биздин мурут өжөрдүгүн салып, анда эмнеге келдик бул жерге убара болуп, «менин элим согушта кырылып атат, менин бул жерде курулай сөздү айтышып отурууга убактым жок, мырзалар!"– деп, маселени ачык, кырынан койгондон кийин, Рузвельт арага түшүп, Черчиллди көндүрүүгө мажбур кылыптыр. Ошентип, жакында биз көптөн бери күткөн экинчи фронттун ачылышы менен куттуктайм, браток. Дагы бир гезитке чыкпаган жаңылык: – Сталиндин улуу баласы Яков Джугашвили, артиллериянын майору, 1941-жылы күзүндө жарадар болуп немистердин колуна түштү деген миш-миш бар эле. Ошол чын экен. Аны немистер фельдмаршал Паулюска алмашалы деп, Швециянын элчилигин ортого салышыптыр, ага кайран көсөм: – «Я генерала на солдат не меняю» – деп, катырып жооп бериптир.

– Ушунча ташбоор, ырайымсыз, өз баласына жакшылык кылбаган киши, бизге жакшылык кылабы? Сиз да кызыксыз, мерез немени «көсөм"» деп мактап. Менин байкашымча, бир айлык курс сиздин башыңызды жүз сексен градус тегеретип таштаган көрүнөт.

– Э-эй, браток. Корутундуга шашпаңыз. Шашылыш корутунду ар дайым эле бат оң натыйжа бере койбойт.

Сталиндин чечимин бир аз ойлонуп көрөлүчү. Мына мисалы, сиз да бирөөнүн баласысыз. Сиздин карамагыңыздагы, менин карамагымдагы, тиги алдыңкы чекте жоого төшүн тозуп, салгылашып аткан солдаттар дагы – баарысы бирөөлөрдүн, советтик граждандардын көзүнүн карегиндей көргөн, эркелетип чоңойткон балдары эмес бекен? Булар эмне үчүн, ким үчүн жанын кыйнап, кан төгүп, окко учуп, жаш өмүрлөрүн өлүмгө кыйып, жоо менен кармашып атат? Совет эли үчүн, коммунизм үчүн, ошол идеянын стратеги Сталин үчүн! Булар жоого каршы чабуулга көтөрүлгөндө бекеринен: «За родину, за Сталина!» деп, ураан чакырып атыптырбы? Жо-ок! Бекеринен эмес. Сталинге байгамбардай ишенип, өз атасындай аздектеп, жан дили менен берилгендиктин белгиси. Анан ошентип, миллиондордун жүрөгүнөн ишеним орун алган киши, бар болгону артдивизиондун командири болуп согушкан өз баласынын гана кыйналганына боору ачып, фашисттердин чоң армиясын жетектеген, согуштун көрүнүктүү стратеги фельдмаршалды майор баласы үчүн садага чаап жибергенде эмне болмок? Фашисттердин концентрациялык лагерлеринде Сталиндин майор баласынан башка азап чегип аткан советтик генералдар, офицерлер, солдаттар аз бекен? Алардын үмүтү деле Сталинде. «Бизди фашисттердин уу тырмагынан качан куткарып алат?» деп, көз майлары түгөнүп жалдырап жатышпайбы! Эгер Сталин өз баласынын атасы катары фашисттердин талабына макул боло койсо, биздин зор өлкөнүн кең мейкининдеги миллиондогон ата-энелер: «Сенин балаңдын жаны биздин балдардын жанынан таттуубу? Сеники – бала, биздики – күчүктөрбү?» деп, эртең эле ооруктa бүлүк түшүрүшпөйбү!

– Ырас эле «ар кимдики өзүнө, ай көрүнөт көзүнө.»

– Азамат, эң орундуу ылакап! Ал эми бул жерде, биздин арабызда эмне болуп кетмек? Кудай бетин ары кылсын! «Биз сен үчүн жаныбызды кыйып атсак, сен

өз балаӊ үчүн бизди садага чабат турбайсыӊбы! Ме, өзүӊ уруш, өзүӊ согуш, өзүӊ жеӊ!» – деп, туш-тушка тарап кетсе эмне болмок?! Тарап эле кетсе, анчейин балээ болбойт эле дечи, колдорунда куралдары бар немелер, адегенде өздөрүнүн командирлерин жайлап, анан жогору жакка чабуул коюшуп, айлаларын кетиришпейби?!.

– Зильман Маркович! Ырас эле, мен бул маселенин артын ойлобопмун. «Өз баласын тозоктон куткарууну каалабаган адам, таанибаган бизге жакшылык кылмак беле?» – деп, чукул акыл чогоолдук кылып аткан турбайымбы.

– Адеп укканда, браток, мен да сиздей эле корутундуга келгем. Эчтеке эмес. Акыл баш менен келет, акылмандык – жаш менен! Кудай башынан эле башыӊа акыл берсе, жашай-жашай акыл жетилип, ага көз, канат пайда болуп, акырын көрүп, түбүнө жетип акылман болосуӊ. Сөзсүз баласынын колго түшүп, шорго малынганын биринчи укканда, ата катары сай-сөөгү сыздады дечи! Жүрөк канткен менен таштан эмес эттен бүткөн да. Өзүнөн жаралган жан үчүн өксөбөй койду дейсизби?! Айткандай эле швед дипломаттын сунушун угузушканда, лям деп жооп кайтарбай, канжасынын күлүн күлтөккүчкө катуу-катуу кагып, бопоросун сындырып, тамекисин канжага сол бармагынын күчүнүн бардыгынча матырып, ныктап, шыкап туруп, мүштөгүн оозуна салып, ширеӊкесин жандырбастан колуна кармаган бойдон ички бөлмөгө кирип кетиптир. Кабарды айткан Жуков эмне кылаарын билбей калдастап калды дейт. Жуков андай абалга жеткен соӊ, башкалардыкы белгилүү да. Баарысы өз орундарында селейип каткан бойдон канчага чейин турушканын билишпейт. Бир оокумда эшик ачылып, оозунан түтүн бураткан Сталин бери Жуковго басып келип: «Передайте этому послу…» деп, жанагы сөзүн айтыптыр. Муну айтууга канча токтоолук, канча кайрат, канча эрдик жана ошол сапаттардын баарысын башкарып турууга канча акыл керек?!

– Ырас эле, Сталинден башка бирөө болсо, мындай маселени кандай чечмек? – деп, мен анча Дорфманга эмес, көбүнчө өзүмө суроо берип, кыялдангыча, майор:

– Андай окуя да болуптур, браток – деди да Сталиндин жакын жан жоокеринин бири, Саясий бюронун мүчөсү, атын айтпай эле коёюн, абдан ишенимдүү кишиси, ошонун бир баласы согушта коркоктук кылып, душман жакка өз эрки менен өтүп бараткандa, биздин контрчалгындоочулар кармап алышыптыр. Аны уккан атасы фронттун Аскердик Советинин мүчөсү болуп иштеп турган өзүнүн кадыр-баркын салып, КГБдан баласын куткарууга далбас урган экен. Алар болбой коюшса айласы кетип Верховныйга кайрылса, ал киши боору ооруп, баласын куткартыптыр. Ошол эле баласы экинчи жолу дагы биздин чекисттердин колуна түшкөндөн кийин Сталин аны жазалоого улуксат бериптир. Анда атасы баласына жансоога сураптыр. Ошондо кайран көсөм: – «Поздно! Раньше нужно было пожалеть» – деген экен. Анткени менен күжүрмөн жолдошунун кайгысын бөлүшүп, кокуйдун үстүнө алат кылбай, баласы үчүн кызматтан алып жазалабай, кайра кайрат айтып: «Болоор иш болду, сенде эмне жазык, баласы атасы үчүн жооп бербеген сыяктуу эле, атасы баласынын чыккынчылыгы үчүн жооп бербейт, көңүлүңө кир кетирбей, жалпы жеңишибиз үчүн жакшы иштей бер, үзөңгүлөш дос!» деп далыга чаап, көңүлүн көтөрдү деди, менин жогорку ордодо аралашып жүргөн, бала чагыман берки кыйышпас, классташ досум. Кадровый аскер, генерал-майор даражасына жетиптир. Айтмакчы, Маскөөдө ошол досумдукунан гана бир сапар тойгуча арак ичтим. Ал өзүнүн оор кызматына байланыштуу фронтовой паёк алат экен жана жабык дүкөнгө бекитилиптир. Үй-бүлөсү, аялынын иштеген мекемеси менен кошо Куйбышевге көчүрүлүп, өз үйүндө болгону менен мага окшоп бойдок экен. Ставкада болгон көп иштердин ымыян-чымыянынан өөдө билет ал. Бирок,

баарысын айта албайт. Анысын билип туруп, мен да көптү суроого барбадым. Отуз жетинчи жылдын оорусунан жакшылыктуу тыңый электе бул калабага кабылып олтурабыз. Жан багууну да ойлош керек, браток. Эртели-кеч шамшаркыттан сактануу үчүн оозуң кулпулуу болгону дурус.

– Албетте, мындай жоокерчилик заманда ачык ооздук, кенебестик чыккынчылыктын өзү менен барабар. Мисал үчүн башка алыс жакка барбай, бүгүнкү өзүбүздүн бөлүкчөдө болгон окуяны эле алалычы, Зильман Маркович. Эки чоочун солдаттын ким экенин «Смерш» менен биз аныктай алдыкпы?

– Жок! Балким, алар биздин солдаттардын кийимин кийинген шпиондордур, диверсанттардыр? Кырк биринчи, кырк экинчи жылдары мындайлар, бөтөнчө согуш жаңыдан башталганда, эмне гана кылбады?

– Жалпы кыраакылык жогору көтөрүлгөн жакшы иш деңизчи, бирок мунун бурамасын өтө бурап жиберсе, баягы отуз жетинчи жыл кайра келүү коркунучу туулабы деп чочуйсуң, браток. Деги, менин тигил досумдун байкоосу боюнча, жогорку чөйрөдө кишини барктоо критерийи кыйла өзгөргөн кейиптенет. Мурда, отуз жетинчи жылга дейре, ал эмес согуш башталганга чейин адамдын ниетин таптык позиция менен баалай турганбыз. Жумушчу-дыйкандар табынан болсо же ата-теги кедейлерден болсо, совет өкмөтүнө ак ниети менен берилген, керек болсо, жанын да аябайт деп ишене турганбыз. Ал эми социалдык жат элементтер. Алардын балдары бизге жакшылык кылбайт, ак ниети менен иштеп бербейт, колунан келсе ишти бүлүнтөт, жылчык эле табылса кылт этип душмандар лагерине өтүп кетет деген түшүнүк мээбизге бекем орноп, тарбия иштерин ушул багытта жалаң бир беткей жүргүзүп келгенбиз. Киши деген тирүү материал экенин, анын ар биринин өз ою, турмушка өз көз карашы бар экенин билбеппиз. Марксизм-ленинизм зор кубаттуу

идеологиялык куралдыгына баш-отубуз менен берилип, көздү жумуп ишенүү натыйжасында кишинин ички дүйнөсүнүн бөтөнчөлүгүнө маани бербеппиз. Ошондой көр айгырлыктын кесепетинен отуз жетинчи жылы канча ак ниет, аракеттүү, таланттуу, мамлекеттик ишмерибизден, социализм, коммунизмди активдүү куруучуларыбыздан айрылганыбыз эми билинип отурат. Кимдин ким экенин бүгүн биз иш жүзүндө көрүп отурбайбызбы. Падышанын генералы Борис Михайлович Шапошников согуштун биринчи этабында, абдан кыйын, оор мезгилде, СССРдин тагдыры Маскөөнүн алдындагы майданда чечилип атканда, бүткүл куралдуу күчүбүздүн Генералдык штабын башкарып, өлкөнүн тагдырын Сталин менен бирге өз мойнуна жүктөп, эрдик көрсөтүп, солк этпей иштебедиби. Ошол эле убакта өздөрүн граждандык согуштардын баатырлары, Совет мамлекетинин имаратынын негизги түркүктөрүнүн бирлериненбиз деп эсептеген, көкүрөгүн ордендерге толтурган Климент Ефремович Ворошилов, Семен Михайлович Буденныйдай маршалдар согуштун биринчи күндөрүндө урушту уюштура, аскерлерди башкара алышпай, душмандарга уттуруп, өздөрү колго түшүп кала турган болгондо, Сталин акылмандуулук кылып, аларды маскаралыктан куткарбадыбы. Ал эми жети атасынан бери генерал, ак сөөктүн тукуму Константин Константинович Рокоссовский, архимандриттин уулу, генерал Радион Яковлевич Малиновский жана дагы далай жат элементтердин балдары совет мамлекети үчүн, коммунисттик партия үчүн баатырлык менен согушуп, укмуштай жеңиштерге ээ болуп жатпайбы. Айтмакчы, менин классташымдын күбөсү боюнча Сталинградда немистерди талкалоо планын Малиновский иштеп чыккан экен. Булар ушинтип атса, Саясий бюронун мүчөсүнүн баласы чыккынчы болуп, кармалып атпайбы, браток. Мына ушундай фактылардан биз киши дегендин жердиги абдан кызыктуу нерсе экенин түшүнүшүбүз абзел.

Аны билишибиз үчүн жалаң эле марксизм-ленинизмди жана пролетардык интернационализмди билишибиз бизге жетишсиз. Психология илимин да мыкты, жеткилең билишибиз керек. А биз аны идеалисттик илим деп, такыр жерип, советтик агартуу сиетемасынан биротоло кууп салганбыз. Бир айлык курста мына ушул окшогон актуалдуу маселелер козголду. Биздин идеологиябызды азыркы дүйнөлүк илимдердин жетишкендиктери менен жаңылантыш зарылдыгы, ошону менен катар идеалисттик изилдөөлөрдү бүт чанбай, керектүү жерлерин пайдаланыш муктаждыгы да айтылды, браток.

– Биз эми Европа мамлекеттерине барганда жергиликтүү калкка кандай мамиле жасашыбыз тууралуу сөз болдубу, Зильман Маркович?

– Албетте болду, браток. Чындыгын айтканда, бул семинардын негизги маселелери фашисттик кулчулуктан кутулган өлкөлөрдө советтик солдаттардын жүрүш-турушу жөнүндө болду. Биздин жоокерлер куралсыз букараларга фашисттик жырткычтардай мамиле кылышы жарабайт. Биз аларды фашизмден куткарып атабыз, аларга боштондук алып келдик. Алар өздөрүнүн эксплуататорлорунун колунан бийликти алып, жаңы демократиялык коом түзүп, демократиялык мамлекет курушу керек. Алардын диндерине, үрп-адаттарына кийлигишпешибиз керек. Христиан дининин католик тармагы элдеринин канына сиңип калган европалыктарга биз өзүбүз көнүп алган атеизмди таңуулап, жандүйнөлөрүн кейитпешибиз керек. Зордук, зомбулук кылбай, коркутуп-үркүтпөй өз боюбузга тартышыбыз керек. Бул чоң маселе. Муну иш жүзүнө ашыруу үчүн бизге, саясий кызматкерлерге өтө кылдаттык керек. Адегенде саясий тарбиялоонун дүйнөлүк тажрыйбасын үйрөнүш керек болуп атат. Докладчынын текстинде кезиге турган далай «керек, керек» тапшырмаларды, милдеттерди телеграфтык стиль менен санап келип, анан:

– Дүйнөлүк экинчи согуш адамзатты жалаң гана канга боёп, кыргынга дуушар кылбастан, тумоолуу ымтыратмадан да ойготуп, жалпы аракетти жандандырды. Канча жүздөгөн жылдар денекул болуп көнгөн, кулдуктан башка ыракатты билбеген, кожоюнсуз тагдырын өзү башкаруу деген үч уктаса түшүнө кирбеген, Африканын кара түйрүк калктары деле бүгүн улуттук боштондук кабарын угуп, кулактарын түрүп калды. «Улуттук бошттондук, улуттук эркиндүүлүк» деген киши коомунда улут жаралгандан баштап эле калк аралык чыр-чатактын, талаш-тартыштын негизги себептеринин бири болуп келатат. Чоң улут кичине улутка зомбулук көрсөтүп, анын ыйык туткан үрп-адатын, каада-салтын мазактап, кордоп, намысына тийип, каяша айтып кол көтөргөндөрүн куралдуу күчтөрү менен басып багынтып, багынбагандарын асып, атып, кырып жоготуп, жерин алып, катын-балдарын зордуктоо менен маселе чечүүдө. Бирок, ушуну менен маселе чечилдиби? Жок, браток, жок! Маселени ушинтип чечүү кесепетинен көптөгөн улут жер жүзүнөн жоголуп да кетти. Бизге чоочун алыскы элдердин мисалдарын коюп, өзүбүзгө эле тааныш Россиянын мисалдарынан алалычы. Кечээ эле Александр Сергеевич Пушкиндин заманында Сибирде, Енисей алабында ондогон майда улут бар экени тарыхтан, адабияттан белгилүү. Бүгүн алар кайда? Колонизациянын кесепети аларды алып жутту, бирин-серин калгандары орусташтырылды.

Байыртан бери чиеленген улут маселесин Октябрь революциясы ачыкка алып чыгып, бардык улуттардын укуктарын мыйзам түрүндө теңеп, эч бир улутка артыкчылык бербей, улуу-кичүүгө бөлбөй, ар бир улут өзүнчө, эркинче жашоого укуктуу деп конституция кабыл алгандан кийин, Россиянын мурдагы колонияларынын ургундай көпчүлүгү тарап кетпестен кайра чогулуп, СССР деген кубаттуу зор мамлекетти түзүп, анын ар бир улуту жанданып, маданияты көтөрүлүп, мурдагы

кожоюндары орустар менен тең ата болуп жашап атканы азыр эч кимге жашыруун эмес да. Бул социалдык түзүлүш бүткүл дүйнөгө үлгү болууда. Буга жетүүнү эңсеп аткандар канча! Ошенткен менен бул түзүлүш деле кынтыксыз болбосо керек же муну иш жүзүнө ашырууда тактикалык ката кетирип жатабызбы, билбейм. Болбосо фашисттер басып алган Украинада «Самостийная Украина» түзүлүп, «Украинанын улуттук боштондук армиясы» куралданып, Бендера окшогон идеологдору чыкпас эле. Донго, Түндүк Кавказга фашисттердин армиясы келгенде андагы кээ бир улуттардын: калмак, карачай, балкар, чечен, ингуштардын өкүлдөрү фашисттик генералдарга курал-жабдыктар менен жасалгаланган акбоз аттарды тартуулап, улуттук тууларын көтөрүп тосуп чыгышпас эле. Балким интернационалдык тарбиялоодо ар бир улуттун ыйык нерселерине баа бербей, өзгөчөлүктөрүнө жараша мамиле кылбай, улуттук бөтөнчөлүктөрүн «улутчулдук көрүнүш – буржуазияны реставрациялоо» деп коркутуп, баарысын бир коммунисттик калыпка салып, чын-чынында чоочун, телингис жорук-жосунду таңуулап аткандыгыбызда болбосун?

– Коммунисттик калып деген эмне, Зильман Маркович? Аны ким жасаган, ким көрдү, деги кайда?

– Э-эй, браток, суроо бериш оңой, жооп бериш тирүүнүн тозогу, айрыкча, өзүң билбей туруп, бирөөнү үйрөтүү. «Коммунисттик калып» деген менин түшүнүгүм боюнча мурда калк арасында болбогон жаңы теңдик мамиле. Бирок, мунун өзү кандай неме, башка мамилелерден кандай айырмалуу белгилери бар, мен билбейм, браток. Менимче бул калыпты акырындык менен эл өзү жаңы шартка ылайык жасап алышы керек. Буга билермандык кылып, элди шаштырып, кезектеги кампанияга айландырыштын кереги жок. Интернационалдык тарбия деп балдар бакчасын, балдар үйүн, пионерлер, комсомолдор уюмдарын уюштуруп, бардык улуттардын балдарын

чогултуп бир кишинин балдарындай багып, чоңойтуп атабыз. Ал жакшы. Ал эми тарбиялоо куралдарыбыз кандай? Бардык жерде бирдей. Орустун оюнчугу, орус балдарынын байыртан берки оюну, орустун жомогу, орус тилинде орустардын баатырлары баяндалат. Мектептерде бардык жерде бир программа менен окутулат. Окуу китептери бүткүл союз боюнча бир мекемеден: РСФСР-дин Эл агартуу комиссариатынан жактырылат, алардын оригиналы орусча жазылган, башка тилдерде котормосу гана окутулат. Андыктан тарых дарсы, кайсы улуттук мектепте болсо да, орус тарыхы окутулат. Өздөрүнүн тарыхы боюнча дарс программада жок болгондуктан,эгер окутулса – кошумча жүк катары окутулат, болбосо –жок.

Мындай интернационалдык тарбиянын натыйжасы – башка улуттардын баарысын бара-бара орусташтырмакчы. Мынакей «коммунисттик калыпты» мен элестеткен кебетеси ушул. Калкы арбын союздук республикаларда «интернационалдык тарбиянын» бир катар маселелери өз тилинде өтүмүш болот, бирок жалпы союз боюнча программа бир болгондуктан, тарбиялоо куралдары баары бир орусча, орус турмушунан алынган. Бул кемчиликтерди орус улутундагылар байкабайт. Эгер ушунун баарысы башка тилде болсо, небак кыйкырышмак. Бирок, мунусу менен алар башка улуттарды орусташтырып атканын капарына да алып коюшпайт. Эгер тарбиялоо программасы өзгөрүлбөй ушул бойдон жүрүп олтурса, эртедир-кечтир аягы трагедия менен бүтөт. Бекеринен фашисттердин эпкини менен биздин системага каршы улуттук кыймылдар жанданып аткан жери жок.

– Ырас эле, биздин орто азиялык улуттардын жоокерлерин аттарынан айтпай, жалпы баарысын бириктирип: «Елдаши» – деп кордошот. Адегенде мен ал терминди өзбектин «юлдаш» деген сөзүнөн экен деп, этибар алчу эмес элем, көрсө оңбогурлар орустун уят «елдак» деген сөзүн эркелетип айтканынан тура! Жана-

гы сиз айткан суук кабарлар жөнүндө гезиттерде эчтеме жок го, Зильман Маркович.

– Андай окуяларды шам-шаркыт кылуудан не пайда, браток?! Ооруктагы элдерге тополоң салып эмне керек. Ансыз деле жетишет. Ал эле дейсизби. Немистердин туткундарынан ыктыярдуу колдор куралып атыптыр. Түрк тукумундагы улуттардан «туркестан легиону» чыккынчы генерал Власовдун орустардан жана башка улуттардан куралган «Орустун куткаргыч армиясы», Балтика боюндагы республикалардын өкүлдөрүнөн да ар кандай кошуундар уюшулуп, бизге каршы согушуп атыптыр, браток. Мунун баарысы семинарда ачык айтылды.

– Фашисттерди ат тартуулап тоскондорго чара колдонулуптурбу?

– Азырынча белгисиз. Бирок, официалдуу документтерде алардын мурдагы конституциялык аттары жазылбай, территориялардын, улуттардын гана аттары кезигет. Алардын элдерин эки жакка каттатпайт жана башка жактардан да атайын командировкасы жок кишилерди киргизбейт дейт. Бериянын карамагына Ставрополь крайы бүт өткөн имиш. Анын карамагында, браток, жалаң күнөөкөрлөрдүн лагерлери, отуз жетинчи жылы дайынсыз жоголгондордун, андан мурда, андан кийин жазалангандардын түбөлүк жашоочу жайлары бар. Балкар, калмак, карачай, ингуш, чечендердин жоокерлерин согушуп аткан бөлүктөрүнөн чакыртып алып, күнөөкөрлөрдүн лагерине жыйнап атыптыр. Ай, байкуш калктардын тагдыры дагы бир оор сыноодон өтөт го сыягы?! Немистердин мазактаганы аз келгенсип, эми көргүлүктү өзүбүздөн көрчүдөй шордуулар.

– Эгер калмактарды, Түндүк кавказдыктарды жалаң эле фашисттерге жасаган мамилелери үчүн жазалап жатышса, андай жазаны украиндерге эмнеге колдонушпайт? Россиянын, Белоруссиянын оккупацияланган жерлеринде «полицейскийлер хохолдордон болду, алар

немистерден да өткөн ырайымсыз немелер болот экен» – деп, жергиликтүү калк зыркырап атпайбы. Анткени менен украин солдаттар, офицерлер согушуп эле жүрбөйбү арабызда. Бирдей кылмышка, улутуна карап, эки башка мамиле кылуу коммунисттик партиянын устав, программаларына ылайык келеби, Зильман Маркович?

– Э-эй, браток. Устав устав менен, программа программа менен. Жазып койсо боло берет, кагаз баарысын көтөрөт турбайбы. Конституцияда деле бир статьяда, азыр эсимде жок номуру канчанчы экени, «ар бир союздук республика СССРдин составынан чыгып кетүүгө укуктуу» деп жазылган. А чын-чынына келгенде эмне болуп атат? Ар бир улуттун байыртан бери сактап келаткан, ыйык туткан үрп-адаттары бар. Улуттардын мындан нары дүркүрөп өсүшүнө түрткү болуш үчүн улуттук бөтөнчөлүктөргө улуксат берели деген илимий ишмерлерди, республикалардын жетекчилерин эмне кылышат? Баарысы «эл душманы», «буржуазиялык улутчул» деген статья менен жоготулбадыбы, браток. Отуз жетинчи жылы бүт өлкө жабыр тартты, а улуттук республикаларда эки эсе оор болду. Азыр эр болсоң, улуттун таламын турсун, анын жөнөкөй эле граждандык укугуна жан тартып көр! анындагы эле таанышың сага «улутчулдук» жалааны жаба салат. Эриксизден ошондо баягы падышанын төө бычуу жөнүндөгү указынан качкан эки еврей эсиңе түшөт. Эми, украиндиктер жөнүндө маселе бир аз башкачараак. Биринчиден, алар көп калк, өлкөнүн төрттөн бир кишисин түзөт. Экинчиден, алардын ээлеген жери да көп, көптөгөн өнөр жай объектилери да ошондо. Үчүнчүдөн, жалпы союздук өкүмөтүбүздө, Саясий бюронун составында, деле мамлекетибиздин жогорку эшелонунун кыйласында башкаруу тутканы кармап тургандардын бир далайы украиндиктер. Ал тургай мына азыр майданда согуш башкарып аткан генералитеттин канчасы алардын улутунан. Төртүнчүдөн, дүйнөлүк би-

ринчи согуштан кийин Украина өзүнчө Маскөөгө баш ийбеген республика болууну жарыялап, ал тургай өз өкүмөтүн шайлап жашай баштаганда граждандык согуш чыгып, алар жеңилип, жетекчилери четке качып кетишкен. Ал тууралуу биздин тарыхыбызда да жазылган эмес, күндөлүк массалык информацияларыбызда да эмнегедир айтылбай келатат. Бешинчиден, азырынча Украинанын жеринин көбү фашисттердин колунда.

– Дагы кандай жаңылыктарды алып келдиңиз, Зильман Маркович? Кечтен бери айтып отурганыңызды эч гезиттен окуй албайт элек. Элден, майдандан келген каттарда деле кээ бир саптары кара сыя менен өчүрүлүп калат. Цензура үлгүрбөйт көрүнөт. Орусча турмак кыргызча жазылган каттардын арасында да өчүрүлгөн саптарга караганда атайын цензура үчүн бөтөнчө бир көп улуттуу армия уюштурушкан белем?..

– Ырас айтасыз, браток. Аскердик негизги кызматты аткара албаган эркектерден жана өздөрү ыктыяры менен каалаган кыз балдардан солдаттыкка чакырылып, аскердик байланыш кошуунуна караштуу цензура бөлүктөрү согуштун башталышында эле уюштурулган эле. Анда СССРдин бардык улуттарынын өкүлдөрү бар.

– Ошолордун баарысы колуна курал кармабай калем кармап, душманды шыкаалабай, өзүбүз жазган кагаздарды шыкаалап, согушуп аткан солдаттардын катарында бекер тамак ичип, бекер кийим кийип, ансыз да кыйналып, ач-жылаңачтыгына кайыл болуп, «батыраак эле согуш бүтсө экен» деп, төбөсү менен жер казып, тапканынын баарысын бизге – жоокерлерге жумшап аткан байкуш элге цензуранын пайдасынан зыяны көп эмеспи, Зильман Маркович?

– Мунуңузда калет жок, браток. «Согуш» деген балакет сокур тыйынды соо койбой соруп аткан мезгилде, мындай «ашка жүк, башка жүк» уюмдар калктын кабыргасын кошо кажайт деңизчи. Бирок, бул карапайым жоокерлер-

дин – сиз экөөбүздүн оюбуз. Көргөндү көргөндөй, укканды уккандай түшүнгөндүктөн чыккан корутунду, браток. Эгерде бул окуяга анча-мынча саясатты кошуп, жакшылап чайнап жутсак, мында эч кандай ысыраптык жок, зарылчылыктан келип чыккан мамлекеттик акылман чара. «Оозуна алы жетпеген калжаңбай – шпион үчүн табылга!» деген плакаттарды көп эле көргөн, окуган чыгаарсыз?

– Окубай анан! Биздин кыргызда ал турмак: «ойлобой сүйлөсөң – оорубай өлөсүң!» деген ылакап бар.

– Баракелди! Мына, өзүңүздүн сурооңузга өзүңүз жооп таап келатасыз. Бизде, революциядан кийин, жаңы заман куруу доорунда канча ката кетирдик: коллективдештирүү мезгилинде элди зордуктоо, көнбөгөндөрдү айлы менен, үй-бүлөсү менен эл-журтунан ажыратып, алыскы сүргүнгө айдоо, кулак кылып, мал-мүлктөрүн тартып алып өздөрүн камоо, күнөөлөп сотко кестирип, туткунда кармап, кыйнап иштетүү, отуз жетинчи жылкы калабалуу капсалаң… Мына, ушулардын баарысы адамдын көңүлүнө кир калтырбай көкүрөгүнө чер жаратпай изсиз, дайынсыз жоголду дейсизби? Жок, албетте! Анын үстүнө биз, фашизмге караган Европа мамлекеттеринин жоокерлери менен салгылашып атабыз. Кудай буюрса, жакында алардын шаарларын, кыштактарын аралайбыз. Алардын маданиятын, үй-мүлкүн, короо жайын, турмуш шартын, жеке байлыгын көрөбүз. Анан көзүң менен көргөндү, кулагың менен укканды, оозуңа алың жетпей кобурап, кагаз бетин карала кыла берсең, аны окугандарга кандай таасир берээрин, бир секундага токтой калып ойлонуп көрөлүчү, браток?! Ошондуктан, өз өлкөбүзгө өзүбүз салган дүрбөлөңдүн табышы жакшылыктуу басыла электе, өз маданий, материалдык байлыгыбыз европалыктардын деңгээлине жете электе ачык ооздук кыла берсек, элибиздин психологиясын тескери бурап жиберип, күч менен араң оңолуп келаткан ишибизди бузуп алабыз, үмүт этип аткан Жеңишке жетпей калабыз,

браток! Демек, цензура идеологиялык диверсияга каршы курал катары канча каражатты сорсо да, азырынча өз миссиясын дыкан аткарууда. Бул азырынча мамлекеттик аргасыз зарыл чара. Кудай согуштан аман алып калып, узун өмүр берсе, браток, Жеңиштен кийин, ар бир катты аңдымай токтолгонуна да күбө болобуз. Кудай буюрса, цензуранын өмүрүнүн көбү өттү. Аз калды. Бир аз чыдап туруңуз.

– Ыракмат, Зильман Маркович, Сиздин ак ниетиңиз менен мага устаттык кылганыңызга. Сиз кеткенден бери мен деле бош убакыттарымды текке кетирбөөгө тырыштым. «Ким менен үлпөттөш болсоң, ошонун үлгүсү жугат. Жакшыдан акыл, жамандан бакыл оошот» деген сыңары, Сиздин талдоо усулдарыңыз мени даарып далай окуяларды өзүмдүн акыл жаргылчагыма колумдан келишинче майдалап, акыл элегимден өткөрүп, көп нерсеге көзүм ачылды.

– «Көрө-көрө көсөм болот, сүйлөй-сүйлөй чечен болот» деген ошол, браток. Ар бир коомдун, ар бир доорго жараша жакшы үрп-адаттары, каада-салттары, дагы башка баа жеткис руханий байлыктары, жандүйнө кенчтери болгон, болуп атат, дагы болмок. Булар даяр эле асмандан түшүп келүүчү кут эмес. Адамзаттын турмуш деген дайрасынын буркан-шаркан ташкындарында урунуп-беринип, шаркыратмаларында сапырылышып, чайкоолордо көз боёк, сөз боёк окшогон азгырык кирлеринен тазаланып, аман өткөндөрү ар бир муундун «көз караш» деген акыл чыпкаларынан, ой электеринен буйдалбай өткөндөрү гана, коомдун болочогуна жарап берүүчүлөрү гана, келечегин жакшыртуучулары гана маңгиликтин мухитине жетип, кол тийгис ыйыгына айланат...

Майорумдун денеси кызыгандан кийин, адатынча кыялына жендирип, чаржайыт философияга кирип баратат. Бүгүнкү түн да өткөн түнкүдөй майнапсыз болбогой эле деп чочуп:

– Сиздин Генштабдагы классташыңыз, Зильман Маркович, жазылбаган, айтылбаган далай сырларды билээр ээ?

– Оозу кулпулуу киши. Жаштайынан, институтту бүткөндөн тартып аскердик кызматтарда, болгондо да мамлекеттик сырды сактоочу жерлерде  иштеп келатат. Андайлардын кыял-жоруктары таптакыр башкача, журналисттердикиндей эмес. Ошентсе да киши эмеспи. Экөөбүз бала кезибизден бери бирге чоңоюп, бирге окуп, ата-энелерибиз бири бирлери менен тааныш, ымалалаш болгондуктан, биз да сырдаш өскөнбүз. Эч кимге оозубуздан чыгарбагандарды айтышып жүргөнбүз. Кыздарга да чогуу барчубуз. Ошентип жүрүп, экөөбүздүн аялдарыбыз да курдаш, сырдаш кыздардан болду. Улутубуз да бир. Мен аны билгенден тартып, ал эч качан жалжактаганын көргөнүм жок. Ичип алганда да элдин көзүнчө унчукпайт. Жалгыз экөөбүз калганда гана ичи жарылат. Отуз жетинчи жылдын киши билбеген окуяларынын көпчүлүгүн да ошондон уккам. Бул сапар да бир жолу анын үйүндө олтуруп, кыйла чер жазыштык.

– Өтө жашыруун болбосо, анча-мынча кызыктуу жерлеринен таштап койсоңуз, Зильман Маркович, жертөлө университетинин билим картотекасын байытуу үчүн...

– О-хо, браток! Биздин түнкү сырдашууларга абдан жакшы ат коюпсуз. Чындыгында эле мен билбегенимди сизден, Сиз билбегениңизди менден угуп, экөөбүз тең билимибизди байыттык. Бул чынында эле турмуш университети.

– Сиз анча байып жарыбагандырсыз, а мен жалаң эле окуяларга байыбастан, аларды талдоону үйрөнүп, накта маңыздарын сыгып, маани даамын татып, көзүм ачылды. Бул Сизди мактап айткан сөзүм эмес. Сизге кошокөрлөнүп, амал жасап, дагы болгондоруңузду сүлүкчө соруп алайын деген менде арам ой жок. Кудай урсун, кандуу майдандын каргашалуу түнүндө, ажал сүкүнтүнүн табышы кулагыңда чыкылдап турган, көз ирмемиң тирүүлүктү, жарык дүйнө-

нү түбөлүк ыракаттын бир кыпынындай тартуулап турган кезде, Сизге актыгым үчүн каалаcаңыз ант берейин.

– Жок, браток, Сиздин мага ак экениңизге, деле бирөөгө жамандык каалабай турган мүнөзүңүзгө мен Маскөөгө бара электе эле көзүм жеткен. Экөөбүзгө анттaшуунун кажаты жок. Антташуу кыжаалаттыгы шектенүүдөн келип чыгат. Ал эми экөөбүздүн арабызда, Сиздин оюңузду билбейм, менимче шектин жиги да көрүнбөйт, жыты да сезилбейт, браток. Курулай ашык сөздөрдү айта берип алыста өтүп бараткан балээни өзүбүзгө чакырып албайлы. Көп алагды болбой, чаржайыт ойлорго жетелетип жибербей, Сиздин жанакы суроoңузду канааттандырууга тырышайын. Каапыр арактын жаман жери оюңду огунан тайытып, жолунан буюктуруп ала качып олтуруп, туңгуюкка түшүрүп, дайынсыз-дарексиз бир кереңге алып барып таштайт. Ошондон сактаныш керек, браток. Болбосо, бул байкуш жан жибитүүгө, кан кызытууга, көңүл толкутууга келгенде миңдин бир дарысы! Бул шайтандын башка тамактардан бир айырмасы бар, браток, ошону билип алыңыз, башынан өткөрбөгөн киши билбейт. Бардык тамактарды жетишинче ичкениңде тоюу сезими пайда болуп, андан ары иче берүүнү токтотосуң. Муну ичкенде тойгуча өңгөчүңдөн араң өтүп кыйнайт, ичиңди ачыштырып, кээде жүрөгүңдү да айлантат, барабара денеңди көшүтүп, анан тойгонуңда, дагы келе деп, тилетип туруп алат. Бул иттин тетири баскан кыялы!..

Майор эмнени каңкуулап атканын сезип, дагы бир жутум сундум эле. Адатынча ала коюп тартып жиберээр бекен десем жок, колумдагы кружканы өзүнөн нары түртүп:

– Браток, Сиз менин купулума толгон акылдуу, билимдүү жигит деп жүрсөм, бул эмне кылганыңыз? Мен азыр эле Сизге айтпадымбы, түшүнбөй калдыңызбы, аракка тойгонуңда «келе деп тилетип туруп алат» дегенди? Мен азыр так ошол чектин туу кырында турам. Тилете башта-

ды бул шайтан. Мен сизге муну жутуп жиберип, ой учугун таба албай, капкайдагы маанисиз нерселерди тантый бергеним жакшыбы, же акыл-эсимди жайына кармап, пайдалуу кеп салып бергеним жакшыбы? Напси шайтаным алып кел деп, азгырып атканда, Сиз маа жардамдаш болуп, аны тыюунун ордуна, кайра ага жардамдашып, азгырыкты даярдап, кош колдоп сунасыз! Эгер мага дос экениңиз чын болсо, көзүмдү кычыштырбай, тилимди тамшандырбай алып кетиңиз бул заарды!

– Кечирип коюңуз, Зильман Маркович! Бул балакеттин таасирлери башымдан өтө электигин билдирип койдум окшойт. Мен Сизге достук кылам деп, эселектик жайым, кастык кылып, Сизди кууратканжаткан турбайымбы?! Дагы, дагы кечириңиз деп өтүнөм!

– Билем, Сиздин арам ойлобогонуңузду, ырас бул жөнүндө тажрыйбаңыз жок, жаштык кылганыңызга ишенем, бул кечиримдүү. Алкоголик байкуштардын шору, так ушундай абалга келгенде, напсисин тыя албай, ага жетелетип жибергендигинде, браток.

– Ооба, мындай абалды илимде абстиненция деп атайт. Бул абалга кабылган зөөкүр же бангинин оюна алкоголдон же банги заттан башка эч нерсе кирбей, эңсетип туруп алат. Муну эрки, кайраты күчтүү гана чанда бир киши жеңбесе, көбү чыдай албай банги заттарды ичип, жеп, сайынып алып кумарынын канганынча кызыгып, айыкпас ооруга чалдыгат.

– Аныңыз илимий кандай түшүндүрмөсү бар экенин, ымыян-чымыянына чейин, өзүм адис болгондон соң, билбейм, айтор, эки таланттуу журналист жолдошторумдун алкоголик болуп, үй турмушунан ажырап, киши санынан чыгып калгандарына күбөмүн, браток. Мен өзүм да кээде кылычтын мизи менен басып, ыктытып, кыйналып жаман жабыркайм, бирок жакшы жерим, ошондой абалга жеткенимде өзүмдү өзүм тыя алам. Качанкыга чейин чыдаарымды билбейм, азырынча кудая шүгүр, жеңип келатам.

– Сиздин курагыңыз зөөкүр болуудан небак өткөн, Зильман Маркович, коркпосоңуз деле болот. Зөөкүрлүккө көп учурда 20–30 жашка чейинкилер кабылышат, банги заттар мээ ката электе кайсайт. 40ка чейинки жаштагылардын арасынан чыккан алкоголиктердин саны 10 процентке жетпейт. Ал эми элүүгө таянып калган сиздин курагыңызда, башка эле бир кырсыктардын кесепети тийбесе өзүнчө арактын таасири менен алкоголик болуу чанда гана кезикпесе, жокко эсе. Мен муну менен Сизге «иче бериңиз коркпой» деп, көкүтүп аткан жерим жок. Атайы изилдөөлөрдүн натыйжаларын жарыялаган эмгектерден окугандыгымды гана айттым.

– Ат да алкоголик болобу, браток? Тамаша сөз, Сиздин кесибиңизди мазактагандык эмес, браток.

– Жок, мен Сиздин бул сөзүңүзгө терикпейм, Биология илимдери менен таанышы жок интеллигенттер мындай сабатсыз суроолорду бере беришет. Организм канча чоң болсо, ага ошончо күчтүү таасир керек деп ойлошот окшойт. Чындыгында андай эмес. Маселен нерв системасына таасир берүүчү заттардын күчү, ал системанын өөрчүшүнө жараша болот. Киши жылкыдан 4–6 эсе кичине болгону менен мээси, салыштырма салмагы боюнча жылкыныкынан оор жана түзүлүш татаалдыгы жагынан бир кыйла татаал. Ошондуктан дени таза киши, 1,5–2 литрге чейин накта спиртти өлбөй көтөрө алат, а жылкы 200 гр спиртке өлүп калышы мүмкүн, никотин деген тамекинин уусуна да бардык жылуу кандуу айбандардан киши чыдамкай. Же болбосо, электр тогун алалык. Килейген буканы токтун 16 эле вольт, жылкыны 60 вольт чыңалышы өлтүрүп коёт, а киши 120 вольт чыңалышка чыдай алат.

– Век живи, век учись, а всё равно дураком помрешь[1] деген ушул, браток. Вульгарный материализмдин түшүнүктөрүн талкалоого мен билбеген далилдерин таап бергениңизге зор ыракмат, браток. – Колундагы

[1] Мейли кылым жашап, кылым бою оку, баары бир келесоо бойдон өлөсүң.

саатын чырактын шооласына тосуп, оң колу менен көз айнегин кыстаргычтан кармап көтөрүп: – Ох-о, браток. Түн жарымына жакындап калыптыр. Экөөбүз тең майда сөзгө кирип, түйшүктүн философиясына кызыгып алып убакыттын далайын жеп салган турбайбызбы. Жүрүңүз сыртка чыгып келип, анан мен дагы айта элек жаңылыктарымды Сизге айтып берейин, браток.

Ошентип, эшикке чыгып жымыңдаган жылдыздарга суктанып, посттогу солдаттарды текшерип, майдан тараптагы көндүм табыштарды, көрүнүштөрдү күндөгүсүнөн өзгөрүшү болбогондуктан, этибар кылбай кайра жертөлөгө кирдик. Мешке толтура отун солоп, сырткы кийимдерибизди чечинип, каптөшөккө кирип, орун алдык. Майор убадасы боюнча айта элек жаңылыктарына киришип атып, менден уйку жөнүндө сурады эле, мен угууга дилгирлигимди билдирдим.

– Мен жана оозу кулпулуу досум жөнүндө кеп кылып келатып, дагы алагды болуп, башка темага өтүп кеттим. Ошол досум өзү катышкан бир жабык жыйналыш жөнүндө мени чалабучук кабарлады. Канчасы чын, канчасы калп экенин билбейм, укканымды айтып берейин. Ал досум, көп сүйлөбөгөн киши, андыктан калпы деле аз болушу мүмкүн.

Ошентип, кабарынын калпы-чыны үчүн майорум өзү жооптуу эместигин эскертип, мен мурда эч кимден, эч кайдан укпаган аңгемесин айтып кирди.

**– 12 –**

...Окуя 1941-жылдын күзүндө, немистер Маскөөгө чабуул коюп, туш-туш жактан каптап келатканда болуптур. Маскөөнүн ичинде чакчелекей, калкы бүлүк түшүп, ары удургуп, бери удургуп, ээнбаштар, талоончулар дүкөндөрдү, банктарды, кампаларды талоондоп, унааларды тартып алышып жүк ташып, шаардан качышып,

башкарууга ээ кылбай чалмакей чалынып, ээ-жаа бербей калган кез. Майдандын алдыңкы чегинен качкандар аскердик мүлктөрдү талап, дезертирлер көбөйүп, бирин бири өлтүрө баштаган кез. Шаардын тартиби бузулуп, аскер эмес, карапайым жергиликтүү тургундардын үрөйү учуп, немистер келип басып алуу коркунучу кирип, качып бараткан аскерлерди көрүп, жандарынан түңүлүп, ар ким өз кара башы, өз жаны менен алек болуп, өлкөнүн борборунун шыйкыны кетип турган кез. Асманды немистердин самолёттору ээлеп, шаарды бомбулап, ыраакка атуучу замбиректеринин октору Маскөөнүн чекебелдерине келип жарылып, солдат турмак шаардын тургундарын өлтүрүп, жарадар кылып жаткан кез. Так ошондой оор, кыйын абалда, Мекендин, эркиндиктин тагдыры найзанын учуна такалып, кароолдун ачасына илинип калган мезгилдин бир күнү Улук Башкы командалоочу, ЖК(б)П БКнын Генералдык секретары, Мамлекеттик Коргоо комитетинин төрагасы, СССР Эл Комиссарлар Советинин төрагасы Иосиф Виссарионович Сталин чукул жыйын чакырат. Жыйынга Саясий бюронун мүчөлөрү, фронттордун командалоочулары, Аскердик советтеринин мүчөлөрү, Коргоо Эл комиссары, Башкы штабдын начальниги, Саясий башкы башкарманын начальниги, КГБнын жана Башкы штабдын саналуу гана кишилери чакырылат. Жыйында бир гана Маскөөнүн тагдыры жөнүндө маселе каралат.

– Бул жыйынды тарыхый окшоштугуна салыштырсак, Лев Толстойдун «Согуш жана тынчтык» деген романындагы Кутузовдун Филидеги аскердик жыйынына окшоп кетет дегенде майор оозун араандай ачып, тереӊ эстегени, жертөлө караңгы болсо да, сөздөрүнүн кыраатынан билинди. – Жыйынды ачып, Иосиф Виссарионович кыскача информация жасаптыр. Ал киши деле узун сүйлөгөндү жек көрөт эмеспи, ал эми кыргындын өртү жакындап келаткан мындай абалда ого бетер убакытты

үнөмдөп, маселени кырынан коюп, «Бул абалды оңдоо үчүн эмне кылыш керек? Кимдин кандай пикири бар? Ачык, таамай айткыла! Чанжырап чаргытып сүйлөөгө, башты жерге салып же төшөктө жатып алып, ары оонап, бери оонап ойлонууга убакыт жок. Душман Маскөөнүн маңдайкы, түндүк-түштүк капталдарындагы капкаларынын босогосунда турат. Борбордун тагдыры бүгүнкү, азыркы биздин ушул жыйында кандай чечсек, ошондой болмок! Кана, кимде кандай пикир, сунуш бар?» деп, кайран көсөм отургандарга кайрылганда, баарысы жер карап, карандаштары менен алдыларындагы кагаздарын чукулап, чийимиш болуп баш көтөрбөй үңкүйүшкөндө, метронун бир станциясынын залын кереӊ тынчтык басып, чымын учса угулгандай болду дейт, оозу кулпулуу досум. Бир кезде Сталин өз ордунан туруп, оң колун артына жиберип белине сүйөп, сол колунун үч манчасы менен канжасынын чарасын мыкчып, Саясий бюронун мүчөлөрү отурган отургучтардын артына чыгып, далысын бир аз бүкчүйтүп, чылымын дембе-дем тартып, аркы-терки баса баштаптыр. Демейде жагыныш үчүн ооздон сөз талашып, биринчилерден болуп жулунуп сүйлөөчү Микоян деле, көшөкөрлүк жагынан андан кем калышпаган Хрущёв деле, Сталин менен сырдаш деп атанган Молотов деле жер карашат. Каганович болсо, эки иниси Саясий бюронун ишенимин актай албай жыдып калгандан бери, кийинки жыйналыштарда суу ууртап алган немедей унчукпай келаткан неме, бу сапар андан беш-бетер, башы эки ийнинен чыкпайт. Берия башынан бери согуш стратегиялары менен илээшип көрбөгөн неме, көз айнегинен чырактын жарыгын чагылдырып, Сталиндин оозунан эмне чыкса, дароо аткарууга даяр экендигин билдирип аны ээрчий карайт. Ворошилов Түндүк-Батыш фронтту башкара албай, Ленинградды немистерге курчатып салгандан бери, демилге жасап, сунуш киргизүүдөн калган, берилген тапшырмаларды гана аткарууга тырышат. Бу

сапар деле акылдуу сунушту Сталин андан күтпөсүн өзү билип үңкүйгөн. Карт бөрүлөр эмне дээр экен дегенсип, Маленков кылтыйып көздөрүнүн кыйыгы менен алдыртан эки жагын карайт. Жымжырт көпкө созулуп, Сталиндин чылым соруп бышылдаганы баарысына угулат. Бир оокумда Сталин башын көтөрүп, кабагын чытып, муруттарын түктөйтүп, өзү олтурган креслого келип, оң колу менен таянып, залдагыларды карап:

– Что, долго будем играть в молчанку? Пока мы здесь молчим, на фронте гибнут тысячи наших воинов, немцы бешенно прут щит Москвы. Если еще час будем молчать – немецкие танки могут оказаться на улицах Москвы[1] – деп, Коргоо эл комиссары, Батыш фронтунун командачысы маршал Тимошенкону чакчайып тиктеп калганда, калжайган маршал бүрүшүп, жөргөмүштөй боло түштү. Так ошол кезде залда отургандардын ичинен бир фронттун Аскердик советинин мүчөсү, кыркка чыга элек жаш генерал ордунан шап тура калып:

– Жолдош улук башкы командачы! Улуксат этиңиз – дегенде, жыйындагылар жапырт аны карап калышты. Ал генерал мындай абалды башынан өткөрбөгөн, партиянын чогулуштарында оюн, пикирин айтып, демагогдукка үйрөнгөн, өз чөйрөсүндө «билими жогору, көптү окуган, көптү көргөн ак жүрөк коммунист» аталган неме болсо керек, бул сапар көсөмдүн көзүнө бир көрүнүп, терең билимин билдирип зоболосун дагы өөдөлөтүүнү самаган мансапкор шордуу көрүнөт. Сталин колу менен ишараттап койду эле, дароо сөзүн баштады. Саясатчы генерал бардык өнөрүн көрсөтөйүн дедиби, сөзүн Россиянын биринчи Ата-Мекен согушунан баштап, Наполеондун канча күчтүү армиясына орустун солдаттары, офицер-

[1] Ооз ачпас оюнду көпкө дейре ойнойбузбу? Биз бул жерде дудук болуп отурган кезде, майданда биздин жоокерлер кырылууда, немистер кутургандай жулунуп, Маскөөнүн капкасын кептеп кирип келди. Эгер дагы бир саат дулдуюп отурсак, немистердин танкелери Маскөөнүн кечөлөрүндө жойлошу мүмкүн!

генералдары туруштук берип, Кутузовдун жетекчилиги астында Бородинодо болгон зор салгылашууда кутурган француз аскерлерин орустун солдаттары кантип сооолуктурганын айтып, эки жагын каранып, анын сөзүн олтургандар кунт коюп угуп аткандарына маашырканды көрүнөт, өзүн эркинирээк сезип, эми буларга лекция окуй баштайт. Негизги айта турган оюн алыстан тарыхый фактыларга негиздеп, жүйөөлүү далилдеп «ошол согушта Россиянын куралдуу күчтөрүнүн Башкы командачысы генерал-фельдмаршал Михаил Илларионович Кутузов-Голенищев, Смоленский князы Филиге совет чакырып жоокерлерди, армияны кыргындан сактап калуу максатын көздөп, Маскөөнү салгылашпай таштап чыга берүүнү чечпеди беле. Ошонун натыйжасында Россиянын куралдуу күчтөрү коромжуга көп учурабай жакшылап камынышып, даярданып алышып, анан француздардын акесин таанытпады беле. Биз «Маскөөнү коргойбуз» деп, жоокерлерди бөөдө өлүмгө учуратып кырып албай, куралдуу күчтөрүбүздү Маскөөдөн чыгарып, шаарды таштап, Волганын чыгышында даярданып аткан резерв менен биригип, анан гениалдуу стратег, акылман кол башчыбыз Иосиф Виссарионович Сталиндин жетекчилиги астында, чоң чабуулга өтүп, фашисттердин куралдуу күчтөрүн быт-чыт талкалоо үчүн тарыхый сабактарды кайталасак болот» деп, сөзүн бүтүрүп Сталин тарапты караса, ал коёнду жутууга камынган ажыдаарча заары чыгып калган көзүн ирмебей, түнөргөн кабагынын астына катып, тигини тиктеп турган экен. Бирок лям дебейт.

Генералдын сөздөрүнө кубаттана түшкөн маршал Тимошенко, баятан бери Сталин андан жооп күтүп атканын сезип, ордунан туруп, Сталинге кайрылып, тигил генералдын сунушун жактаганын үч-төрт ооз сөз менен билдирип, кайра отурат. Эми жыйында ар кандай табыш пайда болуп, креслолор кыймылга келет. Туш-туш жактан генералдын сүйлөгөн сөзүн жактаган үндөр чыга

баштап, залдын ичи уу-дуу болуп келатканда Сталин Шапошниковду карап:

– Борис Михайловичтин пикири кандай болду экен? – дептир. Сталин Шапошниковдон башкаларынын бирөөнү да атынан айтпай, фамилиясынан гана чакырат дейт. Маршал Шапошников ордунан туруп, айланасын айнекчен көздөрү менен салабаттуу кыдырып, анан Сталинге токтотуп:

– Жаш генерал Россиянын согуштук тарыхын жакшы билгенин отургандарыбызга көрсөтө алды, Иосиф Виссарионович. Бул сөзүнүн саясий далилдери азыркы согушка канчалык бап келээрин айта албайм, ал эми согуштук тактика жана стратегия жагынан алып караганда 1812-жылдагы согушту 1941-жылдагы согуш менен салыштырып болбойт. Наполеондун эң ылдам жүргөн куралы ат болгон, эң күчтүү согуш жабдыгы – замбирек, анын дүрмөтү жарылбоочу, көп алыска уча албоочу тоголок чоюн болгон. Кол жарактары милтелүү мылтыктар, кылычтар, калкандар эле. Азыркы куралдарды, жарак-жабдыктарды ошолор менен салыштырып болобу? Берлинден учкан самолёт Маскөөнү бомбулап кетип атат. Немистердин жөө солдаттары мотоцикл минип, танкелерге далдаланып саатына 40–50км ылдамдыкта жүрүп урушуп атпайбы. Ар биринин жеке куралы мүнөтүнө 100 ок бүрккөн автомат, гранатомёт, огнемёт. Немистердин ыраакка атуучу замбиректеринин огу 40–50км. учат. Самолёттон таштаган бир бомба бир чоң үйдү талкалоого жарайт. Мунун баарысын менсиз деле жакшы билесиңер. Ушундай куралдуу күчтү кайра кууп чыгуу үчүн кеминде беш-он эсе кубаттуу күч керек эмеспи? Андай күч азыр бизде барбы? Автомат турсун беш атарыбыз солдат башына жетпейт – дегенде, отургандардын кайрадан ындыны өчө баштайт. Шапошниковдун жүйөлүү сөздөрүнө батынып, аны менен текөөрлөшөр киши чыкпайт. Тимошенкодон кийин бир аз көңүлү

көтөрүлүп, эмнеси болсо да эски күжүрмөн жолдошун колдосомбу деп турган Буденныйдын түктүйүп келаткан тутам муруту кайра шылпыйып, жамажайын жааптыр. Кийинки согуштарда көзгө көрүнүп, бир кыйла согуштук операцияларды ийгиликтүү өткөрүп, уруш башкарууну билгичтик менен уюштуруп келаткан армия генералы Жуков Шапошниковдун жүйөлөрүн башын ийкеп жактагандан башка артыкбаш сөз сүйлөбөптүр.

Эми жарга канча камасаң да көңүлгө алгылыктуу сөз эч кимисинен чыкпасына көзү жетип, Сталин кайрадан арыштап, аркы-терки баса баштайт. Улук Башкы командачынын башы – балчелек. Буга ызылдаган ой аарынын уюгу жык толгон. Өзү залда болгону менен ою ааламды чарк көпөлөк айланып атканы отургандарга үнсүз-сөзсүз сезилүүдө... Маскөө турмак бүтүндөй Мамлекетинин элинин, казынасынын, жыйган-терген мүлкүнүн, табигый байлыгынын жана да бүткүл дүйнө пролетариатынын тагдырлары жеке өзүнүн жонуна жүктөлгөнүн, азыркы – бүгүнкү кырдаалга жана болочоктогу муундардын тарыхынын алдында да жеке өзү гана жоопкер экенин мойнуна алып, кокус иш оңунан чыкпай калса, башка бирөөлөргө шылтап, акчыланууга мүмкүндүк калбай жатканын бүт турпаты менен түшүнүп, адам тагдырынын чарасы мелткалт толуп турганын, эми кыпындай эле ката кетирсе, кылт этип жолунан тайыса, жазмыш-болмуш зоосунан жалгыз өзү гана кулабастан, өзүнүн көзүн карап, өзүнөн үмүткер болуп жалдыраган миллиондордун да убалына калаарын акыл экранынан чубуртуп атканы байкалат.

Эмне кылыш керек? Азыр эң жооптуу момент. Мындай абалдар мурда болгон беле? Сталин жаш бала эмес. Октябрь революциясын өз колу менем жасагандардын бири. Тиги сары ооз саясатчыл генерал эмес, китептен окуп «отлично» баа алгандай. «Революцияда ушундай кырдаалдар болду беле?». Болгон! «Анда канттик эле?» Анда Лениндин акылы туюктан жол таап, амалы аман

куткаруучу. Азыр Ленин жок! Азыр бардык үмүт Лениндин шакирти Сталинде. «Мен бар болгону Лениндин шакиртимин» деп, Рой Говарддын суроосунан кутулгам. Ал окуя менен азыркынын окшоштугу жок. «Лениндин шакирти элем» деп, Гитлерге арызданат белем? Ал менден ушул чабалдыкты күтүп эки көзү төрт болуп турбайбы! «Маскөөдө той берем!» деп, мактанып эмитен конок камын жеп, чакыруу билеттерин алтындын буусу менен жаздырып, тарата баштабадыбы. Азыр акылды, амалды Сталин табышы керек. Мына булар ушуну күтүп үңкүйүшүп, кылтыйышып отурбайбы. «Бейкуттукта баары эле буга жаны менен берилген шакирт, үзөңгүлөш жолдош эле, азыр кимисинин ичинде кандай ит өлүп атканын ким билсин?.. Лениндин деле түбөлүк идеялаш досторунун, жаны менен берилген шакирттеринин арасынан иудушкалар[1] чыкпады беле. Сталин шашылыш түрдө акыл табышы керек. Бул жаңылышы керек эмес. Бирок, бул олуя эмес. Олуя деле жаңылат деп динчилдер айтып атпайбы. Өткөндө өөдө-төмөн, чоң-кичине жаңылыштыктар Сталинден кеткенин билишет. Ошондо да аны кечирген. Бирок ал кездерде бейкутчулук болгон. Оңолууга, катаны оңдоого убакыт бар эле. Азыр ал жок. Өткөндө бул бир кечиримсиз ката кетирген ал – отуз жетинчи жыл. Аны эл кечирсе да тарых кечирбесин Сталин жакшы билет. Бул эми аны кайталабас керек. Маскөөнү же «коргойбуз» же «таштайбыз» деши керек. Ал үчүн Улук Башкы командачы отургандардын баарысы ынангандай акыл табышы керек. Же «бар» же «жок"! Башка сөздөрдүн кереги жок! Сталиндин эми көп ойлоп отурууга убагы жок. Тарых буга ушул гана мүнөттөрдү берди. Бул мунун акыркы мөрөйү. Мындан жыдып калса, тагдырдын дөңгөлөгү огунан чыгып. белгисиз багытка зымырап, чимирилип жөнөмөк. Анан эмне болмок? Белгисиз... Баш-оту менен берилген идеясы, бүт өмүрүн садагага бай-

[1] Иудушка – чыккынчы деген мааниде.

лап, күндүр-түндүр жанын сабап жүрүп ишке ашырган революциясынын күнү ушинтип бүтмөкпү? Жок!

Улук Башкы командачынын арыштары баскан сайын чыйралып, тамандары барган сайын жерге катууураак тийип, асма сааттын теңселмесинин табышындай тыкылдап угулуп турду дейт, анда катышкан досум. Айлана бейиттей жымжырт. Сталин дагы эле капастагы аюудан бетер тынбай басууда... Эртедир-кечтир ушул азыркы абал келээрин алдыртан сезип, ушундай учурда карайлап, ар кимисинин оозун карап мусапыр болуп жалдырабас үчүн, керт башынын жоопкерчилигине жедеп бышкан эргул, согуш башталган күндөн тартып акыл таразасына нечен тартып көрүп күндө кайрылып, улам кошумчалап, алымчалап, акыры, кокустан «жаман айтпай жакшы жок» дегендей башка карантүн түшө турган абалга келип калсак «ушул жарайт го» деген өз купулуна толгон тобокелин азыр айтпаса – анан кечигип калаарына көзү жетип, бир оокумда кадамдарын токтотуп, залдагыларга бурулду:

– Дагы сүйлөчүлөр жокпу? Анда менин чечимимди уккула! Борис Михайлович туура айтат, согуштук тактика жана стратегия жагынан азыркы Ата Мекендик согушту Россиянын өткөндөгү Ата Мекендик согушу менен салыштырып болбойт. Өткөн согушта солдат менен солдат жекеме жеке кармашып, күч менен жеңишкен. Азыркы согушта андай учурлар чанда гана кезигет. Негизинен азыр мотор менен мотор согушууда. Кимде техникалык куралдар көп болсо, жемиш ошол тарапта. «Чопкутунун калындыгы эки эли танкелерди кылыч менен бөлө чаба албайсың», – дегенде Ворошилов менен Буденныйдын баштары шылк этип, желкеси чыга түштү. Үч жарым айдан берки согушта биздин согуштук доктрина өзүн актабай жатканына отургандардын баарысы күбө экенин белгилеп, – бул эмнеликтен? Бул – биздин доктрина эч бир аскердик илимий жетишкендиктерге негизделбей, эски Кызыл гвардиячылардын өткөндөгү

граждандык согуштагы тажрыйбасына гана таянуу кесепетинен келип чыкканын баса айтты. Революциялык энтузиазмдын доору биз үчүн бүткөн доор. Эми дүйнөдөгү реалдуу факторлорго таянып, тактиканы да, стратегияны да аскер илимий жолу менен түзүш керек. Бизде дагы эле эски даңк менен манчыркануу оорусу өкүм сүрүүдө. Мындан арылмайынча биз оңолбойбуз, эч ийгиликке ээ боло албайбыз. Эски даңкты көөнөртпөс үчүн ар дайым бүткүл дүйнөлүк жаңылыктар менен жаңыланып туруш керек! Эми, Маскөө маселесине келелик, – деп бир аз унчукпай калды дейт.

«Маскөөнү берип койгондо, аны кайра ала албайбыз. Немисти Маскөөдөн кубалап чыгыш үчүн Борис Михайлович айткандай, андан жок дегенде беш эсе күчтүү болушубуз керек. Демек согуштук техникабыз ошончо артык болуш керек. Бизде азыр андай мүмкүндүк жок. Даяр техниканын көбүн немистерден качканда жоготтук. Жаңы куралдарды жасоочу зоот-фабрикалар батыштан чыгышка көчүрүлүп, көбү жолдо, жеткендери мурдагы ээн талааларга, майда шаарларга, кыштактарга жаңыдан жайгашып, ишке жакшылыктуу кирише элек. Биз куралдарды немистерден эки эсе ашык чыгарышыбыз үчүн эң кеминде 1,5 жыл керек. Ага чейин немистер Маскөөнү бузулгус чепке айландырып албайбы?

Маскөөнү душманга берүүнүн согуштук-стратегиялык катасы мына ушунда. Ал эми саясий жагын алып көрөлүчү. Тиги сүйлөгөн жаш генерал мага эски талмудисттерге коёндой окшош көрүнүп атат. Тарыхтын кара катын жакшы билиш бир жөн, а маанисин түшүнүш, ага жараша корутунду чыгарыш – бул такыр башка кеп. Россиянын биринчи Ата Мекендик согушунун тарыхын кара кагаз салып, азыркы СССР калкынын Ата Мекендик согушунун тарыхына көчүрүүгө кайсы тарыхчы жана жаңылыктан анча-мынча түшүнүгү бар кайсы саясатчы титине алат? Биринчи согушта өнүгүп

келаткан эки капиталисттик мамлекет үстөмдүк талашып, жер талашып кагылышкан, азыр болсо эки система салгылашып атпайбы. Биринчиси расизмди туу кылып көтөргөн фашисттик-капиталисттик мамлекет, экинчиси дүйнөгө эркиндик алып келүүчү, адамзатты эксплуататордук класстардан куткарууну көздөгөн коммунисттик мамлекет. Муну эсибизден чыгарууга акыбыз жок. Биз жеңилсек, адамзаттын алдында бүткүл коммунисттик системанын жоголушу үчүн жооптуубуз. Мына ушул жоопкерчиликти эске тутуп, совет эли, азыркы доордун муундары, биздин ата-энелерибиз, ага-эжелерибиз жанын курман кылып жеңип берген жаңы – коммунисттик формацияны көзүбүздүн карегиндей коргоо. Жан-тенди аябай, кашык каныбыз калгыча согушууга, фашизмди – жыйырманчы кылымдын кара тумоосун кандай гана болбосун жеңүүгө милдеттүүбүз. Маскөөнү фашисттерге таштап кетүү – биздин жеңилишибиз менен барабар. Анткени Маскөөнүн дүйнөлүк саясий мааниси азыр такыр башкача.

Биринчиден, Маскөө жалаң гана биздин, СССРдин бай-тактыбыз эмес, азыр бүткүл дүйнө пролетариатынын борбору. Наполеондун тушунда ал Россиянын борбору да эмес болуучу, баягы биринчи борбор деген даңкы гана болгон. Экинчиден, Маскөө азыр биздин саясий гана борборубуз эмес, көп улуттуу Совет элинин маданий, руханий жана экономикалык борбору, мындайча айтканда мээ борбору. Ошондуктан, эгер биз Маскөөнү бүгүн таштасак, эртең Совет элине, анын куралдуу күчтөрүнө бүлүк түшөт. Зор мамлекеттин Совет, партия жана аскер башчыларынан ишенчилик кетет. Демек диверсанттар, шпиондор, чыккынчылар элди азгырып, контрреволюциялык көтөрүлүш жасашат, бизге боор тарткан чет мамлекеттер тескери бурулушат да, фашисттер самаган тоюн ишке ашырышмак. Анын эртеси эле, азырынча фашисттер менен согушумуш болуп аткан мамлекет-

тер колдорун көтөрүп, багынып беришмек. Чыгышта ыктытып араң турган милитаристтик Япония Ыраакы Чыгышты, Кытайды басып алмак. Ошентип, бүткүл дүйнө жүзү фашисттердин, милитаристтердин таманынын астында калмак.

Мына сиздерге Маскөөнү таштап кетүү божомолдун саясий жана согуштук-стратегиялык корутундусу деп, терең дем алып, өзү отурган жерге келип, күйүп бүткөн тамекисинин күлүн күлтабакка канжасынан кагып түшүрүп, адатынча кайрадан чылымын жаңыртты дейт. Тамекисин тутантып бир соруп алып, кайра арыштап: «1. Согушпай туруп Маскөөнү таштап кетүү идеясы зыяндуу, чыккынчылык идея деп табылсын. 2. Батыш фронтунун карамагындагы куралдуу күчтөрдүн ургундайы негизинен Маскөөнү коргоого топтолсун. Фронтторду толуктоого чыгыштан келаткан аскерлердин орчундуу көпчүлүгү бүт жарак-жабдыктары, куралдары менен кошо Маскөөнү коргоочуларга берилсин. 3. Маскөөнү коргоого командачы болуп армиянын генералы Жуков дайындалсын. Жуковго керек болгон түрлүү муктаждыктарды камсыз кылуу Саясий бюронун мүчөлөрүнө тапшырылсын. 4. Маскөөнү коргоо үчүн оперативдүү планды эки күндүк мөөнөттө иштеп чыгуу Генералдык штабдын начальниги маршал Шапошниковго, армиянын генералы Жуковго тапшырылсын. Экинчи күндүн аягында Улук Башкы командачы бекиттирүүгө алып келинсин. 5. Маскөө шаарынын калкын тынчытуу жолдош Берияга тапшырылсын. Талоончулар, провокаторлор кылмыш кылып аткан жеринде атылсын. Маскөөлүктөргө элдик ополчение жарыялоо жана алардан кошуун куруу маселеси жолдош Щербаковго жана жолдош Тимошенкого тапшырылсын. 6. Өлкөнүн күндөлүк тиричилик оокатын үзгүлтүккө учуратпай, согуштун бардык муктаждыгын убагында даяр кылып туруу үчүн Мамлекеттик өкмөт аппараты Куйбышев шаарына көчүрүлсүн.

Жолдоштор! Тарых бизге акыркы мүмкүндүк берип отурат. Бул мүмкүндүктү биз намыс менен пайдаланып, Маскөөнү коргоодо Совет эли, көп улуттун бир туугандай ынтымактуу эли мурда адамзаттын эч бир тарыхында болбогон баатырлыкты көрсөтүшү керек! Немистик-фашисттик баскынчылардын согушчандарын мындан нары бир кадам бери жыла албагыдай кылыш керек. Маскөөнүн чекебелин алардын көрүстөнүнө айландыруу керек! Ал үчүн ар бир жоокердин алдына маселени ачык коюп, анын керт башынын милдетин түшүндүрүп, анын ар бир жасаган патриоттук иши кылымдан кылымга өтө турган даңкка айланып, алтын тамгалар менен тарыхка түбөлүк жазылгыдай кылыш керек! Коркокторго, дезертирлерге, эл бузарларга, дүрбөлөңчүлөргө жана башка журт куруткурларга ырайымсыз, чечкиндүү сокку бериш керек!

Мен, Улук Башкы командачынын Ставкасы, Мамлекеттик коргоо комитетинин аппараты, Генералдык штаб, Коргоо эл комиссариаты жана согуш үчүн башка оперативдүү иштерди камсыз кылып туруучу кошуундар Маскөөдө калабыз» деп, кайран көсөм жаалданыл баарына катуу буйрук бериптир. Сталиндин мындай кайраты, өжөрдүгү, ыгы келген жерде кара мүртөздүгү болбогондо, балким, Маскөөнү немистерге алдырып коймокпуз.

Ошол Маскөөдөгү баш аламандыкка мен өзүм күбөмүн, браток. Мен ошондо ополчениеге алынгамын. Андан мурда көзүң майып дешип, аскерге албай койгон болчу. Мен армияга алынардын алдында Маскөөдө тартип күндөн күнгө начарлап бараткан. Эмнегедир, көчөлөрү кымгуут элге бөгөт болуп, биринин сөзүн бири укпай, ар кимиси өз жаны менен алек болуп калган. Шаардан чыгыш тарапка агылган машинечендерден, ат-арабачандардан, велосипедчендерден, жөө-жалаңдап качкандардан жол тийбейт. Аскерлер менен граждандар аралашкан кишилердин агымы ары-бери удургуп ээ-жаа бербейт. Маскөөнүн негизги тургундарынын үрөйү учуп,

кулактарын түрүп, шаштысы кетип бараткан. Анан бир эле күндө кечээки ээнбаштык кан буугандай тыйылып, тартип калыбына келе баштады. «Баланча көчөлөрдө магазиндерди талап аткандарга милициялар барып, «токтогула!» деп эскертсе болбогондорун ошол эле жерде атып таштаптыр. Түкүнчө көчөдөгү банктын казынасын машинага салып алып чыгаарда оргaндын кишилери баарысын камашыптыр» деген имиш-имиштер тараган эле. Көрсө, ал ошондогу жыйындын Никколо Макьявеллинин[1] жобосун, кайран көсөмүбүз, ушул жерде бир колдонгон экен. Антпесе тартип болмок эмес. Балким, ушундай чечкиндүүлүгүн жолдош Сталин согуштун башында эле көрсөткөндө немистер мынча терең кирип келбес беле, аскерибиз анча кыргынга кабылбас беле?..

Эми, браток, өткөн өттү, кеткен кетти, кайтып келбесе эле болду!..

Майор бул кабарын, ошол жыйынга өзү катышкан немедей жандуу сүрөттөп, ачык элес калтырып айтканына мен бүт турпатым менен берилип, түн ортосунан небак эле ооп, таңга жакындап калганына карабастан, көзүм умачтай ачык. Кызыккан бойдон мен андан дагы:

– Согуш качан бүтөөр болжолун айтыштыбы?

– Болжол ар кандай. Семинар-лекцняларда ар бир мугалим өз прогнозун айтып, пайгамбар болуп атты. Бүтөөр мөөнөтүн ары чоюп, бери чоюшканы менен баарысынын корутундусу бир, согуш – Жеңиш менен бүтөт. Бул бизди сооротқондук эмес – реалдуу күчкө таянгандык. Эгер согуш башталган кезде биздин куралдуу күчтүн күжүрмөн техникасы немистердикинен аз жана сапаты кыйла төмөн болгонун айтпаганда деле, кадимки беш атар мылтык солдат башына бирден жетчү эмес, а немистердин ар бир солдаты автомат менен жабдылган. Анын

[1] Орто кылымдагы италиялык жазуучу. «Максатка жетүү үчүн каражатты тандабоо, ылгабоо керек – баарысы жарайт» деген оюн мамлекет башкарууга сунуш кылган.

үстүнө өнөр жайыбыздын, айрыкча аскер куралдарын чыгаруучу зоот-фабрикаларыбыздынургундай көпчүлүгү мурдатан бери өлкөбүздүн Европа бөлүгүндө жайгашып, өнүп-өөрчүп тургандыктан, Гитлердин вермахты бизге капыстан камынтпай кол салганда далайы бомбуланып, кээ бир жерлерде диверсиянын кесепетинен өрттөлүп, жарылуунун жана күн чыгыш тарабыбызга көчүрүүгө үлгүрө албаган жерлерде, душмандын колунда калбас үчүн өзүбүз талкалоонун негизинде 1941-жылдын аягында жана 1942-жылдын башында аскерлерибизди курал менен жабдуу абдан төмөндөп, өтө коркунучтуу чекитке жеткен болчубуз. Бирок, кыска эле мөөнөттүн ичинде коммунисттик партиянын уюштургуч жөндөмдүүлүгүнүн, көп улуттуу элибиздин ынтымактуулугунун, кажыбас кайраттуулугунун, өтө чыдамкайлыгынын, болочок жеңиштен үмүтүн үзбөгөн сабырдуулугунун аркасында 1942-жылдын орто ченинде эле жаңы жерге көчүп келген жана жаңы салынган курал жасоочу ишканаларыбыз күпүлдөп күндүр-түндүр тынбай иштөөнүн натыйжасында, согуштун кесепетинен жоголгон темпибизди гана кайра калыбына келтирбестен, согуштан мурдакы деңгээлден ашык курал-жабдык, ок-дары жана согушка керектүү башка буюм-тайымдарды чыгарууга үлгүрүптүрбүз. Селлинарда цифраларды жазууга улуксат берген жок. Ошондой болсо да мээме сиңдирип алган эки-үч цифраны айтып берейин.

1941-жылдын согуштагы алты айында чыгарган самолётторубуз – 8200, танкелерибиз – 4800, а өткөн 1943-жылы аларды 29,900 жана 24100, мындайча айтканда, бул техниканы былтыр согуштун биринчи жарым жылына караганда самолёт боюнча 3,6 эсе, танке боюнча 5 эсе көп чыгарыптырбыз. Башка курал-жарактарыбыз, ок-дарыларыбыз да 4 эседен кем эмес өсүптүр. Ал эми фашисттик Германияда былтыр самолётту бизден 10000, танкени 14000 миң даана аз чыгарган. Мынабу цифра-

лардын өздөрү эле согуштун жүрүшүндө кимдин күчү өөдөлөп, кимдики төмөндөп баратканын көрсөтүп атпайбы. Ырас, киши санынан биз бир далай уттурганбыз. Көбүнчө кенебестиктин жана фашисттердин бири бирибизге катылбайбыз деген, убадасына чын ишенгендиктин кесепетинен согуштун биринчи этабында жоокерлерибиздин көбү кырылып, колго түштү жана граждандарыбыз баскынчылардын таманынын астында калды. Албетте, бул өкүнүчтүү деңизчи, браток. Киши деген танка эмес, самолёт эмес, аны кайра зоттон чыгара албайсың. Өмүр бир адамга бир эле берилет. Өлгөн жоокерлер үчүн жеңиштин эми кереги жок. Кантели! Айла жок. Согушту баштаган биз эмес. Согуш деген чыгымсыз болбойт. Болгондо да кишини чыгымдайт, кансыз болбойт, адамдын канын агызат.

Эң кейиштүү маселе мына ушунда. Анткени менен алар эмне үчүн салгылашканын, ким үчүн курман болгонун билип, көрүп кетишти. Ата-энесин, эл-журтун, коомун, Мекенин, киндик каны тамган жерин душмандан акыркы деми чыккыча коргоп коштошту бул жарык дүйнө менен. Буларды Мекен унутпайт. Алардын аттары жерде калбайт. Булар түбөлүккө кара күчтөн ак дүйнөнү куткаруучулардын тизмесинде калып, кийинки муундарга Ата-журт сүйүүнүн көөнөрбөс үлгүсү болмокчу, браток. Алар Жеңиштин символу болуп кала бермек.

– Жеңишке качан жетебиз, Зильман Маркович?

– Азыркы биздин куралдуу күчтөрдүн кубатын жогоруда айтпадымбы, браток. Эми ага кошумча, Тегеранда убадалашкандай, май айынын башында Экинчи фронтту биздин союздаштарыбыз ача турган болсо, кудай буюрса, «эмки жылдын башында бүтөбүз го деген ой бар, Генштабда» деди менин классташым. Тигил карт түлкү Черчилль эле дагы бир шылтоо таап, убадасынан мант бербесе, Генштабдын прогнозу реалдуу эсептерге негизделген болуу керек, браток.

Мындан наркы согушта бизде мурдагыдай чыгым көп болбоо керек. Биринчиден, согушка машыгып калдык. Үч жылдын ичинде такшалган командирлер корпусун даярдап алдык. Согуштун биринчи күндөрүндө ийгиликке жетпей көп чыгым болушубуздун негизги себептеринин бири отуз жетинчи жылдын кесепетинен деп азыр семинарда ачык айтууга мажбур болушту. Көрсө кээ бир полктордо взводдун командирине чейин камалыптыр. Андай полктун кужүрмөндүк сапаты кандай экени белгилүү да. Душман шуулдап биздин территорияга терең кирип келгенде түрмөдө жаткан, лагерде жүргөн далай тажрыйбалуу командирлерди чыгарып келип, шинель кийгизип, курал берип командалатыптыр. Көбү ак жеринен күйүп кеткенин майданда көрсөтүп, душманды токтотконго себепкер болушканын лекцияларда жашырбай, фактылар менен айтышты. Экинчиден, азыр биздин аскердик курал-жарагыбыз жана күжүрмөн техникабыз көп жана сапаты жагынан немистердикинен артык. Ар бир солдатыбызда автомат бар. Пехота моторлоштурулуп, артиллериянын көпчүлүгүн ат эмес машине сүйрөйт. Үчүнчүдөн, биздин жоокерлерибиздин көңүлү азыр абдан көтөрүңкү, а фашисттердин солдаттарынын Маскөөдөн, Сталинграддан, Түндүк Кавказдан, Курск догусунан кийин жүрөгү түшүп калды. Мына азыр деле Ленинград, Волхов, Украина фронтторунун ийгиликтерин гезиттен көрүп атпайбызбы. Кээ бир участоктордо майдан күнүнө 100–150 км батышка жылып атпайбы. Фашисттерде баягы текебердик, керсейүү дегенден кыпындай бир белги жок. Мына ушунун баарысы биздин жакында жеңишке ээ болушубуздун жөрөлгөсү, өбөлгөсү.

Солдаттардын көңүлүн көтөрүп, кайратын курчутуу үчүн кара тилин жанып көнгөн майорум, Маскөөдөн далайды угуп, далайды көрүп, санаасы байып келген экен. Кургурум эргип, чечилип жакшы кеп салып, менин да көңүлүмдү абдан көтөрдү. Жээнбектин каттарын окуп,

которуп бердим эле, ага таңыркаган да, кабатыр болгон да, кооптонгон да жок.

– Ырас, браток, куу-шумпайлардын көбү майдандан алыс-алыс жактарга жоголушкан. Ал сүлүктөр биздин коомдун денесинде дагы эле бузук кан бар кезде жашай бермек. Ал эмес түзүк таза канды да кыйла сорушмак. Азыр эң биринчи максат – мекенибизди сырткы душмандардан тазалоо. Жеңишке ээ болуп, элге кайтканыбыздан кийин алардын жарасы жеңил. Бирок, аларды тазалайбыз деп, отуз жетинчи жылды кайта баштап албасак болду. Коркунуч ушунда, аярдык керек.

– Сиз Маскөөдөн ушунчалык өзүңүзгө ишенип келипсиз. Эмне анда өлбөстүн суусу бар бекен же өлбөстүн индульгенциясын берип атыптырбы? Маа деле бир-эки ууртам же бир кагаз ала келсеңиз болмок экен. Мен деле жеңишти көрсөм дегенде эки көзүм төрт, жолдош майор!

– Критику принимаю полностью, – көз айнеги чырактын отуна жаркылдап ууртун керип жылмайды да, – никто от смерти не гарантирован, даже в Генеральном штабе. Мен өзүмдүн атымдан эмес, жеңишти тирүү көрө турган жоокерлердин атынан сүйлөп атам. Ырас, Маскөөдөн мен жакшы кабарды угуп, жакшы жышааналарды көрүп кубанганымды жашыра албай жоокердик заманда кыргындын талаасында капыстан кабылып, сырдаш болуп калган сизге аярлабай айтып аткандыгымдан. Азаптын көбүнө чыдап аман-эсен ушул күнгө жеттик. Эми жеңиш ээрчитип келаткан буурул таң алдыбызда элестөөдө. Сактаган кудай мындан нары да сактаса, жеңиштин өзүнө да аман-эсен жетээрбиз. Кокус, жеңишти бизге тагдыр ыраа көрбөсө, кантели, майдан талаасында калаарбыз, бирок ошондо да, «жеңиш» деген ишеним бизден ажырабайт, түбөлүк бизде калат. Биз отуз жетинчи жылдын эмес, Мекен коргоонун курманы болобуз. Бул трагедия болсо да, ыйык трагедия! Эч качан унутпайбыз! Ал тиги отуз жетинчи жылда жазыксыз, максатсыз курман болгондор-

дун асыл аттары эл арасына кайтып келээр күн болоор бекен? Жанатан бери жеңиш күүсүнө эргип мажордуу кайрат менен сүйлөп аткан майор муну айтканда үнү басаңдап улутунуп жиберди. Ушул темага Дорфмандын сөзүн кантип бураардын айласын таба албай жүргөн маа, кудай жалгап өзүнөн өзү оңдой берди болду.

– Зильман Маркович, сиз Маскөөгө кетээрде отуз жетинчи жылкы окуянын аягына чыкпай калдыңыз эле. Кудай жалгагыр, мүмкүн болсо ошол аңгемеңизден уласаңыз.

– Чынымды айтсам, Маскөөнүн азыркы көрүнүшү көп жылдан бери жыйылган капаны таратты эле. Көңүлүм көтөрүлүп, болочок үмүткө ичим толуп келди эле. Эскини эстеп канымды бузбайын дедим эле. Бирок, тарых деген тарых, жакшысын тандап, жаманын унутууга болбойт.

Ырас, сизге жолукканда эмнегедир мээрим ийип, жылдызыңыз ички дүйнөмдү жарык кылган. Түнт жаткан купуя сырымды шооласы менен кытыгылап, тыбыратып, жан киргизгенин жашырбайм, браток. Сыр деген эс-акылы жайында кишинин дээрлик баарысында эле болот. Ал туш келди эле кишиге ачыла бербейт. Жарыла элек чыйкандай ичиңди өйүтүп, сыздатып жүрө берет.

Майордун дагы темадан алыстап, оюна алдырып, ар бир эсине келгенинин артынан түшүп, кубаламай адаты кармап келатканын байкадым да, кечки тамактан бери беркиден серпе электигинен болуп атса керек деп, мурда эле атайын бул кишиге арнап даярдап койгон, баягы акылга сүрөөнчү медицинскийден өзүнүн өлчөмүнө жараша куюп сундум эле, ал мен күткөндөй сугалактанбастан, колуна албай туруп:

– Браток, ой арак эмес, ичпесең тура бергендей. Эске түшө калганда шап жалдан алып, ноктолой койбосоң, безген бойдон көздөн кайым жоголот. Акыл теспесинин жиби үзүлөт да, айтайын дегенден адашып дөөдүрөп

каласың, шаштырбай, алагды кылбай коё туруңуз, айланайын! Ошол биринчи сизге жолукканда көптөн издегеним табылганын сезгем. Көптөн бери жүрөгүмө түпөйүл болуп жүргөн сырымды биринчи сизге ачкамын. Ошондо биринчи күптүм чыгып, жеңилдегем. Чүнчүгөн көңүлүм биринчи баш көтөрүп, ичим ачылып, коолдогон. Таруудай темир талуу жериме тийип, сырым өзүм менен кошо көмүлүп жүрбөсүн деген убайымдан арылып келатканда, кудай маа дагы бир жакшылык кылып, азыркы Маскөөнү көрсөткөндөн кийин, көңүлүм семирип бардык окуяга философтун көзү менен карап калдым, браток.

Шахриярдын коогаландуу заманында акылман Шахерезада миң бир түн жомок айтып, шахты жоокалатып, ага мураскор төрөп берип, мамлекетиндеги жашаган бардык кыздарды өлүмдөн сактап, сообуна калыптыр. Ренессанстын башталышында жашаган Джованни Боккаччо да, материкти күлапса кыргыны (чума) каптаганда он киши тумоодон аман калуу үчүн аралга качып барып кайгыны тамаша менен жеңүүгө он күн, он түн күлкүлүү шакаба айтышкандарын жана тамаша күлкүнүн шарапаты менен тумоо кыргынынан аман калгандарын «Декамерон» («Он күн») деген китебинде жазган экен.

Деги эле калк башына каран түн түшкөндө сыр ачышып сырдашуу, көңүлдү жоокалатып, алагды кылып көтөрүү байыртан бери келаткан салт окшобойбу, браток. Ушул кыргында экөөбүздүн капыстан жолугушуп Витебскинин четиндеги Хотемля токоюнда бир жертөлөгө байыр алып, ичибизде катылыл жүрүп катып бараткан арман-сырыбызды ачыкка чыгарып, бирибиздикин бирибиз сиңирип атканыбыз да бир жакшылыктын жышаанасы болуп жүрбөсүн. Согуштун финишине – жеңишке аман-эсен жетээрибиздин төлгөсү болбосун? Эмесе, аңгеменин аягына чыгалы. Эмнеге токтодук эле?

– Эл душмандарына каршы күрөшүү кампаниясы борбордо гана эмес, перифериядa да жүрө баштаган мез-

гилине жеткенбиз.

– Ооба, ооба, ошентип, камоо кампаниясы, бизде бардык кампаниялар сыяктуу шаан-шөкөттүү, стахановдук темп менен элдин колдоосуна татып, кызуу жүрүп кирди. Социализмди курууда экономикальк укмуштуу ийгиликтерге, ажайып турмушка жетүүгө өбөлгө болгон жаңы революциялык методдорду «эпкиндүүлөр усулун», Алексей Стахановдун методун идеологиялык курулушта да колдонуп, жаңы кишинин мээсиндеги капиталисттик чор баскан идеяларды талкалоо, ал идеяларды сактап жүргөн жат элементтерден арылуу кампаниясы кеңири масштаб менен жүрүп атканы чет мамлекеттерге да белгилүү болуп, алардын гезит-журналдарына да чыгып атты.

Биздин официалдуу пропаганда куралдарынын күбөлөшү боюнча социализм орногон өлкөдө, дүйнө боюнча эң биринчи демократиялуу шайлоо эң жогорку уюшкандык менен, эмгекчилердин эң көп катышуусу менен өткөн, ички душманды ийгиликтүү жеңген, СССР тарыхында эң чечкиндүү дагы бир нече «эң-эң» зор ийгиликтерди алып келген отуз жетинчи жыл өзүнүн кандуу санжырасын жазып узаган. Отуз сегизинчи жыл түрмөлөр, лагерлер кишилерге жык толгон, күнөөкөрлөрдү баш кесерлер атып үлгүрө албай, убара болуп катуу иштеп аткан кези. Ноябрдын аягыбы же декабрбы, азыр даанасы эсимде жок, бир күнү «Крокодилдин» эл аралык бөлүмүнүн балдары чакырышканынан барсам, Американын сатира журналынын жаңы номурун карап отурушуптур. Журналдын сырткы бетинде боёктуу чоң сүрөт тартылган. Карасаң Сталин, кадимки өңү түсү менен, элге таанымал кадимки кийимчен, шапкечен. Ал кыраакы көзү менен алысты карап турат, бутунун астында СССРдин картасы жатат. Узун чубалган шинелинен кылтыйып чыккан олчойгон солдат өтүгүнүн сол тарамы Ыраакы Чыгышты, оң тарамы Батыш Украина менен Белоруссияны балчайтып баскан. Эки колу артында. Денесин колдору менен

кошо ажыдаар ороп чырмап алган. Ажыдаардын башы Сталиндин сол ийнинен Ежов болуп соймоңдоп чыгып турат. Картанын ар кайсы жерлеринде кишинин баш сөөгүнөн үйүлгөн дөбөчөлөр, а Сталиндин оң ийнинен алыскы бийик тоолорду элестеткен чоң дөбө көрүнөт. Ал да куураган баштын сөөктөрүнөн. Сүрөттүн астында англис тилинде Ежовдун Сталинге мактанган рапорту жазылган: «Каранызчы, Иосиф Виссарионович! Жер тазаланып жакшы болуп калды!»

Четте бизди катуу сындап жазып атканын билчүмүн, асты мындай сүрөттү биринчи көрүшүм. Өзүм тарткан немеден бетер корктум. Өлкөбүздүн, Партиябыздын биринчи кишисин маскаралап атканы оңойбу?!

– Жигиттер, силер эмне десенер эрк өзүнөрдө, а мен бул чирикти көргөнүм да, окуганым да жок! – деп чыгып кеткен элем. Бул мага оор таасир берди. Чын эле ушул абалга жеткенбизби? Ойлоп нары жак, бери жагымды карап көрсөм, мен билген наркоматтардын, мекемелердин көпчүлүгүнүн жетекчилери деле, коллективдеринин кыйла адамдары бир эле жылдын ичинде жаңылар менен алмашкан. Мурункулары эл душмандары болуп камалган же аларга жан тарткандардан болгондуктан, кызматтарынан кубаланган. Менин бир далай курсташ жолдошторум ишенчилигин жоготуп, борбордук гезит-журналдардан куулуп, алыскы райондорго «большевиктик» тарбия алууга жөнөтүлгөн.

Отуз сегизинчи жыл айрыкча аскер кызматындагыларга оор жыл болду. Июлдун аягында, августтун башында Жапония Ыраакы Чыгышка кол салып 25–40кмче тереңдеп Хасан көлүнө чейин кирип келген. Атайын Ыраакы Чыгыш армиясынын күчү менен, Василий Константинович Блюхердин жетекчилиги астында жапондуктарды чек арадан кууп чыгып 13 күндө согуш бүткөн. Бул сыноодон душмандар биздин куралдуу күчтөрүбүз дагы эле кубаттуу экенин көрүп: Кызыл Армияны взводдун командирине че-

йин камаш керек деген максатты коюп, эми жоокерлерди аёосуз камап кирген. Маршал Михаил Николаевич Тухачевский 1937-жылы эле «немистин шпиону» деген шылтоо менен биринчи топтун ичинде кеткен. Эми Хасан окуясынан кийин маршал Блюхер, Генштабдын начальниги маршал Александр Ильич Егоров камалышты. Ошентип, Кызыл Армияга жаңы аскердик наам бергенде биринчилерден болуп «маршал» наамын алган бешөөнүн үчөө камалды. Анан буларга байланыштырып аскер башчыларын, айрыкча өтө берилген ак жүрөктөрүн, зээндүүлөрүн терип кирди. «Душманга алакандай жерибизди бербейбиз, душмандын колун укумчалык ичибизге киргизбейбиз» деген Ворошиловдун ураанына Сталин таянып, Блюхер менен Егоровду камоодон, атуудан арачалап калган жок. Украина республикасынын башчылары, ВКП(б) Саясий бюросунун мүчөлөрү Станислав Викторович Косиор, Влас Яковлевич Чубарь, Куйбышев обкомунун секретары, Саясий бюронун мүчөлүгүнө кандидат Павел Петрович Постышев жана далай эски революционерлер Сталинди бардык съезддерде, конференцияларда ачык колдоп, социалисттик түзүлүштү жандуу коргоп жүргөн партиянын сыналган ишмерлери биринин артынан бири камала беришти.

Ички «душмандар» болжолдогондон көп арбын болду. Өкүмөттүн жогорку эшелонунда бири бирине ишенбестик, коркуу, кооптонуу адатка айланды. Саясий бюронун мүчөлөрүнүн аялдарынан да «чыккынчылар» чыга баштады. Батышта германдык фашизм күчөгөндөн күчөп, бир өлкөнү саясий жагынан багындырса, бирин куралы менен багынтып, биздин чекке жакындагандан жакындоодо. Австрияны Германия согушпай эле мойсоп, Чехословакияга тап берип калган кезде анын президенти Эдуард Бемеш Сталинге, Англиянын, Франциянын жетекчилерине жардам сурап кайрылса, Сталин макул болуп, Чемберлен менен Даладье фашизмден коммунизм коркунучтуураак деп, Бенешке жардам бербей, Мюнхенде

Гитлер менен бүтүм жасашып, Чехословакия мамлекеттик эркиндигин жоготту. Бенеш өз өлкөсүнөн качууга мажбур болду. Ошондой кырдаалда отуз сегизинчи жыл да тарыхый өмүрүн аяктады. Отуз тогузунчу жылдын башы деле кубанаарлык эч нерсе алып келбеди. Февралдын жыйырмаларында «Правданын» редакциясына барып, чет элдик информациялар бөлүмүнө кирип, калемдештерим менен амандашып, жаңылыктарды сурасам, жооп ордуна унчугушпай, отургандардын бирөө «Нью-Йорк-Таймстын» жаңы номурун мага сунду. Англис тилин билбегендигимден «Мистер Сталин» дегенден башкасын түшүнгөнүм жок. Көрсө, АКШнын президенти Франклин Рузвельттин Сталинге жазган кайрылуусу экен. Анын маанисин мага төмөнкүдөй түшүндүрүп беришти. «ВКП(б)нын Генералдык секретары Улуу даражалуу урматтуу мистер Иосиф Сталин! Бизге келип түшкөн кабарлар боюнча СССРде кишилерди камоо, куугунтукка алуу кампаниясы абдан күчтүү жүрүп жатыптыр. Саясий көз караштары, сүйлөгөн сөздөрү Сиздердин саясатка кайчы болгондордун баарысын камап жатыпсыңар. Эч ким өз пикирин ачык айта албайт, демократия жок дейт. Фашисттердики сыяктуу эле концлагерлер толуп кетти дейт. Атасынын теги үчүн баласын күнөөлөп, куугунтуктайт дейт. Ушул чынбы? Менин шайлоочуларым, АКШнын жарандары менден мына бул суроого жооп алууну талап кылып атышат: Коммунизмдин фашизмден кандай айырмасы бар?

Фашизм Европада жеңип, өкүмөт башына келгенде, Сиз биз менен бирге аны айыптаган элеңиз. Фашизмдин максаты адамзаттын бир расасын башка расалардан артык деп таанып, башкаларды ага кул кылып берүү, аларды жарамсыз катары, жер жүзүнөн отоп жоготуу, фашизм менен демократия эч качан жуурулушпайт деп, фашизмди бүт дүйнөгө бирге жектегенбиз. Эми силерде эмне болуп кетти?

Мистер Сталин! Сиз бул суроого өзүңүз жооп берип, мени шайлоочуларымдын жемесинен куткарсаңыз экен.

Урматым менен АКШнын президенти Ф.Д. Рузвельт» дептир. Ал кабарды окуп, которуп атканда өкүмөт телефону шыңгырап калды. Бөлүм башчысы трубканы көтөрүп «кулак сизде» деди эле, ал жактан Американын жаңы гезити тууралуу сөз болду окшойт, «макул, азыр» деп, бул кыска жооп берип гана трубканы таштап: «Ребята, кончай базар![1] гезитти азыр жеткиргиле» деп маа тапшырды, мен кеттим» деп, гезитти тутамдаган бойдон сыртка чыктым. Ошол окуядан он күн өтпөй, айтылуу февраль-март пленуму болду. Дароо эле андан кийин ВКП(б)нын XVIII съезди болду. Ошондо Сталиндин докладында «баласы атасы үчүн жооптуу эмес» деген тезис биринчи угулду бизге. Ушул съездде жапырт камай берүү токтотулуп, Ежовду кызматтан алып, Берияны анык ордуна коюп бир топ алмашуулар, өзгөрүүлөр болду. Съезд пленумдун чечимдерин жактады.

Угушум боюнча пленум чакырууга түрткү болгон жалгыз гана Рузвельттин кайрылуусу эмес экен.

Камактар бүт өлкө боюнча өрттөй тарап жер-жерлерде, армияда жетекчилер жапырт камалып, өрттүн жалыны Генеральный штабга, Саясий бюронун ордосуна да кирип келген кезде бир күнү Сталинге Ежов келип: Молотовду, Ворошиловду, Берияны камоого санкция сурап, аларды булгаган документтерди көрсөтүп: «Мына, жолдош Сталин, булардын айыбы тана алгыс фактылар менен далилденди. Буларды тезинен камабасак, өзүңүз майып болуп калган турасыз. Болбосо, Сиздин өмүрүңүз үчүн мен жооп бере албайм» деп доомат таягынын бир учун Сталин жакка буруп, анын өмүрүнө келүүчү зыянды ага саласал кылып, акчыланды. Так ошондо гана арамзалыктын найзасынын учу өз жүрөгүнө такалып турганын араң сезди Сталин. Өмүрүндө ажал менен далай жолу беттешип көргөн кыраакы көсөм жүзүн кубултпай, сыр билгизбей, шек алдырбай, күлүмсүрөп адатынча шашпай

[1] Жигиттер, базарыңарды токтоткула!

канжасынын күлүн кагып, «Казбектин» кутусунан бопозду алып белден сындырып, тамекисин канжасынын чарасына толгуча тыгып, чыканагынан сенек сол колуна оң колу менен канжаны карматты. Анан оң колуна ширенкени алып, күл салгычтын чекесине кыстарылган коробкага жанып жандырып, бир колунда канжаны, бир колунда жалындуу ширеңкени – экөөнү тең оозуна алып келип, канжанын мүштөгүн тиштеп, тамекини күйгүзүп, түтүнүн мүштөк менен катуу терең соруп, бир үйлөп алып Ежовго кайрылып: «Отуруңуз, жолдош Ежов, эмне отурбайсыз какайгандай, акыйкат бутта эмес дешет го – маңдайына отургузуп, – жакшы болот. Дароо Берияга телеграмма жибериңиз, тез жетип келсин. Берки экөө бул жерде биздин жаныбызда, калпагыбыздын астында дегендей, а Берия шайтан кокус ал жерде кармайбыз деп, шек алдырып койсоңор, шарт безип жоголот. Бир аттаса нары жагы Түркия. Ошондо дүйнө жүзүнө шерменде болобуз. Ансыз деле чуулдатып жазып жатышпайбы. Сиз экөөбүздү СССРдин санитарлары деп шылдыңдап сүрөтүбүздү гезит-журналдарына чыгарып атпайбы. Американын сатиралык журналынын сырткы бетиндеги экөөбүздүн сүрөтүбүз эсиңиздеби? – Канжасын дагы бир соруп, кабагын бүркөп, – бул сыр экөөбүздүн гана ичибизде болсун. Эч ким, орун басарларыңыз да, бул материалдарды даярдагандар да укпасын! – деп, Ежовду кетирет. Аны чыгарып жиберээр замат, Ворошилов менен Молотовго кабар кылат. Ал экөө келген соң, башка эч кимди киргизбей үчөө көпкө дейре сүйлөшөт. Кимиси эмне дегенин даана билген киши жок. Ошентсе да, илгерки бир жомокто бир букара кандын кемтигин көрөт да, аны бирөөгө айтса, башын алып салаарын билип коркконунан эч кимге айта албайт. Бирок, байкуштун көргөнү ичине батпай, кыйналганына чыдабай, чоң суунун жээгиндеги калың камыштын ичине кирип, сууну карап туруп, көргөндөрүн айтып бугун чыгарып алат.

Үйүнө келгенде кандын желдеттери букараны кармап канга алып барып, сурак кылышат. «Көргөнүңдү кимге айттың эле?» десе, «эч кимге» дептир. «Кайда айттың эле?» десе, «суунун боюнда камыштын арасында» дептир. «Табыш уктуң беле?» десе: «Жок! Камыштардын баштары эле ыргалып шуудураган» дегенде, «айтканың чын экен» деп байкуштун башын алыптыр дейт. Анын сыңарындай тигил экөөнүн бирөө, Сталиндин акылмандыгына таң калып, адилеттегине жогору баа берип, кийинчерээк жакын сырдаштарынын бирөөнө айтса керек. Андан дагы бир анын сырдашы угуп, аттап-буттап жүрүп отуруп бизге – журналисттерге жеткени боюнча, Сталин өтө капа болуп, кетирген каталыктарды моюнга алган имиш: «Биз катуу жаңылыппыз, душмандар бизди иттей алдаптыр! Тарых бизди кечирбейт! Мына, бүгүн мен үчөөңөрдү камоого санкция берем, эртең өзүмдүн мойнума сыйыртмак салышып жоготушмак. СССР урамак. Эмгегибиз талаага кетмек! Кайра капитализм орноп, эмгекчилер кайра алардын таманында эзилмек! Силер мага ишендиңер, мен силерге ишенип, визаңарды көрүп, шектенбей санкцияларга кол коё бердим. Ошентип отуруп өз колубуз менен канча революционер досторубузду кырыппыз!.. Алардын жазыксыз кандары, үй-бүлөлөрүнүн көз жаштары бизди оң таптырбайт! Коё бербейт! Биз достордун, жалпы эл-журтубуздун түбөлүк каргышына калдык! Бизге убал жок!» деп дагы далай ушундай кейиштүү, каардуу курч сөздөрүн айтып, «өз күнөөбүздү өз керт башыбыз менен тартышыбыз керек!» деп капаланган имиш. Эми көзүбүздү ачып, акты карадан ажырата таанып, наста ички душмандар менен аёосуз күрөшүүбүз керек. НКВДнын ишин түп тамырынан кайра куруп, аппаратын бүт тазалаш керек», деп шашылыш иш-чараларын иштеп чыгып, шашылыш пленум чакырышыптыр.

Жанагы генералитеттин жыйынында да Сталин көпкө ойлонуп, аркы-терки басышынын жөнү бар көрүнөт.

«Отуз жетинчи жылкы кетирген каталыктарды да үзөңгүлөштөрүм ушинтип үңкүйүшүп отуруп алып, менин көзүм өткөндөн соң, өздөрү акчыланышып күнөөнү жалгыз менин мойнума коюшаар бекен? Бу сапар эч кимисине ишенбей, эл алдында, тарых алдында өзүм жооп бергидей акыл табышым керек!» деп бушайман болгон көрүнөт.

Отуз жетинчи жылдын окуясы ошону менен бүтөт. Кампаниясы бүткөнү менен анын саркындысы көпкө жашай берүүчүдөй?..

– Эмне үчүн жашай берет?

– Эмне үчүн? – менин суроомду анчалык маа эмес, ургундай өзүнө кайталап, – мунун себептери көп. Биринчиден, бул бир кишинин кетирген катасы эмес, бул – жетекчилерибиздин баарысына тиешелүү. Бекеринен Сталин «силердин визаңарды көрүп» деген жери жок. Чындыгында эле жогорку эшелондогу жетекчи кызматтагыларды камоого, жазалоого, атууга, Саясий бюронун мүчөлөрүнүн, БКнын секретарларынын макулдугун алышкан. Алардын колу коюлган кагазга гана Сталин резолюция салуучу экен. Демек, бул ката үчүн жалгыз Сталинди эмес, катышкандардын баарысын күнөөлөш керек. Ага ким даай алат. Албетте, мен ал документтерди өз көзүм менен көргөн жокмун, досумдун сөздөрүн гана кайталап атам. Эгер чын эле андай документтер бар болсо, кокустан кийин өрттөп салышпаса, архивден кийинки тарыхчылар окуйт дечи, алар тактешат дечи. Азыр авторлор тирүү турганда, экөөбүзгө ким окутмак эле. Мунун баарысы азырынча имиш-имиш. Ошентсе да «жел жүрбөсө бактын башы кыбырабайт» деген кеп бар. Муну кылган чынчынына келгенде, ички душман эмес, накта сырткы душмандын шайтандай амалы. Биздин контрчалгынчыларыбыздын начар иштешинин кесепетинен шпиондор алардын штабына уя салып алышкан. Демек, чекисттерибиздин аппаратын жүз процент шпиондордон тазалайм деп, ким гарантия бере алат? Ошол эле Сталин

ишенип койдурган Бериянын жалгыз колунан келе алабы? Шпион деген шпион, кыямат кайымга чейин жашайт ал неме. Деле макул, четтен келген шпиондордун баарысын жоготтук дейли. Бирок, алар көп жылдан бери советтик аппаратта иштеп, иш үлгүлөрүн бирге иштешкен жолдошторуна, карамагындагы шакирттерине үйрөтүп, алардын психологиясына сиңдирип таштады да. Кишиге киши ишенбестик, ар нерсеге шектүү кароо, ар нерседен, ар кимден чочулоо, сыр жашыруу, калп айтуу, тануу, айгак болуу, жагынуу, айтор толгон токой амал ар кимибиздин жүрөгүбүздү аралап, ичибизди былгытып салбадыбы. Мындан кантип бир күндө, бир жылда арыласың, браток? Мына, мисалы алыс барбай экөөбүздү эле алалык. Сиз кайдансыз, мен кайдан? Бирок, экөөбүз Белоруссиянын бир токоюнан табышып, башкалардан жашынып, жети түндө жертөлөдө аңгемелешип отурабыз. Аңгемебиздин мазмунун бирөө укса, экөөбүздү тең аттырып жиберүүгө татыйт. Экөөбүздө мамлекетти кулаталы деген ой жок, жөн гана жетекчилердин кетирген каталары жөнүндө айтып, «тигинткенде», «минткенде» жакшы болоор беле деп эркин ой жүгүрткөнүбүздүн өзү эле айыптуу иш катарында бааланат. Ачык пикир алмашуу деген отуз жетинчи жылдан кийин жоюлган. Анткени акыбал ошондой. Ал акыбалды ким жасады? Отуз жетинчи жыл. Көрдүңүзбү, азыр эшикте кырк төртүнчү жылдын жазы. Отуз жетинчи жылдан бери жети жыл өтсө да, анын атмосферасы кете элек. Муну дагы көпкө жыттайбыз, браток!

Кудай буюрса, браток, өлбөгөн жанга жеңиш да келет. Көңүл көкөлөйт. Анын эртеси да болот. Бейкутчулуктун оокатын жасап, турмушун курабыз. Европадан көргөндөрүбүздү өзүбүздө жасагыбыз келет. Азыр эсиңизге салып коёюн, ошондо отуз жетинчи жылдын чыкыроон жели жонуңузга сезилип, ойдогуңузду орундатууга жолтоо болот. Сиздин досуңуздун катындагы айылдык шылуундар – отуз жетинчи жыл тарбиялаган кадрлар оңой менен сизге орун-

дарын бошотуп бербейт. Колдорунан келсе, отуз жетинчи жылдын бороонун кайра үйлөшмөк. Бирок жеңгендер көптүк кылат. Тигилер буларга мыкаачы заяпкерлеринен үйрөнгөн методдорун ачык колдоно алышпас?..

Деген менен кыңыр иш кырк жыл жатса да бир козголот. Адамзат тарыхында дайынсыз жоголгон окуялар чанда гана кезикпесе, ургундай көпчүлүгү кийинки муундардын сыдыргысынан өтүп, болочокторуна оң-тетири сабак болуп келген. Баары бир бул былык аягына чейин ачылат. Бирок, ага чейин ким бар, ким жок?.. Аны ким көрөт, ким көрбөйт?.. Согушта тирүү калсам да, мен көрбөйм го – өмүрүм ага дейре жетпес... – майорум улутунуп жиберди. – Отуз жетинчи жылы курман болгондордун өмүрлүк жолдошторунун көбү да көрбөй, көз майы түгөнүп, көз чарасы чүңүрөйүп, көз жашы соолуп, жакшы кабарды укпай, ачылган күнүн көрбөй, кайгы-муңу ичинде тоңгон бойдон өтөт го байкуштар?! Жок дегенде балдары, неберелери куру жалаадан акталса болду! Фамилияларын жашырбай, аталарынын, чоң аталарынын, энелеринин, чоң энелеринин аттарын коркпой, корунбай, сыймыктанып айтаар мезгили да келээр?! Сиз жашсыз. Кудай бул алааматтан аман сактаса, ошол күндөрдү көрүп калышыңыз, ага жандуу катышыңыз ыктымал! Кана эмесе, жанагы камдап койгонуңузду эми бериңиз, браток! – дегенде кружканы сундум. Ал колуна алып: Кудай экөөбүздү тең жеңиш күнүнө тирүү, абийирдүү жеткирсин! Адатынча тартып жиберип, Американын консервадагы сосискасынан бирди оозуна салды.

...Сыртта күндөгү көндүм табыштар. Чолпон чыгып калыптыр. Тараза жылдыз асмандын батыш капшытына өткөн. Таң атаарга аз убакыт калса керек кейпи?.. Майдандын алдыңкы чегинде кадимки түнкү түйшүк. Биздин пулеметчулар менен немистердики ар кайсы жерде амандыгын билдиришип «саламдашууда». Кез-кезде асма чырактар күйүп бүткүчө бир-эки мүнөт жерди күндүзгүдөн

жарык кылат. Токойдун ичи мурдагысындай көп шуулдабайт. Балким күн ачыктанбы же токойдун кыштан бери суюлгандыгынанбы, билбейм. Постумду кыдырып келип жертөлөгө кирсем, майор коңурук тартып катуу уйкуда.

* * *

Майданда ар дайым капыстык! Антпесе, жашыруун сыр убагынан мурда душманга билинип, ал каршы чараларды эртелеп көрүп, сыр ээси көздөгөн максатына жетпей калат. Сыр сактамай байыртан, кала берсе, Чыңгыз хандан бери кол башчылардын, кошуун башчылардын уставдык эрежеси. Ошондой капыстыктын бири бүгүн эртең менен болду. Головнев чакыртканан барсам, ал: «Бүгүн түнү менен биздин полк позициясын таштап жолго чыгат. Маршка даярдангыла, 16.04.1944 саат 16.00. баарысы даяр болсун!..» деген шифрограммага полк командири кол коюптур. Кадимкидегидей шашылыш даярдандык. Аскердик чарба ар дайым ар кандай капыстыкка шашылыш, дүрбөлөңдүү окуяларды күтүүгө устав боюнча даяр болуу керек. А согуш мезгилинде ого бетер андан да дыкат болууга милдеттүү экенибизди бөлүм башчылары жакшы билебиз. Согуштун үч каардуу кышын, күкүктүн үнүн укпаган үч кандуу жазын талаада тосуп, талаада өткөрүп аткан биз – жоокерлер ар жорукка кандим болуп бүткөнбүз. Күлүбүз додо болбой, майдандын түрлүү булуңбурчуна көчүп-конуп дейди болуп көнгөнбүз. Бирок, бул сапар мага полк командиринин шифрограммасы бөтөнчө таасир көрсөттү. Күтүлбөгөн эки кабар кошул-ташыл болгонунанбы, билбейм. Кечээ үйдөн келген катта эң улуу агамдан кийинкиси Ленинград фронтунда артиллерист 76-калибрдүү замбиректин дүрмөттөөчүсү болучу. Кышкы чабуулда кашка жилигине дүрмөттүн сыныгы тийип, жарадар болуп Россиянын ичкеридеги бир шаарында госпиталда дарыланып атат дегенди окуп алып, бир чети

жанынын аман калганына кубанып, экинчи чети бутун кестирип салып, байкуш момунум, тиги Жээнбекке окшоп түбөлүк чолок болбогой эле деп кабатырланып, башыма ар кандай санаа келип, аны тарката элегимде бүгүн минтип бизди белгисиз бир жакка айдамакчы болгон кабар. Жол жүрүүгө көндүм болуп бүткөнүбүз менен жол иши жол, айрыкча жоокерчилик мезгилде. Кайсы майданга барабыз? Кандай жоо менен беттешебиз? Майдан мейкиндиги, ландшафты, өңүттөрү кандай болду экен? Жергиликтүү эли кимдер, пейли, ниеттери кандай? Жолдору, башка коммуникациясы кандай? Кала берсе, кайсы фронттун командачысына туш келебиз? Айтор толгон токой суроолор мээңди быжыратат. Мунун баарысынын жообу белгисиз. Буларды барган жериңде гана билесиң. Согуш сыры дегендин мааниси ушунда. Буга жалгыз мен эмес, башка бөлүм башчылары, аскер командирлеринин баары эле бушайман. Жалгыз санааркабаган, камаарабагандар – катардагы солдаттар. «Бөдөнөнүн үйү жок, кайда барса бытпылдык». «Кайда барсаң – Мамайдын көрү» дегендей алар үчүн баары бир, ашмалтай болуп бүтүшкөн.

Кечээтен бери оюм ордунда эмес экенин билишкен менин жоокер жардамчыларым, мен бул кабарды аларга кейиштүү кыраат менен айтканымдын маанисин сезишип, менин сурум аларга да берилип, жолго чыгууга камындык…

Азыр таштап кетип бараткан жерге келгенибизге төрт айга жакын болду эле. Бул мөөнөттө мунун коёнунун жатагына, чычканынын ийинине чейин дегендей жат билип байыр алып калган элек. Ар бир карагайын ажырата таанып, кадик болгонбуз. «Үйрөнгөн жоо атышаарга жакшы» дегендей, душманыбыздын кылык-жоруктары да бизге таанымал болгон эле. Кайсы чыйыр менен кайсы маалда майдандын алдыңкы чегине, КПга барып кайтуу коркунучсуз экенин, немистер кайсы маалда урушун күчөтүп, качан басылаарына сырдана болуп, ошого жараша өзүбүз

аракетибизди жасап, ыкым алып, дасып калган элек. Бул жер менен коштошуунун дагы бир боор толгоосу, кыйла күжүрмөн жолдошторубуздан ушул жерде түбөлүк айрылып, ушул жердин топурагына жашырганбыз. Өлүүлөрдүн каны-тени, тирүүлөрдүн жашы төгүлгөн, курман болгон досторубуз көмүлгөн ушул жердин өзүндө душмандан алардын өчүн ала албай башка бир бейтааныш жерге кетип бараткандыгыбызда болуп атат. Бул Хотемля токою жеке мен үчүн да айрыкча зор маанилүү жер эле. Ушул жерде мен бир ичи тунук, ниети ак, сырга бай, ою таза, боорукер, көптү билген, көптү көргөн акылдуу кишиге кабылып, андан турмуш таануу сабактарын алып, ак-караны ажыратууну үйрөнүп, көзүм ачылып келатты эле. Эми ушулардын баарысын таштап кетүүгө мажбур болуудабыз. Кантели! Бул согуштун мыйзамы, Кудайдын буйругу. Согуш бүтмөйүнчө мындай жоруктардын канчасы башыбыздан өтмөк?! Мейли, өтсүн, «жазган кулда чарчоо жок» деген бар эмеспи, баарына чыдайм. Кудай ушуну көрсүн деген экен. Жараткандын мунусуна да шүгүр. Согуштун алдыңкы позициясында жүргөнүмө бир жыл он ай толду. Дагы аманмын. Алланын мунусуна каниет кылам. Үйдөн аттанганда эле тойго эмес, урушка барамын деп чыккам. Энем, жакын туугандарым, эжелерим, жеңелерим ыйлап узатышканда «жаман жорукту баштабагыла» деп тыйган элем. Согуштун тегирменинин ташынан ошондон бери бүкүлү чыгып келатам. Ошондон бери эч жеримди окко, бомбунун, дүрмөттүн сыныктарына чырпытпай, абийиримди төкпөй, намысымды алдырбай, ата-журтумдун, эли-жеримдин алдында жүзүм ак. Кудайымдын мага берген бакыт, таалайы мындан артык болобу? О, кудай, ушунуңа миң мертебе ыраазымын!..

Деги согуштан тажадым. Байкап көрсөм, бул жагынан жалгыз мен эмес өңдөнөм. Акыркы жолу КПда болгонумда полктун командири да өзүнүн жадаганынын четин чыгарды эле. Мугалим аялы, кол арага жарай элек эки

жаш баласы, алдан-күчтөн тайган кайын энеси – үчөөнүн түйшүк жүгүн жалгыз мойнуна артып, Ташкенде аскер окуу жайынын казармасында эки бөлмөлүү тар квартирада калганын, шаарда туугандардан, дос-тааныштардан санаа тыңгылыктуу ишенимдүү кишилери деле жок экенин, өзүнүн туулган жери Чыгыш Сибирде, аялынын төркүнү Харьковдо экенин жана кайындарынан эч кат-кабар жок экенин аялы билдиргенин, балдарын, үй-бүлөсүн, энесин сагынгандыгын айтып, менин үй абалым жөнүндө сурамжылаганынан, мен анын мага окшоп, эл-журтуна кусадар болуп жүргөнүн түшүнгөн элем...

Согуш деген кара баскыр башталганына эки айы кем үч жыл толду. Ажалдын оту алоологон бул жексур турмак, бейкутчулукта көңүл эргиткен саякат деле көпкө созулса жадатат эмеспи! Качан бүтөт адамдын канына тойбогон бул желмогуз? Жеңиш менен бүтөбү же жеңилиш менен бүтөбү? Бул өрт адеп чыкканда, эл арасындагы «баатырларыбыз» дароо барып, бат эле будалап өчүрүп таштайбыз» деп бакырышкан эле. Ошентип муштумун кезеңгендердин баарысы дагы эле эл арасында дейт Жээнбек. Өрттүн накта жалынынын илебине чалдыккан биз – «жаман жарманын ысыгы менен черүүгө аттаныптыр» дегендей ала көөдөндүк кылып, ошол баатырлардын ураандарына алданганыбызды моюнга алып, астаапырылдабыз оозубузга келди го! А бизди: «дүйнөдө Кызыл Армиядан күчтүү эч бир армия жок. Жерде, сууда, көктө да биз жеңебиз» деп текебер тарбиялаган партия менен мамлекет жетекчилери азыр өздөрүн кандай сезип атты болду экен? Алардын кесепети калкыбызга тийип, согуштун биринчи жылында канча жаш кырчындарыбызды кыргында бөөдө кырдырып алдык! Шейит кеткен маркумдардын арбактары аларды куткарбас?!

Биз кырылсак да багынбай Маскөө, Ленинград, Сталинграддай шаарларыбызды коргоодо мурда эч болбогон баатырлыкты көрсөтүп, бүт дүйнөнү таңыркаттык го! Ушулардын баарысы согушту фашисттер эмес, биз

бүтүрөөрүбүздүн, бүтүргөндө да толук жеңиш менен бүтүрөөрүбүздүн жакшы төлгөсү болуп калды. Жоокерлерибиздин өз күчүнө ишеними артып келатат. Батареяларыбызда көптөн бери миномётчу болуп иштеген солдаттарыбыз гана эмес, аларды толуктоо үчүн жаңыдан келген солдаттардын деле күлүңдөгөн көздөрүнөн, суйкайган кирпиктеринен азыр кандайдыр бир жакшы жышаана сезилет. Биз согушуп аткан жерде анча ийгилик болбогону менен быйыл кышкы салгылашуудa: Крымда, Украинада, Ленинграддын айланасындагы ири ийгиликтер – жеңиш биздин Кызыл Армия тарабында болоор ишенчиликти бекемдеп атканына күбө болуудабыз. Бирок ошол жеңиш деген марага бүгүнкү, азыркы тирүүлөрүбүздүн канчасы жетээр экен? Канчасы майдандын кандуу жолунда марага жетпей, тумшугу менен жер саяр экен? Канга тойбогон кара жерге дагы канча кан, канча жаш төгүлөөр экен? Кеп мына ушунда! Алдыдагы жеңиш жарышына азыркы тирүү жоокерлердин баарысы катышат дечи. Ошолордун канчасы бактылуу, канчасы бактысыз экенин бир Кудай гана билбесе, эч кимибиз билбейбиз. Муну жоо менен бетме-бет салгылашып аткан биздин командирлер тургай, чабуулдун стратегиялык планын өз колу менен бекитип аткан Улук Башкы командачысы Сталин да билбейт...

Ушундай уйгу-туйгу ойлор, керт баштын болочогуна кабатыр болуу, айрыкча жер которуу башталганда көбөйөт экен. Ошентип, санааркап белгисиз эртендин жолуна камынып аттык. Курал-жарактарыбызды тазалап, ат-араба көлүктөрүбүздүн шаймандарын кышкыдан жазгыга ылайыктап, жүктөрүбүздү жолдо сынбагыдай, чачылбагыдай кылып таңуулап, жарадар аттарыбызды арабалардын артына чиркештирип, кайсы араба кимдер менен алдыда, кайсылары ортодо, кайсысы артта жүрүүнүн планын бекитип, солдаттарга устав боюнча инструкция бергиче түш небак ооп кетиптир.

Дорфман эртең менен эрте дивизиясынын саясий бөлүмүнө кеткен эле, келе элек. Редакциясына киши жибертсем. «Машинке басчу солдаты менен шофёру эле бар экен. Башкаларынын баарысы майор менен кошо кетишиптир, кайтыша элек экен» деп келди. «Кечикпей келсе экен коштошуп калганга» деп ичимен өкүнүп, кайра өзүмдүн жооптуу милдетим болгон жолдо коопсуздукту камсыздоо, кокустукту болтурбоо чараларын бышыктоого баш-отум менен кирип кетип, эсимден чыгарып ийген экенмин. Бир оокумда майор келип, биздин жолго даяр болгонубузду көрүп чочуп кетти. Мен иштин жайын кыскача айтып бергенимде башын чайкап, өкүнгөнүн билдирди. Аңгыча болбой, дайым боюна дыкан, мамилеси сылык менин Ефимим түшкү тамакты жертөлөгө алып кирип кетти. Мен Дорфманга кайрылып:

– Жүрүңүз, Зильман Маркович, убагында келгениңиз жакшы болбодубу. Коштошпой каламбы деп чочудум эле. Бири-бирибизге ниетибиз түз экендигин Кудай ушул жерде да далилдеди! – дедим эле, ал мени ээрчип:

– Э-эй, браток! Согуш деген бетпактын кылыгы ушул да! Буга көнүп бүтпөдүкпү, таң калаарлык эч нерсе жок, – деп, солдат алып келген суугa колун чайкап, жертөлөгө кирди.

– Үч ай бир жертөлөдө жатып, кыргындан аман-эсен калып, сизден көптү угуп, көптү билип, бир туугандай ысык, сырдаш дос болуп калдык эле. Эми ажырашаар күнү кас болбой, кыргыз элимдин расмиси боюнча ажыраш аягымды берейин, Зильман Маркович. Ага куйрук улаш мен да кирдим.

– Дос дегениңиздин калети жок, браток. Мен да сиздин ыманыңыз ысык экенин адеп көргөндө эле билгем. Ошол үчүн көпкө созбой, бат эле көптөн бери ич күптү болуп жүргөн сырымды – өзүм көргөн, өзүм уккан отуз жетинчи жылкы окуяны айтып берип, Кудайдын алдында берген убадамды аткарып, ичим бөксөрүп, жалгыз башым экөө

болуп көңүлүм көтөрүлүп калды эле. Оңбогон согуштун опурталдуу кылыктары капыстан кармап, экөөбүздү бири-бирибизден ажыратып аткан турбайбы?! Кудай жалгап тирүү ажырашып атабыз. Аман болсок, согуштан аман калсак, балким, дагы көрүшүп калышыбыз ажеп эмес, – өзүнүн күндө тамак ичип көнгөн ордуна барып отуруп атып, – «Тоо тоо менен жакындашпайт, киши киши менен дайым жакындашат» деген орустун ылакабы бар, – дегенче болбой, анын жанына отуруп атып мен: – Кыргызда да ошого окшош макал бар. «Ат баспайм деген жерин үч басат, чычкан казбайм деген жерин үч казат» – дейт. Кудай ушул баарыбыздын көкөйгө көк талкандай тийген согуштан аман куткарса, Маскөөгө мен өз илимий иштерим боюнча бат-бат эле келип турмакмын. Ошондо сөзсүз адресиңизди таап учурашууну мен мойнумдагы парзым деп эсептейм, Зильман Маркович! Бир аздан кийин артыбыздан Баранов кирип орун алаары менен, Чистов булоологон тамакты ар кимибиздин энчи идишибизге куюп сунду.

– «Жакшы менен бир жайласаң – күзүндө кудалашып түшөсүң, жаман менен бир жайласаң – күзүндө кубалашып түшөсүң» деген кыргыздын ылакабы ушул жерде абдан бап келип турат, Зильман Маркович! Менин сөзүмдүн багыты кайда баратканын байкап, эстүү Александр Михайлович, флягадагы наркомдун фронтовой паёгунан кружкаларга куюп сунуп калды. – Биз Сиз менен кандуу жолдо, Белоруссиянын мурда бизге белгисиз токоюнда жолугушуп, туз-даам буюруп, үч ай бирге туруп, сыр алышып, ата-бала болуп калдык. Сиз чындыгында менин көзүмдү ачтыңыз. Турмуш деген улуу дарстан сабак берип, өмүрдүн таттуу, маңыздуу, ширин даамын татыттыңыз. Мунуңузду мен эки дүйнөдө тең унутпас болдум. Патриотизмди, мекенге берилүүнү китептеги ырлар сыяктуу курулай кургак жаттабай, маанисин түшүнүп, анын ысыгына күйүп, суугуна тоңуп, кадырына кантип жетүүнү, баркын кантип көтөрүүнү үйрөттүңүз. Боло-

чоктогу адамзаттын жыргалчылыгы деген коммунизмди куруп атканда кетирилген каталарды элден жашырбай, ийгиликтердин арасына катып койбой ашкерелөөнү, бир сөз менен айтканда, жылма сыртын гана сылабай, ички бодурларын да бүт акыл, дене, турпат менен сезип жүрөккө кабыл алууну үйрөттүңүз. Мунуңуз үчүн айтып түгөтө алгыс ыракматымды билдирем. Ошолордун баарысын эске алып, Кудай биздин тилегибизди кабыл кыла көр деп, кан жолго чыгаардын алдында ушуну алып коёлу, Зильман Маркович! – деп, өзүм биринчи болуп тартып жибердим.

Баарыбыз бирден алып, тамакка кириштик. Расми боюнча бир пас сөз катпай, ар кимибиз ичибизден дымыдык. Эшикте күндүн шооласы өз күчүндө, жер жүзүн жарык кылып турган менен жертөлөдө дүрмөт чырак. Убакытты көп бошко кетирбей, кайран майорум адатынча тамагын кырынып, үнүн жасап:

– Түбөлүк эч нерсе жок деген ушул, браток. Күн түн менен, кыш жай менен, ысык суук менен, күлкү ый менен, балалык карылык менен, учурашуу коштошуу менен, биригишүү ажырашуу менен алмашып, бүт дүйнө дайым дөңгөлөктөй чимирилип, маңгиликтин убакыт закымында, кайдадыр белгисиз, өлчөсү жок мейкиндикте зыркырап, «Болочок» деген биз көрө элек, сырдуу континентке учууда. Муну эч бир керемет күч токтото албайт! Турмуш деген ошол «Аалам көчүндө» жалт күйүп, жалп өчүп турган бир кыпын. Биз – тирүүлөр ошол өчө элек кыпындарбыз, жаш досторум! Мен силер менен бирге болуп, душманыбыз – фашизмге каршы бирге согушкан күндөрүмдү акыркы демим чыкмайынча унутпайм деп өз сырымды айткан элем. Аны кайталабайын. Эми, менин силерге тилээрим кыпыныңар. Демек, өмүрүңөр көпкө өчпөй балбылдасын! Кудай силерди айдан аман, жылдан эсен, каардуу согуштан соо сактап, жүзүңөр жарык бойдон эл-журтуңар менен көрүштүрсүн! Ажал бөгөгөн кандуу жолдун көбүн аман өттүк. Намысыбызды колдон

тайгызбадык. Эми аз калды. Кудай ошол аз калган жолдо дагы колдоп, миллиондор эңсеген жеңишке жеткирсин! Жолуңар шыдыр, ишиңер ийгиликтүү, жеңиштүү болсун! Бүгүнкү силердин күчүңөр болочоктогу жеңиштин жышаанасы болсун! Мейкин канча кең болгону менен дүйнө алакандай эле тар нерсе, айрыкча техника күчөгөн сайын дүйнө тарыгандан тарып баратат. Аман болсок, чыканак түртүшкөн бул дүйнөнүн базарынан дагы көрүшүп калышыбыз ажеп эмес. Бардык жакшылык үчүн! – деп, экинчи тостту майор көтөрдү.

Тамагыбызды ичип, сыртка чыкканыбызда күн батып баратыптыр. Журтубузга курган имараттарыбызды, жертөлөбүздү Дорфмандын редакциясына белек кылып калтырып, орустун расмиси боюнча жол алдында дүмүрлөргө көчүк басып, бир пас лям дебей отуруп, кайра туруп кучакташып үч сыйра өбүшүп, майдандык, өмүрлүк досторубузду калтырып, жолго чыктык. Болжошкон жерде полктун бардык бөлүкчөлөрү чогулуп, жол жүрүш колоннасын түзүп, түн жамынып сапар чектик. Күндүзгүсүн өрүүн, түнкүсүн жолдо болуп, бешинчи соткеде, 21-апрелде, баягы былтыркы ноябрда согушкан жерибизге кайра келдик. Жер көгөрүп, чөп чыгып калган экен. Аттар көккө жабыша калат.

Аскердин көптүгүнөн мурдагы позиция бизге тийбеди. Техниканын көптүгүнөн башың адашат! Майдан эмес эле, бир чоң базарга келгендей болдук. Асмандан корккон эч ким жок. Биздин кыргынчылар карлыгачтай ойкуп-кайкышат! Кудай буюрса бул жерде да чоң казаттын добулбасы дүңгүрөп, керинейи бапылдап, сурунайы сур тартып, комузу сайраганы калган го!? Зарыктырбай сайраса экен, Жеңиш капкасын ачууга башыбыз байлалуу тобокелибиз даяр!

# КАЗАТ СЕЛИНДЕ

## – 1 –

Мына эми, уйку көрбөй, үй мээрими буюрбай, көйнөкдамбалды азап менен ажалга кошо ороп, жонбаштыкка көтөрүп, жер безип, кан кечип, топурак төшөнүп, түн жамынып, ийинге баш пааналоо адат боло калган согуштун үчүнчү жазы да, кудай буюрса кирип келди. Аттиң-ай, ушул жаз канчаларга буюрбады!.. Кантели, согуш деген жексур таш боор турбайбы.

Бул бүткүчө дагы канчаларыбыз эңгиреген талааларда, чытырман токойлордо жарык дүйнө менен коштошмок?.. Муну токтотууга арга, дабаа барбы?..

Айлана тааныш. Баягы эле чала өрттөнгөн кыштактар, ээлери жок эңгиреген ээн үйлөр, короо-сарайлар. Уркуйган шырыктын ичке учунда арканы салаңдап, алыстан өзүн жарыялап турган кудуктар. Кай бир кыштактын четинде, бийигирээк дөңсөөдө калдайган желтегирмендер. Баарысынын ээси жок. Кээлери согуш келатканда эле, тетиги кырк биринчи жылы эле, өлкөнүн ичине кире качышкан. Андайлардын короо жайлары кароосуз калып, чалдыбары чыга баштаган. Немистер келгенде тымызын каршылык көрсөтүшүп, партизандар менен байланышкандардын короо-жайлары баш-оту менен өрттөлүп, күлү, чычалалары эле калган. Мындайлар бир топ, кээ бир жерлерде жеке үйлөр тургай, бүтүндөй кыштактын күлү сапырылып, томоосу эле калган. Кагылыштан, ары-бери сүргүн урուштан аман калган үйлөрдүн тургундары чабуул токтоп, тирешмей урушка өткөн жерлерде, согуш мезгилинин мыйзамдарына ылайык, майдандын алдыңкы чегинен 20–25км артка көчүрүлүп, замбиректин огу жетпеген жерлердеги кыштактарга, шаарларга жайгаштырылган.

Көз ачырбай шөмтүрөткөн шөлбүрөктүү боз кыроолуу күздө биз таштап кеткен ошол кудурлуу, кырчын жыбыттуу, сейрек токойлуу жерлердеги ээн кыштактардын көчөлөрүнөн, чыйыр жолдорунан азыр чоло жер жок. Келип аткан, кетип аткан, каршы-терши өтүп аткан кымгуут аскер адамдарынан, ат арабадан, сүйрөтүлгөн оор куралдардан, мотордуу техникадан башың адашат.

Былтыркы эле «конушубузга» кайра келгенибиз менен, эски ордубузда таман батаар бош орун көрүнбөйт. Аскер деген неме жөн эле шыкырайт. Кийимдеринин өңү оңо электигине, шаймандарынын, курал-жарактарынын жышыла электигине караганда жаңыдан уюшкан дивизия, же армия болуу керек. Солдаттарынын ургундай көпчүлүгү да жаш балдар. Жүргөн-тургандарынан: согуштун ышын жыттай, отун кече, ысыгына быша, суугуна тоңо, чыйрала элек, дале чылгый чийки бойдон экендери көрүнүп турат. Чакчыгайдай чакылдап, билерман болуп, тың сүйлөп, сын таккандары да жүрүшөт. Алар баягы, адеп келгендеги мен окшоп, согуш дегенди укмуштуу жомок сыяктуу сезишип, көрүүнү дегдеп турган сыяктанат. Мейли, бороонду угаары менен мурдунан чимкириги куюлуп, көрө элек жатып кайыккан жашык болгончокту, кичине жашын чоң сезип, боюна дыкат, ишине чыйрак болгон жакшы. Калганын согуш деген турмуш үйрөтөт. Кудай сактап, кыргындан аман-соо чыгышса, андайлар мойнуна сорпо төгүлүп, эсине келгенден кийин, накта тыңгылыктуу, ишенимдүү жоокерлерден болушуп, намысты колдорунан тайдырбайт...

Биздин бөлүк, майдандын алдыңкы чегинен 25–30 км арттагы оорукка жайгашты. Кышты кыштата салгылашып жатып бир далай эле уйпаланыптырбыз. Миномёттордун расчету толук эмес. Эки батарея командири өлүп, төртөө жарадар болуп полк менен коштошкон. Чалгынчылар, байланышчылар, штабдыктар, арабакечтер, шоферлор, дагы башка тармактардын жоокерлери бир топ чыгымга учураган экен. Күзүндө бул жерден

Витебски тарапка кеткендердин 30 процентинен ашыгы кайтпай калыптыр. Куралдардан да сынган, бүлүнгөн, эскилиги жеткендери бар. Кийим-кечегибиз жыртылып, бут кийимдерибиз чолчоюп, тешилип, кейпи-сынынан кеткен. Аттар азайып, унаа, шайман, араба жетишпейт. Автотранспорт жокко эсе. Ок-дарыларды ташып келип турган 4–5 машине бар эле, бирөө замбиректин огунан, бирөө бомбудан талкаланган болучу, калгандарынын эскилиги жетип чоң ремонт жасоону талап кылат. Айтор, кышында үч түндө жеткен жерибизден эми алты түн сарп кылып, илкий-силкий араң келдик.

Жалгыз биздин гана миномет полку эмес, 33-Армия бүт бойдон Витебскиден алынып, эски позициясына кайтарылган экен. Эми, кыштан бери жогору жагыбызда да кыйла өзгөрүүлөр болуптур. Бизди тейлеген Батыш фронту бир нече фронтко бөлүнүптүр. Азыр биздин былтыркы позициябызды 3-Белорус фронту тейлейт экен. 33-Армия ошол фронттун резерви болуптур. Толуктаныш үчүн биз анын ооругунан орун алыптырбыз.

Согуштун чуулдагынан кулак-жаныбыз тынып, жүрөк бир аз калыбына келгенсиди. Топурак жылып, көк жабалактап чыгууда. Бул жерде кыштактары майда, бир көчө, жарым көчөдөн. Чоң деген кыштагында аман калган үйлөрү менен өрттөнгөндөрүнүн коломтосун кошо санасаң отуздан ашпайт. Токойлору да жокко эсе, сейрек, анда-санда топ-топ дарактар алыстан сербейет. Полктун штабы он чакты үйлүү бир чакан кыштакка жайгашты. Менин бөлүкчөмө бир чоң сарайлуу чакан үй бөлүштүрдү. Санчасть да менин катарыма жайгашты. Маңдайкы үйгө полк командиринин ооруу боюнча орун басары Головин өзү орношуп, чарбасы үйдүн артындагы талаага токтоду. Менден эки үйдөн кийин полктун командири, андан кийинки үйгө анын саясий боюнча орун басары, көчөнүн өйүз-бүйүзүнө маңдай-тескей салынган андан наркы үйлөргө штаб кызматкерлери жайгашты.

Дивизиондор кыштактан 150–200 м алысыраак кабакка жайгашып, адат боюнча, жер казып солдаттарын, согуш куралдарын, чарба шаймандарын жоо көзүнө көрүнгүс кылып катууга киришти.

Биз келээрдин алдында кыштактардын тургундарын дагы тереңге, чыгыш тарапка сүрүшкөндө, немистер келет окшойт деп, эл бир топ чочулаптыр. Алдуу-күчтүү аялдар оокаттарын күчү келишинче көтөрүп ташып кетишкен. Алсыз чал-кемпирлердин оокаттары чачылган бойдон калган. Ай байкуштар-ай! Согуштун запкысын бизден артык силер тарттыңар ээ!

Биз жаңы жерге жайгашып атканда полктун командири бардык офицерлерди чогултуп, кыштактын ал-жайын айтып: «эгерде үй ичинен чолок таяк, сынык орок, бир картошка, жарым туруп жоголсо, таарынбагыла, катуу жоопко тартыласыңар! Үй ээлери ар дайым келип, оокаттарын түгөлдөп турушат. Бирөөнөн эле дооматтуу сөз уксам, жолдош офицерлер, заматта чараңар көрүлөт, согуш мезгилинин закондору боюнча трибуналдан суралаcыңар! Өз убалыңар өзүңөрдөө!» деп катуу эскертти. Муну ар кимибиз өз бөлүкчөлөрүбүздө солдаттарыбызды чогултуп алып эскерттик.

Бизге тийген үйгө лейтенантым Александр Михайлович Баранов экөөбүз жайгаштык. Аптеканы жана башка буюм-тайымдарды киргиздик. Чоң кепеге унааларды жана лазареттеги айыга элек аттарды жайгаштыраардын алдында ичин тазалап, эреже боюнча дезинфекцияладык. Старшина Посохов солдаттар менен кошо чөп, саман сакталуучу риганын (сарайдын) ичин тазалашып, орношту.

Бир жумача тынбай караңгыда, кээде муздак нөшөр жамгырлуу түндөрдө айыл аралык кыйыр-чийир жолдор менен токойлорду, кыштактарды аралап, баткак-саздарды, жыбыттуу коолорду, тайгак өрлөрдү, эңкейиштерди басып, жөө-жалаңдап жүрүп, чарчап-чаалыгып келген жаныбыз, бул кыштакка орношкондо курортко келгенден артык сездик белем!

Айланаң согуштун дабырт-дүбүрт табыштарынан тынч! Асманда, кошоктоп койгонсуп, биринен бири ажырабай ойкуп-кайкып чабыттаган эки кыргымчы самолёт – биздики. Алар таң эртеден күн батканга дейре күн сайын үстүбүздө кароолчулук, сакчылык милдетин аткарышып, аба мейкинибизди душмандын самолетторунан коруп, кайтарышат. Ар бир отуз мүнөттө алмашып, бирде ЯК-2, бирде ЛА-5 дайым төбөбүздө. Ушулардын табыштары «согуш» деген каргыш тийгирдин тирүүлүгүн, бизден көп алыс эмес бир жерде ал шермендечилигин жасап атканын ар убак кабарлап турганы эле болбосо, чөйрөдө бейкуттуктун тиричилиги өтүп атказсыйт. Жаз күндөн күнгө күчүнө кирип, коолордун, ийри-буйру жыбыттардын тамандарындагы кирген суулар тартылып, кырчындардын түбү тоборсуп, чымын-чиркейлер чыгып, каакым гүлдөп, жер жашылданып, көк дүркүрөп бат эле чачыга жетип келди. Аттар көккө тоюнуп, капталдары чыгып калды. Лазареттеги аксак-тексек жарадар аттарды солдаттар талаага жайышат. Ал тойгондон кийин күнгө ыксырашып, жуушап жатканын көргөнүңдө, кадимки тынччылык заманың, элиң, айылың, балалыгың эсиңе түшүп, кусадарлыгың кайрадан ойгонот. Атаганат! Кудайым андай бейкутчулукту тирүү көрсөтөөр бекен?..

Бул жерге келгенибизге бир жума боло элек. Буюмтайым, оокат-түлүгүбүздү орду-ордуна коюп жакшылыктуу жайланышып бүтө элекпиз. Ошентсе да, эс алууга чыккан бөлүктөрдүн устав боюнча күндөлүк аткаруучу жумуштарын ар ким өз тармагы боюнча аракетке келтирүү менен алек. Ошентип, күйпөлөктөгөн тиричиликтин бир күнү эртең менен полктун командири штабга чакырып калды. Барсак, анын жанында саясий боюнча орун басарынан башка чоочун бир абышка, бир орто жашаган аял олтурат. Биз чогулаарыбыз менен командирибиз дароо сөзүн сүйлөдү да, бизге кужүрмөн тапшырма бере баштады.

Тигил бизге бейтааныш букара кишилер ушул биз орун алган кыштактын тургундары экен. Ичкериге сүрүлүп, бөлөк кыштакта бирөөлөрдүн үйлөрүндө тыгылышып жан багышат экен. Бир үйдө 3–4 үй-бүлө турат, ар бир үй бүлөдө үчтөн-төрттөн кары-картаңдары, жаш-аялмети бар дейт. Ар үй-бүлө өзүнчө казан асат дешет. Ошентип ар бир үй, үй эмес эле тооккана болуп калган көрүнөт – Мындай шартта жашоого элибизди мажбур кылган согуш. Согушту чыгарган – немис. Ал үчүн жооп берээр убакыт да, буюрса жакындап келатат! – деп карыяларга кайрылып – көбүнө чыдадыңар, ыракмат силерге! Дагы бир аз чыдай тургула, өчүңөрдү алып берүүгө аз калды! деди да, кайра бизге кайрылып, булар тургундардын атынан делегат болуп, бизден жардам суроого келгенин айтып, анан аларга: «Жериңерди айдап, картөшкөңөрдү, эгиниңерди сээп беребиз. Соко, тырмоок жана башка шаймандарды табууга өзүңөр жардам кылгыла, бизде андай шаймандар болбосун өзүңөр жакшы билесиңер» деп убада кылып, сөзүн бүтүрдү.

Биз тапшырманы аткарууга кириштик.

Эртеси кыштактын ээлери саат 10 го жетпей жетип келишти. Биздин үйдүн ээси орто жашап калган байбиче экен. Ээрчиткен тестиер кызы бар, кирип келип, биз менен учурашып, үй-жайын булуң-бурчуна дейре кыдырата карап чыгып, ичинен ыраазы болду окшойт:– Баарысы аман, жайында экен, ыракмат силерге, тартиптүү жоокерлер экенсиңер. Былтыр күзгө жуук дагы силерге окшогон солдаттар бир аз туруп, үйүмдүн тымтыракайын чыгарып кетишти эле. Анча-мынча казып келген курдопаларымды[1] бирин койбой талап жешкен.

– Кечиресиз, биз талоончу, каракчы эмеспиз – жоокербиз. Отуруңуз бул жерге. Биздин ыйык милдет элибизди фашизм туткунунан куткаруу, тынч жашашына жардам кылып, турмуштарына каралашуу. Айтыңыз, сизге бизден кандай жардам керек?

[1] Картошканы ушинтип аташат экен.

Менин ал байбичеге жасаган мамилем жагып калды белем, жаныма шашпай каалгый басып келип, узун столду бойлото койгон скамейканын наркы башына, менден бир аз обочороок олтуруп атып:

– Бул үйдү мен турмушка чыккан жылы кайнатам үч уулу менеи чогуу иштеп салып берди эле, кайран киши. Жыгачтан топчу түйгөн укмуштай уста болчу. Кырк биринчи жылы катуу согуш биздин түндүк жагыбыз менен өттү. Биздин тегеребизде атышуулар болгон жок. Ошентип кыштагыбыз өрттөн аман калган. Кудай жалгап, кыргындан соо калдык деп сүйүнүп, чокунуп атсак, немистердин солдаттары кыштагыбызды аралап калды. Олжо издеп, булаандаганы жүргөн шүмшүктөр болсо керек... Алардын кыштакка кирип келатканын көрүп, сааттай болуп, кайнатам сыртка чыга калса болобу. Кабаанак итибиз бар эле, чоочун табыштарды угуп, абышка ачкан калиткадан сыртка жулунуп чыгып, солдаттарды качырып сала берип, берки четки бирөөнү көчүктөн тиштегенде, шымы айрылып жылаңач куйругу кылактай түштү. Күтпөгөн солдат чочуп, топко кире качканда анын артындагыларынын бирөө автомат менен «тррт» дедирип итти атты эле, Полкан байкуш «каң!» деп ачуу үнүн чыгарып оңкосунан сайылды. Терезеден үй ичинде карап турган жаным, көзүм ымыр-чымыр болуп, жүрөгүм оозума каптала түштү. Немистер жылаңач куйругу көрүнгөн солдатын шылдыңдадыбы, билбейм, каткырып калышты. Аңгыча болбой бир немис калитканы карап, бирдеме деп ачууланып, автоматын киндигине такап, огун бүркттүргөндө жаным чыгып терезенин түбүнө жата калыпмын. Андан кийин канча убакыт өткөнүн билбейм, балам, офицер болсоңуз деле менин балам куралтуу экенсиз, айланайын, мага окшогон бир эненин баласысыз да, «балам» дегенге терикпеңиз...

– Жок, жок терикпейм, айта бериңиз – деп шашып кеттим.

– Терезенин түбүндө канча жатканымды билбейм, эсучумду жоготуп коюпмун. Бир кезде дүбүрттөгөн табыш кулагыма угулганда көзүмдү ачсам, канын чубуртуп байкуш кайнатамды кошуналар үйгө алып кирип жатыптыр. Ажалы жеткен куураган абышка эмнеге үйдөн чыга калды экен, билбейм. Маңдайкы кошуналарымдын айтышында, алар да мага окшоп чочулап терезеден карап турушкан экен. Биздин калитка ачылганда сыртка чыгып келаткан чалды калиткага кабыштыра жөөлөп, жулунуп ит чыгыптыр, «айт, буйт» дегиче болбой, ит октой атып барып немисти бурдап өтөт. Итти аткандан кийин, каткырышып баарысы ит чыккан жакты карашат. Калитканы бир колу менен кармап ыргалып турган чалды көрүп, жанагы мен байкаган солдат автомат менен чалды чалгы чапкандай сулатыптыр.

– Атайын итин тукурду деп ойлошконго? Кайнатаңыз канча жашта эле?

– Сексенден бир аз ашып калган. Кемпирин көмгөнүнө үч жылча өткөн эле. Биздин колдо туруучу, кургурум. Карыса да аспаптарын колунан түшүрбөй, үй ичин, сарай-кепелерди ремонттоо менен эртеден кечке, жаздан кышка дейре алек боло берүүчү. Каргыш тийген фашистке абышка эмне жамандык кылды эле? Анын колунан эмне келет эле? Жөн эле мыкаачылык кылып өлтүрүшбөдүбү!

– Мышыкка оюн, чычканга өлүм болгон экен да, байкуш абышка. Кыштагыңарда башка чыгым болгон жокпу?

– Ал сапар болгон жок. Биздин үй-бүлөдөн башкалары аман калышты. Кийин кышында жазалоочу отряды келип, үч үйдү өрттөп, тургундарын айдап кетишкен. Кайда экенин билбейбиз. Үч үйдүн ээлери партизан болуп, токойго кетишкен. Тигине ошолордун үйлөрүнүн орду! – деди да, терезе аркылуу сөөмөйү менен аркы өйүздөгү, чалкан чыгып келаткан ээн жurттарды көрсөттү.

Каңырыгы түтөп буулукканы бир аз басылгандан кийин, мен ал байбиченин көңүлүн жоошутуу үчүн үй-бүлөсүн, бала-бакырасын сурамжылап, сөздүн нугун башка жакка буруп, кош айдоо шаймандары жөнүндө сурадым эле, байбиче кыскача гана баяндады:

– Бир кызым, эки уулум бар эле, баарысы үйлөнүп жайланышкан. Бул бала кызымдын кызы, энеси кырк биринчи жылы, немистер жакындап келатканда армияга алынып: «санинструктор болуп полкто жүрөм» деп, былтыр жазында, биз немистерден кутулгандан бир айга жетпей биринчи каты келди эле, кийин көчмө госпиталда санитармын дейт, кайда экенин айтпайт, бирок ай сайын каты үзгүлтүксүз келип турат. Күйөөсү башка жерлик, кошуна районубуздан эле, бирок биз менен, биздин кыштакта туруучу. Аны согуштун биринчи күнү эле военкомат чакыртып солдатка алып кеткен!. Бизге кат жазбайт, өлүү-тирүүсүн билбейм. Жазса өз туугандарына жазып жаткандыр...

Уулумдун улуусу отуз тогузунчу жылы, кичүүсү согуш чыгаар менен армияга алынган, колхоздо тракторист болучу. Улуусу «Финляндияга баратабыз» деп, кыркынчы жылдын башында бир кат жиберген, андан бери дайын жок. Биз немистен бошогонубузга бир жыл эки айча болду. Эч кабар жок. Баланын каттагы адреси боюнча жазып атып чарчадык. Жооп беришпейт. Келинчеги: «немистерге кор болгуча өлгөнүм жакшы» деп, айылдагы жаштар чогулуп, чегинген армия менен кошо кырк биринчи жылы эле күн батышты көздөй жөө-жалаңдап жылышкан эле. Жерибиз немистерден бошогондон кийин, андан да кат келди, Сибирде бир шаардын зоотунда жумушчу болуп иштеп атыптыр. Кат келип турат. Кенже уулумдун келинчеги боюнда болуп, жаштар менен чогу качканга үлгүрө албай калган. Ал шордуу ошол жылы кышка жуук төрөп, баласы чарчап калган. Айлыбыздагы партизандардын кесепетинен кы-

шында немистер келип, партизандардын үйлөрүн өрттөп, үй-бүлөлөрүн, анан айылда калган жаштарды аял-эркек дебей баарысын, ал тургай кол арага жарай элек өспүрүмдөрдү кошо жыйнап, Германияга айдап кетишти. Ошондо бели бекий элек шордуу келинимди да таштабай, кардуу бороондо автоматтын учу менен көчүкө түрткүлөп жөө айдап кеткени күнү бүгүнкүдөй көз алдымда турат.

– Байыңыз барбы, үйдөбү? Кенже уулуңуздан кат келеби?

– Эх, сынок[1]! Эрим үйдө болсо, бүгүн бул жерге мен келет белем! Согуш чыкканда кичүү уулунан кийин бир жума өтпөй эле военкомат бүткүл айылдардагы колунан кара жумуш келе турган эр бүлөлөрдү эмгек армиясына бирден терип, жыйнап кеткен. Бир айча облусубуздун аймагында эле жол чаап, траншея, окоп казып, дарак кесип жумушчу батальон деген немесинде иштеп жүрдү. Тамагы начар дегенинен эки жолу тамак да жеткирип берген элем. Алтымыш таяп калган байкушка оор кара жумуш каторгадай эле таасир берет экен – каңырыгы түтөп жашып кетти.– Шапайып арыктаптыр. Ансыз деле чүңүрөйгөн момун, кайсы жумушка айдаса кыңк дебей баса берген неме эле. Кийинки жолукканымда көзү чарасына чөгүп кашы-көзүн жаап калыптыр. Жаагынын кыр сөөгү уркуюп, бычак жансаң курчугандай. Көрүп алып зээним кейиди. «Баягыда эле колхоздун өзүң кайтарган саан уйларын айдап, эл менен кошо чыгышка кете берели десем, өзүң кашаңдык кылгансың, эми чыда» – деп, күнөөсүн мойнуна арта дооматтасам: «абышканы кайда, кимдин колуна таштайт элек?» деп, мени сөзгө мокотту эле, байкуш? Андан жарым ай өтпөй немис басып кирип келди. Аянычтуу атасынан да айрылдык, согуштун бороон-чапкынына баарыбыз кабылып, сапырылып кеттик. Ошондон бери өзүнүн да дайыны жок.– Улутунуп, бир аз сөзүн токтотуп, жоолугунун учу менен көзүн аарчып, – Катуу салгылашуу ал иштеп аткан жер

[1] Балам!

аркылуу өттү эле, ошондо майып болдубу, же немистердин колуна түшүп кор болдубу? Же жолдо качып бараткanda бомбулоого кабылып, күм-жам болдубу? Айтор, эч кабар жок, дайнын билген кишини, дарегин билген мекемени таба албай тукулжурадым, балам! Кайда гана жазбадык!.. Бир үйдөн төрт эркек уазттым эле, экөөнөн ошентип дайын жок, күйөө балам бизге кабар бербегенин айттым балам. Кенже уулум, кудая шүгүр, аман-эсен. Кат келип турат. «Танкистмин. Урушка бир нече жолу кирип, немистер менен бетме-бет салгылаштым. Алар деле танкеден коркот экен» дейт, бирок кай жерде урушуп жүргөнүн айтпайт: «очень секретно»[1] деп коёт, катынын аягында. Кенже уулун кеп кылганда байбичеге кубат кирип, жанданып, өңү жылмайып, каниеттенип, болочокко чоң үмүт, жакшы санаа менен сереп салды.

– Атасын, агасын, колуктусун сурайбы?

– Кат сайын жанымды койбойт. Атасы, агасы тууралуу чынымды айткам, а колуктусу жөнүндө, кусадар болуп жүргөн баланын башына кайгы үйбөйүн деп, жок калптын баарысын жаздырып атып чарчадым. Кудайга да күнөөкөр болдум окшойт. Баласы ара төрөлүп чарчап калганын чала-була чындык аралаш жаздырып, анысынан түңүлттүм эле. Калп айтуу күнөө дейт, тиги Кадинодогу[2] чиркөөнүн побу. Бирок турмуш калпты да үйрөтөт экен. Айлыбызда поптун осуятын бекем туткан бир абышкабыз, немистин хохол полицайы «айлыңарда партизан болгондор барбы?» деп сураса, билген чындыгын айтып берем деп, бут айлыбыздын убалына калган. Кийин биздикилер келгенде шордуу абышканы полицай менен кошо дарга асып ташташты.

Көптөн бери көкүрөгүнө түйүлүп жүргөн муңунун четин айтып, байбиче бир аз бугун чыгарып алды көрүнөт. Бир мезгилде силкинип алып:

[1] Өтө жашыруун.

[2] Кадино – кыштактын аты.

– Апей, балам, сиздин мамилеңизге эрип, суроолоруңуз ичимди куйкалап, эски жарамдын картын сыйрып, узун сөзгө түшүп кетип, эмнеге келгенимди унутуп койгон турбаймынбы. Кайнатам, бейиши болгур, илгертен бери кастарлап катып жүргөн соко бар. Кийин, колхоз болгондо, кереги тийбей калса да, таштатчу эмес. Немис бийлеген жазда пайдасы тийип, ошо соко ачарчылыктан сактап калбадыбы. Былтыр жазында да анын пайдасын көрдүк. Быйыл колхоз кайра уюшулган менен трактор жок, дагы эле ат сокого күнүбүз түшүүдө. Жеңил жакшы соко. Арканыңар бар болсо, болду. Айдай турган жерим деле көп эмес, көптү багууга күчүм жетпейт, акар-чакар чоң үй-бүлөдөн ушул чычкандай болгон жээн кызым экөөбүз эле калдык. Экөөбүзгө жыйырма сотыхтын курдопасы, жарым гектардын житосу толук жетет.

– Курдопа деген эмне эгин, бизде болбойт, биринчи угуп атам.

– Биздин аймакта картошканы ошентип аташат. Былтыр да өзүңөр окшогон солдаттар жерибизди айдап атканда ушул суроону беришкен. Сыягы бизден башка жерлерде курдопа дешпесе керек. Жито деген кара буудайдын белорусча аты.

– Аны билем, украиндыктар да жито дейт.

– Балам, олдоксон суроому кечирип коюңуз. Орусча так сүйлөгөнүңүз менен өңү түзүңүз орус эмес, өзүңүз ким, кайдан болосуз?

– Ырас, орус эмесмин, кыргыз деген элденмин. Кыргызстандын Ысык-Көл деген жеринде туулганмын. Фрунзе деген борбор шаарынан окуп билим алганмын. Уктуңуз беле ушундай элди, ошондой жерди?

– Чынымды айтайын укпаптырмын. Россия чоң, эли да, жери да көп. А менде билим жок. Бала кезимде турмуштун айынан окуй албадым. Мектеп биздин айылдан алыс. 5 чакырым. Күнүгө жөө кантип барып-келип окуйсуң? Мектеп тургай биздин кыштакта чиркөө да жок

болуучу. Өлгөндөрүбүздү Кадинонун чиркөөсүнө алып барышчу же болбосо, анын попторун чакырып келип, өлүк асемдерин жасатышчу. Кийин совет өкүмөтү күчөп, жерди колхоз-совхоздор ээлегенде чиркөөнү да жапты, попторду да кубалап жоготту. Турмушка чыкканымдан кийин, күйөм экөөбүз чогуу ликбез деген окуудан окуп, кат, гезит окууга жарадым. Бул кыштакта кыйратып окуган билимдүүбүз деле жок. Чоң шаарларга окуганы кеткендер кайра кыштакка келишпейт. Кечеки силерге келген абышка менен кемпир эски сабаты бар, бир топту билген, айлыбыздын азыркы билимдүүлөрү. Совет өкүмөтү колхоз уюшкандан кийин айлыбызга мектеп ачып, жаштарыбызды билимдүү кылып келатты эле, алардын абалын сизге айтпадымбы. Өзүм колхоздун саанчысы, эрим бадачысы болуп иштедик. Эл бийлөө, актип болуу колубуздан келбеди. Тигил турган Смоленскиде өмүр бою бир эле сапар болдум, ал шаарды саанчылардын облустук жыйналышына катышканда көргөмүн. Сиздин жериңиз кайда: чыгыштабы, түндүктөбү, же түштүктөбү? Тиги менин келиним жазган Сибирдин кайсы жагында? Баарыңар сиз окшоп орусча сүйлөйсүңөрбү же силердин да, хохолдордукундай, немистердикиндей өз тилиңер барбы?

– Өз тилибиз бар, орустукуна такыр окшобойт. Биздин жер мындан көп алыс, үч миң километрден ашык. Сиздин келиниңиз иштеп аткан жерден бир жарым, эки миң километрдей түштүк тарабында. Тянь-Шань деген тоонун арасында күзгүдөй тунук Ысык-Көл деген чоң көл бар. Кеме жүрөт. Айтмакчы, ошол Ысык-Көлдүн боюнда силердин жердешиңер, Смоленский губерниясынын Починок деген кыштагында туулган, орустун атактуу саякатчысы Николай Михайлович Пржевальскийдин сөөгү коюлган. Жакшы эстелиги бар.

– Укпаптырмын. Калп айта албайм, балам. А Починок деген чоң кыштак бар. Менин күйөө баламдын туулган жери.

Бул аялдын дүйнөдөн кабары жок, тапканына, болгонуна каниет кылып, көп баш оорутпай, калпты билбеген, аки-чүкү менен иши жок, төп жашаган момун киши экенин түшүндүм.

Солдаттын эртеңки тамагы менен жээни экөөнү коноктоп, кошун айдап берүүнү Барановго тапшырып, өзүм штабдын офицерлери менен чогу кошуна дивизияга командирлердин штабдык машыгуу окуусуна кеттим. Өрүүн мезгилинде бир аз көчүк бастырып эс алдырбай: «согуш өнөрүн үйрөнөбүз» деп кудайдын куттуу күнү куру койбой, бүт офицерлерди чогултуп, ар түрдүү кереги бар, кереги жок нерселерди айтып, башыбызды оорутуп убакытты өлтүрө бермей адатыбыз. Жума сайын бир сапар армиянын, үч жолу дивизиянын, эки жолу өзүбүздүн штабда окуйбуз, машыгабыз. Бир күн өзүбүздүн бөлүкчөдө. Солдаттарды да жанын жай алдырбай, эртеден кереэли кечке: ат тазалатып, курал жарактардын тетиктерин чачтырып, чогулттуруп, ар биринин атын жаттатып, күн сайын тазалатып, майлатып, кийим-кечектеринин айрылган, сөгүлгөн жерлерин жөрмөтүп-жаматып, топчуларын кадатып, жалтырата сүрдүрүп, жакаларынын ичине ак бөз чүпүрөктөрдүн кыюусун кылтыйтып бүрдүрүп, көйнөк-дамбалдарын, чылгоолорун жуудуруп, стройго тизип алып, ары-бери чуркатып, аң каздырып жертөлө, жеркепе салдырып дегендей, толгон токой түйшүктөрдү жасатып суй жыгабыз. Өзүбүз да чарчап бүтөбүз. Айла канча, устав боюнча! Каяша айтмай жок. Кың десең: «Суворов, үйрөнүү оор болсо, урушуу жеңил болот» деген, деп чорт кесип, оозуңду аппак кылат. Эр болсоң каяша айтып көр! Уставга баш ийбеди деген жалаага каласың, андан трибуналсыз кутула албайсың. Ошондой болсо да, биздин полктун командири подполковник Васильев пейли кенен, ак ниет, боорукер акылдуу киши. Бирөөнү бөөдө кыйнай бербейт. Мунун кишини коргой билишин кышында, Витебскинин четиндеги урушта түшүнгөнмүн.

Согуш өнөрүнө машыгууну негизги максат деп саноо менен катар, аскердик турмушта, айрыкча уруш маалында баарынан артык максат кишинин өмүрүн сактоо, күч-кубатын бөөдө коромжулабоо деп билет. Ал жөнүндө таамай ачык айтпаганы менен бардык аракети аркылуу түшүндүрүүгө тырышат. Анысын ачык айтса, не балаага кабылаарын жакшы билет. Ошол эле, аны көлөкөсүндөй ээрчип, кайда барса артынан калбаган замполити (саясый боюнча орун басары) жок жалааны мойнуна коюп, «устав бузду» деп ушактап, түбүнө жетээри белгилүү иш. Алардын армиядагы негизги кызматы ошол да!

Дивизиялык деңгээлде чогулткан бүгүнкү офицердик окууну, машыгууну бүтүрүп, чаалыгып бешим ченде өзүбүздүн полктун офицерлери чогуу жайыбызга келаттык эле. Кыштакка жакындаганда, кадимки бейкутчулуктагы элеттик жышаан көрүндү. Аңыздарда соко айдаган кишилер: жоолукчан аялдар, пилоткачан солдаттар. Арасында шапкесин кетирейткен, айылдык бирин-серин абышкалар. Кээси жылаңбаш, кээ бирөөнүн башынан кулакчыны түшө элек. Аттарды жетелеп аңызды каршытерши жиреп, топурагын соконун тиши менен оодара салдырып, соко жыгылбас үчүн туткаларын мыкчый кармап өбөктөп арыш кергендер, менин мындан он үч жыл мурда башымдан өткөн түйшүктөрдү кылт эсиме түшүрүп, өзүм ат үстүндө келатканым менен санаам алып учуп, алда кайдагы Таш-Дөбөнүн нары жагы, Оргочордун ойдуңуна алып барып таштады...

Колхозго киргизбей, «бай-манап, жат элементтердин тукумдары» деп кубалангандарды, колхозго коркуп кирбеген орто чарбаларды кыстоонун жаңы кезеги башталып, мурдагы бороондон аман калгандар эмкисинде мүлдө сапырылып, айла кетип мүңкүрөгөн жылдын жазы.

Тамак-аш тартыш болуп, кайдагы бир алыстагы ачарчылыктын каңшаары угулуп, көп өтпөй жышааны кирип келди эле. Тентиген казактар балдарын ээрчитип

үй кыдырып, кайыр сурап келе баштаган. Биздин айылдын колхозго кирбей кулак-чунак болуп качкандардан калгандары, эл-журтунан биротоло ажырап калбастын айласын кылып, «Жер шериктиги» деген коом уюштурушкан. Бул уюмда колхоздукундай укук жок. Бир чакан айылдын жүзгө жакын түтүнү, ошентип, же колхоз эмес, же жеке эмес бирикменин бир жаңы түрүн уюштурууга мажбур болгон. Бул уюмда эмгектенүү, түшүм алуу, аны бөлүштүрүү бардык мүчөлөр үчүн, колхоздуку сыяктуу эле орток болгон, бирок малы, андан тапкан пайда ар кимдин өз менчигинде калуучу. Андай уюмдарга өкүмөт өгөй балдарындай мамиле кыла турган. Ошол үчүн биздин жер шериктикке айлыбыздан 10–12км алыстыкта жайкысын суу жарытылуу жетпеген, каксоо жер бөлүп берген. Ошол жерди айдаш үчүн уюмдун мүчөлөрүн активдер түтүнүн түрө кыдырып, күч унааларды, соко шаймандарды каттап-чоттоп чогултуп, шайдоот жигиттерден, келин-кесектерден тандап, жаңы жерге көчүрүп барып тоо этектеп өткөн өстөндү жээктете кондурган. Чоңдугу ар кандай боз үй, сайма алачыктар. Кош айдоого жарактуу кишилер үйлөрүнөн төшөнчүсүн бөктөрүнө келишип, тууганчылыгына, ылымына жараша уюшма-уюшма болушуп, үйлөргө жайгашкан.

Менин эң улуу агам жер шериктик башкармасынын орун басары жана кат-сабаттуу билерманы эле. Мени да бир жума окуудан бошотуп, сокону атын минүүгө атамдын инисине кошуп берген эле. Айдоо башталганда жыйырма чакты соко чыкканы эсимде. Ар бир сокону экиден чиркешкен төрт ат, же алдыңкылары эки ат, арткылары эки өгүз чиркешип тартат. Алдыңкы сол атка жеңил бала минип, оңундагы атты бороздойдон чыгарбай коштойт. Жер катуу, унаа арык. Эртеден керээли кечке тынбай теминип, камчыланып, суй жыгыласың. Такымың жооругандыктан кечинде баса албай бүрүшөсүң. Ал эми, каамыттын боосуна бекиген жанкайыштын түйүнү,

аттар чиренип күч келип жөөлөшө кеткенде балтырыңа, же жыңайлак шыйрагыңа батканда, сайсөөгүң какшап, көзүңдөн от чагылып жаш ыргыйт дейсиң, чиркин!..

Ошондогу биздин жердиктердин кош айдоосу, бүгүн ушул майдан ооругундагы Россиянын бир жериндеги түйшүккө сыртынан бирдей көрүнгөнү менен, жакындап карасаң айырмасы көп өңдүү. Биринчи эле менин көзүмө илинген бөтөнчөлүк: кудая тобо, бир сокону бир эле ат сүйрөп жүрөт. Аны минип албастан жөө жетелешет. Аттар деле оордукту сезишпейт. Экинчиден, биздин аңыздар кыртыштуу, топурагы ыпталган кебетесин жоготпой, сынбай упурабай соконун калагынын күчү менен аңтарылат эле, бул жерде топурак күлдөй борпоң ыпталбай кумдай чубуруп турат экен. Биздин жерлердикиндей жоон тамырдуу чөптөр да көрүнбөйт. Балким, ошондуктан сокону жалгыз ат эле жеңил сүйрөп атпасын?.. Бизде эр бүлө болбосо кош чыкчу эмес. Бул жерде сокону аялдар кармап, чалгыны деле аялдар чабат экен. Мүмкүн согуштун кесепетинен курал кармоого жарактуу эркек аттуунун баарысы аскерге алынгандыгынан, бардык түйшүк аялдардын мойнуна жүктөлгөндүр? «Башка келсе, байтал ат болот деген ылакап бар эмеспи. Бирок, антейин десем, мурдагы жылы мен кавалерияда жүргөн кезимде Калинин облусунун Батыш Двина дайрасынын боюнда жашагандардан да эр бүлөсү үйүндө туруп, аялы таң атпай тамак-ашын жасап, күндүзү келээри кечке чөп чапканын көргөнмүн...

Бир токойдун жайыгына жайгашкан, сегиз тогуз үйлүү чакан кыштакка бир аз күнү токтогонубуз эсимде. Бул жерде жайкысын кыска буурул түн болот экен. Жери саздак, чиркейи көп. Таң атканча тытынып чыгасың. Плащ-палаткабыздын ичине кирип жатсак да, каапыр чиркейлер жылчык таап алып ызылдап кирип келишет, кан соргуч митайымдар! Айлабыз кеткенде, немистердин талаада калган каскаларына аттын кургаган

тезегин салып кургатып коюп жаныбыз калат. Чиркейден коргонобуз деп атып, жалгыз кишилик чатырдын (плащ палачканын) ичинде өзүбүз да тезек жыттанып калабыз. Менин лазаретим короосуна токтогон үйдүн ээси, эмнегедир, армияга чакырылбай калыптыр. Ал неме кысталган зарылчылыкта гана сыртка чыкпаса, эртеден кечке дейре мешинин үстүндө сасып жата берет. Эч бир кылган иши жок. Келинчеги таң ата электе эле туруп алып, отун жарып, чакасын калдыратып, кудугун кыйчылдатып суу алып, чиркейден коргологан жаныбыз жаңы көшүп келаткан биздин тынчыбызды алып, мешине от жагып, тамагын даярдоого камынат. «Солдаттар катылып койбосун» деп чочулайбы, билбейм, ошол маалда аялын ээрчип эри сыртка бир чыгат. Андан кийин аны түш оогуча сырттан көрбөйсүң. Шашке ченде ийнине чалгысын артып, короодон аялы чыгып, кыштак аялдары чогулуп төмөндөгү шалбага барышат да, кыска, мукур чалгыларын шартылдата кайрашып, сол тартып киришет. Күн төбөдөн бир аз кыйшайганда аялдар үйлөрүнө таркашып, бир-бир жарым саатча тамактарын ичишип эс алышат.

Бир күнү аялдар чөп чабышта бир аз кармалып калды эле, баягы, үйүндө сасып жаткан неме, кепесинин каалгасын ачып (Россиянын ичкерки облустарынын мен аралаган жерлеринде Калинин, Маскөө сыяктуу облустарында кыштактарынын бардык үйлөрүндө жашаган үйүнөн эшик түз эле сыртка чыкпастан, ага туташ салынган малканага, анан малкананы аралап. сыртка анын эшиги аркылуу чыгат), сыртта шибердин үстүндө иштеп аткан бизди көзүнө илбей, ачуусу келип сурданып:

– Ма-ань, Маня! Доколь ты будешь меня мариновать голодом, идит-твою мать![1] –деп, көтөнү түшкүчө бакырды эле, тигиниси бери жакты селт карап, чалгысын жерге

[1] Ма-ань, Маня! Канчага дейре мени ачка кыйнайсың? Эненди урайын!

сая салып, кежигесине жылып кеткен жоолугун башына оңдоп салынып:

– Иду, ду зараз – шашып-бушуп, эңтеңдеп жетип келип – не бранись, извини, я немного задержалась. Моя полоса между баб оказалась, надо было пройти до конца. Не серчай, похлебка в цугуне, цугун в пецке, цаю нету, квас в крынке. Все готово милый[1] – аялы тигинисин колунан алып жетелеп, үйүнө кирип кетишти. Тили заар, тамашакөй бир солдатым, тигилерге угуза, атайы:

– Ого, видать особой породы, даже в военное время на особых харчах[2] – деди эле, кепеге кирип бараткан келин:

– А ты солдат – целовек посторонный, делай свое дело. Цего вмешиваешься в цузие дела![3] – деди. Артынан эшик жабылды...

Ошондо каргөнүм азыр эсиме кылт түшүп, тиги соконун туткасын кармаган аялдар менен Батыш Двинанын боюндагы чалгы чапкан аялдарды биздин элеттин аялдарына салыштырып, буларда согуштан мурда деле дыйканчылыкта эркектердин жумушун аялдар аткаруу эрөөнсүз көнүмүш иш экенин түшүндүм. Анан эмне үчүн бизге келген орустар: «силер аялдарыңарды күң катары эзесиңер, укук бербейсиңер» дешет?..

Бүгүнкү штабдык окууда, машыгууда уккандарымды жана өзүм көргөн согуш жазынын элеттик түйшүктөрүнүн элестери ички дүйнөмдүн түпкүрүндө жаткан далай нерсени козгоп, өткөн-кеткенге, болуп атканга жана боло турганга оюм чабыттап нөшөр жаанды, бапалактаган карды төгүп аткан булуттарды аралап өтүп, узун-

[1] Баратам, азыр. Тилдебе, кечир, мени, мен бир аз кармалып калдым. Менин солум эки катындын ортосунда болуучу. Аягына дейре чыгыш керек эле. Ачууланба, тамак цугунда, цугун пецкеде, цай жок, квас карапада. Баары даяр, жаркыным!

[2] О, бөтөнчө асыл тукум го. Согуш мезгилинде да бөтөнчө тамак менен асемдешине караганда.

[3] А сен салдат цооцун кишисиң, өз ишиңди бил. Бирөөнүн ишине эмне кийлигишесиң?

Ушул аймактын орустары «ч» ордуна «ц» колдонушат экен.

туурасына өлчөө жетпеген бахар мухиттен кең асманда ойкуп-кайкып, ат үстүндө келатканымды сезбей, абадан жеңил, электрден күлүк кыял ааламдын төбөсүнө атып чыгып атканда, атым байыр алган короосуна бурулганын байкабай да калыпмын.

Барановдун докладына караганда бөлүкчөбүздө кокустук, кырсык жок, баарысы жайында. Старшина Посохов биз бул жерге эс алууга келгенден баштап күнүгө иштеп жүргөн жумушунан кайта элек экен. Анын азыркы жумушу батареялардагы аттардын орустакаларын алдырып, жайкы сарттакалар менен алмаштыруу. Ал өз ишине желмогуз. Жалгыз өзү, эч кимдин жардамысыз, бир күндө он-он беш атты такалап жиберет. Кандай чалпоо ат болбосун, Посоховдун колу тийгенде калтырап туруп берет. Аттын жанына келип, ат гана түшүнө турган кандайдыр бир кыраат менен: «стоять, стоять!» дегенде эле атта багынуу кыял пайда болот да, көзүн сүзүп, кулагын шалпайтып, булчуңдарын титиретип, тигинин ою менен боло берет. Посохов кавалерияда аскердик такачылардын бир жылдык курсун бүтүрүп, армияда биротоло калып, такалоо ишинин инструктору болуп, айлык акыга иштеп жүргөн неме экен. Согуш чыкканда ал Минский аскер округундагы кавалериялык корпустун, Кауннаста турган бир полкунда экен. Өзү да бою бийик, олбурлуу, каруулуу жигит тайды куйруктан алып жыгуучулардын бири. Анын ыкмасы такачылар үчүн гана керек эмес, жалпы эле жылкы менен илешкендер үчүн да чоң пайда берээр эле. Аттын төрт бутунун кайсы бутун кайсы тарапка чойсо, тарта албай калаарын билүүчү. Ал эми, туяк жонгонучу! Туранын өлүү берчин тирүү берчине бычак тийгизбей жонушу, туяктын чарасын ийдилеши, кырып текшилеп өгөшү табак, чөйчөк жасаган кырмачылардан калышпайт. Туяктын чети таканын кырынан жарым миллиметрче кылтыйып чыгып тургудай кылып кынапташы, таканын мыктарын туяктын кырынын үстү-

нөн бир-бир жарым сантиметрче жогору бир кылка текши чыгарып, алардын учун бир деңгээлде аттиш менен кертип, шакекке көөхар чөгөрткөндөй тизип бүгүшүчү! Сынган чыны-чайнектерди кадаган кытай устадан калышпайт. Бир сөз менен айтканда, Посохов өз ишинин устасынын устазы![1] Жол жүрүп бараткanda, кокустан аттын такасы кырсык болуп бошоп, же түшүп калса, беш мүнөткө жеткирбей жаңы така уруп араба-чананы көчтөн калтырбайт.

«Кош айдоо кампаниясы» да жакшы жүрүп атканын Барановдун докладысыз эле жолдо келатып көрүп, оюм чарк-көбөлөк! Көнгөн ишинен бир топ жылдан бери ажыратылып, курал кармоого мажбур болгон элеттик солдаттар үй ээлеринин колун эч нерсеге тийгизбей эле, биринен бири талашып, бирин бири үйрөтүп бака-шака. А менин Ефимим башка кишинин колун тийгизбеген «Гудок» деген кара атынын куйрук жалын демейде эле кыздын чачындай үлпүлдөтүп, бош убагынын көбүн сарптап, убарасына кайыл болуп, ошол түйшүгүнөн канием алып жүргөн неме, эртең менен эле, биздин үйдүн ээси келеээр менен ого бетер бапестеп, каамыттын кийиз ичмегинде катып калган терди жыгач идирек менен сүртүп жумшартып, булгаары сыртын жууп, кара май менен жалтырата майлап, анан анын астын үстү кылып сол билегине илип, салмактап көрүп «Гудоктун» тизгинин сол колу менен тутамдап, оң колу менен шашпай каамытты аттын тумшугуна кийгизип, башынан өткөрүп, ичке мойнуна жеткирип туруп, жалынын жыгылган жагына каамытты бурап, кайра үстүн асты кылып омуроо жакка жылдырып, ыйык жалды каамыттын желкесинен чыгарып, баарысын кынаптап, атынын омуроосун согуп койбогой эле деп, каамыттын астына колун сунуп, алаканы менен ичмекти бүт сыдырып чыгып, тамакбоону жармалардын тээктерине чалып, таманы менен тээп туруп, бекем таңып илмектеп байлап

[1] Устаз арабча – окутуучу, үйрөтүүчү.

белбоосун ээрчекке артып жанкайыштарын узартып, валегун соконун буйла темирине илип, мен командирлик окууга жөнөй электе эле «Гудогун» сокого чегип аткан болчу... Ал эргулдун жаагынан салаа-салаа тер кеткен. Жан-дили менен берилип, бала кезинен бери көндүм болуп каныккан ишинен, согуштун сааты тийип үч жылдан бери ажырап сагынып калган байкушум, соконун туткасын тутамынан чыгаргысы жок. Айланасын унутуп коюп, бир көзүн «Гудогунун» чымырканган камчы-эттеринен, бир көзүн соконун калагы менен аңтарылып, бороздойду текши жаап бараткан топурактан айырбайт. Сыртынан карасаң, азыр ага башка дүйнө жоктой сезилет. Ат табарсыгын бошотуу үчүн токтоп калганда Ефим эңкейип, топуракты уучтап алып жыттайт, тилин тийгизет, бирде башын ийкеп, кээде чайкап наалыганын билдирип, өзү менен өзү бирдемени талашууда.

Кыштактан обочороок аңыздарда да батареялардын, штабдыктардын, чарба взводунун жоокерлери кызуу түйшүктөнүшүүдө. Алардын арасында жем тартып, бөлүкчөлөргө жем бөлүштүрүп, эсеп-чотун алып жүргөн, көзгө анчейин чалынбаган орто жашап калган бир солдат бар эле. Ал неменин карааны бүгүн айдоо аянтында башка солдаттардан бөтөнчө даана бөлүнгөн. Биз келаткан жолдун оң жагындагы жантаймадагы аңызды анын взводунун солдаттары айдап аткан экен. Жаңы айдалган аңызда ал эргул жембаштыкты мойнуна илип алып кере-кере арыштап, сол алаканы менен баштыктын түбүн жөлөп, сол бутун шилтегенде баштыктан оң колу менен үрөндү ченгелдеп чыгып, оң бутун шилтегенде күчүнүн бардыгынча күүлөнүп оң колун оңдон солду карай учун жаза серпкенде, кара буудайдын үрөнү текши чачырап, мөндүр сыяктуу дабырап, эңкейип бараткан күндүн нуруна алтындын кумундай чагылышат. Андан наркы тилкеде дагы бир солдат ошондой эле мойнуна илинген жембаштыктан үрөндү улам бир колу менен уучтап чы-

гып, утур-тетир шилтеп, кош колдоп сээп барат.

Бул жакта картөшкөнү да башкача айдашат экен. Бизге окшоп, жаңы айдоого чуңкур казып, 3–4 үрөн салып, кайра көөмп убара болбой, үрөндү бороздойдун таманына бирден чубуртуп таштап кете беришип, экинчи айланып келгенде жаңы аңтарылган топурак менен көмдүрүшөт экен.

Канча жер, канча эл болсо, ошончо өнөр, ошончо ыкма, салт. Кудая тобо!? Тигил коёндон окшош кийинген солдаттарыбыз деле бир эле жумушту ар кимиси ар башка ыкма менен жасап атканын карабайсыңбы? Эмне үчүн биз бардык киши бир жумушту, бардык жерде бир үлгү менен иштөөгө үйрөтөбүз? Бир кылка кыймылдашын талап кылабыз?..

Кечки тамакка дейре, бүт айылдын «кош айдоо кампаниясы» бүттү. Меймандарыбызды ыраазы кылып, тамакка тойгузгандан соң, полкубуздун командири аларды чогултуп, бизге жаңы келип аткан «студобеккердин» бирөөнө олтургузуп, турган кыштагына жеткиртти.

Менин солдаттарымдын көпчүлүгү элеттик жигиттер экен. Жатаар маалга дейре бүгүнкү кылган жумуштарын күжүлдөшүп талкуулашып атышты. Украиндыктар, дондуктар, кавказдыктар, кубандыктар, саратовдуктар, оролдуктар, сибирликтер, орто азиялыктар... кимдер гана жок?! Биринин сөзүн бири жулуп, кээде талашып, биринин жасаганын бири жактырбай, кээси өзүнүн айлын, өзүнүн элин көкөлөтө мактап, башкаларды басмырлап сүйлөгөндөй болсо, бул жерде солдаттар эмес эле, жарманкеге жыйылып жаатташып, жаакташып жаткан немелерби деп чочуйсуң!

– Ушу да айдоо аянтыбы, алакандай жерди аңыз деп асемдешкенин кара! Аңыз дегенди биздин жерден көр. Бир учунан экинчи учундагы трактырдын караанын көрүнбөйт. Күн чыгып келатканда жөнөгөн трактыр түшкү тамакка дейре араң бир айланат...

– А биздин жерде айдоо аянты мындан да кичине болот. Тегерегиң түнт токой, саз...

– Биздин жердин көбү эшилме кум, айдоого жараксыз...

– Биздики майланышкан кара топурак. Буудайы калаган камыштап, узундугу киши бою.

– А бизде күн караманын, жүгөрүнүн бийиктигинен атчан киши көрүнбөйт.

– А силер пахта деген кандай өсөт билесиңерби?

– Пахтаны ким көрүптүр, а биздин зыгыр, орускүрүч гүлдөгөндө киши аралап өтө албайт. Аарынын көптүгү куду балчелектегидей...

– Айтмакчы, күрүч кандай жерде өсөт, билесиңерби, анын данын, сабагын эмне деп айтат?

– Кант кызылчасы кандай жерде өсөт?

– Коон, дарбыз, ашкабак айдаганыңар барбы?

– Өстөн, арык, кулак деген эмне? Эгин сугарып көргөнүңөр барбы?

– Сарымсак, калемпир, баклажан, пияз өстүргөнүңөр барбы?..

Дагы бул окшогон далай суроолорду бирине бири берип, билермандыгын билгизишип, билбегендерин таңыркатышып, кээ бир сөзмөрлөрү шилекейлерин чачыратып, оздорун көбүртүп, калпты-чынды аралаштырып бабырашкандай болсо, ипподром, стадиондор жолдо калат.

Кечки тамак ичүү үчүн арабалардын жабуу брезенттерин короонун таманына жая салып, чогулуп олтурган солдаттар, толгон ай төбөгө келгиче кужулдашса да, алигиче бирөөнүн оозунан да бүгүнкү согуш күндөрү жөнүндө, анын азыркы түйшүгү, эртеңки каардуу чындыгы жөнүндө санаалуу, кейиштүү сөз чыкпаганына таңыркап, аңгемелерине аралашпасам да чөйрөсүнө тартылып, кызыгып олтура бердим. Булардын мажилисин угуп атып: жаздын жышааны келе баштаганда дарактарга, карагандарга чогулуп конуп, эт бышымга дейре чурулдашып

чыйпылдашып сайрашкан чымчыктар эмнегедир эсиме түшүп, «Кудай буюрса, тынччылык келээрге жакындап калган го?» деп жоруп да койдум. Суук, узун кышка тажаган чымчыктар, далысынан күндүн жылуусу өткөндө, делебеси козголуп, уя салуу, балапан чыгаруу сезимдери делөөрүтүп, жаз камылгасын кандайча көрүүнү «талкуулашат» эмеспи. Өздөрүнүн көнгөн күндөлүк түйшүгүнөн көп жылдан бери ажырап, шинель кийип, курал кармап, жер безип тажаган бул байкуш солдаттар деле бүгүн соконун туткасына, эгиндин үрөнүнө колдору биринчи тийгенде, жансерек болуп калган дыйканчылык сезимдери ойгонуп, жүрөктөрү алып учпадыбы. Ушунун өзү эле жакшы жышаана, жакшы төлгө эмеспи.

**– 2 –**

Офицерлер машыгуусунда бүгүнкү айтылган сөздөрдүн маңызын байкаган кишиге, согуш бүтүш үчүн дагы далай кан, канча жан зарып кылыныш керек?! Фронттун штабынан келген генерал мурдагы айтылбаган жашыруун сырлардын кээ бирлерин бизге ашкерелешине караганда, эми апыртуу, мактануу саясатынын арааны көп узабай калган кейиптенет. Чындыкты чычалабай туура айтып, кемчиликтин ички-сырткы себептерин өз элимен, өз армиясынан жашырбай ачык айтып, ортого салып акылдашуунун мезгили жетип келаткан көрүнөт... Бирок жалаң мактанууга сугарылып калган, бир беткей сүйлөп, көргөндү айтпай, «айт» дегенди айтып көнүп алган, жогорудан чыккан ураан менен ички пикирди жаап-жашыруу өнөкөткө айланган биз, жаңы саясаттын жаңы ыкмаларын бүлүндүрбөй, жакшы жышааналарын үркүтүп жибербей, тезирээк кабыл алып, батыраак үйрөнүп оңолуу жолуна шар түшө алаар бекенбиз?..

Бүгүнкү биз менен кеңешме өткөргөн генерал-майор бетиндеги, мойнундагы бырыштарына караганда бир топ

жашка чыгып калган неме көрүнөт. Ошентсе да койкоңдоп болбойт. Көкүрөгүндөгү бир нече «Кызыл туу» ордени анын бул согуштан мурда да далай жерде согушуп, кан кечип көнгөн неме экенин күбөлөп турат. Деген менен, алкымында богоктун ордуна карыган өгүздүн моюн желбирөөчү окшоп чоюлган териси, күйгөн карындай болгон чекесинин катмар-катмар бырыштары, маңдай чачынын сейректиги, каштарынын көздөрүн жаап үксүйүп өсүшү, сүйлөп атканда башынын саал-паал кылтылдашы, чеңгелинин сыртында буржуюп чыгып турган тамырлары, карылыктын дагы башка жашыра алгыс белгилери бул генералды бул жерге – канмайданга бир орчундуу себеп айдап келгендей. Бул киши же биздин армияда жаш командачылар көп коромжуга учурап, кору азайып калгандыктан, же болбосо бул куу тумшук чал айыпка жыгылып, күнөөсүн актоо үчүн согушка суранып келген болушу ыктымал?.. Танапис маалында командиримден анын жөн-жайын сурасам: «Биздин фронттун штабында иштейт, эски кызыл гвардиячыл, Испанияда, Халхинголдо согушкан. Согуш башталганда биринчи катышып, чек-арадан биринчилерден жарадар болуп чегингендерден» дегенде, байкуш чалдын эмнеликтен буерде экени белгилүү болду.

Генерал эзмелерден эмес көрүнөт. Өлкөдө, согушта, дүйнөдө кандай абал болуп атканын чаргытпастан, так-так ток этээр жерлерин гана айтып:

– Өлкөбүздө батыш аймактарыбыздан көчүрүлүп барган заот-фабрикалар күндүр-түндүр тынбай иштөөдө. Азыр алардан эки эсе көп жаңы өндүрүш имараттары ишке киргизилген. Бүгүн биз курал-жабдыктарды, танке-самолётторду жана башка жарак-техниканы бүткүл капиталисттик Европанын өлкөлөрүнүн баарысынын жалпы продукциясынан көп чыгарып атабыз. Азыр, баягы кырк биринчи жылкыдай «эки солдатка бир мылтык» дегендей эмес. Автотранспорттон бир аз кемчилигибиз

бар. Бирок аны ленд-лиз[1] боюнча Америка бере баштады. Элеттик эмгекчилерибиз да баатырларча иштөөдө. Ал миллиондогон солдаттарды, жумушчуларды, тоюнтуп, кийинтип атат. Өнөр-жайларга керектүү сырьелорду да камсыз кылып атат. Бардыгы майдан үчүн деген партиянын урааны иш жүзүндө көрүнүүдө. Мектептерде – окуу, театрларда – оюн, кино – үзгүлтүксүз.

– Майдан талааларында да кыйла ири ийгиликтер бар. Түндүк Кавказды, Донбасты бошоткондон кийин «түштүк фронттор 1, 2, 3, 4–Украина фронтторуна кайрадан түзүлүп, ал фронттор күзүндөгү жана кышындагы компанияда Днепрдин оң жээгиндеги Украинаны эски чектерге чейин бошотуп, ал турмак Тернопольго дейре жетип барышты. Бүгүнкү күндөрдө Крымда катуу салгылашуулар жүрүп атат. Жакында 13-апрелде анын борбор шаары Симферополду 4-Украина фронту бошоткондугун даңазалап Маскөө салют берди. Буюрса майдын ичинде Крым фашисттерден толук бошотулушу керек – деп, чечкиндүү, ишенимдүү сүйлөп, анан өзүбүздүн фронтко келгенде, – Мында да уюштуруу маселелери бүтүп, согуш аракеттеринин чектери такталды. Мурдагы Калинин, Батыш фронтторунун базасында үч Белорус фронту түзүлүп, силердин 33-Армия азырынча 3-Белорус фронтунун карамагында аракеттенүүдө. Силер азыр өрүүндөсүңөр. Кыштата каны-жаныңарды аябай Витебскинин алдында салгылашып, биздин борбор Маскөө багытындагы немистердин зор күчүн эч жакка жылдырбай кабыштыра кармап турдуңар. Силер минтпесеңер немистер бул күчүн түндүккө жиберип Ленинград, Волхов фронтторуна, түштүккө буруп Украина фронтторуна кедерги болмок. Силер ордуңардан жыла албадык деп арданбагыла. Жогорку командалоонун, Башкы штабдын ички сыры силерди чоң чабуулга өтүп жер бошотуу эмес, жалган «чабуул»

[1] Ленд-лиз – Өткөн согушта Америка тараптан союздаштарга берилүүчү курал-жабдык, тамак-аш ж. б. берүү тартиби.

жасап, немистердин командалоосунун оюн чаташтырып, планын бузуп, негизги чабуулдарыбызды каерден баштоо сырын жашыруу» болгон. Силер ал ишке жарап бердиңер. Натыйжада Башкы штабдын, Улук Башкы командалоонун ставкасынын стратегиялык максаты ишке ашып, түндүгүбүздө Ленинград курчоодон кысмактан куткарылып, анын аймактары жана Калинин облусу бүт дээрлик бошотулуп, фашистердин армиясы талкаланып, Эстония, Латвиялардын чектерине дейре сүрүлдү. Түштүгүңөрдөгү зор ийгиликтерди жогоруда айттым. – Шымынын чөнтөгүнөн бет аарчысын алып чыгып, чекесин бир сүртүп, мурдун жоолугу менен жаба коюп чүчкүрүп, демин өзгөртүп:– Ырас, силер жер бошотпогонуңар менен карсылдашкан урушта душмандын куралдуу күчүн көп кыйраттыңар, өзүңөр да кыйла жоготууга учурадыңар. Ырахмат, силер баатырларча салгылашып, намысты колдон тайдырбадыңар. Фронттун командалоочуларынын ушул алкышын силерге айтууну мага тапшырган. Мен бул алкышты өз курамыңарга айтып коюуну силерге тапшырам, жолдош офицерлер.

Жакшы эле үнүн бийик чыгарууга тырышса да, жанатан бери тынбай; бүт кайратын, зээнин жыйнап, чымырканып бүгүнкү чындыктардын далай-далай тетиктерин ымыян-чымыянына дейре жаңылбай жатка айтып атып тамагы каргылданып, акыркы сөздөрү көкүрөгүнөн чыйылдап чыкканда, өзү да дабдырай калып, алдындагы столго эки колу менен таянып, денесин отургучка таштап жиберди. Бүгүнкү жыйын башкарып олтурган полковник термостогу чайдан калай кружкага куюп, генералга сунганда, ал калтыраган оң колу менен кружканы алып, сол колундагы таблетканы оозуна салып, чоң-чоң, эки ууртады да, бир азга башын шылкыйтып столду тиктеп калды.

Көп түйшүктү, көп азапты башынан өткөргөн кайран күжүрмөн азамат, жашынын көптүгүнө, ден-соолугунун жоктугуна карабай, кайраттын күчү менен Мекенине

акыркы демине чейин кызмат кылууга берген антын актайм деп, согуш майдандарынын алдыңкы чектерин кыдырып, өз тажрыйбасын, өз билгендерин жаш офицерлерге үйрөтөм деп, жанын үрөп жүргөнү көрүнүп турат. Жүрөгүнүн сайгылашканы басыла калды бейм, кайрадан столду эки колу менен таяна өөдө турду да, ары-бери кадам шилтеп, бизге жүзүн буруп:

– Солдаттын өрүүн болгону – өнөрүнө машыгуу деген. Демек, буту-колду керип дардайып уктап жатып албастан, жеңишке жетүүнүн, душмандын колун кантип жеңүүнүн жаңы ыкмаларын тынбай үйрөнүү керек. Майдандарда баатырлыкты көрсөткөн жоокерлерибиздин үлгүлөрүн, өрнөктөрүн кеңири жайылтышыбыз керек. Урушта мууну бекип дасыган, душмандын амалын кантип табууга кадик, кандим болгон жоокерлерибиз, жаңы келген тажрыйбасы жок, чок баса элек, жонунан чыкыроон өтө элек тумсактарды, аккан канды, өлүп аткан жанды көрө элек, ок жей элек эселек энөөлөрдү уруш-жеңиш өнөрлөрүнө үйрөтүш керек, чарчаган денесин кайрадан чымыркантып чыйралтып, кайрат бууданына минип чамынып, согуш мектебинен өткөрүш керек! Азыр кырк биринчи жыл эмес, жаңы техника кишиден көп, киши андан көп. Эми жеңиш – машыккан тарапта. Ошондуктан өрүүндү жатып өткөрбөй, күндүр-түндүр машыгууга сарп кылыш керек, жолдош офицерлер! Кийим-кечек ашыгы менен жетет. Ок-дары деген мол. Атка жем, адамга азык – кекиртектен! Бир да солдатты куру калтырбай бардык жоокерлерге жаңы кийим кийгизгиле, согончогунан төбө чачына дейре жаңырсын! Солдаттын карды ток, көөнү шок болсо, жеңиш жеңил, – дагы кызып бараткан демин бир аз басаңдатып, пауза жасады.

– Жолдош офицерлер! Кезек эми силерге келди. Силер да башка майдандардагы жоокерлерден кем эмес ийгиликке жетишээриңерге Улук Башкы командачыбыз жолдош Сталин ишенет! Силердин алдыңарда чоң ыйык милдет

турат. Бет маңдайыңарда турган душмандын чебин талкалап Белоруссия элин фашисттик туткундан куткарып, бир тууган поляк калкына эркиндик алып берип, ажыдаардын уюгу, желмогуздун чээни болгон Берлинге баруучу жолдун чоң капкасын бүткүл Советтик Кызыл Армияга ачып берүү озипасын Улук Башкы Командалоо силерге жүктөп отурат! Муну абийриңер менен актайсыңар деп ишенебиз. Муну аткарууга азыр бардык шарт түзүлдү. Өзүңөр көрүп атасыңар. Албетте, чыгым чыкпай жеңиш болбойт. Кеп чыгымдын аз болушунда. Жеңиш – курмандыкты талап кылат, кантели!.. Советтик баатыр эл тагдырын бизге ишенип, жеңиш үчүн баарына кайыл, баарына чыдап атат, дагы чыдамак. Биз, жоокерлер ошол ишенимди аз чыгым, чоң өнөр, көп чебердик менен акташыбыз керек! Бизде, Жеңишке ээ болуш үчүн техника, курал, кол ресурстары азыр душмандыкынан арбын. Транспорттон гана анча-мынча мүчүлүшпүз. Ошондуктан, өздүк курамыбызды каркыттоо менен катар, унаабызды көздүн карегиндей сакташыбыз керек. Көсөмүбүздүн: «болочок согуш моторлордун согушу» деген насаатын этибар албай, армияда кавалерия бөлүктөрүн ашык кармоонун кесепетинен согуштун биринчи жылдарында аттарыбызды көп кыргынга учураттык. Ооруктагы колхоз-совхоздорубузда, жылкы зоотторунда азыр алардын кору аз калды. Монголия менен Туванын жылкыларын алып келдик эле, алар мингичтикке, жүк артууга гана жарайт экен, жүк тартууга жарабайт экен. Бизге жылкы бере турган башка мамлекеттер жок. Азыр, билгиңер келсе, жолдош офицерлер, анча-мынча апыртып айтсам, бир танкеден бир ат кымбат бизге. Танкени күнүгө зоот чыгарып турат. Ат чыгарыш үчүн кеминде төрт жыл керек. – Дагы бир жолу чекесин жүз аарчысы менен сүртүп, демин басып, алдында тизилип олтурган баарыбызга кыдырата көз чаптырып:

– Эми, экинчи фронт качан ачылат деп зарыкпагыла. Бир жылдан бери биздин союздаштарыбыз, өнөктөрүбүз:

«эми, анан, бүгүн, эртең» дешип тил эмизип отуруп жадатты. Сталинградда, Курскиде «эмне болоор экен»? деп, кулактарын түрүштү эле, алардын күткөнүндөй болгон жок. Өзүбүз, жалгыз өзүбүз оор согушка чыдап, сыноодон жеңүү менен чыктык. Кудая шүгүр (бул сөздү генерал кылчактабай шар айтты), өтө коркунучтуу кыйынчылыктар артта калды. Согуштун экваторун басып өттүк. Өнөктөрсүз эле өз түйшүгүбүздү өзүбүз жасай алаарыбызды бүт дүйнө көрдү. Бардыгын кылып аткан ак каптал түлкү Черчил. Ал үчүн биздин жеңилишибиз да, жеңишибиз да ыңгайсыз. Биз жеңилсек, Гитлер аны эки чайнап бир жутаарын, биз жеңсек, ал Европадан кол жууп, өзү айрөк калаарын, куу шумпай жакшы билет. Мейли башын оорута берсин, а биз аны күтпөйбүз, кайыр сурабайбыз...

– Черчил коммунизмден жалаңкычындай коркот. Аны менен Европа өлкөлөрүнүн азыр качкын болуп, башка континенттерде жүргөн билермандары, байлары, өкүмөт башчылары тилектеш. Европада биздин жардамыбыз менен пролетариаттын үстөмдүгү орносо, байлыгынан ажыраарын алар жакшы билишет. Биздин күн сайын күч алып, үчүнчү рейхтин «жеңилбес» армиясын ойрондотуп, Европанын өзөгүнө атырылып кирип баратканыбыз өнөктөштөрүбүздүн жүрөгүнө канжардын учу жетип келаткандай эле сезилүүдө. Фашизимдин таманында эзилип, кансырап, онтоп аткан эмгекчилерди туткундан биротоло куткарып, бүт Европага коммунизмдин нурун чачсак, дүйнөгө даңкы чыккан биздин Кызыл Армия өзүнүн тарихый ыйык озипасын бүткүл дүйнөлүк пролетариаттын алдында аныктамак! Аны актоого азыр мүмкүнчүлүк да, шарт да да бар! – Акыркы сөздөрүн кубатынын келишинче бийик добуш менен узатып, оң колун өөдө көтөрүп, алаканынын кыры менен абаны жарып алга шилтеши – генералдын эски коммунист, көп жерде, көп жылдар бою көпчүлүктүн алдында жагалданып кол чаптырып көнгөн неме экенин күбөлөдү... Генерал алына

карабай көп сүйлөдү. Жүрөгү начар байкуш экен, эртең эмне болоор экен?...

Генералдын эки сааттан ашык сүйлөгөн сөздөрүнө кубаттанып, көңүл көтөрүлүп, чарчасак да, үйгө шайыр мүнөздө кайтып келатып, тиги «кош айдоо өнөктүгүнө» кабылдык... Турмуш кызык, көп сырдуу, миң кырдуу!.. Азыр солдаттардын «согуш» деген сөздү бирөө да оозуна албаган кызуу талашына күбө болуп олтурам. Генерал канча кооз сүйлөбөсүн, анын сөздөрүндө согуштун ызгаардуу илеби ичиркентип турган эле, а бу солдаттар чаржайыт сөздөрүн тизмектештире албай талаша сүйлөшсө да бейкуттуктун, тынчтыктын мээримдүү илеби дегдетип атат.

Ай төбөдөн бир топ оогондон соң, солдаттардын талашы түгөнбөсүнө көзүм жетип, жатууга команда бердим. Моюнга парыз болуп калган аскер жетекчилик милдетимдин бири, түнкү күзөтчүлөрдүн постторун текшерип, сак болууларын эскертип, күндө жаңырып туруучу паролду кулактарына шыбырап, сергектикти каалап, үйгө кирип, түнөгүмдөн орун алып, чыракты өчүрүп уктайын десем, уйкум келбейт. Студент кезимден бери күн сайын уктаар алдында ар кандай адабий китеп окуу өнөкөтүм эле, анын үстүнө өткөн кыш бою Витебскинин четиндеги салгылашууда жертөлөдөгү түндөрдө Дорфмандын кызык аңгемелерин угуп, ар бир окуяга ой жүгүртүп талдоону үйрөнгөндөн бери, ар дайым жаткандан уктаганга чейин кыйла убакыт өткөрүп убара боло берүү адатка айланып кеткен. Мына, бүгүн да ошондой. Бирок көп күндөрдөн бүгүнкү күн бөтөнчө таасирлүү. Көптөн бери уга элек сөздөрдү угуп, көптөн бери көрбөй калган иштерди көрдүм. Анан кантип бат эле уктай коёюн. Мени менен тең жаткан Баранов коңурукка кирди. Бул качан болсо ушундай. Башы жерге тийери менен уктайт. «Ары жок – уйкучу, санаасы жок – күлкүчү» дейин десем, акылы тунук, кайгыра да, капалана да билет. Бирок албууттанбайт, токтоо. Кудай ошондой жаратып койгон болсо керек? Экөөбүз

бирге жүргөнгө он айдын жүзү болду. Бир эле калыпта. Согушта ушундай киши жанында болсо, бөөдө кайгыдан алыс, бөөдө кырсыктан сак болосуң. Кудай коркокту жолдош кылбасын! Ажалдан мурда өлтүрөт! «Коркконго кош көрүнөт» дегендин калети жок. Карачы: «дүйнөнү сел каптаса, өрдөктүн капарына келбейт» болуп, ышкырык аралаш коңурук тартып атканын!.. А мен... мен генералдын бүгүнкү сөздөрүн жазып алган көкүрөк-патефонуму кайрадан тегеретип, кайта-кайта угуу менен алекмин.

«Согуштун экваторунан өттүк» дегени көбүн өткөрдүк, азы калды дегени го? Деле, оозуна май! Аттиң-ай, ошол экваторго жетпегендер канча болду экен? Аны генерал атайын айткан жок. «Силер да жыла алганыбыз жок деп арданганыңар менем жоонун колун матап, эрдик көрсөтүп, кыйла жоготууга учурадыңар» деген сөздөрүнөн эле, бизди алга жылса экен, деп канча жоокер өз жанын кыйганы сезилип турбайбы... Эми согуш жолунун көбүн басып, азы калганда аны өтүү үчүн канча өмүр зарып кылынмак? Курмандыктын саны согуштун геометриялык өлчөмүнө жараша эмес, жоокерлердин куралынын санына, машыгуусуна, ыкмасына жараша болот! Кудай-ай, калган жолду аман-эсен өтөөр бекенмин?! Тиги, согушту капарына албай, жер айдоонун ыкмаларын күрөө тамырлары камчыжон болгуча талашкан байкуш солдаттарымдын канчасы ара жолдо калаар экен?..

Мына ушундай уйгу-туйгу санаалар мээмди балчелектеги аарылардай ызылдатып, уйкуга жолто болду, канча убакыт алганын билбейм...

– 3 –

Күйпөлөңдүү күндөрдү, түйшүктүү түндөрдү ооруктa өткөрүп атканыбызга эки айдын жүзү болду. Душман менен тарсылдашып атышпаганыбыз эле болбосо, жан тынбайт. Кумурсканын уюгундай. Кайсы тарапты караба,

кайда баспа – бардыгында ары бараткан, бери келаткан жашыл түстүү кишилер, жашылга боёлгон техника. Асманда да техника. Баягы коштоп учушкан кыргынчы самолёттор эртеден керээли кечке ойкуп-кайкышып күзөттө.

Биздин полктун өздүк курамы бүтүндөй жаңы кийим кийинди. Жаңы офицерлер, солдаттар келди. Эски миномётторду полктон алып кетишти, жапжаңы, күңүрт жашыл сыр менен сырдалган, солдаттар «самоор» деп аташкан 120 миллиметрлик миномётторду беришкен. Полктун эки дивизионунун бирин (2-дивизионду) атунаадан автоунаага өткөрүштү. Жыйырма чакты жапжаңы «студобеккер» полкубузду шайдоот кылып салды. Автопарктын бөлүкчөсү бүт бойдон автомобиль «минип» бизди теңине албай, мурду менен бышкырык атышып калды. Айрыкча анын башчысы капитан Цыганок, өзү мурда эле көйрөң, жалпы билими тайкы неме, машинеге отургандан кийин, полктун командиринен башка офицерлерди көзүнө илбей, сынтага сүйлөй баштады. Анысын кыраакы подполковник Васильев байкап калган окшойт, бир жумага жетпей Цыганоктун машинесин Головин экөөнө бекитип, машинеге беркини ээ кылып койду эле, автотехниктин көпкөн жели дароо эле чыкты. Полктун буюм-тайымын, тамак-ашын, чөп-чарын ташууну камсыз кылуу үчүн чарба взводуна да үч машине берди. Экинчи дивизиондун аттарын араба, арабакечтери менен чогуу биринчи дивизионго өткөрдүк. Ат шаймандары, арабалардын да кыйласы жаңырды. Биздин лазареттин үч арабасынын бирөөнү жаңырттык. Санчасть, химчасть да жаңылануудан куру калган жок.

Полкту жаңы күч менен толуктоо, күжүрмөндүк сапатын жогорулатуу, бөлүкчөлөрдү жаңы талапка ылайык өзгөртүп уюштуруу, дагы толгон токой түйшүктүү аракеттер менен эртеден керээли кечке алек болуп жүрүп, убакыттын тез өткөнүн байкабадык. Аттар жумушка чегилбей бош оттоп, семирди. Бардыгы түлөп, кундуздай жылтылдашат. Айдоо аянттарда кара буудай кыр

жаап, жашыл майсалар желге ыргалат. Картөшкөнүн сабагы тушарга жетип, сол-сол болуп ирээттүү. Күн тез-тез жаагандыктан жеринен ным кетпей, сугат дегенди буерде билишпейт экен. Үй ээлери анда-санда келип картөшкөлөрүн отоп кетишет.

Жаңы миномёттордун күжүрмөн куралдык сапаттарын сыноо үчүн армиялык полигонго алып барып, өзүбүздүн мурдатан бери согушта дасыккан тажрыйбалуу расчет командирлеринин бутага өлчөп эсептөөсү боюнча атып көрүү, миномётторду бутага таамай же жаза тийишине жараша баалап, анан сындан өткөндөрүн жаңы үйрөнчүктөргө берип, алар машыккыча буталарды аттырышып, батареяларда эки күндүн биринде бака-шака. Полигон биздин турган жерден 6–7кмче алысыраак, бир кичине токойдун четинде. Ал бүткүл 33-Армиянын полигону болгондуктан, ал жерге армиянын бардык артиллериялык бөлүктөрү, бөлүкчөлөрү саатка болжоп кезектешип, кийинки айдан бери кудайдын куттуу күнү сайын таң эртеден күн баткыча бири келип, бири кетип замбиректеринин, миномёторунун табышы басылбайт. Кээде бир мезгилде бир нече зор курал ок чыгарышып алардын дүрмөттөрү жарылгандан чыккан табыштары кадимки эле майданда душманга артиллериялык чабуул жасалып жаткандай сезилет. Сырын билбеген чоочун кишилер уруш жакындап келатканбы деп чочушу мүмкүн. Полигондун айланасын НКВДнын тосмо отряддарынын солдаттары курчап, сак кайтарышат. Ошондо да кээде көз жаздымда кырсыктар болуп кетет. Маселен, өткөн жумада биздин биринчи дивизиондун жайылып жүргөн аттары полигондун ичине кирип кетип, эки атка замбирек дүрмөтүнүн сыныктары тийип өлдү, үчөө жарадар болуптур. Анын кесепетинен кайтарып жүргөн эки солдат, аттары өлгөн взводдун старшинасы трибуналдан суралып, күнөөкөрлөр батальонуна жиберилди. НКВДнын сакчыларынан деле соо калбаса керек?..

Көк текши чыгып сеңселип калган токойдун жээги эки жуманын ичинде эле жаңы казылган картөшкөнүн аңызындай, же чочко жойлоп кеткендей карала болуп, кыртышы аңтарылып калды. Муну жасаган, ургундай замбиректердин октору. Мина жерди казбайт, башы жерге тийери менен жарылып, сыныктары жер сыдырып учуп, чалгы чапкандай кылат. Пехота үчүн замбирекке караганда миномет өтө коркунучтуу. Анткени замбиректин дүрмөтү сайылганда күүсү менен салмагынын бардыгынча топуракка бир далай батып, анан жарылат, а кээси жарылбай да калат. Айрыкча саздуу, баткактуу жерде. Аны «комуфляж» деп коюшат. Жарылгандары өзү менен кошо топуракты өөдө карай чачыратат, топурак менен кошо дүрмөттүн быркыраган сыныктары 15–20м радиус аралыкка учуп барып жерге түшөт. Ошентип, дүрмөт жарылган жердин жанында жаткандар жарадар болбостон, обочороок жаткандар, же туруп тургандар мертинишет. Авиабомбунун анты да ушундай. Эгерде бомбунун же замбирек миномёт окторунун кулак жарган ышкырыктары угулса, анда коркпо – аман калганың, алар үстүнөн учуп, алыс кеткени. Муну майданга бир нече ирет кирип чыккандар, артиллериялык аткылоого, самолёттун бомбулоосуна кыйла жолу кабылгандар жакшы билишет. Артчабуулдан сактаныш үчүн, сырын билбеген жаңы жерлерге келээриң менен, а дегенде эле жата калганда денең баткыдай аң, чуңкур казышың керек. Биринчи дүрмөт учуп келээри менен чуңкуруна жата кал. Душмандын самолёттору үстүңдө айлана баштаганда эле, камдаган ийиниңе кире кач! Баары бүтмөйүнчө, душмандын жердеги аскерлери келүүчү тараптан көзүңдү айырбай, колуңдан куралыңды чыгарбай жата бер. Майданда көп жүрүп, ак каптал болгон жоокерлердин мына ушул окшогон тажрыйбаларын жаңы келген сары ооз «балапан» солдаттарга жаттатып, аң-чуңкурларды кандай, канча тереңдикте казышты, кандай чуркашты, кантип аңга кулашты, кулактын тарсылдагы үзүлбөс үчүн

оозду кандай ачышты жана дагы толгон ыкмаларды жадыбалдай жаттатып үйрөтүүдөбүз. Канча амалдансаң да тагдыр жазса, ажалдан кутула албайсың дечи, ошентсе да, буларды билиш бөөдө өлүмгө көп эле аралжы. Кудай деле «сактансаң сактаймын» деген турбайбы?..

Ошентип, майдандын желкесинде биздин бейкутчулук, ошондой болсо да убаралуу, өтө түйшүктүү турмуш өтүп атты. Жаңы келген солдаттардын арасында оор жумушка чыдай албай «бу көрөкчө уруш жакшы». «Мен урушканы келгенмин, курулай аң казганы келген эмесмин». «Катыныңдай сөккөн старшинанын жемесин жеп, ыза болуп тирүү жүргөндөн көрө, урушта ок жеп өлгөнүм өөдө!» «Көп эзе бербей, урушуна алып барбайбы, бир жаңсыл болот элем!» «Алда кудай-ай, мындан көрө ок тийип, мунжу болгонум артык!» деген сыяктуу жан ачыганды билдирген наары күңкүлдөктөр пайда боло баштады. Согуштан тажап, жүрөгү өлүп калган, госпиталдардан айыгып, толуктоого келген кээ бир байкуштар түйшүктүн оордугуна кайыл, чабал абалына карабай, башын жерден албай иштейт. Эмне буюрсаң баш тартпайт. Иши кылып эле урушка жибербесе экен деген дарты. Көбүнүн тилеги «балта чапкыча дөңгөч эс алса экен!».

Тирүүчүлүк турмуш кандай ар кыл, кандай татаал?! Оор-жеңил, ачуу-таттуу, жыргал-куурал деген карама-каршылыктарга кандай бай? А адамдын ички дүйнөсү турмушка караганда канча татаал? Опсуз көп түрдүү көп түстүү, көп кырдуу ар кыл карама-каршы пикирлерге бай болот турбайбы. Бирөөгө тозок сезилген чындык, бирөөгө бейиш көрүнөт окшобойбу? Ой тобо-о!.. Анан кантип биз коомубуздун бардык мүчөлөрүнө бир ой, бир пикир, бир идея энчилей алабыз? Куру убара, утопия эмеспи?..

Кудай сактай көр, ээн баш ойлоп чегимден чыгып бараткан жокмунбу? Баягы Дорфмандан жуккан оорум кармап аткан жокпу? Болбосо, кызыл кыргындын чегинде жүрүп бейкут жашап аткан, согуштун каарын

көрө элек, ышын жыттай элек солдаттардын өз кулагым чалган нараазылыгын кантип андай болгон эмес деп тана алам? Же кече мончодогу солдатым мага айткан арманын кантип унуткара алам?..

Жакында полигондо болгон аттарды лазаретке алып келген бир казак солдатты ылымсынып, батареясына кетирбей алып калдым эле. Ушул миномётчу полкко келгенден бери бир да кыргыз кезиктире албай көзүмөн учуп, зарыккан жаным, ал солдатты боюма тартып, жөн-жайын сурасам, Костана обулусунан экен. Согуш чыга электен бир жыл мурда солдатка чакырылыптыр. Украинаны бизге кошуу кампаниясына катышыптыр. Анан Чыгыш Польшаны бизге каратканда, поляктардын аскерлери менен согушуптур. Чоң согушту биринчи күнүнөн бери башынан өткөрүп, чек-арадан чегинип отуруп, Черниговдо биринчи жарадар болуп, Куйбышевде госпиталда эки ай дарыланып, жарасы айыккандан кийин Маскөөнү коргоого катышыптыр. Кыштата согушуп Можайскини бошотууга катышыптыр. 1942-жылы мартта экинчи жолу жарадар болуп, Кировдо үч айдан ашык дарыланыптыр. Андан кийин Сталинграддагы салгылашууда болуптур. Волганын жээгинен Курскиге дейре согушуп жүрүп отуруп, 1943-жылы жайкы кырчылдашкан кыргында, Орёлду бошотуп атканда, үчүнчү ирээт жарадар болуптур. Мончодо чечингенде карасам, байкуштун денесинде тамтык жок. Далысынан майкуйругуна чейин утур-тетир жаткан тырыктар, жоон сандары, балтырлары, каруулары да соо эмес. Сөөктөрү тарамыштары амандыгынан аксабай, сенексиз. Кийимчен жүргөндө соо адамдан айырмасы жок. Ушунча жарадар болуп жүрүп сөөктөрүн кудай сактаган. Оң эмчегинин астынан тийген бир ок өпкөсүн аралап, далысынан бир эли ылдый туштан чыгыптыр, кабыргасын да даарыбай жумшак этин тешип өтүптүр, кудая тобо! Өзүнүн айтуусу боюнча бул акыркы жарасы экен. Шаардын ичине кирип келатканда снайпер согуптур.

– Осы жараммен төрт айша Шелябенскиде жаттым. Энди аулума барамгой деп ойлап эдим, Кудай оны да буйрмапты. Өз аулымдан жүзак шакрым алыс эдим. Госпиталдан шыгарган соң, Рязанга акелди. О жерде мага кусаган жарым жандардың полкы бар экен. Кысы мен онда сандалып жүрдүмгой, капитан жолдас. Же ишкен асың түзүк эмес, же кийген кийимиң бүтүн эмес. Өлместиң күнүн көрип, өшпестин, отына жылынып дегендей жан багып жүрип, акыры, көктем келгенде комисовать жасап, кай бирлерин босатып, мага кусаган момундарды сыпыра согыска айдады гой. Сүйтип отырып, осы сендердиң полкыңызга насип буюруп тус кеп калдым, нашальник жолдас деп, баштан өткөргөн тарыхын кыскача баяндап тим болду. Мен денесин көрүп, боорум ооруп, ажалынын жоктугуна өзүнүн чыдамкайлыгына таңыркап:

– Мамандыгың барбы, аскердин кайсы түрлөрүндө кызмат өтөдүң? – десем:

– Пехотада аткыш боп жүрдүм. Бурун Польшада, күнбатыс Украинада турганымызда кавалерист эдим. Осы согыс басталганда да Шерниговго дейре атшандар катарында төбөлөсүп келдим. Одан булай жүйө келатырмын, нашальник жолдас – деди.

– Сыйлыгың барбы?

– Ол не деген сөз, нашальник жолдас?

– Награддарың барма дегеним.

– Ой-бай капитан жолдас, оны мага ким берет эди?

– Согушта эрдик көрсөтүп, жоо менен кармашканың үчүн начальниктериң наградка көрсөтпөдү беле?

– Жок, өзүм анчейин эрдик көрсөтпедим, тек гана командир отделениянын приказын орундатып, «бас!» десе басып, «ат!» десе атып, «жат!» десе жатып жүрө бердим. Наград деген сурабадым.

– Ушунча урушуп, төрт мертебе жарадар болгуча бир да сапар начальниктин көзүнө илинбепсиң, сыягы, жалпы шардан менен жүрө берген солдатсың го?

– Оны мен кайдан билдим, нашальник жолдас, Мүмкин, олай болса, болган шыгар. Бирак, командир койган жерден өзүм ранен болмайынша кашпагам, ога кудайым күбө, капитан жолдас.

– Запас полкто артиллерия мамандыгынан окутту беле?

– Жок.

– Анан кантип миномётчу полкко келип калдың?– Менин ага боорум ооруп атканын сезди бейм, ич күптүсүн чыгарып, айта баштады.

– Оны мен кайдан билем. Менен ким сурап отыр! Резервный полк дегендин командири өзүн кудай сезетин жангой. Кагалаганын калтырып, кагаламайтынын дарау айдап жиберетин. Ога фронттан күниге план келиптур гой, жолдас нашальник. Кейинги түскен полкымның командири өтө балээ орус эди, адырак алгыр! Старшинасы да өзинен өткен сумдук хахол болатын. Ким да ким оның тилин тауп, бирненкесин берип жагынып турса, оны кетирмей, көпкө өздеринде кармайтын, көбирек берсе демобилизовать кылп да жиберетин, ким ага жакпаса, дарау фронтко айдататын, суруң кургур! Эрекше кара көз, жалпак бет бизге кас эди аке-шешесин сөгеин, капыр!

Бул солдаттын денеси эле жарадар болбостон, жандүйнөсүнө да доо кеткенин, адилетсиз мамилелерден жаны жабыркап жүргөнүн түшүнүп, сөзүн ырбатпоонун айласын кылдым.

– Беш кол тең эмес, бир кара ниет подполковник менен старшинанын кылык-жоругунан орустардын, украиндыктардын баарысы эле ошондой деп ойлоо, улут аралык наарازылыкты туудурат. Биз ар улуттан баш кошуп, бир үй-бүлөдөй ынтымактуу жашап аткан элбиз. Ошол үчүн биз эң күчтүү жоону жеңип атабыз.

– Аныңыз дурус, нашальник жолдас. Бирок бүкүл адамдын, багрысы булай ойламайды. Кеп сонда.

– Бул оюңду, солдат, башка жерлерде айта берүүчү болбо! Бирөө болбосо, бирөө жеткирүүчү жерине жетки-

рип койсо, «смерш» сени ажалыңдан мурда аркы дүйнөгө айдап кетиши мүмкүн.

Мага ишенген шоруу солдат дагы алда кандай немелерди айтып, мен ага берки солдаттарды шектендирбесе экен деп, бир чети эскертип, бир чети сестентип сөздү бүтүрүүгө мажбур болдум эле. Бирок мындай сөздөр унутулбайт экен. Көөнүңө шек туудуруп, канчалык ак самаган нээтиңди аз да болсо жипкиртип кетүүгө жарайт көрүнөт...

Чиркин, кол ийрисине тартуу оңой менен калбайт окшойт го?!

Ойлоп отурсаң ой артынан ой келе берет... Кээде ушундайларды укканга, көзүң көргөнгө капа болосуң, каның кайнайт, бирок муну оңдоого күчүң жетеби? Жалгыз балакеттиби!? Деле колуңдан эмне келет? Мындай терс көрүнүштөргө туура баа берүүчү менден башкалар жок бекен? Мобу эле Барановчу? Бул деле кээ бир терс көрүнүштөргө наалып, кээде жаны кейип менден жашырбай айтып жүрбөйбү. Тиги солдаттын «жалпак бет, кара көздөр» жөнүндөгү сөздөрү мени да даарып, интернационализмдик ак тилегиме, санаама, самоомо кир тамчы тамдырып, ак ниетимди булгап атканын муну менен бөлүшсөм, ичкүйдүм жеңилип калаар беле? Бул мени түшүнө алабы? Мындай кычыктуу маселени терең, туура түшүнүү үчүн ардангандардын кейпин кийиш керек. Александр Михайлович, мен аны канча баалабайын, канча кадырлабайын, тиги солдатка окшогон «жалпак бет, кара көз» эмес да! Бул мага кара санабаса да, ыза сөздөрдүн тикенеги өзүнүн намысын сыйлабагандыктан, мени сооротуу үчүн жеткилең таамай сөздөрдү таба албайт го?..

Кой өзүм күбө болбогондон кийин бөөдө териге бербейин. Балким, тиги солдат туура эмес түшүнгөндүр, а балким, менин куюмду байкайын деген ичи чаар немедир?.. Эмнеси болсо да, дүйнөнүн бир чоң өлкөсүн согуштун

өртү каптап атканда, анын ооруктарында, тынчыраак булуң-бурчтарында кара баштарынын камын көрүп, өз көмөчтөрүнө күл тартып жаткан жанбактылардын кылык-жоруктарын жалпыга таандык белги катары жорубайын!..

Жумуштан кол бошогон ара-чолодо, же эртели-кечки бош убакыттарда бир аз эле жалгыз боло калганымда баягы «жертөлө университетинде» калыптанып калган ойтолгоо дароо мээмди ээлеп, өзүмдү ар кыл ойбороон бирде жер жаракасынын туңгуюгуна уюлгутуп түпкүрүнө камап, калтыратып, буюктуруп, бирде асманга октой аттырып, жылдыз аралатып четжакасы жок ааламга куюктуруп, бирде закым болуп жер бетин сыдырып, мыйзамдай учуруп өз эркинче калчай берүү адат болгон. Мына бүгүн да таң эртеден наар алганга дейре солдаттарымдын жасап аткан иштерине көз чаптырып, уставдын кандай аткарылышын көзөмөлдөп атып, булардын уруштан өрүүнгө чыккан мезгилдеги кылык-жоруктары кылт эсиме түшүп, жогорку санаанын көшөгөсү көз алдыма тартылып, аларды талдап жаңы эле жыйынтыктап корутунду чыгарып, ичимден кыңылдап ырдап атканымда, штабдын чабарманы келип, штабга чакырып кетти. Эртең мененки насипти татып, штабка барсам, кезектеги «штаб оюну» экен. Офицерлердин штабдык документтерди даярдоону топографиялык карта түзүүнү, приказ берүүнү үйрөнүү, жогорку инстанцияга рапорт, кабар берүүнүн эрежесин, дивизиондордун, батареялардын аракеттеринен көз айырбай, тамырын колдон чыгарбай дайым көзөмөлдөп туруу, байланыш линияларын жабдуу, камсыз кылуу бөлүкчөлөрдүн иштерин үзгүлтүксүз жүргүзүү ыкмалары жана дагы далай ушулар сыяктуу иштерге машыктырууну уставда «штаб оюну» деп атайт. Оюн болбой калсын! Муну жалаң гана штабдын оперативдүү кызматчылары билбестен, полктун штаб карамагындагы бүткүл бөлүкчөлөрдүн офицерлери, мейли кайсы тармак

боюнча адис болбосун – баарысы билүүгө милдеттүү. Анткени, уруш жүрүп атканда ар кандай абал кезигип калышы мүмкүн. Окко учуп, же жарадар болуп катардан чыгып калган штаб оперативдик кызматчысын соо офицер дароо ордун басыш керек. Антпесе уруш башкаруу бузулуп, полктун командиринин командалары бөлүкчөлөргө жетпей, алар акылдан шашып дүрбөлөң түшүп калуу ыктымал. Муну үйрөнүү татаал, үйрөнүп алсаң, кандай учур болбосун штаб начальниктигине, оперативдик кызматка дароо жарайсың. Ошондуктан кошуун өрүүнгө чыкканда ар дайым «штаб оюну» өткөрүлөт.

Бүгүн биздин полктун штабында расписание боюнча ошондой күн. Полкко толуктоого жаңы келген 4–5 офицерден башкаларыбыз эскибиз, бири бирибизди жана «штаб оюнун» жакшы билебиз. Мындай күндөрдө «оюнду» жатка билгендерибиз бош убакытыбыз көбүрөөк болуп, калжың сөздөрдөн, эркек ушактардан, калп учурмайдан кеңирирээк сүйлөшүп жыргап калабыз. Кыштатан бери канатташ жашап, полктун душман менен бетме-бет тирешип, урушуп салгылашып турган жоокерлеринин кем-карчын өксүтпөй камсыз кылып иштерибиз бири бирибизге эриш-аркак сырдана болуп, ичкен-жегендерибизди бөлүшүп келген полк ооругунун кыйла офицерлери: начхим, начфин, начпрод, начОВС[1] жана мен – бешөөбүз ар дайым бир группада «ойной» турганбыз. Санчастын башчысы Морозов болсо, эч ким менен ымаласы жок, өзүнө өзү наарazы, өтө коркок, уруштун шартына көнө албаган, күн сайын өлөөрүн күтүп кышты кыштай сары санаа болуп жүрүп, жүдөп бүткөн неме эле, биз жазында жер которуп, эски журтубузга кайта

[1] Начхим (нач-к химической защиты) – химиялык коркунучтан сактануу боюнча башчысы; начфин (нач-к финансового довольствия) – финансы каражатынын башчысы; начпрод (нач-к продовольственного снабжения) – азык-жем камсыздоо башчысы; нач ОВС (нач-к обозно-вещевого снабжения) – кийим-кечек, буюм-тайым жүктөрдү камсыздоо башчысы.

келээрибиз менен эле полктон кеткен. Армиялык, же фронттук медицина кызматындагы еврей тааныштары шылтоо таап, согуштагы полктон куткарып кетти көрүнөт. Анын ордуна жакында жаңы азербайжан доктор келген. Медицина кызматынын капитаны. Орус тилин начар билет экен. Мен аны менен өз тилимде сүйлөшүүгө далаалат кылсам, ал мени, мен аны түшүнбөй койдук. «Кардаш, буйругуз» деген эки ооз сөзүн гана ажырата алдым, андан башкалары кулагыма сиңбеди. Эмне үчүн орусча билбейсиз, силердин жерде орустар болбойбу? деп орусча сурасам ал召 мединститутту өз тилинде бүтүргөнүн, өзү Азербайжан республикасынын орустар жок тоо арасындагы кыштакта туулуп өскөнүн, орусча тамтаңдап эптеп түшүндүрүп берген эле. Аны ошол себептен бүгүнкү чогулууга чакырбаптыр. Полктун командири кыраакы жана боорукер киши эмеспи. Башка бир кара мүртөз командир болсо, байкуш доктордун сазайын колуна берет эле дечи. Армияда андай командирлер азбы? Аларды алыстан издеп убара болбой эле өзүмдүн Ошто уюшулган кавалерия полкунун командирин эсиңерге салайынчы. Бир сапар анын кетирген каталыктарын полктун кеңешмесинде айтып коём деп канча карына калгам. Полктун бүткүл улук офицерлер курамынын алдында сай-сөөгүмдү сыздатып, чучугумдан өткөрө тилдегенин эстесем, андан бери эки жарым жыл өткөнүнө карабай, азыр да арданам! Ушул жерде азыр кезиксе автомат менен көкүрөгүн калбыр кылаар элем, ал итти! Же болбосо Дорфандын начальниги өзүнүн ордуна өлүмгө көзү майып байкуш майорду жумшаганычы! А кечээки казак солдат айткан полктун командири, анын старшинасы кара мүртөздөр эмеспи? Толуп атат андайлар. Кудай ошондой бөөдө өлүмдүн себепкерлеринен сактасын!..

Бүгүн дагы баягыдай эле бешөөбүз бир жерге чогулдук. Баарыбыздан улуубуз начфин. Жашы 44тө болсо да согушка дейре үй-бүлө кура албаган Маскөөлүк бир момун бечара.

Бизге сабак берип, «оюн» башкаруучу штабдын начальнигинин биринчи орунбасары капитан Несговоров, кыйла жыл орто мектептин деректири болуп жүргөн географ. Начфинден кичүү, калгандарыбыздан улуу. Баарысынын кичүүсү мен. Калгандары начфин экөөбүздөн башкалары үйлүү-жайлуу болуп калган немелер. Несговоров биз менен биринчи жолу жолугуп олтурган жери жок. Былтыр кышка жуук өрүүнгө чыгып, токойдун ичинде турганыбызда жертөлөлөрүбүз жакын болуп, анын үстүнө «штаб оюнун» ошондо бизге биринчи үйрөтүп, сыр алышып жакын болуп калганбыз. Кыштата урушта КПга полктун командирине доклад менен келип жүргөндө да Несговоров менен көрүшүп, «жүздөшмөйүнчө» коштошчу эмеспиз. «Жүздөшкөнгө» ынактык жайы бар эле. Жашы улуу болгону менен мени теңтушундай көрө турган. Ар түрдүү илимден кабары бар, саякат жөнүндө адабиятты көп окуган, даалдабаган, бой көтөрбөгөн токтоо, калпы жок төп киши.

Несговоров адатынча биздин топко басып келип, салабаттуу учурашып, штабдан сыртка алып чыгып, тиги богок байлап калган кара буудай аянтынын нары жагындагы кабакты карай ээрчитип жөнөдү. Күн чайыттай ачык. Мурдагы күнкү нөшөрлүү жамгырдан кийин көп жылый элек салкын жел эгиндин сабагын ыргалтып, бизди чыйралтууда. Болжолдуу жерге жеткенден соң плащ-палаткаларыбызды бүктөп көчүгүбүзгө коюп, планшеттерибизди[1] ачып, карындаш-сызгычтарыбызды колго алып, Несговоровдун тапшырмасы боюнча, тетиги алыскы кашаттагы желтегирменден берки бул кыштакка чейинки аянттарды бардык табигый белгилери менен кошо масштабдап карта чийүүгө кириштик.

Маселе түшүнүктүү, аткаруу ыкмаларын жакшы билгендигибизден, тапшырманы түшкө жеткизбей эки эле сааттын

[1] Планшет – офицерлердин топографиялык карталарды, чийүү-сызууга керек аспаптарды жана блокнот, күндөлүктөрдү салуучу папкасы, асынып жүрүүгө ылайыкталган.

ичинде бүтүрдүк. Несговоров баарыбыздын ишибизди текшерип көрүп, начфинден гана бир ката тапты. Ал желтегирмендин түндүк тарабына 1,5км аралыкта кашаттын түшө калышында өскөн жалгыз түп даракты картага түшүрбөй коюптур. Начфин кымындай эле эскертүүнү өтө оор кабыл алган, назик, уялчаак, намыскөй киши эле. Бул сапар көпкө дейре өзүн өзү жемелеп: «кашайгырдын көзү качан болсо бирдемени жаздымына калтырат» деп кейип, бушайман болду. Несговоров анын көңүлүн ачуу үчүн аркы-беркини сүйлөп көшүтүп убараланды. Биз аны баарыбыз: «болоор-болбос нерсеге капалана берсеңиз, Берлинге жетпей каласыз» деп, тамашалап жоокалаттык. Кудая тобо-о! «Адамдын оозунда болсо, Алланын кулагында» деген кыргыздын ылакабы ушунча аянбы, билбейм, чын эле андан кийин эки айга жетпей, ал куурагыр окко учуп, сөөгү Литванын жеринде калды. «Ойноп сүйлөсөң да ойлоп сүйлө!» деген ылакапты эстен чыгарбас керек окшойт? Биз тигинтип жамандыкка жорубасак, балким, байкуш аман болот беле?.. Анын үстүнө начфиндин өлүмү кокустуктан бөөдө өлүм болду. Ал тууралуу тийешелүү жерде кеңирирээк айтылат.

Ичибизде чукугандай сөз тапкан, туюкка такалганда жоокалатып жол тапкан, шайырыбыз ОВСтин начальниги улук лейтенант Николай Михайлович Бычков эле.

– Болоор-болос немеге кемпир кейишке түшүп, наалый берсеңиз жаныңызга ким чыдайт. Ушундайыңызды билген кыздар жолобой качып жүрүп, кырктан ашканга дейре үйлөнө албай, «карыган бойдок» аталгансыз да – деп, Бычков тигини сооротмок турсун, эски чыйканынын оозун ачып салды бейм, начфин чебеленип, жайылган плащ-палаткасынын үстүндө, топто отурган немеден бетер, көчүгү менен эки айланып кетти. Бычковдон башкаларыбыз өзүбүздү оңтойсуз сезип, муну ичибизден жаман көрүп, тигиге боорубуз ачыды.

– Жок, менден кыздар качкан жок, мен да кыздардан качкан эмесмин, билбей туруп, адамдын бетине көө

тартуу жакшы эмес. Мен сизди эстүү, шайыр, боорукер деп жүрсөм, орой, маданиятсыз, кара мүртөз жигит турбайсызбы, жолуңуз болгур!

Оюндан от, жок жерден чатак чыгып кетпесе экен деп шашкалактап Несговоров:

– Жолдош улук лейтенант, капитанды кордоого ким укук берди? Тамашанын чеги бар. Азыр осол сөздөрүңүз үчүн, олдоксон мамилеңиз үчүн капитандан кечирим сураңыз, сурабасаңыз мен полк командирине рапорт жазам дегенде, Бычков бир чети тамашалайм деп, улуу кишинин көңүлүн оорутуп койгонун ыңтайсыз сезип, бир чети Несговоровдун каарынан сестенип, ордунан тура калып, начфинге честь берип:

– Жолдош капитан, мен айыптуу, кечирип коюңуз, жаман оюм болсо кудай урсун! Өзүмдүн жаман үйрөнгөн адатым боюнча, тилиме тибиртке чыгып, ыгы жок тамашалап, уят болуп олтурам, дагы өтүнөм кечириңиз?

Начфин тамаша көтөрө албаган, каканактай кабаарыган, сөзгө жалакай киши болгону менен ичинде кири жок, ак көңүл, назик, маданияттуу жакшы киши. Несговоровдун сөзүнөн чочулап, Бычковдун жалооруп кечирим сураганына аны аядыбы, шашкалактап тура калып, какайып оң колунун учун пилоткасынын жээгине такап, тигинин рапортун угуп:

– Жок, жок, мен таарынбайм, таарынбайм, болуптур – деп, анан Несговоровго солдатча бурулуп, колун чыкыйына такаган бойдон – жолдош капитан, Сиз улук лейтенант Бычковду жазалабасаңыз деп өтүнөм. Ал мени тамашалап атат. Мен аны кечирдим, бул өзү тамашачыл жигит – дегенде, түнөрүп келаткан атмосфера жарк этип күн көрүнүп, отургандар жеңилдене түштүк. Кудай сактады.

Атмосфераны биротоло оңдоо максатында, моменттен пайдаланып – плащ палаткамды жайып дасторкон кылып, жон баштыгымдын оозун чечип, белиме кыс-

тарылган алюминий «көөкөрчөктү» чыгарып, доппаек[1] азыгымды жайнаттым. Көөкөрчөккө «медицинский спиртти»[2] тийешелүү пропорцияда суу менен чабыштырып койгомун (Полк өрүүнгө чыккандан бери наркомдун жүз грамм арагы берилбей калган). Көптөн бери, оозуна албай эңсеп, көзүнөн учуп калган эргулдар мен дасторкон жая баштаганда эле көңүлдөрүн мага бурушуп чатак унутулуп, начпрод мени көкөлөтө мактап:

– Какой ты молодец, доктор. Хоть ты конский, но человеческую душу знаешь лучше многих медиков[3] – десе, начхим.

– Не все же люди такие скряги, как ты.[4] Кышкы нормадан ашкан арактарды катып алып, жалгыз жашырып ичип жүргөндүрсүң, амалдуусунуп – деди. Анда Несговоров:

– И-и, тигилердики бүтүп, эми силердики калдыбы?.. Чукушпай, жөн отургула – деди.

– Жолдош капитан, бул экөө котурларын тырмашпай отура албайт, антпесе ичкен-жегендерине алымсынышпайт – деп, мен тамашага жол ачтым.

Начфин менен начОВС экөө да арабызга келип, буттарын тетири сунуп отурушту. Эми сөздөрдүн нугу башка тарапка өттү. Мен калай кружкага ичимдикти өлчөп куюп, биринчи кружканы начфинге сундум, улуу эмеспи. Муну кыраакы Несговоров байкай коюп:

– Чыгыш менен Кавказ элдеринде улуусун урматта-

[1] Доппаек (дополнительный паек) – офицерлердин үстөк азыгы.

[2] «Медицинский» демекчи... Кымбаттуу окурман, албетте, «медицинскийден ичели» десе эле: «согушта спирттин эч эсеп-кысабы жок болгон экен» – деп түшүнбөө керек. Ал өтө катуу көзөмөлдө турчу, ченем менен бөлүнчү. Бирок... немистерден колго түшкөн олжо дары-дармектердин арасында спирт да кезигүүчү. Анын залалсыздыгы текшерилгенден соң, колдонууга уруксат берилүүчү. Бул жерде кеп ошондой, эсептен тышкары сакталган спирт жөнүндө.

[3] Азаматтыгыңа баракелди, доктор! Аттын доктору болсоң да, кишинин жандүйнөсүн көп медиктерден жакшы билесиң.

[4] Элдин баары эле сага окшогон сараң эмес да.

ган абдан жакшы салт бар. Ошентсе да, жалпы этикет боюнча ичимдикти адегенде өзү ууртап, анан конокко сунуш керек.

– Коногу шек албасын дегени го? Болуптур, менин силерге сунганым уу эместигин күбөлөп, баарыңардын көз алдыңарда ичип берейин – дедим да, тартып жибердим. Экинчи кружканы басараак куюп, дагы эле начфинге сундум. Несговоров өзүнүн олдоксон акылдуусунганын сезип, менин сунушумду кубаттады. Начпрод начхимге өнөгүн алдырып, атаар саамын өткөрүп жибербөөгө шашып:

– «Ичимдик согушуп аткан армияга гана берилсин» деген Наркомдун буйругун унутуп калдыңбы? Минтип жүрсөң, баарын унутуп, начальник болуп бизди жыргатпайсың. Ансыз деле, ашка жүк-башка жүк, пайдасын тийгизбеген противогаздардын көбү жоголду. Менин каткан арактарымдын эсебин алам деп убара болгуча, өз оокатыңды ким, кайда жоготконун издесеңчи! – Анда начхим шап жооп кайтарып:

– Противогаз деги эле ылайым жоголсо экен. Мейли өлүү жүк болуп жүрө берсин. Ал колдонулса, кимге жакшы болмок? Биринчи сен кууramaксың, каткан арагыңды жашырып иче албай – дегенде баарыбыз күлдүк.

Алюминий кружка баарысын бир сыйра кыдырып чыкты. Спирт өз касиетин көрсөтө баштады. Баарысынын жарпы жазылып, ал тургай тамашаны билбеген начфиндин да бетине кан жүгүрүп тамылжуу кирди. Ичтер ысыгандыктанбы, же кызыгандыктанбы, экинчи кружкадан кийин ар кимиси өз жонбаштыктарынын оозун чечип киришти.

Аскердин жонбаштыгында эмне гана жок? Ичинде кемпирдин түйүнчөктөрүндөй көп нерселер бар: катырылган нан, консервалар, чочко майы, санпакет, чүпүрөк-чапырак, көйнөк дамбалдан чылгоого чейин. Жонбаштыктын боор чөнтөктөрүндө кант, туз, чай. Ай-

рысын сабына бириктирип макиче бүгүп койгон калай кашыктын кыны да мунун ички бетинде. Ушулардын баарысы бир жука брезент баштыкта болот. Анын оозу дамбалдын кашатындай бүгүлүп, ага ычкыр сыяктуу бышык жип өткөрүлгөн. Жиптин учтары чие түйүлгөн. Жипти тартсаң баштыктын оозу бүйүрүлөт, коё берсең жазылып оозу ачылат.

Начхимдин жүйөлүү сөздөрүн кубаттап, начпродду тамашалап дуу-дуу болуп, азыктарын чыгарышканда «дасторкон» баягысынан кыйла берекелүү боло түштү. Мен байкатпай, «көөкөрчөгүмдү» чайкап көрсөм, чамасы дагы эки сыйрадан жеткидей. Адегенде Американын сосиска салган консервасын ачышты. Оңбогон капиталисттер калай банкени да оңой ачыштын ыкмасын ойлоп табышкан. Мурда биз өзүбүздүн эт, балык, краб консерваларын бычаксыз же штыксыз ача албай убара болуп, колдорубузду калайдын идиректерине тыттырып эле жатаар элек. Азыр Американын консервасынын банкени бекиткен капкагына, учунда сүйрү тешиги бар, кичинекей ачкыч чаптап, капкактын капталына калайучук житирип койгон. Ачкычты жулуп алып калайучукту тигинин тешигине саптап, анан ачкычты оңго толгосоң, учук ачкычка ичке тасма болуп оролуп, банкенин капталынан сыйрылат да капкагы бөлөк түшүп калат. Эч кандай убара да жок, кол да аман. Амалын кара?.. Сыягы капиталисттер менен чиренишкенди коюп, ымылалашсак далай амалды үйрөнчүдөйбүз. Өзүнө баарыбыз көбүрөөк көңүл буруп, сый көрсөтүп атканыбызга эрээркеп кеттиби, же мурда мындай назарга татып жарыган эмеспи, айтор, начфиндин тили чыга баштады.

– Ребята, хотите слушать почему я до сих пор не женат.[1]

[1] Балдар, эмне үчүн мен ушул убакка дейре үйлөнбөгөнүмдү уккуңар келеби?

– Конечно, товарищ капитан.[1] Түшкү тамакка дейре убакытты эптеп өлтүрүшүбүз керек. Тилинин тибирткеси бар Бычков, жанатан бери Несговоровдон кагуу жеп буулуп калган эргул, начфиндин көөнү жайланганын сезе коюп, сүрөп кетти. «Тиги куураган «чалдын» майыбы, же бир мандеми бар го, болбосо беркинин сөзүнө жана анча кызандабайт эле» деген ой мага кылт этип, бүт ынтам менен начфин тарапка бурулдум.– Мында жашыруун сыр деле жок – деп баштады сөзүн начфин – Эркектик күч кубатым деле жайында. Баарына каргаша эле жокчулук. Үйүң күйгөн жокчулук – деп, эскилери эсине түшүп наалып кетти.– Менин балалык кезим бактылуу, өспүрүм курагым кейиштүү өттү. Өзүм түптамырым менен Маскөөлүкмүн. Дворяндардын тукумунанмын. 1917-жылы гимназиянын бүтүрүүчү классында окуп атканымда февраль революциясы болуп, падыша тактан кулап, атам монархист болучу, падышаны ачык жактаганы үчүн кызматынан куулуп, октябрь революциясынан кийин кызылдар кармап алып атып жиберишкен. Биздин үйдү конфискациялап, энем экөөбүздү эмеректерибизди алдырбай айдап барып, коммуналкада бир комнатка тыгып салышты.

Ошентип, мурда жокчулукту билбеген, ачарчылыктын каарын тартпаган дворян үй-бүлөсү, бир жылга жетпей карып болдук. Энемдин шадыларындагы, кулактарындагы алтын-күмүш буюмдарды сатып бир аз жан бактык...– Начфин абдан кубулду. Сөздөрүнүн калтырак кырааттары жоголуп, ичинен оргуштап улам бекем чыгууда. Мынча жашыруун сырын айтууга эмне себеп? Же ушул олтургандарыбыздын баарысына ишендиби, же спирт өзөгүнө түшүп кеттиби, же болбосо, «бүгүн барбыз, эртең жокпуз» болуп турган жоокерчилик заманда: «не бар, не жок, өлсөм арманым ичимде кетпесин, жок дегенде менин жеке тагдырыма кайдыгер адамдар болсо да, угуп калышсын» дедиби? Ким билет, ачылган

[1] Албетте, жолдош капитан.

оозу жабылбай, баштаган сөздөрүн токтото албай сүйлөй берди. Менден башкалар деле мурда бу кишиден мындай сөздөрдү укпаса керек, таңыркап оозундагыларын жай чайнап калышты.

– Андан аркыларын мыжып айта берип, силерди тажатпайын. Кыскасы, ачарчылыктан, кыйрандысы мол жылдардан өлбөй тирүү калып, жаңы үнөм саясаты башталганда эптеп ашка, ишке аралашып, өлкөбүз индустриялаштыруу планын ишке ашыра баштаганда, ага тыгынчык кылууга, мурдагыдай жат элементтердин тукумдарына кыйыр карап, кодулоону азайтканда менин да керегим тийип, билимиме, чамама жараша эл катарына кошулуп иштей баштадым. Атайын адистигим жок болгондуктан а дегенде ар кайсы мекемелерде буйрук, закон, инструкция жана башка колдонмолорду көчүрүп жазуу кызматтарында иштедим. Акыркы он жылда Маскөөнүн бир институнда кассир, анан өзүм институтту сырттан окуп бүткөндөн кийин бухгалтер болуп иштеп турган элем. 1941-жылы күзүндө Маскөөнү коргоо ополчениесине алынып, ошондон бери согуштамын. Кыскача өмүр баяным ушул. Эми, эмне үчүн үйлөнбөгөнүмдү айтып берейин. «Майыбы барбы» деп шылдыңдабагыла. Ал жагынан, кудая шүгүр, түзүк элемин – деп жылмайып койду.– Сөзүмдүн башында айтпадымбы: «Үйүң күйгөн жокчулук» деп. Мен армияга кетээрге дейре энем экөөбүз бир комнаталуу коммуналкада жашап турганбыз дебедимби. Ашканабыз жана даараткканабыз бир нече үй-бүлө менен орток. Тамак-ашыбызды ашканадагы мешке кезектешип бышырып, бөлмөбүзгө алып кирип, энем экөөбүздүн керебетибиздин ортосундагы столдо ичебиз. Контордон үйгө алып келген кагаздарымды да ошол столдо жазам. Үйүбүздө эрди-катындык иштерди бүтүрмөк турсун, үчүнчү киши отураар орундук да жок. Анан кантип үйүмө кыз чакырмак элем, бул бир.– Ушул жерде начпрод мунун оозунан сөзүн жулуп:

– Эшикте таанышууга болбойт беле? – десе, начфин:

– Эшикте таанышуунун да шарты бар. Ал үчүн көзүң түшкөн кызды киного чакырыш керек. А аны жасаш менин колуман келбеди. Алган айлыгым энем экөөбүздүн тамак-ашыбыздан, анча-мынча кийим-кечектен ашпады, бул эки…

– Кино, театрдан башка жерлерде деле таанышууга болот го? – Бычков сөзгө кыстарыла калганда, Несговоров:

– Маскөө сенин Захудаловкаң эмес, анда чөп чабышпайт, чөмөлө үйүшпөйт, же бойдок улан-кыздар силердикичилеп кечинде кагазкыяктын күүсү менен үйүгүшкөн иттей болушуп, сыртына чыгуучу кыштак эмес. Сөздү бузбай жөн отур – деп Бычковду дагы кагып койду. Штабдын кызматкери эмеспи, кимдин кайда туулуп, кайда чоңойгонун билет да. Анын үстүнө, өзү да интеллигенттик тарбия алып көп жыл окуткан балдарына эстетикалуу тарбия берип көнгөн неме, начОВСтин орунсуз тамашасына жини келди белем?..

– Мен өз башымдан өткөргөн сырымды айтып атам, жолдоштор, Ишенсеңер ишенгиле, ишенбесеңер өз эркиңер. Жаңыдан бухгалтерликке көтөрүлүп маянам жогорулап, ата-тектин запкысы басаңдап, бир аз унуткарылып келатканда, Кировдун өлүмүнөн кийин, кайра козголуп, акыркы отуз жетинчи жылкы окуя башталды. Ошондо мага окшогон ата теги мандемдүү майда чиновниктер да катын алмак турмак, кара жанын кайда катаар айласын таба албай калды. Мен отуз жетинчи жыл август айынан тартып, отуз сегизинчи жылдын октябрь айына чейин ай сайын эки ирээт НКВДнын түнкү сурагынан өтүп жүрдүм. Анан анын дүбүртү бир аз бас-бас болуп келатканда согуш өртүнүн түтүнү булай баштады. Мен кеңирээк квартирага жете албадым. Маскөөдө бирин-серин салынган жаңы үйлөрдөн мен турмак атагы өлкөгө дайын болгон адамдардын чанда гана бирөөлөрүнө квартира тийип атты. Мен өз кызматымды күнүгө сегиз саат

иштеп бүткөндөн кийин, акча табуунун амалын издеп, кээ бир мекемелерден үйдө жасап берүүгө эсепчилик иш алып, кечкисин, дем алыш күндөрүн үйдө баш көтөрбөй иштеп жүрүп, көчөлөргө басканга, аянттарга барганга бош убакытым болбоду. Өз теңтушумду таба албадым. Бирге иштешкен коллективимдин арасынан өзүм теңдүү кыздардын бир-экөө менен чала-була сөз катыштырган учурум болгон эле. Тилекке каршы алардын да турак-жайлары меникинен өөдө эмес болуп чыкты. Бирге иштешкен эстүү-баштуу бир келин бар эле. Аны менен турмуш жөнүндө сөздүн чет-жакасын чыгарсам: «макул, тийейин, үйүң болсо, өзүң жалгыз болсоң» дегенде, жооп табалбай сөзүм бүткөн.

Ошентип куу турмуштун мыкаачы жоокерлерин жеңем деп алпурушуп жүрүп, өзүмдүн жашым улгайганын, «мүрүмдүн көбү кетип азы калганын ушул согуш өртү Маскөөнүн чекебелине жармашканда, өзүмдү ополчениеге алганда, карыган энем менен коммуналкада коштошуп аткан күнү, эки керебет бир столго эгедер болуп жалгыз кемпирден башка эч жакын караан менде калбаганын биринчи сапар оор сездим...– Ичине терең дем алып бир күрсүндү да, дымып калды. Айлана бир азга кереӊ боло түштү.

Акыркы сөздөрү өзү тургай, угуп отурган бизге да кейиштүү элес тартты. Ар кимибиз, ар кайсы ойго чөмүлдүк көрүнөт.

Ичимдик аралаган жерде кайгы да, шаттык да бат алмашып турат эмеспи. Тунжурай калган ушул көз ирмемге бир аз жандуу түр берүү үчүн калай «көкөрчөгүмдү» эңкейтип, калай кружкага медицинскийди куюп, дагы бир сыйра сундум. Колумдан кружканы алып атып, Несговоров философторчо салмактуу кеп баштады:

– Жер жүзүндө канча киши болсо, ошончо тагдыр. Мына ушу жерде отурган бешөөбүздүн ар кимибиз Ата-Мекенибиздин чакырыгы боюнча ар кайдан келип, тагдыр буюруп бир полкто душман менен салгылашып атабыз.

Баарыбыздын максатыбыз: ыйык мекенибизге катылган душмандын сазайын катырып, аман-эсен эл-журтубузга кайтуу. Ар кимибиздин үйүбүздө бүтпөй калган иш, орундалбай калган максат толтура,– начфинге кайрылып,– маселен, начхим Куйбышевдеги универтитетти жаңы эле кызыл диплом менен бүтүп, аспирантурага калсам деген максатына жетпей, бул бизге кружка сунуп отурган жигит – мен жакка башын жаңсап – Фрунзедеги окуп аткан аспирантурасын таштап, а тиги улук лейтенант – Бычков жакка жаңсап – интенданттык академияны таштап, начпрод болсо, балыктан, крабдан консерва жасоочу заводду башкарып турган тетиги ыраакы Чыгыштан келип ушул Смоленский аймагында, орустун байыркы жеринде бүгүн отурабыз. Баарыбызды максатыбыздан өксүткөн жексур фашисттердин тилектерин катыруу маалы жетти. Жакында, буюрса, Улук Башкы командалоочубуз, жолдош Сталин, «биздин көчөдө да той болот» дегендей, биздин багытта да чоң той болгону турат. Той камылгасы бүтөйүн деп келатат.– Үнүн бийигирээк чыгарып.– Бет алдыбызда турган душмандын жаагын талкалап, анын таманында онтоп аткан жерибизди, кыйноосун тартып аткан элибизди биротоло бошотуп, өзүбүз эл-журтубузга аман-эсен кайтып, самаган максаттарыбыздын орундалышы үчүн – начфинге кайрылып – Сиз өмүрдүк жар таап, үйлүү-жайлуу болушуңуз үчүн ушул тосту көтөрөм – деп, тартып жиберип кружканы дасторконго тоголотуп, айрынын учу менен консервадагы сосисканы илип алып, оозуна салды. Калгандарыбыздын баары Несговоровду жактап, начфиндин максатынын ишке ашуусун тиледик. Бала кыял байкуш начфин азыр эле үйлөнүп аткан немече кубанып, сүйүнүчүн жашыра албай, тиштерин арсалаңдатып башын ийкектетип бизге алкышын айтып, Несговоровго айрыкча ыраазы болду. Ошентип, жалпы көңүл шаттыкка айланып дагы бир сыйрадан кружка кыдырттык.

Асман ала булут, булуттар биринин артынан бири чубап бири айры өркөч ак чуудалуу ак бuурага окшоп, бирде мойнун созуп, бирде желкесин алдыңкы өркөчүнө ургулап, көз ирмемде кайра кубулуп үйүлгөн кебездей, бирде кырманга жайылган пахтадай, кээ бирлери даакысы түшө элек алп ак кочкорго түспөлдөш болуп, күн чыгышты карай жылып барат. Аларды тепчип үстүнө чыгып, кээде сайылып астына түшүп, баягы эки самолет ойкуйт да кайкыйт. Булуттардын кээсинин көлөкөсү үстүбүздөн өтүп баратканда жел муздай түшкөнсүйт. Күн дагы эле төбөңө жете элек. Биз бүгүнкү тапшырмабызды толук аткарып, андан кийии эркин темага өткөнүбүзгө бир сааттан көбүрөөк убакыт өткөндөй болду. Айланада бизден обочо жерлерде аскерлердин күндөлүк машыгуу аракеттери жүрүп атат.

Несговоров баштаган теманы Бычков улантып кетти. Николай Михайлович ичибизге эң кийинки кошулган офицер. Кышында Витебскинин алдында согушуп атканда жоголуп кеткен ОВС начальнигинин ордуна келген. Биздин полкто февралдан бери эле болгону менен согушта башынан бери. Өзүнүн айтуусу жана документи боюнча Сталинградда немистерди курчап талкалаган катуу салгылашууда жарадар болуп, айыккандан кийин бизге келген. Мүнөзү жайдары, шашма, апырта сүйлөгөндү жакшы көргөн, Сталиндин атын укканда калп болсо да кошумча мактоо сөз айтпай тура албаган неме. Несговоровдун тостунан ал кишинин атын угаары менен баарыбыздан озунуп шашып-бушуп сүйлөп кирди.

– Канды дайрадай агызган ушундай ырайымсыз согушта Сталиндин бизге кол башчы болуп турганы – биздин чоң бактыбыз. Ал болбогондо кырк биринчи жылы күзүндө Маскөөнү Гитлерге алдырып коймокпуз. Сталинградды коргоодо да ал киши акылмандыгын дүйнөгө таанытты го…

– Айтмакчы, өзүңдүн Сталинград салгылашууларында болгонуңду, Сталинди көргөнүңдү буларга айтып

берчи?– начпрод сөзүн кыстара койду. Бычков менен начпрод экөө башкаларыбыздын баарынан иш боюнча жакын болгондуктан, ар дайым бирге жүрүшүп, көбүрөөк сырдаш болуп калган неме тигинин биз билбеген жоруктары да бар окшойт, ошону айттырмак үчүн кыпчыла калды көрүнөт. Мунун өтүнүчүн баарыбыз кызыгып кубаттадык. Несговоров да Бычковду ээнбаш сөздөрү үчүн көп жактыруучу эмес, бу сапар сунушка каршы болбой, башын ийкеди.

– Болуптур – деп, копшолуп ордуна кайра олтуруп, эки бутун тең жантайманын эңкейишин карай сунуп.– Бул кырк экинчи жылы ноябрь айында болгон окуя. Мен фронттун санпропускниктеринин[1] биринде начальник элем. Душман кутургандан кутуруп, бизди Дон дарыясынан сүрүп, Сталинград шаарынын четки көчөлөрүнө кирип, Волга дайрасына камап келген кези. Фронттордун ооруктагы кошуундары дайранын сол жээгине көчүүгө мажбур болуп, алдыңкы урушуп жаткан бөлүктөр менен катнашуу өтө эле татаалданган. Ноябрдын башында армиянын шаштысы кетип, жоокерлер командага көп баш ийбей, командирлер солдаттарына ээ боло албай, Волганын сол жээгинде чакчелекей, башаламан башталып калган. Душмандын авиациясы көз ачтырбайт. Дайранын үстүндө жарылып аткан бомбулардан суу фонтандары жыш. Замбиректеринин, миномёттторунун дүрмөттөрү дайрадан ашып, сол кашатка жетип жарылууда. Катуу чабуулга кабылган аскер жамааты кандай абалда болоорун, жаңы эмессиңер, баарыңар билесиңер, ошондо да Сталинграддагы салгылашуулар согуш тарыхында бөтөнчө орунду алаар. Алааматты өз көзү менен көрүп тирүү калган жазуучу убагы келгенде жазаар?.. Бирок болочок муундардын көз алдына тирүү элестерди тартуулай алуучу таланттар табылаар бекен?– Коолдоп,

[1] Жаңы келген жоокерлерди киринтип, кийинтип урушка жөнөтүп туруучу пункт.

экилентип сүйлөгөндү жакшы көргөн неме, өз сөздөрүнө өзү кубанып, өзүн өзү кубаттап,– Ким билет, өзү көрбөгөн, өз башынан өткөрбөгөн жазмачылар, калемин канча кайраса да, окуяны болгондой чагылта албайт дечи, жазуучу тургай сүрөтчү деле жоокерлердин кебетелерин талантынын, боёкторунун күчү менен бере алса да, тирүү кыймыл-аракеттерин бере албайт эмеспи…

– Көп чаргытпай ток этээр жерин айтчы – деди, данеги жок кооз сөздү жек көрүүчү начхим.

– Шаштырба, сөздүн ирээти бузулса мааниси кетет – деп, аңгемесин баштап келаткан начОВС тигиге каяша жооп кайтарып,– Менин санпропускнигимден күнүгө өткөн аскердин саны уламдан-улам азайып, самын, дезинфектор, бензин, керосин жетишпей, жаңы киргендерди кийим-кечек менен толук камсыз кыла албай, чоңдорумдан күнүгө тил угуп, анын үстүнө, замбиректердин дүрмөттөрүнөн, карга-таандай айланып үстүбүздөн кетпеген самолёттордун көз ачтырбай таштап турган бомбуларынан шаштым кетип, тажап бүткөн жанымды коёорго жер таппай калган элем. Ошентип кымгуут болуп аткан армияда ноябрдын орто ченинде капыстан башаламан бир аз тыйылып, иш оңоло түштү. Эмне болуп кетти деп, таң калгыча болбой «хозяин приехал»[1] деген күбүр-шыбыр сөз арабызга тарады. «Бир чоң окуя болот го?», «Деги кутурган немистердин сазайын берсе экен», «Сталин келиптир дегенди немис укса – куйругун кыпчыйт дей бер», дагы ушундай сөздөр демөөр болуп, чүнчүп бараткан көңүл күдүңдөп көтөрүлө баштады. Аскерлерди ташуучу паромдордо мурдагыдай бирин бири тебелеген, жол талашкан, каяша айтышкандар азайды. Менин ишим да кыйла илгерилеп, күнүнө пропускниктен өткөргөн кишинин саны 6000ге жетти. Жаным бир аз ордуна келип, өзүмө өзүм ыраазы болуп таңкы үлүңбаранда ишке киришип калган кезим эле, телефончу

[1] Кожоюн келиптир.

чакырып калды. Чуркап келсем: «Алло, алло, бу ким?» дегенин паролумду айтсам: «саат 8.00дө жолдош Он биринчиде болосуз, уктуңузбу? Кабар берген Зуммер-2» деп телефонун таштап койду. Саатымды карасам алты жарым экен. Он биринчи – фронттун командалоочусунун оорук боюнча орун басарынын паролу. Зуммер-2 анын телефончусунуку эле. «Дагы эмне болуп кетти? Кандай жеринен ката кетирдим экен?»... Ар түрдүү жаман ойлор башыма кирип, санааркап бушайманмын. Жүрөгүмө тамак барбайт. Анын бункерине жетиш үчүн ат менен жыйырма мүнөттүк жол. Он мүнөт мурда барыш керек. Калган бир сааттын өтмөгү тозок болду. Убакытты кыскартуу үчүн санитарларым менен кошо, келген жүктөрдү машиналардан таңгак-таңгагы менен түшүрүп, бак түбүндөгү чатыр складдарга аркама көтөрүп ташыша бердим.

Туура айткан убагында дежурный офицер генералдын бункернне мени алып кирди. Менде жан жок. Колумду чыкыйыма такап, калтырап-титиреп атып рапорт бердим эле, генерал менин коркконумду сезип, санаамды тындырмакка жылмайып алдыдагы стулга отурууга буйрук берди. Отураарым менен столунун тартмасынан бир барак кагазды алып астына коюп, ага үңүлө калып, анан башын көтөрүп мага карап:

– Жолдош улук лейтенант Бычков, фамилияңызды туура айтып атамбы?– деди эле, менин эс-учум жайына келип, апкаарыганым жоголуп: «Так точно!» деп ордуман ыргып тура калып, устав боюнча честь бердим эле, генералга жагып калды окшойт.

– Сизге чоң ишеним көрсөтүп атабыз. Бүгүн саат 18.00дө жолдош Хрущевдун бункеринде болосуз. Бул жөнүндө «лам» десеңиз таарынбаңыз. Макулдаштыкпы? Калган сөздөрү ошол жерде угасыз. Кош, саламат болуңуз... Айтмакчы, Хрущевдун бункери кайда экенин билесизби?» – деп сурап калды. Мен фронт командалоочуларынын жертөлөлөрү Волганын оң жээгиндеги

кырка тарткан кашатта экенин сезчүмүн. Анткени күнүгө жуундурган аскерлерди түн бою паромдорго салып, наркы өйүзгө жеткирип, тапшырып келе турганмын. Ошондо көптөгөн кабелдерге чалынып өткөндө, чоңдордун штабдары ошол тарапта го деп ойлочумун. Менин так билбегенимди уккандан соң:

– Ошол сиз өтүп жүргөн № 3 пристанда «Макар» деген кишини дежурныйдан сурасаңыз таап берет. Ал киши сизди бункерге жеткирет, кош болуңуз, ийгилик каалайм! – деп, колумду кысып узатты.

– Жолдош улук лейтенант аңгемең өтө узун го, күн түшкө жакындап баратат. Эмдигиче Хрущевдун жертөлөсүнө жете элексиң. Минтип баарын териштирип айтып отурсаң, күүгүмгө дейре Сталинди көрө албайсың го? Ага биздин убакыт жок. Ансыз деле тактика сабагынын эсебинен убакытты уурдап, кыянаттык менен пайдаланып атабыз – Несговоров сылык гана чымчып койду эле, начхим жиреп кетти:

– Бул ушундай бабыр, жолдош капитан – Бычковго бурулуп, – жана эле ток этээр жерин айт дебедим беле. Кийинки кружканы бербей эле койбой, дөөрүп кеттиң, – теңтушун кытыгылады. Мен «көөкөрчөктө» жарытылуу эчтеке деле калбаганын айтсам, начхим Бычковду тамашалап. – Ка-ап! Бул машине сыяктуу бензинсиз жүрө алчу эмес эле, аңгемесин бүткөй эле – дегенде, начпрод жолдошуна жан тартып:

– Тамашанын да ыгы бар. Сенин калжаңыңды жолдош капитан чын деп ойлоп калышы мүмкүн – Несговоровго жүзүн буруп,– жолдош капитан, тигинин сөзүнө ишенбеңиз. Бычков ичи оорулуу. Наркомдун паегун да кээде өзү ичпей начхимге берет, а тиги неме сары суу шимирген уй окшоп, канча берсең иче берет. Бул жерде, сиздин көзүңүзгө сопу болуп көрүнөйүн деп атпайбы капыр.– Баягы «жашырып ичесиң» дегендин өчүн алып кетти. Жанатан бери сөзгө илешпей тамылжып ойлонуп

олтурган начфин да Бычковду жактап күбөлүккө өттү.

– Болуптур, чукулунан бурайын. Ошол күнү болжогон убакытта «Макарды» таптым. Ал мени паромго эмес, мотордуу кайыкка олтургузуп, заматта наркы өйүзгө жеткирип, бирөөнө тапшырды. Маскхалаттын астындагы тонуна караганда офицер көрүнөт. Ал неме, бир жоон кабелди акмалап мени ээрчитип кашаттын асты менен жээк бойлоп жүрүп отурду. Жолдо эки жолу артчабуулга кабылып бүткүчө аңгекке, чуңкурга жашынып жатууга мажбур болдук. Акыры көзгө сайса көрүнгүс караңгыда жоон кабелден адашпай улам кармап отуруп бир бункерге жеттик. Ал кашаттын боорунда экен. Эшигинин эки жагында эки часовой. Сыртка бир офицер чыга калып, документимди электр шам менен карап, өзүмдү сүрөтүмө салыштырып, менден пароль сураганда, эртең мененки генерал кулагыма шыбыраган сөздү айтсам, эшикти ачып, блиндаждын ичине киргизди. Электр шамы төбөңдө жаркырап, бейкутчулук убакытты эрксизден эске түшүрдү. Оң жакта бир столдун артында бир полковник олтурат. Офицер ага мен жөнүндө рапорт бергенде мен честь берип, ким экенимди билдирдим. Сол жактагы столдун артында чыканагына таянып муштуму менен башын жөлөп, бир майор олтурат. Сырткы эшикке тушташ дагы бир эшик. Ички бөлмөгө киргизет го сыягы. Полковник колун жаңсап, сырткы эшиктин сол жак керегесине узунунан коюлган скамейканы көрсөттү. Мен олтурдум, мени эмнеге чакырганына акылым жетпейт. Хрущевго менин кандай керегим бар эле? Санаам санга бөлүнүп, оюм ордуна келе албай уйгу-туйгу убара болуп, жаным чарк-көбөлөк айланып ордума тынч олтура албайм. Аңгыча болбой ички эшик ачылып бир генерал чыкканда, жүрөгүм оозума кептеле түштү. Баарыбыз какайып туруп калдык. Генерал сыртка чыгып кеткиче ички эшик жабылган жок. Ички үйдүн төрүндө чоң карта, анын оң жагында кадимки өзүнүн формасы менен

Иосиф Виссарионович, сол жагында мен тааныбаган бир генерал-майор туруп турушканы көрүндү. Иосиф Виссарионович оң колу менен канжасынын чарасын мыкчый кармап, картага бурулуп, бирдеме айтып атканысыйт. Бир маалда, какайып боюн түзөп жалгыз өзүнө гана таандык, баарыбызга тааныш кыраат менен: «эту задрипанную, сопливую, завшивленную армию надо отрезать у Калача!»[1] деп, канжасынын мүштөгүн картанын бир жерине такаганын кулагым чалып, көзүм көрүп калды, аңгыча болбой жанагы жаагын таянып олтурган майор эшикти жаап жиберди.

Оозгу үйдө канча олтурганымды билбейм, жок дегенде бир кылым өткөндөй сездим. Жүрөк лакылдап, чыкый лукулдайт. Жанагы картанын жанында Сталиндин сөзүн угуп аткан генерал оозгу бөлмөгө чыкты. Бир маалда полковник менин фамилиямды кагазынан дагы бир окуп, кирүүгө улуксат кылды. Мени киргизишип жатканда атууга алып бараткандай эле болдум. Көзүмө эч нерсе көрүнбөй тунарып эле калды. Акыркы сүкүнтүмдө күчүмдүн бардыгынча үнүмдү чыгарып рапорт бердим, бирок оозумдан эмне чыкканын билбейм, кудай урсун, «азыр өлтүрөм» деп кыйнасаңар да кайталап айта албайм, эсимде жок. Көсөм деген көсөм экен. Мага колун берип учурашып:

– Садитесь товарищ Бичков[2] – деп, мүштөгүнүн учу менен мага орун көрсөтүп шашпай аркы-терки басып... – ушул жерде начхим чыдабай кетти окшойт, – Фамилияңды унутпаганына караганда, Сталин сенин досуң го? а кокустан Николай Михайлович, молодец!» деп далыга чапкылаган жокпу – бырс күлүп жибердик эле, Бычков начхимдин какшыгына кебелбестен мостойгон бойдон үзүлгөн сүйлөмүн улантты.

---

[1] Ушу самтыраган, чимкириги чубалган, бити куюлган армияны Калачта керте чабыш керек!

[2] Отуруңуз жолдош Бичков! (Сталин «ы» ордуна «и» колдончу).

– Товарищ Бичков, сколко человек пропускает в день ваш пункт? Как вам помогает фронтовое начальство?»[1] деп сурады. Мен Иосиф Виссарионовичтин ушунча дүйнөгө атагы чыккан көсөм, мамлекет бийлигин бийлеген акылман, элин жеңишке ээрчиткен даанышман болуп туруп, карапайым букарасына теңтушундай мамиле кылган генийлигин көргөндө, апкаарыган жүрөгүм басылып, денемдеги калтырākты жел учуруп кеткендей жепжеңил боло түштүм. Эс-акылым ордуна келип, муун-жүүнүм бекип чыйралып, кадимки эле күндөгү начальниктериме берип жүргөн рапортумдай:

– Жолдош Улук Башкы командалоочу! – деп, баштаганымда, кабагын чытып, колун силкип, «назовите просто Сталин»[2] дегенде, кайта жыйырылып мукактана түштүм. – Бул жерде да начхим:

– А балким, «жөн эле Иоска деп айткын» дегендир?... – Көптөн бери начхимге унчукпай, тамашасынын жөндүү-жөнсүзүн ылгабай кулагынын сыртынан кетирип аткан Несговоров да чыдабай:

– Сизди тамашакөй десем, жоор чокуган эле сагызган турбайсызбы? Орунсуз калжың адамдын шагын сындырып коёрун билбейсизби? – начхимди кагып салды. – Ошентсеңиз, жолдош капитан. Эркине койсоңуз ээнбаштык кылып, кудайын таанибай кетет. Улук лейтенант деген наамын барыктай албайт. Ка-ап! Мунун азабынан кайсы жерге келгенимди унутуп калбадымбы!..

– «Мукактана түшкөнсүң» – деп, мен эстетсем, мага жүзүн буруп ыракмат айтып, нары улады: – «Продолжайте, не смущайтесь, все обращаются: «товарищ Сталин»[3] – деп күлүмсүрөгөндө, чагылгандуу кара булут житип, күн жарк эткендей болду. Мен кайратыма келип,

[1] Жолдош, Бичков, сиздин пунктуңуз күнүгө канча кишини өткөрөт? Фронт начальниктери Сизге кандай жардам берип атышат?

[2] Жөн эле «Сталин» деңиз.

[3] Айта бериңиз, тартынбаңыз, баарысы «жолдош Сталин» деп эле кайрылышат.

көсөмүбүздүн суроолоруна толук жооп берип, акырында:
– Кийинки эки күндөн бери күнүнө алты миң кишиден өткөрүп атам, андан мурда үч миңге чейин төмөндөп кеттик эле. Жолдо тартип жок, аны тейлеген киши жок. Автотранспорт жетишпейт дегенге батындым. Менин сөзүмдү кунт коюп угуп, бир аз ойлонуп: «Завтра двенадцать тысяч воинов скупайте, оденьте, обуйте все с иголочки в новое обмундирование, товарищ Бичков, желаю удачи, до свидания!»[1] дегенде, алдымдан жер көчүп, отурган ордуман тура албай калдым. «Акмак жаным, эрте кубанган турбайымбы. Өлөт деген ушу турбайбы!?» – деп, темтеңдеп араң өөдө туруп атканымда: «Не бойтесь, смелей действуйте от моего имени, Вам помогут!»[2] деп колумду, кысып, «желаю удачи!» кайталаганда артымдагы эшик ачылып, мен сыртка кантип чыгып калганымды байкабай да калдым. Мына ушинтип жолугушкам мен жолдош Сталинге!» – деп, Бычков сөзүн токтотту.

– Эгер ушунун баарысы беш өрдөгү жок чын болсо, Сиз чынында эле бактылуу адам экенсиз – Несговоров акыры ыраазылыгын билдирди.

– Бул абдан бактылуу, жолдош капитан. Сталинди Маскөөдө туулуп өскөн, иштеп жүргөн мен ушул жашка чыккыча параддарда Кызыл Аянтта алыстан араң карaанын эле көрүп жүргөм, Николай Михайлович болсо көрмөк турсун сүйлөшүп кол алышкан – оңой киши эмес! – начфин колдоду.– А эми мынча болду Сталиндин тапшырмасын кандай аткарганыңды айтып берип биротоло аңгемеңдин аягына чык деди, муну мурда угуп жүргөн начпрод жолдошу. Бу сунушка баарыбыз баш ийкедик.

– Эртеси жолум шыдыр болду, баарысы шар кетти. Кайда барсаң, эмне талап кылсаң – баары даяр!

---

[1] Эртең он эки миң жоокерди киринтиңиз, чыштай жаңы кийим кийинтиңиз жолдош Бичков. Ийгилик каалайм, кошуңуз!

[2] Коркпоңуз, тартынбай менин атымдан буюра бериңиз, Сизге жардам көрсөтүшөт.

Бул миң тогуз жүз кырк экинчи жылдын он сегизинчи ноябры эле. Ал күн өмүр бою эсимден чыкпайт. Он тогузунчу ноябрда тарыхый чабуул башталганын билесиңер. Сталин менен сүйлөшүп турган генерал-майор Малиновский экенин, Сталинград операциясын Генштабдын тапшырмасы боюнча көп генерал өздөрүнчө иштеп чыгышып, баарынын пландарынан Сталин Малиновскийдикин жактырганын кийин, госпиталда жатканымда уккамын – деп бүтүрдү Бычков аңгемесин.

– Сизди, мен жолдош улук лейтенант, Улуу Ата Мекен согушунун тарыхта калуучу окуясына катышкан азаматтарыбыздан экениңизди жеке анкетиңизден билчү элем, бирок Улук Башкы командалоочу менен бетме-бет жолугушканыңызды билчү эмесмин. Сиз жеке өзүңүз тарыхта калуучу киши турбайсызбы – Несговоров таңыркаганын же буга ишенбей, жылма какшыктаганын билгизбей көңүл улады.

– Согушка аткыч куралдары менен катышкан миллион жоокер кан төгүп көсөмдү көрмөк турсун алкышына татый албай жүрүшсө, биздин начОВС Сталиндин колун кармап, батасын алышы бул – чоң сыймык да! – деп начпрод досун көкөлөтө мактады эле, Бычков айтып аткан окуяларга оозун ачып угуп отурган аңкоо начфин суктанып, улук лейтенантка жомоктогу баатырларча таңыркап карады. Тили кычышып жанатан бери чыдамы кетип аткан начхим: – Биздин Бычков самын куралы менен согуш бүткүчө дагы далай сыйлыкка, сыймыкка ээ болмок. Мунун баатырлыгы Мюнхаузендикинен кем эмес! Мен мунун саламаттыгы үчүн ушул тосту көтөрөм! – Кезек боюнча өзүнө жеткен кружканы тумшугуна көңтөрдү. Мунун тикенектүү күйдүргү сөздөрүнө кайдыгер боло албай, ар кимибиз ар башка сезим кайтардык. Бычков оңтойсуз абалда калды.

Олтурушубуздун арты шаттык менен эмес, какшык менен бүтүп атканына ичинен тымызын кейип, бүгүнкү

штабдык машыгууга жетекчилик кылган Несговоров, биздин ортодо жигитчилик кылып, шайтан мойнун сындырган үлпөтүбүздү жакшы санаа менен аяктоону ойлоду белем, көз ирмемдик жымжырттыктан пайдаланып:

– Друзья[1] –деп, коңур үнүн салмактуу чыгарып, шашпай сөзүн баштады.

– Биз үч жылдан бери душман менен тынымсыз согушуп келатабыз. Кандын оргучтап акканын, жандын коркурап чыкканын өз көзүбүз менен көрүп, азап-тозоктун отун кечип, кыяматтын кыл көпүрөсүнөн тирүү өтүп келаткан, уруштун ар жоругуна каныккан, ар ыкмасына машыккан жоокерлерденбиз. Ушул жылдары: туулган жерибизден, тууган-туудурган эне-атабыздан алыстап, канча жакындарыбыздан, жолдош-жоролорубуздан айрылып, кайгы-муңдун канча дайрасын, кандын-жаштын кандай гана деңизин кечпедик? Кырсыктын бул алааматы жалаң майдан талааларында боройлобостон, бүткүл Мекенибизде бууракандап турган мезгил.– Терең сырдуу, философия маанилүү сөздөрү бүгүнкү күндүн сүрөттөрүн реалдуу чагылдырып, таасирдүү угулууда.– Ушундай мезгилде биздин моминтип тамашалашып, жаркылдап ойноп-күлүп отурганыбыздын ар бир мүнөтү кылымга татырлык мөөнөт эмеспи?! – Колундагы саатты карап,– Биздин отурушубуз эки саатка жакын убакыт алыптыр. Демек, эки саат санааркабай, өткөн күндөрүбүздөн чаржайыт кеп салып, калпты-чынды аралаштыра сүйлөшүп көңүл көтөрүп, күндөлүк чындыктан өзүбүздү өзүбүз бир аз жоокалатып алдаганыбыз, ден соолукка табылгыс дары эмеспи. Жоокерлерди катуу салгылашуудан кийин өрүүнгө чыгаруу чаралары да ошол себептен аскердик уставда каралган.

Бүгүн биз көңүлүбүздү кыйла семирттик, бири бирибиз менен сыр чечишип тереңирээк тааныштык. Жоокерчиликте жаныңа сырдана жолдош күтүү – колуңа күчтүү

[1] Достор.

курал тутуудан артык! Айрыкча шайыр, тамашакөй начОВС, устара тилдүү начхим окшогондор капалансак, калпты-чынды койгулатып, жарпыңды жазышат, кайгыңды бөлүшөт, чарчасаң жеңилиңди жерден, ооруңду колдон алышып, жаныңа сеп болушат. Согушта эмне гана болбойт? Үч жылдан бери кулак укпаган, ойго келбеген укмуштууларды көзүбүз менен көрүп келатпайбызбы. Бейкутчулукта сыры туюк, канча түнт киши болсо да, согушта ажалы мойнуна минип, эки бутун көкүрөгү ылдый салаңдатып турганда, чанда бирөө гана Зоя Космодемьянская сыяктуу бекем болбосо, жарылбай койбостугун да көрүп атабыз. Бүгүн минтип отурбасак, мынча сырды кайдан угат элек? – Бул учурда Несговоров жүзүн мага буруп – Ыракмат биздин докторго, мен начпроддун жанагы тамашалап айтса да, таамай айтканына толук кошулам! Баарыбыздан кичүү, жаш болсо да, кыраакылык, камбылдык кылып жанына «жалындуу суусунду» ала жүргөндүгү адамкерчилик деңгээлинин кыйла жогорулугуна күбө болуп, марттыгын, ачыктыгын билдирди. Адистиги мал доктору болсо эле, өзү да мал болуп калмак беле?! Интеллект адистикке байланышпайт! – начфинге жүзүн буруп – Жолдош капитандын ички арманын да укпайт элек. Карагылачы, өзү да ичинен бугу чыгып, жалгызсырабай, бетинен нур чачырап күлүңдөп турганын?! Ал эми, жолдош улук лейтенант Бычков болсо, укмуштуу сонун окуяны башынан өткөргөнүн кандай уккулуктуу айтып, баарыбызды таң калтырды. Эптештирип айткан жагынан барон Мюнхаузенден ашпаса, кемибейт. Калп-чыны жагынан барондуку алыстан эле оркоюп көрүнүп турса, Бычковдуку жиги билинбейт. Балким, мунун айтканынын баары чындыр!? Болочоктогу санжырачылар, чын болсо согуштук чолок, чоркок тил менен жазылган документтерин чубап чыгышаар?.. Анткени жолдош Сталиндин ар бир сүкүнт убагы, ар бир баскан кадамы эрөөнсүз калбайт, дайым катталып

турат. Ал эми, жолдош начхимдин репликасына мен мындай жооп берер элем: согушка жалаң гана ок-дары, мина, бомбу, курал-жарак керек эмес, самын да керек! НачОВСтин ролун кемсинтүүгө жарабайт, жолдош улук лейтенант Коптев! Жолдош Бычков кийин Распеден[1] ашкан дүйнөгө маалым жазуучу болоорун кайдан билебиз. Биз баарыбыз согушка керектүү кызматтарды аткарып атабыз. Ошолордун ичинде Сиз да барсыз, жолдош начхим. Кокус душман шерменделик кылып, бизге газ каптатып жиберсе, баарыбыз калакайлап Сизге жалынабыз, кудай ошондон сактасын! Жоокерлер жанын коргош үчүн противогаз талашкандан көрө «артык баш» жүк болуп кошуунубузда жүрө берсин...

Ушул жерде кыргыздын бир ылакабы эсиме түшө калып, Несговоровдун сөздөрүн коштоп:

– «Керектүү таштын оордугу жок!» дедим эле, капитан мага кайрылып, орусча котормосун сурады. Мен колумдан келишинче сөзмө-сөз которуп берсем, – Карагылачы, кандай таамай айтылган. Вот именно[2] оордугу жок! Катылбоо жөнүндө кол коюшкан пактыны шерменде фашисттер бир эле түндө бузуп бүт өлкөгө бүлүк салбадыбы. – «Сактыкта кордук жок!» деген дагы бир ылакапты кыстардым эле, капитан ылжыйып, – Вы просто кладез афоризма.[3] Биз немистердин бардык амалынын алдын таап, жүзү каралыгынан сак болушубуз керек!

– Урматтуу куралдаштар! Урматтуу кошуундаштар! Мен силерге эски, баарыңарга белгилүү чындыкты кайталап, эриктирип атканымды кечирип койгула! Мунун касиети – колундагы кружканы көрсөтө көтөрүп,– муун-жүүндү жибитип, тилди агытып, эскини эске түшүрүп жаңыртып жиберет эмеспи. Ошентсе да, силерге айтайын деген сырым бул: биз согуштун чечүүчү этабына жеттик.–

[1] Распе – «Барон Мюнхаузендин» автору.
[2] Так өзү.
[3] Сиз санат сөздөрдүн кенчи турбайсызбы.

Оозуман ашык немелер чыгып кеттиби деп сестене калып, анан бир күрсүнүп алып. – Ал эч кимге жашыруун эмес – башын чайкап, өзүнө өзү танып – Мен согуштун жашыруун сырын силерге ачып аткан жерим жок! Бирок ал этап өзү эле келип бербейт. Аны чечиш үчүн канча кан агат, канча жан курман болот? Душман ырайымсыз, мыкаачы, жандими! Өлөөр күнүн алыстатыш үчүн кандай гана амалга барбайт?– Капитандын кызып калганы сөздөрүнүн чар-жайыт айтылып бараткaнынан билине баштады. Өзү боюн түзөөгө жакшы эле аракеттенгени менен ичимдикке башынан бери ынак (аны кышында байкаганмын) неме жеңдирип баратат. Биз аны таңыркап карай баштаганда сезип, акылдуу киши эмеспи, бир азга сөзүн токтотуп, акыры сөз учугун улаштыра албай калганына көзү жетип, тантыбай бүтүрүүнүн аракетин жасап:– Ошол акыркы, чечүүчү этапты баарыбыз аман-эсен бүтүрүп, Жеңиш күнүн чогуу көрөлү! Мен ошол тилек үчүн көтөрөм!– деп, баарыбызды булуттанган көздөрү менен кыдырата карап чыгып, кружканы бошотту!

Биз анын сөздөрүн кубаттап, ак тилегине алкыш айтып, жай-жайыбызга тарадык...

## – 4 –

Бүгүнкү олтурушту, андагы уккан сөздөрдү, адатынча ой чыпкамдан өткөрүп атып санаам сандалып, кайдагы бир түшүнүксүз, чоочун жаңы мейкиндикке алып келди. Аны таанууга, толук түшүнүүгө чама-чарпым келбей көп убара болуп түн ортосун уйкусуз аштым...

Согуш дегенди жалаң гана ызы-чуу, тарсылдактар менен элестеткендердин эсине: анда деле жанды сеп алдыруу үчүн ар кандай амал-айла колдонулат. Адамдан амал качып кутула албайт эмеспи!..

Согуш деген адам коомунун тиричилигинин өзгөчө бир аракети! Согуш майданынын бир жеринде урушуп кан

төгүп кырылышып атса, бир жеринде арак ичип ойноп, куунайт. Бул жагынан алганда касташкан эки тараптын тиричилиги, күндөлүк жүрүм-туруму бири бирине коёндой окшош. Немистер деле бизчилеп, ара-чолодо шнапс[1] жутуп, шпиг[2] чайнап, ооз кыягын тартып сайрандашат. Аларда деле автомат, бизде деле автомат. Аларда деле бизге тааныш курал, бизде деле аларга тааныш курал. Айырмасы: алардын бутасы биз, биздин бута алар! Ортобузда ийри-муйру сай менен аккан, күрпүлдөп, жээк жайпап ташкынданган Кандайра деген өзөн жатат. Ал көзгө көрүнбөйт, бирок андан мертинбей оңой өтө албайсың! Көпүрө да, кечүү да жок.

Ушуларды ойлонуп, күндөлүк күйпүл аракетерден башыңнды чулгуп көтөрө калып, турмушка үстүнөн каалгып каймана карасаң, түшүнүп болбойт! Кишилер бирин бири өлтүрө бериштин негизги себеби эмнеде? Мальтустун ою боюнча кыргын, жер жүзүндө эл көбөйүп кеткенде тамак-аш жетпей, ачарчылык кыйнагандыктан, санын азайтыш үчүн болот. Матириалисттер согуштун себебин идеялык келишпесттикке алып келип такайт. Бирок булар негизги себеп эмес экенин согуштун өзү көрсөтүп атат. Чындык булардан кандайдыр бир окчун тургансыйт. Ал кайда, анын өзү кайсындай неме?..

Алдыдагы казатка даярдануу камылгасы өтө сарамжалдуу, ар тараптуу жүрүп, жоокерлер салгылашууга азырланып бүткөндөй көрүнсө да, эмнегедир саамыктап атат. Балким бизге, полктун деңгээлиндеги кол башчыларга ошондой гсезилгени менен жогорку жакта, Башкы штабда, Жогорку Башкы командалоонун ордосунун баамында даярдык дагы ийине келе электир?.. Ким билет?

Биз кечикkенибизди ары жоруп, бери жоруп, табышмагын таба албай убара болуп жүргөн күндөрдүн биринде, армиянын гезитинен экинчи фронт ачылды деген кабар-

[1] Шнапс – арак (немисче).
[2] Шпиг – чочконун кыртыш майы (немисче).

ды окудук. Ушул окуяга байланыштуу подполковник Васильев офицерлерди штабга шашылыш чакыртып, баарыбызга куттуктоо сөзү менен кайрылып сүйүнчүлөп, толук информация жасоо үчүн өзүнүн саясый боюнча орун басары майорго сөз берди. Ал киши:

– Биздин союздаштардын армиясын америкалык генерал Эйзенхауэрдин командалоосу астында Ла-Манш кысыгы аркылуу 1944-жылдын 6-июнунда таң саарда Франциянын Нормандия облусуна десант түшүрүптүр. Жүздөгөн кеме, кайыктар менен келген аскерлер кораблдердин артеллиясынын колдоо астында танкелерин жамыратып, бомболарын дабыратып жаадырып кирген экен, немистер ок чыгара алышпай калыптыр – деп баштады сөзүн.– Биздин эки жылдан бери күткөн күн чыгыптыр .Биздин улуу көсөмүбүз Улук Башкы командалоочубуз, Советтер Союзунун Маршалы жолдош Сталин акыры фронт ачууга союздаштарыбызды мажбур кылган экен. Улуу Кол башчыга даңк! Биз тартип боюнча үч ирээт «даңк!» деп кайталадык. Эми биротоло толук Жеңишке саналуу эле күндөр калды. Жолдош офицерлер! Экинчи фронттун ачылышы менен катар, алдыдагы Жеңишке жетиш үчүн өздүк курамыңарда темирдей катуу аскердик тартип болушуна офицерлерди, коммунисттерди чакырам! – деп, күндөгү айтып жүргөн сөздөрү менен аяктады.

Бул кабар чынында эле баарыбызды сүйүндүрдү. Эки капталдан куушурган күчтөргө душман көпкө туруштук бере албасына ишенич артты. Кудай буюрса быйыл кышка дейре фашистерди күм-жам кылабыз го деп күдүңдөдүк.

Бул жалпы сүйүнүч. Мамлекетибиздин, эл-журтубуздун сүйүнүчү. Ал эми жекече сүйүнүчкө «ушул азыркы, бул жерге чогулган офицерлердин кимдери күбө болушаар экен. Кудай кимдин маңдайына Жеңиш сүйүнүчүн көрүүнү жазды экен?.. О, Кудай ошол күнгө жеткире көр!..

Дагы бир жума өткөндөн кийин армиянын штабынан инспекция келип биздин полктун жоокерлеринин күжүрмөндүк кудуретин сыноодон өткөрүшүп, такоолчу кошуундардын сарамжалына, камбылдыгына «төрт» деген баа беришип кеткенден кийин, «эртең, бүрсүгүнү, майдандын алдыңкы чегине жөнөйт экенбиз» деп, кулак түрүп турсак, бүгүн армиянын штабынан: «Полктун ат унааларына бүт кыш бою жеткидей чөп даярдоо үчүн Калуга облусунун аскер комиссарынын карамагына старшинасы менен төрт солдат жиберилсин. Тамак-аш карточкалары менен камсыз болсун» деген буйрук келиптир. Биз чыдамсыздык менен урушту күтүп атсак, бул эмнеси деп таң калдык. «Дагы бир кыш ордубуздан жылбай тура беребизби?», «согуш токтогону калганбы? «Биздин төккөн кан жетишет. Эми союздаштар да кандын даамын татсын!» деп жатпасын көсөм? «Биз кыймылдабай отура берсек Союздаштар Берлинди алып коюшпайбы?!» «Же биздин полкту Калугага бир максат менен көчүрөбү?» жана ушул окшогон күдүк, табышмактуу ойлор полктун офицерлеринин башын маң кылды. Эмнеси болсо да, жакшы жышаанга жорудук.

Бул буйрук, канткени менен Инспекциянын текшерүүсүнөн кийин: «Ай эми эмне болоор экенмин?» деп жүрөгү түпөйүл болуп сары санаага алдыргандардын жанын ордуна келтирүүгө себепкер болду. Ар кимиси ичинен өз планын түзүп кирди.

Чындыгында эле терең ойлоно турган иш болуп калды. Штабда иштегендердин бир жамааты муну: «согуш бизди темтеңдетип бүт Европаны аралатпай дагы канча жанды курман чалдырбай, канча аялды кара жоолук салдырбай, сүйлөшүү менен эле бүткөнү калган го?» деп каңкууласа, экинчилер, «жо-ок!.. Бул жакшы жышаан эмес, согуштун белгисиз мөөнөткө узарышынын белгиси. Кантип бүтмөк эле согуш, Белорусия дагы эле бүт бойдон душмандын колунда. Биз эмне, бир тууган

белорустарыбызды фашисттердин кулдугунда калтырмак белек. Андай чыккынчылыкка биздин өкмөт, Сталин тирүү турганда, барбайт! Аны кудай да кечирбейт. Бул согуш тактикасынын бир амалы болушу мүмкүн.Камылга жакшы бүтө албай кечиктирип атса керек?.. Согуш канча кечиксе, ошончо зыян элге. Ансыз деле үч жылдан бери жерибиздин топурагы канга, жашка чыланып бүттү!» – деп, тескери жоруп кайгы-капаны ого бетер тереңдетүүдө.

Буйрук деген буйрук. Токтотпой аткарыш керек. Муну аткарууну подполковник Головинге тапшырды. Бул бүгүн полктун командиринен биринчи жолу: «жолдош майор» деген сөздү угуп, а дегенде «эмне какшыктайт?» деп, көңүлү суугуча, подполковник сөзүн дагы кайталап, жаңы наамын куттуктады. Көрсө, тиги армиянын буйругу менен кошо Головинге «майор наамы берилсин» деген фронттун буйругу да келиптир. Штабга чогулгандардын баарысы тигини куттуктап, «надо обмыть новые погоны, а то носиться не будут»[1] деп тамашалашты. Головин көптөн бери күтүп, ичинен капа болуп да жүрсө керек. Айтпаса төгүнбү, полк командиринин оорук боюнча орун басарынын наамы өзүнүн карамагындагы кызмат башчыларынын көбүнүн наамы менен тең болуп, кай бирлери анын буйругуна кээде баш ийбей каяша айтышып, мансапкор немени ыза кылып койгон учурлар да болгон. Эми ошентип көрүшсүнчү!?

Головин салт боюнча подполковникке честь берип ыраазы рапортун айтып, биздин тамашага «Колдо жок! Болсо майлап берет элем. Силерден эмне аямак элем» деп, кутулду эле, анда штабдын начальниги: «оозуңду куу чөп менен аарчыбай, кышындагыдан каткандарың бардыр көп эле ашык калбады беле, алып кел майор Гобсек!»[2] деп Головиндин сараңдыгын адабий кейипкер

---

[1] Жаңы погонду майлаш керек, болбосо бойго жукпайт.

[2] Гобсек – Бальзактын чыгармасындагы адабий кейипкердин аты, абдан сараң киши.

менен белгилеп койду. Анда полктун командири подполковник: – Муну кессең да кан чыкпайт, кышында кар сурап ала албайсың! Бирок чарбакерлик үчүн табылгыс сапат! Тамашаны кечирип кой, жолдош майор, аракты азыр талаадан тургай, чоң шаар Смоленскиден да таппайсың, тапсаң да акчаң жок ала албайсың. Акчанын баарысын «согуштан кийин аласыңар» деп, – начфинди карап, – жолдош капитан кассасына салып кулпулап таштаган...– тикен тилдүү начхим кыстарыла калып,– Словом, у попа была собака...[1] деп, жомогун айта салып, баарыбызды күлдүрдү...

Дегинкиси биздин командирибиз подполковник Васильев тамашакөй, өзү да тамашаны жакшы көтөргөн, кекейбеген демократ киши. Башка бирөө болсо, сөзүн бөлгөн начхимдин жаагын жап кылмак. Ырсактап күлүп калган бизди да кыныбызга киргизмек. Андайларды көп эле көрдүк го бул согушта! Мен аскер болгондон бери кимдер гана жолукпады жолумда. Айрыкча Оштогу эң биринчи командиримдин заар үнү кулагымда ушул убакка дейре жаңырат. Ал каапыр Васильевден айлансын, өз башы менен кетсин!

Подполковник биз менен кошо күлүп, «согуш бүткөн күнү Головинден погондун майын доолайбыз, ошондо көрөбүз мунун Гобсек экенин же ким экенин» деп, бизди таратты.

Жем-чөптүн нормасы менин адистигиме тийешелүү болгондуктан, Бычков экөөбүздү Головин өзү турган үйгө ээрчитип кирип буйрукту аткарууга кириштик. Мен жем-чөптүн аскердик нормативи жазылган китепчемди пайдаланып, биздин полктун аттарына алты айга толук жеткидей чөптүн эсебин чыгарып, Бычков анча чөптү темир жол менен ташып, болжол менен полк согуш жүргүзө турган аймактагы станцияга жеткирүү үчүн канча

[1] «Поптун ити болуптур...» – башы аягы, аягы барып башы болуп отурган, орустун түгөнбөгөн күлкүлүү жомогу.

вагон, андан полкко алып барууга канча автомашине, канча бензин керектигин, канча адамдын күчүн зарып кылаарын эсептеп, Головиндин бесирине[1] бердик. Аңгыча болбой, жаңы кителдин[2] эки ийнинде майордун жылдызы жаркыраган жазы погон тагынып, үстүбүзгө Головин кирди. (Ал Бычков экөөбүздү бесиринин жанына калтырып, өзү орус мештин далдасындагы нарыга[3] чыгып кеткен болучу). Кийимине жараша жүзү да жагалданып болбойт. Илгери үмүт менен чамаданында катып жүрсө керек буларды... – Мына эми, затына жараша аты болбодубу! – деп кубаттап койдум. Буга түздөн-түз баш ийген Николай Михайлович тура калып аскерче какайып, салт боюнча честь берди. Бесир байкуш, начальнигинин жаңы наам алганын укпаган неме, колунан карындашы түшүп, сүйүнгөнүнөн алдастап, өзү наам алган немеден бетер кубанды.– Вот так, Гриша! Чего ж ты растерялся?[4] Начальнигиңди таанныбай калдыңбы? Отур ордуңа, жүрөгүңдү бас! Мен баягы эле Головин Георгий Михайловичмин. Жакшы иштесең мактайм, жаман иштесең баягыдай эле сөгөм– деп күлдү да, биз даярдаган кагаздарды алып, көз жүгүртүп карап, анан мага жүзүн буруп,– доктор, канча тонна чөп бир гектарга өсөт? – деди. Мен жерине жана чөбүнө жараша дедим. Ал менин жообума күлүп,– Ким эле? Силердин Орто Азиялык бир атактуу мыскылчы болгон эле го: «эшегиме куран окутам» деп, ханына убада берген, атын унутуп атпаймынбы?

– Кожо Насирдин!

– Ооба Кожо Насирдин, анын укмуштай көп анекдоттору бар экен, окуган элем орусча котормосун. Сенин мага берген жообуң да ошо Кожо Насирдиндикиндей болуп атпайбы.

[1] Писарь – катчы. Орус сөзүнүн кыргыз акценти менен айтылышы.

[2] Аскердик бешманттын бир түрү.

[3] Секиче, меш менен дубалдын ортосунда, киши жатууга ылайыктап, тактайдан жасалган тектирче.

[4] Мына ушундай, Гриша! Эмнеге алдастадың?

– Менин жообумда, жолдош майор, анекдоттун жыты да жок, баары чындык. Жери кара топурак болсо, чөбү калың, бийик чыгат, кумдак болсо, суйдаң, жикидей жапыз, саздак болсо, копо, өлөңдөй бийик, каксоо болсо, чөбү сейрек чыгат, чабынды болуп жарытпайт. Ал эми айдалма чөптөрдүн түшүмү көп, табигый чөптөрдүкү аз болот. Ошого жараша... – менин сөзүмдү аягына чыгарбай. Головин:

– Доктор мага лекциянын кереги жок. Кара топурактуу, токойлуу жердин табыгый жайыттарында чыгуучу чөптүн түшүмүн бер мага! – дегенинен орто эсебин чыгарсам, элүү гектарча жер болду. Аны төрт киши машинесиз чаап жетише албасы ачык билинди. Ушуга байланыштуу жиберүүчү кишинин санына дагы экини кошсок кантээр эле деген оюмду айтсам, Головин:

– Жогорку жакта деле мунун жайын бизден кем билбегендер отурат. Буйрукка ээнбаштык кыла албайбыз, доктор – деп койду. Анан үчөөбүз жиберүүчү солдаттарды тандоого өттүк.

Дивизиондон (ат урунган жалгыз биринчи дивизион калган) солдат сурап кереги жок деп чечтик. Алар миномёт расчетунан арабакечтеринен эч кимисин беришпейт. Ошондуктан, полктун экинчи эшелондогу кошуундарды бирден талдап, финчасть, химчасттардын офицерлеринен башка эч кимиси жок, демек булар эсепке кошулбайт. Санчасттын үч санитары, эки арабакечи бар. Булардын экөө – кыз. Ал экөөнүн бирөө да курсагы бөрсөйүп калыптыр, жакында анысы да кетет. Ошентип, мында да чөп чабууга жарамдуу эч ким жок. Продчасть менен ОВСтин атайын бөлүнгөн солдаттары жок. Буларды чарба взводу камсыз кылат. Артчасть, автопарк, чөп даярдоо биздин жумушубуз эмес деп, солдат берүүгө макул болушпайт. Ансыз деле алар чарба взводунан бөлүнүп жаңы уюшулду. Булардан пайда жок деген корутундуга келдик. Головин:

– Эми ким калды? – дегенде Бычков митаам көзү менен мени карады.

– Мен калдым. Көп көрсөңөр, мен баш-отум менен бүт эле барып берейин – деп, таарынычтуу кыраат менен билдирдим эле, Головин башын бир чулгуп:

– И-ишь какой хитрый?[1] А кто за себя службу нести будет?

– Мен кызматтан качып атамбы? Улук лейтенант Бычков мени түлкү көзү менен карагандай, мен эмнеңерге кара санадым эле?!

– Жолдош капитан, чынында эле сенин кошуунуңдан башка бөлүкчө калган жок. Экинчи эшелондо. А менин көз карашыма терикпе, кадимки эле интенданттыкы. Интендант митаам болбосо, интендант эмес! – деп, тамашага чалды. Терикkеним бир аз жазылды.

– Менде деле артыкбаш солдат жок. Батареялардан келип ат багып аткандар эле болбосо.

– Мейли, алар расчеттун курамында жок, такоолчулар, ар ишке пайдаланылуучулар, алардан алсак, полк командири бизди урушпайт, алардын милдетин мага кой. Жетишпегендери болсо, чарба взводунан алабыз.

Ошону менен чөпкө баруучу солдаттарды кайсы кошуундан алуунун олутуу маселеси чечилди.

Мен эки солдат бермек болдум, экөөнү чарба взводунан алмак болдук. Жиберүүчүлөрдү тандоо, камдоо үчүн мен өзүмө кеттим.

Бөлүкчөм күндөгүсүндөй эмгек менен алек. Барановду чакырып алып, обочороок барып отурдук. Бүгүнкү болгон жаңылыкты ага айтып бердим. Ал да таңыркап, бирок бул эмненин белгиси экенин божомолдой алган жок. Ичинде эле бирдемени ойлобосо?.. Менин «кимдерди беребиз?» деген суроомо дароо эле: «Чистовду, Посоховду бере албайбыз...» деп санап келатканда, мен аларды, биздин негизги курамыбыздан эч кимди бербеске макулдашка-

[1] Амалын кара мунун! Сенин кызматыңды ким аткарат эле?!

нымды айттым. Жарадар болгон, ылаңдаган аттарды алып келип, багып атышкан батареялык солдаттардан тандаш керек дедим эле, Александр бир аз ойлонуп, оң колунун шадыларын жумуп кирди. Мен анын сунушун күтпөй:

– Сусловду жиберсек кантет? – десем, ал мени жалт карап:

– Эң туура! Ал куурагырды кыштата эки жолу батареясына кайтарып берсек да, шылтоо табышып кайра бизге жиберип коюшпадыбы. Биздин коллектив да аны кодулап арасына кошпойт, жалгыз тамактанып, жалгыз жатып солдаттардан корунуп куурап жүрөт – деп менин сунушумду абдан жактырды.

Суслов деген солдаттын майыбы бар эле. Кышында Витебскинин алдында согушуп атканыбызда биздин полкту солдаттар менен толуктоодо келген экен. Аларды чогуусу менен батареяларга жибергенде экинчи батареяга туш келиптир. Бир жума өтпөй жарадар болгон атты жетелетип биздин лазеретке жиберишиптир. Ошондо биринчи көргөн элем ал солдатты. Бизге келгени эки күн болбой жатып Посоховго жалынып, менин кабыл алышымды өтүнгөн экен, ал: «мындай маселе менен лейтенант Барановго кайрылгын» дептир. Кыскасы, бир күнү эртең мененки тамактан кийин мага келип, калтырап честь бере албай турганы эсимде. Эмнегедир кирген теке жыттанат. Кейпин көрүп боорум ооруп өтүнүчүн сурасам, уялып айта албай жер карап, көзүнөн жашын мончоктотот. Көрсө, бул байкуштун сийдиги токтобойт экен. Ошонун айынан элге жакын жолобой корунат тура. Билген солдаттар жанына жолотпойт. Куураган солдатты сооротуп, начсанчасть Морозовго ээрчитип барып көрсөтсөм, ал карап көрүп «диабет» деди эле. Ал оору жаш кишиде сейрек учураарын, муну айыктыруучу дары табыла электигин, уйку безинде жаралуучу инсулин деген гормондон жасаган дарыны укол кылып куйса, бир кыйлага жакшы болоорун Морозов айтпаса деле, «Эндокринология», «Па-

тофизиология» окуу китептеринен билчүмүн. «Диабет» (Жижиң) дегенди угаарым менен мен: «ушундай оорусу менен деле армияга ала береби?» – деп Морозовдон сурасам, «жок!» деп кыска гана жооп берген. Андай болсо, комиссиялап бошотпойсуңбу десем, антүүгө укугум жок деп, болбой койгон. Билбейм, чын эле анын укугу жокпу, же аяр жөөт жоопкерчиликти мойнуна алгысы келген жокпу? Эмне үчүн туулган жеринин врачтары мунун жижиң экенин көрүшкөн эмес? Же военкоматы пара берген бирөөнүн ордуна жибердиби? Менин, согуш майыбы Жээнбек досумдун катындагы паракорлук Россияда да күч алганбы? Жаман жөрөлгө жугуштуу да! Кыскасы, саңырсыган Суслов куурагыр арабызда саңырсып бүгүнкү күнгө дейре келаткан эле. Оорукчан байкуш бизге жарытылуу жардам көрсөтө албайт. Кокустан биз алга жөнөп калсак, кандай жорук башка түшөөрүн бир кудайдын өзү билет. Жарымжан сандалган байкуш, жоо менен беттешмек тургай, жолдо бөөдө өлүмгө учуроочуларга биринчи кандидат. Андан көрө оорукка жиберип, мунун сообуна калалы. Гражданкада жок дегенде үймөк кайтарганга жарап берээр? Эл ичинде дарыланып, уруштун убайымын тартып санааркабай, оңолуп кетээр?.. Ушулардын баарысын ойлонуп туруп:

– Болуптур! Өзү эмне дээр экен? – дедим эле, Баранов күлүп:

– Ал макул болмок турсун, Сизге чокунат! – деди.

– Ошентсе да солдаттын өзү менен сүйлөшүп көрүш керек. Суслов жижиң болгону менен мал эмес да. Мейли жеткен дөдөй болсун, мейли кужүрмөн солдаттыкка жарабасын, мейли ал жүрүш-турушу менен баарыбызды жадатсын, бирок өзүн чакырып кеңешпей туруп, армиянын уставына таянып эле, киши тагдырын сыртынан чечип коюшубуз жарабайт, Александр Михайлович. Биз сиз экөөбүз офицербиз, карамагыбыздагы ар бир солдаттын тагдыры мойнубузга жүктөлгөн…

– Жолдош начальник, кечиресиз, сиздики ырас. Мен убакыттын тардыгына карап, шашып кеткен турбайымбы. Жарайт, Сусловду чакыртайын.– Баранов чекилик кылганын мойнуна алып, ордунан туруп, солдатты таап келгени нары басты...

Суслов... Суслов... Диабет!.. Согуш!.. Кинонун тасмасындай жадымдан чубуртуп эскөзүмдүн алдынан өткөрүп баратып, Жээнбектин каттарын учурата калып, оюмдагы жоруктарды тизмектей келатканда, Баранов солдатты ээрчитип жаныма келип калды. Мен анын солдаттык шаан-шөкөтүн күтүп отурбай:

– Кел бери, жолдош солдат Суслов,– сынамакка сумсайып, бир аз кабагымды чытып койдум эле, ал оозунан сөзү түшүп, селейип каткан бойдон туруп калды. Биздин сүйлөшөөр сөзүбүзгө күбө болбоюн дедиби, Баранов бурулуп басып кетти.

– Кел бери, отур, эмне чочуйсуң?– кабагымды көтөрүп, жылмайып, сол колум менен жаңсап, отуруучу жерин көрсөттүм эле, катып калган байкушка жан кирип, бүжүрөп келип, көрсөткөн жерге кыйырынан отуруп, бир бутун бүктөп, бир бутун сунуп кымтынды. Менин ырайым ага жакшы белгилерди кабарлаганын анын аң-сезимине таасир бере албаса керек, дагы эле кооптонгон бойдон бою жибибей, көздөрү алаңдап, колдору калтырап, оозунан сөз чыкпайт. Көп солдаттын, кымгуут элдин арасында жүрүп, алардын турмуш казанында бирге кайнай албай, эзилип кете албай, жарманын бөлтөгүндөй бөлүнгөн, эч киминен жылуу сөз укпай, ар дайым кодуланып, корунуп, жанжалгыздыктын кесепетинен жапайы болуп бүткөн бечаранын кебете-кешпири, деги эле бүтүндөй турпаты боорумду ачытты. Буга каймана сөздөр, табышмак-тамсилдер, кыйытмалар бит чаккандай да таасир бербесин түшүндүм да, түз-түз, чакан суроолор менен гана кайрылдым. Деле мунун дээри, кишилик дасмиясы канча экенин байкап көрөйүн дедим:

– Атың ким?

– Борис, Борис Никодимович, жолдош капитан... Мен тартип бузганым жок, жолдош капитан... – Эч кимден жылуу сөз укпай, ар дайым кагуу жеп, солдаттардын шылдыңына уугуп бүтсө керек, менден да жакшылык күтпөй, акчылануудан баштады, бирок сөздөрүнүн мааниси бирине бири байланышпайт. – Бирдеме болсо эле, мага шылташат. Чатакты солдат Оноприюк өзү баштады, жолдош капитан... – Мен укпаган чатакты Суслов өзү айтып жиберди. Мен аны ошол үчүн чакырган экен деп ойлосо керек, шордуу.

– Мен ат тарап атсам, Оноприюк желкеме чычкан салып жиберди. Мен коркуп аттын астына жыгылып калсам, ат менден үркүп, тизгинин үзүп, мамыдагы аттардын баарысын үркүттү.

– Оноприюкко сен эмне, жамандык кылдың беле?

– Эч кандай, жолдош капитан. Ал мени иттей жаман көрөт. Сасыксың деп кордойт.

– Кай жерликсиң? Ата-энең барбы?

– Пенза облусунанмын...

– Мордовасыңбы?

– Жок, жолдош капитан, орус элемин.

– Эмне үчүн орусча так сүйлөй албайсың? – Үнүмдү басаңыраак чыгарып, кыраатын жумшартып, анын кейпине боорум ооруп, башымды ийкеп, сөздөрүн кубаттап, күлүмсүрөсөм да, ал мага чоочуркап чечилген жок.

– Бизде мордовалар көп, алардын тили башка, бирок көпчүлүгү бизге окшоп эле орусча сүйлөшөт. Атам бар, энемден беш жашымда эле жетим калгамын.

– Атаң экөөң эле турасыңарбы? Борис Никодимович, мен сени урушайын деп чакырганым жок, тереңирээк таанышмакка ал-жайыңды сурап атам. Көңүлүн көтөрмөккө,– Өңү-түсүңө караганда жакшысың, ууртарың чулчуюп калыптыр, ооруң кармабай калган го, балким айыккандырсың?.. Аскердик турмуш кээ бир эски ооруларды айыктырып жиберет. Ичиңе суук, бутуңа суу өтүп

талаада тоңуп жүрсөң да, састумоо тийбейт, туберкулез жукпайт.

– Кышындагыга караганда, жолдош капитан, азыр жакшы. Көк чыккандан бери дайыма каакым, бээмчек, текей, балтыркан жана дагы башка көк чөптөрдү көп жейм. Ошол себеп болуп атат окшойт, жолдош капитан, – бара-бара Сусловдун үнүндө калтыроо, мукактануу жоголуп, өзү да жалтанбай, сөздөрүндө да маани байланыштар пайда болуп келатат. Адеп жаныма келгендеги аландаган көзү чарасына кайра чөгүп, кирпиктерине жашынып, бетиндеги түктөйгөн түгү жапырылып дидаары уламдан улам оңолууда. Мен анын атынан чакырып Никодимович дегениме төбөсү көккө жеткендей кубанды. Бул өмүрүндө ушундай жылуу тең ата кайрылышты биринчи жолу угуп атпасын?

– Үйүңөрдө атаң экөөңөрдөн башка жан жокпу?

– Энемден эки бала калганбыз: мен, менден 3 жаш улуу эжем бар эле.

– Эмне үчүн «бар эле», азыр жокпу?

– Энем өлгөндөн эки жыл өткөндөн кийин атам экинчи аялга үйлөнгөн. Ошол өгөй энем үйгө келгени эжем экөөбүз үчүн тирүүнүн тозогу болду,– бир аз тартынып, өгөй энеси жанына келип калган немеден бетер эки жагын элеңдеп карап, анан үнүн басаңыраак чыгарып,– жолдош капитан, кечириңиз, мен нормальный эле бала болчумун. Бир жыл өткөндөн кийин үйгө батырбай эжемди кубалап жиберди. Айлыбызда ар кимдин үй оокатын жасап, жаш балдарын көтөрүп бир-эки жылдай сандалып жүргөн кезинде энемдин сиңдиси – таяжем келип, кайдадыр бир алыс жакка алып кеткен. Ошондон бери анын кайда экенин билбейм. Мени да алып кетем дегенде атам бербей койгон.

– Атаң силерди өгөй энеңерден коргой албай койдубу?

– Атам жакшы, ак көңүл киши болучу. Колхоздун трактористи эле. Жайы-кышы жумуштан колу бошочу

эмес. Биз аны күн батканда эле көрүчүбүз. Эртең менен турганыбызда ал бизден мурда кызматына кетип калганын билчүбүз. Өгөй энем колго арак тартычу. Үйдө арак дайым бар боло турган. Айылдагылар да сатып алып турушчу. Жумуштан чарчап келген атам, тамак алдында дайым арак ичүүчү. Өгөй энем ал канча ичем десе аябай бере берүүчү. Анан атам тамак ичип бүткүчө мас болуп алып, ырдап, бизди өпкүлөп, кээде ыйлачу. Андан башка эчтеке айтчу эмес, биз да эжем экөөбүз ага датыбызды айта алуучу эмеспиз...– Суслов байкуштун көптөн бери ичинде кайнап, тешик таба албай тиреп жүргөн бугуна, кылы өтө чыйралып тие албай турган муңуна менин мамилем себепкер болду көрүнөт, каңырыгы түтөп, көзүнүн жашын тыя албай чубуртуп, эми өзү ким экенин жана кайда отурганын унутуп тынбай сүйлөй берди:

– Кокус оозубуздан кыпындай эле нааразы сөз чыкса, эртеси өгөй энем бизди жеп таштачу.

– Болду эми, солдат деген кайраттуу болот. Сага окшоп чимкиригин тарта албай бырылдагандар менен Гитлерди кантип жеңебиз, Борис! Өгөй энең төрөбөгөн аялбы? – Менин сөздөрүмө Суслов бир аз чыйрала түшүп:

– Өзү ээрчите келген, мени менен жашташ бир эркеги бар. Атам менен бирге жашагандан бери эки кыз төрөдү.– Катуу чимкиринип, жеңи менен көзүнүн жашын, мурдун сүрттү.

– Анан эмне, силерди батырбаган жинди аял го?– Сусловго анча тиешеси жок күдүк суроомду өзүмө өзүм берип күңкүлдөдүм.– Атаңды эмне үчүн «болгон» деп айтып жатасың? Ал азыр кайда?

– Жолдош начальник, ал азыр жок. Кырк биринчи жылы күзүндө эле Маскөөнүн алдындагы кыргында каза болгон. Согуш чыккандын эртеси эле армияга алынган. Айлыбыздагы трактористтердин баарысы бир күндө кетишкен.

– Танкеге отургузушкан го?

– Билбейм, жолдош капитан. Өлдү деген кара кагазы үйгө келген.

– Сенин ооруң аскерге чейин эле бар беле, же солдат болгонуңдан кийин пайда болдубу?

– Солдатка чейин эле, атам армияга кеткенден кийин, өгөй энем мени үйгө жаткырбай, сарайга кууп чыкканда, уй-чочколор менен аралаш жатып жүргөнүмдө, суук тийип ооруп калдым.

– Мектепте окудуң беле?

– Окугам. Үчүнчү класска чейин жакшы окуп «беш» деген бааларды да алып жүрдүм. Мектебибиз экинчи кыштакта эле. Бир күнү мектептен келатып өгөй энемдин баласы экөөбүз китеп талаша кетип урушканда ал мени таш менен башка урду. Биздин кыштактык бир аял, жолдон өтүп баратып менин жолдо жатканымды көрүп, аркасына көтөрүп, үйгө алып келиптир. Көзүмдү ачсам, үйдө жатам. Өгөй энем менин жанымда экен. Башка киши жок. Биринчи эле анын айткан сөзү: «сен бир тууганыңдын таш менен урганын эч кимге айтпа. Бирөө сурап калса, тайгаланып жыгылып башым ташка тийди» деп кой. Кокус «урду» деген сөз оозуңдан чыкса, өзүм сени өлтүрүп коём» деп, мени коркутуп салды. Мен эжеме да, атама да чынын айтканым жок. Башымдын оорусунан үч ай мектепке барбай калдым. Анан барып окуй албай койдум. Ошол бойдон мектепти таштадым:

– Анан эмне кылып жүрдүң?

– Атам жанына алып, өзүнө жардамчы кылууга үйрөттү эле, трактордун тетиктерин билбей, билгендерди кайра унутуп, эки жылдай убара тарттым. Анан атам колхоздун уйларын багууга орноштуруп койду. Армияга алгыча музоо, торпокторду кайтарып жүрдүм.

– Ооруңду көрүп туруп кантип армияга алды? Айтканыңдын эби келишпей атат, эмнегедир.

– Жок, жолдош начальник 1943-жылы, ноябрда өгөй энемдин баласы экөөбүз бир күнү чакырылып, бир күнү

доктордун комиссиясынан өткөнбүз. Аны комиссия жараткан, мени жараксызсың деген. Анан эле эки күндөн кийин мени военкоматка алып кетти, тигини калтырып койду. Өгөй энемдин самагону жарап кетти көрүнөт.

Шордуунун ымандай сырын угуп, зээним кейип, Жээнбек жазган биздин элдеги карөзгөйлүк, паракорлук, бардык эле жерге тарап кеткенине көзүм жетти. Акырында мен аны чөпкө жиберейин деп атам десем, кубанганынан, кантип алкыш айтаарын билбей, бутума жыгылды.

Байкушту араң ордунан тургузуп, даярданууга жөнөттүм.

Экинчи кандидатурага өттүк. Экөөбүз өз ичибизден ойлонуп ар бир солдатты сыдыргыдан өткөрүп атабыз. Мен нээтимде бир солдатка токтолдум, бирок анын фамилиясын айтууга батынбадым. Лейтенанттын оозунан чыгаар бекен деп аярлап аттым эле, капыстан Баранов, менин оюмду көзү менен көргөн немече:

– Нурмагамбетовду жиберсек кандай дейсиз? – деди, Мен кайдигер немеден бетер каңкуулап:

– Кайсы, бая күнү полигондо жарадар болгон аттарды алып келген солдатпы? – дедим.

– Ооба, ошол. Өзү абдан тартиптүү солдат. Сүйлөшө келсен билбегени жок. Беш жылдан бери көрбөгөн согушу калбаптыр. Поляктар менен да согушуптур. Бүт денеси жарааттын тагы. Сиз менен өз тилиңерде сүйлөшүп атпадыңар беле, балким, ал-жайын айткандыр?..

Мен албетте анан эмне дегендерин бул жерде ортого салганым жок, бирок аны такыр билбеген кишиче дагы канкууласам, оркоюп калганы турат. Ошондуктан өзүмдүн кааломду иш жүзүнө ашыруу үчүн, башкараак амалга өттүм. – Туура айтасын Сашка, мен да анын калбыр болгон денесин мончодо көрдүм. Байакушта тамтык калбаптыр. Ошентсе да ал ден соолугуна жалооруп даттанганын укканым жок. Беш жылдан бери өз тилинде сүйлөшпөй куса

болуптур. Мени көргөндө жабыша калбадыбы куурагыр. Ал кыргыз эмес, казак экен, тилибиз абдан бири бирибиздикине жакын, маселен орус менен белорустукундай. Чынымды  айтсам, мен да эки жылдан бери кыргызча, же казакча сөз укпай жүрүп, сагынып калыпмын.

– Жо-жок, жолдош начальник. Мен жөнүндө жаман ойлобоңуз. Мен ал солдаттын денесин көрүп боорум ооруду. Төрт жолу жарадар болуптур. Ошондо да моюбайт. Кайраттуу солдат экен. Анын оорукка суранганын укканым. жок. Ал Сусловдой эмес. Суслов болсо, бактысыз байкуш. Нурмагамбетов тирүү душман менен далай жолу кармашып, жок дегенде төрт жолу мекенибиз үчүн канын төккөн. Сиз, жолдош начальник, сынап жатат деп менден шек санабаңыз. Эгер согушка катышкандын бардыгы Нурмагамбетовчо урушса, душманды небак кууп чыкмакбыз. Убал, сооп деген болуш керек да!

Мен Барановдун чын дили менен айтып атканына көзүм жетти. Ошондо да солдаттын өзүн чакырып, пикирин угуш тартип боюнча керек эле. Нурмагамбетов келгенде өзүнөн сурасак, а дегенде түшүнбөй калды. Анан жай сүйлөп Баранов түшүндүрдү эле солдат мени жылуу көзү менен карап:

– Болуптур, эгер Ата-мекен менден аны кааласа, мен дайым даяр! – деди, орусча. Мен солдаттын акылдуулугуна ичимден абдан ыраазы болдум, ал да баягы күнкү мага айткан зары менин боорумду бураганын түшүнүп, ичинен сүйүнүп, ошондо да солдаттык наркын төмөн түшүрбөй жакшы жооп берди. Бул окшогон ак ниет адам, жанын-тенин аябай согушуп жүрүп, согуштун жок дегенде бир топчусуна да арзыбаганына капа болдум. Эми, Калугада чөп чаап жүргөнүндө согуш бүтсө, буга ким кандай сыйлык бермек эле?!

Буйруктун өзүмө тапшырылган бөлүгүн аткарып Головинге барсам, алар да (начпрод, начОВС, взвод командири) солдаттарын дайындап бүтүшүптүр. Командага

башчы кылып чарба взводунун старшинасын бөлүштүргөндө, старшина кырктан ашып калган биздин түшүнүгүбүз боюнча чал эле. Чалдын сообуна калалы дешкен көрүнөт. Ал байкуш кудуңдап камынып атыптыр. «Буга чейинки согуштан аман калдым. Биз чөп даярдап бүткүчө согуш да бүтөт» деп, ойлоп атса керек. Бирок «Кудай маңдайыңа эмне жазса ошону көрөсүң. Тагдырдан качып кутула албайсың» деген накыл кеп бар эмеспи. Кудая тобо, анын калети жок белем?.. Ал старшина үйүн көрбөй согушта өлдү. Өз учурунда ал жөнүндө да сөз болмок.

Кечке жуук биздин полктун, үч солдат, бир старшинадан турган, чөп даярдоо командасын Бычков армиянын штабына жеткирип кайтты. Ошентип согуш жылдарынын майдандын ооругундагы тынчтык тиричилигинин сарамжалдуу күндөрүнүн бири да аяктады.

**– 5 –**

Биз дагы эле ордубуздан жыла элекпиз. Жай толук күчүнө кирип келет. Кара буудай кылка баш алып, желге ыргалып, күнгө кулпунат. Шалбааларда түркүн чөп гүлдөп, канаттуу каскактарды чакырып күлүңдөйт. Жапайы аары, бал аары, ак көчүк, сыятүс килейген түктүү аарылар, чымындар, көпөлөктөр гүлдөн көп. Бытпылдыктаган бөдөнөлөрдүн үндөрү басылып, эми таң аткыча тартардын таркылдагы кулагыңдын кужурун алат. Баягы Чистов сокосун кармаган айдоо аянтында картөшкөнүн сабактары дүкүйүп, топурагын бүт жашырган кочкул жашыл жалбырактары жамгырдын тамчыларын түбүнө түз өткөрбөй чогултуп, сабагы ылдый чубуртуп тамырын сугарууда. Үй ээси небересин ээрчитип эки жолу келип отогондон кийин, биздин солдаттар бүт аянтты шефке алышып, аларды алыстан келтирип убара кылбай, өздөрү отоп өстүрүүгө убада беришкен. Азыр ал аянтта бир тал отоо чөп жок. Бул бүт бойдон Чистовдун көзөмөлүндө.

Аймакта аскер аттарынан башка мал жок болгондуктан, жайыттардын чөптөрүнөн буралып баса албайсың. Асман да өзүбүздүкү. Кечээки немистердин бир «рамасы»[1] биз жакка өтүп, үстүбүзгө айланайын дегиче болбой, күзөтчү кыргынчылар экөө эки жагынан камап аткылап түшүрдү. Кара түтүнү артынан бурулдап, асманда туруштук бере албай, биздин түштүк тараптагы алыскы токойго барып тумшугу менен сайылганын көрдүк.

Жерде жолдун баарысы бош эмес. Ары өткөн, бери өткөн транспорт кымгуут. Тиричилик күндөгүсүндөй бакылдайт. Жогору жактан баягы күнкү буйруктан башка жаңы кабар жок.күжүрмөндүккө машыгууну кудайдын куттуу күнү куру калбай кайталап атып, солдат турмак офицерлердин да көкөйүнө тийди. Гезиттеги кабарларга караганда башка фронттордо деле кышындагыдай, жазындагыдай ири ийгиликтер көзгө урунбайт. Бардык жерлерде эле «бои местного значения»[2]. Биздин согуштун жабык казанынын буусу чыгып, дымып калган немедей. Союздаштардын согушканына аз эле күн болсо да, ийгиликтери зор. Парижге жакындап келатышат.

Эмне үчүн биз кыймылдабайбыз? Жарак-жабдык, шайман деген немени көптүгү жолуңду бууйт. Буларды керекке жаратпай сүрсүтөбүзбү? Ушинтип эле жер безип, талаада каңгып жүрө беребизби? Эмне үчүн? Эмне үчүн?» деген суроолор офицерлердин гана арасында эмес, көптөн бери согушта жүргөн солдаттардын да жүрөгүн өйүтүп санааркатууда. Штабдын начальнигинен, кээде Несговоровдон «эмне жаңылык бар?» деп сурасак, ийиндерин куушуруп коюшат. Бир сапар полк командиринен четин чыгарып сурасам: «Ар жемиштин бышаар күнү бар» деп, күлүмсүрөп, тамсил менен туюк жооп кайтарып тим болду.

---

[1] Немистердин чалгынчы самолёту. Кебетесине карап солдаттар койгон аты (мунун куйругу терезенин, каалганын кашеги түспөлдүү).

[2] Анча арзытпаган согуштар.

Ушинтип кудуң, будөмук, ыргылжың ойлор көңулду күндөлук аракеттерибизге таасирин тийгизе баштады белем? Солдаттар буйругуңду дили менен аткарбастан, кэдде жүр нары кылып коё салчу болду. Узак өрүүндүн терс таасири ачык билинип калды. Кээ бир сабаттуусунган солдаттар Лермонтовдун «Бородиносунун» ашкы куплеттерин айтып: «Биз качан кыймылдайбыз?» дешчү болду.

«Эми качан? Качан?» деп күн санап, саат санап, бир чети убайымдуу бүтүп, бир чети жайдын магдыраткан бейкут күндөрүнүн кыныгын ала калып, ышкоо жагына айланып бараткан кезибизде, тактап айтканда 1944-жылдын 18-июнунда полктун командири подполковник Васильев штабга эки дивизиондун командирин, ооруk боюнча орун басарын, полктун кызмат башчыларын, саясий орган башчыларын чакыртып алып: – Жолдош офицерлер, бүгүн алдыңкы чекке жайгашуучу жерди рекогносцировкага[1] барабыз, – Колундагы саатын карап,– азыр сегизден он жети мүнөт өттү. Саат тогузга дейре камылгаңарды жегиле. Тогуз нөл-нөлдө баарыңарды штабда күтөм. Мен жокто бөлүккө жоопкер кылып, мында саясий орун басарымды калтырам. Суроо барбы? – деди.– Батарея командирлерин да ала барабызбы? – биринчи дивизиондун командири сурап калды.

– Жок, командир гана барат. Баарыбыз бир машинеге батабыз деп, кыска жооп берди Васильев.

Суроо бүттү. Камынууга тарадык. Кырк мүнөт гана мөөнөт берилди. Күткөн убакытыбыз келген окшойт?..

Менин кабарым Барановго чоң таасир берди. Күтпөптүр. Полк эки айдан бери согушка даярданып атканы менен, майдан алдыңкы чегинен алыс, замбиректин табышы угулбаган тынчтык, бейкутчулук өкүм сүргөн аймакта жашап, ыкымын ала калсак керек, анын үстүнө өгүнкү буйрук боюнча чөп даярдоого солдаттарды

[1] Рекогносцировка – жер чалуу, чалгындоо, жерине барып сыноо.

оорукка жибергенибиз, канткен менен психикабызга өз таасирин тийгизген көрүнөт?.. Аскер дыкаттыгы эндейлик менен кошуна болуп бараткан белем?.. Мурда күнүгө болбосо да, күн алыс «Эми качан? ушинтип эле же ары эмес, же бери эмес жата беребизби?» деп, наалып калуучу лейтенантым кабарды укканда шаштысы кетип: «чын элеби? Сайран күндөр бүткөн экен да!» деген сөздөр чыгып кеткенин өзү да байкабай калды. Мен ага маселе талкуулашууга убакыттын жоктугун, кайтып келгенимче лазаретти жолго чыгууга даярдоону буюруп, бизди күтүп аткан машинеге келип кузовго чыктым. Болжошкон убакка алдыңкы чекке баруучу офицерлердин баарысы келип, подполковник саатын карап кабинага киргенде «студобеккер» күркүрөп, жолго чыктык.

Биз турган кыштактан майдандын алдынкы чегине чейин түз сызык боюнча 28км. Бирок биз майдандын кайсы участогуна жана кандай жолдор менен бараарыбызды полктун командири жана штабдын начальниги экөө гана билишет. Таш төшөлгөн даңгыр кара жолдор жокко эсе. Баары кыштак аралык чыйырлар. Аскер унаасы, техникасы каршы-терши басып отуруп кеңейткен, жердин кыртышын жанчып, жол таманынын топурагын ийлеп, буртулдаган тозоңго айланткан. Машине жүргөндө артынан буруксуган чаң чубалжыйт. Токтой калганда кузовду каптайт. Коолордун таманындагы кара суулардан, саздактардан тыгылбай-сыгылбай оңой өтө албайсың. Машине турмак арабаларды түрткүлөп, дөңгөлөктөрүнө жыгач төшөп араң өтөсүң. Деле Россиянын мен басып өткөн аймактарынан жакшылыктуу жол көрө албадым. Башка жерлерине караганда Смоленски облусунун жолдору (саздары, токойлору аздыгынанбы?) дагы түзүгүрөөк.

Мына ушундай жолдорду машине менен басып, майдандын алдыңкы чегине келатабыз. Жолдордо аскердин көчүнөн, киресинен чоло жок, ылдам жүрө албайсың.

Кээде колонналарга жол берип токтосоң, кээ бир коолордун кашаттарында кечүүдөн кезек күтүп туруугa мажбурбуз. Биз болжогон убакыттан кечигип жаткандайбыз. Чекке карай түз багыт албай, кыштактан кыштакка урунуп-беринип отуруп, бир чакан токойдон өттүк. Узак жолду кыскартуу үчүн офицерлер биринен сала бири күлкүлүү калжыңдарды айтып келүүдө. Кээ бирөөлөр ичинен убайым жеп, сары санаа болуп келатканы да саруулaнган өңдөрүнөн байкалат. Ошенткен менен көпчүлүгү бүгүнкү сапарыбызды кубаттап, шаңдуу.

Эки сааттан ашык убакыт жүргөндөн кийин көзүбүзгө тааныш жерлер уруна баштады. Былтыр күзүндө ушул кыштактарды душмандан бошотконбуз. Мындан көп алыс эмес алдыга жылып токтогон элек. Мына Ляды кыштагы. Согуштун дүбүртү да даана жакындап угула баштады. Душмандын замбиректеринин дүрмөттөрүнүн жарылган табыштары тыяктан-быяктан анда-санда угулат. Кыштактан обочороок буткулдарда бугуп турган биздин замбирек-миномёттер, түрлүү техника.

Лядыны көргөндө күзүндөгүлөр эске түштү.

...Душмандын айбаты күчөгөндөн күчөп жасаган чабуулубуздан көп натыйжа чыкпай, төрт-беш кыштакты бошоткондон кийин, коргонууга мажбур болуп, аскерлер жер казып, бекинүүгө өткөнүбүзгө экинчи күн. Мен лазаретимди жайгаштырып бүтүп, жарадар болгон аттарды дарылоого жумшалган дарылардын, таңуулардын ордун толтуруу үчүн шашып, ооруктагы армиялык ветскладка Чистовдун арабасын айдатып келаттым эле. Мурдагы күнү биз бошоткон бул кыштакты аралап өтүп бaратканда Күн чыгыш жагында чогулган бир топ эл көзүмө урунду. Алар жолдун боюнда болгондуктан, кайчы өтө албай, жанына келсек, айылдыктар окшойт, арасында аскерлер да жүрүшөт. Эки солдат, бир элеттик зымкарагайдан эки түркүк орнотуп, учтарына туурасынан устун аштап атышат. Котологон эл ооздорун ачып, тигилердин жасап

атканын телмирип карашат. Алардан бир аз обочороок эски ЗИС-5 машиненин үстүндө автоматчан эки солдат үч гражданскийди ортого алышкан, булардын колдору артына байланган. Жандарынан өтүп баратып четки бирөөнөн «эмнеге чогулдуңар?» деп, сурасам: «көрүп атпайсыңбы!» деп бурулуп кеткен. Менин суроомду уккан дагы бирөө атайын мага бурулуп: «тетиги машинедегилерди асабыз! Алар чыккынчылар, ортодогу сакалчан неме ушул кыштактын старостасы эки жагындагылар полицайлар[1]. Кызыксаң, жолдош капитан, бир аз күт – көрөсүң, сволочтордун кантип жаны чыгаарын...» дегенде, Чистовго колумду жаңсап, «Кеттик!» дегеним эсимде. Киши турмак, мал союп атканда жанына чыдап туруш кыйын! Кайра келатканда үчөөнүн тең асылып, салбырап желге теңселип турганын алыстан эле көрүп, жолдон чыгып, алардан окчундап өткөн элек.

Мен өз оюм менен былтыркыга кетип калган экенмин. Машине тык токтогондо ордуман копшолуп эсиме келип карасам, алдыда бир солдат желегин булгалап токтотуп атыптыр...

– Мындан ары машине менен жүрүүгө улуксат жок! Жол немистердин замбирегинин кароолунда,– деди тиги солдат.

Баарыбыз машинеден түшүп, кыштактын батыш жак чыга беришиндеги жертөлөгө жакындаганыбызда, бир офицер утурлап тосуп чыкты. Подполковниктин документин көрүп, баарыбызды алдыңкы чекти карай ээрчитип жөнөдү. Өзү кандим болгон офицер бизди далда чубатма жол менен быткылдын аң-чөнөктөрүн, чыбырдын жыбыттарын аралатып, дөңдү айлантып, кемерди бойлотуп, бирде жүгүртүп, бирде боорубуз менен сойлотуп, траншеяда бүкүрөйтүп жөргөлөтүп отуруп, жөө аскерлер полкунун команда пункутуна жеткирди. Ал

[1] Полицай – фашисттер койгон полиция, жазалоочу органдын өкүлү.

бир дөбөгө жайгашыптыр. Дөбөнүн оорук жак бооруна эшиктерин чыгышты каратып казган бир нече жертөлө биринен бири көп алыс эмес жайгашкан экен. Траншея дөбөнүн оң капталынан өтүп, түз эле алдыңкы, чекти коргоп турган аскерлердин траншеясына туташкан. КПга бурулган айрыгы жок. Душман шектенбесин деген го?..

Жертөлөлөрдүн үстүндө көк чөп ыргалат. Жанына жакын келип, үңкүрдүн оозундагы эшикти көрмөйүнчө ал жерде жертөлө бар деп оюңа келгидей эмес.

Жөө аскерлер полкунун командири биздин полктун командирин өзүнүн жертөлөсүнө чакыртып, калгандарыбызды кабыл алган жок. Бизди ээрчитип келген офицер бизди кайта траншеяга ээрчитип барып, бурулуштагы ыктоого жайгаштырды. Бул азамат өзүнө бекитилген аймактын кумурскасынын изинен, коңузунун ийининен өөдө билет окшойт?.. Айтор, же кокусунан тушма-туш келдиби, же дайым убакытка өлчөп, убакытты бaрктаган немистердин күндөлүк маалы болдубу, же болбосо, бизден шек алып калганбы айтор, биз траншеяга жайгашаарыбыз менен эки замбирек дүрмөтү бизден алыс эмес жерге түшүп жарылды. Эки айча кулак-жаныбыз тынчып бейкуттуктун кыныгын ала калган экенбиз, капыстан кулагыбыздын тарсылдагын жарган бул табыштарга селдейип, эсибиз кайра ордуна келгиче болбой дабырттатып сабалап жибергенде ар кимибиз өз жаныбызды коргоп, траншеянын таманына жата калдык. Канчага созулганын ким билет, бир маалда лып басылды. Кулак чуулдап, баш каңгырап эс-учумду жакшылыктуу жыя албай зеңгиреп, бир оокумда көзүмдү ачып, айланамды карасам, кээси былк этпей жатат, кээси башын көтөрүп силкинип-кагынып атат. Кээ бирөөлөр ордунан туруп, бөкчөйүп жанындагыларына бирдеме дегенсийт. Мен да башымды көтөрсөм, жанымда Бычков бир колу менен жер таянып өөдө туруп баратып мага бурулуп, менин тирүү экенимди көрүп, мага бирдемелерди айтып атат.

Мен анын кыбыраган эриндерин көрөм, бирок кулактын чуусунан сөздөрү угулбайт. Сол жагымды карасам Салманов сулкуят. Денем аман-соо экенине көзүм жетип мен да ордуман туруп үстү-башымды күбүндүм. Салманов да теңдеп тура баштады. Дидаары сарууланган, муруту бириндеп кеткен, бирок жарадар эместей. Айланамда баарыбыз эле аман окшойбуз, начхим эле көрүнбөйт. Ал жолдошубузду издеп, траншеянын таманын сыдыра карап, имерилишине жеткенимде, ары жакта анын суналып жаткан денеси көрүндү. Майып болгонбу кайран жигит деп, жанына жөргөлөп келсем – аман, көзү ачык. Мени көрө коюп сүйүнүп мага жылмайды. Тур, эмне жатасың?» десем, жылмайган бойдон жооп кайтарбай шалдаят? Эки колдон алып, өөдө тартсам, колдору камтууга жарайт, отургузсам – ооруксунбай түзүк эле отурду, бирок унчукпайт. Айланасын карасам, андан 3–4 метрче алыс, траншеянын кырына бир дүрмөт жарылыптыр, ураган топурагы начхимдин бир бутун басып калыптыр, казган аңына караганда чоң калибрдүү замбирек болсо керек. Аңгыча болбой, Бычков жардамга келип, топурактын астынан бутун сууруп алды эле аман экен. Экөө дайым бирин бири катуу, ачуу тамашалашчу эле, бул сапар Бычков тигинин соо экенин көрүп, орустун кадимки майлуу, мурчтуу сөздөрү менен сөгүп кирди. Бирок начхим кадимкисиндей жооп кайтарган жок, ыржыйып гана унчукпайт. Муну Бычков экөөбүз эки колтуктан жөлөп тургуздук. Жетелеп алып келип, арабызга отургузуп атканда баягы офицер келип:– Кечирип койгула, биздин «достор» жаңы коноктorун ушундай тосмой адаты бар. Эчтеке эмес, буюрса аларды «көчүрүүгө» аз эле калды – деп, биздин ден соолуктарыбыздан кабар алып, өзү бул аймакта эрте жаздан бери – ушул полктун штабында байланыш офицери болуп иштээрин, «бул аймактын ар бир сантиметринен бери билемин» деп көтөрүлүп сүйлөп, душман тарапка колун серпип.– Те-е-тиги жалгыз түп

даракты көрүп турасыңарбы? И-и-и, ошондон оң тарапка көзүңөрдү жылдырып отурсаңар, мунарыктаган быткылда билинээр-билинбес бүлбүлдөгөн бир куйкумсары так учурайт. Көрдүңөрбү? Ошол жерде булардын ордосу бар. А алдыдагы дүкүйгөн кара бактуу айыл азыр Романово делет, мурда Ленино болучу. Немистин колуна өткөндөн кийин революциядан мурдагы атын кайра коюшуптур, а сол жагындагы кичирээк кыштак Баево деген. Буларда анчейин коркунучтуу куралдар деле жок. Немис акмак эмес, стратегиялык куралдарын буталуу жерге жайгаштыргандай. Шайтандан да амалдуу. Ошол айылдардын бери жагында булардын эки коргонуу траншеясы жатат. Амалкөй шайтандар түнкүсүн биринчи траншеясынын орчундуу жерлеринде ДЗОТторго дежурный пулеметчуларын гана жана бирин-серин автоматчандарын калтырып, негизги күчүн күүгүмдө экинчи траншеясына алып кетип, тынч эс алдырып, анан үрүң-баранда жашыруун каттоочу чуңкур жолдор менен чубатып кайра биринчи траншеясына алып келишет экен. Биз анысын билбей: «жок дегенде тынчын алалы» деп, түнкүсүн бош траншеяны пулемет жана артиллериялык куралдар менен курулай аткылай берип, ок-дарыларыбызды бөөдө сарп кылып жүрүптүрбүз. Амалын тапкандан кийин биз да желмогуздарды оң кылганыбыз жок. Түнкүсүн экинчи, күндүзгүсүн биринчи траншеяларын аткылап, айласын кетирүүчү болдук... Булардын адаттарын үйрөндүк. Эми кечке дейре эс алат...

Офицердин «лекциясы» бүткүчө биздин полк командири да жертөлөдөн чыгып, бизге кошулду. Тигил офицер коштошуп КПда калды. Начхим жеңил контузия болуптур. Кулагы гана укпайт. Алты саны аман, баскан-турганы тың таштабай кошо ээрчитип, кайта келген жолубузга түштүк. Траншеялар бүткөндөн кийин подполковник башка жолго салып олтуруп, былтыр күзүндө жайгашкан жерибизге алып келди. Биздин батареялар турган жерде

башкалар турушат экен. Булардын командирине жолугуп дивизиондорубуздун командирлерин жана начхимди (жолдо кыйналбас үчүн) таштадык. Ал жерден жарым километрче артта полкубуздун экинчи эшелону жайгашкан эски тааныш жерибизге келдик. Түндүктөн түштүктү карай ийри-буйру чубалган кең too. Таманында жыш өскөн кырчын, жаш кара терек аралаш. Алардын түбүн жайпай жылжып аккан кара суунун жээктери саздак. Коонун душмандан далда кашатына казган жертөлөлөрүбүз, жеркепелерибиздин баарысы бош эмес. Аткычтар полкунун экинчи эшелону ээлептир. Алардын ара-чолосунда бош калган жерлерди, командирибиздин буйругу боюнча ар кайсы бөлүкчөбүз энчиледик. Менин жаныма санчасть орношмок болду. Анын начальниги медицина кызматынын капитаны Салманов жаңы, жана орус тилин начар билгендиктен, ага көзөмөл болуп, жардам көрсөтүп жүрүүнү подполковник мага тапшырган.

Жердин ой-чуңкуру, топурагынын катуу-жумшагы баарысы бизге маалым. Былтыр 14 өктөбүрдө поляктардын Таде-уш Костюшко атындагы дивизиясы ушул жерден немистерге чабуул жасаганда да биздин полк аны такоолдогон. Немистер, чабуул жасап аткан поляктар экенин билгенден кийин, жанын сабап, контратакага өтүшүп эки күн, эки түн катуу кыргын болгон. Ошол урушта полкубуздун командири подполковник Антоненко окко учуп, анын ордуна жаңы эле командирликке келген полковник Шагимарданов оор жарадар болуп, биз – ооруктун начальниктери ал кишини көрбөй да калганбыз. Поляктардын кесепетинен биздин экинчи эшелон турган жерди да, немистер артчабуул жасап, катуу бомбулап көп чыгым болгонбуз. Жакын жерде токой жок болгондуктан, «жеркепе», «жертөлө» дегендердин аты эле болбосо, өздөрү үстү брезент менен жабылган чуңкурлар болучу. Ошондо таамай тийген дүрмөттөрдөн, таамай түшкөн бомбулардан кырк эки ат, жети солдат,

чарба взводунун командири, санчасттын бир санитары, полктун комсоргу, Головиндин бесири зыян болушкан. Жарадар болуп госпиталга жөнөтүлгөндөрү канча? Биздин штурмовиктердин, танкелердин күчү менен немистерди араң токтотконбуз. Поляктардын калгандарын бат эле алдыңкы чектен алып кетишкен эле. Дивизиондорубузда чыгым көп болгон.

Бир сөз менен айтканда, бул жер – кандуу жер эле, эми кудай эле өзү сактасын!

Жерибизди белгилеп, ал жерге ээлик болуп алган аскер башчыларына коңшу болоорубузду билдирип, аларга табыштап, болжошкон жерде күтүп турган машинебизге жетип, кечке жуук кошуунубузга келдик. Тамактан кийин үйгө бир-эки ооз сөз менен амандыгымды билдирүү үчүн кат жазууга араң үлгүрдүм. Убакыт тыкыр болгондуктан, тамактангандан соң, штабдын түзгөн графиги боюнча атунаалар бүгүн 18.06.1944-ж. саат 19.00 дө, автоунаалуулар эртең 19.06.1944-ж. 24.00 дө позицияга жөнөмөк болдук. Биз күүгүм талаш жолго чыктык. Эреже боюнча колоннаны биринчи дивизион баштады. Биринчи дивизиондун командири позицияда, батареяларынын командирлерин жана ооруk боюнча орун басарын өз карамагына алып калгандыктан, подполковник буйругу менен бүтүндөй колоннанын башына мени, мага жардамчы Бычковду дайындады. Жол жүрүүгө эки түн мөөнөт берилди. Көзгө сайса көрүнгүс караңгыда ары урунуп, бери урунуп, сурамжылап жол таап, экинчи түнү таң өөк салганда болжолдуу жерибизге жеттик.

Сапарда жеке эле биз эмес, бизден башка полктордун, дивизиялардын сансыз самсыган көчтөрү жол талашып убара болдук. Бир жолу адашып барып оңолдук. Картаны караш үчүн плащ-палатканы чүмкөнүп батареялуу чыракты жандырасың. Анын бүлбүлдөгөн шооласы картаны жарытылуу жарык кыла албайт. Анан калса Смоленский облусунун биз жүргөн аймагында аттары уйкаш кыштак-

тар эң көп эле. Жалаң эле Будасы канча? Верхняя Буда, Нижняя Буда, Буда-Ольховка, Буда монастырская, Буда болотная, Буда... Буда... башың адашат! Чалараак угуп, же картадан чала окуп калсаң, баруучу кыштакка эмес, башка Будага кабыласың. Ар бир кыштактын кире жана чыга бериштерине жол тейлөөчү солдаттарды, айрыкча кыздарды жакшы эле инструктаждан өткөрүп коюшса да, жолоочулардын көпчүлүгүнөн баштары адашып суй жыгылышат. Жол көрсөткүч такталар жок. Позицияга жашыруун топтолууну камсыз кылуу үчүн күндүз жолдордо котолошуп чубап жүрүүгө кербендерге, жолоочуларга тыюу салынган.

Биздин алдыбызда жаңы эле келген автоунаачан жарымыбыз жүктөрүн түшүрүп болоюн деп коюптур. Полктун командири, анын саясий орун басары штабдын начальниги бүт штаб кызматкерлери батарея командирлери, майор Головин, начарт, начфин, начпрод бизди күтүп атышыптыр. Дивизиондордун командирлери, начхим да бул жерде экен. Кулагы жакшы угуп тыңып калыптыр. Мен подполковникке кошуунду жаңы позицияга аман-эсен кырсыксыз жеткиргеним жөнүндө рапортумду бердим. Подполковник бизге тезирээк жайгашууну, маскировканын эрежесин катуу тутууну буюруп ишибизге ийгилик каалап, штабы менен КПга жөнөп кетти. Алардын артынан дивизиондордун, батарея командирлерин ээрчитип күжүрмөн позициясына дивизион командирлери жол тартты. Начхим Бычков досун ээрчип, чарба взводун көздөй басты. Баарысы Головиндин жетекчилиги астында аракеттенүүдө. Головин бөлүкчөлөр орношуучу жерлерди белгилөөгө үлгүрүптүр. Бейкутчулукта кенебестикке көнө калган көңүл, жаңы жер, жаңы шартка жолугаары менен кайра чыйралып, күжүрмөндүк абал эски жоокерлерди кайра мурдагы калыбына бат эле келтирди. Толуктоого жаңы келгендер замбирек, пулемёттордун табышын жакындан угуп,

уруштун дүбүртүнө өздөрү кошо аралаша баштагандан тартып, кокондогондору басылып, элеңдешип, дасыган жоокерлерди ээрчип, алар эмне жасаса, булар да аларды туурап, айттырбай эмгектенүүдө.

Медик Салманов урушка түшүп көрбөгөн неме экен. Тиги артчабуулга кабылганга, анын үстүнө эки түн удаа жол басканга ындыны өчүп саруулап шапайып арыктай түшүптүр. Жүгүн түшүргөндөн кийин, эмне кылаарын билбей шалдайып отуруп калыптыр. Анын фельдшери лейтенант Иван Сергеевич Кондрашов менин лейтенантым Александр Михайлович Баранов экөө бул полкто көптөн бери бирге. Экөөнүн ылымы жакын, биздин коллективде өз кишибиздей неме эле. Согушта башы бышып тажрыйбасы чоң. Салмановго зээним кейип, Кондрашовду көзүм менен издесем, ал эргул, жүктөрүнөн обочороок барып чылым тартып отурат. Биздин Баранов, Посохов экөө солдаттарды башкарып, жер казышып бака-шака. Кондрашов анда-санда Салмановго «кантээр экен» дегенсип, арам көзү менен карап, мыскыл тыржыйып, мурдун чүйүрүп коёт. Мен андан мындай арамдыкты күткөн эмесмин. Жиним кайнап, туталанып, анын наамын, фамилиясын айтып үнүмдү катуу чыгарып чакырсам, менден мындайды күтпөсө керек, ыргып туруп, жаныма чуркап келди.– Кто Вы, военфельдшер Красной Армии или американский наблюдатель?[1] – Кечирип коюңуз, жолдош капитан. Мен... тим эле... чылым тартууга олтура калдым эле. Азыр-азыр, жолдош капитан...– арабасындагы күрөгүн ала чуркап шаштысы кетти. Аны көрүп санитары да ишке киришти. Арабакечи аттарын байлаштырып, буларга келип кошулду. Салманов мага ыраазычылыгын билдирип, Кондрашов тоотпой жүргөндүгүн даттанды. Мен анын көңүлүн улап, кызмат бүткөндө жай, шашпай сүйлөшөбүз деп, өз коллективимди

[1] Сиз кимсиз? Кызыл Армиянын аскер фельдшерисизби, же америкалык сынчысызбы?

карай басып кеттим. Ал Таня (Татьяна) аттуу санитар кызын: «Танка!» деп чакырып, эмеректерин, дары-дармектерин экөөлөп салыштыра башташты.

Менин Ефимим мен үйрөткөн кемегесин казып, жан казанын асып арабасына сала келген отундарына таңкы тамакты жасап атат. Эреже боюнча биринчи аңды кишилер үчүн, андан кийинкилерин унаа, техника, ок-дары, тамак-аш, атайын буюмдар үчүн казыш керегин Баранов менен Посохов беш колундай билишет. Бул жердин топурагы таштуу болбогону менен карападай катуу. Күрөк бою кыртышты оңой алгандан кийин, экинчи катмары биринчисинен, үчүнчүсү экинчисинен катуураак болуп жүрүп отурат. Бел ортого чейин тереңдегенден кийин күрөктүн мизи ташка такалгансып, өтпөй ломду керектөөгө туура келет.

Деги эле Ата Мекен согушуна катышып, Европаны аралагандардын арасында орустун ата конушунун жерлеринин катуу-жумшактыгын билбегендер жок чыгаар?! Жер казуу жакшы эле көкөйгө тийди го! Ошол жерлер канчалардын сөөгүнө түбөлүк жай болду, канчалардын канын сорду?!

Ар азапка көнгөн, ар тозокко бышкан, ар ишке машыккан, анын үстүнө, эки ай бейкуттукта жай алып жаны семирген жоокерлер жер азабын бат эле жеңип, түшкө дейре бардык оокатты жайгаштырып бүтүштү.

Санчастка да кол кабыш кылышып, Салмановду чоң түйшүктөн оңой чыгарышты. Жашынпактын шеги билинбес үчүн бош топуракты сууга төгүшүп, аңдардын үстүнө жашырма торлорду тартышып, самолеттон байкалбагандай кылып калкалашты, азаматтар! Кырчындарды кыйып, жатаар жерибизге төшөп да коюшту.

Ошентип, Улуу Ата Мекен согушунун бир күнүнүн, алдыңкы чектен үч километр артындагы сарамжалдуу күнүнүн – 20 июндун кечи да жакындап келатат. Алдыңкы жактан кооптуу табыштар деле байкалбайт.

Кадимки эле жалгыз жарым замбирек табышы, анда-санда жалгыз аяк пулемёттун тыртылдаганы биздин бейкутчулук күндөрүбүздүн бүткөнүн эскерткенсийт. Биз үстүнө келип конгон кошуналар менен тааныштык. 49-армиянын аткычтар дивизиясынын бир жөө аскерлер полкунун экинчи эшелонунун чарбалары экен. «Кыштан бери ушул жерде коргонууда турабыз. Тажап кеттик» дешти. Аттарыбызды үч аңга бөлүштүрүп, күндүзгү чаап келген чөптөр менен камсыз кылып, кечки тамакты эртерээк ичип күн батаары менен постуларды коюп, от жагууга, чырак жандырууга тыюу салып жата кеттик. Жаңы жерибизде түнкүсүн тынч өткөнү менен, эки түндүк жол убарасын тартып чарчаганыбызга карабай, жакшылыктуу уктай албадык. Демейде башы жерге тиери менен коңурукка кетүүчү Баранов да, көпкө дейре ары оонап, бери оонайт. Асманда жылдыздар жайнайт. Жаңырганына беш эле күн болгон чолок сары ай, көп созулбай горизонтко жашынды. Ансайын жылдыздар булутсуз асманда бадырайышат. Үстүбүздөгү тор жабуу бизди күндүз самолеттордон жашырганы менен, түнкүсүн бизден асманды жашыра албайт. Мен адатымча түнкүсүн дароо уктай албай, дайыма ойтолгоо менен көпкө алек боло берүүчү элем. Бүгүн эмнегедир, ирээттүү ойлор эске келбей, чубоого учугун таптырбай атат. Билбейм, эмне болду? Согуштун татаал, опурталдуу жолдору менен эки түн бир күжүрмөн кошуунду кокуска учуратпай, алдыңкы чекке жеткирүү милдетин жеке мойнума көтөрүп, мээм чарчап калганбы, же асманда миңдеген шам-жылдыз көл үстүндөгү чыбырчыктардай жымыңдап, аңдын – үстү ачык «жертөлөнүн» супасында жаткан мага ак шооласын жеткирсем деген далалаттарды алагды кылып атабы, билбейм? Жалгыз бир полктун жарымынын көчүн эки эле түн башкарганыма мен ушунча чебеленип, тынчым кетти, а бүтүндөй полкту, дивизияны, армияны, фронтту айлап-жылдап башкарып аткандардын жаны

кандай бек? Эмне деген кайрат? Ал эми бүт чоң өлкөнү зор согуштун бардык фронтун башкарып аткан Сталинде кандай кайрат, кандай жүрөк, кандай баш?

Бир кыйладан бери талаада ачык жатпай жүрүп, асман мага чоочун болуп калган бейм. Бүгүн үстүмө көмкөрүлгөн көк асмандын түнкү ажайыбына суктанып, кана албайм! Бири чоң, бири кичине, бири балбылдак, бири бүлбүлдөк, бири ак, бири сары, бири кызыл жылдыздар! Бириндеген, топтошкон, көгөндөлгөн, желеленген, чубурушкан, кубалашкан, короолошкон, чачырашкан жылдыздар! Кошоктошкон кош жылдыздын маектешкени угулбаган менен кыбыңдашканын бизди, Жердеги макулуктарды, урушпай-чабышпай жашай албай атканыбызды шылдыңдашканынын белгисиндей сезем.

Ка-ап! Астрономия дарсын окубаганыма өкүнөм! Миңдеген жылдыздардын төрт-бешөөнүн атын билсем билем, билбесем жок. Тигине Жетиген. Анын чөмүч башынын четки эки жылдызы аркылуу сызык өткөрүп, өөдөкү учун карасаң – алты-жети шооласы ар тарапка чачыраган Кутпа, кыргыздар Алтын казык дешет. Так төбөңдөгү, аркардын көзүндөй жайнаган, чубашкан үч жылдыз – үч аркар. Азыр жок, таңга маал чыгышта балбылдаган Чолпон. Эмки айда көрүнүүчү топ жылдыз – Үркөр. Мына менин билгендерим. Ал эми, ушул асманга батпай шыкыраган жылдыздардын бардыгынын аты, касиети, жүрө турган жолу бар дешет астрономдор. Ар бир жылдыз өзүнчө Күн, алыстыгынан бизге токойдогу түнкү жалтырак коңуздай кичинекей көрүнөт дешет. Түнкүсүн асман бетине батпаган жылдыздар, күндүн нуру чалганда эрип кеткен немелерче жашынып калышканын карасаң!? Аларды Күндүн нуру басып калаарын билип турсаң да, кубулушу кызык, керемет! Билимден, илимден кабары жок кишилер, элдер мындай кереметке сыйынышы таң калаарлык эмес! Мындай ажайып аалам кайдан келди, кантип жаралды? Жаралдыбы, же дайыма эле, түбөлүк

эле болуп турганбы? Мындай суроону караңгы киши тургай институт бүткөн, философия дарсын окуган мен деле таңыркап кайталагым келет. Бирок муну мен тапкан суроо эмес, акылдуусунуп уят болбоюн. Бул суроо Homo sapiens[1] жаралгандан бери киши өзүнө өзү берип келеткан эски суроо. Буга жооп издеп миңдеген акылман адам башын ооруткан, туюктан жол таба албай, кай бири жинди да болуп кеткен. Бул маңгиликтин суроосу!

Бүгүн ай-талаада, «жертөлө» деген аты эле болбосо, кадимки эле аңдын түбүндө супада жатам. Алдымда согуштун дүбүртү, артымда тынчтыктын кереңи, сол жагымдагы супада Барановдун коңуругу, оң капталымда аңдын керегеси, үстүмдө асман, асманда шыкыраган жылдыз. Мына мен ааламдын ортосунда чалкамдан сулап жатамын. Асмандан көзүмдү айыра албайм, суктануунун шарапаты машыркатып, түнкү салкын жел уйкусуз өткөргөн эки түндөн жана күндүзгү оор кара жумуштан талыкшып, талмоорсуп турган денемди бара-бара чыйралтып сергектене баштадым. Салмактанган башым жеңилдеп, дымыган мээм шоолдап, эске түшкөн ойлор ирээттенип келатат. Жанатадан бери көрүнүшү менен гана суктандырып аткан табигат, эми мааниге ээ боло баштады. Бул маанилерди кепшеп жутуу үчүн институтта уккан дастарымды салаалап санап, окуган китептеримди барактап, кышындагы «жертөлө университетинде» өздөштүргөн «ой китеп» менен салыштырып, жайкы «асман университетинин» биринчи окуу күнүн бүгүн ачып аткандай сезем. Кудай ак жолумду ачып, ийгилигин бере көр!

Эмесе, жанагы эле маңгилик суроону кайталайлы: «Аалам, табигат жаралганбы, же дайым эле болуп турганбы?» тигил асмандагы суктандырган сулуулукту көрүп туруп, кантип эле ушундай сонундар өзүнөн өзү эле, жаралбастан ээн туруп калсын? Булардын архитектору,

[1] Акылы бар киши, адам тукумун ушундай аташат.

сүрөтчүсү, чебер устаты болбой туруп, мынчалык көз жоосун алган коолдук учу жок, түбү жок дүйнөдө өзүнөн өзү чар-жайыт, ар качандан бир качан дайым болгон болсун? Мени институтта канча ишендирип окутса да, буларды көрүп туруп, мурдагы ишеничиме жик кетирбей коё албайм... Эмне үчүн булар асманда бири-бири менен кагылышып кетпей, качан көрсөң бир калыпта, бир тартипте турушат? Маселен Жетигендин ар бир жылдызы турган ордун өз ара өзгөртпөй, аркандап койгон немече, же оп майданын аттарындай. Алтын казыкты айланганы айланган! Эмне үчүн Чолпон күн батканда батыштан көрүнбөй, ар дайым таң алдында чыгыштан жаркырайт?.. Балким астрономия илиминен кабарым жок болгондуктан, бул суроолорум сабаттуу киши үчүн осол угулаар? Булардын баарына ал илим ишенимдүү жооп таап койгондур?... Ошентсе да, менин күмөнүм «ааламдын түзүлүшүнө акыл кантип катышпасын? Мынчалык акылдуу түзүлүш, кантип эле акыл катышпай, акылсыз эле, өзүнөн өзү түзүлсүн? Эгер эч кимсиз, эч нерсесиз өзүнөн өзү эле аалам буюмдары түбөлүк бойдон, эч нерседен жаралбастан дайым даяр болгон болсо, анда кыймыл да болмок эмес, ал дайым даяр болгондуктан, эмне үчүн өзгөрүш керек? Антүүгө эмне кажат? Даяр нерсе дайым ордунда туруш керек да! Бардыгы ар качандан бир качан даяр болсо, аракеттин да кереги жок. Аракет бир буюмду башка буюмга айландыруу үчүн керек да?.. Ал эми баарысы мурунтан бери эле даяр болсо, бир буюмдан экинчисин жасап эмнеге убара болуш керек?.. «Алма быш, оозума түш» болмок. Бирок мен жашаган чындыкта ал жок!

Эгер ойлоо нугун ушул жолго салып жүрүп отурсаң, суроо артынан суроо пайда болуп, аларга алымсынгыдай чын жооп таба албай каңгып, аалам мейкиндигиндеги кайдагы бир кайткыс кереңге кирип кетүүчүдөйсүң... Бул менимче туюк жол болуш керек?!

Эгерде аалам буюмдары, бардык көзгө көрүнгөн, кулакка угулган, колго сезилген, тилге татылган, мурунга жыттанган нерселер «дайым даяр болгон эмес, алар жаралган, жоктон бар болгон: кандайдыр бир кереметтүү, кубаттуу чордонго топтолгон акыл уюткулары, угуттары тарабынан жаратылган» десек, дени соо, түзүк ойлогон киши оңой тушүнөт, бат ынанат. Табигаттын эмнеликтен коoздугун ааламда баарысы тынымсыз эмнеликтен кыймылда болушун, нерседен нерсе эмнеликтен жаралып турушун акылга сыярдык мыйзам деп билмек. Мына, маселен, кардан – суу, суудан – буу, буудан – булут, булуттан – жамгыр, жамгырдан кайра суу, – ушинтип биринен бири жаралып айлана-чөйрөдө тынымсыз айлампа кыймыл! А кыймыл турмуштун мотору! Демек, мындай көрүнүштөр ааламдан тышкары, аны жараткыч, кыймылдаткыч эбегейсиз зор бир кереметтүү кубат бар экенине күбө болуп атпайбы! Демек, биз материалисттер канча танбайлы, баары бир ааламдын, табигаттын өзү Жаратkандын бар экенине күбө болуп атпайбы?! Ал Жаратканды адам коомунун ар кайсы жамааты аң сезиминин өсүү деңгээлине жараша: бир даары көп деп, ар бир кубулуштун, табигый көрүнүштүн өзүнө тийиштүү Жараткычы бар деп келсе, бир даары акыл-эси өөрчүгөн маданияттын, илимдин жогорку деңгээлине жетип, бардык табигый көрүнүштөр, кубулуштар бири бири менен байланыштуу экенин, бирине бири жараша жалпы кыймылдап, биринен бири жаралып турушун чындык менен далилдеп, сырын ачышып, буларга таянышып: «бүткүл ааламды жараткан жалгыз гана Кубат» деп, ал Кубатка: Яхве (эге, Егова, Адонай, Саваофт, Ягве) Бог (творец, Господь, Иисус, Христос), Алла (Кудай, Худо, Теңир, Эгем, Жараткан) деген ат коюшуп, илимий негиз салып монотеизм (бир Кудай) диндерин жаратышкан. Кудай көп деп, тоо-ташка, табигый кубулуштарга сыйынып келгендердин көз караш системасын политеизм дейт. Тарыхий

жагынан алганда политеизмден монотеизм көп эсе жаш.

Адамзат тарыхый дайрасын башынан аягына дейре бойлоп жүрүп отурсаң, коомдордо эс-акыл күчөгөн сайын маданият жогорулап, ал жогорулаган сайын Жараткычтардын саны азайгандан азая берээрин көрөсүң. Азыркы заманда цивилдешкен коомдордо ар кандай диндерге ишенишсе да, негизинен: «ааламдын бир гана Жараткычы – бир гана Кудайы бар» деген корутундуга келип отурушат. Монотеисттик диндер бири биринен Кудай таануу жолдорунун өзгөчөлүгү менен жана ар жолду буйтактабай, бултактабай такыба басып өтүү каадалары менен гана айырмаланат. Бул, менимче жакшы белги. Бул адамзаттын жапайылык доорлордон биротоло кутулуп, акыл-эстүүлүк, маданияттуулук доорго жеткендигинин далили деп билээр элем. Бул далил коомдор аралык пикир келишпестиктин, талаш-тартыштын азайышына өбөлгө болмок. Бүткүл ааламдын буюм-тайым дүнүйөсүнүн жападан жалгыз гана бир Жараткычы бар экенине адамзат макул болуп ынануу, ал Жараткыч – жалгыз гана Кудай деп таануу, жалпы адамзаттын баа жеткис зор ийгилиги. Бирок муну менен адамзат Жер жүзүндөгү кагылыштардан жалпы арыла алдыбы? Жок, албетте! Адамдар дүйнөсүндө акыл-эс жок. Алардын жүрүш-турушун бийлеген жалгыз карын менен үй. Макулуктар жем, суу, жер талашып кырылыша бергенин көрүп атпайбызбы. Адамзат коомунда деле ушул себептер урушка, согушка көп убакытта түрткүнчү болгон, бирок аң-сезим өсүп, Жаратkандын жалгыз экенине акылы жеткенден тартып: ыйман-абийир, убал-сооп, уят-сыйыт, жорук-жосун, ынсап-топук, адеп-тартип окшогон диний окто-жүгөндөр, тизгиндер адамдын напсисин тыйып, Кудайдан ийменүү, коркуу сезимдер аны тамак-аш, турак жай талашуу адаттардан, өнөкөттөрдөн кыйла оолактатты, ошондой болсо да, биротоло арылта алган жок. Арылтуу мүмкүн да болбосо керек? Ал үчүн

адамды тамак ичирбей, кийим кийгизбей коюш керек! Анте аласыңбы?! Анда эмне болмок? – Адамзат кырылмак! Андай болсо, адамга ааламдын кереги эмне? Бирок бул кагылыштардын тиги талаштардан айырмасы чоң. Муну «жашоо үчүн күрөш» дейт. Тигил кагылыштар пикир талашуудан чыккан. Экөөнүн өлчөмү эки башка. Тамак талашуунун чыры көлөм жагынан анчейин, мөөнөт жагынан кыска. Пикир талашуунун көлөмү бүт жер жүзүнө да батпай калышы мүмкүн. Айрыкча кудай таанбаган пикирлерден чыккан талашуу! Мунун мөөнөтү да чексиз болушу ыктымал!.. Келтирген залалдарын да салыштырып болбойт. Биринчи талаш-тартыштар жээрге тамак, ичээрге суу, жашаарга орун жетишээри менен эле тыйылат. А пикир келишпестиктен чыккан чыр өрттүн жалынындай: жолуна туш келгендин баарын кайсап, артында жан калтырбайт. Чымкөңдүн же ташкөмүрдүн чогундай болуп бир жерде өчсө, бир жерде тутанып жалбырттап кете берет. Бүт күйүп бүтмөйүнчө өрт өчпөйт.

Биз жыйырманчы кылымда туулган, жашаган адамдар, шорубуз кайнап, так ушул пикир талашуунун өтө курчуган дооруна туш келип, ошонуп чырына кабылган кезибиз. Биздин чыр адам коомунун ушул күнгө дейре баскан жолундагы учураган чырлардын эң татаалы, эң чоңу, эң ырайымсызы! Себеби бул чырдын түбүндө политеизм менен монотеизмдин чатагы эмес, эки атеисттин пикир келишпестиги жатат. Андай болгондуктан эки кудайсыздын кимисиники туура экенине Кудай калыс болуп отурмак беле?! Булар да аны калыстыкка чакырып аткан жери жок. Ошентсе да, жанына күч келгенде, Сталин Кудайдын атын атабаганы менен арбактарды жардамга чакырбады беле?! Демек, Гитлерге караганда Сталинде ыйман бар экен. Миң кылган менен семинарияда окугандык кылды бейм? Атеисттин оозунан ыймандуу сөздөр чыкканга Жараткандын өзү жибип, Маскөөнү коргоого, душмандын колун талкалоого жардам кылгандыр?! Болбосо, азуусун

айга жанган, курал-жабдыгы, жоо колу бизден эки эсе көп болгон фашисттерди биздин жоокерлер кантип жеңе алат эле?! Билбейм, болочоктогу атеист тарыхчылар Маскөө алдындагы кыргында биздин кызылдардын жеңишине кандай себептерди табышаар экен? Менин ишенимим боюнча ошондо бизди Кудай эле колдоду. Айтмакчы, кышында Дорфман экөөбүздүн жертөлөдөгү бир маегибизде, ошо кыргынга өзү катышкан майор, тирүү күбө катары, ачык эле Кудай колдогонун айткан.

Фашисттик жоокерлердин Маскөө алдында азуусу чагылып, Сталинградда бели мертингенден кийин алардын фюреринин эсине Кудай келип: «Gott mit uns (Кудай биз менен)» деп, бул сөздөрдү жоокерлеринин жеңине куруна тамга кылып бастыра баштады. Ошондо да көпкөн жел өпкө фюрер Кудайдан сурабай, өтүнбөй, Кудай өз менчигинен бетер, солдаттарын «Кудай биз менен» деп ишендирүүгө тырышты. Ефрейтерге[1] баш ийгендей Кудай ага солдат беле?! О, ыймансыз, абийирсиз каапыр! Ушунун өзү эле акылга сыйбаган наадандык, текебердик экенин билет болду бекен? Таң?.. Билсе атеист болот беле? «Немистерден башка элдер-макулук, жерди булгоо үчүн гана бул дүйнөдө жашап жүрүшөт» деп дөөрүмөк беле?

...Асман тынч. Жылдыздар жанагыдан суюла баштады. Кээ бир жерлеринде карарган так пайда болуп калыптыр. Эми эле бадырайып турган Жетиген-сузгунун сап жылдыздарынын экөө жок. Кейпи, булуттар пайда болгон го?! Аба ырайы бузулганы жаткан го? Бузулса бузулсун, былтыркыдай күз эмес, күн жылуу, жай толоюн деп келатат. Айлананын тынчын алган дежурный пулемётчулар эле болбосо, анда-санда такылдаткан, тырылдаткан. Тартарлардын деле табышы угулбайт. Ал жаныбарлар деле согуштун дүбүртүнөн чыдыбыса керек?.. Кечтен бери эки эле жолу немистин асма чырагы көтөрүлдү, үч сапар  бизден бир километрче алдыда

[1] Гитлердин аскердик наамы ефрейтор гана болгон.

замбиректин дүрмөтү жарылды. Биздер тарабынан жооп кайтарган табыш угулбайт, баарысы көчүп кетип, журту эле калгансып жымжырт. Түн сайын убуруп келе берип, маңдайына шыкалып бекинген жоокерлерди, буктурма аңгек-коолорго шыкырап буккан куралдарыбызды душман сезсе, минтип кенебестик кылбайт эле го?.. Же сезсе да бардык фронттордо таяк жеп сестенүүгө чамасы келбей калганбы, же болбосо, каапырдын ойлоп аткан башка жаңы амалы барбы? Ит өлөөрүндө кайышчы дейт, бул шайтандан ар кыл амалды күтүүгө болот!

Биз келген жол жактан алыста машинелердин, арабалардын табыштары кулагына чалдыгат. Кейпи, бизге окшоп самсып позицияга келаткандар болсо керек. Шектүү дүбүрттөр угулбайт. Айлана жымжырт көрүнгөн менен ар бир аңдагы жоокердин ичи уйгу-туйгу. Айрыкча эки айлык өрүүндөн келген биздин жоокердердин жүрөктөрү көкүрөгүн күрсүдөн бетер дүпүлдөтүп уйку бербей жаткандыр. Быякка биз тойго келбегенибизди баарыбыз билебиз. Эртедир-кечтир, баары бир урушка кирээрибизди баарыбыз билген менен Витебскинин жанынан аман чыккандарыбыз өрүүнгө келгенде, калп айткан менен болобу, тирүү калганыбызга кубанып, үйлөрүбүзгө эсен-соолугубузду кабарлап кат жазып, жаныбыз кыйла сергип эле калган. Көңүл семиргенде, пенде эмеспизби, эсирип кесир сүйлөгөндөрүбүз да болгон. Мына эми, ошондо күлсө да, каткырса да, баары бир, жүрөгүндөгү түпөйүл оорусу кай бирлериники бир жаңсыл болоор кезеги келди. Ошону сезип, нурдан күлүк санаа жанатан бери ай-ааламдын абалынан акырына дейре чабыттап, акыл айла издеп, кокус шейит кете турган болсо, денеси менен жаны кошо өлбөгүдөй, ың-жыңы жок кереңге жоголбогудай, Жараткандан ырайым үмүт этип, денесине тыңгылыктуу жай издеп, а эгер Кудай маңдайына тириликти жазса, жанын кыйноого салбоону өтүнүп чарк-көпөлөк айланды да. Минтип уйкусу качкан жалгыз эле мен эместирмин?

Душмандын чегинен эки жарым-үч километр артта жаткан менин жаным ушунча чыйпылдайт, а душман менен бетме-бет тирешип алдыңкы траншеяда жаткан жоокерлердин айласы кантип атат экен?.. Көптөн бери бирин бири аңдышып жаткандар, бир капастагы арстан менен жолборс сыяктуу сыр алышып, биринин кылыгын бири билип, былк этишпей корунушуп, дене өлүк болуп көнүп да калышкандыр... Адам баарына чыдайт турбайбы. Жаңы келгендердин, албетте, уйкусу качып, көчүктөрү бүлкүдөп саруулап аткан кези. Тирүү жан болгондон кийин коркпой коймок беле?! Душмандын аскерлери деле биздикиндей. Эч айырмасы жок. Алар эмне, киши эмес куурчак бекен? Алар деле өлүмдөн коркушат. Тирүү, дени соо кишилердин баарында эле коркуу сезим бирдей, бирок аны тизгиндөөчү күч-кайрат бирдей эмес. Кайрат күчү аз болсо, коркуу сезим жеңип кетет. Мындайлар жалакай, коркок болот. Кайрат бийик сезим – акыл менен байланыштуу. Акылы терең киши кайраттуу болот. Өлүмдөн жалтанбайт. Керек болсо, өзү барат. Гастелло, Талалихин, Чолпонбай, Матросовдор – өлүмдү көз жумбай тиктегендер! Булардын, панфиловчулардын аттарын бүт эл билишти. Анткени буларды көргөн күбөлөр, жарыялаган кабарчылар болду. Бул эбегейсиз зор майданда жалгыз гана ушулар дейсиңби? Аты белгисиз, дайыны билинбей калган өлүм менен чыныгы кармашып курман болгондор канча?! О, Кудай, ал шейиттер өзүңө гана белгилүү!..

Ой, тобо-о!.. Адам дүйнөсү канча татаал?!

Ушинтип, жайкы түндө майдан жээгиндеги сырты тыңгылыктуу тынчтыкты ички санааркоонун уйгу-туйгу тополоңу бузуп, жан убай чегип, беймаза болуп, көпкө кыйналып жатып, акыры денем коргошундай салмактанып, оюмдун андан аркысын тизмектей албай, уйкуга жеңдирип кереңге түшүп кеткен экенмин...

## – 6 –

...«Танка! Танка» – деген үн кулагыма октой тийип, чочуп ойгонуп башымды көтөрсөм, ошол эле үн сол капталымдан дагы кайталанды. Аӊгыча болбой, жаныбыздан автоматтын табышы чыкты. Эми Баранов да ойгонуп башын көтөрдү. Автоматтын табышына кошул-ташыл жакын эле бир жерде мотор чаркырайт, «Стой, Кто идет»[1] деп посттогу солдат кыйкырат. Көз ирмемде айланага бүлүк түшүп, ар кимибиз шашып-бушуп ордубуздан туруп курал-жарагыбызды колго алып дүрбөп калдык. Кайдагы «Танк?» дайнын билбейм. Баранов менден сурайт... Жаныбыздагы чуӊкурдан күӊкүлдөгөн Салмановдун үнү угулат, сөзү билинбейт, өзү көрүнбөйт Ары жактан Головин кыйкырып, Бычков, начпрод, чарба взводунун командири болуп, бир нече солдат менен энтелеӊдеп биз жакка келеткандай?.. «Эмне боду? Эмне болду?» аптыккан суроолор ар кимибиздин оозубуздан эрксизден чыгып атты, жооп кайтарган киши жок. Биздин тополоӊдон чочуп ойгонушкан бул жердик эски кошуналарыбыздын жоокерлери да өз кошуунуна «чуу көтөрүп» аскерлерин азырлап жиберишти. Биздин жоокерлер бүт аягы менен тик туруп куралдарын тутамдашкан.

Биз ошентип күйпөлөктөп суроолорубузга жооп таба албай жатканыбызда, баягы кыйкырган солдатыбыздын «иди вперед, живо»[2] деген үнү угулду, а дегиче өзү алдына бир кишини айдап, тобубузга кирип келди. Асманда жылдыз суюлуп, таӊ кулан өөк болуп, жерге үрүӊ-бараӊ түшүп келаткан эле, карасак алдындагысы – Таня, Салмановдун санитары Ал шолоктоп ыйлап алган. Таня экени жакын келгенде айныбай таанылды. Майор Головин солдаттан иштин жайын сураганда, постто турган солдат «Танка!» деген үндү уккандан кийин, чуӊкурдан бир ка-

[1] Токто: Бул ким?
[2] Бас алдыга, батыраак.

раан чыгып, качып баратканда автоматтан ок чыгарганын, анын табышы менен баарыбыздын ойгонгобузду айтып, ал солдат караандын артынан чуркап жетип кыз экенин таанып, экинчи ок чыгарбай алдына салып, бизге айдап келгенин рапорт түрүндө баяндап берди. Чуунун төркүнү билине баштагандан кийин жүрөгүбүз жайына келип, маселенин учугун, эми Головин Танядан шашпай чубап кирди. Жерге жарык түшө баштады. Кошуун боюнча «бейкут» жарыяланды. Танянын шолоктогону бара-бара басылып, анан уяңына айланып, майордун: «эмне болду?» деген таамай суроосуна мукактанып ачык жооп бере албай, жер карады. «Бул кыздын башына эмне мынча күч келди, жети түндө мындай бүлүк салгандай?» деген ой жүрөгүмдү өйкөп, чыныгы себебин билүүгө Салмановду көзүм менен издесем, ал арабызда жок. Аңгыча Головин «капитан Салманов!» деп бийигирээк үн менен анын атын чакырып, анан Барановдун жанында турган Кондрашовдон начальнигин сурады. Бул Салмановдун чуңкурда жатканын айтып келатканда, көздөрүн ушалап тигил арабызга келди да, Головинге чала билген орус тилинде рапорт берди. Кеп көпкө созуларын байкап, майор чогулуп турган солдаттарды жай-жайына таркоого команда берип, эми Танянын айланасында офицерлер гана калды. Муну айдап келген солдат да өз постусуна жөнөдү.

Эл аягы басылгандан кийин, чакан чөйрөдө Танядан окуянын чоо-жайын сурап, маселени ачыкка чыгарууга тырыштык. Эмнегедир биздин кошуунда түнөп калган биздин полктун «смерши» улук лейтенант Безбородов да дүрбөлөңдө биз менен кошо дарбып, арабызда эле. Головиндин суроолоруна Таня мукактанып жооп берүүдөн ийменип туруп алды эле, ошондо Безбородов:– Таняны мага бергиле, мен маектешип көрөйүн – деп, Таняны ээрчитип, биздин «жертөлөнүн» баш жагындагы төшкө барып олтурду. Биз баарыбыз тарап, жай-жайыбызга кеттик. Тили кычышкан Бычков кетип баратып, жөн

тура албай: – Жолдош улук лейтенант иш таба албай, күндү кантип кечкиртээрди билбей бушайман болучу элеңиз, мына эми иш табылды. Ийине жеткириңиз майын чыгарыңыз! – деп, бир чети теңтуштук кылып, бир чети анын кызматын какшыктады.

Ошентип, кокустан дүрбөлөң түшкөн биздин позицияда уйкусунан чочуп ойгонгон жоокерлер уй жөөлөгөн балчелектин аарыларындай дүүлүгүшүп, эми кайра жата алышпай, кужурашып бас-бас болгуча күн нуру да жерге сайылды. Күндүн биринчи шооласы менен жер жүзү көркүнө келип, айлана кеңири көрүнөт эмеспи. Тегерегимди карасам, кол карааны кечээкиден да жышыраак. Артыбызда мындан жарым чакырымча алысыраак чыбырда ээн, бош жерлер бар эле, бүгүн дөмпөйгөн, дүкүйгөн караандар пайда болуп калыптыр. Биздин жайгашкан аймагыбызда тамтык жок, чабындыда жыш казылган момолой чычкандын ийиндериндей. Арасында түйшүктөнгөн солдаттар, оттоого чыккан момолойлордой жайнашат. Өрүүндөгү машыгуу, гимнастика аны-муну аскерлик шаан-шөкөттөргө тыюу салынгандыктан, солдаттар көзүн ачаары менен түздөн түз өз милдеттерин аткарышып атышат. Бир аздан кийин жуунуп-таранып, таңкы даамын татымак. Күндөлүк эреже боюнча саат жетиде эртең мененки тамак даяр болот.

Эртеңки чайыбызды ичкенден кийин, Головиндин «жертөлөсүнүн» жанына офицерлер чогулуп, таңга жуук болгон окуянын себебин Безбородовдон уктук. Танкалап кыйкырып дүрбөлөң салган Салманов экен. Таня экөө бир чуңкурда жатып, сүйүү маселесинен келише албай, акыры Тананын айласы кетип, чарба взводундагы кир жуугуч кыздарга Салмановдон качып жөнөгөндө, ал Тананын артынан тура калып чакырат. Салманов Тананын эркелеткен «Танька» деген атына тили келбей «Танка» дечү. Бу сапар иши ордунан чыкпай буулугуп алган неме, кай жерде экенин унутуп «Танка! Танка!»

деп бакырганда, ага кошул-ташыл чаркыраган мотордун табышын угуп, постто турган солдат чочуп кетип ок чыгарыптыр. Ошону менен дүрбөлөң түшүп, баарыбыз дабыраптырбыз. Чаркыраган табыштар чынында эле позицияга бараткан биздин танкалардын табыштары экен. Биздин аймакта өзүнүн кесепетинен тополоң башталганын сезе коюп, Салманов коркконунан «жертөлөсүнө» кайра жата калыптыр.

Ошентип бир акмактын кесепетинен чыккан дүрбөлөңдүн себеби да аныкталды. Бул дүрбөлөң өзүбүздүн кошуунда эле болсо эмне?! Бул жерде көптөн бери жашап турган башка кошуунга да тополоң түшүрүп, себепсиз алардын тынчын алгандыгыбызды Безбородов «умышленная провокация»[1] деп, баалады.– Кокустан бул дүрбөлөң уланып, майдандын алдыңкы чегине жетсе эмне болмок? Алдыңкы чектин алыстыгы бар болгону үч эле километр. Дароо кагылыш чыкмак. Убагынан мурда башталган операция максатына жетпей куламак. Анын кесепетинен канча киши, канча курал, канча техника жана башка байлыктар зыян болмок. Азыр коо-колот, ыбыр-чыбыр, жыбыт-мыбыт колго жык толгон, бадалдын түбү сайын аскердик техника. Ушулардын баарысы маалына жетпей, үмүттүү маселени чечпей, үзүрүн көрсөтпөй кыйрамак! – Безбородов биринен бири өткөн коркунучтуу окуяларды сүрөттөп кирди. Салманов башын жерге салып, жер карап үндөбөйт. Угуп отурган мен да, сөз таба албай, келесоонун кылыгына күлкүм келгени менен аягы жаман бүтөөрүнө көзүм жетип ичимден бушайман болуп аттым. Көзүмдү кыдыртып тегерегимди карасам, жанатан ырсаңдап күлүп аткандардын көбү эми томсоруп, мага окшоп убайым жегендей, кээ бирөө «дагы эмне дээр экен» дегенсип Безбородовдон көздөрүн айырбайт. Жалгыз гана Кондрашовдун көздөрү Салмановду тиктеп, табасы канып уурту ылжыят. Анын түрүн көрүп

[1] Атайын жасаган провокация.

менин ичим бурап, тишим кычырап, демим кысылып, таноом кыпчылып, өзүмдү токтото албай: – Жолдош майор, улук лейтенантка кайрылууга улуксат этиңизчи – тартип боюнча Головинден улуксат алып, – жолдош улук лейтенант, ушуну капитан Салманов атайын провокация үчүн жасаптырбы, же «ырысы жоктун ылдыйкы башы жогорку башын бийлейт» болгон келесоолук бекен, кайсынысы чын, кайсынысы төгүн экенин ажырата алдыңызбы? – деп, ачууланып суроо бердим. Безбородов мени бир тиктеп, кейпимден, үнүмдүн кыраатынан ички абалымды баамдап, байкатпай сол көзүн мага чала кысып, Салмановго жүзүн бурганда менин түйүлгөнүм чечилип, туталанганым жазылып, бул келесоого сабак берип атканын түшүнүп, санаам бир аз ордуна келди. – Майдандын тилкесинде жок жерден бүлүк салуу капитан Салманов үчүн эле ийгиликсиз амурдун[1] натыйжасы болуп көрүнбөсө, аскердик мыйзам боюнча ар бир кокустук, жаралган себебине карабастан, салдарына жараша бааланышы керек. Кызыл Армиянын капитан сөрөйүнүн бүгүнкү кылыгы жалгыз гана биздин кошуунду эмес, бул аймактагы бир нече кошуунду дурбөлөткөндүгү үчүн катуу жазаланышы керек. Бул кылыгы үчүн капитанга жеңил-желпи мамиле кылсак, карапайым солдатты кантип тарбиялай алабыз? – Анан Безбородов баарыбызды кыдырата жылмая карап, анысы менен өзүнүн негизги оюн бизге билдирип:

– Жок, болбойт. Капитан Салманов жөнүндө кылмыш ишин козгошум керек! – деп сөзүн аяктап, Салмановдон жооп күттү. Бир азга айлана жымжырт болду. Салманов башын көтөрө албайт. Жанатан бери бир чети бизден уялса, эми Безбородовдун сөздөрүнөн чыны менен коркуп, башында эле орусча чала тили менен эптеп тамтаңдачу эле, азыр такыр эле сөзү түшүп, бутунун учун тиктейт да турат...

[1] Сүйүү.

– Айтпайсыңбы сөзүңдү, тилиңди жутуп койдуңбу? – Головин чыдай албай мүңкүрөгөн тынчтыкты бузду. – Айгырча азынаганга күчүң жетет, бүт аймакка бүлүк салып, а түз берген суроого жооп кайтарууга тилиң эмне үчүн жетпейт? Айт сөзүңдү, баарыбыз угалы. Эмнеси чын, эмнеси кошумча экенин билели. Бул жерде айтпасаң, жолдош улук лейтенант тергөөдө оңой эле айттырып алат. Сенин акмакчылыгыңдын кесепетине баарыбыз күбөбүз, аны сага тандыртпайбыз. Баарыбыз сенин дүрбөлөңүңө күбө өтөбүз.

Иш тескерине айланып бараткааны байкап, кудай уруп, ырбап кетпесе экен деп, бул аңгиленген келесоонун чоркок кылыгын саясатка айландырып бөөдө айыпкерлер батальонуна айдап жиберишпегей эле деп, чый-пыйым чыгып Салмановго үнүмдү катуу чыгарып, такыр айлада жок дөдөй эле болбосо жакшылык кылып атканды сезээр деп:

– Ачык айт, капитан, чын эле атайын провокация жасайын дедиң беле, же делебең козголуп, чатыңдагы башыңа мойнуңдагы башыңдын алы жетпей калды беле? – тегеректеп тургандар бырс күлүп жиберишти.– Айыбыңды ушунчаңда мойнуңа албасаң, илгерки бир татар айткандай: «бир зыр эттим жатырга, он жыл кеттим катырга» болосуң! – баарысы, Безбородов да Головин да каткырып калышты. Калтаарыган Салманов эми башын көтөрдү эле чолок мурутунун кылдары бириндеп, түктүйүп кетиптир. Биздин каткырыгыбызга айыптуу жылмаяйын деди эле, корккондон бузулган суруна, алы жетпей дыдаарын өзгөртө албай: же жылмаюу, же ыйламсыроо, же карайлап үнсүз чаңыруу экенин жүзүнөн айыра таанып болбойт. Каргылданган үнүн какап-чачап, калтырап араң чыгарып:

– Кечирип койгула, кардашдар[1], мен көп күнөөлүү. Нет проваксия, немношка, немношка любовь, не полу-

[1] Туугандар, азербайжанча.

чайся. Ашибка давал, болше не будит. Кланус Аллахом! Прости товарищь старший лейтенант, прости товарищь майор! Я больше Танка прасить не будит[1] – деп, тантып, чекилигин мойнуна алды. Мунун бар болгон дасмиясы ушул экенин көрүшүп, орустун сөздөрүн туура сүйлөй албаганына кээ бирөөлөр күлүшүп, кээси буга боору ооруп, атмосфера өзгөрө баштады. Головиндин да бир аз санаасы тынып, ачуусу тараганы көзүнөн жалт этти. Салмановду айыпкерлер батальонуна жиберсе, Головиндин тетири даңкы бизге гана эмес, бүт армияга, а балким фронтко да жайылмак. «Полктун командиринин оорук боюнча орун басары тейлеген» кошуундун начальниги провакация жасап кармалып, аскердик трибунал айыпкерлер батальонуна кесип жибериптир» деген оңой кеппи? Кошуундун саясий саламаттыгы боюнча офицер эмес, солдат үчүн командир чоң жооп берет эмеспи?!

Безбородов «смерште» иштесе да, боорукер, ак ниет, калыс жигит эле. Бул, мурдагы жылы кавалерияда иштеп жүргөнүмдө көргөн он алты жашар баланы аттырган «смерштин» түздөн-түз тескерисинен болучу. Бирөөнү ак жеринен күйдүрүүнү, өтө «кыраакылыгы» менен чоңдоруна жагынууну жек көрө турган. Анын эң жакшы көргөн накыл кеби Грибоедовдун «Акылдан азап» китебиндеги Чацкийдин оозунан чыккан: «служить и любить я рад, но выслуживаться тошно!»[2] дегени болоор эле, бул кепти көп жолу кайталай турган. Ошенткени менен жашчылык ишине чыдамсыз жагы да бар эле. Салмановдун «кылмышын» көбүбүздөн, өңгөдөн да Головинден туурараак түшүнө турган жайы мага белгилүү болучу. Ошондуктан Салмановду тергөөгө алып жатканда мага бекеринен көзүн кыспаса керек деп ойлойм?..

[1] Провокация жок, азмаз-азмаз сүйүү болбой калды. Жаңылдым, эми болбойт. Кудай урсун! Кечир жолдош улук лейтенант, кечир жолдош майор. Мен эми Танькадан сурабайм.

[2] Ак иштөөнү дилим сүйүп, кубат берет, жагынуудан боюм үркүп кускум келет.

Кышында, Витебскинин алдында турганыбызда Безбородов биздин кошуунга келип жүргөндө жаныбыздагы эвакогоспиталдын кыз-келиндеринин бирөөнө көзү түшө калыптыр. Өзү керилген узун бойлуу ак жуумал коңур чач неме госпиталдын сарычийкил, назик, суйкайган, тараз бойлуу бир врачына жагып калган көрүнөт. Эки улук лейтенант, бири биринен кыя өтө алышпай, ай-жылдыздай тогошуп, максаттарына жетишүү үчүн ыңгайлуу жер таба алышпай, ошондо анткор тартынчаактыгын кызга сугалактыгы жеңип, ар кимден шек санап аңдымай кесибин унутуп коюп, менин жертөлөмдү убактылуу «пайдаланууга» суранган эле. Ошондон бери, «бу деле киши турбайбы» деп, мен андан көп кооп санабай, кымырынып кысынбай, казан-аягыбыз катташып калганбыз. Азыр менин Салмановго берген суроолорумдан, буга жан тартып атканымды сезип, менин сөздөрүм өзүн да ыңгайсыз абалдан куткарып атканына мага ыраазы болуп:

– Кана эмесе, жолдош офицерлер! Салмановдун итчилигине кандай баа бересиңер? Саясий кылмышбы, же келесоо-аңгүдүктүкпү? Бул суроого баарыбыздан озунуп Головин:

– Аңгүдүктүк! Аңгүдүктүк! Келесоолук – деп жооп берүүгө шашкандыгы анын анчалык Салмановдун тагдырына боору ачыгандык эмес, канчалык өз жанын балээден ала качкандыгы деп түшүндүм мен. Безбородов да сол ууртун жыйрылтып Головиндин амалын ичинен мыскылдады. Калган офицерлер да, Кондрашовдон башкаларынын баарысы, Головиндин сунушун үн чыгарып кубатташты. Жалгыз Кондрашов өкүнүчтүү шилекейин жутуп унчуккан жок.

– Андай болсо, бу сапар, жалпы офицерлердин өтүнүчүн канааттандыралы. Мен Салмановдун үстүнөн кылмыш ишин козгобоюн, бирок бул окуяны таптакыр изсиз жокко чыгарууга болбойт. Салмановго тартип бузгандыгы үчүн администравдик чара колдонуу маселеси, полктун

командиринин ооруk боюнча орун басары майор Головин жолдошко тапшырылсын. Безбородов салмактуу, жай сүйлөп, корутунду чыгарды.

Ал күнкү окуя шам-шаркыт болуп кооптуу жөрөлгө катары таралып кетпес үчүн, солдаттардын арасына туура информация, болгонду болгондой, чындыкты бурмалабай айтып берүүнү макулдашып тарадык. Пландаштырып койгон өз ишиме жаңыдан эле киришип атсам, Головиндин чабарман солдаты келип: «майор срочно вызывает Вас, товарищ капитан»[1] деп, башка бөлүкчөлөргө чуркап кетти. Эмне жөнүндө экенин суроого үлгүрө албай калдым. Дагы бир балээ болгон го деп убайым жеп, шашып-бушуп майордун жеркепесине келдим. Менден мурда бир-эки офицер келиптир, калгандары беш мүнөткө жетпей келишти. Баарыбыз чогулганда Головин:

– Ооруктун бүткүл бөлүкчөлөрүнүн башчыларын полк командири рация менен шашылыш чакырып атат. Ишиңерди таштагыла. Азыр саат 10.50 мүнөт. Туура 11.00дө бул жерде даяр болгула. Баарыбыз бир машинеге түшүп барабыз. Суроо жокпу?..

– Эмне себеп экенин айттыбы?– начхим суроо берди эле, аны какшыктап Головин:

– Жаңы бышкан бир бадыраң, эки жумуртка берет экен – деди.

Муну укканда баарыбыз күлдүк. Бир чети мылжыың Головинге устарадай тил бүткөнүнө таңыркап, экинчи чети дагы бир балакет болуп Головин айласын таба албай, жанына күч келгенде, баштатан начхимдин какшыктарына жараша жооп таба албай көп учурда уттуруп сынып жүргөн неме бул сапар таамай кашка жооп тапканына ичибизден бир аз ыраазы болуп кубаттап тим болдук.

Болжогон убакыттан эки мүнөт мурда даяр болуп, баарыбыз чогулганда Головин дароо кабинага, калгандарыбыз «студобеккердин» кузовундагы скамейкаларга

[1] Майор сизди шашылыш чакырып атат, жолдош капитан!

шыкала олтуруп КПны карай жол тарттык. Бараткан жолубуздан мындан төрт эле күн мурда өткөнүбүздө мындай эмес эле. Азыр айланада үй ордундай да бош жер калбаптыр. Замбирек миномёт, танке, мотордуу замбирек, бронетранспортёр, автомашине, оор замбиректерди сүйрөөчү трактыр, – айтор эмне гана жок. «Катюшадан», самолёттон башкасынын баарысы бар. Баарысы бугуп, аңдыганы майдан чеги. Коо, жыбыт, буткул, аң-чөнөк, дөң – деле ээн жер таппайсың. Булардын баарысы саздын бакасы түспөлдөнүп жашыл-ала боёлгон, чуңкурларга орнотулган, үстүлөрүнө жашыл-ала торлор тартылган. Куралдардын батыш тарапка багытталган үңүрөйгөн ооздору чуңкурлардан кылтыйышат. Булар жана солдаттар менен унаа аттар жайгашкан жайлар ушунчалык жашырылган дейсиң, асмандан тургай, беш кадам алыстан эмне экенин жерден айыра тааный албайсың. Аңдардан чыккан ашык топурактардын үстү чым менен бастырылып тапталып жаңы дөңдөр пайда болгон. Анда-санда бирин-серин иштеп аткан солдаттардын сербең деген кыймылдары эле болбосо, аймак эңгиреген ээн талаа сыяктуу. Ийри-муйру кыштак жолдун эки четинде чолоо жер калбаптыр.

Чаң буруксутуп душманга шек алдырбас үчүн жана жол жээктериндеги житирилген объектилерди тебелеп кетпес үчүн машине жай жүрүүгө мажбур. Ошентип олтуруп төрт километрче аралыкты басып өтүүгө жарым сааттай убакыт кетти.

Өткөндө машине токтогон жерге келип, андан нары жөө басып, траншеяга түшүп бөкчөңдөп басып КПга жакын калганда байланыш офицери жолубузду тороп токтотту. Биз траншеяда тизилген калыбыбызда далыбызды траншеянын керегесине сүйөп көчүк бастык. Көп күттүрбөй КПнын жертөлөсүнөн чыгып, подполковник Васильев, анын саясий боюнча орун басары подполковник Парядин – экөө келгенде бардыгыбыз жар туруп

учураштык эле, полк командири шашкалактап колун жаңсап отургузду.

– Бул жер немистердин мергендеринин көзөмөлүндө – деп, Васильев сөз баштап келатканда үстүбүздөн чуулдаган эки ок удаа өттү.

– Көрдүңөрбү? Ажалыңар жок экен. Траншеянын түбүндө олтуруп сүйлөшпөсөк, кылтыйган бир жерибиз көрүнсө эле снайпердин кароолуна илинет. Шайтандар абдан мерген. Эртең менен эле аткычтар полкунун бир солдатын атып салды. Ал куурагыр өздөрүнүн полкунун командирине, байланышчыларына термос менен КПга тамак алып келатыптыр. КП жалгыз меники эмес, биз такоолдоп турган аткычтар полкунун командириники, ичине баарыбыз батпайбыз, ошондуктан, чогулушубузду ушул жерге өткөрүүгө туура келди. Мен өзүм деле силерге барып, чогулуш өткөрсөм болот эле, бирок өзүңөр түшүнөсүңөр. Азыр бир мүнөт да КПны таштап кетүүгө болбойт. Ансыз деле душман шектенип атат. Кечетен бери тынчы кетип, тияк-быягыбызды аткылап, сынап атат! – Дагы бир аз информацияларды кабарлап болуп, анан азыркы чогулуунун негизги максатын кыска, так командирлик стиль менен айта баштады.

– Биз бүгүн-эртең, же бүрсүгүнү – иши кылып, чукул арада душманга аёосуз чабуул жасайбыз. Аны силер жакшы билесиңер, силер тургай душман да сезип атат. Ал жашыруун мезгилинен өтүп, баарыбызга айттырбай эле маалым болуп калды. Эми ал моментти ал, жума мөөнөттөрү менен эмес күн, саат, мүнөт менен болжоо мезгилине жеттик. Ошол болжол күндүзгүгө, түнкүгө, эртең мененкиге, же кечкиге туш келеби, аны айта албайм, айтууга акым да жок. Бирок болочок чоң чабуулдун болжолун силер да ушул учурдан баштап, саатка эмес, мүнөткө өлчөшүңөрдү талап кылам. Силердин сарамжалыңар, камылгаларыңар чоң чабуулга даяр экенин жолдош майор Головиндин рапортунан билем. Ошентсе да, мен полктун

командири катары, силерге катуу табыштайм: ар бир бөлүкчөдө полк күндүр-түндүр тынымсыз, жок дегенде он күн урушуп-салгылашканга үзгүлтүксүз, мүчүлүшсүз жеткидей материалдык-техникалык камылганын корун көзүңөрдүн карегиндей сактагыла. Кыпындай эле силер тараптан мүчүлүштүк кетсе – таарынбагыла. Согуш мезгилинин мыйзамына ылайык мен талап кылам, силер – керт башыңар менен жооп бересиңер. Азыркы мөөнөттөн баштап бир да солдат, бир да офицер бөлүкчөлөрүңөрдүн аймагынан беш кадам алыс чыкпайсыңар, кароолдорду күчөткүлө. Постторуңарды бат-бат алмаштырып тургула. Постто уктагандар болсо, суракcыз аткыла, жообун мен берем! Кошуңар жол жүрүүгө даяр болуп турсун! Суроооңор барбы? – Айлана жымжырт боло калды. Жарым мүнөтчө созулган кереӊ тынчтыкты Головин бузуп:

– Капитан Цыганок автомашинелерге керектүү тетиктерди алып келем деп, эртең менен армиянын складына кетти эле, аны кантебиз? – деди. Бул суроого Васильевден озунуп, подполковник Парядин:

– Аныңар качан болсо чабуулдардын алдында оорукка кетип калмай адаты бар экен. Кышында Витебскинин алдында салгылашуу кызуу жүрүп жатканда шылтоо таап талаа госпиталына жатып алганы эсимде. Жолдош майор! Сиз ал офицердин моралдык саясий туруктуулугуна кандай мүнөздөмө бере аласыз? Балким ага ишеним көрсөтүүдөн баш тартсак кандай?

Мунун сөзүн жактырбай, чекесин тырыштырып, кабагын түйүп подполковник Васильев:

– Жолдош замполит! Азыр саясий кулк-мүнөздү териштирип отурууга убакыт жок. Жолдош майор Головин Цыганокту жерден чукусаңыз да саат 14 нөл-нөлгө дейре таап, оорукка алып келип, мага рация аркылуу билдиресиз. Дагы кимде суроо бар? Не бар – не жок, Цыганок табылгыча анын кызмат милдетин да Сиздин мойнуңузга жүктөйм, жолдош Головин. Керт башыңыз менен жооп

бересиз! Эгер суроо жок болсо, дароо тарагыла. Ооруктун абалы жөнүндө саат 14 нөл-нөлдөн баштап, ар бир эки саатта мага билдирип турасыз, жолдош майор! Кошкула! Баарыбызга ден-соолук, ийгилик каалайм! – деп Васильев, замполит, байланыш офицери үчөө траншеяда бөкчөйүп ары бурулду, биз бери бурулуп, тыйынчычкандай бирибиздин изибизди бирибиз басып бөкчөңдөп артыбызга жөнөдүк.

Машинеге түшкөндөн кийин жолдо болочок «тойдун» болжолун ар кимибиз ар кандай болжолдогонубуз менен баарыбыздын оюбуз эртеңки таң заарында «оюн» башталат го деген корутундуга токтоду. Материалдык-техникалык камылга жөнүндө коркпойбуз. Меники: полк эки ай тынбай согушуп, душмандын курчоосунда калсак да жетишет. Кудай андайга кабылта көрбөсүн деңизчи! Башка бөлүкчөлөр деле меникинен көп калышпаса керек?.. Начпроддун, начОВСтин камылгалары деле биздин полкко он күнгө кең-кесири жетет. Чарба взводунун арабаларынын баарысы, анын үстүнө, атайы бекитилген машинелер тамак аш, кийим-кечек менен сылай жүктөлгөн. Салмановдун медикаменттери, таңуулары канча экенин билбейм, бирок ага бекитилген эки арабанын жүгү дале толтура. Автопарктын башчысы Цыганоктун карамагында экинчи дивизиондогу машинелерден башка машинелердин баарысы бар. Ал Американын жаңы «студобеккерлерин» алгандан бери баарыбызды теңине албай «канга салам бербей» калды. Киши ташуучу, жүк ташуучу машинелерден сырткары эки автомастеркою бар. Баарысы жаңы. Цыганоктун орто билими бар, автомобиль жана шоссе жолу техникумун бүтүрүптүр. Машиненин ичегардын, бурама, илмек тетиктерин канча билээрин билбейм, – жалпы билим чөйрөсү тар, тайкы. Тили чоркок, тамашаны билбейт, көтөрө албайт, өзү коркок. Замполиттин айтканында чындык бар. Машинеси алдында, бензини кеңири болгондуктан, күнүгө бир шылтоо таап

Головинден суранып алып, капкайда кете берет. Өз көмөчүнө күл тартканга уста. Полктогу күндөлүк иштин убарасын тарткан анын старшинасы. Ал байкуш кудайдын күнү сайын полкто болгон автотехниканы карамагында автослесарь солдаттар менен кошо, карала-торала болуп ремонттоо менен алек. Цыганок Головинди да колуна алып алган. Полктун командири экөөнө бир машине бекитип бергени менен Головин Цыганоктун колун карайт. Машинесинин тетиктерин тескери толгоп коюп, бузулуп калды деп кыйла жолу Головинди жөө бастырганы бизге белгилүү. Акыры, Головинди бирде карайлатып, бирде бирдемелерди алып келип бере коюп жүрүп, ага жагынып коюн-колтугуна кирип алган. Цыганок эмне десе Головин макул, сөзүн эки кылбайт. Жойпу неме армиянын ооругун мүлдө кыдырып, колунан орчундуу иш келгендери менен жакын таанышып, алардын кызматына машиненин аркасы менен далайларына жагынган. Жакында эле кезегинен мурда «капитан» деген наам алды. Андан мурда полкко келген, өзү Куйбышев университетинин химия факультетин, «артыкчылык диплом» менен бүткөн начхим улук лейтенант бойдон жүрөт. Бул болсо өз ишин жакшы билген, куудуң-шуудуңу жок түз жүргөн, туура сөздү бетке айткан ачык, ак көңүл, бирок тили уу неме. Шыйпаңдаганды жек көрөт.

Артиллериялык жабдуунун начальниги биздин полкко Салманов менен удаалаш келген жаш татар жигит Равил Хамзаевич Гизатуллин, наамы капитан. Курал жасоо орто окуу жайын бүтүргөндөн кийин эки жыл курал чыгаруучу зоотто иштептир. Согушка катыша элек. Курал-жабдыктардын тетигин абдан жакшы билет. Биз толуктанууга чыкканда жаңы келген (мурдагы начальник майор наамын алгандан кийин, башка бир дивизияга артжабдуунун начальниги болуп кеткен). Согушта кагылып согулбаса да, өз ишин абдан жакшы билгендиги, демилгечилиги, ишине дилгирлиги менен аз эле убакыт-

тын ичинде көзгө көрүнө баштаган. Анын камкордугу, тырышчаактыгы менен полктун экинчи эшелонунун бардык бөлүкчөлөрүнүн офицерлери жаңы тапанчалуу, солдаттарынын баарысы автоматтуу болушту, ал тургай жалпыбызга эки пулемёт бекитилип берилген (бирөө чарба взводуна, бирөө өзүнүн карамагына).

Полктун командири мурдагысынан башкача өзгөрүлүп, сылык, назик мүнөзү сурдуу, каардуу болуп калганына баарыбыз таң калып, ичибизден бушайман болуп келаттык. Өзгөчө Головин коркуп калды. Цыганоктун кылыгы мунун ичин өйкөп аткандай. Бир оокумда машинени токтотуп, кабинанын тепкичине тура калып, биз жакка бетин буруп, Головин:

– Жолдош капитан Гизатуллин, сизде канча комплект мина бар? – деди.

– Он комплект, жолдош майор. Беш «студобеккер» толтура. Автоматтардын дискалары, ар бир автоматка экиден жетет. Дивизиондорго автомат башына үч дискадан таратылган. Мындан тышкары беш миномёт сөңгөгү, эки таяныч таманы бар. Баарысы кайсы мүнөт болбосун ок чыгарууга даяр, жолдош майор! – так, кыска жооп берди, Гизатуллин.

Артжабдуунун начальнигинин докладына ыраазы болгон Головин, эми мага кайрылып:

– Жолдош капитан, азыр кошуунубузга келээрибиз менен Сиз, жолдош капитан Салмановго жардам беришиңизди өтүнөм. Бул да биздин полкто жаңы киши. Мунун канча комплектиси бар экенин эсептеп, эгер он күнгө устав боюнча материалдык камылгалары жетишпесе, дароо армиялык складдарга Кондрашовду жөнөткөндөй бололу.

– Жарайт, жолдош майор! – Бүгүн эртең мененки окуядан кийин, Салмановдун ким экенин түшүнгөндөн соң, мындан кысталыш учурда, «менин ишим эмес» деп айтышып отуруу мен үчүн уят, ошентип, менден «жарайттан» башка сөз чыккан жок.

– Жолдош офицерлер, мен подполковниктин сөздөрүн силерге кайталап отурбайын. Абал курчуп калганын өзүңөр сездиңер. Эч моюбаган Васильев ушунча сурданып калышынын өзү эле эмнеге татыйт? Келээрибиз менен өзүңөрдүн бөлүкчөлөрүңөрдө солдаттарга шек алдырбай, камылгаларыңарды дагы бир сыйра текшерип чыккыла. Кулак түрүп, суроо бергендерге устав боюнча гана жооп берип, жакын жардамчыларыңар менен жалгыздап сүйлөшүп абалды түшүндүргүлө, – колсаатын карап,– туура саат 13 нөл-нөлдө мага толук информация бергиле – деп Головин өзүнүн милдеттүү сөздөрүн айтты.

Бир аз жүргөндөн кийин өзүбүздүн кошуунубуздун аймагына да жеттик. Машине токтоору менен Головин кабинадан чыкпай туруп, бизди тосуп чыккан өзүнүн чабарман солдатына:

– Цыганок келдиби? – деп сураганда, ал:

– Силердин артыңардан КПга барам деп кеткен, андан бери бир саатча болду, – дегенде Головиндин тили буулуп калды. Кабинадан түшүп атканда карасам, бетинин түгү түктөйүп, өңү кубарып калыптыр.

Урушта туруш жок дегендей, ар кимибиз өз бөлүкчөлөрүбүзгө тарап, алдыдагы чукул маселелерди чечүүгө кириштик. Менин бөлүкчөмдөгү солдаттар лейтенант Барановдун жетекчилиги астында унаа шаймандарын караштырып, ар бир аттын каамытын мойнуна, омуроосуна өлчөп кынаптап, тарларын кичирээк, кеңдерин, чоңдорун чоңураак атка кийгизип, кулак боо, тамак боолорун узартып-кыскартып, ээрчектердин басмайылдарын, шлеяларын оңдоп майлап, параддан өтүүчү немелерден бетер, колдорунан келишинче жаңыртып жалтыратып атыптыр. Посохов, Чистов дагы бир үч солдат аттардын туяктарын тазалашып, өскөндөрүн жонушуп, бошоп бараткан такалардын мыктарын кайра кагып бекитип, жукарып жешилип калган такалардын ордуна жаңыларын кагып, кызуу иштеп атышкан экен. Мени көрүп

Александр Михайлович алды утур басып келди. Мен солдаттарды ишинен алагды кылбай, маселенин жайын полк командиринин тапшырмаларын Барановго айтып, «той» жакын калганын солдаттарга мурдатан айтып коюп, ансыз деле бул жерге өрүүн-серүүнгө келбегенибизди сезип санааркап жүргөн немелерди ого бетер саруулатпайлы деп убадалаштык, бирок КПдан алып келген жаңылыктарды түшүндүрмө катары чочутпай жарыялап, солдаттарга талапты катуу коюп тартипти дагы чыңамак болдук.

Головиндин буйругун аткаруу үчүн Салмановдун бөлүкчөсүнө барсам, ал Кондрашов экөө кыжылдашып, тил табыша албай жатыптыр. Мен алардын чырын токтотуп, Кондрашовдон: «Канча комплект медикамент, канча таңуу материалдар бар?» деп сурасам, ал мага: «канча экенин менден сурабай, капитандан сураңыз, ал менин ишим эмес» деп жооп бергенде, Салманов тургай менин жиним келип, Кондрашовго мен конокко эмес, полктун ооруk боюнча орунбасарынын буйругу боюнча келгенимди жана да даражасы улук офицер даражасы кичик офицерден сураганда, устав боюнча жооп беришин талап кылып, беш сутка камак жарыялаганымда, ал менин куюмду байкап, тамаша эмес экенин сезип жоошуп калды. Булардын материалдык байлыгын эсептеп көрсөк, норма боюнча тынымсыз урушта беш күнгө жетээр-жетпес кору гана бар экен. Дивизиондордо канча деп сурасам, даана билген эч кимиси жок. Салманов эки көзүн жалдыратып мени тиктейт. Танянын материалдык буюм-тайым менен иши жок. Шприц берсе – укол сайганды, бинт берсе – жара таңганды гана билет. Бардык материалдык байлыктар Кондрашовдун колунда, бирок расчеттук корду, устав боюнча начальник түзүш керек, ал күндөлүк чыгашанын эсебин алып, резерв жасаш керек. Салмановдун кейпин көрүп, бардык кудуретин билгенден кийин Кондрашов ага өчөшүп, бүткүл санчастын ишин айдайкелге салган. Бүгүнкүдөй тыкыр абалга дуушар

болбогондо иштери кыйшайган бойдон бара берип, бир кезде катастрофага кабылмак. Анын салакасы жалпы полкко тиерин ойлонбой, Кондрашов чолок акылды ээрчип, Салмановдон өч алууну гана ойлогон. Бул кара ниеттиги үчүн жалгыз гана Салманов эмес көптөн бери иштеп келаткан Кондрашов да трибуналдан суралаарын эсине салганымдан кийин, фельдшер лейтенант Кондрашов чый-пыйы чыгып, айласын таба албай, зым кермеге байланган иттей ары-бери чебелеңдеди.

Иш тыкыр, аки-чүкүнү териштирип, кимисинде канча күнөө бардыгын эсептөөгө убакыт жок. Азыр саат 12 болуп келаткан. Болгон ишти Головинге доклад берип, чарба взводунун бир машинесин алып, Кондрашовду дароо армиялык складдарга жөнөттүк. Ага саат 13 нөл-нөлдөн калбай келип Головинге рапорт берүүсү милдеттендирилди. Салмановго Головин катуу эскертүү жасап, мындан ары санчасты калыбына келтире албаса, полктун командирине билдирип, мындан да катуу чара колдоноорун айтты. Бүгүн эртең менен салган бүлүгү жөнүндө кайталаган жок.

Полктун ооругунун ар бөлүкчөсү өзүнчө түйшүктөнүп, камылгаларын кайра-кайра текшерип иш бака-шака. Саат 13 нөл-нөл болду. Убада боюнча бөлүкчөлөрдүн начальниктери Головинге келип, рапорт бердик. Салманов Кондрашовдун келе элегин билдирди. Автопарктын автотехниги өз камылгалары канча даярдыгы жөнүндө рапорттоп, Цыганоктун эмдигиче кошуунга кайта электигин жана анын кайда кеткенин билбегенин айтты. Головин ичинен күйүп-бышып атканы сыртынан билинип турду. Өзү Цыганокко улуксат берип коюп кимди айыптамак?

Саат 14 нөл-нөлдө Головин полктун командирине рация аркылуу рапорт берди. Сөздөрдүн баарысы шифрленгендиктен, эфирден башка бирөөлөр тыңшаса да, мазмунун түшүнбөйт. Цыганок жөнүндө Головин

эч нерсе айткан жок. Башка оперативдик иштер менен мээси катып аткан подполковник Цыганок жөнүндө Головинден сураган да жок. Рация аркылуу сүйлөшүү бүткөндө Головин бир күрсүнүп, жүзаарчысы менен бетинин терин аарчыды. Бул сапар Васильевдин каары даарыбаганга ичинен кубанып, бетине кан жүгүрдү. Бирок бул убактылуу кутулуш! Эмки эки сааттын ичинде Цыганок келбесе, иш чатагына айланат. Ал жөнүндө, баары бир, подполковник сурабаса да, билдирүүгө милдеттүү. Ошондо айласы эмне болмок?..

Биздин алды жагыбызда бир дөңсөө жер бар эле. Түшкү тамак маалында немистин замбиректери артчабуул жасап, жүн сабагандай тымтыракайын чыгарып жиберди. Замбирек, миномёттордун дүрмөттөрүнүн сыныктары бизге жетпей алдыбызда чырылдап түшүп атты. Бир оокумда эки дүрмөт удаалай келип, биздин чарба взводунун түндүк жагына жайгашкан аткычтар полкунун кошуунуна түшкөндөй болду. Даана кайсы жерге түшкөнүн азырынча билбейм. Жана дөңсөөнү «сабай баштаганда» эле команда боюнча ичип аткан ашыбызды көтөрүп алып, ар кимибиз өз аңыбызга кирип кеткенбиз. Баранов экөөбүздүкү бир аң. Биздин түндүк жагыбызда Чистов менен Посоховдун аңы, андан ары түндүк тарапта солдаттардыкы, аттардыкы. Биздин бөлүкчөдөн кийин ошол эле тарапта Головиндин чуңкуру, андан наркы арт-жабдуу, автопарк, чарба взводу болуп кичине суу аккан жыбыттын күн батыш кашатын кыркалай ээлегенбиз. Менин чуңкурумдун түштүк жагында Салмановдун бөлүкчөсү.

Кудай уруп, эми биздин кашатты, тигил дөңсөөнү асманга сапырган сыяктуу, чакчелекей чыгарбагай эле деп, жанды оозго бекем тиштеп, чуңкурда бүрүшүп, дубалына далыбызды такап, денебиз эриксизден калтырап Чистов орусча, мен арабча-кыргызча – ар кимибиз билген келмебизди күбүрөй бердик. Кудай жалгап, тиги эки

дүрмөттөн кийин аткылоо негедир токтоп калды. Аңгыча болбой асман согушу башталды. Бизди үстүбүздөн кайтарып жүргөн эки кыргынчы самолётубуз немистин бир чалгынчы «рамасын» ортого алып аткылашып киришти. Немистики да айбат кылып, капталынан ок жаадырат, өөдө-төмөн, оң-солго буйтап болбойт. Өз тарабына качууга аракеттенди эле, биздин учкучтар алдын тороп алды. Немис айласы жок, чыгышты карай машинесин бурду. Биздикилер артынан сая кубалап, пулемётторун тырылдатып жаадырды. Тиги шайтан да оңой эмес, артын көздөй ракета менен аткылайт. Аңгыча болбой чалгынчы самолётун куткармакка немистин эки кыргынчы самолёту тигилерди артынан кууп жөнөдү эле, кайдан пайда болду билбейм, көз ачып-жумгуча биздин төрт «ЛА-5» тигилерге аралашып калды. Мына, асманда чакчелекей будуң-чаң эми башталды. Бирде мотору озондоп өөдө атып чыгып, бирде үнү өчүп кудуп төмөн сайылып, кайра кайкып, топ өрдөктү имере тосуп учкан шумкар сыяктуу чабыттаган самолёттор бирине бири аралашып кеткенде кимиси кимдики экени, рамадан башкасы жакшылыктуу таанылбай калат. Асмандагы озондогон үндөр жөн эле жер жарат. Биздин кыргынчы самолётторду «рамадан» ажыратуу максаттарына «Мессершмидттер» жетe алган жок. Кийинки биздин төрт «ЛА-5» «мессерлер» менен айыгыша кармашып, бирөөнү кулатышты, анысы биздин позициянын артына, бизден 10–15 км алыстыкта тумшугу менен жерге сайылганда кара түтүн оргуштап асманга созулду. Биздин кыргынчылардын бирөө да артынан кара түтүн чубалтып, келген жагын көздөй жөнөдү. «Раманы» кууган тигил эки самолёт, немистин чалгынчысын айдаган бойдон биздин территориянын тереңине кирип кетишти. Эмне болгонун билбейм, сыягы немисти аргасыз кондуруштубу, же атып түшүрүштүбү, ким билет? Бирок, майдандын башка бир участогунан эле өтпөсө, «рама» биздин үстүбүздөн немистер тарапка учуп өткөн

жок. Ошонусу ырас болду. Кокустан ал аман кайтса, анын тарткан сүрөттөрү боюнча немистер асмандан болбосо да, жерден эле артиллериясы менен бүлүк салып, биздин генеральный чабуул жасоо планыбызга кыйла жолто болмок. Биз бөөдө чыгымга учурамакпыз. Кудай чоң сактады. Ошентип беш мүнөттөн ашпаган асмандагы салгылашууда эки самолёт кыйрады. Уруш тарады. Немистин учкучу парашют менен секирген жок, машинеси менен кошо өлдү. Биздикинин өлүк-тиригин даана көрө алган жокпуз. Балким, бүлүнгөн самолётун аэродромуна эптеп жеткирип кондура алдыбы, же бир жерге барганда куладыбы, ким билет? Өлүү болсо да, тирүү болсо да өзүбүздүн жерибизде болгону абийир. Учкучтун дайыны, канткен менен үй-бүлөсүнө туугандарына маалым болот. Ылайым эле тирүү калса экен, байкуш!..

Эчтеме болбогонсуп, асманды кайтарган эки самолет майданды бойлоп учуп, сакчылык кызматын аткарууда. Бир кызыгы жана артчабуулда да, азыр асман салгылашууда да биз тараптан, жердеги аскерлерибиз жактан бир да ок чыгарып, жооп кайтарылган жок. Жолборс жемине секирээрде эч табыш билгизбей ушинтип бугат эмеспи.

Күн батыш капталга өтүп, асманда ала булут пайда боло баштады. Айлана жымжырт, биз оттоокко чыккан суурларча ийиндерибизден чыгып кээбиз түгөтө элек тамагыбызга кайра киришип бүтүрүп, аман калганыбызга кубанып, токтоп калган түйшүгүбүздү улантып атабыз. Жанакы түшкөн эки дүрмөттүн жарылышынан зыян болгондор бар-жогун билмекке, мен ошол тарапка басып бардым эле, менден мурда ал жерге жакындар чогулушуп калыптыр. Аткычтар полкунун командиринин ооруктук боюнча орунбасары, биздин Головин, дагы бир далай офицер, солдаттар. Мен болжогондой эле дүрмөттөр биздин бөлүкчөлөрдөн нарыраак, аткычтар полкунун аймагына түшкөн экен. Казып кеткен аңына караганда чоң калибрдүү замбиректин быркырама дүрмөтү. Бул жерде

көптөп бери туруп, жертөлө жасап, оокат-түлүктөрүн жерге жакшы житирип алган немелерге зыян келтире албаптыр. Дүрмөттөр жарылган жерде, Кудай жалгап, жертөлөлөр, жеркепелер жок экен. Дүрмөт таамай тийбегенден кийин жанындагы жер астында жашынгандарды жарадар кылуу, бүлүнтүү нөлгө барабар.

Убакыт зыпылдап өтүп атат. Мүнөттүн жебеси айланган сайын күтүлгөн мөөнөт кадамдап жакындап калгансып сезилет. Күткөнүбүз той эмес – кандуу кагылыш. Ошентсе да, көп жыл созулуп, көп өмүрдүн шамын өчүрүп, эбегейсиз зор өлкөнүн бүт элин кыйнап жиберген көптү жарым жан, тирүүнүн өлүгү кылган, көптү түгөйүнөн ажыраткан «согуш» деген Кудайдын каарына калган желмогуздан тажап бүткөн жаныбыз алдыдагы окуяны кандайдыр бир жылуу сезим менен дегдеп күтөбүз. Ошентсе да: «тирүү калаар бекенбиз, канчабыз алты сандан ажырап жалдыраар экенбиз» деген убайым жүрөктү өйүбөй койгон жери жок. Айрыкча мурда согушту көрбөгөндөр, жаңы чакырылган жаш солдаттар саруулап күтүүдө. Бирок үч жылдык согуш тажрыйбасы жеңиш биз тарапта болоорун айгине көрсөтүп, элдин жан дүйнөсүн эргитип, жоокерлерибиздин албан-албан ийгиликтери толук ишендирип жалпыбызга зор үмүт туудурган мезгилге туш келгендигибизден, болочоктогу окуяны мүнөт, саат менен өлчөп, аялыңдын, энеңдин толгоосу бышып төрөтү жакындап калгандай кубаныч менен күтүп атабыз. Жакшылыкты күтсөң, саатыңдын жебеси жылбай, коркунучту күтсөң чимирилип бараткандай сезет эмессиңби. Мына азыр да көпчүлүгүбүзгө жебе жылбай туруп алды. Цыганоктун азабынан Головиндин сааты, балким, чимирилип жаткандыр. Азыр саат төрткө жакындады. Күткөн Цыганогу келе элек. Бир аздан кийин Васильевге Головин рапорт бериш керек. Кондрашов жетишпеген материалдарды толук алып келди. Санчасть маселеси чечилип, санаа тыңгылыктуу болду. Иван Сер-

геевичти чакырып алып, мен анын Салмановго эрегишип бүгүнкү кылган кылыктарын мойнуна далилдеп салып, уяткарып, мындан кийин кайталабоосун эскерттим. Өзү аскердик медицина окуу жайын бүткөн кадровый офицер боло туруп, уставга ылайыксыз иш жасагандыгы офицерлик наамды булгаарын жай айтып жолдошчулук жол менен жүйөлүү айтканыма Кондрашов ыраазы болуп, эми өзүнүн ызасын айтты.

– Жолдош капитан, сиз менден даражаңыз улук болсо да, жашыңыз кичүү жана да кадровый офицер эмессиз. Мен армияда кызмат өтөгөнүмө, училищени кошуп эсептегенде, быйыл сегиз жыл болду. Батыш Украинаны, Батыш Белорусияны негизги мекенине бириктирүү, Польшаны Германия менен бөлүшүү, Эстония, Латвия жана Литва мамлекеттеринин буржуазиялык өкмөттөрүн кулатып, социалисттик өлкөнүн кучагына алуу кампанияларына жана Финляндия менен болгон согушка да катышкамын. Бул азыркы согушка биринчи күндөн бери катышып келатам. Бул жылдары кимдер менен гана иштешкеним жок. Акылдуулар, акылсыздар да кабылды менин багыма, асты ушул Салмановдой акмак, дөдөй уятсыз киши менен биринчи жолугушум. Анын келгени эки ай боло элек, бирок санчастагылардын баарысын тажатып бүттү. Дивизиондордун фельдшерлери, санитарлары бизге келүүнү койду. Салманов өзү аларга бир жолу да басып барганы жок. Майдан чегинде эмес, оорукта өрүүн болуп турдук го...– Айтып отурса Иван Сергеевичтин арманы көп көрүнөт. Баары эле жүйөлүүдөй. – Сиз бизге башчы болбосоңуз да, бир жылдан бери жанаша жүрүп, иштешип келатабыз. Салмановдон мурдагы еврей Морозовду жакшы билип калдыңыз, ал деле жыргатып иштөөчү эмес, коркок эле, бирок медицинадан, айрыкча аскердик талаа хирургиясынан толук кабардар киши болучу. Коллектив менен урушпай, кеңешип, ынтымактуу иштей турган. Бул неме медицинадан

элементарлык маселелерди билбейт. Билгендердин тилин албайт, кежирленип жүрө берет. Орус тилин, кечирип коюңуз жолдош капитан, көңүлүңүзгө кетпесин, чала билгени аз келгенсип, жөн сүйлөбөй эки сөзүнүн бирөө «энеңди», аны да туура айта албай күйдүрөт, ...«тывой маты»[1] деп. – Же энеңди дегенин, же талпагыңды дегенин билбейсиң. Аргасыздан күлсөң, ызаланып ого бетер ачууланат. Мунун же билимин көрө албай, же тилин түшүнө албай абдан беймаза болдук. Бирдеме деп жооп кайтарып келатсаң: «молчат! Я капитан медицинский служба, а ты лейтенант, услушай мой команда!»[2] дейт да турат!

Лейтенант Иван Сергеевич Конрдашовдун арыз-муңун тартип боюнча милдеттүү эмес, жай абалда сырдашып отуруп угуп, буга абдан боорум ооруду. «Ырас эле армиянын санитардык башкармасында кайдыгер, таш боор адамдар олтурабы? Кантип эле Салмановдун өзү менен бир ооз сөз сүйлөшпөй туруп, «сырттан тон бычып» гана «мейли, өлсө алдыңкы чекке барып өлсүн» деп айдап жиберсин? Дагы ушуга окшогон кыйла күдүк суроо оюма келип, жооп таба албай бир далай ичимен алпуруштум. Бүгүн эртең мененки Кондрашовго айткан катуу эскермелерим үчүн андан кечирим сурабаганым менен, ал учурда иштин жагдайы боюнча күнөөнүн кыйла үлүшү Кондрашовдо болгонун мойнуна салып, бирок «беш сутка камак» жарыялаганымды кайра алдым. Колумдан келишинче анын таарынчысын жазып: «биз салмановдорго иштебейбиз, биз Ата Мекен жыргалчылыгы, фашизмди жеңүү үчүн иштейбиз. Негизги ыйык максатыбызга жетиш үчүн анча-мынчага ыза болбой, майда-чүйдөгө таарынбай, адал эмгегибизди талыкпай аткарышыбыз

[1] Бул жерде орустун «твою мать» дегенди туура айта албагандык жөнүндө кеп болуп атат, «маты» деген жерге салган таар, талпак бойрону түшүндүрөт.

[2] Мен медицинанын капитанымын, а сен лейтенант, ук менин командамды деген мааниде.

керек!» деп, анын атуулдук намысын козгоп, өзүн бир кыйла жибитип, ачуусун көшүттүм. Кондрашов да менин сөздөрүмө ыраазы болуп ич күптүсү тараганга окшоп калды.

Мына, сааттын жебеси «4тү», мүнөтүнүкү «12ни» көрсөттү. Головин акыйып жол карап отуруп, көзү карыкты. Ичинен ызырынып, орустун майлуу тили менен Цыганокту сөгүп, жерге түкүрүнүп радистке келди. Ал аппаратын полк командиринин толкунуна туштап турган экен. Дароо эле:«Днепр, Днепр! Я – Сож, Прием, прием!»[1] дегенде, аппараттан заматта кыркыраган табышка аралаш подполковниктин радистинин үнү угулуп, радиограмманы кабыл алууга даярдыгын билдирди. Головин апкаарып, тамагы кысылып, биринчи сөздөрүн каргылданган үн менен айтты, бара-бара үнү ачылып, шар сүйлөп калды. Текст бүт бойдон код менен берилип атты. Цыганок жөнүндө Головин: «Армиялык складда бензиндин очередин күтүп бир аз кечигип атат» деп, код менен эжелеп калп айтууга мажбур болду. Подполковник ооруктун камылгасы устав боюнча толуктугуна, душмандын күндүзгү артчабуулунан аман калганына ыраазы болуп, Головинди мактап койду. Цыганокту эскерген жок! Бул саам да Головинди Кудай колдоп, күткөн жемеден кутулуп чыкты. Ошенткени менен күн кечкирип баратат, Цыганок дагы эле жок. Головин эми өтө тынчсызданып, Гизатуллинди армиянын оорук боюнча командалоосунун штабына Цыганокту таап келүүгө жиберди. Бул кайда, кимдерге көп бараарын Головин билет окшойт. «Мелчемдүү жерлерден издеп, жер астына кирип кетсе да сууруп алып, 18 нөл-нөлдөн кечикпей кел!» деп тигиге катуу тапшырды.

Офицерлердин шашкаландап тынчсызданышын солдаттар да байкап, алар да өзгөчө кыймылдашып, өзгөчө сүйлөшүп кулак түрүп калды. Алар душмандын күндүзгү

[1] Днепр, Днепр! Мен – Сож, Кулак Сизде, Сизде!

артчабуулун, асманда самолёттордун салгылашуусун болочоктогу чоң чабуулдун жышааны катары жана ошол болочок саат сайын жакындап келатканын сезип атышат. Жакаларынын кирдеген бөздөрүн жууп, жаңы тазасы менен алмаштырып, бошоп кеткен топчуларын кайра кадап, пилоткасындагы жылдызын, курунун илгичин чүпүрөк менен жышып, керзи өтүктөрүн салидол менен, кээси арабанын дөңгөлөк майы менен майлашып, айтор, бош отурган бирөө жок. Экиден үчтөн чогула калышып, күбүрөп-кобурап, бирөөлөрү каткырып, бирөөлөрү жылмайып, бирөөлөрү муңайып, үй-жайын, ата-энесин, жек-жаатын, жерин эстеп жатышат.

Кеч кирип келатат. Айланада ары-бери жүрүп аткандардын да аягы суюла баштады. Биз келген түндөн берки түндөрдө күргүчтөп келип аткан аскерлер менен арабыз жык толду. Майдандын чеги жак алдыбыз аскерлерге, курал-жабдыктарга, кужүрмөн техникага жыш. Таман батаар чоло жок. Ыргыткан таш жерге тийбей аскерге тиет. Артыбызда да танкелер жана башка күжүрмөн куралдар шыкырап турат. Бирок шам-шаркыт кыймылдар, айгине аракеттер билинбейт. Биз тарап ың-жың табышсыз. Немистер жактан эми анда-санда пулемёттун табышы алардын бирин-серин замбирек-миномётторунун «күрс» жарылган дүрмөттөрү гана бул жерде согуш жүрүп атканынын белгисин күбөлөйт. Башка шек жок. Саат 18 нөл-нөлдөгү докладда өзгөчө жаңылыктар болбогондуктан, ал бат эле бүттү. Гизатуллин Цыганокту издеп таппай келгенин Головин коркуп айткан жок. Цыганок бензинин алып келе элек, ал жерде кезек күтүп атса керек деген күдүк пикир менен Головин докладын аяктады эле, полк командиринин ызырынган табышы рациянын эфирдик жаңырыктарына аралаш күңгүрөп тим болду.

Түштөн кийинки ала булут кечинде таркап, күн кызарып батып бараткан маалда, Цыганоктун шофёру келди, өзү жок. Айласын таба албай тынчсызданып аткан майор

Головин, шофёрдун рапортун күтпөй өзү шашкалактап, ачууланып:

– Энеңди... кайда жүрөсүңөр керээли кечке таптырбай? Начальнигиң кана? – Майордун бул тилдегенин көп угуп ашмалтай болуп, кулагына үйүр, кадимки «садагасы» деп, эркелеткендей көндүм болгон солдат:– Жолдош майор, – оң колунун учун чыкыйна такап – өзүңүз мага үйрөткөнсүз: «начальникке каяша айтпа, ал эмне кылып атканын өзү билет, сенин ишиң унчукпай «куп» деп, баш ийүү. Мен сиздин нускалуу сөзүңүздү абийирим менен аткарып жүрөм...

– Эй, энеңди урайын келесоо! Начальнигиң кайда деп сурап атпаймынбы сенден. Деги дениң сообу? Цыганокту эмне, немистерге өткөрүп берип келдиңби? Айт батыраак, эгер жаныңдан үмүтүң болсо? – деп, Головин оң колу менен кобурасын сыйпалай баштаганда, солдат чыны менен коркуп, үнү калтаарып, бүткөн бою калтаңдап, жооп бергиче шашты.– Баягы күнү Сиз менен чогуу барган госпиталга жатып калды.

– Эмне, ага ок тийдиби? Жарадар болдубу? Же жолдон жин тийбиди?

– Жок, сопсоо аман эле жеткенбиз.

– Анда эмнеге госпиталга жатты?

– Аны мага айткан жок.

– Аны ким жаткырды?

– Ким экенин кайдан билейин. Керээли кечке шлагбаумдун сыртында күтүп атып ачка да болдум.

– Столовоюна алып барган да жокпу?

– Жок, эртең менентен бери бир наар албай өзөгүм ооруп араң келдим, жолдош майор. Капитан Цыганок кечинде оорулуулардын кийимин кийинип, мага келип: «Жөнө, кошуунга күн бата электе жет, мобу катты майорго бер» деди. Мынакей, жолдош майор.– Солдат Головинге үч бурч болуп бүктөлгөн кат сунду. Майор калтыраган колу менен катты ачып, купуя окуп: «Сво-

лочь!» деп, жини келип катты майдалап тытты да: «Автотехникти чакырып кел» деди. Кат купуя окулгандыктан Цыганок эмне жазганы Головинден башка эч кимге маалым болбоду.

Күн батып, жерге иңир кирип, кашкарарды. Отту өчүрүп кечки тамагыбызды бул жерге жараша буурул түндүн илебинде ичип, постторубузду дайындап, ар кимибиз өз жайыбыздан орун алдык.

Бир күндө жүз түркүн дүрбөлөңдүү окуя болгон учурда түнкүсүн да дароо уктай албайсың да. «Жеркепе» деп шарттуу ат койгон жатагыбыз кадимки эле аң үстү гана жашынпак тор менен жабылган. Асманда булуттар пайда боло баштап, жылдыздар кечеки түндөн азыраак. Түн улам түнөргөн сайын, айчык немистер тараптан булуттардын арасынан жарыгыраак саргычтанып көрүнө калат. Аны көз токтотуп дааналап карагыча кайрадан үстү буурул ымырт булутка жашынат. Төбөңдө, чыгыш, түндүк, түштүк тарабында жыртык үзүктөй ала булуттун тешигинен топ жылдыз жылт көрүнө калып жоголот.

Кечээ болгон бүгүн жок, дайым кубулуп турган бул шекер дүйнө канчага насип болоор экенсиң? Чыгыштан капкайдагы бир алыстыкта моторлордун күңгүрөнгөн табышы кулагыңдын кырына билинээр-билинбес урунат. Батышта, майдандын чегинде анда-санда немистердин асма чырагы шуу атылып асманга чыгып, анан күндөй жаркырап бир аз ордунда туруп парашютча калкып, айланасына бүт жарык берип, каалгып төмөн түшөт. Ал чырактын жарыгынан жерде жөргөлөп бараткан кумурска да көрүнчүдөй. Биздин тушубуздан атылып чыккан чырактын чагылгандай күчтүү жарыгынын илеби бизди да камтып, даана көрсөтөт. Балакеттин жарыгына кабылсаң отурган-турган жериңде, жылан арбаган немедей, селейип катып каласың. Чуңкурда жатсаң да жүрөгүң шуу деп, үрөйүң учат. Мурда согушта болуп көрбөгөндөргө бөтөнчө тири укмуштуу таасир берет.

Күндүз кооптуу кабар укпаганыбызда бул түндүн деле кечекисинен айырмасы жоктой. Ошондой болсо да, бул түн мурдагылардан айырмаланат. Аң түбүндө жаткандар түн ортосуна дейре уктай албай, кобур-күбүрү бүтпөйт. Наркы четибиздеги аттарыбыздын чапкан чөптү күртүлдөтүп, чайнагандары угулат. Айлана жым-жырт кезинде түнкү табыш ыраакка кетет эмеспи. Бүгүнкү сурак чоң сабак болсо керек, менин оң капталымдагы Салмановдун чуңкурунан лям табыш угулбайт. Бейиттей кереӊ. Бизден үч бөлүкчөдөн ары орун алган чарба взводунда «Сокол», «Король» деген эки айгыр бар эле. Толуктоо ирээтинде биздин полкко жакында алып келгендиктен, аларды биз биттөөгө үлгүрө албай калганбыз. Түнкү бейкуттукту ошол экөөнүн кез-кезде аңгиленип алышып, азынагандары гана бузат.

Беттешкен, тирешкен эки жоонун ортосун бөлүп турган «Кандайра» бүгүн табыш чыгарбай жыбылжып агууда. Бул дайранын башы Ак Деңизден башталып, аягы Кара Деңиз менен бүтөт. Волга дайрасынан көп узун, бирок бул дайрадан суу акпай, кан агат – болгондо да кишинин каны. Бул дайра табигый дайра эмес, киши колдуу жаралган дайра. Картада табигый дайралар көк боёк менен белгиленсе, бул дайранын эки жээги эки түрдө боёлгон. Биз жак жээги – кызыл, фашисттер жагы – кадимкидей көк менен. Табигый дайралардын сайынын нугу көп өзгөрбөйт, дайыма бир багытка агып турат анын кысык жерлери, жайык жерлери түбөлүктүү бир орунда. Кысыкта суу ташкындап, күпүлдөп катуу агат, агызат. Жайыгында жай жыбылжып агат. Ал эми Кандайранын сайынын нугу ар дайым өзгөрүп турат, агымынын багыты да утур-тетир. Кууш кысык жерлери, жазы жайык жерлери да бир орунда турбайт.

Биз бүгүн ошол Кандайранын жыбылжып жылып аккан жээгиндебиз. Бирок эртеңби, же бүрсүгүнүбү Кандайранын так ушул жери кууштап, эки жээги кысылып

кан селге айланып жолундагысынын баарысын жайпаганы турат. Сайынын нугу өзгөрмөк. Бул бизге маалым. Душман деле сезип аткандыр?..

Ушул түнү мага окшоп миңдегендер траншеялардын таманында, жертөлөдө, чуңкурда, үңкүрдө, коңулда Кандайрадан аман-эсен өткөрө көр деп, Кудайга жалынып жаткандыр? «Кудайга ишенбейм» деген коммунисттерди деле көргөнбүз, кысталышта «эне», «мама», «апа», «кудай», «господи» деп биринчи оозуна алганын, ар кимиси өз тилинде, өз дининде билген келмесин айтып, Кудайга жансоогалап жалынып, аятын окуп чокунуп, уккан билген ырымдарын жасаганын.

Адам деген кызык. Керт башына иш түшмөйүн камарабай жүрө берет. Бирөөгө келген кысталышты, «кокус мага келсе, мен кантээр элем» деп бардык кишилер эле ойлой бербейт. Көбү капарына да албайт, Андай мезгилде Кудайды да, энесин да, атасын да унутуп койгондор көп, күндөлүк тиричиликтин кызыгына батып, аңды-дөңдү абайлабай жүрө беришет турбайбы. Бекер жерден кыргыздын: «башы оорубагандын кудай менен иши жок», орустун «пока гром не грянет мужик не перекрестится»[1] деген макал-ылакаптары чыкпаса керек? Башка улуттардын деле ушул сыяктуу курч накыл кептери бар чыгаар?

Бул түнү ар кимибиз керт башыбыздын камын жеп, убайым чегип эртеңки болочокто катуу кагылышта «Кудай мени сактап, тирүү калтыраар бекен?» деген санааркоо менен бирге: «душманды сөзсүз жеңебиз» деген ишеним офицерлер тургай, солдаттардын жүрөгүнөн да орун алган. «Ошол Жеңишке мен жетсем, ошол Жеңишти өз көзүм менен көрсөм – ээ?!» деп, согуш бороону чыгаардын алдындагы жымжырт бейкуттукта жашынып жаткан баарыбыз дегдейбиз. Жаман түш көрүп, өз улутунун салтына жараша жоруп, «баштан садага» ырымдарын жасап, жүрөгү опкоолжуп, элеңдеп «шырп» эткен табышка

[1] Күн күркүрөмөйүнчө, мужук чокунбайт.

селт бурулуп сабырсызданып аткандар канча? Жакшы түш көрүп жакшылыкка жоруп, Кандайраны аман-эсен кечип өтөөрүнө толук ишенбесе да, көргөн түшүн медер тутуп, Кудайдан үмүткөр болуп атканы канча? Үйүнөн алган катында карегиндей кадырлап, бапестеп баккан аялы балдарын таштап, антташкан убаданы айылга келген болдомочундун борумдуу кийимине, күнүмдүк бийлигине кызыгып ээрчип кеткенин, же сүйүшүп, сүйлөшүп жүргөн кызын, пара берип аскерге чакырылбай, айылда, шаарда чоңдорго жагынып куйтуланып кутуруп, баарына ээ болуп, ээлик кылган шумпай илип кеткенин окуп, ичи өрттөнүп, туз куйгандай ачышып жүргөндөр: «бу көрөкчө өлүшүм керек!» деп, намысына чыдабай ызаланып жүргөндөр эртеңкини «кезегим эми келет» деп, күтүп аткандар да жок эмес.

Деги өмүр, тиричилик, турмуш дегендер тирүү жанды бул дүйнөгө кызыктырып тарта турган немелер окшобойбу. Өмүр – Кудай сага бул дүйнөдө жашоого энчилеген мөөнөт. Өмүрүң узун болсо, бул дайым кубулуп туруучу дүйнөдөн эмнени гана көрбөйсүң? Аларды тааныгың, таткың, билгиң келет. Бул кызыкчылыкты жаратат. Өмүрүң кыска болсо, ширеңкенин башындай дүрт жанасың, акыл-эсиң өсүп, эки жагыңды карагыча үлгүрбөй үлп өчөсүң. Кызыкчылык эмне экенин, анын даамын, ширесин, жытын, өңү-түсүн билүүгө убактың жетпейт, арманың ичинде кетет! Тиричилик – өмүрдүн бул дүйнөдө жашоо түрү. Тиричилигиң бул дүйнөнүн мазмунуна бай болсо, өмүрүң ошончолук салабаттуу, жемиштүү болот, канчалык жарды болсо, өмүрүң ошончолук супсак, кунарсыз, мусаапырсың. Андай өмүрдө кызыкчылык пайда болбойт! Жашоо кызыксыз, көңүлсүз өтөт. Турмуш – жашоонун салыштырма түрү, мындайча айтканда, турмуш – жашоонун даражасы.Ар кимдин турмушу өзүнчө, ал бир калыпта, бир деңгээлде турбай, өөдө-төмөн төө өркөч болуп турат. Деңгээлдин аритмия түрүндө өзгөрүлүшү тиричилигиңдин

мүнөзүнө жараша болот. Жеке турмуштун жакшы жаманы ар адамдын өзүнө ошол аритмия аркылуу сезилет. Бирок өз турмушуңдун өөдүк сөөдүгүн өзүңө Кудайдын буйругу, тагдырдын берген үлүшү катары өкүнүчсүз жоош кабыл аласың. Ал эми тиричилигиң бул дүйнөдө башка бирөөнүкүнөн жемиштүү, кунардуу, мазмундуу өтүп атса, турмушуң ошончо жакшы, ошончо натыйжалуу, ошончо жогору. Өзүң ага ыраазы болосуң. Эгер сенин турмушуң башка бирөөнүкүнөн төмөн, натыйжасыз өтүп атса, сенин ичиң күйөт, анын турмушун көрө албай, ага жамандык издөөгө ниет кыласың. Демек, чатактын эң биринчи себеби өз турмушуна ыраазы болбой, бирөөнүкүнө ач көздүк кылуу окшобойбу?..

Кудая тобо-о! Балким, азыркы дөө мамлекеттердин эки жаат болуп кармашып, натыйжада миллиондогон жазыксыз момун букараларынын каны дайра болуп агып аткан алаамат согуштун эң баштапкы себеби деле ошондой турмуштук ач көздүктө болуп атпасын?..

Ошентип, баягы Жертөлө университетинде баштаган өмүр, тиричилик, турмуш жөнүндөгү күйпөлөңүмдү уланта берип, тагдырымдын аймагын дагы бир ирээт чарк-көпөлөк айланып атып чарчасам керек?! Качан көзүм илингенин билбейм...

**– 7 –**

Чекеме катуу бирдеме тийди көрүнөт, чочуп ойгонсом, Кудай бетин салбай кал! Жер силкинип, чуңкурдун капталынан топурак урап, тарса-түрс та0быштар бирине бири уланышкан жыш тирукмуш күр-шар. Жарк-журк, жарк-журк чагылган, бирок асман ачык. Жомоктогу желмогуздун айкырыгы буга караандабай жолдо калат. Кулактардын тарсылдагына шиш каккандай. Балыкча оозуң менен дем аласың. Алдың-артың, бүт айланаң тарса-тарс, күр-күр-күр! Тарсылдактар туташ болсо, чоң дайранын шаркырат-

масындай күрүлдөйт экен. Башың кеңгирейт. Уйкудан чочуп ойгонгондуктан, эмне алаамат болуп кеткенин биле албай, эңги-деңги дендарообуз. Корккonуман көзүмдү кайра жумсам деле чагылгандын оттору тынымсыз жарк-журк, жарк-журк! Үстүңдөн абаны ышкырта чуулдаган табыш. Карай койсоң, жылдыздар учуп бараткансыйт: «оу-оу-у-күр-күр» деген катуу өкүрүк. Бул «Катюша». Жанымдагы Чистов чочугандан секирип тура качып, кайра бүк түшүп отура калды. Бир оокумда эс-учумду жыйып, оозума келме алып, сабыр кылып байкасам, тигил тирукмуш тарсылдаган табыштар атып аткан замбирек, миномёттордун табышы экен. Чуу-чуу, шуу-шуу ышкырыктар алардын үстүбүздөн батыш тарапка учуп аткан ок-дүрмөттөрүнүн табышы экен. Алаамат басылчудай эмес. Жакын жерде жарылган табыш угулбайт. Кудая шүгүр, баягы күткөн кандуу «той» башталган тура деп, эс-акылымды жыйып, айланамды байкасам, жерге жарык түшүп калыптыр. Саатымды карасам, 5тен 3 мүнөт өтүптүр. Бөлүкчөлөрдүн башчы офицерлерине жакында бирден «Кировский» заводунан чыккан саат берген эле. Убагында бурап турсаң, абдан так жүрөт экен. Демек, «той» туура эртең мененки саат 5те башталган экен да! Кудай артын кайырдуу кыла көр?! Каны, чыгымы аз «той» боло көр!

Менин бул заруратым Аллага жетээр бекен? Кудай бул алааматтан аман алып чыгаар бекен? «О жараткан, пендем десең жанымды сактап кала көр!» жана дагы башка оозума келген сөздөрүм менен Алла талаага жалынып жалбарып, атам үйрөткөн келмени билишимче кайталап, өзүм менен өзүм сүйлөшүп атып, көзүмдүн кыйыгы менен Ефимди карасам, анын да ээрди кыбырап бирдемелерди айтып, чокунуп атат. Жан чиркин оңой эмес, денеңден чыкса, кайра кайтпайт да!

Бейкуттукта жанды дайыма эле эстей бербейсиң. Бул дүйнөнүн кызыкчылыгына алагды болуп, артынан ээрчий берет эмессиңби, ал эми кыстоо келгенде бүт дүнүйөң,

байлыгың бир тыйынча татыбай, баарысын чымындай жаныңа садага чабат экенсиң! Кудай андай жанкысмакты эч пендеге бергилик кылбасын!

Ой, тобоо! Баарын билип турган мен ушунчалык калчылдайм, а согушка жаңы келгендер кантип атат экен? Ал эми ушунча кубаттуу артиллериянын ок-дүрмөттөрү жарылып аткан жердеги аскерлердин абалын Кудай итке да бербесин. Ушул сүкүнттөрдө ал жерде шоркурап аккан кан, чыркырап учкан жан, күкүм болуп бүркүлүп аткан дене канча? Согуш деген балээнин сүрү жүрөгүңдү сары сууга толтурат го?! Пай-пай-пай! Биз тарап чоң чабуул баштады. Азыркы согуштун чабуулу ар дайым артиллериянын аткылоосу менен башталат, асмандан самолёттор биринчи, экинчи траншеяларга бомбу ташташат, анан танкелер кыймылга келип, душмандын траншеяларын тепсешет, ДОТ, ДЗОТторун талкалашат. Танкелерге жармашып, жашынып барган аткыч жоокерлер душмандын тирүү калып айбат кылган солдаттарын жайлашат, кай бир учурда бетме-бет кармаша кетишип, автоматтын огун жаадырып, граната жардырып капыстан чыга калгандары менен шамшарлашып бырчылдашат. Душмандын коргонуу чегин ушунтип бузушат. Өтө бекинип, чабуулга өтүп аткандардын танкелерине туруштук берип, айбат кылган жоокерлерди самолёттон ракеталар менен аткылап, өрттөп, тамтыракайын чыгарат.

Чоң чабуулдагы эң башкы эреже: душманды камынтпай, капыстан, күтпөгөн жерден, күтпөгөн убакытта согуу! Бул учур туура тандалса, душман эс-учун жыйгыча – 10–15 мүнөттө анын куралын таш талкан кылууга болот. Кокус болжогон мөөнөттөн жарым эле мүнөт кечиксең, кезегиң душмандын колуна өтүп кетиши мүмкүн. Анда айлап даярданган камылгаң каруугa жарабай кайранга кетет. Кеп кезекти тандай билүүдө!

Биздин артиллерия душман майданын бир сааттан бери быт-чытын чыгарууда. Ошондон бери биз тарапка

душмандын бир да дүрмөтү келе элек. Алар жактан эч кандай жооп жок. Жада калса, пулемёттору да унчукпайт.Тиги тырылдаган табыш биздин пулемёттордуку. Чабуулдун жазылык энине көз жетпейт. Жерден булаган чаң батыш тарабыбызды бүт каптай баштады. Күн кежигебизден чыгып жерге нуру чачырады. Ошол кезде алдыңкы чектен асман карай созулган бозомтук коюу чаң карга учуп өткүс бийик жарга окшоп көрүндү. Анын бир тарабы түндүккө, бир тарабы түштүккө мунарык болуп жоголот.

Кононада башталганына туура бир саат болсо да басылайын деген белги жок. Нөшөр жаан деле бирде күчөп, бирде солгундайт го. Мында ал да жок. Биздин түштүк тарабыбызда, сол капталыбызда бир жана желкебизде бир взвод 76мм замбирекчилер бар эле. Кулагыбыздын тарсылдагын жарып аткан ошолор болучу. Бир кезде сол жагымдагыларымды карасам, ар бир замбирекке үч ок ташуучу, эки дүрмөттөөчү кара тер куюлуп араң үлгүрүшүп атышат. Мээлегич ар бир аткан сайын кароолун карап, таамайлаганга араң жетишүүдө. Булардын жиберген дүрмөттөрү бутага тийдиби, жокпу, ким билет? Билсе, алдыңкы траншеяда аткыч жөө солдаттар менен кошо жаткан батарея командири билбесе, булар билбейт. Ал турнабайын көзүнөн айырбай, душмандын жайгашкан жайларын тиктеп, дивизион командири белгилеп берген бутаны өзүнүн батареясы менен талкалоо милдетин аткарууга жанын үрөп аткандыр?.. Кээ бир дүрмөт жетпей, кээси ашып кетип, оң-сол жагына тийип кыжырын кайнатып аткандыр?.. Андай учурда взвод командирлеринин эне-атасынан эчтеме койбой трубкага бакырат дечи. Эгер таамай тийсе, энеси эркек төрөгөн немече «Баракелди!, Баракелди!» деп кубанып аткандыр?..

Кудая тобоо! Кишини кандай туюк сырдуу нерседен жараттың экен, Кудурет? Мындан бир саат мурда эле чочуп ойгонуп, бүткөн бою бүт үркүп, «жаным калаар

бекен?» деп безеленип кайыккандар, азыр кулак чыдагыс тарсылдакка чыдап, ал тургай үйүр болуп, бул дүңгүрөгөн алаамат өзүнө зыян келтирбесине көзү жетип, жаңы шартка ыңгайлап ар кимиси өз аракетин күндөгүсүндөй эле, бейкутчулуктагыдай эле аткарып кыбырай баштады.

Полк ооругунун солдаттары, офицерлери артиллериянын жоокерлери менен аралаш болсо да, бири бирине жолто, кедерги болбой, ар кимиси өз тиричилиги менен алек. Бирөө консервасын ачып, бирөө жыбыттан суу алып, бирөө дагы бирдеме менен өзүнчө түйшүктөнүүдө. Кононаданы жок немече, капарына да алып коюшпайт. Аттар чөп чайноону токтотуп кулактарын жапырып, камчы эттери титиреп, киши көрсө жансоога сурагансып окуранып, жанына барсаң башын колтугуна катат. Карачы, айбан көнө албай жанталышып атса, киши – кадимкисиндей. Бүгүн артиллеристер үчүн өтө жооптуу, түйшүктүү күн. Алардын кызматын карап туруп, биз ыраазыбыз. Биздин миномётчулар да, азыр кара терге түшүп аткандыр азаматтар!? Алар бизден 1–1,5 км алдыда.

Бир оокумда чаркыраган-даркыраган табышы жер жарып, үстүбүздөн жер менен жер болуп жапыз учуп штурмовиктерибиз өттү. Санап үлгүрө албайсың, каргаандан көп. Алардын арткысынан көзүңдү айыргыча алдынкыларынын таштаган бомбуларынын, аткылаган ракеталарынын табыштары күндүн күркүрөгүндөй дүңгүрөп атты. Булардын биринчи тобу кайтып бурулгуча, артынан экинчи тобу куйрук улаш келип атты. Канча эшелон Ил-2 штурмовик өткөнүн билбейм. Чагылган түшкөндөй, жер көчкөндөй дүңгүрөгөн катуу табыштар алааматтын ансыз да адам чыдагыс үнүн ого бетер күчөтүп кирди. Табыштарын эле уккан биздин жүрөктөр ушунчалык түрсүлдөйт, ал эми дүрмөттөр, бомбулар жарылып, ракеталар өрттөп, куйкалап, октор мөндүрдөй жаап аткан жерлердеги аскерлер кантип атат экен, байкуштар? Немис болсо деле, душман болсо деле баарысы

фашистер эместир? Бизде деле партияда, комсомолдо жок көп эле жоокер согушуп атпайбы? Карапайым солдатта эмне жазык? «Бас!» десе басып, курал берип «ат!» десе атып, командирдин гана эркин аткарып жүргөндөр канча? Аларда биздики окшогондор жок дейсиңби? Кол кайтарбаганына караганда, баарысы болбосо да, далайы кырылган го?.. Же каапыр амалдуу немистер траншеяларын биздин чабуулдан мурда таштап, артка чегинип, бир жашыруун жерлерде бугуп жатышабы? Андай учурлар да болгон. Айбат кылбай атканын «баарысын кырдык» дешке болбойт. Адамдан амал качып кутулбайт эмеспи.

Мындай эбегейсиз зор согушта амал абдан керек турбайбы. Биздин амал мына, капыстан шек алдырбай соктук эле, душман айбат кыла албай калды. Кононаданын башталганы эки саатка жакындап баратат, кана немистин бир ок чыгарганы? Аларда деле алыстан аткан замбиректери бар, кана бир дүрмөтү да биз тарапка учуп келген жок? Аларда деле көп эле самолёт бар, кана бирөө да биздин асманда көрүнгөн жок? Жана кононада башталгандан 20 мүнөтчө өткөндө, жерге жарык түшкөндө асманда, каркыра учкан бийиктикте, оң-солуна көз жетпеген мейкиндикте төрттөн-төрттөн топ болуп жүздөгөн бомбулоочу самолет үстүбүздөн мелтиреп сызып, немистин ооругуна өттү эле, балким, ошолор немистердин самолетторун аэродромдорунан учурбай, алыстан атуучу замбиректерин турган жерлеринде талкалап таштадыбы, айтор немистин эч кандай самолёту көрүнбөйт.

Кудай оңдой берди кылды бейм. Кандайра ташкындаганына бир аздан кийин эки саат болот. Душман тарап баш көтөрбөй, кол кайтарбай ың-жың. Анын төбөсүнөн жарылган замбирек, миномёттордун октору, бомбулар, окбүрккүчтөрдүн жаадырган октору, отбүрккүчтөрдүн куйкалаган оттору, катюшалардан, штурмовиктерден учкан ракеталар – баарысы киши өлтүрүүгө арналып, киши жасаган жалаңкычтар душмандын аскерлеринин

канын агызып, Кандайраны ташкындатып, жанын алып денесин былчыратып жаткан кез. Менин «Кудай оңдой берди» дегеним ошол эле кезде биздин жоокерлердин мурду да канай электигинде болуп атпайбы. Менден коркуу сезим басаңдаган замат эле, чуңкурумдан туруп Баранов, Посоховдорго барып, ал экөө менен бирге солдаттарыбызды кыдырып кайрат берип, жөнөөгө даяр болушун эскертип, эрте ашты жеңил-желпи эле тамактанууну буюруп, камылгабызды көрүүгө киришкенбиз. Төлгө башы жаман эмес, Кудая шүгүр! Көптөн күткөн Жеңиш аттуу бейкутчулук алып келээр Күндүн таңы атып келаткан бейм?! Ошондой Күндү Кудайым мага көрсөтө көр!

Күн жерден аркан бою көтөрүлдү. Күрүлдөк күчөгөндөн күчөгөн. Басылаар кейпи жок. Батареялардын экинчи расчеттору, чарчаган биринчилеринин ордуна келип, жаңы күчтөр ого бетер темпин ылдамдатууда. Бул окуяны таңыркап карап отуруп, бала кезимде колхоздун кырманында иштеп аткан молотилка деген машине эмнегедир эсиме түштү. Трактырдын алыска угулган күркүрөк-шаркырак үнү, анын капталындагы шкив деген дөңгөлөгү чимирилип, разинке тасма молотилканын шкивин чимирип атканы, кырман четиндеги сары кыр-сары кыр үймөктөрдөн бооланган эгиндерди үчүлүк менен илип алып сабын ийнине такап молотилкага жеткирип аткан балбан жигиттердин, молотилканын эки капталындагы эки аянтчада маңдай-тескей турушуп, үчүлүктүн башындагы бооларды алышып, орок менен жарышып молотилканын кулкунуна, какабагыдай кылып чачууга үлгүргөн шамдагай келиндердин кыймылдары тетиги артиллеристтердин аракеттерине окшойт. Күркүрөгөн молотилканын артынан буруксуп тыпыны бир бөлөк, саманы бир бөлөк, алдынан иргелген кызылы чубуруп тураар эле. Тарсылдаган замбиректердин оозунан дүрмөт учуп чыгып атканда көзгө көрүнөт, анан заматта көздөн кайым жоголот. Ал эми «саманы, тыпыны, кызылы»

кандай экенин душмандар көрүп, сезип аткандыр? Кудай андайын бизге көргүлүк кылбасын!

Бир оокумда кечеки таңдын «каарманы» Салманов эсиме түшүп, анын чуңкуру жакты карасам, ал неме чуңкурунда жатат, башына бинт оролуп калыптыр. «Кудай ур, жарадар болгон экен ээ!» деп жүрөгүм шуу дей түштү. Ошол заматта кайра эсиме келип: «Бул жерге бомбу жарылбаса, дүрмөт, мина түшпөсө, же асмандан сыныктар келип тийгендей, самолёттор салгылашпаса, зениткалар[1] аткылабаса кайдан жарадар болду?» деген ой кылт эсиме түштү да, эриксизден ал тарапка басып бардым. Карасам, эки кулагынын тушу чулчуят. Өзү жер карап чуңкурунун бурчунда бүкчүйүп олтурат. «Танкасы» көрүнбөйт. Чуңкурунун кырына жакын келип кыйкырсам, унчукпайт, эч сезбейт. Жерден чалма алып ыргытсам, ийнине тийди эле, секирип тура калып, оң колу менен сол ийнин чапчып, элеңдеп башын көтөрүп, мени көрө коюп кубанды. Чапчыган жерин мыкчыган бойдон мага:

– Гардаш, гардаш! Я ранен, сильно болит. Рука пропал. Сон плохой видиль. Уша болит, голова болит! Ой, пропал, гардаш![2] – деп мага жалынып жиберди. Өңү саруулап, көзү алайган. Калың кебездин үстүнөн таңылган бинт анын башын жалпайтып, чыкыйларын тултуйтуп узунунан туурасын чоң кылып укмуштай, серт керсөтүп салган. Буга боорум ооруп чуңкуруна түшө калып, чапчыган жерин карасам, таптаза. Мен ыргыткан чалма, «коркконго кош көрүнөт» дегендей, ага ок тийгендей сезилиптир. «Кулагың эмне болду» десем, укпайт, башын чайкайт, ыйламсырайт, Аңгыча Таня – санитарка жетип келди. Иштин чоожайын андан сурасам, «кононада башталганда эле чочуп тура калып, эки алаканы менен эки кулагын басып бүрүшүп бурчка отуруп калчылдай берди.

---

[1] Зенитка – асманды коргоочу замбирек.

[2] Тууган, тууган! Мен жарадар болдум. Кол өлдү. Жаман түш көрдүм. Кулак ооруйт, баш ооруйт! Ой, өлдүм, тууган.

Айткан сөздү укпайт. Өзү мага бинт, кебез алдырып, эки кудагынын тешигине кебезди батышынча шыкап, ашканын үстүнө коюп, мага таңдырып алган» дейт. Тандынын бул сөздөрү мени Салмановдон жийиркентти. Ачыган боорум муздай ката түштү. Ачуума чыдабай төбөсүнөн чапчып бинтти аттын ноктосун шыпырган сыяктуу жулуп алдым. Кебездери түшүп кетти. Салманов менден мындайды күтпөсө керек. Мен үндөбөй тескери карап, чуңкурунан секирип чыгып, өз бөлүкчөмө басып кеттим.

О Жараткан! Мынча пас макулуктарды жаратпасаң эмне болот эле? Мындайлардын жаны башкалардан артыкпы? Же булар башкалардан бул дүйнөгө керегирээкпи? Жалпы адамзаттын башына түшүргөн алааматыңдан, Жараткан, ушундай кунуктарыңды сактап алып калайын дегениңби? Мындайларды аман калтырып, башкалардын баарысын шыпырып алып кеткениңде бул жарык дүйнөдө кайсы касиет калмак? Жок, мындайлар сактанам деп, ажалдан мурда өлүмгө өздөрү биринчи кабылат. Булар жанда жок коркоктор. О Кудай, коркокту эмнеге жараттың экен? Башкаларга шылдың болуш үчүнбү, же адам баласы биле албай турган жашыруун сыры барбы? Карачы, артиллерист жоокерлер ысыганынан гимнастёркаларын чечип салып, тынбай иштеп жатышат. Алар жакшы билишет, учурган дүрмөттөрү душмандын чегине барып жарылып, айланасындагыларды кайсаарын, жок эле дегенде, жарадар кылаарын. Ошондой эле дүрмөттөрдү душмандар быякка учурса, алар мээлеген жерине түшсө, өздөрү соо калбасын. Ошонун баарын биле туруп, чарчаса да тайманбай, коркпой иштеп жатышпайбы?! А бул кудай албагыр атылган табыштардан жүрөгү түшүп кулак мурдун таңып алганын кара!.. Деле мунун институт бүткөнүндө шегим бар?! Акылсыздын амалы да акылсыз!

Жок, Салмановдун бул кылыгы, анын ойлоп тапкан амалы эмес, коркконунан жанын коргогон аракети! Амал – Цыганоктуку! Өрүүн маалында чоңдор менен таанышып,

байланышып, пара берип жагынып, кыргынга кирээрдин алдында культ этип ооруктагы госпиталга жата калганын! Кудурет өзүң көрүп атасың, өзүң калыс бол, менин оюм чынбы, жалганбы? Цыганок кимге эмне берип жагынганын билбейм, көргөнүм жок, ал арам иштерин бизден жашырганы менен сенден жашыра албайт да, Жараткан! Бирок Салмановдун кылыгы көз көрүнөө, баарыбызга айкын. Бул – акмак, тигил – арам. Экөөнүн күнөөсү бирдей эмес, Теңирим! Өзүң ылгап көр, Жараткан!

О керемети күчтүү Кудайым! Мени кечире көр, сага акыл үйрөтүп, алдыңда күнөөкөр болбоюн. Ошентсе да, өзүң мага берген акылым менен териштирсем, Салманов менен Цыганоктун күнөөсү бирдей эмес. Албетте, Ата Мекендин ыйык милдетин аткаруудан качкандыгы үчүн экөөндө тең күнөө бар, бирок бирөөнүкү мурдатан атайын камынып жасаган амал, экинчиники – корккондон ойлобой жасаган айбандык аракет. Кимисиники кечиримдүү? – өзүң акыйкат, өзүң, Жараткан, калыссың. Жазасын өзүң өлчөйсүң!?

Эми эле көзүм менен көргөн жаман жорукка ачуум абдан келип кыжырым кайнап, оюм он талаа болуп, башыма ар түрдүү санаа кирип, мээм азыркы чындыктан алагды болуп, асман мейкиндигинде каалгып турдум эле, бир оокумда айланам жымжырт боло калып, кереӊ тынчтык кыял түшүмдөн ойготуп ийди. Эки сааттан бери буркан-шаркан түшүп, ташкындап аткан Кандайра лып токтоп, лям табыш жоголду. Тигил күрүлдөк-шарылдакка үйүр боло калган кулагым капыстан жаралган бул кереңди өгөйлөп чый-пыйымды чыгарып жиберди. Жашап турган жарык дүйнө заматта жан берип, айлана бүт өлүп бараткандай сезилип же болбосо Кудайым эми кезекти душманга берип, бизге тыюу салдыбы деп үрөйүм учуп, акылыман шашып калдым. Жок, кулакты дүлөй кылган тынчтык бир мүнөткө да созулган жок! Эми эле мелтиреп мостойгон айлана капыстан аркыраган-чаркы-

раган табыштарга толуп кетти. Туш-тушуңдун баарысында бир ирмемде чыккан моторлордун табышы жерди дүңгүрөткөндө, жарыктык Жер өз моторун от алдырып эми жылчудай сезилди. А-бу дегиче болбой тыягыңдан-быягыңдан, алдыңдан-артыңдан чарылдаган топ-топ майда теректер жалбырактарын желбиретип сабалап, батышты карай зымырады. Баамдап байкасам, терек эмес эле анын бутактарын сайынган танкелер! Бутактарга жашынып, танкелердин үстүндө, капталдарында жармашкан жоокерлер. Баары туулга (каска) кийинген, автоматчан! Булар артынан чаңын бургутуп жөнөгөндө, Жер бети өзү кыймылга келип, Жер үстүндөгүлөр бүт бойдон батышты көздөй көчүп бараткандай сезилет. Аңгыча болбой, үстүбүздөн бизге тиер-тийбес болуп кайып учуп Ил-2 штурмовиктер өтө баштады. Булардын көптүгүнөн көлөкөсүнөн күндүн көзү көрүнбөйт. Пай-пай-пай!

Эртеден бери артиллериянын кононадасынан булардын сүрү ашык болбосо кем эмес. Булардын жаныбыздан, үстүбүздөн эле өтүп баратышы биздин үрөйүбүздү учурду, ал эми булар аткылаган душман шордууда эмне тамтык калды экен?! Келме кезек, терме тезек деген ушул окшобойбу?.. Кырк биринчи жылы немистин самолету жалгыз-жарым адашкан солдатыбызды да аяп койбой, кубалап айласын кетирген деп, Посохов бизге каңырыгы түтөп айтаар эле. Мына эми, старшина, кезегиң келди. Кудай буюрса, намысың колуңа тийди!

Пулемёт, автоматтардан, штурмовиктерден, танкелерден атылган октордун, бомбулардын, ракеталардын табыштары уламдан улам арылап бараткансыйт. Биздин айланабыздан уруштун түрү суук белгилери кете баштады. Жаныбыздагы артиллеристтерибиз куралдарын, оокат-түлүктөрүн жыйноого киришти. Бизге азырынча команда жок. Кудай буюрса иш оңунда окшойт? Немистер айбат кылууга жарабаганына караганда, качкан окшойт? Анан калса, жанагыдай күч менен урган соккуну

фашистер тургай, болоттон жаралган жоокерлер болсо да, кантип көтөрө алсын! Ага чыдаш үчүн кандай күч, кандай кайрат, кандай курал керек?

Ошентип көптөн бери «кандай күндү Кудай башка салаар экен?» деп, жүрөккө түпөйүл болуп жүргөн санаа шишиги жануучудай жышаан берип, бүгүн биздин жоокерлерди Кудай өзү колдоп, дем бергендиктен намыс колго тийип, бир жылдан ашык жылыш болбогон жерде душманынын алдыңкы чебин талкалап, Жеңиштин алгачкы дарбазаларынын бири ачылгандай сезилди:

Бул көрүнүшкө өзүмөн өзүм көңүлүм көтөрүлүп ичимен сүйүнүп, акыбалды билүү үчүн Головиндин штабына жетип келдим. Менден мурда начхим, начартснаб келип калышыптыр. Начпрод, начОВС, начфин, начавтопарк, чарба взводу –булар ар дайым Головин менен бирге болгондуктан, Цыганоктон башкалары да тигини менен чогуу экен. Мен келгенден кийин Головин Салмановго чабарман солдатын жиберди. Эртеден берки окуяны кимибиз кандай сезгендигибизди ар кимибиз колубуздан келишинче сүрөттөп, апыртып, өткөн коркунучту кубанычтуу тамашага айлантып, күлүп каткырып атканыбызда, дыдаарында тирүүлүктүн жышаанынан бүдүр калбаган, чимкириктей чолок мурутунун кылдары тиктийип бириндеген Салманов келди. Кылмыштуу немече мени карады.

Анын кылыктарын мен ортого салып аткандай сезди көрүнөт. Мен аны табалаганда мөрөй алат белем? Өз жамандыгы өз башы менен кетсин! Анын кейпин көрүп, тили шок начхим бирдемелерди баштап келатты эле, рациянын позывною[1] иштеп Головинди чакырды.

– Мен аппараттамын жолдош жүз онтогузунчу! – дегенде рациядан Васильев:

– Күткүлө. Жыйырма мүнөттө кырк төрт келет! – деп сөзүн токтотту.

[1] Позывной – ар бир радиоаппаратка энчилеп берилген ат. Душман билип албас үчүн ал ат улам алмашып турат.

– Жолдош офицерлер, азыр биздин байланыш офицерибиз же анын жиберген солдаты пакет алып келет. Дароо бөлүкчөлөрүңөргө кайтып, солдаттарыңарды тамактандыргыла. Жол жүрүүгө унааңар, жүгүңөр даяр болсун! Душмандын биринчи чеби талкаланышы менен куттуктайм, силерди. Туура жыйырма мүнөттөн кийин, же, колундагы саатын карап, саат 7.45те силерди күтөм. Ошондо пакеттеги информацияны угасыңар! – деди Головин. Биз баарыбыз сааттарыбызды карап, шашып бөлүкчөлөрүбүзгө жөнөдүк. Начхимдин шылдың сөзү угулбай, Салманов күлкүдөн кутулду. Ал мени ээрчип келатып, эмне болгонун түшүнбөгөнүн менден сурады. Салманов мага таарынбаганына көзүм жетип, шордуу бир момун, дөдөй экенине боорум ооруп, абалды түшүндүрүп бердим жана өзүбүздүн Баранов менен кошо Кондрашовду чакырып: «Жол жүрүүгө дароо даяр болгула! Чай-чуйду койгула, ага убакыт жок. Консерваларды ачып, сухарларды сууга малып жеп, он беш мүнөт ичинде аттарыңар чегилип, кире тартиби менен тизилгиле» деп буюрдум.

Мени эле күтүп турушкан экен. Солдаттар тамактанып болушуптур. Чистовум кононада башталгандан бир аздан кийин эле, иштин чоо-жайын түшүнүп, өз ишине киришип аткан болучу. Ал азамат, чай да кайнатып консерваларды да ачып, жылытып коюптур. Табакташ болуп жүргөн Баранов, Посохов, Чистов – төртөөбүз отура калып, Чистовдун даярдаганын бат эле кайсап салдык.

Айланабыз кымгуут кыймылда. Тыягыбыздан-биягыбыздан өтүп аткан замбирек сүйрөгөн машинелер, аттар, арабалар, бронетранспортёрлор, мотордуу замбиректер, «Катюшалар». Айтор, бака-шака! Алды жагыбыздан согуштун сүрдүү табыштары улам арылап, күңүртүрөөк угулууда. Үстүбүздөн өтүп аткан штурмовиктерден сырткары, бийикте каркыралардай тизилип, алыска сокку берүүчү бомбулоочу самолёттор. Алардын оң-солун, асты-үстүн кайтарып кайкып учкан кыргынчы самолеттор.

Кандай гана түрлөрү жок: ПЕ, ТУ, ИЛ, ЛА, ЯК, МИ, дагы мен таанибаган жаңылары, пай-пай-пай! Жерди жайнаткан, асманды шыкаган куралдарды, техниканы жарак-жабдыктарды, ок-дарыларды аскерге аш, кийим-кечек, атка жем-чөп, техникага май даярдап үлгүргөн элим сага ыраазымын, баарын уюштуруп, согуштун Жеңиш планын түзүп, ишке ашырып аткан партия менен Өкүмөтүм силерге ыраазымын, баарысын башкарып, баарысына жол баштап, Жеңишке ээрчитип алып бараткан кеменгер Сталин сага ыраазымын! Элим, журтум! Силердин жиберген нанынарды, ашыңарды адал жеп, жасап берген куралдарыңарды, жарак-жабдыгыңарды ак ишке жумшап, канын-жанын аябай, ыйык Мекенибизди басмырлап, баскынчылык кылган фашистерди кубалап, түрмөгүн түрүп, чыккан ийнине жеткире киргизип бараткан советтик жоокерлер, силерге ыраазымын! Баракелде, баарыңарга ырахмат! Түбөлүк даңк!

Кубанычым ичиме батпай көөдөнүм керилип, көңүлүм эргип, денем сергип, кандай кабар угаар экенбиз деп дегдеп, ичимден ыраазычылыгымды жүз кайталап жаттым. Түгөнгөн жыйырма мүнөт түгөнбөй, сааттын жебеси токтоп калгандай сезилип, жанымды коёрго жер таппайм. Күткөн офицерибиз да машине менен жетип келди. Кабинадан түшө элегинде аны баарыбыз тегеректеп, суроо жаадырдык. Ал колун өөдө көтөрүп:

– Душмандын чебинин бузулушу менен куттуктайм, жолдош офицерлер! – деди. Андан ары сөзүн улантып, немистердин экинчи траншеясын ок коротпой алганыбызды, танкелер атырылткан бойдон тереңге кирип кеткенин айтып атты. – Балким, азыр отуз километрден ашык жерге жеткендир алар. Мына пакетти ачсаңар, бүгүн силер кайсы-кайсы жерлерде болууга тийиш экендигиңер саат-саатка өлчөлүп көрсөтүлгөн, – деди да, кабинадан чыкпай эле шашкан бойдон кайра жөнөдү. Машинеси жыла баштаганда, бизге мойнун буруп, – Жолуңарга

этият болгула, четке чыкпай: бири-бириңердин артыңардан бириңер чубагыла. Минадан бошотулган жолдорго, чийирлерге көрсөткүчтөр сайылды. Алардан адашпагыла! Кошкула көрүшкөнчө! – колун булгалап, чаң буруксутуп жөнөп кетти.

Головин пакетти ачты эле, анда баланча-түкүнчө кыштактардан өтүп «саат 9.30 Горки шаарчасына келип, андан наркы маршрутту күткүлө» деген кыска буйрукка штабдын начальнигин кол койгон, сааттарыбызды карасак 7.55 экен. Туура саат 8 нөл-нөлдө Головнев автокербенди, мен – аткербенин баштап жолго чыгып, эл өтүп аткан жол менен чубап жүрүп отуруп, биздин биринчи траншеяга келдик. Кудая шүгүр өлүк көрүнбөйт. Траншеянын таманында гезиттердин айрыгы, консервалардын калайлары, эски чүпүрөк-чапырак, акыр-чикир. Андан бир аз нарыраак – кашаага тартылган тикенек зымдардын, тузак үчүн тартылган Брунонун түрмөк зымдарынын үзүндүлөрү, алардын ара-чолосунан: «проверено мин нет»[1] деген көрсөткүчтү акмалап отуруп немистердин биринчи траншеясына жеттик. Анын алдындагы зым-кашааларды сапёрлордон мурда эле кононада убагында жарылган дүрмөттөр, бомбулар быт-чытын чыгарып таштаптыр. Траншея деген аты эле болбосо, жээктери жемирилип, кырлары кашаттары ураган, түбүнө топурак толгон жөн гана бир терең арыктын нугу. Дүрмөттөр, бомбулар жарылганда жаралган аңдар, чуңкурлар, танкелер таптагандагы урандылар, төбөсү түшкөн көр сыяктуу оңурайган, алжайган ДОТ, ДЗОТтор, КПлар, ураган, чачыраган топурактарга басылган көмкөрөсүнөн, чалкасынан жаткан киши өлүктөрү, чамынды болуп майдаланган жыгачтар, кабырылган, майышкан темир-тезектер, кийимдердин айрыктары, өтүктөрдүн кончтору, жулуктары. Мына ушундай тири укмуштар мындан бир аз мурда кишилер турган жай болгонун күбөлөшөт.

[1] Текшерилди, мина жок.

Ал эми экинчи траншеясын басып өткөнүбүздө, накта кыргын ушул жерде болгону көрүндү. Траншеянын нугун бойлой алды-артына таманына түшкөн замбирек миномёт октору, бомбулар ракеталар анык тымтыракайын чыгарган. Анда-санда гана жерлеринде керегелерин бекиткен тактайлардын, шыryктардын, калтектердин соройгон учтары, быркырандылары, темирлердин кабырылган, майышкан, буралган сыныктары, бул жерде жоокерлер турган чеп болгондугуна бүдөмүк күбө болушпаса, муну азыр «траншея» деп айтууга болбой калыптыр. Куралдардын калибрине, бомбу, ракеталардын чоңдугуна жараша жарылганда жасаган чуңкурлары ар кандай көлөмдө. Кай бир тилкелерде дүрмөттөр, бомбулар жүйүр түшүп, жанаша жарылгандыктан, алардын орду аң-чуңкур эмес эле аңгек, коо, кемер, жарга айланган. Таамай тийген дүрмөттөрдөн, бомбулардан ДОТ, ДЗОТ, КП жана башка өңүттөрүнүн, буктурмаларынын төбөсү алжайып, цементтелген дубалдары быркырап, ичине топурак толуп калганы канча! Уңкул-чуңкул, аң-дөңдөн араба, машине тургай жөө киши өтө алгыс. Кез-кез жерлерде танкелер тепсеп, ныгырып чимирилип, таптап салган тилкелер кезигет. Ошондой жерлерден сапёрлор пайдаланып өткөөл жасап жиберишкен.

Өлүктөрдүн кандай гана түрүн көрбөйсүң! Траншеянын таманында топурактын урандысына чала бастырылган, чалкасынан, кырынан, көмкөрөсүнөн, бүк түшкөн, чөк түшкөн, чөгөлөгөн, кулактаган, тоңкойгон, суналган, өчөйгөн, очорулган өлүктөр! Траншеянын батыш жак сыртындагылары канча! Жайытта жуушап аткан койлордой. Колу үзүлгөн, саны үзүлгөн, ичегиси, мээси чачырап, башынын маңдай бет жагы эле калган, көздөрү чанагынан чыгып мурдунун үстүнө салбыраган, танкенин таманында жер менен жер болуп тапталган, киши экенин жерге жабышып калган кийимдеринен гана боолголой турган өлүктөр! Ар кайсы жерде чачыранды

болуп жаткан дене тарптары, сыныктары, үзүндүлөрү, күкүмдөрү, бүркүндүлөрү! Кээ бир жерлер баткак. Күн жаабаса, же сөз болбосо кайдагы баткак, кайдагы ылай дегиче болбой жанына келсең – канга жуурулган топурак, үстүнөн тирүүлөр өткөндө балчыкка айланган. О Кудай! Киши өлүгү кумурсканын өлүгүнчө баркка да татыбай калганбы? Пай-пай-пай!

Мындай көп өлүктү биринчи көрүшүм. Өлүктөр менен аралаш жүргөнүмө эки жылдан бир аз ашты. Көнүп эле калгандай болдум. Ошондой болсо да, мынча көп түрлүү өлүктөрдү биринчи көрүп, жүрөгүм опколжуп, көңүлүм айнып кускум келди. Карабоого тырышып, көзүмдү жумсам деле, эриксизден кайра ачылып, башка жакка бурсам деле айлана бүт өлүктөргө толуп калгандай сезилет. Ичимдин ыйын бир аз соороткону ошолордун арасында биздикилердин өлүгү сейрек, анда-санда гана кезигет. Ал учураганда жүрөгүм шуу дей түшөт, жанына басып баруудан качам. Кокус жакыным, таанышым болуп чыкпасын?!

Биз бир атадан төртөөбүз, мен – кенжеси. Баарыбыз аскерге алынганбыз, согушта жүрөбүз. Айылга баарыбыздан кат келип турат, Кудайга шүгүр! Бизден башка аталаш, чоң аталаштар, урук-туугандар, таяке-жээндер, карын-бөлөлөр, куда-сөөктөр, айылдаш-жердештер, коңшу-колоңдор бирге окугандар, бирге иштешкендер, деле өң тааныштардын жарак кармоого жарагандарынын баарысы согушта эмеспи азыр. Менин корккунум, ошолордун бирөөлөрүнө кабылып калбагай элем. Кудай алардын жаманчылыгын көрсөтпөсө экен! «Жер тамырынан эл тамыры көп» дегендей, бул эбегейсиз майдан талааларында кимдер гана жок?!

Ошентип, сүйүнүү менен күйүнүү, кубаныч менен өкүнүч, шаттык менен кайгы аралаш сезимдер ичиме толуп, душмандын коргонуу чебин басып, баягы айтылуу Кандайранын наркы өйүзүнө кошуунубуздун чып-

чыргасы коробой, уруштун чөк калтырган букмаларына карабай, бүлүнбөй аман-эсен өтүп, танкелер салып кеткен чийирлерден адашпай буйтабай жүрүп отуруп, түркүн дарактары асман тиреген дүкүйгөн, колго өстүргөн токойлуу Горки шаарчасына, болжогон убакта кирип келдик. Кандайраны өткөндөн кийин буга дейре жолдо бир жерде немистин талкаланган көп техникасы жолукту. Түркүн-түркүн кыйраган трактыр, автомашинелер, аларга чиркештирилген замбиректер, башка куралдар, сулаган-кулаган өлүктөр, танкелер. Кейпи качып бараткан колоннаны асмандан самолёттор чабуулдашса керек. Бомбулар казган чуңкурлар, дөңгөлөктөрү көктү карап көмкөрүлүп жаткан машинелер, майышкан, тешилген, бүктөлгөн, үзүлгөн, бырышкан, эриген темирлер, күйгөн, өрттөнгөн жыгач-таш, башка буюмдар. Дагы бир жерде кагылыш боло калган көрүнөт. Немистердин дүмүрөйгөн төрт танкесинин күйүгү алардын айланасында душмандын өлүктөрү, алардан обочороок бир секиде, жол боюнда биздин өрттөнгөн бир танке. Танкист куурагыр ичинде калган окшойт. Денеси бүт өрттөнүп, кара күйүк болгон, каржилигинин учунан сызгырылган май тамчылап атат.

Горки шаарчасынын айланасында уруштун белгилери көрүнбөйт. Шаарча уңкул-чуңкул дөбөлүү, дөңдүү жерлерге жайгашыптыр. Мында падыша заманында эле 1861-жылы Айыл чарба академиясы орношкон экен. Агрономия боюнча бардык тармактарынын адистерин даярдаган БССРдин белгилүү окуу жайы экен. Академия адеп уюштурулган кезде эле жердин ландшафтына,[1] топурагынын өзгөчөлүгүнө ылайык түркүн-түркүн дарактарды тигип, дендропарк[2] куруптур. Азыр дүкүйгөн эмендер, кара жыгачтар, бутактары шурудай салбыраган кайыңдар, сөңгөгүнө эки кишинин кучагы жеткис жөкөлөр, бирине бири жөлөнгөн кара теректер, бай теректер, көк

[1] Жер бетинин жалпы түспөлү.
[2] Түрлүү бийик дарактар тигилген токой, парк.

теректер, учтарын куу чалган ак теректер, шыңкыйган мырза карагайлар, бутактары бирине бири маташкан кызыл карагайлар, арасынан элик аралай албаган чегедектери түнт бүчүрдүү бай карагайлар. Дагы далай, мен аттарын билбеген бийик дарактар, эп эткен желге чертилген комуздай күңгүрөнүшөт. Жаңы эле үстүлөрүнөн өткөн кыйын кыргындын дүбүртүнүн жаңырыктары кете электей сезилет. Жалбырактуу дарактардын бутактарынын ачаларында дүкүйгөн-дүкүйгөн, казанпактай уялар. Чар каргалар балапандарын уядан учурган мезгил экен. Алардын жем талашып чуру-чуу каркылдашы, кирген алагүүлөрдүн күрүлдөшү, так каткан күкүктөрдүн үн алышы эртең менен эле куюндай уюлгуп, бороондой боздоп өткөн кайгы-муңдун жер дүңгүрөткөн табыштарын парктан сүрүп чыгарууга арналгандай сезилет.

Керемети күчтүү Кудурет! Согуш өзүнүн бетпактыгын жасап, майдан талаасында муңдуу күү чертилип, жүрөктү мыкчып атса, мында паркта, бейкучтулуктун шаттуу күүсү жаңырып, жүрөктү элжиретип атканын кара! Кайгы-шаттык, ый-күлкү, коркуу-кубануу аралаш жүрөт деген ушу да!

Дендропарк сыртынан чоюн кашалар менен тозулган. Анда-санда жеринде дарбазалар. Парктын ичинде ачык жерлерде пайдубалын чулу таштардан тизип, цемент менен ширеткен, дубалын карападай бышкан кыштар менен кынаган, ордо каалгаларынын эки жагына, алдына кырка бийик колонна орнотулган, терезелери капкактуу, кабат-кабат заңгыраган үстү темир, карапа менен жабылган эски үйлөр. Кээ жерлеринде эки кабат, жалгыз кабат, учурмасы тунукеден, айбанчалуу жыгач үйлөр турат. Архитектурасына караганда баарысы революциядан мурда салынган. Булар Академиянын окуу корпустары, студенттердин жатаканалары. Аркы эңкейиште кабак жакта чарба имараттары, андан ары улай шаарчанын тургундарынын үйлөрү башталат.

Бизди чыгыштан келаткан жол дендропарктын бир дарбазасына жеткирди. Алдыбыздагы Головиндин автоколоннасы дарбазадан шыдыр өтүп, парктын тереңинде бир заңкайган имараттын алдына токтоду. Менин колоннам дарбазанын босогосунан бир аз өткөн соң, жолдун эки жагындагы эки кабаттуу эки үйгө бөлүндүк. Мен сол жагындагысына бурулдум. Парктын ичиндеги тизеден келген шибер чөп ат чалдырганга абдан ылайыктуу көрүндү. Эки сааттан ашык жол жүрүп (саатты карасам 10 дөн 15 мүнөт өтүптүр), жолдо бир да тирүү жан кезиктире албай, жалаң гана өлүктөрдү, кыйраган техниканы аралап, алда кандай санаалуу ойго камыгып келаткан бизди Горкинин дендропаркы кыялдан ойготуп чындыкка көзүбүздү ачтырды. Сол тараптагы үйгө бурулганыма да, бир бөкчөйгөн чал желинкап аарчындалган токол ак эчкини моюнчасынан жетелеп, откоруп жүргөнү себеп болду. Эчкиси оттоп, башын көтөрбөйт. Чал менин алдымда өткөн автоколоннанын ар бир машинесин көзү менен ээрчип, таңыркап жалдырайт. Атымдан түшүп карыяга салам берсем, ал байкуш өз баласын көргөн немече кубанып, көзүнө жаш алып, колумду кармап кучакташып көрүштү да, эчкисинин жибин коё берип, үйүнө чакырып калды. Анын үйү ошол чоң жатакананын пайдубалынын жер таманында экен. Мен Барановго, ат чалдыруу тынымын айтып чалды ээрчип бастым. Бизге алды утур орто жашаган сулуулук сымбаты кете элек, бирок эти качып арыктап калган аял подвалдын тепкичи өөдө көтөрүлүп келатыптыр. Менден бир аз ийменип, токтой калганда мен ал аялга салам берсем, чын пейли менен алкышын айтып амандашып, күйпөлөктөп, алдыбызга түшүп цемент тепкич ылдый жол баштады. Сураштырсам, бул киши абышканын аялы болуп чыкты. «Ой тобоо! чал согуштан пайдаланган экен» деп ойлодум. Кирип барсам, кадимки эле чоң үйлөрдүн күңүрт подвалынын бири. Чакыргандарына ыракматымды айтып, кошумду

жайлаштырып келүүгө улуксат алып, кайра чыктым.

Ойлонуңузчу, жайдын күнү парктагы чөп гүлдөрүнүн, дарак бурлөрүнүн түрлүү атыр жыттары аңкып турса, кучак жеткис жөкөлөрдүн бал ширелүү гүлдөрү жаңы эле сабап, аарылар алардын соңку балын ташып, үлгүрө албай чокмороктошуп жабышып, кербендей тизилип учканда ызылдаган табышы кулагыңа жайды даңазалаган кереметтүү симфониядай угулуп атса, бүкшүп, саңырсыган караңгы подвал эмнеси менен кызыктырмак? Ансыз деле үч жылдан бери түнөгүм жерүңкүр, жеркепе, жертөлө болуп келатпайбы?!

Мен Головинге барып, мындан наркы планыбызды, качан бул жерден жөнөөрүбүздү, толгон токой чарба маселелерди чечип, кайра келсем, баягы чал бул жерде калган жоокерлер менен кызуу маектешип, биздикилердин суроолоруна жооп берип өңүнө кызыл жүгүрүп, тың сүйлөп, жан кирип калыптыр. Баранов чоң үйдүн биринчи кабатынан бир бөлмөнү солдаттарга тазалаттырып, отургучтарды, креслолорду таптырып, стол кондуруп, тамактануу, маектешүүгө ылайыктап жасалгалатып салыптыр. Биз бул жерге түбөлүк жайлашчудан бетер, Посохов кайдандыр бир шкаф таап, солдаттарга кийиртип атат. Аларды карап туруп, «адам кандай кыйын азапта жашабасын, мүнөттүк жыргалын толтура пайдалангысы келет тура» деген ой башыма келди.

Арабалар жолдун эки четине тартиптүү тизилип, аттар чечилип, камыт-шлеялары алынып, отко коюлган. Жолашкананын керинейинен түтүн бурап, бошогон солдаттар, паркта сынган, кыйылган бутактарды, чегедектерди чогултушуп, кай бирлери жеке куралдарынын чаңын сүртүп, кээси жонбаштыгын чечип, жолазыгын чыгарып, кээси бутун чечип чылгоосун күбүп, иши кылып, ар кимиси ар кандай түйшүк менен алек. Ошондо да абышканын сөздөрүн угуп, ага кычыктуу суроолорду берүүгө үлгүрүшөт, эргулдар! Биз менен дайым жамаатташ

Салмановдун санчасты да кыбырап, бирдемелерди жасап жүргөнсүйт. Кондрашов солдаттарына көрсөтмө берип, бирөөлөрүн жемелеп аткандай. Салманов «Танкасын» бура бастырбай артынан ээрчип каршы-терши басууда. Ал неме кечээки уккан жемеден корутунду чыгарган эмес окшойт. «Горбатого могила исправит»[1] деген орустун ылакабы эсиме түшүп, мунун жетесин түшүнүп өзүнөн түңүлүп, бетимди качырып, жалпыга көңүлүмдү бурдум. Бир сөз менен айтканда, солдаттын жол жүргөндө күнүгө жасай берүүчү аракети кызуу жүрүп атыптыр.

Баарысы жайында, устав боюнча жүрүп атканына көзүм жетип, жасалгаланган комнатага абышканы, кемпири экөөнү чакырттым. Чистов өз милдетин айттырбай, камчы салдырбай аткарган солдат эмеспи, колунан келишинче, биздин мүмкүнчүлүгүбүз болушунча столдун үстүн толтурду. Посохов абышка-кемпирди биздин үстүбүзгө алып кирип, өзү сырттагы солдаттар менен тамактанууга чыгып кетти. Биз, Александр Михайлович экөөбүз ордубуздан тура калып, ортобузга карыяларды олтургуздук. Колдо бар тамагыбыз менен аларды коноктоп «Наркомдун кабак ачаарынан» куюп, акыркы, биротоло Жеңиш үчүн көтөрүп, анан шашпай карыялардын аңгемесине өттүк.

Булар айтып олтурса каңырыгы түтөйт. Өздөрү Масквөлүктөр экен. Жанатан бери биз ээги түшкөн чал деп билген киши илимге белгилүү мелеорация боюнча адис профессор Дмитрий Владимирович Петров, Тимирязев атындагы Айыл чарба Академиясынын курамындагы Гидромелеорация институтунун кафедра башчысы болуп чыкты. Азыр жашы элүү сегизде экен. Согуш алдында чоң илимий изилдөө иштерин жүргүзүп, Азербайжандын түштүгүндө «Муган боздоңун кыртыш астынан сугаруу методун» жасап чыгып, аны ишке ашырып, докторлук диссертациясын жактап, СССР Жер иштери Комиссариаты жана Азербайжан Республикасынын Өкүмөтү тара-

[1] Бүкүрдүн белин көр түзөтөт.

бынан көп сыйлык алыптыр. Горкиде бул киши кайдан-жайдан келген чоочун жолоочу эмес, өзү революциядан мурда ушул Академияны бүтүргөндөн кийин кафедрада ассистенттик орунга калтырылып, илимий педагогикалык ишин Белоруссиянын ушул бүткүл Союзга таанымал жогорку окуу жайында баштаптыр. Бул жерде үйлөнүп, бул жерде жаштык өмүрлөрүн өткөрүшүптүр. Дмитрий Владимирович үзүрлүү эмгектенип, мелиорация илиминин белгилүү адамдарынын бири болуп өсүп чыккандан соң, Маскөө кадырлап чакырып алып, Дүйнөгө атагы чыккан, Петровско-Разумовская, же азыркы К. А. Темирязев атындагы Айыл чарба Академиясына кафедра башчысы кылып шайлаптыр. Бул кишинин байбичеси да ушул жердик, Могилев губерниясынын Боровичи деген чакан шаарчасынын тургуну, майда соодагер еврейдин кызы экен. Экөө Горки Айыл чарба академиясында бирге окушуптур. Эшикте эчки оттотуп жүргөн өспүрүм булардын уулу экен. Куурагырдын тубаса кулагы укпай, тили чыкпай дудук экен. Байбиченин туну кыз бала болуптур, бирок ал согуштан мурда эле алты жашарында чарчап калыптыр...

О-о, Жараткан! Канча адам жаратсаң ошончо тагдыр жараткан белемсиң?! Ким менен маектешпе, ким менен сырдашпа, айта келсе, баарысынын тагдыры ар башка! Ошол эле учурда жашоо шарттары, тиричилик аракеттери көбүнүкү бирдей, окшош...

Абышка-кемпирдин өмүр дастанын толук ачыш үчүн өзүнчө бир китеп керек болчудай. Булар чыдап айтып отурушат, биз Баранов экөөбүз зээнибиз кейип угуп отурууга чыдай албадык!

Тээтиги каргашалуу кырк биринчи жылы деле булар бул жерде кокусунан болбоптур. Жылыга каникул, отпуск убактарын Горкиде, Боровичиде, Могилевдо, Витебскиде, Татарщинада, Борисовдо жана башка кургак токойлуу, козу карындуу Белоруссиянын жерлеринде жана Смо-

ленщинада[1], өткөрүшчү экен. Туулган жердин топурагы алтын эмеспи! Киндик каның тамган жер, сенин денеңди сыртына тогуз ай ороп эч нерсеге урунтпай, катуудан-ачуудан, сууктан-ысыктан каркыттап сактап келген биринчи кийимиң – энекеңдин өз денесинен жаралган тон көмүлгөн жер, бардык дүйнөдөн артык, ысык эмеспи?! Кайда барба, кайда болбо – мейли кан сарайында, мейли таңдандырган, тамшандырган Луврда, Эрмитажда, мейли жылдын жайы-кышы, жазы-күзү жанаша бир эле аймакка жайгашкан, табышмактуу табияты ажайып Улуу Тоодо болбо – баары бир туулган жериң көкүрөгүндөн чыкпай өзүнө тартат да турат! Үнсүз чакырат!

Ошентип, кырк биринчи жылы май айында Дмитрий Владимирович, адатынча өзүнүн илимий-эксперимент полигону Муганга жөнөйт. Июндун башында байбичеси баласы менен Горкиге, жылыга эс алып жүргөн жайга келишет. Ары көчүп, бери көчүп жүргөн көп аскер жылыга эле жайкысын удургуп, талаа жортуп машыгып жүрө тургандыктан, Петровдун үй-бүлөсү бул сапар деле алардын аракеттерине өзгөчө маани беришпейт. Кокус эле согуш чыгып калса, ал биздин жерде эмес, жоонун жеринде өтөт. Ошентип эле атпайбы. Финляндия, Польша, Балтика мамлекеттери ошондой эле болбодубу?!

Алдыда кандай балээ күтүп атканын алдыртан абайлабаган булар, көнгөн жерине, эски тааныштарына жыл сайын квартирант болуп жашашчу эски үйүнө келип жайгашат. Студенттер адаттагыдай эле, дарак түбүн куру койбой, экзаменге даярданышып жаткан кез экен. Жылдагыдай эле көрүнүш. Парк ичи түрлүү куштардын сайрашынан күү жаңырыгына жык толгон. Табигый чөптөрдүн, дарактардын гүлдөрүнүн түрдүү аңкыган жыттарынан башың ооруйт, мас болосуң. Маскөөдөгү адамдардын, техниканын башаламан кымгуутунан чыккан дүбүрттөргө, чоочун жыттарга чыйралып, жерине

[1] Смоленск аймагында.

жете толгонуп калган нерв, бул жердин шартына көнгүчө уйкудан башыңды көтөртпөйт, магдыратат да турат. Жай жаңыдан күчүнө кирип келаткан.

Жаңы метод түшүмдү канча көбөйтүп атканын, эрте бышуучу эгиндерди, жемиштерди жыйноонун натыйжасынан көрүп, Петров Мугандагы иштерине өзү ыраазы болуп кубанып, ысык күчөгүчө дагы бир аз иштемек эле, бирок шашылыш телеграмма менен өзүнүн институту чакыртып алат. Келсе, эл аралык абал күндөн күнгө оорлоп баратканы, Германиянын бизге карата жүрүш-турушу көп жакшы эмес. Катылбоо пактынын аткарылышы ал тарабынан алымсындыраарлык болбой атканы жана кыйла кырдаал жөнүндө институттун директору профессорлор-окутуучулар курамынын жыйналышында баяндап берип: «быйыл алыс жакка эс алууга барбай, чар жайыт тарап кетпей, Маскөөнүн тегерегинде болууларын» эскертет. Үй-бүлөлөрдү эс алууга, мүмкүн болушунча, тынчыраак чыгыш тарапка жиберүүгө, же болбосо, Маскөөдөн көп алыс эмес жайларга жайгаштыруу түзүгүрөөк болоор деген оюн айтат.

– Мен жыйналыштан кийин катуу ойлонуп тынчсыздана баштадым. Убагында экзаменин өткөрө албай калган «куйруктуу» студенттерден экзамен алып бүткүчө июндун жарымынан ооп кетти. Үй-бүлөдөн да кат келбеди – дейт, Дмитрий Владимирович, биздин меймандостугубузга ыраазы болуп, анча-мынча кызып. – Санаам чыдабай Маскөө-Минск поюзуна түшүп, Витебскиде башка поюзга отуруп 21 июнда Горкиге келдим. Баарысы аман, жакшы жатышыптыр. Дүрбөп-дарбыгандар деле көрүнбөйт. Биз квартирант болгон үйдүн ээлери, бизчилеп аялынын төркүнүнө – Башкыртстанга эс алууга кетишиптир. Академия күздөтө, кыштата, жаздата «эккен эгининин түшүмүн» – студенттердин билимин сыноо экзамендерин аяктап калыптыр. Эски тааныш профессорлорум өз иштери менен алек. «Маскөөдө эмне жаңылыктар бар?»

деп, эл аралык абалды менден сурашат. Жолдо келатып, талаада картөшкө, кызылча отогон дыйкандарды көрүп, согуштун шектүү белгилерин деле байкаганым жок. Турмуш мурдагысындай эле өтүп аткансыйт. Жайыттарда мал кадимкисиндей оттоп, жуушап жаткандай. Андасанда куйруктарын соройтуп аңды-дөңдү көзүнө илбей безеленип чуркаган уйлардан улам, «жай күчүнө келип, сайгактар чыгып калган экен» деген ой келет. Каршытерши шакылдап өтүп аткан поюздар. Бирөөлөрүндө жолоочу эл, бирөөлөрүндө зыңгырата жүктөлгөн жүк. Кээ бир кызыл вагон чиркештирилген узун поюздарда солдаттар. Кийинки жылдарда мунун баарысы көндүм болуп калган, шектүү жаңылыктар анчейин көрүнбөйт. Бир-эки жолу гана жалпак платформаларда брезент менен жабылган техника, ар бир платформанын төрт бурчунда автоматчан төрт солдаты бар эшелондор күн батыш тарапка сызып баратканын көргөндө, жүрөгүм бир аз опкоолжуду – дейт, абышка – бирок анча чочуткан жок. Анткени мындай эшелондор Кавказдан кайтып келатканымда деле бир топ жерден кезиккен болучу.

Жол чарчап келгенимден эртерээк жатып калдык. Эртең менен байбичем ойготуп, кошуналардан чала-була суук кабар укканын айтты. Көп ишене бербей, ошондой болсо да, өз кулагым менен угууга шашып, тура калсам, саат алтыдан өтүптүр. Сыртта парктагы репродуктордон Маскөөнүн диктору Өлкө боюнча болуп аткан күндөлүк жаңылыктарды айтып атат. Суук кабар жок. Мага окшоп чогулган эл тарап кеттик. Бул жердин радио түйүнү Могилев аркылуу алынган кабарларды гана берет. Антип-минткенибизче саат жети болду. Репродуктордун алдына дагы чогулдук. Бул маалда демейде «Минскинин радиостанциясы сүйлөй турган. Бүгүн эмнегедир Маскөөнүн Коминтерн атындагы РВ-1 станциясы эле сүйлөп калды, «Минск качантан бери сүйлөбөйт?» деп жанымдагылардан сурасам, билгендери бүгүн эле дешет. Саат

жетиде Коминтерн станциясы деле согуш башталганын кабарлаган жок. Аңгыча Академиянын башкы корпусунун, тетиги силердин майор токтогон имаратынын алдына чогулуп, радиодон жаңылык күткөндөрдүн арасынан бирөө: «немистер таңга жуук Минскини бомбулашыптыр. Батышта, чек арада катуу согуш жүрүп атат дейт» деп калды. Баарыбыз бурулуп анын оозун карап калдык. Дагы эмне айтаар экен деп. Мен ал немени таанибайт экенмин. Оюма «бешинчи колоннанын мүчөсү провокатор болбосун?» деген пикир кылт дей түшүп, жергиликтүүлөрдөн сурасам, ал бул жердиктердин баарысына тааныш Академиянын доценти, партуюмунун секретары экен. «Мага азыр эле райкомдон дежурный телефон чалды, тигил кабарды айтты. Чын согуш экенин, же провокация экенин азырынча Белорус КП(б) Борбордук Комитети текшерип атат.

Элге жарыялап, чуу түшүрбөй коё тургула. Өкүмөттүк кабарды күткүлө» деди. «Ошондуктан, жолдоштор, дүбүрөбөй-дабырабай, большевиктик сабырдуулук менен тарагыла. Жолдош студенттер! Эч алагды болбой, азыркы экзамениңерге даярдана бергиле. Биздин чек ара болот чептен да катуу. Душмандын каман азуусун сындырат! Биз бир укум жерибизди да душманга тебелетпейбиз. Катылгандардын катыгын беребиз! Бир ооздуу, ынтымактуу Совет элин жеңиштен жеңишке жетектеп бараткан революциялык согуштарда дасыган Коммунисттик Партиянын башында улуу көсөмүбүз жолдош Сталин турган кезде, биз эч кандай душмандан коркпойбуз. Кызыл Армиябыз эч кандай жоодон жеңилбейт, жана да ушул сыяктуу жалындуу сөздөрүн айтып, «Тарагыла жолдоштор!» деди да имараттын ичине кирип кетти.

Эл деген эл да. Тигинин тилин алабы? Күбүр-кобур күңкүлдөк сөздөр көбөйүп, айрыкча студенттер ары удургуп, бери удургуп, кээси «Азыр согушка даярмын!», кээси «фашисттердин провокациясына бардык студенттер

экзаменди жалаң «отличного» тапшыруу менен жооп кайтарабыз!», кай бирлери, «эгер зкзамен бербесек бизди армияга албайт бекен?», «Фотосинтез реакциясын билбегеним менен мынтык атканды жакшы билем» деп ар кимиси өз проблемасын сүйлөп баратты.

Саат 9 нөл-нөлдө Өкүмөттүн билдирүүсүн угуп, чын эле согуш башталганын билдик – деп, Петров жанатан бери тынбай сүйлөп атып чарчаганынанбы, же өзүнүн айтканы чын болсо, оккупацияда калгандан бери ичимдикти оозуна ала электигиненби, же болбосо, согуштун биринчи күнүн, башына накта мүшкүл түшкөн күнүн эстегендигиненби, айтор, сөздөрүнө мукактанып, бир азга токтоп калды. Учурдан пайдаланып Баранов кружкага дагы эки ууртам куюп, карыяга сунду. Абышкасынын сөзүнө кошумчаларды киргизүүгө убакыт таппай жалдырап, унчукпай, же столдогу жайнап турган тамактарга көзү түшүп турса да, этиканы сактап даабай олтурган байбичесине мен тамактан ала отурууну өтүнүп, алдына ачылган консерваны жылдырып, тарелкасына бир кертим балык салдым. Байбиче бирдеме айтуудан тартынып кызарып кетти, бирок балыкты алаардан мурда, батынып:

– Балам, Сиз мени кечириңиз, «балам» дегениме, мага балам курактуу эле көрүнөсүз. Эгер Сизге оордук кылбаса, эшикте эчки откоруп жүргөн баланы чакырып коёюн...

– Кечиресиз айып бизде, жана эле чакыртсак болмок. Азыр чакыртам, старшина аны конок кылып аткандыр...– Менин сөзүмдү аягына чыгартпай байбиче шашып-бушуп ордунан туруп баратып:

– Сиз убара болбоңуз ал менден башканы укпайт да, тилин да албайт. Майып кишини Кудай кежир да жаратып коёт турбайбы – байбиче акыркы сөздөрүн басып баратып бүтүрдү да, шашып сыртка чыкты. Абышка сунган кружканы тартып жиберип балыктан оозуна салып, бир аз мүлжүңдөп чайнап жутту.

– Тамактан алыңыз, сүйлөп атып жанатан бери оозуңузга эчтеке тие элек, Дмитрий Владимирович – Баранов абышканы сүрөп чай сунду.

– Ыракмат сыйлагандарыңызга, чынымды айтсам төрт жылдан бери мындай тамак түшүбүзгө да кирбей калды эле, немистердин радиосу «Советтер Союзунун кызматка жарачу адамдарынын баарысы аскерге алынып жаш аялмет, кары-картаңдарды фабрикаларга иштөөгө мажбурлап, айыл чарбасында иштей турган кишилери калбай, азык-түлүгү азайып, ачарчылык болуп атат» деп күнүгө чуулдатып атчу эле, силердин азыктарыңарга караганда жакшы эле го? – тамактан бир аз жеп, чайдан ууртап коюп узун сөзүнө кайра кирди.

– Согуш деген суук кабар тараары менен элдин пейли өзгөрдү. Кечээ эле сүтүнүн литрин 50 тыйынга сатып аткандар бүгүн 1 сом сурашат. Картөшкө, сабиз, эт, май, бир күндүн ичинде 2–3 эсе кымбаттап кетти. Республикалык Академиянын колтугундагы кичинекей шаарчанын колхоз базарында ичип-жешке жарактуу азык-түлүк, жем-чөп деген неме алуучуларды күтүп жайнап тураар эле, согушту уккандан кийин, базар ээндей түштү. Алуучулар, сатуучулар заматта азайды, жалаң базардын колун караган биз окшогон келгиндерге, жолоочуларга айрыкча кыйын боло баштады. Кайрылышкан каралашкандар сейректеп, ар ким өз жаны менен алек.

Ары удургуган, бери удургуган эл. Академиянын эле территориясында күнүгө төрт-беш жолу митинг. Колхоз аянтында канча дейсиз?! Академиянын башкы корпусунда, сельсоветте, учхоздун конторунда, иши кылып болгон мекемелик имараттардын баарысында, военкоматтын кызматкерлери келишип, аскерге чакыруу пункттар уюштурулуп, киши деген кымгуут!

Күнүгө радиодон уккан кабарларга караганда, Ак-Деңизден Кара-Деңизге дейре батышыбыз жыш согуш майданына айланган. Биринчи күндөрдө: «... и на

вражьей земле, малой кровью и могучим ударом!»[1] деп кыйкырып ырдап, колонна-колонна болуп, марш жасап жүргөн студенттердин табыштары бара-бара акырындап суюла баштады. Митингиден митингиге араң үлгүрүп «согушка мен биринчи барам!» деп көкүрөгүн койгулаган жаш окутуучулардын, студенттердин арасынан үйлөрүнө качып кетип атат деген имиш-имиштер да чыга баштады. Жергиликтүү элдин бир тарабы нан кургатып, буюм-тайымдарын жыйнап жолго даярданууда, экинчилери «кайда бармак элек туулуп өскөн жерибизден тентип, Кудайдын буйругун көрө жатаарбыз. Баарын эле кырып жибермек беле» деген пикирде. «Немистер еврейлерге гана өч экен, башкаларга эгер коммунист болбосо тийбейт экен» деген имиштер да тарап кетти. «Совет өкмөтү кулакка тартып кыйнагандарга, эл душмандарынын үй-бүлөлөрүнө жардам берип, кызматына алат экен» ... деле ойго келбей турган капкайдагы укмуштуу сөздөр «дейт-дейт», «дептир», «экен», «имиш» дагы далай күдүк божомолдор ачык айтылбай, бирок күңкүлдөк, күбүр-шыбыр карапайым элдин эле арасында тургай, академиянын профессурасынын арасына да тарап бара-тат. Радиодон болсо, күн сайын «биздин аскерлер тигил шаарды, бул шаарды таштоого аргасыз болду», анда-санда эле «душмандын көптөгөн күчүнө биздин жоокерлер туруштук берип, мизин кайтарып, коргонууга аргасыз кылды» деген гана санаа басты кабарлар угулууда – Ушул учурда баласын ээрчитип байбичеси үстүбүзгө кирди. Карыя бир аз ордунан копшулуп, тигилерге жанынан орун берди. Баласы дудук болсо да, маданияттуу үй-бүлөдө тарбиялангандыгы билинип турат. Столдогу тамакка, курсагы ачка болсо да, жутунбастан, энесин карап жалдырады эле, байбиче балага столдун үстүндөгү аштын ар кайсысынан бирден алып, баласынын алдына койгондо

[1] «...душман жеринде, аз кан төгүп, зор сокку урабыз» – ырдын үзүндүсү.

гана бул тамакка колун сунду. Атасы баласына жүзүн буруп күлүмсүрөгөндө, баласы да күлүмсүрөп, улуксат экенине толук ишенип тамактан жей баштады. Энеси колдору менен бирдемелерди жаңсады эле, баласы үнүн чыгарып кубанып, бизге башын ийкеңдетип кудуңдап, алдына койгон ашты бурдап-бурдап оозуна салып кирди. Ичин ийдилеп турган ачкачылык байкуш дудуктун сыпайылыгын жеңип кетти. Энеси баласынын аракеттерин жымсалдап: – Майып болгону менен эс-акылы жайында. Такыр эле keреӊ эмес, кээ бир табышты угат, кээ бир сөздү чала-була сүйлөйт. Маскөөнүн менменсинген нечен мыкты отоларинголог[1], сурдолог[2] адис врачтарына, профессорлоруна көрсөттүк – эч кимисинен айла болбоду. «Татаал операция жасаш керек, аны билген адисибиз жок. Бул тубаса дудук эмес, тубаса дудуктун кулагында табышты, үндү кабыл алгыч нервдер болбойт, балаңыздын кулагында андай нерв бар, бирок ошого үн толкундарын жеткирбей жолдо тосуп аткан сөөк же эт бар. Ошону алып таштоо керек. Андай операцияны биздин Союзда Брудный деген бир гана адис жасайт. Ал киши Маскөөдөн алыс Кыргызстандын борбору Фрунзе деген шаарда жашайт. Бир айла болсо, ошондон болот, болбосо чет мамлекеттерге барыш керек» деп, согуш чыгаардын алдында Маскөөнүн улукмандары консилиум жасап чечим чыгарып беришкен болучу. Согуштун каргашасы болбосо, Дмитрий Владимирович экөөбүз Владикти, ыраактыгына карабай, ошол Брудныйга кырк биринчи жылы өктөбүрдө алып баралы деп пландаштырган элек. Ал тилегибиз ташка тийип, Фрунзе тургай өз үйүбүз Маскөөнү төрт жылдан бери көрүүгө зар болуп отурабыз. Такыр үмүтүбүздү үзүп койгон учурларыбыз да болгон Кудая шүгүр! Өмүр отубуз өчүп баратканда, минтип силер тутантып отурасыңар – байбиче жашып, сөздөрүн уланта

[1] Отоларинголог – кулак, тамак оорулары боюнча адис.
[2] Сурдолог – дүлөй дарты боюнча адис.

албай калды. Абышка байбичесинин сөзүнө конок берип өз оюндагысынын аягына чыга элек болсо да, бир топтон бери унчукпай отурган эле. Мен бир чети байбиченин көңүлүн көтөрүп сооротуу үчүн, экинчиден менин Республикамдын, менин шаарымдын атын угуп, эрээркеп:

– Ошол Сиз айткан Кыргызстандан, Фрунзеден болом мен. Шаар Орто Азиянын эң кооз, жакшы жеринен, чокусунан эч качан кар кетпеген Тянь-Шань тоосунун этегине салынган. Жайкысын өтө ысык эмес, кышкысын бу жердей суук эмес, түркүн-түркүн жемиштер бышкан сонун жер. Эли да меймандос – ыгы келип калгандыктан өзүмдү өзүм кубаттап көтөрүңкү сүйлөп, – Жакшы жерде жакшы эл көп болот эмеспи, бизде да ушул академия сыяктуу Айыл чарба институту, педагогика инстутуту, медицина институту бар. Алар мыкты адис окутуучулар менен топтолгон. Сиз айткан Брудный ошол techинститутта кафедра башчысы, аман-эсен иштеп жүрөт. – Муну ашыгыраак сүйлөп койдум. Брудный менен тааныш, дос немеден бетер. Чындыгында бир-эки жолу анын атын уккамын, techинститутта тамак-кулак-мурун дарттары боюнча адис деп. «Башы оорубагандын Кудай менен иши жок» деген ылакапты азыркылар бурмалап, «Тиши оорубагандын доктор менен иши жок» деп айтып жүрүшкөн сыңары менин кулак-мурдум таза болгон соң, Брудныйың менен ишим эмне? Таанычу эмесмин. Байкабай мактанганым өз башыма тийип, абышка-кемпир айтып аткан сөздөрүн унутуп коюп, мага жабышышты:

– Айланайын балам! Брудный жөнүндө билгендериңизди толугураак айтып бериңизчи! Өзү жашпы, карыбы? Кандай дарттарга себеп болуп айыктырган? Кыял-жогору кандай? Ак көңүлбү, же кара мүртөзбү? Кылган жакшылыктарын соодалашпайбы?.. – кемпир эбиреп-жебиреп суроолору менен мени туюкка такап жиберди эле, абышкасы сөзгө кийлигишип: – Алда Фаина Моисеевна ай-йе! Жолдош капитан анын бир тууганынан бетер, ийне-жиби-

не чейин чубап сурайсың да. Фрунзе, бул чоң жолдон обочо турган Горкиге окшогон кичине шаар эмес, бир союздук республиканын борбору, тогуз жолдун тоомунда турган шаар болуу керек. Экөөбүз Маскөөлүктөрдүн баарысын эле тааныйбызбы? Ошол эле сыяктуу жолдош капитан, айтмакчы, мен Сизден погонуңуздагы жылдыздарыңызды көрүп эски, падышалык замандагы чиндерге салыштырып эле «капитан» деп атам, деги туурабы, болбосо согуштун алдында бизде погондор жок эле, офицер деген аскердик ранг да жок болчу...

– Туура, туура таап атасыз, Дмитрий Владимирович,

– Погонуңуздагы жылан оролгон саптуу чөйчөк белгиси медицинага тийешелүү болсо керек эле...

– Ооба, ооба, алтын түстүү болсо – медицинага, күмүш түстүү ветеринарияга таандык. Мен ветеринария кызматындагы офицермин, Дмитрий Владимирович. Мына бул жаныбыздагы лейтенант Александр Михайлович да ветеринар, менин жардамчы фельдшерим.

Анда сиз Брудныйды уга турган жөнүңүз бар экен. Биздин гидротехника менен гидромелиорация бири бирине эжелүү-сиңдилүү кесиптер сыяктуу, ветеринария менен медицина деле бири бирине жакын болуу керек, болбосо эмблемалары кайдан окшош болмок?

– Туура айтасыз, Дмитрий Владимирович. Брудный менен мен кесиптеш болбосом да, андай атактуу кишилердин аты жерде жатпайт эмеспи. Бир шаардык мен эмес, капкайдагы Маскөөдө турган силер билген кишини мен билбесем, мага уят эмеспи?! Мени менен аспирантурада философия жана чет тилдер боюнча бирге лекция уккан медиктердин айтуусуна караганда Брудный ак көңүл, колу жеңил, өзүнүн адистиги боюнча көп сыркоолууну айыктырат, башка шаарлардан, республикалардан да көп келип сакайып кетишет. – Кээ бир жерлерин укпасам да апыртып койдум, Кудай өзү кечирсин. Элимди, жеримди сагынгандыгымданбы, билбейм. Жаман сөз оозума кир-

бей, жалган да болсо жакшылары чубуруп туруп алды.
– Биз Сизди сөзүңүздөн алагды кылып койдук окшойт, Дмитрий Владимирович,– мен абышкага кайрылып, – аңгемеңизди улантыңыз, гезитте фашизмди, немистерди жамандап, көп эле жазылып атат, радио деле андан калышпайт. Бирок силер сыяктуу, алардын таманынын астында болгон тирүү. кишилерден биринчи угуп отурабыз. Сүйлөңүз тартынбай.

Биздин мамилебиз жактыбы, а балким, кесибибиз эл чарбасынын бир ыңтай тармактарынан болушу боор тарттырдыбы, айтор, менин сынамакка үчүн эмес, чындап билиш үчүн сурап аткандарыма ишенип, кооптонбой, абышка бир топ чечилип сүйлөй берди баштарынан өткөргөндөрүн.

– Биз Фаина Моисеевна экөөбүздүн оор деле жүгүбүз жок. Балабыз деле өз боюна өзү ээ, оорлугун бизге тийгизбейт. Адеген күндөрдө качуу деген оюбузга деле келген жок. Аскер деген неме жерге батпай жол бербей батышты карай чубап атты. Көрсө, ушунча адамды, ушунча куралды душман талкалай алмак беле деген, кенебестик, анын үстүнө, биздин пропаганда Кызыл Армияны жеңилгис армия деп ишендирип койгон ток пейилдиктин кесепети камаарабастын тумоосун тийгизген тура.

Согуш башталгандан бир жума өтпөй, баягы биздин жеңилбес кара чечекей армиябыз курал-жараксыз, жөө-жалаңдап, артын карап алаңдап, чыгышты карай дарбаңдап кача баштады. Чоң жолдор тургай, айыл арасындагы чыйыр жолдор качкын элге, качкын аскерлерге толуп кетти. Асманды душмандын самолёттору ээлеп алды. Академиянын карамагында болгон унааларды, автотранспортту согуштун биринчи эле күнүнөн баштап, мобилизация жасап районго алып кеткен. Бул жердегилердин баарысы кары-картаң, жаш-аялмет дебей жөө калдык. Жолдош-жоролор, көп жылдан бери тааныштар да күндөн күнгө азаюуда, кайда житип атканын билбейбиз. Заманабыз саат

сайын куушурулуп, же үйдө эмес, же тынч жерде эмес бизге абдан жаман болду. «Кой, кетпесек өлөбүз» деп биз да оокат-түлүгүбүздү эки чамадан бир мүшөккө салып жолго чыктык. Академияны аралап, чыгыш тарапка бараткан аскерлерге жалдырап, жалынып-жалбарсак да арабаларына, машинелерине салышпайт. Бир сапар бир машинеге жабышып, кийим-кечектерибизди салган чамадандарыбызды, бир мүшөк азыгыбызды үстүнө ыргытып, андан кийин Владикти олтургузалы деп көчүгүнөн жөлөп атсак, анын кузовго жармашкан колдорун үстүндө олтурган бир солдат батанкесинин таманы менен тээп, машинеси токтобой кетти. Мына ошондо кечээки жыргал күн экенин толук сезип, андан биротоло айрылганыбызды көрүп ызама чыдабай өлүп кетким келди – чал бир оор күнүн эсине түшүрүп жашып кетти. Фаина Моисеевна кайраттуу, акылдуу аял экен, эринин жашыктыгын жымсалдап:

– Дмитрий Владимирович ошол күнгө дейре эч кимден одоно, суук сөз укпаган киши, уулунун чыңырып жибергенине чыдабай тегеренип-тегеренип наалат сүйлөп да жиберди... – чал кайра чыйралып кемпиринен сөз жулуп алып – Ошондо мен: «өз деген сен ушуну кылып атасың, жаттан эмнени гана көрбөйбүз, кызыл аскер эмес эле фашистсиң го, жүзү кара!» дегеним күнү бүгүнкүдөй өз кулагыма угулуп турат.

Ошентип, ичээр тамагыбыздан, кийээр кийимибизден ажырап, эмне айла кылаарыбызды билбей карайлап, ачык күндө көз бозоруп жер көрүнбөй, селейип туруп кала бердик!..

Бул абалыбыз канчага созулганын билбейм. Бир оокумда уулумдун ыйы басылганы оор түш көрүп аткан уйкудан ойготкон сыяктуу эсиме келтирди. Баламдын шадыларын карасам, шишип кетиптир, камтууга келбейт. Кармалап көрсөм, колун тартып алып, кайра чыңырды. Биздин жаныбыздан чубап ат-араба, машинелер, атка чиркеген замбиректер өтүп атат. Бирөөлөр да бизге

токтоп, абалыбызды сурап койбойт. Ар ким өз жаны менен алек. Биз үчөөбүз жол боюнда турабыз. Жаныбыздан өткөндөр биз жок немеден бетер көрмөксөн болушат. Карап туруп үмүтүмдү үздүм. Уулум энесин карайт, энеси мени карайт, мен айланамдан түңүлүп жерди карайм!

Ден-дароо болуп, үчөөбүз үч жерде турган кезибизде, биз жылыга келип эс алып жүргөн үйдүн жанындагы студенттердин жатаканасын шыпырып, акыр-чикирин тазалап жүрүүчү бир күзөтчү кызматчы бар эле, ошол киши жаныбызга келип: – «Эмне турасыңар бул жерде, урматтуулар? Өтүп бараткандар тепсеп кетпейби?! Жүргүлө меникине, үйүм жаман болсо да, кыйынчылыкта баш батырууга болот. Албетте, силердей окумуштуу төрөлөр туруугa ылайыксыз. Бирок жоктон көрө жогору» дегенде буттарыбыз өзүнөн өзү эле ал кишини ээрчип, өзүбүз артынан жөнөдүк. Бизди жалгыз бөлмөлүү үйүнө киргизип, адамкерчилик мамиле жасап сыйлады. Ошол күнү кечинде: «Оршаны, Могилевди немистер басып алды деген кабар жетти. Орша биздин түндүк батышыбызда поюз менен бир саатка жетпеген жол. Могилев – түштүк батышыбызда. Ага бул жерден түз темир жол барбайт, бирок ал деле Оршадан бир аз алысыраак болгону менен жакын эле. Эртеси эртең менен согуш болбой эле немистердин мотоциклчен, машинечен аскерлери Горкинин паркын аралап, токтобой өтүп, үй-үйлөргө кирген жок. Болоор иш болду. Андан кийин керээли кечке аңгырап ээн эле калдык. Академиядагылар куюн учургандай тыптыйпыл. Кайда кеткендерин билбейбиз. Күзөтчүнүн айтуусуна караганда, студенттердин аскерге алынуучулары алынып, кыйласы качып үй-үйлөрүнө тарап кеткен, окутуучулары көбүнчө аскерге, ополчениеге, кайсы бирлери жашыруун иштерге партизандыкка небак эле, биринчи эле күндө тымызын жоголушуптур. Үй-бүлөлөрүнүн үлгүргөндөрү райком, райисполкомдун жардамы менен жашыруун чыгышка жөнөтүлүптүр. Бизге айтышкан

эмес. Кейпи, бизди чочунсутуп чочушкан го. Станциянын кызматчыларынын акыркылары да түндөгү поюз менен чыгыш тарапка жол тартышыптыр. Академиянын учхозунда,[1] андан наркы колхоздогулардын көпчүлүгү: «тентип ачтан өлгөнчө, үйдө жатып эмнеси болсо көрөйүн» деп, калып калышыптыр. «Алар деле үйлөрүндө камалып, коркуп сыртка чыга албай калышты» дейт.

– Айтып отурсаңыз бир күндө түгөнчү ангеме эмес көрүнөт. Сиз ачка калмак болдуңуз, Дмитрий Владимирович, алыңыз тамактан...

– Жолдош капитан туура айтат, Дима – менин сөзүмдү байбиче илип ала коюп, – сен бир аз шам-шум этип алгыча мен улантайын мындан аркысын – байбичеси абышкасынын алдына аш жылдырды да бизге кайрылып.

– Биринчи эле күнү кечинде суук кабар уктук. Бизди үйүнө калкалаган бериштебиз акмалап станцияга барса, бир жактан качып келаткан бирөө «немистер Белоруссияда болгон бүткүл еврейлердин шаарчаларын, кыштактарын киши-мишиси менен кошо өрттөп, качкандарын аткылап кырып атат. Боровичи деген биздин бир татынакай таза кыштагыбыз бар эле, ошонун күлүн бүгүн сапырып элин кырып салды. Мен качып араң кутулуп келатам. Биздикилер кайда? Немистер бул жерге келе элекпи?» деп, безилдеп кезиккендерден сурап, бул жерди немис бүгүн аралап өткөнүн угуп, өзүн асма көпүрөдөн таштап жиберип өлүптүр. Боровичи менин туулган кыштагым эле, анда менин энем, эки сиңдим күйөлөрү, балдары менен турушчу эле. Дима келгенден кийин барып учурашалы деп турбадык беле?! Катыгүн!..

– Сиздикилердин дайыны билиндиби? – жанатан бери аңгемени бузбай кунт коюп угуп аткан Баранов чыдабай кетти бейм, суроо менен кайрылды.

– Кайдан кантип билем? Дмитрий Владимирович эле жаман кабар угуп алып, унчукпай жүрбөсө?! Мен төрт

[1] Учхоз – окуу чарбасы. Студенттер практика алуучу чарба.

жылдан бери жарык дүйнөнү бүгүн гана көрүп отурбаймынбы...

– Ишенсеңер ырас айтат – оозундагы чайнаган-тамакты жутуп жиберип, абышка кайра сөзгө киришти. – Күзөтчүнүн бизге кылган жакшылыгын тигил дүйнөдө да унутпайбыз. Тигил кабарды, жалпы жаңылык катарында бизди билбей эле, айта салганда Фаяна Моисеевна чыңырып эсинен танып далайга убара болдук күзөтчү экөөбүз. Эсине келгенден кийин бул бир аз чыйралып, жанагы кабар айткан киши, балким, меникилердин бирөө болбосун барып көрөм» деп, бизди беймаза кылды. Мунун абалын да түшүнүш керек, бирок аны ким түшүнөт? Түшүнмөк турсун, түп көтөрө өрттөп, күлүн сапырып аткан вандалдар! Күзөтчү экөөбүз Фаяны араң сооротуп, станцияга барганыбыз жок. Кудай ошондо чоң сактаган экен, барсак немистердин колуна түшүп бермек экенбиз. Кечинде станцияга немистер поюз айдатып келип, аман калган темир жолду контролдукка алып, эртеси эле иштетип, жүк ташытыптыр...

Аялым эс-учун жыйып, абалыбызды түшүнүп, мойнуна сорпо төгүлгөндөн соң «Эми эмне кылабыз?» «Кандай айла бар?» деген суроолор чыкыйды көзөп, карайлатып, там сүздүрө баштады. Менин мүңкүрөп аргасыз болуп турганымда боору ачыса керек, бир оокумда күзөтчү: «Үйүмдүн ал-жайын көрүп турасыңар, канчалык далаалат кылбайын, силерди душмандан жашырмак тургай аоок батар орун жок. Душман деген душман.Бүгүн бизге келбегени менен, жер жайнаган немелер, эртен эле каптап кирип, түтүндү түрө кыдырып келгенде, баарыбыздын айлабызды кетирет. Силердин бул жердик эместигиңерди, айымдын еврей экенин билгенден кийин, баарыбыздын шорубузду кайнатат. Кой, жалдырап олтура берип убакытты уттурбайлы. Ачык касыңдан аңдыган «досуң» жаман. Немистерден мурда эле ушу жердегилердин ичинен чыккан чыккынчылар түбүбүзгө жетет. Чыккынчы

чыкпайт деп, мен жердештеримдин кепилин ала албайм. Силерди да «эмне болсоңор ошо болгула» деп, таштап салууга менин кишилик бетим чыдабайт, христиандык ыйманым улуксат бербейт, буга мойнумдагы крестим күбө» деп, көйнөгүнүн жакасынын ичине оң колун салып, ичке күмүш чынжырга тагылган кичинекей кресги алып чыгып чекесине, жүрөгүнө эки ийинине тийгизип, анан кош колдоп өөп бизге көрсөттү. Христианиндин нээтинин актыгына мындан артык далилдин болбосун мен бала кезимде чиркөөгө барып жүргөндөн тартып билчүмүн. Мен шашып, ал кишиден эч шек санабай, небак эле ишенгенибизди, кандай алкыш айтаарыбызды таба албай турганыбызды билдирип, кандай айла колунан келээрин өтүнүп сурадым. Ал: «жүрүңүз, убакытты уттурбайлы дебедимби. Менин башка киши кирбеген, курал-шаймандарымды катып коюп жүргөн бир жашыруун бөлмөм бар. Аны Комендант экөөбүз гана билчүбүз. Комендантты согуш чыгаардан эки күн мурда армияга алып кетти. Ошону барып, күндүн жарыгы кете электе көрүп алалы» деп, мени колдон сүйрөп, экөөбүз анын үйүнөн чыктык. Аялым менен баламды сыртынан кулпулап кеттик. Күзөтчүнүн көрсөткөн үйү жана Сиз кирип чыккан подвал. Анын сырткы эшиги бүгүн гана, немистер качкандан кийин, күзөтчүнүн жардамы менен баарылап ачып, чүмбөттөп, корумдап таштаган жыгач-таштардан тазалап, эчкибизди сыртка откоруп атканда силер келдиңер. Төрт жыл бою ошол подвалда үч киши, бир эчки эки улагы менен жашап турдук. Күзөтчү көрсөткөндөн баштап, ал подвалдын сырткы эшигин, тепкичтүү жолун ар кандай таштандылар: курулуш материалдарынын сыныктары, ящиктер, темир-тезектер менен толтуруп, таң аткыча ичин тазалап, имараттын коридоруна чыгуучу жашыруун эшигин жоо көзүнөн далдалап араң бүткөн элек...

– Ашыңарды кайда бышырып, кышында кантип жылытып жаттыңар? – абышканын айтып аткандарына анча

ишенбегендиктенби, же таңыркагандыктанбы билбейм, ушундай суроо оозумдан чыгып кетти.

– Адегенде, суук түшкүчөктү тамак-ашыбызды жанагы эле биздин бериштебиз, күзөтчү өзүнө жасаган тамактарынан берип турду. Бара-бара немистердин ыкымын алып үйрөнө баштадык. Сыртка чыгып, айланабызды баамдап, талаага барып, учхоздун ээн калган картөшкөлөрүнөн казып келип, кыштык азыгыбызды камдап алдык. Күзөтчү тааныштарына, сырдаштарына мени өзүнүн бир тууганы деп, согуш убагында катуу уруш «булардын кыштагы аркылуу өтүп үйү өрттөнүп, бала-чакасы бомбулоодон кырылып, жалгыз калып, жан сактоого мага келиптир» деп жок калпты айтып тааныштырып жүрдү. Алар буга ишеништиби жокпу, билбейм айтор, чоочун немелердин шеги билинсе эле мага келип шыбырап, «көрүнбөй жогол» дешчү. Мен «куйрукту» кыпчып качкан бойдон подвалдагы чээниме кирип бекинчүмүн. Немистердин аскерлери бул жерден сейрек өтө турган...

– Ар качан Дмитрий Владимирович элеңдеп кирип келгенде төбө чачым тик тураар эле, «эми өлгөн экенбиз» дечүмүн – Фаина Моисеевна кошумчалады. – Владик бир чети бала, кандай заман болуп атканын түшүнбөйт, экинчи чети кулагы укпаган неме атасынын үрөйүнө жараша ырайын кубултат. Коён болуп жашаш тирүүнүн тозогу экен. Тагдыр ичээр сууңду, көрөөр күнүңдү түгөтпөсө, Жараткан жардамын кайдан болсо да көрсөтөт турбайбы. Кышында үшүп өлбөс үчүн биздин бериште бир жактан чоюн меш алып келип, кернейин жер алды менен өзүнүн үйүндөгү мешинин моруна билгизбей улаштырып койду эле, жыргап эле калдык. Каалаган убагыбызда от жагабыз. Ашты да ошол идишке бышырып көнүп калдык. Өлбөгөн киши баарына көнөт турбайбы. Маскөөдөгү үйүбүз буу менен жылып, тамак-ашыбыз газ менен бышып, отун эмне, күл эмне экенин капарыма да албаган жаным, көмүр тургай тезектен отун жасашты, желинкап

тагып эчки саашты, жаргылчакка кара буудайдын унун тартып, картөшкөнүн буламыгына камыр жуурушту, чоюн мештин үстүнө калама нан бышырышты деги эмнелерди гана үйрөткөн жок?! Уулум экөөбүз күндүз күн көрбөй жашоону үйрөнүп алдык. Түндө эл аягы басылгандан кийин күзөтчүнүн белги табыштарын укканда гана сыртка чыкчубуз. Айдын толугунда чыкканыбызда күндүн көзүн көргөндөй кубанаар элек.

– Эчкини кайдан алып келдиңер эле? – Баранов сурап калды.

– Эчкини согуштан эки-үч жыл мурда мен Азербайжанга бир барышымда Фаина Моисеевнаны кошо ала баргам. Анда эчкилер көп болот эле. Улактууларынын желинин баштык менен каптап коёт экен. Ошондо Фаина Моисеевнага жагып калып, эркек-ургаачы эки улакты Горкиге алып келип, өзүбүз жашап жүрүүчү үйдүн ээсине таштап кеткен элек. Кийин ошолордун тукумунан Горкиде жалаң токол ак эчкилер жайнап кеткен, – байбичесинин ордуна абышкасы жооп берип,– кийинки келишибизде да өз эчкилерибиздин төлүнөн сүт үчүн бирөөнү байбичем колуна алып калыптыр. Бул эчки болбосо өлүп калмакпыз.

Төрт жылдан бери жарык дүйнөнү бүгүн араң көрүп, кубанычтары койнуна батпай талпынып аткан абышка-кемпирдин көңүлүн кирдетпөөгө тырышып, суроолорду аз берип көп кулак тыңшоодо болуп аттык. Ошондо да бир суроого жооп алыш керек эле:

– Төрт жылдан бери бир сапар да немистерге, же алардын тыңчыларына кабылган жоксуңарбы?

– Кабылбагандачы! Эки жолу жандарманын сурагынан өттүм. –Дмитрий Владимирович суроого жооп кайтарып, – маңдай-тескей бетме бет «маектешкенбиз»...– Абышка аңгемесинин накта чордонун баштап келатканда, эшиктен Головиндин чабарман солдаты кирип келип «майор чакырып атат!» деп шашкан бойдон каалганы

артынан чала жапты. Мен ордуман туруп, карыялардан кечирим сурап, шашпай Александр Михайлович менен маектеше беришин өтүнүп үйдөн чыктым.

Майор менен бирге жайгашкан офицерлер штабдан жаңы келген байланыш офицерин тегеректеп алып, жарыша суроо берип тигинин шаштысын кетиришип атыптыр. Көргөн жаңылыктарын айтып үлгүрө албайт. «Айтып түгөнгүс, тарыхтан атайын өз ордун алуучу күн бүгүн. Баратып көрөсүңөр» деген гана кебинин акырын кулагым чалды. Дароо бөлүкчөлөрдүн башчылары даяр болду. Головин да керилип-чоюлуп отурбай буйрукка өттү:

– Жолдош офицерлер! «Биздин көчөдө да майрам болот!» деп көсөмүбүз жолдош Сталии  айткан майрам ийгиликтүү башталыптыр. Биздин армиянын алдыңкы бөлүктөрү танкисттер, моторлошкон аскерлер, артиллеристтер жоону сая кубалап жүз километрден ашык душмандын ооругуна кирип кетишти. Биздин полктун жоокерлери бүт аман, материалдык чыгым жок дейт, бул биздин байланыш офицерибиз жолдош улук лейтенант. Минтип отурса, жолдош офицерлер, полкубуздун штабын Берлинге чейин кууп жете албай, уят болобуз. Картаңарды ачкыла!.. Азыр – билегиндеги саатын карап, – саат 11.40 мүнөт. Туура 12 нөл-нөлдө жолго чыгабыз. Кечке дейре 60км жол басышыбыз керек. Мындан ары автокербен менен арабакербен бир маршрут менен жүрүп болбойт. Биринчиден, экөөнүн ылдамдыгы эки башка, экинчиден, араба жүрүүчү жолдордун бардыгы менен эле автомашине жүрө бербейт. Мен, доктор, – мага кайрылып, – силердин колоннаны саат 16 нөл-нөлдө Шклов шаарында, Днепр көпүрөсүнүн аркы өйүзгү учунда күтөм. Түшкү тамак ошол жерде болот. Автоашпоз биз менен жүрөт. – Картасын тиктеп, штабдын байланыш офицери алып келген буйруктагы кыштактарды ар маршрутка өзүнчө айтып, – айланаңарга сак болгула, айрыкча токойлорду абайлагыла. Адашып калган душ-

ман аскерлери болбосун. – Жолдун айрылыштарында көрсөткүчтөрдү унутпай карагыла. Биздин көрсөткүч: «Ашкинази чарбасы». Бул жазуу кайсы багытты, кайсы жолду көрсөтсө, ошол жакты көзөмөлдөп жүрө бергиле. Сак болгула: саперлордун «проверено, мин нет» деген жерлеринөн өткүлө! Мага суроо барбы?

– Жолдош майор! Мүмкүн болсо, мага колонна башчысынын орун басарлыгына улук лейтенант Бычковду дайындап беришиңизди өтүнөм? – деп, Головинден сурадым эле, ал мага дароо:

– Улук лейтенант Бычковду жол жүрүүдө, түнөктөрдө ар дайым Сиздин орун басарыңыз, жардамчыңыз кылып дайындайм. Анын карамагына чарба взводунун командиринин арабасын бекитем. Экөө бир арабага батаар деп ойлойм. Каршылык жокпу жолдош улук лейтенант Бычков? – Бычков оң колунун учун пилоткасынын кыюусуна такап,– Жарайт, жолдош майор, ишеничиңизди актоого офицердик абийирим менен ант берем! – адатынча шайкелеңденбей, мостоюп туруп рапорт берди. Башка суроо жок болгондуктан, Головин саатын дагы бир карап, баарыбызды таратты.

Биздин чоң чабуулубуз, Кудай буюруп, ийгиликтүү өөрчүп баратканын, биринчи эшелонубузда чыгым жок, жоокерлерибиз бүт амандыгын угуп баарыбыз кубанып, деле чырым этпей, бел чечпей, наар албай ушул бойдон күндүр-түндүр тынымсыз айлап жүрүп отурууга кайыл элем, иши кылып жоо качканын токтотпосо, биздин жоокерлер мүдүрүлбөй сая кууп, душмандын шаштысын кетире берсе экен деп күдүндөп, бөлүкчөмө шашып жөнөдүм.

Солдаттарым тамактанып бүтүшүптүр. Абышка-кемпир бүт үй-бүлөсү, Баранов, Чистовдор да сыртка чыгып калышыптыр. Аттарды чегүүгө дароо команда бердим. Тигилерге кайрылып:

– Ка-ап! Аңгемеңиздин нак кызык жерин укпай калбадымбы. Эчтеке эмес немистин тозогунан аман

кутулганыңар силерге чоң олжо. Эми азап-тозок артта. Өз мекениңердесиңер. Саламат болгула. Балким, кезигишип калаарбыз?! Бизде «ат баспайм деген жерин үч басат» деген ылакап бар – деп, карыянын, байбичесинин колун кармап коштоштум. Баласын далыга чапкылап:
– Согуштан кийин Фрунзеге кел! Брудныйга өзүм алып барам! – дегенимде, энеси ичинен улутунуп:

– Ыракмат, балам ашыңарга! Кан майданда Кудай силерди аман койсун! Элиңерге Жеңиш менен кайткыла! А биз, силерди тирүү көргөнүбүзгө бактылуубуз. Эми алдыда Кудайдын айтканын көрө жатаарбыз?... Өлбөсөм, уулумду сөзсүз силерге алып барам! – деп муңканды...

Дмитрий Владимирович аялынын сөздөрүн жактап, башын ийкеп, өтө жакындарын согушка жөнөтүп жаткан немеге окшоп тили буулуп, каңырыгы түтөп, алкымына бирдеме кептелип, колдорун жаңсоого араң жарады. Бизге айта албай калган сыры барбы, же болочогунан айбыга турган бир себеби барбы, билбейм?! Мен канчалык шашып колоннамды батыраак жолго чыгаруунун аракети менен алек болуп атсам да, анын ичинде бир бушайманы сыртка чыга албай калганын тунарган көздөрүнөн байкадым. Ким билет, эмне айтмак?! Бул кан кечтирген, өрт аралаткан заманда кайгы азбы? Капасы жок соо адам кезиктире аласыңбы?..

## – 8 –

Согуш деген желмогуздун дүбүртү бүткүл элди ордунан козгоп салганбы, айтор, бош жол жок. Чоң жолбу, кичине жолбу, даңгыр жолбу, кара жолбу, кой жолбу, жалгыз аяк жолбу, жадаганда изинин томоосу эле араң көрүнгөн эски чыйырбы – баарысы бош эмес. Көбү биздин аскерлер, алардын техникасы, жүктүү кербени. Алар менен аралаш, ар түрдүү кийинген, уйга, тайга көр оокатын арткан, жөө-жалаң карапайым калк. Музоо-

торпогун, эчки-улагын жетелеген балдар, илкий-силкий кыңырандаган кемпир-чалдар. Булар ургундай чыгышка бет алышкан. Кээси кубанып, аскерлерге кол булгалашат, кээсинин кабагы түшкөн, кээси ыйлап бараткансыйт.

Түш ооп калган кезде Гомель–Витебск таш жолуна кабылдык. Жол таманында жолоочулардан чоло жер жок. Бир колонна курал-жабдыгы толгон техникасы менен түндүктөн Витебск–Орша тараптан Могилев–Гомелди көздөй баратса, ага утур ошондой эле бир колонна түштүктөн, Могилев жактан Оршаны багыттап жол талашып жылууда. Бул жолдун капталынан чыккан биздин колоннаны атчан мен баштап келаткан элем, аргасыздан токтоого команда бердим. Бычков да коштоодогу бир атка минип, колоннанын артында эле. Чапкан бойдон мага жетип келди. Артта калгандар, адашкандар бар-жогун сурасам, баарысы жайында экен. «Бош-боштоп» жол талашып, орустун жүлүнгө саюучу шибеге сөздөрү менен боктошуп аткандарды карап, Бычков мага бурулуп мыйыгынан күлүп:

– Кырк биринчи, кырк экинчи жылдарда таламандын тал түшүндө ушундай чоң даңгыр жолдо жол талашып тургандарын көрөөр элем!.. Немис небак бомбулап, таш-талканын чыгарып, акесин таанытмак. Булардын эсиргенин караңызчы! Күндүз жүрүүгө мүмкүндүк келгенге кудай дебей, аңгыраган жазы жолго батышпай, сыйлыгышып жол беришпей, талашып атканын караңызчы!

– Киши жокко бат баш ийген, азапка чыдамкай, барга бат эсирген, ырыска жалакай жан болот турбайбы – деп Бычковдун оюн кубаттап тим болдум. Биз бул жолду кесип өтүшүбүз керек болгондуктан жана муну буйтап кете турган ылаажы болбогондуктан, тигилердин өтүп кетишин күтүүгө мажбур болдук. Атчандарыбыз аттарынан, арабачандарыбыз арабаларынан түшүп, муун-жүүндөрүн жибитип, табарсыктарын бошотуп жатты.

Асман чайыттай. Көктө ойкуп-кайкып, биздин самолёттор. Бир тобу токой башын сыдыра жапыз учуп душ-

ман тарапка зымыроодо. Душмандын азыркы бизчилеп жол талашкандарына кабылса, тымтыракайын чыгарды дей бер. Өтө бийиктикте топтошуп, каркырадай тизилип батышты карай сызгандары, алыскы аскердик курал-шаймандар жыйылган обьектилерге баратса керек?.. А тиги бирде кудуп тике сайылып, бирде ай мээлеген жебедей атылып асманга чыгып, бирде капталдап учуп чабыттаган кыргынчы төрт самолёт, бизди үстүбүздөн кайтарып жүрсө керек. Асмандагы ылаачындарыбызга ыраазы болуп, алардын учкандарына таңыркап бир аз көктү караганымдын ичинде жерде кыйла өзгөрүү болуп кетиптир. Жанагы жол талашып түндүктү багыттап сабалаган кол биздин жаныбыздан узап өткүчө ага куйрук улаш жаңы бир узун колонна келатат. Алардын астында эки атчан биздин аскер, артында чубалжып аягы тиги ылдыйкы кабактан бери созулган жөө аскерлердин калың карааны. Кебетелери чоочун. Аңгыча болбой алдыбыздан чубап калды эле, карасак – немистер. Калп айткан менен болобу, а дегенде жүрөгүм шуу дей түштү. Үч жылдан бери түрүү немисти жакындан биринчи көрүшүм. Биздин колоннада мага окшогондор көп окшойт, жабыла чуркап жол боюна жарданып калдык. Колго түшкөн немистерди биздин аскерлер айдап келатыптыр. Эки атчандын бири өзүбүздүн капитан, жанындагысына белги берип колун жаңсап, ээрчите бер деп буюруп, өзү бизге бурулганда бопорос сунушуп, булардын жайын сураштырсак, алдыңкы чектен тирүү качкандары танкистерибизге, мотопехотага каршылык кыла албай колдорун көтөрүшүп булаанга түшүп беришиптир. Айдап бараткандары 1200 киши экен. Рота-ротага бөлүнүп, өздөрүнөн командир дайындап башкартып коюшуптур.

Карааны көзүбүзгө чоочун, серт көрүнгөн, кийгендери буурчактын көк бакалы түспөлдүү бешмант-шым, буттарында көбүнүкү олчойгон батинке, тamaны быдыр, такасы наалылуу, кээ бирөөлөрүндө колдойгон биздин

кирза өтүк (кейпи, биздин эргулдар жакшы өтүгүн тартып алып, өзүнүкүн берсе керек?..) Шолкулдап баратканына караганда, анысы да бутуна чоң, коңултак белем?..

Ой-тобоо! Атын укканда боюм дүркүрөгөн немистерди азыр өз көзүм менен көрүп отурам. Булардын бизден эч артыкчылыгы деле байкалбайт. Алдыңкы катардагы тизилгендери башкийимине, погондоруна, жакасына, жеңиндеги жазууларына караганда, офицер сөрөйлөрү го? Моюндарын кержейтимиш болгону менен көздөрүн бизден качырып көбү тескери карайт. Беттери кара да! Алардын артындагыларынын кээси бууракиндик пилоткачан, кээси жылаңбаш, кээсинин башы-көзү, кулагы таңылган, кээ бирөөлөрү колдорун мойнуна аарчынданып алган. Жеңдери, жакалары, багалектери айрылгандары, далысы, куйругу кылаңдап жүргөндөрү, эки колу шымынын кашатынан бошобогондору, батинкелеринин капталынан баскан майрыктары канча? Арасында көздөрүн шорологон чылпак баскан, мурдунан маңкасы, ириңдеген ууртунан шилекейи аккан, салааларын, чеңгелдерин какачтуу карт жапкан, дидаарын ак шишик алгандар да жүрөт. Сүрдөнтө турган эч кереметтери көрүнбөйт. Жөн эле бир салпаяктар. Баягы биз кинодон согуш алдында көрүп жүргөн оозун тиштенип кымтыган, ээгин кейкейткен, ителгикөз, машинекыймыл, кылычкол, арышын киндигине жеткире керген, таманы ташжолду ойгон, бүткүл Европанын кыраан жаангерлеринин белгилеринин томоосу да көрүнбөйт, балким, бүркөлгөн кабагынын астындагы көздөрүнөн «бөрү караш» эле байкалбаса? Колонна-колонна болуп тизилишкени менен, ар бир колоннасына өздөрүнөн командир дайындаса да, баягы муштранын[1] кыпындай жышааны сезилбейт. Чарчаган буттары чаржайыт шилтенип, бири биринин апкыттарын былчыйта басып мүдүрүлүп, сүрдүгүп барып алдыңкыларына сүйөнүшөт. Колоннанын ыркын бузган

[1] Тартипке кыйнап үйрөтүү системасы.

тетиги немени өз тилинде жемелеп капталда бараткан командири чокчоңдомуш болот. Куру бекер убара! Жолдошторуна жармашып, санын сүйрөп аксагандарынын буттары команданы угабы! Жол боюнча абажаарып туруп калган биздин аскерлерден кооптонуп, колонналар окчуңдап жолдун аркы четине ыктап өтүүдө.

А дегенде буларга капысынан кабыла калып, селдее түшкөн биздикилер, бара-бара эсине келип, булардын кейпин көрүп, өздөрүнүн бүгүнкү абалына сыймыктанып, көп жылдан берки ич күйдүлөрү дароо сыртына чыгып ачууларына жеңдирип, оозго албаган сөздөр менен сөгүнүп автоматтары менен демитип окторулганда немистердин колоннасы шаштысы кетип жолдон октос берди эле – бир нечеси кюветке кулап жыгылды. Шамдагай бир солдатыбыз немистин бир солдатын автоматынын кундагы менен желкеге уруп жиберүүгө да үлгүрдү. Биздикилер кол салып жибере турган болгондо, биз – начальниктер алдыларын тосо калып, араң токтоттук. Бөөдө кан төгүлүүдөн кудай чоң сактады. Солдаттарыбызды алыбыздын бардыгынча жемелеп, уяткардык. Немистер болсо кыңк дебестен, жыгылгандарын жөлөп тургузушуп, колоннасына кайра жыйылып баштарын шылкыйтышып, бараткан жагын багыттап, кылчайбастан илең-салаң илкий-силкий жол тартышты.

Дүүлүгүп алган биздин солдаттар, ого бетер жаалданып, муштумдарын кезешип, немистин терисинен өтпөсө да орустун калемпир даамдуу тили менен узатып, жол жээгинде жардануууда.

Бопороз үчүн бурулган капитан менен коштошуп атыпш, солдаттарыбыз кетирген анча-мынча чекилик үчүн кечирим сурап өтүнсөм, ал неме:

– Эчтеке эмес, жалгыз силер бекенсиңер, жолдо кезиккендердин баарысы ышпалдасын чыгарып атышат. Сооп болот буларга! Колхоздун малы беле, жетимиш процентин аман жеткирип берсек болду да! – деп, желдирип

кете берди. Мына эмесе, дүйнөнү калтыратып, бүткүл Европаны багынткан фюрердин арстандарынын баасы! Келме кезек, терме тезек деген ушу тура!

Булаанчылар колонналарынын акыркысы өткүчө биз жарданып турган бойдон ордубуздан жылбай бири бирибизди жемелеп тыйып аттык.

Какшыгы какшаткан, тили жүлүндү, чучукту сыздаткан, сөзү кызарган темирдей каарыган, устарадай шылыган начхим ушундай учурда бир чоң ишке жарап бергенин өмүр бою унутпаймын! Советтик армиянын эл аралык баркына көө тарткан, солдаттардын тентектигин араң тыйып, булаанчыларды айдап келаткан өзүбүздүн офицерден кечирим сурасам, анын берген жообу тигиндей болгондо сөз таба албай, карамагымдагылардын алдында бозоруп турганымда, начхим арабыздан суурулуп, жол ортосуна чыгып келип, биздин жарданган солдаттардын маңдайына тура калып:

– Тынч! – деп, бакырды эле анын ачуу чыккан үнүнөн солдат тургай, офицерлер да сестене түшүп, баарыбыз селейип катып калдык. – Биз Советтик жоокербизби, же кандуу жолдо жортуп жүргөн каракчыбызбы? Кимбиз деги айткылачы?! Силер кимди өлтүрмөксүңөр?.. дегенде биздикилерге кайра жан кирип, күңк-мыңк арабызга тарап ачуусу таркай элек бир солдат мунун сөзүнүн кыраатына жараша:

– Душманды! – деди.

– Кайсы душманды? Тиги күргүчтөп өтүп бараткан немелер силерге душманбы?

– Душман эмегенде эмне, кара чечекей тууганбы? – дагы бир солдат тыңсынып каяша суроо берди эле, начхим ага бурулуп:

– Тапкан экенсиң душманды? Душман дегендин куралы болот! А сен булардын колунан жок дегенде таяк көрдүңбү?.. Жок! Эмнеси душман? Албетте тууган да эмес. Булар кечээки, кала берсе түндөгү душман, азыр

айдалып бараткан мал, чычкан! А сен кызыл аскер эмес эле баса калганга көзүң кычышкан мышыксың! Советтик Армиянын наамын булгап бүткүл дүйнөнүн алдында баркын кетирип атканыңды билесиңби? – Начхимдин бул сөздөрү өрткө бүрккөн суудай таасир берип, арабыз тынчып келатса, теңтуш катары:

– Ооба, бүткүл дүйнө ушул жерге чогулуп келип, бизди улук лейтенант жемелеп-жекирип адептүүлүккө үйрөтүп атканын угуп атат дейсиң!.. – деп начпрод начхимди чымчылаганда менин ачуум келип:

– Токтоткула кычы сөзүңөрдү, улук лейтенант жолдош Коптев, сүйлөңүз, укпаңыз булардын келжирегенин! – деп, буйрук кылдым.

– Ыракмат жолдош колонна башчысы. Булар чабуулдун биринчи эле күнү уставды минтип бузуп отурушат. Бу бойдон жүрүп отурсак, көп узай албайбыз! Жаман жөрөлгө жугуштуу болот эмеспи. Биздин ээнбаштык башка бөлүктөргө тарап кетсе эмне болмокпуз? Жолдош Богомолов – начпродго атайын бурулуп – мен солдаттардан күтсөм да, мындай сасык сөздү сизден күткөн эмесмин. Биз советтик офицер экенибизди унутпайлы, жолдоштор! Албетте, бул, жерде кара жолдун боюнда чет мамлекеттердин байкоочулары келип, биздин солдаттар душмандын колго түшкөн куралсыз булаанчыларына кол тийгизгенин, сиз экөөбүз адилеттикти эл аралык укукту талашып турганыбызды көрбөгөнү менен, тигил эле туткундар үйлөрүнө кат жиберүүгө уруксат алганда, бүгүнкү жолдо көргөнүн жазбайт дейсизби? Сөзсүз жазат! Алар колу тийген жалгыз солдатты жазбайт. Жалпы советтик армиянын жоокерлерин жазат! Биздин мыкаачылыгыбызды жазат! Аны уккан душман кабарчылары гезиттерине, журналдарына ого бетер күчөтүп жазып, радиолорунан үнү бүткүчө бакырып, бүт дүйнөгө чуу салат: «колго түшкөн аскерлерди Совет өкмөтү солдаттарына талатып, сабатып өлтүрүп атат!» деп, Советтер Союзун жаманатты кылууга, жанын

үрөшмөк. Душмандарыбыз тургай, Союздаштарыбызга бизди мокочо, мыкаачы, кан соргуч, тоногуч, талоончу кылып көрсөтүүгө тырышмак. Силер ушуну каалайсыңарбы? – Жанатан бери көп жакшы тынчтана албай жаткан солдаттардын катары муну укканда селейишип, чымын учса угулгандай тынчтыкка чөмүлдү. Начпрод олдоксон сөзү үчүн Коптевден кечирим сурады. Начхим уламдан улам ролуна кирип, салмактуу таасирдуү, укмуштуу сөздөрдү тандап,– Силердин чолок акыл, сабырсыз ич күйдүлүгүңөрдүн кесепетинен, ушунча жакшы башталган чабуулубуз көп узабай токтоп калса, буга ким жооп берет?, Бүгүн тирүү калышына үмүт этип, жансоогалап колдорун көтөрүп булаанга түшкөндөрүнө биздин жасаган мамилелерибизди уккан душман аскерлери, акыркы огу калгыча айыгышып салгылашпайбы? Булар уруш өнөрүн жакшы билишет. Коркоктордон эмес. Үч жылдан бери көрүп келатпайбызбы. Кышында эле Витебскидеги салгылашууну эстегилечи! Үч жарым ай күндүр-түндүр салгылашып атып, ордунан жылдыра албай койбодук беле? Канчабыз курман болгонубузду унутуп салдыңарбы? Же тигилер капыстан бүгүн жүрөгү түшүп, коркок боло калдыбы?.. – Бизден алыстап бараткан булаанчылардын колоннасын сол колу менен көрсөтүп. – Жок! Көздөрүнөн байкаган жоксуңарбы?! Көздөрүндө автоматы болсо, жанагы сапар бизди кырып жиберүүдөн кайра тартмак эмес. Жүрөктөрүнөн кайрат оту өчкөн эмес. Тек гана максаттары ишке ашпасына көзү жетип, уруш булар үчүн маанисин жоготкондуктан, эми согуштун аягына батыраак чыкмакка жан айласы кылып күргүчтөп-күргүчтөп колго түшүп берип атканда, биздин тиги кылыгыбыз эң эле жылмалап айтканда – итчилик! Антип эле каныңар ичиңерге тартылып, баатырлыгыңар көөдөнүңөрдү тиреп баратса, азыр жөнөтөлү алдыңкы чекке! Куралдуу жоо менен кармашып, эрдигиңерди көрсөткүлө! Куралсызды басмырлоо – кунарсыздык. Силерге окшогондорду эл

далай ылакап менен шылдыңдайт, билесиңерби? «Үйдө баатыр, жоодо жок», «молодец против овец, а против молодца сам овца!»[1] Айтмакчы, орустун бул ылакабын улуу көсөмүбүз жолдош Сталин бир докладында колдонгону эсиңердедир?..– Коптев сөзүн бир паска токтотуп терең дем алып, чыйралганы бир аз жазылып,– Иш ушундай жоокер жолдоштор! Биз деген бир өлкөнүн жалаң жоокерлери гана эмеспиз. Биз деген, билсеңер коммунисттик идеяны бүткүл дүйнөгө тараткыч, адамзаттын эркиндигин, болочоктогу бакты-таалайын колуна карматуучу, эмгекчи элдерди, фашизмдин, капитализмдин, империализмдин туткундарынан бошотуучу, зор кубаттуу күч экенибизди унутпагыла жолдоштор! Биздин негизги курал колдогу автомат эмес, көөдөндөгү идея! – деп сөзүн бүтүп, мага басып келип, жанаша туруп калды.

Жолдон нары-бери, каршы-терши өтүп аткан кербен-кербен, колонна-колонна аскерлер, биздин жол боюнда жарданып улук лейтенантты кунт коюп угуп атканыбызды, кадимки күн сайын жүргүзүлүп аткан саясий информациялардын бири деп, этибар албай чубап атты. Чынында эле себебин укпаган соң, мындай сөздөр аларга таңсык эмес да. Күнүгө угуп ашмалтай болуп бүткөнү канча?! А биздин солдаттарга начхимдин өз убагында орундуу, жандуу мисалдарды келтирип айткан сөздөрү, менимче кыйла таасир берди көрүнөт. Жанагы чамгарактап, демитип аткан немелер баштарын жерге салып, шылкыйып орундарынан жылышпайт.

– Уктуңарбы жоокер жолдоштор! Биз саясатты да куралыбыздай жакшы билишибиз керек. Ыракмат, жолдош улук лейтенант Коптев, сизге. Тарагыла! Араба-аттарыңарга баргыла! – деп, мен өз атымды көздөй бастым.

Жол боюндагы: «Ашкинази чарбасы» жазылган тактанын жебеси көрсөткөн жакты багыттап, ташжолду кесип өтүп араба жолго түштүк. Кыштактарды басып,

[1] Кой алдында бөрүсүң, бөрү алдында ошол койдун өзүсүң!

токойлорду аралап отуруп, бир маалда аман-эсен Днепрдин сол кашатына жеттик. Шклов – чакан шаар, бир райондун борбору өңдөнөт. Ургундай Днепрдин оң жээгине орношуптур. Кашаттан алаканыңдагыдай баары көрүнөт. Атагы дүңгүрөгөн Днепр бул жерде анчейин деле эмес чоңдугу. Ашып кетсе биздин Чүйдүн өзөнүндөй, бирок ал окшоп таштан ташка оңкочук атпай, күркүрөп-шаркырабай үстү чыбырчыктап, жыбылжып жай аккан караалжын суу экен. Кашаттан өзөн алабына түшүү үчүн кичине тумшуктун астындагы кеткен кыядан өтүш керек болду. Кыя тар, өтө тургандар көп. Бизден мурда келген кошуундар ичке кыя меиен чубап, жол шыкалып калыптыр. Кезегибизди күтүп, биз да кашатта жарданып туруп калдык. Наркы өйүздөгү калың караандын арасынан, жээкке машинелерин эреже боюнча жайгаштырып, жарданып бизди карап турушкан Головиндин тобу турнабайдан даана көрүнөт. Ал да турнабайын көзүнөн албай биз жакты тиктеп аткан экен, бизди көрүп сол колу менен башынан шапкесин алып булгалады.

Кашатта шыкалган машине арабалардын, котолошкон жөө-атчан аскерлердин учугу чубалып, кыянын эңкейишине кирип, тегирмендин богосунан чубурган, же ноодон куюлушкан дандай туташ кабакка түшүп, понтон көпүрөдөн[1] өтүп, өйүзгү кашаттын кырындагы горизонттон нары житүүдө. Днепрдин мурунку көпүрөсү жаңы бузулган экен, ким бузганын ким билет, кумурскадай жайнап, сапёрлор иштеп атат.

Бир убакта кыядан өтүүгө биздин кезек да жетти. Эскалаторчо жылып келаткан элек, шашкалактаган бир «студобеккер» биздин кербенди сол жагынан кыянын кырына кысып, алдыбыздагы жөө аскерлер колоннасын жарга такап оң капталынан өтүп бараткaнда, «элди көзүнө илбей», тебелеп-тепсеген кайдагы ээнбаш неме эле» деп сөгүүгө үлгүрө элегибизде, алдыбыздан «баң-ң!»

[1] Понтон көпүрө – тирөөчтөрү сууда калкыган көпүрө.

деген катуу табыш чыкты. Жалт карасак баягы машине менен кошо асманга атылып, заматта кузову чачырап чаң уюлгуп эле калды. Чаң тараганда эс-акылым жайына келип, эмне болгонун байкасам, танкеге каршы коюлган мина жарылыптыр. Толкундун эпкинине башымдагы пилоткам учуп кетти. Алдыда ызы-чуу, тополоң. Учкан топурак жерге кайра түшүп, чаң суюла баштаганда карасам, машиненин кабинасы оңкосунан сайылып кабакта жатат. Дагы эки араба кыядан кулап, дөңгөлөгү асманды карап калган. Очорулуп тура албаган, оромпай тээп сороңдогон, төрт бутун керип суналып жатып калган аттар. Карбаластап ары-бери чуркагандарына караганда, жөө аскерлердин арасында да чыгым бар окшойт. Кыя жолдун сырткы кырына көмүлгөн мина белем?.. Тамандагыларды баарысын тигил сапёрлор тазалап, жол ачкан да. Антпесе ким өтө алмак. Биз кыяда камалып турганда сапёрлор жетип келип, мина издегичтери менен айлананы тинткилеп жиберип, жол ачышты. Биз кыймылга келип, кырсык чыккан жерге жакын барып карасак, ажал айдап, шаштырып бараткан шофер байкуш ичи жарылып, ичегиси чубалып кузовунун жанында жатат. Арабалар менин алдымдагы кошуундуку экен. Мина жарылган жерден өтүп бараткан жөө солдаттардын катарынан бир-экөө дайынсыз. Детонация[1] күчүнөн денелеринин быт-чыты чыгып, мээлери чачыраган. Алдыартындагыларынан он чактысы минанын сыныктарынан жарадар болуптур. Толкундун эпкининен дагы беш-алтоо контузия[2] болгон экен. Биздин кербен аман-эсен көпүрөдөн өтүп, Головиндин тобуна кошулдук. Беш мүнөттө жетүүчү жерге, кыядагы кырсыктын кесепетинен, жарым саатча убакыт короттук. Булардын тобу да аман экен. Көчмө ашпоздордо аш небак даяр болуп, булар тоюнушуптур. Головин биздин болжошкон убакыттан

[1] От алуу, жарылуу.

[2] Дененин сырты аман, ичи бүлүнүү, доо кетүү.

кечиккенибизге сарсанаа болуп, тынчсызданып атыптыр. Жолдо биздин кармалганыбыз жөнүндө үстүртөн рапорт берип, чатакты жымсалдап койдум, калган жолтону өзү көрүп тургандыктан, артык сүйлөп эмне кылам. Головин штабдан дагы жаңы маршрут алыптыр. Бул боюнча бүгүн дагы 35 км жол жүрүшүбүз керек болот. Андыктан аттарды отко койбостон дароо сугарып, жем илдирдим. Аттар жемин жеп бүткүчө биз да ашыбызды ичип үлгүрдүк.

Штабдын жиберген кабары боюнча чабуул абдан ийгиликтүү жүрүп атыптыр. Станцияларда, чоң-чоң жолдордо котолошуп качып бараткан немистерди асмандан авиация, жерден танкелер талкалап, душмандын шаштысы кетип, курал-жарагын таштап туш келди жакка качып, көбү каршылык көрсөтө албай колго түшүп атыптыр. «Азыр токойлордо кийиктен немис көп болуп кетти» дейт. Биз такоолдоп бараткан аткычтар дивизиясынын биринчи эшелону эртеден бери, душмандын алдыңкы чебин бузгандан кийин, жоонун аскерлери менен беттеше элек, кууп жете албай баратыптыр. Биздин миномётчулар да куралдарын машинелерге, арабаларга салган бойдон жүрүшөт дейт.

Головин адатынча сол чыканагына сороң дедиртип билегиндеги саатын карап, тилин чайнап сөзүн баштады.

– Азыр саат 16га 15 мүнөт калган экен. Туура 16 нөлнөлдө жолго чыксак, кечки саат сегизден калбай, күн бата электе чектелген пунктка жетүүгө милдеттүүбүз. Штаб да, дивизиондор да ошол жерде болот. Биз мындан аркы жолдо бирге болобуз. Бири бирибизге күйүшпөсөк, көпчүлүк кымгуутта адашып кетишибиз мүмкүн экен. Бүгүн келатып, көрсөткүчтү байкабай башка жолго түшүп кетиппиз. Он километрче бөөдө жол басып, кайра келдик. Кудай чоң сактады адашып кетүүдөн! Мен информациямды бүтүрдүм, жолдоштор. Суроолор жок болсо – бошсуңар! Убакыт тар, жолго камынгыла!

Иштин чоо-жайын билип, өзүмдүн колоннама келип, бөлүкчө башчыларынан өздүк курамдарын тактап чар-

чаган, ооруган солдаттардын, унаалардын бар-жогун батыраак билип чыгышын өтүндүм. «Бардык адам арабага түшсүн, батпагандар бош келаткан аттарга плащ-палаткаларын жая салып минишсин. Ооруп калгандар болсо чогултуп, бир арабага отургузуп санчасттын артынан ээрчитип кой!» деп, Бычковго бөтөнчө тапшырма бердим.

Чоң чабуулдун биринчи күнкү маршрутун күн кылкылдап батып бараткaнда аман-эсен аяктадык. Болжогон мөөнөттөн 30–35 мүнөт кечиктик. Биринчиден, баскан жолубуз ийри-буйру бурулуштары көп экен. Демек, картадагы масштаб сызыгы боюнча көрсөтүлгөн узундуктан бир нече километр чындыгында ашык болду. Экинчиден, жолдун өзү уңкул-чукулу көп жыш карагайлуу, кумдак кыртыштуу жерге түшкөндүктөн, унаага көп күч келди. Үчүнчүдөн, керээли кечке жол жүрүш унааны да, аскерлерди да чаалыктыргандыктан кадимки басыктан жайыраак жүрүп, штаб көрсөткөн мөөнөттү так аткара албадык.

Болжолдуу жерге жетээрден эки километрче алдараак бир жол айрылышында байланыш офицери машинеси менен бизди күтүп туруптур.

Батышты карай улам арылаган сайын, ачык жерлер азайып, токойлор көбөйө баштады. Чабуулдун биринчи түнөгү калың токойдун ичиндеги бир кыштакта өттү. Токой ичи биз такоолдоп бараткан дивизиянын аскерлерине жык толгон. Биздин жоокерлер да дивизион-дивизион болуп экиге бөлүнүп, кыштактын четиндеги токойдун кылаасынан орун алган. Он чакты үйдөн турган кичине кыштакка биздин полктун штабы токтоптур. Полктун экинчи эшелонуна да кыштактан орун алып коюшуптур. Иңирде, болжогон үйгө жүктөрүбүздү түшүрүп, өзүмө караштуу кошуунумдун жоокерлерин жайгаштырууну Барановго тапшырып, шашкан бойдон Головинге жөнөдүм. Экинчи эшелондун бөлүкчөлөрүнүн башчыларынын баарысы чогулуп Головинди ээрчип, полк командири токтогон үйгө баратсак, ал киши бери жакта, штаб токтогон

үйдүн эшигинин алдында бизди күтүп туруптур. Анын жанында, көлөкөсүндөй дайым ээрчип жүрүүчү саясий боюнча орун басары, штаб начальниги майор, анын орун басары капитан Несговоров, парторг капитан, улук лейтенант Безбородов, дагы бир-эки штаб кызматкерлери турат. Майор Головин биздин экинчи эшелон бүт бойдон аман-эсен, чыгымга учурабай болжогон жерге келгенин рапорттогондо, Васильев кадимкисиндей жаркылдап жылмайып, баарыбыз менен кол кармашып жемиштүү, жеңиштүү чабуулдун биринчи күнү менен куттуктады. Акыркы көрүшүбүздөн бери бир жарым күнчө болду эле. Кечээки кабагы түшкөн, суру бетине чыккан, баарыбызга чоочун болуп калган подполковник жок. Бизге таанымал калыбына кайра келген. Ошол мөөнөттүн ичинде канча өзгөрүү болуп кетти. Ошонун баарысын сааттап, мүнөттөп башынан өткөргөнүн, өзүнүн түндө санааркап, уктабай чыкканын, казат эртең менен башталганда жер силкинип, жел боздоп, асман түнөрүп, абадан ажал себелеп танкелер алакандай аянт койбой чаң сапырып тебелеп, душмандын үрөйүн учурганда, таңды чакыйып күтүп атып катып калган көзү ошондо жаңы жибигенин, көптөн бери ичинде күптү болуп чыга албай жүргөн бугу чыкканын шаттык менен айтып, кубанычын жашыра албай командирлик сын-сыпатын сактай албай, теңтуш немеден бетер баарыбыз менен тең ата болуп кучакташып өпкүлөп чыкты да:

– Эми, арстандарым, бир да мүнөт бошко кетирбей, кечки тамагыңарды ичип дароо жаткыла. Айланада баарысы биздин аскерлер, чочубай эс ала бергиле. Эртең эрте туруп көп жол басабыз. Биздин танкисттер мотопехота, мотордуу замбиректер, качкан душманды азыр да кубалап баратышат. Таң аткыча дагы далай жерге, Кудай буюрса, жетмекчи. Өз ирээтинде биз да подполковникти жана башка полк жетекчилерин Чоң ийгиликтер менен куттуктап тарадык.

Керээли кечке ат үстүндө жүрүп, отурганым кавалериянын булгаары тыштуу ээри болсо да, жакшы эле чарчаптырмын. Штабдан келгенимче биздикилер арабаларын ирээттеп тизип, аттарын чечип, өздөрү арабалардын жанынан орун алышып, тамактанышып атыптыр. Бир аздан кийин аттарды кичинекей жайыттагы шалбага, оттоого коё берип, кайтаруучу сакчылардын кезүүсүн бышыктап, жатып калдык.

Ай жарык. Асманда кашыктай булут жок. Кыштакты курчаган калың карагайлуу токойдун ичинде быкылдап аткан аскерлер да тынч алып, айлана жымжырт. Түндүк тарапта алыста бир иттин анда-санда жай үргөнү угулат. Ал жакта да кыштак бар белем? Иттин табышынын салмактуу тынып-тынып чыгышына караганда, ал көзүнө чалдыккан караанга эмес, кулагына жеткен каңшаарга жооп берип короочулук милдетин аткарып аткан белем?.. Бир аз үрүп ал да басылды. Алакандай жайытта оттоп аткан аттардын кез-кезде бышкырыктары кулагыңа угулганда гана, «Король», «Сокол» аңгилердин кээде от талашып алышкандагы айкырыктары түнт токойго дароо жетип, жаңырык салганда гана, мелтиреген көл үстүн үп эткен жел үйлөгөндө күзгүдөй жылма бетин чыбырчыктанган бырыштар бузган сыяктуу, болукшуган жайдын толукшуган айлуу, чайыттай асманында жымыңдаган жылдыздуу, капарсыз түнүнүн ың-жыңын саал бузууда.

Ой тобоо! Жараткандын жалганы кандай кызык, кандай табышмак, кандай укмуш?! Согуш деген жексур тиричиликтин жалгыз бир эле күнүндө бир туруп алакайыр алааматка, албырттанган тозокко капталтып, жаныңды тишиңе тиштеткен көр кыстоого салып, баарына кайыл денөлүк кылып жиберсе, бир туруп айланаң бейкуттукка бөлөнгөн маңгилик тынчтыкка кабылтып, тирүүлөй бейишке киргизип, денеңди магдыратып, жаныңды жай алдырган Горкидеги паркты, мынабу ажайып түндү тартуулайт. Коздугу суктандырган, бейкуттугу кубандыр-

ган ушул түн, түбү жок түбөлүк чубалган тынчтыктын жышаанын көрсөтүп аткансыса да, арты чолоктугун биле туруп эле, бешикте терметилген балача, болбурап «түбөлүктүгүнө» алданасың, чиркин!

Бүгүн эле эртең менен, «кудай ушундай түнгө жеткирет» деп, ким ишениптир?! Жолдогу биз көргөн өлүктөр, өзүбүздүн көзүбүзчө минага жарылып, өлүмгө дуушар болгон бечаралар, каржилигинен чучукмайы тамчылап аткан шордуу танкист, ушул бизге, мага буюрган тынч түндү самаган жок дейсиңерби? А тиги душмандын траншеясынын таманында өйүз-бүйүзүндө түшкө кирбес, ойлоп тапкыс абалда жаны менен коштошкон немистер Кудайдан аманчылык тилеген жок дейсиңерби?

Кандайраны кечип бараткандагы үрөй учурган көрүнүш өзүңдү бир оокумга кимдин жоокери экениңи, эмне үчүн урушуп атканыңды кимдин таламын талашып, эмне максатка жетээриңди унуттуруп асманга калкытып, жалпы эле согуш деген неменин адамдык касиетке тийгизээр таасирин ойлонтуп, кыял чабыттатууга аргасыз кылат экен. Айрыкча бүгүнкүдөй тирүүнүн тозогу менен бейишин жанаша көрсөткөн күндө санааң бытырап санга бөлүнүп, канча чарчасаң да, уйкуңду кубалап, көзүңдү чакыйтат тура!

Ошентип, бүгүнкү өлүктөрдүн сүрөттөрү көз алдымда кинотасмадай жылып, кышындагы Витебскинин четиндеги кыргында кыйраган өзүбүздүн жоокерлерибиздин өлүктөрүн эске түшүрүп, ошондогу кейиштеримди бүгүнкү сезимдерим менен жанаша жарыштырып көрүп, өзүм таң кала турган айырмага кабылдым. Кышында өлүк жүктөп келаткан чаналардан ойт берип качып, чочуганыман байкабай күрткүгө тыгылып жыгылсам, бүгүн өлүктөрдүн арасынан өтөөргө чоло жол издеп, кандарын титиниp атыма тебелеттим, сызгырылып тамчылаган майына жүрөгүм опколжуса да, даарып таңыркап карадым. Бул эмнеси? Муну жакшылыккабы же жамандыкка жоруса болобу?

Көкүрөк өйүткөн бул суроолорго жооп табыш үчүн, ошо кышындагы Жертөлө университетинин ой жүгүртүү ыкмасына түшүп талдоого убараланып, чарчасам да, уйкум качты.

Кышында коркуп күрткүгө жыгылганым, андан мурда мынчалык көп өлүктү көрө элек, тажрыйбам жок, өлүк менен үйүр боло электигим болсо керек? Жол четинде мен карга оонап, көзүмдү алайтып жатканымда каршытерши жүктөлгөн өлүктөрдүн үстүнө, отун тартып бараткан немече, балчайып олтуруп, чананын кашын чирене тээп, махоркасынын түтүнүн мурдунан бурулдатып, мени мазактап өтүп бараткан неме, күндө өлүк ташып жүрүп, машыгып алган тура. Ага чананын ичинде отунбу, өлүкпү – баары бир болуп калган тура. Менин бүгүнкү абалым, кыштан бери көп өлүк көрүп өзүмдүн полктошторумун бир кыйласын союуга, көмүүгө катышып, көзүм канып, тажрыйба алып, кайратым чыйралып, жүрөк токтотуп көнүп келаткандыгым турбайбы. Минтип өзгөрүүнүн керт башы үчүн көп эле пайдасы бар көрүнөт. Азыр баштагыдай шырп эткен табыштан обу жок, элеңдеп корко бербейсиң. Уруш маалында кандай табыш коркунучтуу, кандайы залалсыздыгын ажырата таанып, алдыртан сактана аласың. Башыма кыйын абал түшсө, көп көргөндү көрөөрмүн деп, тобокелдикке бел байлаганды үйрөндүм. Бул пайда эмей эмне? Бирок жалпы адамзатка мунун шарапатынан кесепети көбүрөөк белем?!

Саясатты аралаштырбай, жалпы адамзаттык позицияда туруп, алысыраактан серептеп көрөлүчү.

Маселен, бирөөнүн өлүгү менен өзүңдүн тирилигиңди салыштырып көр. Андан сенин эмнең артык? Чынчынына келгенде жалгыз артыкчылыгың тирүүлүгүң! Мейли ал алп болсун, акылман болсун, баатыр болсун, а сен чымын болсоң да, дөдөй болсоң да, коён болсоң да андан азыр күчтүүсүң, акылдуусуң, жүрөктүүсүң. Мына, «өлүү арстандан тирүү чычкан абзел» дегендин мааниси

так ушундай! Ошондой болсо да, экөөңдү бириктирген эмне, жакындаткан эмне? Ал – кишилик затың!

Экөөңдүн затың бир. Сенден жан чыкса – андан айырмаң жок. Ал – өлүк, сен – өлүк, баары бир өлүк, кишинин өлүгү! Андыктан, сен өзүңдү сыйласаң, бирөөнүн өлүгүн кордобо! Бул сенин мойнуңдагы адамдык парызың. Мына, «султан сөөгүн кордобойт, тулпар этин оордобойт» дегендин маңызы так ушунда! Кокус сен бирөөнүн сөөгүн кордосоң, дагы бирөө кезеги келгенде сенин сөөгүңдү мазактамак. Анда кайсы адамдык касиетиң калды? Карышкырдан кандай айрымаң бар? Кудай ошондон сактасын! Карышкыр карышкырдын өлүгүн жейт. Мындан жалгыз артыкчылыгың – сенде акыл бар. Сага Кудай акыл берген. Ал акылың менен Кудайды таанышың мойнуңдагы парзың! Кудайды таанысаң, кудай ыйман берет сага! Ыйман сага адеп, кадыр, барк, сый, боор, кайрым дегендерди үйрөтөт. «Адам» деген атка татыктуу кылат. Адамдык касиеттерди берет. Бирөөнун баркына ыйман аркылуу жетесиң. Акылың бар туруп, Кудайды таанбасаң, ыймансыз калып, «Адам» атка татыбай, адам касиеттеринен куру каласың. Акылдуу айбанга айланып, ташбоор, мыкаачы, көркоо, башкесер болосуң. Мына өзүңө окшоштун өлүгүн сыйлабоо эмнеге алып келет! Бул адамга орду толгус зыян эмей эмне?

«Адам» атка конуш үчүн кишинин тирүүсүн гана сыйлабастан, кадырлабастан, өлүгүн да баркташ керек. Өлүк өзүн коргой албаган, коруна албаган бир бечара зат. Аны тирик коргош керек, антпесе ал адам өлүгү эмес, айбан тарпы болуп калат. Өлүк тириктен аянычтуу, барктуу болуш керек. Тирик тирик менен касташууга болот, бирок өлүк менен касташуу адамкерчилик эмес. Өлүктөн өч алуу айбандын иши. Тирик өлүктү канча сабабасын, кыйнабасын, мазактабасын, өлүк ага жооп кайтара албайт. Ал өлүү зат. Тирүүлүк сапаттардан ажыраган, бирок акылдын, ыймандын абийирдин кутусу,

сандыгы катары адам касиетинен ажырай элек. Тирик өлүктүн ошол касиетин сыйлаганда гана адамдык наамын сактай алат. Өлүк мейли тириктин душманынын денеси болсун, аны сыйлабаса да, кордобой анча-мынча болсо да шаан-шөкөттүү ырымдар менен акыркы сапарга узатуу тириктин мойнундагы парызы, адамдык озипасы! Бул орундуу, жүйөлүү иш экен, макул дейли. Ал зми бардык учурда эле, бардык шартта эле өлүктүн баркы бийик, өзү ыйык боло береби, же мунун да чеги барбы? Бул таамай суроого да акыл коротуп, ой жүгүртүп көрөлү, өлүк канча аз болсо, баркы ошончо жогору, канча көп болсо ошончо төмөн. Тынчтык жылдарда кокустан Кудай тумоолорун жибербесе өлүктүн аз болушу табигый көрүнүш. Согуш жылдарында канча болоорун өз көзүбүз менен көрүп атабыз. Кээде душмандыкы тургай өз өлүктөрүбүздү жашыра албай калып атпайбызбы?!

Тынчтыкта өлүгүн ар кандай дин өз расмисинде аза күтүп шаан-шөкөттөп, таза жууп, ак кепиндеп, атайын арналган көрстөнгө казганактап алып барып, жарданып туруп топурак салып, акыркы жайына коюп, маркумдун үйүнө тирүүлөр жоктоп кайтыша турган болсо, согушта курман болгон куралдаштарын тирүү жолдоштору үлгүрсө бир кылчайып, болбосо кылчая албай, майдан талаасында таштап кетип атпайбы. Душманды кууп баратышса жакшы, артындагы ооруктагылары чогултуп жол боюна болсо да аң казып, баарын чогуу кийимчен убактылуу көөмп кете беришет, кокус душмандан качкылык кылбасын, анда сөөгүң кайда калганын бир Кудай өзү билбесе, ким билет? Балким, ит-кушка жем болдубу? Кудай ошондон сактасын! Согуштун кесепети тирүүнү тургай, өлүктүн баркын ушинтип кетирет турбайбы?!.

Мына, бүгүн эле биз канча өлүктүн күбөсү болуп отурабыз. Албетте биздикилердин адреси бар дечи. Армиянын курамындагы атайын сөөк коюучу бөлүкчөлөр, колдорунан келишинче адрестерди медальон боюнча так-

тап, маркумдардын жакындарына коюлган жерлердин даректерин жиберишет дечи. А тиги шордуу немистердин сөөктөрү эмне болоорун айта алабызбы? Ай, ким билет? Алардын өлүгүн сыйламак турмак, булаанга түшкөн куралсыз тирүүлөрүн өлтүрүп коё жаздаган соллдаттарга ишенчилик барбы? Мындай таш боордукка ким күнөөлүү? Менин ишеничим боюнча согуш күнөөлүү!

Согушта уруш кызыган маалда, душмандан өч алуу каары каныңды кайнатып киргенде, мойнуңа минип турган ажалды унутуп, өзүң өлбөчүдөй кыргындын кыпкызыл отуна октоpуласың. Аныңда айып жок. Ал – намыстуу атуулдугуң, баатырдыгың! Сен антпесең, душманың ошентет, сенден озунуп душманың жеңип кетет. Анын запкысы бүт элиңе тиет. Жок! Чыныгы атуул болсоң ага жеткирбешиң керек! Намыс ажалдан күчтүү! Амалы түгөнүп, айласы кеткенде, кыжаалат кыстаганда, акыркы ылаажысын – кара жанын зарыптап, душмандын ок бүрккөн пулемётуна денесин таштаган, белине граната байланып танкенин алдына жата калган, өрттөнүп бараткан самолётун чоң жолдо чубап келаткан душман танкелерин көздөй айдаган жоокерлер бекеринен чыгып аткан жок. Аларда жан жок болчу, алар машине болчу деп ким айтат? Же алар жанын барктабай, кутула жадап жүргөндөр бекен? Жок! Алар да бул дүйнөнү жаныңдай көргөн, ушундай мемиреген айлуу түндү самаган кырчындар болгон! Өлүмдү жек көргөн, ажалдан корккон азаматтар болчу! Ажалдан да арсыздыктан артыгыраак корккон азаматтар болчу! Азамат болбосо, андай ишке бара алмак беле? Жок! Алар кайраттуулугунан, ыймандуу атуулдугунан коркоктукту жеңишти! Сени, мени, элин, жерин аман калаар бекен деген үмүт менен акыркы байлыгы – асыл жанынан кечишти! Буларды эли түбөлүккө унутпайт. Эрдик, намыскөйлүк, атуулдук унутулбайт! Булар ар бир жаңы муунга үлгү болуп, коомдун тарыхында маңгиликке кала берет! Буларга даңк!

Мындай эстүүлүк, атуулдук, намысдтуулук жалгыз гана биздин аскерлерге таандыкпы, же душмандарда да болобу?.. Эмне үчүн болбосун?! Балким, бүгүнкү биз көргөн, танкенин тебелендисинде былчыйып, жер менен жер болуп калган, же денеси күкүм болуп чачырап кеткен немис жоокерлери биздикичилеп эле эрдик көрсөтүшкөндүр?! Аларда атуулдар жок болсо, согуш ушунча созулат беле? Эл ушунча кырылат беле? Небак эле биз аларды жеңбейт белек. Өлүк эки тараптан тең аз болбойт беле? Бардык расми өткөрүлүп, акыркы жайына аза урматы менен коюлбайт беле! Жоону кемсинтүү, теңсинбөө жарабайт. Кесепети керт башыңа тийиши мүмкүн. Мунун баарысына каргаша болгон согуш деги жексур эмеспи?!

Согуш деген жексур кайдан келет? Муну да улуу тумоолор сыяктуу эле Жараткан өзү жибереби, же адамзат өзү жасайбы? Менимче бул кишилердин колунан келген жамандык. Согуш деген кишилердин пикирлери келише албагандыктан чыккан чатакты күч менен бүтүрүү аракети. Кайчы пикирлерди кайраштыруу, жараштыруу киши коомдорунун бири өздөрүнүн жалпы пикирлерине ылайык кабыл алган идеяларына же башкача айтканда, саясаттарына жараша болсо керек?.. Ал идеялар кайрашса – от (согуш), элдешсе – эл чыгат. Демек, акыры түбү согушту жараткан саясат экен да! Эгер ал чын болсо, азыркы биздин согушту чыгарган эки келишпес идея: фашизм жана коммунизм турбайбы! Бул экөөнүн саясаты – бирин бири жоготуу. Демек, бул саясат боюнча согуш кыргынга айланмайынча бүтпөйт турбайбы?! Жан аябай былчылдашуу, кызыл кыргын, кыян кан бекеринен чыккан эмес экен да? Пай-пай-пай, Кудай өзүң сактай көр!

Бул эки идея миллиондогон кишинин башын тегеретип, идеологияга айланып алды. Эки тараптын элдери өздөрүнүн көсөмдөрүн ээрчишип, бирин бири көрбөй туруп эле, сырттарынан ызырынышып, бирине бири кас болушуп, «бир ит көрүп үрсө, миң ит көрбөй үрөт»

болуп калышты. Маселен бүгүнкү автоматтын кундагы менен желкеге бир салган биздин солдат менен таяк жеген немис экөөнүн ортосунда кандай жеке талаш бар эле? Экөө өмүр бою биринчи беттешип турса, балээнин талашыбы. Тек гана саясатка ууккан бечералар да! Бул саясат бу бойдон күчөп отурса, эки тарап кырды бычак болуп, бири бирин «тукум курут» кылбасын? Ошондо, мынабу мен суктанып аткан айлуу түн суктанаары жок эңгиреп ээн калбасын? Адам жок жыргалдуу дүйнөдөн не пайда? Тиги идеологиялардын ээлери өздөрүнүн кылыктары акыры эмне менен бүтөөрүн ойлошту бекен?

О кудурет! Өзүң жардам кылбасаң, бул эрегиш жакшылык менен бүтпөйт го?! Өзүң идеологдорго дем берип башка – элдешүү, эптешүү жолдорун көрсөтпөсөң, өз мүдөөлөрүнө мас болгон булар, адамзаттын түбүнө жетип, учуна чыкмайынча тарабай койбосун?

О Жараткан! Балким сени жок деп кордошкон тиги экөөнө өчөшүп кыямат кайым жасаганы жатпа? Анда макул, тиги экөөнө жана аларды дили менен ээрчигендерге сооп, а калгандарыбыздын, өзүңө ичибизден ишенип жүргөндөрүбүздүн убалы кимге? Өзүң ыйман берип, адам кылгандарыңды тигилердин кесепети менен кошо шыпырып, бул дүйнөдөн алып кетишиң ташбоордук эмеспи, же ушул согушта төгүлгөн адамдардын канына жийиркенип, өзүң кара мүртөз болуп калгансыңбы?.. Астагфирулла!

О, Теңирим. Каным кызыганда наадандык кылып, өзүнө нахарат айтканым үчүн кечирим сурайм, ошенткеним менен, жазыксыз өлгөндөрдүн көптүгүн көрүп туруп, бул жорукка наалыбай коё албайм...

Ушинтип чоң чабуулдун биринчи күнүнүн элеси кубаныч менен кайгы, кайрат менен калтааруу, кайсарлык менен аярдык, акыл менен алаңгазарлык аралаш сезим, сүйүнтөөр, өкүнтөөр, уйгу-туйгу баш аламан үмүткөр ойлор жүрөктү бирде жоошутуп санаа тындырып, бирде туйлатып алап-желеп кыйноого салып, жанымды жай

алдырбай чарчаган денемди бирде талыкшытып, бирде калтыратып атканы канча убакыт алганын билбейм… Күндүн шооласы бетиме чачыраганда ойгонуп кеттим.

**– 9 –**

Чабуулубуз жел желпиген өрттөй ээ-жаа бербей дүркүрөп жалынынын учу батыш жакка жапырылып, кабылганын кайсап, ийгиликтүү казатка аттанганыбызга бир жума болду. Согуш жалаң моторлор согушу болуп, танкелердин артынан пехота, кавалерия, ат сүйрөгөн артиллерия үлгүрүп жете албай салпактоодобуз. Кечээ күнү Березина өзөнүнүн боюндагы Березино деген шаарчанын четинде немистер бир аз токтоп, танкелеринин замбирек-миномётторунун күчтөрү менен айбат кылайын деген экен, биздин абажаарыган танкисттердин, мотопехотанын жоокерлери биз такоолдоп келаткан аткычтар дивизиясы жетип келгиче эле шылып таштašыптыр.

Шашып-бушуп казылган окоптордун тегерегинде, дөңдөрдүн боорунда, ойлордун таманында, Березинанын өйүз-бүйүзүндө, кашаттарында ар кандай жерлерде, шаарчанын четки үйлөрүнүн айланасында карышкыр кырган койлордой болуп томпоюп жаткан өлүктөр, кыйраган техника, көбү немистердики.

Бул жерге буйдалбастан, түндүк батышка багыт алып, калың токойдун ичине кирдик. Биз такоолдоп бараткан аткычтар полкунун аскерлери рота-рота болуп канатташ жайылып, автоматтарын тырылдатып токой ичин жоодон тазалап, биздин полк аларды акмалап артынан ичке арабажол менен жүрүп отуруп, жоо менен беттешпей, кечинде бир ачыкка чыкканда тынууга команда болду. Алдыдагы кыштакка аткычтар полкунун штабы, биз ага жетпей токтоп түнөдүк. Төрт күн тынбай жол жүрүп, солдаттарыбыз да, унаабыз да кол тартибине машыгып, кадимкидей шайдоот, илбериңки, боюбузга дыкан болуп алдык.

Казат жолунда душман менен кармашып чыгым болбогондуктан, аскерлердин көңүлдөрү көтөрүлүп, күлкүлөрү катуу чыгып, калжыңдашып каткырышып, сапарыбыз тамашалуу. Балким бул шаттык душман такоот кылбаганынан да, бир жылдан бери ордубуздан жыла албай сары сууга бастырып салган муундарыбыз ийкемине эми келип, машинедей киймылдап аткандыктандыр? Душмандын коргонуу чебин бузгандан берки жүрүштүн төрт түнү төртөө тең тынч өттү. Эми колго түшкөн немистердин колоннасы күнүгө бизге алды утур жолуга турган болду. Алар менен баягы биринчи күнкүдөй мамиле жок. Ал тургай аксап бараткандарын көргөндө кээ бир солдаттарыбыздын боору ачып, кейиштүү күнкүлдөшүп, махоркаларын, сухарларын суна коюшчу болду. Аларды айдап бараткан солдаттардын чөнтөктөрү сааттарга толгон. Кайсы бирлери чөнтөктөрүнөн ашкандарын куруна кыпчып алган. Мактанчаак көйрөңдөрү өз буюмдарын берип аткандан бетер, биздин солдаттарга да «белек» кылып берип кетишет. Биздин солдаттар булаанчыларды күндө көрүп, көздөрү үйүр болгону менен немистер биздикилерди жаңы көрүп жаткандыктан, биздикилердин аларга батытталган ар бир кыймылын, аракетин элеңдөө, чочулоо менен кабыл алышат. Өздөрүнүн пропагандасына сугарылган куурагырлар антпегенде кантсин?!

Чабуулдун экинчи эле күнү полк ооругунун карамагындагы автоунаалардын дээрлик баарысын Армиянын артиллерия командалоочусу буйрук кылып өз карамагына алган. Себеби, жоокерлерибиз душманга эс-учун жыйып камынууга убакыт бербей, дембе-дем соккулап, чычайта кууп киргендиктен, күжүрмөн шаймандардын, ок-дарылардын, оокат-түлүктүн фронт ооруктарындагы мүлкканалары алдыңкыларды жабдып үлгүрө албай калышыптыр. Жоо кууп бараткандардын кем-карчын өз убагында толтуруп турбаса, балээ басышы ыктымал. Ошол эле атырылып бараткан танкелердин майы, аларга

чаяндын балдарындай жармашып бараткан солдаттардын октору, «катюшалардын» дүрмөттөрү бир эле мүнөт өксүсүнчү, душман бели сынган жыланча кайрылып чакпайбы? Аларды баш көтөртпөс үчүн, бизде баарысы шайма-шай болушун командалоочуларыбыз алдын ала көрүп, билип атпайбы.

Биздин полк ооругунун карамагына жалгыз бир машине калтырылып, аны Головин автопаркка шылтоолол минип жүрөт. Ал чапкылап бирде алга жаңы буйруктарды алуу, кабарларды угуу үчүн полкубуздун штабына, командирине зымыратса, бирде артка – армиянын ооруктагы мүлкканалары, жабдуу штабдары кайда келатканын, кай жерге токтоо болжолдорун билүү үчүн куюндатып жаны тынбайт. Ат унаалуу көчтүн милдети баягы эле менин мойнумда. Маршта менин орун басарым – Бычков. Кечээтен бери начхим Коптев менен начфин машинелүү артжабдуу башчысы Гизатуллинге жармашып полк штабы менен кошо келатышат.

Капитан наамы бар, орто жашка келген, жапалдаш бойлуу, арык чырай чепелеңдеген партогубуз бар эле. Көп жылы райкомдо иштеген. Билими анча күчтүү болбосо да партиялык уюштуруу ишин жакшы билген киши. Кытмырлыгы жок, ак көңүл төп, коммунисттик идеяга баш-оту менен берилген неме. Эл менен тил таап сүйлөшө алган, керектүү жерде коркута алган, бирок кек сактабаган ачык адам. «Партиялык жетекчи дайым алдыда болуш керек, үлгү көрсөтүш керек» деп, өзү ар дайым батареялардын солдаттарынын арасынан чыкчу эмес. Кышында Хотемля токоюнда согушуп атканда да, полктун экинчи эшелонунун өздүк курамындагылардан партияга өтүүчүлөрдү полктун штабына, же батареялар жайгашкан жерге чакыра турган. Бир сапар Цыганок партияга өтүүгө арыз берсе, аны парторг уруш кызуу жүрүп аткан күнү биринчи дивизиондун штабына чакырыптыр. Тиги түлкү уруш болоорун парторгдон мурда досторунан билип

алып, армиянын ок-дарылар сактоочы мүлкканасына так парторг чакырган күнү кетип калыптыр. Ошонусун «себепсиз келген жок!» деп парторт Цыганокту партияга албай койгон эле. Баягы күнү чоң чабуулдун алдында полктун командиринин замполити да Цыганок жөнүндө ошону кыйытып мисал келтирген. Өз принцибинен жанбаган парторг бул сапар да чабуул маалында полктун биринчи эшелонунда болучу. Күйпөлөктөп жаны тынбаган кургур бир жумадан берки тынымсыз чабуулду улгайып калган организми көтөрө алган эмеспи, бейтап болуп калыптыр. Дивизиондун фельдшери госпиталга жиберейин десе, болбой «полктон ажырабайм, санчастан эле айыгып алам» деп, бүгүн эртең манен Салмановго келген. Биздин эшелондогу жаңы кишибиз эле – парторг. Жолдо, кокус, Салманов экөө уруша кетпесин деп, аны Кондрашовдун арабасына отургузганбыз.

Бүгүн эртеден бери адатыбыздагыдай штабыбыздын артынан куйрук улаш ээрчүүдөбүз. Токой ичиндеги ичке жол. Машине тургай эки араба каршы өтө алышпайт. Биздин алдыбызда өтүп кеткендер жолду бир аз таптап, удулуна келген дарактарды танкелер былчырата басып бир аз кеңитип коюптур, болбосо, көптөн бери дөңгөлөктүү көч чубабаса карек, кай бир жерлерде жол бүтөлүп калган экен. Тынбай алты саат жол жүрүп, токойдон башыбыз чыга элек. Алдыда, айланабызда замбиректердин табышы угулбайт. Үстүбүздөн карагай башын сыдырып штурмовиктер гана өткөнүн көрсөк көрүп, көрбөсөк, чаркыраган үндөрү, анан кайдандыр алдыдагы алыстан жарылып аткан бомбулардын чагылган түшкөндөй табыштары угулат. Бир оокумда жолубуз эки ачакей болуп, биз оңдогусуна түштүк. Бир аз жылганьбыздан кийин оң капталыбыздан (түндүк тараптан) чарылдаган, дарылдаган техниканын, транспорттун бака-шака табыштары, кажылдаган кишилердин үндөрү, дүбүрт-дабырттары чыкты. Полк командири дароо чалгынчыларды жиберип, колоннабызды ток-

тотту. Жыйырма мүнөткө жетпей чалгынчыларыбыз полк командирине айтып келишти. Маскөө-Минск трактысы менен биздин түндүк канатыбыздагы кошуна дивизиянын аскерлери өтүп баратыптыр.

Полк командири өзүнүн машинесинин (немистен түшкөн төрт кишилик кичинекей «Оппель») жанына бардык бөлүкчөлөрдүн башчыларын чакырып алып:

– Жолдош офицерлер! Азыр саат 14.30 болду. Ушул жерге тыным жасайлы. Жолдун эки четине, токойдун арасына жайгашкыла. Өтүп бараткан аскерлерге жолто болбосун, жүгүңөрдү, кошуңарды жолдон обочороок коюп тамактангыла. Бир саат убакыт бар. Аттарыңарды оттотуп, жемдетип тыным алдыргыла. Жолго чыгаар алдында дагы чогулабыз. Акыркы жаңылыктарды ошондо угасыңар, буйрукту, маршрутту ошондо аласыңар. Жолдош майор – штабдын начальнигине кайрылып, – бардык маршрутту, буйрукту тактап даярдатып коюңуз. Менде суроoңор жокпу? – Биз унчукканыбыз жок.

– Эмесе тарагыла.

Ошентип, калың токойдун арасында бир сааттык тынымыбыз өттү. Түштөнүп, колу-бутубузду сунуп, бир аз эс алган соң, убада боюнча подполковник Васильевдин машинесинии жанына кайра чогулганыбызда полктун командирн чабуулдун бүгүнкү, ушул 15 саат 30 мүнөткө чейинки мөөнөтүндөгү өзүбүздүн полктун жана биз такоолдоп келаткан аткычтар дивизиясынын кужүрмөн аракеттери жөнүндө он мүнөттөн ашык информация жасап берди. Бүгүн отуз километрче жол басыптырбыз. Душман алдыбызда токтоп кайрат кыла албай, качып баратыптыр. Токой ичинде партизандар качкан жоону кансыратып, биздин армия жеткичекти эле, кыштактарды бошотуп атыптыр. Биз такоолдоп бараткан дивизиянын бир полкунда гана Березинону бошотуп атканда анча-мынча аскерден чыгым болгонун, калган полктору, алар менен катар биздин полкто да, аскерден, техника-

дан, курал-жарактан жоготуулар болбогонун, ал үчүн биз партизандарга жана болот атчан танкистерибизге чоң карызбыз деп белгиледи да, жалпы төрт жарым күндөгү болгон окуяларды маалымдоого сөздү өзүнүн саясий боюнча орун басары подполковник Парядинге берди.

Бою Васильевдин ийнинен келген, кортойгон замполит сары чийкил бети чүрүшкөн арыкчырай, отуздун орто курагына келген, ар бир сөзүн жасап, таптап, тактап айткандарын кулакка уккулуктуу, өтө маанилүү кылууга абдан тырышкан киши эле. Кийимин астейдил, боюн таза кармап жүргөнүнө караганда, кадровый офицер болсо керек. Мурда кавалерияда болгонбу, билбейм, өтүгүнөн текөөрүн түшүрчү эмес. Биздин полкто иштегени жарым жылга жете элек. Кышында Витебскинин алдында оор жарадар болуп, эвакогоспиталда каза болгон кайран подполковник Рахимовдон кийин келген. Бул киши келгенден бери, полкубуз өрүүн кезинде гана бир сапар жалпы партиялык чогулуш болгон. Ошондо сүйлөгөн сөздөрүнөн улам аскердик саясий окуу жайын бүтүргөн болсо керек деп ойлоп жүргөн элек. Граждандык турмуштан көп нерселерди байкачу эмес. Ар качан штабдык жыйында полк командиринин пикирин гана ырастап, тактап, таамайлап, тим боло турган. А биздин полктун офицерлеринин ургундай көпчүлүгү запастан чакырылган, же кыска мөөнөттүк командирлик курстарды бүтүргөн, ар кандай кесиптерде ар кандай граждандык иштерди аткарып келген адистерден болгондуктан, Парядиндин белимчи кемпирдей кайталашын ичибизден деле жактыруучу эмеспиз. Ыраматылык Рахимовдун жан жибиткен, көңүл көтөргөн, боорукер, адам турмушун билген, солдаттардын ичи-койнуна кирген жалындуу сөздөрүнө ушунчалык көнгөн экенбиз, бул замполиттин кептерине чынында эле көбүбүз алымсынчу да эмеспиз. Айрыкча начхим желкеси менен угаар эле. Азыр да Парядин адатынча тамагын жасанып, сүйлөөгө камданып келатканда эле Коптев жек көргөн көзүн жа-

шыруу үчүн, жүзүн тескери буруп, карагайдын бутагын тиктеп калды. Анын сырын билген офицерлер ичибизден күлкүбүздү тыя албай, жер тиктөөгө аргасыз болдук.

– Жолдош офицерлер. Азыр эле полк командири силерди чоң ийгиликтер менен куттуктады – деп баштады бул. – Мен дагы ошол ийгиликтер менен силерди куттуктамакмын. Ошону менен катар, силер уга элек сүйүнүчтүү кабарларды айтууга менин коммунисттик абийирим милдеттендирет. Беш күндөн берки чабуулда үч Белорус фронту чоң ийгиликке ээ болду. 3-Белорус фронту, 1-Прибалтика фронту менен биргелешип сокку уруп, 25-июнда Витебскинин айланасындагы душман аскерлерин курчоого алып, кечээ 27-июнда Витебски шаарын толук бошотуп, немистердин курчоодогу 5 дивизиясын жоксон кылды. Бүгүн 3-Белорус фронтунун алдыңкы сокку урuuчу күчү Лепельди бошотту. Биздин 2-Белорус фронту мындан 3 саат мурда Могилев шаарынын айланасында курчоодо калган немистердин аскерлерин талкалап, көбүн колго түшүрүп, шаарды душмандан тазалады. 1-Белорус фронту кечээ Бобруйскидеги душман колун курчоого алып, былчылдатып атат. Буюрса бүгүн-эртең ал шаар да фашизмдин туткунунан бошойт. – Мунун сөздөрү гезиттин кабарларындай чолок-чолок болгону менен айткандарынын баарысы жаңы жана өзүбүзгө түздөн-түз тиешеси болгондуктан, баштагысындай маңызсыз эмес, уккулуктуу чыкты. Бара бара дааамдуу болуп баратат, же көптөн бери өзүбүз жөнүндө жылуу кабар уга албай, көңүлүбүз чөгүп, чүнчүп жүргөндүктөнбү, айтор, замполиттин арифметика чалыш маалымдоосу капталыбыздан канат өстүрүп, көңүлүбүздү көкөлөтүп, артист окуган көркөм адабияттай таасир берүүдө. Карасам биз тургай, көп адабият окуган начхим да таңыркап калыптыр. – Бардык фронттордо коммунисттер, комсомолецтер баатырлыктын, патриоттуктун үлгүсүн көрсөтүүдө. Азыр бардык фронттордо душмандын көп солдаты эрки менен колго түшүп атат. Фашисттик лагерде мурдагыдай

биримдик жоголуп баратат. Өздөрүнүн союздаштарынын аскерлерин фашисттер күч менен бизге каршы зордуктап уруштуруп атышат. Биздин чыккынчылардан куралган аскер бөлүктөрүн, Власовчуларды жана башка арамдарды да согушта пайдаланууда. Биздин союздаштарыбыз ачкан экинчи майдан да ийгиликтүү жүрүүдө. Баштаганы 20 эле күн болсо да, Франциянын батыш тарабынын кыйла жерлерин бошотушту. Азыр душмандын кол көтөргөн аскерлеринин баарысын булаанга ала бериш керек. Буларга кол тийгизбей, кордобой, эл аралык эреже боюнча мамиле кылыш керек! – Эми, үйрөнгөн адатты кармап, саясий акыл айтууга өтүп баратат. –Биз фашист эмеспиз, алардай мыкаачы эмеспиз. Биз дүйнө боюнча биринчи социалисттик өлкөбүз. Биздин принцип коммунисттик принцип... – дагы толгон, толгон баарыбыздын көкүрөгүбүзгө жат болгон, көп чайналып даамы кеткен сөздөр менен -«акыл» айта баштаганда, жанатан бери таңыркап угуп аткан биз тажагандыгыбызды, чарчагандыгыбызды билдирип кыймылдай, күбүрөй баштадык. Аны сезип замполит көп узартпай, сөздөрүн: «Жашасын Сталин! Жашасын Компартия, биротоло Жеңиш үчүн!» менен бүтүрдү.

Полк командири билегиндеги саатты караган кезде, анын санитарка кызы жанына шыпылдай басып келип, бирдемени кулагына шыбырап ары басып барып, «Оппелдин» алдыңкы отургучуна, шофердун катарына отурду. Васильев ППЖсы[1] оңтойсуз абалда калтырганына бир аз кызарып, оң колу менен «ары кет» дегендей жаңсап, бизге бурулуп, алагды болгон оюнун учугун кайра таап:

– Азыр 16 саат 32 мүнөт болду. Биринчи эшелон силер менен ушул жерден коштошобуз. Биз аткычтар полкун ээрчип, ошол токой жол менен жүрүп отурабыз. Токойдо бекинип, же адашып калган душмандар болсо, алар менен беттешип, токойду тазалап жүрүп отурабыз.

[1] ППЖ – «полковая полевая жена» деп командирдин ойношуна солдаттар койгон ат.

Силер – сол сөөмөйү менен жолдун оңго бурулган айрылышын көрсөтүп, – тиги жылчыктагы ичке жол менен Москва – Минск шоссесине чыккыла да, батышты багыттап жүрүп отуруп, – планшетиндеги бүктөлгөн картаны алып чыгып, саат 19 нөл-нөлдө шоссенин оң жагындагы мобу чакан кыштакка жетип, кабар күткүлө. Аттарыңар чегилген бойдон турсун. – Оң сөмөйүнүн тырмагы менен картадан кыштактын атын сызып көрсөттү. Жалпы экинчи эшелондун начальниги майор Головин, эртең менен армиянын ооругуна кеткен бойдон келе элек болгондуктан, ал жокто жол жүрүүдө экинчи эшелонго ар дайым мен жетекчилик кылгандыктан, өзүмдүн планшетимдеги картаны ачып, подполковниктин жанына барып, көрсөткөн кыштакты кызыл карандаш менен тегерете чийип алдым. – Шоссе миналардан тазаланган. Биздин аскерлер кымгуут болуп өтүп атпайбы. Душман жок, жол ачык. Асман коркунучу күтүлбөйт. Кокус немистердин самолёттору келип калса, аларды үнүнөн эле алыстан тааныйсыңар, токой жаныңарда, кире качпай жаныңар жокпу. – Штабдын начальнигине кайрылып, – Жолдош майор, пакетти доктордун колуна карматыңыз. Не бар, не жок, согушта ар түрдүү ситуация болуп калышы мүмкүн. Кокус, чоң жолдон чыгууга мажбур болуп калсаңар, пакеттеги маршрутту пайдаланып, бизди кай жерден табаарыңарды билип алгыла... Менде кимдин суроосу бар?

Бардыгы түшүнүктүү, жолдо кооптоно турган жагдайлар деле күтүлбөчүдөй болгондуктан, суроо болгон жок. Кол кысышып коштошуп, эки эшелон эки айры жолго түштүк. Биз күндөгү тобубузду жазбай мен алдыда, Бычков артында атчанбыз, калгандары арабаларга отуруп киребизди Москва-Минск трактына бурдук. Жарым километрче жүргөндөн кийин кең, түз, үстү асфальт чоң жолго чыктык. Саатты карасам – 17.05 болуптур.

Жол бака-шака. Автомобилдердин арасында бизге белгилүү ГАЗ, ЗИС-5, «студобеккерлерден» башка немис-

тердин, европалык түркүн өлкөлөрдүн ар кандай түрдүү маркадагы жүк тартуучу жана жеңил машинелери, өзүбүздүн «ХТЗ», «СТЗ», «ЧТЗ» трактырлардан башка чет өлкөлүк трактырлар. Буларды айдап бараткандар биздин аскер болбогондо душмандар келатканбы деп чочуйсуң. Жолдо жылып бараткандардын көпчүлүгүнүн багыты батыш тарап. Чыгышты карай бараткандар, ургундай жергиликтүү калк. Согуштун кесепетинен жана душмандын аскерлеринин запкысынан өздөрүнүн орун-очокторунан ажырап качууга мажбур болгондор, үй-бүлөсү менен чогуу жүрүп согушкан партизандар жана дагы башка түрлүү себептер менен азган-тозгондор. Кээде топ-топ болуп тизилип жөө сандалып келаткан булаанчылар кезигет. Алардын кебете-кешпири, кийиминин түсү, формасы биринчи күнкүсүндөй таңдантпайт. Көндүм көрүнүш болуп калган.

Шоссе түнт токойду жарып өткөн жерлерде деле эки жагы кыйла кадам ачык. Кез-кезде токою жок ачыкка чыкканда, айлана кеңирирээк көрүнөт. Ошондо карасаң, жердин түз эмес, адыр-күдүр буткулдуу, дөбөлүү, дөңдүү, ийри-муйру коолуу, кокту-колоттуу, жыбыттуу уңкул-чуңкулдуулугу даана көрүнөт, бирок кай жагыңды караба – горизонт барып отуруп токойго көмкөрүлөт.

Мына илгерки падыша заманында эле Маскөөдөн Варшавага чейин салынган, ушул азыр биз өтүп бараткан чоң кара жол бирде эңкейишке түшүп, бирде өргө өөдөлөп, бир чоң токойдон чыкса экинчи чоң токойду жарып жүрүп отурат экен. Бул чоң жолдо чоң кыргындын белгилери көрүнбөйт. Бир гана жерден кезиктирдик талкаланган техниканы, арасында көсөөдөй карала болуп күйгөн киши сөөктөрүн. Жолдун таманында асфальттын үстүндө эмне экени таанылгыс бир кызыл-кочкул ылай жабышып жатат. Чеке-белиндеги чүпүрөктөрдүн айрыгынан улам немистин сөөгү го деп боолголоого болот. Аны деле этибар алган эч ким жок. Тебелеп үстүнөн машинелер, трактырлар, арабалар, аттар кылчайбай өтүп кетүүдө.

Эки сааттан анча-мынча ашканда бир ачыкка туш келдик. Оң жагыбызда жолдон 450–500м обочороок аралыкта картада көрсөтүлгөн кыштак көрүндү. Биз колоннабызды шосседен кичине кыштак жолуна бурдук. Кыштак батыштан чыгышты карай созулган бир жоноктун үстүнө орношкон экен. Кыштактын шоссе жагында кылкандарын желге ыргалткан эгин жатат. 19 саат 22 мүнөттө полк командири буюрган пунктка жеттик. Кыштакта бар болгон жыйырмага жетпеген жыгач үй. Чоң-кичинеси аралаш катар тизилип, балыкжон жоноктун батыштагы бийик дөбөсүнөн баштап, чыгыштагы эңкейишине дейре кыркалай салынган үйлөр, баарысынын эшиктери эмнегедир түндүк тарапты караган. Кадимки орус архитектурасы менен салынган. Бир гана айырмасы эшиктери малканага эмес, түздөн-түз сыртка чыгат. Эшигинин алдында 2–3 тепкичтен турган босогосунун үстү учурмалуу айванча. Анын тектирине чыккандан кийин гана каалганын туткасына колуң жетет. Терезелери түштүктү, батышты караган. Үйлөрүнө улаштыра салынган мал кепеси, чөп сарайы, шайман, эгин-тегин сактоочу кампа. Огороду тосулган эмес. Бул кыштакта үйлөрдүн баарысы бир эле кырка салынгандыктан көчө деген жок.

Кыштакта эр бүлөдөн эч ким көрүнбөйт. Кемпир-кесек, орто жашап калган аялдар эле кезигет. Мал деле байкалбайт. Кандайдыр бир ээн чакан кыштак. Анын түндүк жагында кичине, жылаңач колот, колоттун таманында саздуу булак. Булактын айыл жак өйүзүндө жепирейген бир үй – кейпи, мончо болсо керек, анын оң жагында, бир аз төмөнүрөөк сарайга окшогон дагы бир имарат. Билбейм, колхозунун малканасы же чочкоканасы болгонбу?.. Колоттун күңгөй-тескейи ачык, мал жайыты экен башы-аягы токойго барып такалыптыр. Жонок кыштак башында жол өткөн белбаскактан ары өөдө көтөрүлүп оңго имерилип, колоттун үстүңкү карагайлуу сеңирин түзүптүр. Командирдин буйругуна ылайык кошубузду

чечпей, кербенибизди кыштакты бойлото, үйлөрдүн колот жак далдасына чубата тарттырып, тыныгууга токтодук. Уставга ылайык чарба взводунун командиринин милдетин аткаруучу старшина эки солдат ээрчитип ар бир үйдү кыдырып, тургундарынын санын, үй-бүлө курамдарынын эсебин алууга киришти. Калгандарыбыз аттуулар аттарынан, арабадагылар арабаларынан түшүп ар кимиси өзү билген, көнгөн өнөкөттүү аракеттерди жасап, уюган, карышкан-тырышкан, муун-жүүндөрүн жазып, ары-бери басып кыймылдоодо.

Экинчи эшелондун офицерлер курамы менин жаныма чогулушуп, тамеки тартып, ар кандай оюн күлкү, чынтамаша аралаш көргөн, билгендерибизди эркибизче аңгемелеп, кызуу бакылдашып аткан маалда, шоссе жактан бизди карай келаткан бир машиненин карааны көрүндү. А деп, бу дегиче машине бизге жетип келди, карасак биздин «студебеккер» үстүндө, кузовдо 4–5 солдат бар өңдүү. Кабинада шофердон башка эки киши, анын бирөө машиненин ээси Головин болушу керек, экинчиси ким болду экен дегиче болбой, машине жаныбызга токтогондо карасак, баягы баарыбызды кабатыр кылган капитан Цыганок. Биз жаңылык укмакка үмүттөнүп, абажаарып аларга умтулуп салам айтып калдык эле, тигилер кабинадан чыгуу аракетинен мурда, берген саламыбызга алик кайтаруунун ордуна, майор Головин бизден:

– Полк командири келдиби? – деп, элеңдеди. Баарыбыздын атыбыздан расмий боюнча мен тиешелүү жооп бердим эле, андай жоопту мурда эле күткөн кишиче таңыркабай, таң калбай өз сөзүн улантты.

– Биздин алдыбызда «Оппель» менен полк командири, санитаркасы, замполит болушуп штабдан силер тарапка кетишкен эле. Биз штабда капитан Цыганоктун документтерине байланыштуу бир аз буйдалып, алардын артынан чыкканбыз. Калың токойдун ичинде каршытерши жаткан жолдордогу кымгуут жолоочулардан баш

адашып тигилердин караанын жоготуп койдук. Башка жол менен кетишкен го алар?.. Эмгиче силерге небак келишмек... – Цыганок чын эле ооруганбы, билбейм, өңү түктөйөт, ордунда ойдолонуп тынчсызданып, эки жагын каранып элеңдейт. Мен саатымды карап:

– Биз бул кыштакка токтогонубузга туура 21 мүнөт болду. Алар бизден мурда келишип, бизди таппай кайра кетишпесе, биз аларды көргөнүбүз жок – дедим. Тигилер машинеден түшпөй туруп, Головин бизге:

– Силер ордуңардан жылбай тургула. Биз алдыга утурлап барып командирди тосуп келели. Шосседе кыймыл-аракеттер барган сайын азаюуда. Штабка келген кабарлар боюнча, биздин артыбызда токойлордун арасында немистердин кыйла куралдуу күчтөрү калыптыр. Алар өз колуна кошулуу аракеттерин жасап, жыйылып алып артыбызда келатат дейт. Жолдо кагылыштар болуп, армиянын ооругундагылардай кыйла чыгым да болуптур. Сак болгула! Биз жарым саатка чейин кайта келип калышыбыз ыктымал. Кокус келбей калсак, бизди күтө бербей, тынч түнөөнүн камына киришкиле! – деп, бизден суроолорду күтпөй, шоферун жаңдап, машинесин дароо бурдуруп, кайра шоссеге бет алды. Турган эле ордунан атырылып машинесин чукул бургандыктан, үстүндөгү чоочун солдаттар бири биринин үстүнө жыгылып, кулап түшө жаздап барып, бортко таянышып аман калышты. Машине зымыраганда артынан чаң бурулдап кала берди.

Бул экөөнүн шашып жүргөнүнө, биздин жаныбызда калбай, кайра жөнөп кетишине айраң-таң калып, ар кандай божомол жүгүртүп, кысталыштагы кылык-жоруктарына нааразы болуп: «кетмектен ары кете беришсин. Буларсыз өлүп, булар менен тирүү калаарды бир Кудайдын өзү билет». «Булар биз менен калса, кокус жоого кабылсак, жоодон ушул эки коркок бизди сактап калат беле?», «Мындайлардын барынан жогу!»... дагы ушул сыяктуу наалат сөздөрдү айтып, капаланып аткан кези-

бизде эки солдатын ээрчитип, старшина келип, рапорт берди. Мунун маалыматы боюнча, кыштакта чоң-кичине, эски-жаңысы болуп бардыгы 17 үй бар экен. Үчөөндө кишилер жок, эшиктери тактайлар менен сыртынан кайчылаш урулуптур. 14 үйдө жашаган кишилердин саны 29. Анын ичинен баса албаганы 1 абышка, 4 кемпир. Кирип-чыгып өз оокаттарын кыбырап жасап жүргөн, жаштары 60 дан ашкан дагы 7 кемпир бар экен. Орто жашаган аялдардан 8. Бүткүл кыштак боюнча 2 келин, 6дан 13 жашка чейинки балдардын саны бар болгону 7 экен. Булардын ичинен 6–10 жаштагы 2 эркек, калгандары кыз балдар. 14 жаштан жогорку балдарды эркек дебей, кыз дебей Германияга кызматка айдап кетишиптир.

Кыштактын күн чыгыштагы жапыз учунда бир кудуктун укуругу сороёт. Шосседеги жолоочулардын табышы улам барган сайын азаюуда. Головиндин болжогон убактынан 15 мүнөт өттү. Жолду чалып келүүгө Посоховду атчан жибердик эле, он мүнөткө жетпей чаап келип суук кабар айтты. Шосседе кыймыл токтоптур. Мотоциклчен биздин бир аскер батышка кетип баратып, Посоховду көрүп, токтой калып: «Артта немистердин аскерлери келатат. Колонна болуп чоң жолго чыккандары да бар. Түн бою жүрүшү мүмкүн. Курчоодо калган немелер жанын аямак беле. Сак болгула. Жакшылап коргонгула!» деп, чымын-куюн болуп сызды дейт. Бул атын койгулакка алып бизге жөнөптүр.

Кабарды угаарыбыз менен дароо шашылыш кеңеш чакырып бул түнү эч жакка жылбай ушул кыштакта коргонмок болдук. Коргонуунун начальниги болуп Бычков дайындалды. Аскердик наамы, Салмановду жана бейтап парторгду эсепке албаганда, менден төмөн болсо да, интенданттык училищеде 3 жыл окуп, аскердик билими меникинен жогору эле. Тактиканы коргонуу операциясында кандай уруш аракеттерин шартка ылайык колдонуу иштерин менден жакшы билет. Анын үстүнө согуштук тажрыйбасы меникинен көп. Мен коргонуу

штабын башкармак болдум, парторг начальниктин саясий боюнча орун басарлыгына бекиди.

Күн кылкылдап батып баратат, «урушта туруш жок» дегендей, көп кажылдашып отурбастан, бака-шака аракетке кириштик. Арабаларды орчундуу-орчундуу, караандарды алыстан көрүнө турган ачыктарга токтотуп, бирөөнү түндүккө, бирөөнү түштүккө, деги төрт тараптын туш-тушуна каратып, окжыгачтарын аркан менен какайта тартып, анын учун арабанын кашына байлап, ичиндеги жүктөрүн үймөлөктөп туруп, үстүн брезент менен жаптык эле, – карааны кадимки эле жабылуу танке болуп калды. Кыштактын күн батыш учунда шосседен келаткан жолдун боюндагы дөңдө жана айылдын орто ченинде дагы бир дөбөчөдө 1941-жылы биздин аскерлер окоп казып пулемёт, замбирек орноткон даяр жай бар экен, үч жылдан бери топурак урап, кырлары кемирилип-жемирилип калса да, бизге жарап берүүчүдөй. Аларды бир аз тазалатып, тереңдетип эки пулемёт орноттук. Бир расчётко Барановду, экинчисине Кондрашовду командир кылдык. Пулемётчулар мурда пехотада урушуп жүрүп жарадар болгон тажрыйбалуу жоокерлер, алардын жардамчылары да талыкпаган жаш жигиттер. Начпрод улук лейтенант Богомолов эки автоматчанды ээрчитип, душмандын колу өтүүгө мүмкүн жерди болжолдоп, кыштактын күн батышында, чыйыр жолдун боюнда, бир ойдунда өскөн майда кара теректердин ичине барып буктурмага жатты. Ар бир үйдүн огородунун аягында, кара буудай аянтынын жээгиндеги эликбалтыргандар киши бою бийик жана жыш өскөн. Булардын арасына кыштакты кыркалата автоматчандарды жайгаштырдык. Салмановду «Танкеси» менен экөөнө эки автомат берип, бир өрттөнгөн үйдүн ордуна чыккан калың эликбалтыргандын ичине киргиздик. Парторг: «бейтап киши жумуштан бошотулат, бирок коргонуудан бошотулбайт» деп, Бычков экөөбүздөн өтүнүп, жанына

бир автоматчанды алып, Салмановдон он метр солго, калың куурайдын арасына барып жатты. Посохов менен чарба взводунун старшинасын байланышка койдук. Алар тынбай кыштактын эки башынан, ар бир автоматчандан штабка кабар жеткирип турмак болушту. Аттарды короо-короодогу мал сарайларга киргизип, үй ээлеринин чабылган чөптөрүн акырга салдырып отко койдурдук. Баягы «Король», «Сокол» – эки аңги түнүчүндө азынап, чыккынчылык кылбаса экен деп кыйпылдап жатканымда, бир эски кавалеристтин басмачылар менен күрөшкөн окуяларынын аңгемеси кылт эсиме түштү да, дароо эки аңгини чегип жүргөн ээлерин чакырып, жембаштыкка топурак салып, боолорун аңгилердин куйругунун учуна салмоор кылып чие байлап коюуну буюрдум. Басмачылар аңгилерин азынатпас үчүн куйругуна таш байлап коёт экен деди эле ал кавалерист. Бул жерде ташты күндүз издесең да таба албайсың. Тобокел! Калпы-чынын байкап көрөлү. Кыштак тургундарына эшикке чыгууга чырак жандырууга, от жагууга тыюу салдык. Бардык жоокерлерди офицерлерди автомат менен камсыз кылдык. Киши башына экиден граната бердик. Гизатуллинге ичибизден алкыш айттык. Жалпы коргонуу отряды бонюча командирдин командасы болмоюнча жана аргасыз болмоюнча ар ким өз эркинче ок чыгарууга тыюу салдык.

Экинчи эшелондун менин тобумдагы офицерлеринин бардык билген аскердик билимин, согуштук тажрыйбасын аябастан колдонуп, мүмкүнчүлүктөрүнүн баарысын пайдаланып, бир да солдат бош калтырбай, ар кимисине жалпы коргоо милдетинен тышкары, жекече жоопкерчиликти тапшырдык. «Кимде ким болбосун, мейли офицер, мейли сержант, мейли карапайым солдат болобу, тартип бузуп душманга сырыбызды ачса, коркуп кетип колун көтөрсө, анын мурда дос экенине, баатырдыгына, алган орден-медалдарына карабай, чыккынчы деп эсептелсин. Андайлар согуш учурунда колдонулуучу мыйзамга ылайык, кылмыш

жазаган жеринде атылсын!» деген буйрук жазып, Бычков, парторг үчөөбүз кол коюп бүткүл өздүк курамга, ар кимисинин күжүрмөн постунда окуп, кайрат берип, көңүлдөрүн колдон келишинче көтөрүп штабга кайттык.

Ошентип коргонуу камылгабыз бүткүчө күүгүм кирди. Бардык обьектини Бычков экөөбүз бир сыйра кыдырып чыккыча жаркырап толгон ай чыкты. Кыштактын орто ченинде, күнчыгыш тараптагы пулемётко жакыныраак бир үйдү штаб кылып алган элек, анда автоматчан жалгыз Чистов. Ал эшиктин алдында, айванчанын түбүндө жашынып, автоматын кош колу менен тутамдап былк этпейт. Паролду[1] айтмайынча жанына жан жолотпойт.

Ай өөдөлөгөн сайын көлөкө кыскарып, айлана ачыгыраак, алысыраак көрүнөт. Айланада шектүү табыш угулбайт. Түнкү салкын түшүп келатат. Анын билинээрбилинбес желпиндисине ыргалган кара буудайдын кылкандуу баштары айдын жарыгын айнектей чагылдырып кулпунат. Эгин аянтын сыдырып өткөн жел карагайлуу токойго жеткенде чегендектери комуздун кылындай дирилдеп угулаар-угулбас шуулдак табыш чыгарат. Ал шуулдак токойдун тереңинде күңүрөнүүгө өтүп жымжырттыктын жан көшүткөн күүсүн жаратууда. Аттиң-ай, биз балтыргандын түбүндө, ошол ыргалган кара буудайдын арасында, тамдын көлөкөсүндө, дөңдүн чуңкурунда жаныбызды ээрдибиз менен кымтып, куралыбызды мыкчып, кулагыбыз тыңшаарга, көзүбүз дүрбүгө айланып, мүнөт сайын бүлүк күтүп, кыймылдап жатканыбызды тээтити алыскы асмандан мээрим нурун төккөн күмүш ай, чачыңды үлпүлдөткөн, маңдайыңдан териңди үйлөгөн назик жел кайдан билишсин?! Табият берип аткан бейкуттукту эмне үчүн жыргалга пайдалана албайбыз? Ушул эле мүнөттө чачыраган, адашкан душман аскерлери өз жолуна кошулуунун айласын издеп, «карайлаган там сүзөт» болуп калың токойдо черге капталып, жылчык

[1] Пароль – жашыруун сөз, белги.

издеп, кыйналып атат дечи. Ачыкка чыгып басууга ай шооласы каргаша болуп, караандарын алыстан көрсөтүп чыккынчылык кылып атканына, күйбөгөн жерлери күл болуп, асмандагы апакай айды тилдеринин жетишинче боктоп аткандыр?..

Мына эми, колот өөдө жай жылып жөөтуман келатат. Булактын жээгиндеги мончону, малсарайды туман басып көрүнбөй калды. Бир кезде колоттун батыш жак башындагы сеңирдин токоюнан асманга көк ракета атылып чыкты. Ошол замат чүмкөнүп жерге жата калып саатымды карасам, туура 23.00. Бир мүнөткө жетпей, колоттун чыгыштагы учунан, төмөндөгү карагайлуу түнт токойдон удаалаш эки көк ракета көтөрүлдү. Бул бир окуянын жаңсоо белгиси экени түшүнүктүү болду. Жанымдагы Бычков мага: «Доктор, мен кыштактын батыш тарабына кеттим. Андагыларды мен башкарайын. Жандарында турбасак, алда неме болот? Богомолов да чыдамы жок неме эле. Сиз парторг экөөңөр күн чыгыш тараптагыларды башкарыңыз. Сыягы, душман кош ракета чыккан жактан келет го? Демек, Сиздер тараптан. Кыштакты аралабас? деп мага шыбырады. Мен ага: тигил «танкелердин» караанын көрүп туруп, соо болушса, даай алышпас. Жөөтуман жамынып, колоттун таманы менен өтүшү ыктымал. Ага автоматтын огу жетпейт. Пулемёттуку жеткен менен, бизде бар болгону андан экөө. Экөөбүз катылып балээге калбайлы. Душмандын колу көп болсо, карайлап турган немелер кыштакка чабуул жасашы мүмкүн. Жолдош командир, эгер сиз макул болсоңуз, өзүбүз катылбайлы, мейли чубап кете беришсин. Баары бир алыс бара алышпайт. А кокус эгин аралап, жон менен өтсө, кантебиз?» дедим. Ал: «Мен макулмун колоттогуларга, санын билбеген соң тийбейли. Жондон өтүүчүлөр биздин алдыбыздан чубашат. Айдын жарыгында аларды саноого болот. Бизге тийишпей үйлөрдөн обочолоп өтүшсө, аларга деле тийишпейли. Тең ата болуп

кармашаар бизде күч да, курал да жок. Кокус өзүлөрү катылышса, анда айла жок. Жаныбыздын бардыгынча кармашабыз, коргонобуз. Мен кеттим, доктор, аман-эсен көрүшкөнчө, 23.30 да штабдан жолугушалы. Ошентип, дароо экөөбүз эки жакка тарадык. Мен Чистовду уктаба деп эскерттим. Начальник менен акылдашкан чечимди мен парторгго жана анын сол тарабында жаткан жоокерлердин баарысына билдирип чыктым. Парторг биздин чечимди куттуктоо менен бирге, өзү башы ооруп, бизге аракеттүү жардам көрсөтө албаганына өкүндү. Мен ага көңүл улап тынч жатып, жанындагыларга үлгү болуп беришин тилеп, андан наркыларды жөргөлөп кыдырдым.

Эликбалтыргандын ичинде жашынган эликтин чаарчыгы сымал буттарын сунуп, боортоктоп чыканактарына таянып, автоматтарын кош колдоп мыкчышып, комдонуп жаткан солдаттар. Кошунасынын бышылдаган демин, чөп түбүнөн жөргөлөп өткөн чычкандын табышын, үлп эткен желге чатырчалары теңселип, жалбырактары делбиреген балтыргандардын шуудураган, деле кандай гана кулакка чалдыгаар табыш болбосун, бирин да текке кетирбей тыңшап жаткан солдаттар. Эликбалтыргандын сабактарынын арасынан ай жарыгында көрүнгөн кара буудайдын желге ыргалган баштарын бирден санап, көздөрү талыган солдаттар.

Менин табышымды, паролумду угуп, мен буларга кандайдыр бир кереметтүү амандык, тынччылык, бейкутчулук, деле күтүлбөгөн талаай-бакыт алып келүүчү сыйкырчы немеден бетер, мени эш тутушуп, мага бүт тагдырларын тапшырып, менден болочок тиричиликтин жакшылыгын үмүт кылып, күтүп аткан немелер, мени көргөндө ата-энесин көргөн баладай кубанышып, кайраттанышууда. Кыдырып бүтүп кайра штабыма келдим. Ой он талаа, санаа сан талаа.

Ырас, азыр биз, коргонуу пунктунун үч жетекчиси алардын же убалына, же сообуна калышыбыз керек. Бу-

лардын тагдырын мойнубузга жүктөгөнбүз. Тегерегибиз түнт токой, токой ичи душман. Чын-чынына келсек, биз, душмандын курчоосунда турабыз. Биз – бар болгону бир чакан миномёт полкунун экинчи эшелонунун жартысы элебиз. Бизде курчоону жарып чыга турган кубаттуу курал жок. Солдаттарыбыздын да ургундай көпчүлүгү күжүрмөн эмес, «чарба ишине гана жарактуу» деген күбөлүктөрү бар жармачтар. Бирок бул кейиштүү абалыбызды кимге айтабыз? «Биз чабалбыз, силер менен уруша албайбыз, байкелер, жан соога» деп, душманга жалынабызбы? Же Дубосеководогу панфиловчулар сыяктуу акыркы солдатыбызга чейин душман менен кармашабызбы? Баарыбыз бир тилектүү, жүрөктүү болсок, ага деле кысталганда барууга мажбур болобуз го, бирок баарысы ошолордукундай болот, биз да жапырт эрдикти көрсөтө алабыз деп Бычковбу, менби, же парторгубу – кимибиз тиги жактан тобубузга толук ишене алабыз? Биздин ичибизде жалгыз эле Салманов коркокпу? Шартты байкап, жок калпты шылтоолоп, Головин менен Цыганок чындыгында өз жандарын ала качып жоголушпадыбы! Ал эми башкаларынын кимисинин ичинде эмне жатканын ким билет? Ушул азыр ким эмнени ойлонуп атканын кантип билесиң? Ырас мен Баранов, Чистов үчүн кам санабайм. Бир жылдан бери биргебиз. Жаманчылык шеги билинбейт. Нечен кысталыштан көмөктөшүп абийирибиз менен чыкканбыз. Ошол үчүн Барановду жоо келээр жактагы штабга жакыныраак пулеметко командир кылдым. Чистовго штабды коргоону буюрдум, Посохов деле бирге иштегени бир жылдан ашты, бирок кыялы чорт, өзүмчүл. Кокус башка кыйынчылык түшсө өз жанын гана карап, өз кызыкчылыгын көздөп кетиши мүмкүн, ошенткени менен арам ою жок. Оноприюк кышында батареядан келип, ушул күзгө дейре өзүнүн старшинасына, взвод командирине жок калптарды айтып менин бөлүкчөмдө жүрөт. Ага толук ишенип болбойт. Өтө шыпылдаган неме.

Өзү батыш Украинанын Станислав облусунан. Согуштун биринчи эле айында жашы жаш, алты саны аман туруп, эмнегедир аскерге алынбай качкындардын катарында чыгышка, болгондо да Кыргызстанга, Фрунзе облусунун Калинин районуна барып, 1943-жылдын ноябрь айына дейре колхозчу болуп алган. Согуштан качпаса, патриот болсо, айлын жоо басканда аскерге өзү суранбайт беле? Ал эмес капкайдагы алыстан жоого аттанган азаматтар канча! Парторгду деле сыртынан билем. Кокус кысталыш болуп калса, кантип кетээрин кайдан билем?.. Ал эми, жакындан таанытбаган чарба взводунун солдаттарынын кимисине чыккынчылык кылбайт деп күбө боло аласың?

Ой, тобо! Тагдыр деген кандай кубулма нерсе? Жок, балким, тагдыр кубулбай, өзүнүн мурдатан берки программасы менен жүрүп аткандар. Менин жана мени менен кошо бул кыштакта болочогун бугуп, күтүп аткандардын тагдыр прогрраммасында так ушул окуя да жазылгандыр?.. О, Кудай, өзүң сактай көр! Аман-эсен абийирибиз менен таңды көрсөтө көр!..

Ойлонуп отурууга убакыт жок! Солдаттардын арасында болушум керек.

Бир оокумда, кыштактын төмөн жагынан кара буудайдын тамдар жаккы жээги менен эгинди аралап басып жалгыз бир караан чыкты. Убада боюнча биз тараптан шырп эткен табыш чыкпады. Ал неме аярлап басып, басып келип токтоп калып, кайра басып, бурулбай, буйтабай огороддордун аягы, эгиндин чети менен келатат. Артынан башка караан көрүнбөйт. Мен жаткан тушка келгенде токтоп калып, элеңдеп эки жагын каранды. Оң жагымдагы бир солдатым шаштысы кеттиби, билбейм, ордунан обдулуп бараткандан желкесинен ныкып койдум эле, кайра бүк түшүп, автоматын тутамдаган бойдон катып калды. Душман менен биздин ортобуздагы аралык 10–15метрден ашпайт. Ал ачыкта, аралап келаткан бийик эгин анын эмчегинен келет. Караанды жакшы эле даана кө-

рүнгөнү менен дидаары айдын көлөкөсүндө, автоматынын боосу мойнуна асылган, автоматын кош колдоп мыкчып, бурулган жагына азырлап, мээлей кармайт. Жонунда рюкзак.[1] Эки жагын каранып, үйлөр жакты акмалап, алардын артындагы тизилип турган «танкелерден» кооп санап, анча шектүү табыш байкалбагандыктан, жортуулун түз гана батыш тарапка улантты. Немис биздин жакын жаныбыздан өткөн менен бизди көрө алган жок. Бийик, коюу чыккан эликбалтыргандын түбүндө сойлоп жаткан автоматчандарды айлуу түндө тургай, таламандын тал түшүндө да байкоо кыйын. Айылдын ортосуна дейре аман келгенине кубандыбы, же бир башка себеп болдубу, билбейм, айтор биздин тушубуздан өткөндөн кийин кадамы ылдамдап, көп токтобой, тың-тың басып кыштактын башына чыгып да калгандай болду. Менин болжолум менен ал кыштак башындагы туура жолду кесип өтүп бараткан эле, аны көз карыктыра ээрчий карап аткан менин көзүмө ошол жерде карааны жалп жоголду да дароо «тарс!» деген табыш кулагыма шиш каккандай тийди. Кудай урду! Акыл эстен мурда шап сол билегимди карадым, балтыргандын чатырчаларынын жылчыгынан тийген ай шооласы саатымдын циферблатын жарк дедиргенде саат 23 мүнөт 43 экен. Демек, биринчи ракетадан бери 13 мүнөт өткөн турбайбы. Бул дароо эле жортуулга чыкса 13 мүнөт жол басыптыр. Жолу жок, уңкул-чуңкул, чер, өр – баарысын эске алганда 700–800м аралыкты өтүптүр. Анын 200 метрдейин кыштак ээлесе, душмандар бизден бар болгону жарым километрче эле алыстыкта экен да. Эгер 5 мүнөттөн кийин чыкса, бар болгону 8 мүнөт жүргөн. Анда, жоо кыштактын аягына келип калган турбайбы? Тигини кайсы келесоо атты? Балким, Бычковдун өзү болбосун? Аны эмне мынча кара басты? Бекем убадалашпадык беле? Ай, ал ага барбачу эр жигит. Башка бирөөлөр кылды го

[1] Рюкзак – аркабаштык, жонбаштык, аркага көтөрүүчү боолуу баштык.

бул итчиликти?! Ошол ченде Богомоловдун буктурмасы бар эле, Кудай ошону урбасын?.. Эми душман кыштакты каптап кирип келсе, айла эмне болот? Баарыбыздын шорубуз кайнабайбы? Курчоодо калып капканга түшкөн карышкырдай айласы кетип турган душман эмнесин аясын?! «Ыштанын булгаган колун аябайт» деген бар...

«Кой, ойлонууга чолоо жок. Барып билейин». Көлөкөдөн көлөкөгө жашынып, ууру басык менен жүрүп баратсам байланышчыбыздын бири, Посохов мага карай утурлап келатыптыр. Бычков жибериптир. Дароо жетип бардык. Карасам, деги эле дардайган чоң немис экен. Бычков Богомоловду тапанча менен кезенип атыптыр. Ок чыгарган чын эле Богомолов экен. Ал атканын мойнуна алып, антүүгө аргасыз болгонун шыбырап карганды. «Дүрбөлөң чыгарбайлы, ансыз деле мүнөт сайын согуштун каргыш бороону жакындап келатат» деп Бычковду колумдан келишинче жоошуттум. Шашылышта болгон окуяны ийне-жибине дейре териштирип отурууга убакыт болбоду. Богомоловдун колунан автомат, тапачасын алып штабга жеткирип, Чистовго тапшырууну Посоховго дайындап, Бычков экөөбүз дагы бир сыйра постуларды буктурмаларды кыдырып, табыштарын чыгарбоону ар кимисине жеке-жеке табыштадык. Болгон окуяны буктурмада жаткан парторгго айтып, эми кудайдын буйругун чогуу көрөлүк деп штабга келип саатыбызды карасак, нөл саат 15 мүнөт болуптур. Чистов Богомоловду ычкынтпай турган экен. Богомолов бизге ыйламсырап, жалынып кирди. «Мен үч жылдан бери согуштамын. Өзүм белорус. Сержанттан улук лейтенантка жеттим. Оюмда кирим болсо, кырк биринчи жылы эле, жеримди немис басып алганда калып калбайт белем. Анда адашып калуу оңой болучу. Эми эл журтумду фашисттик баскынчылардан бошотуп атканда чыккынчылык кылышым кайсы Кудайга жагат? Арам ойдон алысмын. Ырас, тартип буздум. Ал үчүн атып жиберсеңер да макулмун.

Бирок атаардын алдында датымды бир угуп койгулачы?! Тиги немис жолдон аттап, кырчынга кирип келатканда менин автоматыма буту тийип, мүдүрүлүп баратканда атууга мажбур болдум. Мен атпасам, ал атат болчу. Менин күнөөм ушул. Эми атсаңар мейлиңер! Ак кетем! Тагдырым ушул экен, душман колунан өлбөй, өз элимде, өз жеримде, өз жолдошторумдун колунан өлүп атам!.. «Үнү каргылданып кетти, көзүнөн жаш чыкканы чыкпаганы түнүчүндө, үйдүн көлөкөсүндө көрүнбөдү. Мен буга дароо сөз таба албай калдым. Бычков да үндөбөйт. Парторг гана «буйрукту бузгандын жазасын унуттуңбу?» деди. Тиги «жок» деп күбүрөдү. Чистов демейде деле унчукпаган, көп сүйлөгөндү жаман көргөн неме, часовойдун милдетин аткарып турганда ого бетер лам дебейт.

Ошентип жымжырт, кереӊ түн бир аз созулду. Богомоловдун акыркы сөзүнөн улам ар кимибиз тереӊ ойго кирдик окшойт...

Ой, тобо! Жан чиркин кандай ысык, кандай таттуу, кандай кымбат? Тагдыр чиркин кандай чие, кандай татаал тордоп чырмап? Таалай чиркин кандай сымап, бир мөлтүлдөп, бир мүлтүлдөп бирде сылап, бирде тырмап! Кана эмесе, өтүп көргүн, керт башыӊа келди сынак, тап акылды эмне кылмак! Бул дүйнөдө түбөлүк эч нерсе жок турбайбы, баарысы күнүмдүк, баарысы салыштырма турбайбы. Бекеринен «Манаста»: «Бүгүн болгон эртеӊ жок, ушундай экен дүйнө бок!» деген турбайбы...

Кечинде эле ушул кыштакка келип токтогондо, жалпы чабуулдун ийгилигине эргип, кубанычыбыз койнубузга батпай, шатыра-шатман күлүп калжыӊдашканыбызда азыр ушундай абалда калабыз деп ойлодук беле? Ким билет башкаларын, менин капарыма да келген эмес. Ал эми, көсөөнүн акылы түштөн кийин кирет болуп, азыр абал кайыктырып кирип келгенде, ой он талаага чабыттап жөнөгөндө байкасам, ушул мүнөттө биздин өмүрүбүз ийненин учунда турган белем? Карачы, биздин жоокерлер

душмандын аскеринин быт-чытын чыгарып, чилче тарап, качканын дырылдата кууп, коргологонун сыртынан курчап жанын сыгып казатты катуу салып, дүйнөгө дүңгүрөп келатканда, далбас урган душмандын башын жоготкон аскерлери артыбыздан качып келатып, ооруктагы чакан топ жармач бизди курчап, жаныбызды төрт чарчы кылып аткан мезгилде, биз Бычков, парторг – үчөөбүз өзүбүздүн кызматташыбыз Богомоловду кокодон алып, жанын чыйкылдатып атабыз! Мына жашоо үчүн күрөш, жан үчүн күрөш! Ушундай кыйын кырдаалда коркууга убакыт жок болуп калат окшобойбу?! Мындай учурда биринчи планга жанды кантип сактоо, экинчи планга намыс алдырбоо чыгат окшойт? Ушул экөөнөн башкасы, чынымды айтсам, эсиме келбеди, чолоо да тийбеди.

Ушул мүнөттө уучунда калтырап, чыйпылдаган таранчы балапанынан Богомоловдун айырмасы жок. Биздин үн чыгарбай көз ирмемче тымпыйып турганыбыз Богомоловго, балким, бир кылымдай көрүнүп, буту-колу баш ийбей денесинен жан кетип бараткандай сезип аткандыр?.. Бир оокумда убадалашкан немеден бетер, Бычков экөөбүз башыбызды көтөрүп, бири бирибизди карадык. Ал менден, мен андан жооп күткөндөй үнсүз тиктештик. Парторгдун ичинде эмне бар экенин ким билсин, Бычков болсо, балким өзүн жолдошуна, кызматташына (экөө тең камсыздоо боюнча: Бычков – кийим-кечек, унаа шайманын, кире каражатын, Богомолов – тамак-аш, жем-чөптү башкарат) болушуп атат дебесин деп, тартынып атабы, билбейм мен аны коргоо командири – менин начальнигим катары аскердик тартипти сактап, андан мурда сүйлөй албайм. Канча мистейбе, канча мостойбо, баары бир акыры болуш керек да?! Жымжырттыкты Бычков бузуп: «Эмне кылалы?» деди. Өкүм угузуу менин колума өткөнүн көрүп, Богомолов байкуштун калтырап-титиреген көбөйдүбү же бутунан жан кеттиби, теңселип жыгылып бараткanda Чистов менен Посохов экөө эки колтуктан алып, жөлөп

калды. Канчалык тыкыр абалда турсак да, менин оюма бирдеме кылт этти: «Бычковду, канча кылган менен, боорум эмеспи кантип жамандыкка кыйсын?» деген болсо керек? Ал боору укукту мага бергенде, менден жакшылык күтпөй, өлүмгө моюн сунду белем? Атаңдын көрү-ү! «Мен канчалык ак дилим менен булар менен камыр-жумур болуп жуурулсам да, кой кой бойдон, эчки эчки бойдон кала берет экен да!» Ушундай жаман ой дароо канымды бузуп, өзүм да теңселип барып оңолдум, астагфирулла! «Ачуу душман, акыл дос, акылыңа акыл кош». Кой! Ачууга жеңдирбейин. Балким, Богомолов жан талашып атып, энергиясын бат жоготуп, жыгылып бараткан учур Бычковдун эки ооз сөзүнө кокустан эле туш келип калгандыр?.. Кой! Бирөөнүн өлүгүн тилегиче, өзүңдүн өмүрүңдү тиле» деген кеп бар. Муну өлтүрүп эмне мөрөй алат элек? Бөөдө өлүмдүн бири болмок. Кой! Ансыз деле бул согушта бөөдө өлүм толуп кетти. Чынында азыр кымындай эле жаңылсак – убактысыз шек чыгарсак, ушул үркөрдөй болгон кичине топ – баарыбыз бөөдө өлүмгө дуушар болгон турабыз. Кудай ошондон сактасын!» Акылым заматта замана калчап, зар сапырып чарк көпөлөк айланып, ичиме түшкөн уйгу-туйгуну сооротуп, оозума: «Жолдош коргоо командири, Богомоловдо менимче күнөө жок! Анын аракети аргасыздан болгон» деген сөз келди. Бул шыбырымды, өзүн өлүктөрдүн эсебине өткөрүп койгон Богомоловдон башкаларынын баарысы катуу чыккан үндөй эле угушту жана күрсүнүп жиберишкенине караганда, жондорунан оор жүктү түшүргөндөй сездим. Парторг да ушул ойго келсе керек «доктордуку акыл сөз» деп шыбырады. Бычков да ичинен ушуну күтсө керек, кубанып Богомоловго кайрылып: «Они спасли тебя, а то бы[1]... деп, жанына келип, колун кысканда гана Богомолов тирүү экенин сезди белем, бышактап ыйлап жиберди. Мен барып колун кыссам, кучактап өпкүлөп, көпкө коё бербеди.

[1] Сени булар куткарды, болбосо...

Биз ошентип, бир кысталаштан акыл таап чыгып Богомолов ыраазылыгын айтып, ок чыгарган окуясын кайталап, анын кесепетинен маскара өлүм жазасын тартып калаар мүшкүл абалда башынан өткөргөнүн, өмүрүндө өтө корккону маскара өлүм экенин, ак өлүмдөн баш тарпастыгын айтып сооронуп, баарыбыздын санаабыз бир аз жайына келди. Кокустан ок чыгуунун айынан ичибизде бир аз бүлүк болуп, Богомоловдун тагдырына байланышкан окуянын аягы ынтымак, жакшылык менен бүткөнүн корутундулап, анын куралдарын өзүнө кайтарып берип, Посоховго Богомоловду ордуна жеткирүүнү табыштап атып, баарыбыз сааттарыбызды карасак, түнкү саат 1 болуптур. Айланада шектүү табыш угулбайт Чистовду ордуна калтырып, порторгду буктурмасына жөнөтүп, Бычков экөөбүз тамды айланып, огород жагына чыгып калганыбызда терезеге «тырс» деп бир нерсе тийди. «Жат!» деген команда уккан немече, экөөбүз тең эт-бетибизден кеттик. Аңгыча болбой табыш кайталанды. Эсимди бир аз жыйнап, табыш чыккан жакты карасам, терезеге чагылган айдын нуру жаркылдайт. Үй ичинен шектүү нерсе билинбейт. Көзүмдү терезеден айрып алгыча, үстүмдөн дырылдаган табыш угулду, көз ачып-жумгуча терезеге бир тийип тааныш табыш чыгарып, кичине бир караан там түбүнө кулап түштү. Таңыркап, эмне экенин билүүгө «пластунский» сойлок менен жетип барып, караандын түшкөн жерин карасам – саратан. «Атаңдын оозун урайын, согушта сенин эмне жумушуң бар!?» деп, кыжырым келип, автоматтын сөңгөгүнүн учу менен жерге былчыйттым. Артымды карасам, Бычков жаныма сойлоп жетип келиптир. Менин аракетимди көрүп: «Так ему и надо!»[1] деп мени тамашалады. Ал экөөбүз түнкү тынчтыкты бузган саратан жөнүндө кеп салып, 7-класстагы окуган зоология боюнча китебибизди эстеп келатканда, кыштактын аягы ченде бир иттин заңкылдап

[1] Сооп болот, мына эмесе!

үргөн үнү кулакка шак угулганда сааттарыбызды карасак туура 1.30 болуптур. Ит туман баскан кабакты көздөй утурлап үрүп жөнөдү. Кудай урду! Кечинде старшина ит бар экенин айтса, анын да чарасын көрбөйт белек. Бир ит көрүп үрсө, миң ит көрбөй үрөт» болуп, эми бүт кыштактын иттери ажылдаса айлабыз эмне болот? Иттерден жазганып душман, колоттун аркы кырынан аркы калың карагайлуу токойго бурулса жакшы, а кокус иттерге тап берип бери бурулса, биздин сырыбыз бүт ачылып, түнүчүндө төө басты кылып кетишсе кантебиз? Кудай бетин ары кылсын! Тобокел, пулемёт-автоматтар менен тособуз! Жанаа эле Богомоловдун жалгыз башына түшкөн кыстоо эми баарыбыздын башыбызга түшпөгөй эле?! Душман кечирбейт. Биз да душмандан кечирим сурабайбыз! Азыр кайраттан башка артык акыл жок! Ажалды кайдан деп болжоого болбойт. Адам бул дүйнөгө келгенде: «туулдум-өлдүм!» деп актыкты моюнга ала келет дейт.

Бычков экөөбүз ушинтип убадабызды шерт кылып, баарына кайыл болуп жакынкы, Баранов башкарган пулемётчуларга, «пластунский» сойлокту салып келип тобокелге төшүбүздү тосуп, эми секирүүчү арстандай комдонуп, брустверге[1] автоматтарыбызды коюп, окопто бугуп калдык. Бул жердеги үчөө биз кошулганга кубанышып эш тутушту. Биздин тилегибизге жараша айылда жалгыз эле ит бар окшойт, башка үйлөрдөн үрүп чыккан ит болгон жок. Тигил ит кабакка чейин үрүп барып, тумандын четине токтоп, чочуюп отура калып бир аз киркилдеп үрүп, ары тумандын ичине кирүүгө даай албады. Үнүнүн киркиреп чыгышына караганда карган неме окшойт. Далай алышып, чайнашып, далай токмок жеп кыйла кексе болуп бүтсө керек, же колдогон ит жок, же тукурган киши жок жалгыз арылоого батынбады – ит да болсо коркту белем?..

Биз демибизди чыгарбай, көзүбүз менен туманды теше тиктеп, улам бир кулагыбызды бурстверге төшөй

[1] Бруствер – окоптун душман жак сыртына кырдалган топурак.

коюп тыңшап, бүткөн боюбуз бүтүндөй көз менен кулакка айланды. Бир оокумда аттын бышкырыгы угулду. Кабактан чыкканын, же сарайдан чыкканын адегенде ажырата албай, байкабай калдым. Иттин үнү менен удаалаш чыгышы башымды адаштырды. Аңгыча болбой кыйчылдаган табыш угулду. Ал төмөндөн, кабак жактан биздин тушубуздан даана угулду. Менин укканымды жанымдагылар да угушту. Эмненики экенин билүү үчүн бар күчүмдү кулагыма жумшап, көзүмдү жумуп жибердим көрүнөт. Байкасам, соконун чыгырыгынын табышына окшойт. Кейпи атка сүйрөтүп бараткан бир жеңил курал болсо керек: станковый пулемет, же жеңил миномёт? Анда-санда кагылышкан металдын табыштары, кишилердин кобур-кубур үндөрү кулакка жетээр-жетпес чалдыгат. Убакыт саат 1.35 мүнөт. Ит биринчи үргөндөн бери 5 мүнөт өтүптүр. Адегенде катуу эле, жанынын бардыгынча кирилдеген үнүнүн күчүн аябай үрүп аткан ит, барган сайын басаңдап, анчейин ачууланбай көзүнө көрүнгөндөрү үйүр боло баштадыбы, ким билсин, тыныптынып жай үрүүгө өттү. Жыбытты бойлоп, колотту өрдөп келаткан душман аскерлеринин колоннасы экенине шек жок болду. Эгер бизге угулган табыштар колоннанын алды болсо, ал кыштактын башына туш келгиче дагы 5–6 мүнөт өтөт. «Доктор, мен алардан мурда Богомоловдун постуна жетейин, дагы бир балээ болбосун? Анын үстүнө, биздин «сурактан» кийин, анын жүрөгү жайында болбой, коркуп калды». Ушуну мага шыбырап, Бычков өзүнө таанылмал жолу менен кыштактын башына жөнөдү. «Кондрашовдун абалын биле кет» деп, мен Бычковго жогорку пулемётчуларды табыштадым.

Адегенде иттин үнүнөн чочуп, биз жактан кооп санап токтой калган колонна, бизден эч табыш чыкпаганына бара-бара батынып, кайрадан жол тартып, туманга жамынып колотту өрдөй берди. Ит анда-санда киркилдеп уйкусу келип, кээде «уу-аа» деп оозун араандай ачып эстеп коёт.

Ошентип, душмандын колоннасы кабакта өтүп атты. Былк этпей, табыш чыгарбай жатабыз деп, колу-бутубуз да селейип катып бaрaтат. Демейде тыягынан чыгып, быягына бата калып шаштыруучу жайдын айы, бүгүн деле асмандан ылдыйлабай койду. Таң да атпай туруп алды. Менин Кудайдан тилегеним – таң! Таң атса, биз бул балээден кутулаарыбызга ишенем. «Куржундагы» душман түнүчүндө бизге даай албай, жөө туман баскан жыбыттан пайдаланып араң токойдон токойго жашырынып өтүп атат, анан күндүз ачыктагы биз менен кармашмак беле?

Бир оокумда ит да басылып, куйругун салпайтып, кабактан үйүн көздөй жайбаракат басты. Шалпыйып келатканына караганда, көңүлүн улап же тукурган киши жок, же кошо үн салып үргөн иттер жок, бир айылда ит аттуудан жалгыз өзү гана калгандыгына ызаланып келаткандай. Аңгыча мурдагы биринчи ракета атылган жогорку жактан асманга дагы бир көк ракета көкөлөдү. Саатымды карасам, туура 2 нөл-нөл. Ага жооп катары күн чыгыш жактагы төмөнкү токойдон бир көк ракета атылды. Бычков жогору жактан жаңы эле келип, чырылдаган дөңгөлөк айылдын башынан өтүп, токойго киргендей болгонун айтып аткан эле. Дароо сигналдын маанисин чечмөлөөгө өттүк. Демек, душман аскерлеринин биринчи тобу жыбыттын башындагы сеңирдеги токойго аман-эсен жеткен. Эми командалоочулары экинчи топту жолго чыгууга улуксат берип атат. Эмне үчүн командага жооп катары бир гана ракета атылды? Жанаа эки ракета менен жооп кайтарышпады беле. Мурда, балким, эки отряды өтмөк. Эми эки топ катарлай: бирөө жыбыт, бирөө жон менен өтмөк жалгыз бир отряды калса керек?.. Мурдагы белги боюнча болсо керек? Жондон өтүүчүнүн чалгынчысын биз атып өлтүргөндүктөн мүмкүн, токтоп калса керек? Эми жол ачык дешип, токтогон отрядына улуксат берип аткан го?

Биз ары жоруп, бери жоруп бүтө элек жатканыбызда, баягы ит кайра киркилдеп, жакындан бирдеме көргөн сыяктуу шашып үрүп калды. «Баягылар келаткан экен» деген ой Бычков экөөбүздө тең ойгонду белем, бири-бирибизди сурашпастан, шашып-бушуп, экөөбүз кыштактын эки учуна жөнөдүк. Эмне кылыш керектигин түндөтөн бери канча-канча кайталагандыгыбыздан, бу сапар кайра айтуунун кажети болгон жок. Мен кыштактын ит үргөн төмөнкү башына, Бычков жогорку – немистин чалгынчысынын өлүгү жаткан башына дароо жөнөдү. Мен Чистовго «постуну карегиңдей кайтар, кокус душман ок чыгарып, кол салып кала турган болсо, окторуңду аяба. Айлаң кетип бараткaнда гана гранатаны колдон! деп эскертип көлөкөдөн аттап, көз ирмемде парторгго жеттим. Анын ден соолугун суроодон мурда ахвалды сурадым. Ал башы кеңгиреп, чыкый тамыры лукулдап, чыдатпай атканын айтып, «мен жөнүндө чочуба, доктор, тиги ит үргөн тарапка жөнө, шек ошол жакта болуп атат» деп колун сол тарапка жаңсады. Мең эң четки буктурмага келсем, чарба взводунун командиринин милдетин аткаруучу автоматчандын ортосунда жаткан экен. Үчөө тең сак, уктабайт, мени таанышканы менен паролумду айтмайынча жандарына жолотушкан жок. Аңгыча ажылдаган ит кетенчиктеп, биз тарапка жакындап келатат. Биз бүк түшүп, комдондук. Бир аз убакыт өтпөй, четки үйдүн огородунун аркы башынан кишинин караанын көрүндү. Колумду карасам, саатым 2, мүнөтүм 8 болуптур. Ал огороодду кыркалай, «кара буудайдын берки жээги, тигил өлгөн чалгынчынын изи менен аярданып, басып токтоп, үйлөрдү карайт, Айдын жарыгында, ай тараптагы ага үй гана эмес бүткүл кыштак алаканындагыдай даана көрүнөт, бизге болсо, анын сөлөкөтү гана, ошентсе да колундагы, жонундагы курал-жарактары таанымал. Айланасын тегеренип карап, кооптуу нерсе көзүнө чалдыра албады белем, пулемёт точкасы таштандылардын арасы-

нан байкалбайт дагы эки-үч кадам шилтегенден кийин эки сапар олтуруп тура калды. «Мунусу жөн эмес, бир белги» деп ой жүгүрткүчө болбой, тигил чыккан тараптан дагы караан көрүндү да токтобой биринчисинин изи менен басты. Анан анын артынан башкалары: бир, эки, төрт… жети… он – доңуздай тизилип биринин изин бири басып чубай башташты. Эң алдыңкысы биздин тушубузга келгенде карасам (экөөбүздүн арабыз 10м ден ашпайт) же офицер же солдат экенин ким билсин айтор, дөөдөй болгон неме экен. Жүрөгүм «шуу» деп барып оңолдум. Мындай сүкүнттө корксоң өлдүң, эсиңден адашып, жоого алдырып коёсуң! Намыс менен жаныңды кошо тиштесең, чоң өбөлгө, кайратыңа кайрат кошот. Биз тараптан шек билинбеген соң, тигилер жалгыз иттин үрүшүн тоотушпай чубай беришти. Ит деле колдоору жок болгон соң, үрүшүн сейректете баштады. Чубап бараткандардын арасында сүйөнүп, таякчандары да бар, жарадарлар болсо керек… Баягы кабакта чырылдаган табыш эмненики экени азыр айгинеленди. Немистер станковый пулемётун бизчилеп жонуна артпай, кичинекей кол арабага салып сүйрөшөт экен, же балким, курчоодо калгандар жеңилдениш үчүн ушундай амал табышканбы, билбейм, табыш ошонуку экен. Азыр да сүйрөп бараткан пулемёттордон куду жанакыдай табыш чыгып атат. Мен ордуман жылып, штабга бара албай калдым. Былк этсем эле, шырп эткен табышты баса калуучудай, булар.

Менин эс-дартым азыр: «булар качан чубап бүтүшөт?» Булар өтүп бүткүчө биздикилер чыдашаар бекен? Бирөө жөтөлүп жибербесе экен!» Аңгилер кишинебесе экен! Таң батыраак аткай эле!..» Ушулардан артык менде тилек жок, ушулардан башка максат жок!

Убакыт кыргынчы самолёттон ылдам зымырап өтүп атканы менен, мөөнөт аңдагы чөөттөй мелтиреп жылбайт. Тигилер чубап атат, чубап атат! Аягы түгөнчүдөй эмес. Бир маалда дагы Бычковдор жактан «тарс» деген

табыш чыкты. Ошол замат биздин аскерлердин бардыгы (пулемётчулардан башкасы) автоматтардан ок жаадырып кирдик эле, көз ачып жумгуча тушубузда чубап бараткан душмандын аскерлери көз ирмемде кайым болду. Алар ок чыгарууга үлгүрө алышпай калды. Өлгөндөрү кулап, жарадар болгондору сулап, кара буудайдын ичине сойлоп, житишти белем! Биздин балдар 3–4 сааттан бери кыймылсыз жатып муун-жүүндөрүнө сары суу толуп кетсе керек ок чыгарышкандан 1–2 мүнөт өтпөй, тура калып, атакага чуркашты. Мындай мүнөттө делебең козголуп, алып учат экен, эмнеге чуркаганым оюма да келген жок, «ур-ра!» дедим да, топ менен кошо чуркадым. Ушул учурда оң капталымдан парторгдун да айкырыгы угулду. Жоноктун бооруна айдалган кара буудайдын арасы чакчелекей будуң чаң эле болуп калды. Биздикилер атакага көтөрүлгөндө, кара буудайдын арасынан немистердин соо калган аскерлери да айбат кылышып ок чыгарышты. Биз кайра жатууга мажбур болдук. Эсине келген желмогуздар күчтүү өжөрлөнүштү. Бирок биз көптүк кылып ары жак, бери жагын торгоп атып алардын жаагын бастык. 2–3 граната да ыргытылды. Дароо команда берип, солдаттарыбызды кайра ордуна кайтардык. Кайта токойго кире качкандарынын артынан түшүп, алыс узап барууга мүмкүн эмес эле, анда биздин мүлкүбүз ээн калмак. Жоонун кайдан келээрин кайдан билесиң? Кокус, душман башка тараптан кирип келип мүлкүбүздү басып алышы ыктымал эле. Чубап келаткан жактардын аягы суюлуп, чубабай калды, бизден өтүп сеңирдеги токойго киргендери да кайрылып, куралдаштарына кол кабыш кылганга жарабады.

Камынтпай кол салуунун бир пайдасын ушул жерден көрдүк. Немистер бизди кыштакта эс алып аткан танкечендер, демек, танкелеринин жанына бирден кароолчу коюп, өздөрү үйлөрдө уктап атат деп ойлошсо керек?.. Антип ойлоосуна бир себеп, алардын биринчи жиберген

чалгынчысы өлгөндөн кийин, кайра тынчып, эч табыш чыкпай калышы болду белем? Ал кыштакка кире беришке, же ортосунда атылбай, чыгып бараткада атылбадыбы. Дагы бир жүйөлүү себеп: жыбыт менен өткөн аскерлерине биз кол салбай, тынч өткөрүп жатканыбыз болду окшойт?!

Түштүк тарабыбыздагы душмандар менен эсептешип бүтүп, кайра ордубузга келатканда бир шылдың окуяга кабылганыбызды эскерте кетпесек, аңгеме толук болбой калуучудай.

Ордубузга кайтып келатканбыз. Жерге жарык түшүп калыптыр. Күйүккөн демибиз барган сайын басаңдоодо. Тирүү калганыбызга сүйүнүп, жарадар болгондорубузга тез жардам көрсөтүү үчүн Салмановдун санчастына алып баруу командасын берип, өзүм штаб жакка баскан элем, чыгым болгондорубузду сураштырып териштирүүгө Бычков артта калган. Үйгө жакындап калганымда: «Стой, атаман!..» деп бакырган бир үн чыкты. Байкасам Салмановдун үнү, эмне балээ болду деп үндү карай чуркадым. Салманов өзүнүн үйүнүн жанына туруп алып, автоматын төшүнө такай, ары карап бакырып атат: «Кито ти такой? Истирлятъ буду!»[1] Ары жактан кырка тамдардын түн тарабы менен бери басып, эки колун көтөрүп, көйнөк-дамбалчан бирөө «Свой! Свой!» деп далбастайт! «А бочому тогда калсонах...»[2] Аңгыча мен жетип бардым. Дамбалчанды карасам, чын эле биздин кенже сержант. Салмановго отбой берип, иштин чоо-жайын билиш үчүн Салмановдун жанындагы Танядан сурасам, анын айтуусуна караганда биз атакага чурулдап көтөрүлгөндө Салманов турбай, эликбалтыргандын чытырманына сойлоп кирип кетиптир. Автоматтардын табышы басылгандан кийин, балтыргандын арасынан чыгып келатып тигиге кабылыптыр. Андан коркуп кетип, бакырып атканда

[1] Сен ким? «Атамын» деген сөздү орусча туура айта албаганы.
[2] Эмне үчүн анда, дамбалчансың?

биз келиптирбиз. Тигил кенже сержант биздин полктун почточусу эле. Дайыма армиялык талаа почтасына каттарыбызды алып барып, андан кат алып келип туруучу. Ал штабдагы байланыш взводунун карамагында болгону менен оорукта көп боло турган. Ары өткөн-бери өткөн машинелерге түшүп, почтосун ташып, өз эркинче жүрүп көнүп алган неме болуучу. Бу сапар биз менен келаткан. Кечинде биз ушул кыштакка келгенде, өз эркинче үйлөрдү кыдырып, мындагы жаш келиндин бирөө менен көз ымдашып аныкына конок болуп калыптыр.

Почтальон биздин эсебибизде болбогондуктан, кечинде коргонуу отрядын түзгөн кезде тизмеге илинбей, капарга алынбай кала бериптир. Күр болгон эргул түн бою, тынбай «иштеп» таңга жуук магдырап уктап атканда, кыштактагы дүрбөлөңдөн чочуп ойгонуп, автоматы тургай шым-гимнастеркосу эсине келбей, жылаң аяк-жылаң баш, көйнөк-дамбалчан качып, штабды карай келатканда Салмановдун колуна «туткун» болуп түшүп атыптыр.

Турмушта кайгы-шаттык, ый-күлкү аралаш жүрө берет деген ушул! Бүткүл отряд кан төгүп кармашып атса, эки акмактын кылган кылыгын карабайсыңарбы, «бай-байбиче урушта болсо, жүн менен кул куймакта». Айла жоктон күлөсүң! Бул экөөнүн кылыктарын азыр текшерип отурууга убакыт жок. Буларды Чистовдун карамагына берип, өзүм пулемётчуларга шаштым. Алар жак эмне болуп атат экен?

Биз түштүк тарапта согушуп атканда, алар ок чыгарышкан эмес. Алардын милдети түндүктө жыбытты тосуу болучу. Кокус, анда өтүп бараткандар автоматтардын табышын угуп, бери жөнөп калышса, алдынан тосуп кыргынга алууда болучу. Пулемётчуларга келсең, алар күжүрмөн постуларында. Жыбыт тарап жымжырт. Эс-акылым жайына келип, саатымды карасам, 2 мүнөт 45 болуптур. Жыбытта түн бою басып аткан жөө туман суюлуп, өөдө көтөрүлүп келатат. Анын арасынан кээ бир

ачыла берген жерлерди карасам, шектүү эч нерсе көрүнбөйт, көгөргөн тайпаң ээн, табыш да угулбайт. Александр Михайлович Барановдун мага берген рапорту боюнча, кабакта табыш токтолгонуна жарым сааттай убакыт болду. Биз тигил жакта салгылашып аткан учурда да бул тарапка шектүү табыш угулбаптыр. Биз дөбөдөгү окопто Баранов менен сүйлөшүп аткан мезгилде кыштактын этегинде, баягы немистер чубаган тарапта, плащпалатчан кишилер пайда болуп, бирөө четки үйгө култ этип кирип кетти. Дүрбү менен карасам, кийим-кечеси биздики. Тигиниси чыгаары менен алар кыштакка кирбей токойду жээктеп түндүк тарапка өттү. Жети аскер. Мен бул жагыбыздын байланышчысы чарба взводунун старшинасын тигилер кирген үйгө чуркаттым. Старшинам заматта жетип барып билип келди. Алар бир аткычтар полкунун чалгынчылары экен. Жакында бул жерде болгон тарсылдактарды угушуп, кыштакта ким бар экенин билүүгө келишиптир. Үй ээсинен биз жөнүндө маалымат алып, бизди жөн коюп, душмандардын изине түшүптүр.

Мындай кабар угулгандан соң, жан жайына, санаа сандыгына кирип, эми болочок түйшүктү ирээттөө эске келип, кеңешүүгө Бычков менен парторгду штабга чакыртып Посоховду жибердим. Бычков ансыз деле шашып, мезгил келгенин сезип штабга чакыртпай эле келатыптыр, «парторгду таба албай койдум» деп Посохов Бычковдон бир аздан кийин келип рапорт берди. Кооптуу кабарга биз тынчсыздандык. «Парторг чепеленңдеп тынч тура албаган неме, соо болсо, небак эле штабга келет эле, өткөн кармашууну биринчилерден болуп сындап, көргөн-билгендерин ортого салууга андан саясий корутунду чыгарууга тырышат эле. Эмдигиче дайынын билдирбегенине караганда соо эмес го, кайран киши?». Ушундай жаман ойлор башка келип, бушайман болуп, беш мүнөттө каңгыдык. Далдырап отура берүүдөн пайда жок. Бычков экөөбүз өздүк курамыбызды чогултаардан

мурда кыргын талаасына барып, жогубузду тактап, анан жыйын кылып, түнкү операциянын жыйынтыгын жалпы жоокерлерге жарыяламак болуп эгин аралап жөнөдүк. Ар кайсы жерде томпоюп-томпоюп жаткан киши өлүгү. Түндө чубап бараткандардын көбү эле кырылган көрүнөт. Бир-эки жерден биздин жоокерлердикин көрүп, зээним кейиди. Кара буудайды аралап, эгин аянтынын орто ченине барганымда парторгдун өлүгүн көрүп, жүрөгүм мыкчылып темтеңдеп кеттим. Кайран киши көмкөрөсүнөн жыгылыптыр, автоматын ала жатыптыр. Анын бет маңдайында эки немистин өлүгү сулап жатат.

Эгин аянтын каршы-терши жортуп бүтүп, штабга кайтып, шашылыш түрүндө бүт өздүк курамыбыздын жыйынын чакырдык. Коргонуу абалынын жалпы натыйжасы тууралуу коргонуунун башчысы (начальниги) улук лейтенант Бычков доклад кылды. Коргонуу аскердик-стратегиялык жактан сабаттуу уюшулгандыгы, курал-жарактар туура пайдаланылганы, жоокерлерибиздин саясий-моралдык деңгээлдери жогорулугу, кысталышта акыл-эстерин алдырбай чыйрак, калтаарыбай турушу, урушта коркпой, атакага команда боюнча маш көтөрүлүшү жана ушул сыяктуу жакшы сапаттардын шарапаты менен өздөрү аз туруп, көп сандуу душманды кыска мөөнөттө аз чыгым менен жеңгенин баяндап, командалоонун атынан бүткүл топтун өздүк курамына ыраазычылыгын билдирип, ыракматын айтып, анан биздин жана душмандын жоготууларына токтолду. Бизден капитан парторг, 3 солдат окко учуп, 6 адам жарадар болуптур. Офицерлерден бирөө, ал – улук лейтенант Богомолов жеңил жарадар экен. Көрсө, душмандын колоннасын баштап бараткан хаупман (капитан) эң четтеги буктурмада жаткан Богомоловду таңкы бүрүүлдө байкап калып, биринчи окту ошол неме чыгарыптыр. Ошонун огу Богомоловдун сол кулагынын көнчөгүн алып кетиптир. Богомолов дароо аны автоматы менен таарып, жалпы аткылашуу ошондон

кийин башталыптыр. Душмандардын майдан талаасында, биринчи өлгөн чалгынчыны кошо эсептегенде, 49 өлүк калыптыр. Канчасы жарадар болгонун ким билет, баса албай оромпай тээп бараткан экөөнү Посохов кошо жайлаптыр. «Анча-мынча соо калгандары, жеңил жарадар болгондору токойго, келаткан жагына кайра качып киришти. Азыр биздин түштүк жагыбыз Маскөө-Минск трактысына чейин душмандан бош. Түндүк тарабыбыз, көрүп турасыңар, жыбыт бош, анын аркы кырынын сыртын билбейм. Душман башыбыздагы жана аягыбыздагы эки токойдо. Ошентип, душмандын курчоосунан, кудай куткарса, кутулдук. Тыңшагылачы жол жакты. Анда кыймыл-аракеттер тынбай жүрө баштады. Демек, биз душмандын курчоосунан аз чыгым менен чыгып, күжүрмөндүгүбүздү далилдедик – деп, бүтүрдү сөзүн.

Мен да чакан коллективибиз ынтымактуу жоокерлерден куралганын белгилеп, бир жылдан бери түндөгүдөй абалга биринчи кабылганыбызды, андан намысты алдырбай чыкканыбызды, эми мындан ары, Кудай буюрса, акыркы Жеңишке чейин дайым армиябыз чабуулда болоорун, ошондо дагы канча, кандай түркүн алакеттен өтүшүбүз ыктымалдыгын эскертип, анан түндөгү окуяда учураган кемтиктерге токтолдум. «Биринчи кемтик, бардык офицерлердин өз бетинче, жекече коргонуу тажрыйбасынын жоктугу. Экинчи кемчилик, пулемёт орундарын туура эмес тандаганыбыз. Үчүнчүсү, жалпы топтун курамындагы аскерлердин так эсеби жоктугу. Төртүнчүсү, үч мушкетёрдун: «бирөөбүз бардыгыбыз үчүн, бардыгыбыз бирөөбүз үчүн» деген принциби баарыбызда бирдей өздөштүрүлбөгөндүгү. Түшүнүктүү болуш үчүн буларга кеңири токтолуп, өз пикиримди айтайын. Меники туура эмес болсо, оңдоорсуңар. Биринчи кемтикти түшүндүрбөсөм деле болот. Жолдош Бычковдон башка кайсы офицер коргонууну уюштура алды? Бул азамат аскердик стратегияны, тактиканы жакшы билгендиктен жана оорукта болгон

салгылашууларга анча-мынча катышып, керт башынан өткөргөндөрүн көрсөттү. Түндөгү окуя баарыбызга чоң сабак, жолдош офицерлер. Эмнелерди эсепке алышыбызды үйрөттү го дейм. Муну болочок үчүн көкүрөгүбүзгө бекем түйөөрбүз деген үмүт бар менде, жолдош офицерлер. Берлинге чейин дагы көп бар. Экинчи кемтигибиздин кесепетинен пулемётторубуз иштеген жок. Ырас, күч коротпой эски жайды пайдаландык, бирок мурда душмандан качкандагы уруш аракеттери менен азыр куугандагы аракеттердин жана уруш багыттарынын айырмасын эсепке алган эмеспиз. Алар жоону батыштан күтүп, ошого ылайык пулемётторун орноштурган, а биз душманды артыбыздан, чыгыштан күткөнбүз жана күткөнүбүздөй эле чыгыштан басып өтүшпөдүбү. Натыйжада пулемёттор пайдаланылбай калды. Эгер аткылашуу убагында пулемётчуларыбызга команда берсек, немистерден мурда өз аскерлерибизди өз пулемётубуз менен кырып салмакпыз. Ал эми үчүнчү кемтиктин жемиши мына тигил көйнөк-дамбалчан почтальон. Биздин эсебибиз так эместигинен пайдаланып өз билгенин жасаган. Баарыбыздын камыбыз душмандан коргоонууда болсо, мунун камы бел суутууда болгон. Ал аз келгенсип, коллективге тополоң чыгарып жибере жаздаган. Кудайга шүгүр, Салмановдон башкабыздын баарысы душман менен алек болуп жүрүп, мунун кебетесин көрбөй калганга. Болбосо, акыл-эсин жоготуп жоодон качкан неме «коркконго кош көрүнөт» болуп бакырып, солдаттарга бүлүк түшүрүп жибериши, мындай бычактын мизи кезиндеги абалда, тезектен оңой эле да. Кудай жалгап орустун макалында айтылгандай «не было бы счастья, да несчастье помогло»[1]. Эми төртүнчү кемтик Салмановдун керт башына байланыштуу. Баарыбыз атакага көтөрүлгөндө Салмановдун турбай жатып алышын кандай баалоого болот? Коркоктук деп айтууга болобу? Албетте коркоктук. Бул үчүн муну трибуналга бериш керек. Бирок өзү коркуп атып жы-

[1] Кырсыктын шарапаты тийбесе, бакыт болмок эмес.

лаңач почтальонду коркутуп, аны башкаларга дүрбөлөң түшүртпөй, алдын ала токтотушу болду. Бул көрсөткөн «баатырдыгы» үчүн кечирсе болот. Аны өзүңөр билгиле... Ушуга байланыштуу улук лейтенант Богомолов тууралуу бир эки ооз сөз. Биринчи тревога мунун кесепетинен болуп, биринчи ок чыгарган Богомолов экенин жашырбай айтыш керек. Бул туурасында түндө Бычков, кайран парторг үчөөбүз жакшы эле Богомоловду суракка алганбыз. Ал аргасыздан аткан, атканда да өлтүрө аткан. Бул антпесе, душман атып, чоң дүрбөлөң болмок. Душмандын биринчи тобу ушул Богомоловдун атышынан маршрутун өзгөртүп жыбыт менен өрдөп, кабактан өттү. Болбосо кыр менен өтүп, айылды аралап бизге чоң бүлүк салмак. Ошондой болоорун кийинки окуя ырастабадыбы. Кийинки окуя аргасыздан болгонуна өзүңөр күбөсүңөр. Анын үстүнө, жолдош Богомолов жарадар болгонуна карабай азаматтарча салгылашты. Биз аны айыптабай, алкыш айтышыбыз керек. Салмановго, анын кылмышынын оң-терс жактарын таразалап, менимче акыркы эскертүү берсек, жетишет деп ойлойм. Почтальон кылмышын мойнуна алып, кандай иштерге барганын жашырбай айтып бергендиги үчүн, «бул кылмышты атайын жасаган эмес» деп эсептелип, акыркы катуу эскертүү берилсин, ошону мене бирге, чабуулдарда жүрүштө экинчи эшелондун курамында, чарба взводунун жоокерлеринин тизмесинде болушу полк командиринен суралсын!».

Менден кийин Богомолов сүйлөп, баарыбызга ыраазычылыгын билдирди жана өзүн госпиталга жибербей, жарасын биздин эле санчастан айыктырууну өтүндү. Андан соң Салманов, почтальон бүткүл жоокерлердин алдында ант беришти. Дагы башка офицерлер чыгып сүлөшүп, менин менин сунуштарымды кубатташып, кыйын кырдаалда иш билгилик менен сабаттуу коргонууну уюштурганыбыз үчүн, сабаттуу командалаганыбыз үчүн Бычков экөөбүзгө чоң алкыштарын айтышып өкүмөттүк

сыйлыкка көрсөтүүнү сунуш кылышты. Чогулуштун аягында Бычков олжо жыйноо комиссиясын жарыялап, башчысына Барановду дайындады да чогулуш тарады.

Мен жарадарлардын акыбалын билүүгө санчасты карай, Салмановду ээрчитип бастым. Келсем, биздикилерден жарадар болгондордун ичинде ветлазаретке 3-батареядан келип иштеп жүргөн, түштүк кыргыз бир жаш жигит бар эле. Ошол экен. Ал мага жакында чабуулдун алдында эле келгендиктен, экөөбүз бетме-бет жалгыздашып, өз тилибизде сүйлөшө деле элек болчубуз. Кайран жигиттин көкүрөгүнө ок тийип оң далысынын астынан чыгыптыр. Ички органдарына доо кеткен го, дем алган сайын ок чыккан тешиктен кан сыртка оргуччтайт. Кондрашов жарааттын тегерегин спиртке чыланган тампон менен тазалап, ок кирген, чыккан эки тешикке тең тампондон тыгып жаткан экен. Менин көзүмчө жарааттын сыртына үлпүлдөгөн кебез жаап, жазы тайпы бинт менен көкүрөгүн курчай таңды. Солдат онтоп мага жалооруп, суу сурайт. Кондрашов аны: «суу ичпе, өлүп каласың госпиталга баргыча чыда. Анда операция жасашкандан кийин бат эле айыгасың, сөөктөрүң аман экен» деп сооротуп, шашып-бушуп эвакокарточка толтурууга киришти. Таня дагы бир оор жарадар солдатка жардам берип аткан экен, Салманов чечинип, дароо кызматына киришти. Таняга жараатты тазалоону үйрөтүп, жарадар болгон кишини кантип сооротууга тили жетпей: «ай-ай, гардаш, плехо, хорошо будить, вода не пей, хадить будишь тансовать тамам»[1] деп, чын жүрөгүнөн чыккан кейишин билдирүүгө тырышат. Муну карап туруп: «чынында эле бечара экенсиң» деп, буга боорум ооруду.

Алты жарадардын экөө оор, үчөөнүн сөөгүнө доо кеткен, бирөө жеңил жарадар болуптур. Булардын бирөөнү өзүбүздүн санчаста дарыламак болушту. Калгандарын

[1] Ай-ай, тууган, жаман, жакшы болот, суу ичпе, басасың, бийлөө бүттү.

жакынкы эвакогоспиталга жеткиргени Таня менен санчастын дагы бир жарадар ташыган санитары арабага салып алып кетишти.

Күндүн нуру жерге чачырап, кабактагы жөө туман толук тарап, таң аткыча эшикке чыкпай, үйлөрүндө камалышып жаткан кыштактыктар эми сыртка чыгышып, малдуулары малын кабактагы жайытка айдашып, кудуктан суу алып дегендей, таңкы тиричилик аракетине киришип аткан кези. Солдаттардын ургундай көпчүлүгү майдан талаасына Барановдун жетекчилиги астында өзүбүздүн өлүктөрдү жыйнап, төрт өлүктү (парторгдун, үч солдаттын), беш жарадарды плащпалаткаларга салып санчастка жеткиришти. Немистин өлүктөрүн тинтип, буюмдарын тоноп, түзүгүрөөк бут кийимдерин чечип кийишип, сааттарын тагынып, рюкзактарын жолбаштыктарын) алып аңтарып, куралдарын чогултууда. Эзели чылым чекпегендери да сигарет тиштеп, түтөтүп мурчуюшат. Түн бою көз ирмебей буктурмада жатып талыккан, таң алдында өлүмдөн жанын аябай душман менен салгылашкан деп, буларды кейпинен шектенүүгө болбойт. Эч нерсе болбогон немедей зуулдашат. Жаштын иши жаш экен да. Булардын арасында улгайган солдаттар көрүнбөйт. Алар арабаларынын жанында ар кандай калыпта жатып эс алууда: жамбаштаганы, чалкасынан, көмкөрөсүнөн жатканы, автоматын, чыканагын жазданганы, бирине бири сүйөнгөнү да бар. Буларды карап туруп зээниң кейит. Оңбогон согуш оңбой кал! Сен болбосоң, ушулар ушул жерде жатат беле?!

Бармагымдын тырмагын керт тиштеп, кубаныч, сүйүнүч менен кошо кайгы-капа ой мээмди лукулдатып, жондон илкий-силкий басып штабдын жанына келдим. Мага удаа Бычков атчан келип мага:

– Доктор, мен төмөн түшүп, түндөгүлөр чыккан токойду чалып келейин.

– Жок, барба, анда бекинип жаткан душман болушу мүмкүн… Бөөдө аларга кабылуунун кереги эмне?

– Жок, кайдагы душман! Эртең менен эле биздин аскерлердин чалгынчылары ошол жактан өтпөдү беле.

– Бекер кыласыз, жолдош коргоо командири, – мен «сиз» деген тил менен официалдуу кайрылдым, – ал чалгынчылар чоң тракт менен келаткан биздин бир аткычтар дивизиясыныкы болуу керек. Мындагы аткылашууларды уга калып биякка бурулушса керек. А бизден качкандар кайра ошол чээнге кирип кетпедиби! – официалдуу тилге өткөндү байкап, Бычков бир аз ыргылжың болуп атынын тизгинин бошотуп токтоп калган кезде, ал барам деп аткан токойдон бадыраган автоматтардын табышы кулакка шак дей түштү. Саат 6.30 болуптур. Бычков атчан бойдон кырга чыгып кара буудайдын арасында өлүк тоноп жүргөн солдаттарга: «Тревога, по местам»[1] деп, үнүнүн бардыгынча кыйкырды. Арабалардын жанында үргүлөп аткан солдаттар Бычковдун үнүнө аралаш автоматтын табышын да угушуп, көңүлү жай, тамак даярдап аткан Чистов да, карбаластап автоматына асылды. Мен бу тегеректеги солдаттарды штабдык үйдүн күн батыш жак далдасына чогулттум. Кудай жалгап пулемётчулардын аткычы бул солдаттардын арасында экен, аны тигил жакынкы Баранов башкарган пулемётко чуркаттым. Аңгыча калган солдаттарды, офицерлерди Бычков ээрчитип келип калды. Кысталыш болсо да, акылдан адашпай, дарбып дүрбөбөй баарыбыз штабдын жанына бир мүнөт чогулуп, кандай аракет кылууну чечтик. Эки пулемет тең мурдагы ордунан алынып, кыштактын аягындагы үйдүн огороддунун эки башына бирөөнү агырооттун түштүк бурчундагы калың чыккан эликбалтырганга, бирөөнү анын түндүк жак маңдайына, өрттөнгөн тамдын ордуна чыккан чалкандын арасына орноттук. Экөөнүн тең ооздорун күн чыгышка, эңкейиштеги токойдун жээгине караттык. Автоматчандарды деле эки пулемёттун ортосуна, ашкан жарымын пулемётчулардын эки четине

[1] Этият, ордуңарда болгула!

жайгаштырып желедей тартылып жатып калдык. Бул сапар биринчи окту пулемётчулар чыгарат. Булар токойдон чыгып келаткан душмандар биринчи көрүнгөндөн баштап ата баштайт. Автоматтар унчукпайт. Кокус душмандар пулемёттордун жаагын басмакка граната ыргытчуларды жиберсе, автоматчандар ошондо мээлеп атышмак болду. Түндүк-түштүк тарабабызга экиден автоматчан койдук. Алар кара буудай жана кабак жакты көзөмөлдөмөк болушту. Күн батыш тарабыбыз коомайыраак калды. Анткени Богомолов менен баягы эле эки автоматчан, мурдагы буктурмасын өзтөртүп, кыштак башындагы биринчи үйдүн далдасына жашынышты.

Биз жоокерлерди жаңы позицияга которуштуруп бүткүчө автомат үндөрү жакындагандан жакындайт. Бир туруп бадыратып көп автоматтан, бир туруп бир-эки эле автоматтын тыртылдаганы угулат. Бир оокумда токойдун жээгине ак желек булгаган бир немис чыга калды, анын артынан колдорун көтөргөн аскерлер чубап-чубап чыга баштады. Баары куралсыз. Автоматтардын тарсылдагы да токтоп калды. Биз ок чыгарбай бугуп жата бердик. Алар түндөгү изине түшүп, кара буудайдын жээгине келгенде Бычков биздин солдаттарга ордунан турууга команда берди. Биздикилер автоматтарын азырлаган бойдон абажаарып тура калганда, немистер карышкыр көргөн койлордой дыркырап үрктү. Ошол учурда мен дагы бир балээ болуп, ок чыгып кетпесин деп, билген немис тилимди пайдаланып: «Хальт! Хенде хох! Аутомат вег, Гитлер капут! Них шиссен![1] деп бакырдым эле, жалт карап токтоп калышты. Аңгыча болбой, алардын артынан орустун «маты» угулуп, «Марш. Чего встали?»[2] деген сөздөрүн кулагыбыз чалды. Бир аздан кийин биздин аскерлер да токойдон чыгып, бизди көрүшүп, ураалашып, кучакташтык.

[1] Токто! Кол көтөр! Автоматты ташта! Гитлер бүттү! Айтпайбыз!
[2] Марш! Эмне токтодуңар?

Сураштырсак 49-армиянын жоокерлери экен. Алардын дивизиясынын чалгынчылары таң заарында чалгынга чыгып, ушул токойдо немистер бекинип калганын көрүп келишээри менен, дивизиянын командири бир аткычтар полкун бүт бойдон токойду жоодон тазалоого жумшаптыр. Бизге жолуккан жоокерлер ошол полктун эң сол канатынын бир ротасы экен. Колго түшкөн немистерди сурак кылсак, бүгүн төртүнчү күн болуптур курчоодо калгандары. Кужүрмөн техниканы, оор куралдарды экинчи күнү эле таштташыптыр. Түндө экиге бөлүнүп, жарымынан көбү кыштактын кабагындагы колот менен экинчи токойго жөө туман аралап өтүшүптүр. Бир ротасы русиш панцирлер[1] токтогон кыштактын түштүгүндөгү кара буудай эгинин аралап өтөм деп, чоң зыянга учурашыптыр, бул колго түшкөндөр ошол ротадан калгандары экен. Колго түшкөн булаанчылардын жалпы саны офицери, унтер-офицери, солдаты болуп 68 киши болду. Эмгек аткычтар полкунун жоокерлериники болгондуктан, булаанчыларды аларга бердик. Алар биз менен соогат бөлүшүштү. Биздин дайыныбызды сурап билишип, душман көзүнө танкачендер болуп көрүнгөнүбүздү абдан жактырышты. Биз аларга, душмандын курчоосунан кутулууда берген жардамы үчүн, чын жүрөктөн алкыш айттык. Туткундарды кыштак аркылуу айдап өтүп баратышып, биздин брезент жабылган «танкелерибизди» көрүшүп, каткырып күлүшүп, биздин амалкөйлүгүбүзгө, айрыкча аңгилердин куйругуна салмоор кылып байлаган жем-баштыктарды көрүшүп таң калышты. Немистер болсо, ызаланышып, кээ бир ала көөдөндөрү биз менен кошо каткырышты.

Биз 49-армиянын жоокерлерин кыштактан узатып, түнкү душман кайсы тарапка кеткенин көрсөтүп коштоштук. Алар 2 солдатка булаанчыларды айдатып, кечээки биз келген жол менен Маскөө-Минск трактын

[1] Орус танкелери (Баягы биздин амал жөнүндө кеп болуп атат).

карай жөнөтүп, өздөрү батыштагы токойлуу сеңирге багыт алышты.

Ошентип, түнкү операциянын аягына чоң жеңиш менен чыктык. Саат 8 нөл-нөл. Күн шашке болоюн деп калды. Чайыттай ачык, асман булутсуз. Головиндерден дагы эле дайын жок. Шосседе кымгуут кыймылдын, күрүлдөгөн техниканын чаркыраган-баркыраган табышы уламдан улам күчөөдө. Биз Головинсиз бул кыштактан жыла албайбыз. Полктун штабы ушул мезгилде кайда экени бизге дайынсыз. Алар кандай акыбалга кабылды экен? Аман болушкай эле!..

Биздин топту тынчтык мезгилде мен башкарып жүргөндүктөн, эми уруштан кийин бийлик кайра өзүмө өттү. Жуунуп-таранып таңкы тамак ичүүгө, аттарды отко коюуга, курал жабдыктарды тазалоого жана ушундай ымыян-чымыян майда жумуштарды жасоого бир саат убакыт жарыяладым. Аттар таң аткыча азынашкан жок. Карт кавалеристин айткандары чоң ишке жарады.

Саат 9да постуда, күзөттө турган солдаттардан калган бардык адамдарды чогултуп, бүгүн түндө курман болгон жолдошторубузду акыркы жайына коюу үчүн мүрзөлөрдү казууга солдаттарды бөлдүк. Кыштактан обочороок бир ачык дөңсөөдө көрстөн бар экен. Анда 1941-жылы көмүлгөн биздин солдаттардын мүрзөлөрү да бар дешет. Мүрзө каздырууну Кондрашовго дайындап, штаб үйдүн жанына алынып келген өлүктөрдү үйдүн көлөкөсүнө койдуруп, часовойго кайтартып койдум. Солдаттардын ичинен, кимдер өлгөнүн эми араң чолоо тийип карасам, үчөө тең тааныш, күнүгө бирге жүргөн, бирге күлгөн, бири бирибизди билген күжүрмөн жолдоштор. Үчөө тең чарба взводунан: бирөө – өтүкчү, бирөө – шорник[1], бирөө – каптенармус[2] болучу. Каптенармус дайыма күлүңдөгөн,

---

[1] Көкчү – ат жабдыктарын, шаймандарын көктөп-сөктөп ремонт кылуучу киши.

[2] Азык-түлүк, идиш-аякты тейлеген солдат.

сылык сүйлөгөн, үй таалимин жакшы алган, тарбиялуу жаш жигит эле. Билимдүү үй-бүлөдө чоңойгон болсо керек. Аркы экөө орто жашын жашап койгон, көптү көргөн, көптү башынан өткөрүшкөн кексэлер болучу. Өтүкчү ичкиликке берилип калгандардан эле. Кышында дайыма тамылжып, суукта да тердеп, наркомдун жүз граммынан, өзүнүн үлүшүнөн башка, арак ичпеген жаштардын үлүшүн кошо жутуп алып, кыяматтын топон суусунда сүзүп жүргөн өрдөк сыяктуу дүнүйөнү капарына албай жүрө берген бир момун байкуш эле. Жайында кезде-кезде мага келип, медицинскийден уялбай сурап ичип кете турган. Мен жокто Барановдон сурап, тажатканда денатураттан[1] берип койчу экен. Өзү бала кыял, ак көңүл неме болучу. Мага келгенде, керегин сураардын алдында, көңүл алыш үчүн жойпуланып: «Жакшы хром булгаары табылса, Сизге бир сонун өтүк ултарып берет элем» дей турган. Жутуп алгандан кийин, муун-жүүнү жибигенде: «убагында мен наркомдорго өтүк тигип берүчүмүн… Менин өтүгүмдү кийбеген Украинада чоңдор аз болгон» деп мактанганы эсимде шордуунун. Жакында, чоң чабуулдун астында эле, кезектеги оорусу кармап келгенде: «Менин жеримди бошотуптур биздин армия. Кудай буюрса, жакында кат алам. Үй-бүлөм, балдарым аман болсо, катыма жооп жазышаар» деп кубанычтуу сырын ортого салган эле. Алды бекен катты, же күткөн үмүтү ичинде кетти бекен, байкуштун? Ой шордуу, бул мыкаачы согушта саа окшоп үмүтүнүн орундалыш мөөнөтүнө жете албай калгандар миңдендир?!

Шорниктин кыял-жоругу өтүкчүнүкүнөн тескери эле. Көп сүйлөбөгөн киши менен сырдашпаган, өз сырын сыртка чыгарбаган «ичимен тап» болчу. Бирок өз ишин жакшы билген, «камчы салдырбай» иштеген, каяша айтпаган, милдетин так, убагында аткарган неме болучу. Парторг байкуш «санчастан эле айыгам, полкумдан ажырабайм» деп, кечээ келип, бүгүн полк турмак, бүткүл

[1] Ичүүгө жараксыз, боёлгон спирт.

жарык дүйнөдөн ажырап жатат. Кышындагы үч ай катуу кыргында уруштун чордонунда жүрүп майып да болбой аман калган киши, бүгүн он мүнөттүк согуштаминтип отурганын кара! Ажалды качан, кайдан деп алдыртан болжоп болбойт турбайбы. Өзүнүн тилегине жана ишенимине жараша жоо менен жармашып өлгөнү абийир болду. Бөөдө болсо кантет эле шордуу?!

Ой, тобо! Кишинин жаман-жакшы сапаты, бул дүйнөгө кошкон салымы өлгөндө билинет турбайбы! Булар тирүү жүрө беришсе, кезиккен сайын тигил сапаттары эске келе бербейт эле да. Кишини жер жүзүнөн биротоло жоготуп, экинчи кезигишпей турганыңа ой жүгүртүп убара болбой эле, мындай учурда сокур сезимиң көз алдыңа түбөлүк жоголуучуну даана элестетет белем?!

Э-э байкуштар! Силердин күнөөлөрүңөр эмнеде? Кайсы кылмышыңар үчүн өлтүрүштү? Ошол сыяктуу эле, тиги эл-журтунан алыс, кара буудайдын арасында, чоочун жерде сулап жаткан немистердин күнөөсү деле эмнеде эле? Күнөөлүүлөр эле өлүп, күнөөсүздөр тирүү калды дейсиңби? Жок, автоматтын огу аны териштирип отурбайт, ага баары бир. Эки тарап тең атуулдук гана милдетиңерди аткардыңар! Силерге мамлекетиңер тургай бүткүл эл-журтуңар ыраазы. Силер өкүмөт башчылардын буйругун аткардыңар. «Өкүмөт Теңир эмес, бирок Теңирден кем эмес» деген ылакап бар. Буйрукту ак нээттик менен өмүрүңөрдүн акырына чейин так аткардыңар. Биздин өкмөт өз убадасында турса. «Немистик-фашисттик баскынчылар менен салгылашууда жандарын кыйган баатырларга түбөлүк даңк!» жарыялап тукумдан улумга дейре унутулгус из калтырмак, а немистерчи? Алар жеңилип баратышпайбы! Жеңилгендерге эмне сый, эмне даңк?! Алар буйрукту так аткарып, ак өлгөнү аз келгенсип, «маскара» деген атка конгону кандай?

Ой-бой! Ойлоп, ойлоп ой жүгүртүп отурсаң, бул маселе чиеленген түйүн турбайбы! Муну чиелеген эмне? Саясат!

Каапыр-ой, саясат деген немең желмогуздан да жаман нерсе го? Шайтандын ана башчысы Иблистен[1] да амалдуу неме го? Саясат деген жексурду ким жасайт? Саясат кудайдан келбей эле, киши колдуу жасалчу неме го? Кудай адамды жаратканда бардык жакшы касиеттерди аябай берген деп айтышчу эле сопу-молдолор. Эгер андай болсо, мына бул мыкаачылыкты ким берди адамга? Мына мен, киши атайын деген оюма гана эмес, үч уктасам түшүмө да кирчү эмес эле, түндө жашынып кетип бараткан душманды башкаларыбыз менен кошо, болгондо да башкаларды көкүтүп бадыратпадымбы. Балким тиги 49 өлүктүн жок дегенде бирөөнө менин огум себепкер болгондур? Демек мен өз эркимден тышкары киши өлтүргүч болдум. Менден башкалары деле мага окшогон киши өлтүргүчтөр, ашык-кеми жок. Мына мен түндө жеке душманың тургай, атын укпаган, ал мени билбеген, мага кас турмак, менин атымды да укпаган бир же бир нече немисти атып салдым. Алар деле мага окшоп мына бу биздин 4 момундун өмүрүн кыйышпадыбы. Ушунун зарылчылыгы бар беле? Согуштук көз караш боюнча бар, алар душман, бирок адамкерчилик боюнча эч кандай зарылчылыгы жок болучу. Акыры, кастар тигип карсылдашаар жеке душманыбыз жок туруп, бул кагылышка катышкандардын баарысы күнөөлүү, киши өлтүргүчтөр болдук… Ал эми чын-чынына келгенде бизде эмне күнөө? Согуш эрежесиндеги милдеттерди гана аткардык. Тигилер да ошентишти. Натыйжада эки тараптан жалпы 53 жоокер өлдү. Булардын өлүмүнө ким жооп берет? Мен жооп беремби, же башка солдаттар жооп беришеби? Жооп бере албайбыз. Немистердин жайы деле биздикиндей. Алар деле жооп беришпейт. Буга негизги жоопкер – согуш. Согушту жасаган ким? Саясат! Саясатты жасаган ким?

Мына кыдырып отуруп, баягы суроого кайта келдик. Демек, саясат асмандан жерге түшкөн сыр эмес, Кудай

[1] Диний окуу боюнча, шайтандын башчысы.

атайын жиберген каар, каргыш эмес, бул киши колдуу жасала турган өтө коркунучтуу вирус.[1] Бул вирус - саясатты мамлекет жетекчиси жасаса жана бул башка мамлекет төбөлүнө жакпаса, ал бул саясатка каршы өзүнүн вирус-саясатын жасап, экөөнү бирине бирин атаандаштырып, кайраштырганда өрт, башкача айтканда, согуш чыгат турбайбы. Эмесе согуштун жараткычы саясат деп, жогоруда айтканыбыз далилденди.

Саясат ар дайым согушка кабылтабы, же башка жолдору да барбы? Менимче бар. Көп эле мамлекет согушпай, кагылышпай эле оокатын кылып, эли байып жыргап жатпайбы!? Эгер андай болсо, миллиондогон кишинин башын жутушкан Германия менен СССРдин жетекчилери дагы канча кишинин убалына калышпай, саясаттарын өзгөртүшпөйбү да, кыргындуу согушту токтотуп, букараларынын сообуна калышпайбы? Аттиң-ай, аны аларга ким айтат? Аны тигилер тараптан да, биз тараптан да дени соо киши даап айта албайт! Айтчулар небак түрмөдө, лагерде көз жумушкан!!!

О, Жараткан, өзүңдөн башкадан дабаа жок! Бир өзүң алардын таш боорун эритип, көкүрөгүнө мээрим сала көр! Болбосо, эки жетекчини ээрчип жүрүп, кырылып бүтмөк болдук!..

Өлүктөрдү карап туруп жакшы эле кечээтен бери чыйралган кайратым, ар кандай санаа оюма келип, жашыкка айланды, солдаттарга көрсөтпөскө аракет кылып, ичимден жашыдым.

Өз муңумду өзүмө айтып, өз бугумду өзүм чыгарып атканымда убакыт октон ылдам жылып, саат 9 дан 20 мүнөт өтүп кетиптир. Эмдигиче Головин жок. Эгиндин арасында жаткан өлүктөрдү такташ үчүн Салмановду 2–3 солдат менен ээрчитип Бычков кеткенине чейрек сааттан ашыптыр. Кайгылуу ой мүңкүрөгөн абал эске түшүп, дендароо болуп турганымда Бычков келип не-

[1] Вирус – уу, жугуштуу тумоолордун тумоолоткучу.

мистердин өлүгүнүн саны 49 эмес, 51 экенин айтты. Экөө алысыраак сойлоп барып, жан беришиптир, сыягы жамбашына, кашка жилигине ок тийсе керек. Жан талашып бир топ жерге боору менен жылып, кансырап өлүшкөн кейиптенет.

Головин жок биз эч жакка жыла албаган соң, аттарды отко коё берүүгө мажбур болдук. «Сокол» менен «Королду» жетелеп баратып ээси тигилерди: «арткы клапаныңар ачылбаса, азыноого кудуретиңер жетпейт экен да» деп, мазактап коёт. Мүрзөлөр казылып бүткүчө 2 саат мөөнөт керек болгондуктан, бош солдаттардын баарысын эс алууга улуксат бердик. Немистердин өлүктөрүн армиянын атайын отряды келмейинче, карга кузгундан кайтарып турууну кыштактагыларга тапшырдык. Түндөгү тарсылдактан жүрөгү түшүп калган байкуштар душман дагы кайта келбес бекен деп кабатыр болушат. Биз алардын көңүлүн көтөрмөккө далай мактоо кептерди айттык. Алардын эгинин тепсеп койгонубузга кечирим сурадык. Почточу менен болгон келин уялып, жыйынга келген жок.

Офицерлерди, старшиналарды чогултуп алып, душмандан түшкөн трофейлерди[1] карап, бөлүштүрдүк. Куралдан 51 автомат, 3 пулемёт, 1 отбүрккүч, 5 пистолет, 17 колграната. Кырктан ашык рюкзак, 51 колсаат, 5 портупей,[2] 5 дүрбү, 5 планшет. Рюкзактардын ичинде бир комплект ичкийим, байпак, кээсинде үчтөн, кээсинде экиден комплект кулазык, сакал алгыч, тиш жуугуч, тишпаста, ийне-жип, конверт, кагаз калем. Немис аскерлеринин сыясы өзүнөн чыккан калемдери бар деп учкумун, ошону өз көзүм менен азыр биринчи көрүшүм. Карындашка окшогон неме экен, учу гана жалтырак көңдөй темир, шиштин учунда, көңдөйдүн башында көзгө илешпеген майда бүдүр. Бүдүр кагазга тийгенде өз огунда тегеренип, шиштин өзөгүндөгү сыяны өзүнө илештирип

[1] Трофей – согушта түшкөн олжо.
[2] Портупей – кайышкемер, кур.

чыгарып турат экен. Оңбогон немистин ойлоп таппаганы жок. Карасаң опоңой, бирок эр болсоң ойлоп таап көр. Куралдардан башкасынын баарысын солдаттарга бөлүштүрүп бердик. Өтүк-батинкелерин болсо, бизге чейин эле солдаттар өздөрү кийип алышыптыр.

Чычкылуу бир солдат немистин тишжуугучуна бир пастасын сыгып, тишин жууп ийиптир. Биз олжолорду бөлүштүрүп бүтө электе эле солдат окшуп, бир колуна тишжуугуч, бир колуна тюбик[1] алып колун булгалап биз жакка чуркап келатат. «Эмне болду?» деп, чочуп аны карасак: «жолдоштор, тишиңерди муну менен жуубагыла! Уу болсо керек?!» деп, шашкалактады. Тюбиктин кебетеси биздин советтин тишпастасын салган кутуга эле окшойт. Боорунда «Kase» деген жазуусу бар. Бүткүл эшелон боюнча немис тилин чала бучук билген эки киши элек: бирөө начхим. Ал менден жакшыраак билет, сүйлөшө алат. Мен шар сүйлөй албайм, бирок жазуусун окуйм, сөздөрүнүн көбүн билбейм. Азыр начхим жаныбызда жок. Күчтүн баарысы маа келди. Пастасы баарыбызга түшүнүктүү. «Кээзе… кээзе»…, орусчасы эсиме келди – сыр! Бирок сырдан кантип, тиш тазалоочу паста жасамак эле? деп таң калып, котормомо өзүм ишенбей, бир аз мукактанып Бычковго «сыр» деп айттым. Анда дароо Богомолов менин оюмду улап кетти: «О, Кудай урган солдат, сен тишжуугуч пастанын ордуна сыр пастасын колдонгон турбайсыңбы! Немистердин солдаттык паегунда, эритилген сыр паста түрүндө тюбикке куюп берилет. Сен муну менен тишиңди сүртпөй кардыңды сүрт!» дегенде, баарыбыз билбегенибизди моюнга алып, кыраан-каткы күлүп, саат 13.00 чейинки эс алууга тарадык.

Кечтен бери жоокерчилик мурункудан да артып, уйку качып, чарчоону унутуп, өзүмдү өзүм бүт бойдон ишке чегип, бүткөн боюм бүт чыйралып калган экен, эс алуу

[1] Тюбик – май, паста, ж. у. с. коюу нерселерди салуучу, бир учу туюк, экинчи учу кепкектелген буюм.

жарыялагандан кийин, токтогон үйдүн ичине кирип, тактайлуу полуна плащпалаткамды жая салып, башыма ээр жазданып жатаарым менен уйкуга кеттим...

Баранов ийнимден булкуп ойготкондо саатымды карасам 13 нөл-нөл болуптур. Эшикке чыксам, күн төбөдөн батыш жакка кыйшайып, көлөкө түндүк күн чыгыш тарапка өтүптүр. Мүрзөлөр казылып даяр болуптур. Өлүктөрдү арабаларга бирден, салып артынан ээрчип, көрүстөнгө барып, кыскача коштошуу митинг өткөрдүк. Сөөктөрдү акыркы жайына койгондон кийин кочуштап, уучтап топурак салуу асемин бүтүрүп, чуңкурлардын чарасын бат эле күрөктөп толтуруп, күжүрмөн жолдошторубузга бардык автоматтан бадыратып салют бердик. Бооруна кадалган калакка парторгубуз капитандын, солдаттын аты, атасынын аты, фамилиясы, кызмат өтөгөн полку, туулган жылы, кыштагы, өлгөн күнү, айы жылы, көмүлгөн кыштагы олжого түшкөн калем менен бадырайта жазылган калтектерди ар бир мүрзөгө, асемдеп сайдык. Андан соң 3 мүнөт мүрзөлөрдүн жанында жылаң баш, унчукпай, мүңкүрөп турдук. Кайра ордубузга келгиче саат 14 мүнөт17 болду.

Түшкү тамагыбызды ичип Головинди дагы күттүк. Чоң жолдо кыймыл бака-шака. Үстүбүздөн токой башын сыдырып өтүп аткан штурмовиктер. Эскадрильясынын артынан эскадрилья. Деле түгөнбөйт. Мунун баарысы каякка батып жүргөн? Жер да, асман да күрүлдөл, дүңгүрөп, кымгуут чарк көпөлөк айланып атса, биз Головиндин кесепетинен кыймылсыз, баш каңгып жата берүүгө аргасызбыз. Бирок, минтип жата берсек, полкубуздан караансыз артта калганы турабыз. Жүрө турган болсок, кайда барып, дагы кандай балаага кабылабыз? Убакыт зыпылдап өтүп атат. Саат 15тен 42 мүнөт өтүптүр.

Кой, офицерлер кеңешин чакырайын. Головинге шылтап жата берүү бизди жоопкерчиликтен кутултпайт. Эмне болсо да бир аракет кылууга тырышыш керек!

Саат 15.45те Посоховду офицерлерге жибердим. Бар болгону 6 офицер, 2 офицердик милдет аткарган старшина, алардан башка дагы 3 старшина болгондуктан, үч эле мүнөттө чогулдук. Талкууланууучу бир гана маселе – «эмне кылабыз?» Маселе жалгыз болгону менен аны чечүү оор болгондуктан, 15 саат 50 мүнөттө башталган чогулуш бир саатка созулду. Ар түрдүү варианттар айтылды. Акыры, эмне болсо да жыла берели Маскөө-Минск шоссеси менен деп чечтик. Дароо солдаттарга «тревога» жарыялап, аттарга жибердик. Сергип, эс алып калган солдаттар он беш мүнөт ичинде кабакта оттоп жүргөн аттарды айдап келип арабаларына чегип даяр болду. Туура саат 17де шоссени карай жылдык. Шоссеге жетээрге бута атымдай калганда алдыбыздан Головин, Цыганоктор кабылды, машиненин үстүндө кечээки солдаттар дагы эле жүрөт. Адаттагыдай колоннанын алдында мен, артымда Бычков келатканбыз. Колоннаны токтотуп, армиядагы тартип боюнча мен атчан туруп, кабинадагы Головинге рапорт берип, түнкү окуяны кыскача айттым. Головин менин рапортуман абдан чочуду. Өзү мурда эле коркуп калыптыр. Анын билдирүүсү боюнча полк командири замполит, санитарка кечээки бойдон штабга кайтышпаптыр. Азыр алардын өлүү тирүүсүн билген киши жок. Токойдо курчоодо калган немистерди биздин аскерлер туш-туш жактан кысып, кырып, көбүн булаанга алышыптыр. Бир жак капталын биздин полк такоолдогон дивизия кыскан экен. Биздин полк командири, анын жолдоштору жөнүндө эч маалымат жок дейт.

Бул кабарды уккандан кийин биздин түнкү жеңишибиз унутулуп эле, баарыбыздын кайгыбыз полк командири жөнүндө болуп калды. Головин менен Цыганок азыр биздин полктун штабы кайсы жерде экенин билишпейт. Сөздөрүнүн кыязына караганда, булар өздөрү кечээ полктон кеткен бойдон башка жакта жүргөндөй. Сөз чиелене турганын сезип мен аттан түшүп, арт жагымдагы офи-

церлерди чакырдым. Тигилер келатканда Головин менен Цыганок да машинеден түшүштү. Баарыбыз чогулганда мен Головинден:

– Сиз полк командиринин кошуун боюнча орун басарысыз, мындайча айтканда, ушул жерде турганыбыздын баарынын начальнигисиз. Кечээ кечинде бизге келип «бул жерден жылбай тура бергиле, биз кайтып келмейинче» деп шашкан бойдон бурулуп жөнөп кеттиңиз. Бир сутка өткөндөн кийин келип отурасыз. Ал аралыктын ичинде биз кандай кыйынчылык тарттык канча жоготууга учурадык, парторгубузду жоготтук, бирок тобубузду сактап калдык. Эми кайда барабыз? Чыныңызды айтыңыз? – деп таамай жарга такадым.

– Доктор, сен бийлигиңди ашырып, начальнигиңе каяша айткандыгың үчүн сага 5 сутка гауптвахт жарыялайм! Сени жолдо кирелерге башчы кылып койсо, Кудайды тааныбай кетипсиң! Кана сенин бир сутканын ичинде кыйратканың, ордуңан жыла албай отурасың?.. Ушуну укканда Бычковдун жаны күйүп кетти белем, аскердик тартипти бузуп:

– Жолдош майор, Сиз капитан-докторго ишенбесеңиз тетиги арабалардагы трофей куралдарды караңыз, аларга ишенбесеңиз кара буудайдын аягына барып, сулап жаткан өлүктөрдү көрүңүз. Кийимдеринен деле таанырсыз! Майор Головиндин сөзү жалгыз эле Бычковдун жинин келтирген эмес окшойт. Кулак-башы таңылган Богомолов да атырылып чыкты.

– Биз силерчилеп калың солдаттардын арасында,кабинада түнөгөнүбүз жок! Уруштан коркуп, капитан Цыганокко окшоп госпиталга жата калган жерибиз жок!.. – Солдаттардын арасы күбүр-шыбыр күңгүрөк. Бери жакта Кондрашов, Барановдор да сүйлөөгө умтулушту. Оозун ачпаган жалгыз Салманов. Головиндин сүрдүү өңү коркоктугуна айланып, элеңдейт. Цыганок суу уртаган немече тултуюп, тигинисин карайт. Каны кызып, ичтери капа-

кайгы, кубаныч аралаш буркулдап биздикилер, жаңжал чыгарып жибербесе экен деп, мен кыйпылдап:

– Токтогула, жолдоштор! Тынчтангыла! Жолдош майор, биз азыр эмне кылалы? Ушуга жооп бериңизчи! – Головин мукактанып, мурдагы кыраатын өзгөрүп:

– Чынымды айтсам, билбей турам. Жыла берелиби?!

– Рация аркылуу штаб менен байланышыңыз.

– Рация, рация, ооба бирок рация эртең менен бузулуп калды эле, билбейм, оңолдубу? – деп шоферду карады. Аңгыча болбой солдаттардын ичинен бирөө «мен, билем оңдойм!» деп кыйкырды. Шоферду көзүмдүн кыйыгы менен карасам, ал Головинге жалдырайт тигил солдаттын сөзү Головиндин кулагына шак угулду окшойт, шоферуна мурду менен жаңсап койду эле, тигиниси ушуну эле күтүп турса керек:

– Оңолгон жолдош майор! – Головин аргасыздан штаб менен байланышууга мажбур болду. – Бирок бүгүнкү позывноюн билбейм, жолдош майор, – деди, шофер-радист.

– Кечекиси менен чакырып көр үнүнөн таанырсың радисти – деди Головин.

– Припять, Припять! Я – Сож, я – Сож! Прием, прием![1]

– Сож! Сож! Где вы! Прием, прием![2] Мынакей жолдош майор Припять байланышты – деп, шофер микрофонду сунду.

– Я – Сож! Я – Сож! Прием, прием! Да, да говорим с пункта Н.[3]

Штабдын начальнигининин орун басары Несговоров Головиндин үнүн угуп, абдан кубанды. Биздин аман-эсендигибизди куттуктап, акыбалыбызды сурап, бизди Головиндер кайдан таап алгандыгын билишип, полктун командири, замполит, санитарка жана шофер солдат немистердин колуна түшүп кеткенин, бүгүнкү салгы-

[1] Припять, Припять! Мен – Сож, мен – Сож! Угам, угам.

[2] Сож! Сож! Кайдасыңар? Угам, угам!

[3] Ооба, ооба Н пунктунан сүйлөп атабыз.

лашууда штабдын начальниги катуу жарадар болгонун ачык текст эмес, код менен айтты. Акырында:

– Силерди подполковник Васильев менен кошо «командировкага» кеткен экен деп, абдан кейип аттык эле, ал жөнүндө «Бүркүткө» кабар кылалы деп турганбыз. Ырас болбодубу кабар кете электе дайыныңарды билдиргениңер – деп, мындан аркы маршрутту Маскөө – Минск шоссесинин баланчанчы километринен күтүүнү буюруп, рацияны «конец разговора»[1] деп айтып келатканда Головин шашып:

– Припять, Припять! Разрешите доложить[2] – деп, андан аркы сөзүндө биздин түндөгү күжүрмөн операциябызды, андагы жеңишибизди, түшүргөн олжобузду, менин ага берген рапортумдагылардын баарысын ачык текст менен айтып таштады. Штабдын начальниги Головинди «ийгилиги» менен куттуктап, «Родина не забудет своих бойцов!»,[3] анан «Конец разговора!» деп сөзүн бүтүрдү. Байланыш бүткөндөн кийин штаб начальнигининин куттуктоосун, мактоосун угуп, жаңы ордуна келип, көңүлү көтөрүлүп калган майорубуз, эми куйругун чагарактатып, бизге акыл айтып, кагып сүйлөп калды.

– Биз Цыганок экөөбүз ойноп жүргөн жерибиз жок. Түндөтөн бери армиянын мүлкканаларынан ок-дарыларды, миналарды, бензин жана башка күйүүчү, майлоочу майларды полктун салгылашып аткан бөлүктөрүнө, бир жерде немис, бир жерде совет аскерлери болуп аралашып калган татаал шарттарда душманга кабылбай жол таап, үзгүлтүккө учуратпай жеткирүүнү камсыз кылып жүрдүк. Бир сутка бою кабинадан чыкпай, уйку бетин көрбөй жол чалып, опурталдуу жерлерди буйтап согуш жүктөрүн керектүү жерге, керектүү маалында жеткирип туруу оңой дейсиңерби?

---

[1] «Сөз бүттү».

[2] Припять, припять! Рапорт берүүгө улуксат кылыңыз.

[3] «Ата-мекен өз жоокелерин унутпайт!»

Цыганок экөөбүз силерден кем эрдик кылган жокпуз! Койгула! Бири-бирибизге доомат кылбай сүйлөшөлү. Жалпы жеңишти, ынтымак менен камсыз кылалы! Эми болду, кажылдашып олтурбайлы. Силер шоссе менен эч жакка кайрылбай, эч нерсеге буйдалбай жөнөгүлө! Биз, Цыганок экөөбүз силерди штабдын начальниги белгилеген километрдик мамыдан күтөбүз. Жөнөгүлө ылдам!

Ошентип Головин сөзүн бүтүрүп, бир мүнөт токтобой машинесин бурду да артынан чаңын буруксутуп шоссеге жөнөдү. Жанатан бери сөзгө Цыганок катышпай, оозунан лам сөз чыккан жок. Сөз тургай бизге тик карай албай, көзүн качырып атты. Машиненин үстүндөгү солдаттар деле жансыз жүктөн бетер кечээки бойдон.

Рация аркылуу Несговоров жойпуларды дезертир болуп жүргөндүгү үчүн сазайын окутаар эми десе, кайра алкыш айтышы, биздин жасаган ишти рапорттогону үчүн, бизге бир ооз сөз айтпай, Головинди макташы түшүнүксүз эле болуп калды. Бычковду жана башкаларды билбейм штаб начальнигине менин шаабайым бир кыйла сууп калды, калп айткан менен болобу. Ошентип, таңды жеңиш менен тосуп, көккө көтөрүлгөн көңүл жалпы согушка өз жеке салымыбызды коштук, эл даярдап берген нанды бекер жебей, актап жедик го деген каниеттик, кечинде Головиндин жемесине жеңдирип, маанайыбыз пас болуп, башты шылкыйтып шоссе менен штаб белгилеген маамыга чейин көчүбүз чаалгып келаттык. Жолдо кыймыл көп. Колго түшкөн немистердин кейпи биринчи күндөгүлөрүнөн көп жүдөө. Биздин топтун солдаттары аларды, өгөйлөбөйт, көбү көңүлдөрүн да алагды кылбайт. Тек гана биздикилер өз жолу менен батышка, алар өз тарабы менен чыгышка жылууда. Биз тарапта мотордун, аттын, кишилердин шаңдуу табыштары. Алар тарапта жер караган, буттарын сүйрөгөн солдаттардын ындыны өчкөн, мүңкүрөгөн оор ымтырагы. Башкача болушу да мүмкүн эмес. Биз жеңиш жолу менен жарыкка баратабыз, алар жоо сайылган жол менен

караңгыга баратышат. Мунун баарысы жөндүү, мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушундай абалда биздин көңүлдөрүбүз да көтөрүңкү болуп басышыбыз керек эле бул жолу, бирок биз, жалгыз мен эмес, биздин топтун баарысы – офицер дебей, карапайым солдат дебей бүт капалуу, түпөйүл ой менен басып келатабыз. Биздин эмгегибизди Головин өзүнүкү кылып, биздин көзүбүзчө бизди сатып кеткенине ызаланып келатабыз. Головиндин каратып туруп калп айтканына кыжырланып келатабыз. Анда-санда 5 мүнөттүк тыным кылган жерде чогула калганда да Головиндин шылуундугун, Цыганоктун амалкөйлүгүн, Салмановдун дөдөйлүгүн кеп кылабыз, бирок булардын сазайын колуна берүү айласын таба албайбыз. Аскердик субординация[1] деген балакеттен ашык секире албайбыз. Бир сапаркы тынымда лейтенанттар, старшиналар Бычков экөөбүздүн жаныбызга келишип, Головиндин бул кылыгын унуткартпай тийиштүү жерге жеткиргиле, биз бүт тобубуз менен ырастап беребиз дешти. Анда Бычков «мен анын карамагына түздөн түз баш ийем, мен анте албайм, мага караганда доктор теңатараак, бул кыйыр баш ийет. Капитан докторго тапшыралы бул ишти» деп, мант берип сыртка чыкты.

– Вы что, хотите из меня делать козлом отпущения, что ли?[2] – деп, мен силкинип болбой койдум.

Ошентип, акыйкат издөө жолу армияда тар, татаал да, аны издөөнүн коркунучтуулугу керт башыңа келгенде жакшы түшүнөт экенсиң. Армиялык тартиптин көп эле жагдайы жакшы дечи. Терс аякты, каяшаякты, жалкоону, чалпоону бат эле тезге салып, сүмбөдөй түзөтөт. Бирок, ошону менен катар, сенин үстүңдөн караган начальник, сенин укугуңдан ажыратып сага чексиз бийлик кыла берет. Сен анын үстүнөн башка чоңго, андан бийликсиз даттана албайсың. Начальниктин даражасы канча бийик болсо, укугу ошончо чоң. Армияда начальниктин

[1] Субординация – даражасы жогоруга даражасы төмөн баш ийүү.
[2] Силер эмне, мени төө басты кылалы деп турасыңарбы?

баарысы акылдуу, адилет, боорукер, калыс, айкөл, жоомарт, камкор, кайраттуу болуш керек. Армиядагы болоттой катуу тартип ушул жогорку категорияларга таянат. Албетте, бул кыял схемасы, ушундай болуш керек деген каалоо схемасы. Ал эми иш жүзүндө кандай. Ырас, тынчтылык заманда, аскердин командирлик, начальниктик окуусуна ден соолугуңдун кынтыксыз болушунан тышкары, түркүн-түркүн психологиялык электен, чыпкадан өткөрүп туруп, анан ошондон кийин гана, алардын ичинен өтө зээндүүлөрүн гана жаратып алышат. Ошондо да алардын арасында, торко электен бүкүлү өтүп кеткендер болгон. Ал эми биздин тушубузда, согуш маалында тигиндей сыноодон өткөрүүгө убакыт жок. Ошондуктан, кыска мөөнөттүк офицерлер курсун бүтүргөн биз окшогон чала моңол офицерлердин арасында Головин, Цыганок окшогон арамдар азыр көп. Булар армиянын тартип уставын кыянаттык менен пайдаланып, өз көмөчтөрүнө күл тартып, өз гана мүдөөлөрүн көздөшүп, армияга чоң зыян келтиришип жатпайбы. Мындайлар өз жанын сактоо үчүн карамагындагы миңдердин өмүрүн садага чаап жиберүүдөн кайтпайт. Карамагындагылардын ийгилигин, жеңишин өздөрүнө чаптап алганга күбө болбодукпу. Ошондуктан, душмандын огунан өлбөй «өз» төбөлдөрүнөн өлгөн бөөдө өлүм көп болуп атпайбы! Мындай арамдык, шылуундук жалгыз эле биздин полкто эмес, майдандын кай-кай жерлеринин баарына тарап кеткенин кышында эле, акылман майор Дорфман өзүнүн дивизиясынын саясий бөлүмүнүн башчысын мисал келтирип айтпады беле. Кудая тобо-о! Дорфмандын начальниги менен биздин Головиндин коёндой окшоштугун кара!..

Ушундай, ушундай капалуу ойлор мээмди ачытып, көкүрөгүмдү ачыштырып отуруп, шосседеги белгиленген маамыга жеттик. Эки саат жол басыптырбыз. Саат 19 нөл-нөл болуптур...

## МАЗМУНУ

**АЛДАШЕВ АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВИЧ ..............................3**

КИРИШ СӨЗ ОРДУНА ................................................ 7

ЖЕРТӨЛӨДӨГҮ ОЙ-ТОЛГОО ..................................... 9

КАЗАТ СЕЛИНДЕ ....................................................341

*Адабий-көркөм басылма*

«Окурмандын китеп текчеси» сериясы

36-том

# АБДУЛХАЙ АЛДАШЕВ

Түзгөн: *Касымгелдиева М.*
Тех. редактор: *Өмуров Б.*
Корректор: *Касымгелдиева М., Сардарбекова Э.*
Компьютердик калыпка салган: *Тилекматова Н.*

Терүүгө 06.06.2018. берилди. Басууга 17.07.2018. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^1/_{16}$.
Көлөмү 38,0 б.т. Нускасы 500. Заказ № ____.

«Турар» басмасында басылды.